БЕКТУР ИСАКОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИ

10–11

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

Сөзү: Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики

Муз.: Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

Кайырма: Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

Кайырма:

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

Кайырма:

БЕКТУР ИСАКОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИ

X–XI класстар үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен

Бишкек – 2012
«Билим-компьютер»

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ku я 721
И 85

Исаков Бектур
И 85 **Кыргыз тили:** X–XI кл. үчүн окуу китеби.– Б.:«Билим-компьютер», 2012. – 448 б.
ISBN 978-9967-452-53-4

Бул окуу китеби кыргыз тилин жалпы билим берүүчү мектептерде натыйжалуу жана артына из калтырган сапаттуу окутуу боюнча кырк жылга жакын созулган педагогикалык тажрыйбага негизделип жазылды. Ал туундулар кезегинде Республикабыздагы алдыңкы педагогикалык тажрыйба катары таанылган, басма сөздө үзбөй жарыяланып жана Билим берүү министрлигинин коллегиясынын чечими менен республиканын мектептерине жайылтылып турган.

Окуу китеби улуттук курикулумдун талаптарын да камтыйт.

И 4306020200-12

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ku я 721

ISBN 978-9967-452-53-4

© Исаков Б., 2012
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Билим-компьютер», 2012

БЕТ АЧАР

УРМАТТУУ БАЛДАР ЖАНА КЫЗДАР!

Колуңарга алган бул эмгек – 2000-жылы V–VI, 2003-жылы VII–IX класстар үчүн Билим министрлиги бекитип жарыялаган «Кыргыз тили» аттуу китептердин уландысы. Ал жогорку окуу китептердеги тутунган салтты аркалайт. Маселен, V–VI класстын окуу китебинде башталган эне тил көчү бул окуулукту да кучагына камтыйт. Баса, көч демекчи, бул – бир журттан экинчи журтка ташынуу, алдыга умтулуу, жаңы конушка карай аркан сымал чубалжып агылуу, агыла берүү...

Ооба, аруу ниетти аркалаган байсалдуу, сөөлөттүү, салттуу, нарктуу көч түптөн – байыркы шумер, андан кийин скиф, сак, гунн, усун маданияттары менен тамырлашып, учту карай агып чыккан, акканда да нечен заман, доор туш кылган оош-кыйыштарды, кыйынчылыктарды сүңгүдөй (найзадай) көзөп өткөн, ошол курчтугу, көктүгү, жол тапкычтыгы жана көсөмдүгү менен миндеген жылдарды карыткан, журт көлөмү нечен ирет кемисе да, суюлса да, тайгак кечүү, тар кыядан аман-эсен өтүп кеткен, Теңирин, Умай энесин, айкөл Манасын жөлөк кылып, биздин күндү карай – эгемендүү Кыргыз Республикасын карай келаткан жылаажындуу кыргыз көчү.

... Маң, маң, маң басып,
Чуудаларын чаң басып,
Төөлөр чубайт...
Курсактары жер чийип,
Бээлер чубайт ...

Анын артында – кереге-уук, дүр-дүнүйө, түркүн жүк артылган унаалар, колуна куш кондурган, бетинде наары бар нарктуу аксакалдар, кундуз ичик, каз элечек кутман энелер, үкүлүү тебетейчен, ыйбаалуу, ыманы ысык кыздар, бешик өңөргөн ай жаркын келиндер, тепсе темир үзөңгүнү үзгөн, бүркүт кабак, турна тарамыш жигиттер, айырмач менен келаткан туурук бет бөбөктөр! Көч башында ат мүдүрүлүп кайра оңолгончо алтымыш түрдүү акыл-айла ойлоого үлгүргөн Серек (буга ушул китебиңден кездешесиң). Анын оң жагында – акылмандын тунугу Акыл Карачач, сол жагында – Көрөгөч Маамыт. Андан ары – Чыпалак, Апенди, Кемчонтой (булар да ушул окуу китебинде). Алар: «Биз жалаң гана элдик оозеки көркөм чыгармаларда жашаган, окулуп анан унутулуп калуучу каармандардан эмеспиз, баарынан мурда акыл-эсиңде өмүр сүрүүчү балалык аруу дүйнөнүн бир бөлүгүбүз. Ошол үчүн кылымдардын түпкүрүнөн чыккан көч менен бирге мамыр-жумур болуп, картайбай, жок болбой, улам кийинки муун менен кездешип, бала менен бала болуп жашарып, эми сага келатабыз. Көчтөгү жүктүн баары сеники, сага тартып баратабыз», – дешет. Ооба, бул муундан-муунга, класстан класска бет алган асыл нарктуу, санжыргалуу билим көчүн тикеден-тике кыргыз тилинин көчү деп түшүнсөк да болот. Минтүүнүн жөнү бар.

Биринчиден, улуттун жан дүйнөсү, акыл кенчи, мурасы тилде сакталат.

Экинчиден, XXI кылымдын бийиктигинен серп салган айрым илимпоздор түрк тили (анын ичинде кыргыз тили да) мындан 6–7 миң жыл мурда жашаган шумер элинин тили менен уңгулаш экенин тастыкташууда. (Кызыксаң, атайы 2002-жылы «Учкун» акционердик коому чыгарган «Кыргыздар» деген китептин 5-томундагы Токторбай Урмамбетовдун «Байыркы көчмөндөр башаты» деген изилдөөсүн кара, 58–148-беттер). Демек, мындай байыркы шумерлер менен башаты бир, тамырлаш экендигин аныктоого түрк элдери менен катар кыргыз тилинин нак өзү илимий далил болуп жатышы – таң каларлык, суктанарлык жана сыймыктанарлык көрүнүш. Көрсө, күн сайын эле колдонуп жүргөн өз эне тилиңдин ар бир сөзү тамыры тереңге кеткен өзүнчө эле бир тарых экен да. Мисалы, шумерче аба, уруу, эрен, де, ж. б. сөздөр кыргызчадан айырмаланбайт, ал эми диңгир-теңир, билга-билге, түү-түү, кур-кыр, ур-эр, кик-көк, ж. б. сөздөр айрым тыбыштары боюнча гана айырмалуу. Демек, 2011-жылдагы кыргыз тили 6–7 миң жыл мурда жашаган шумер тили менен маанисиндеги жана түрү боюнча окшошуп да, байланышып да жатат.

Бул эмне дегендик? Бул сен сүйлөгөн тилдин тамыры тереңде дегендик. Башка тарыхый булактар далилдей албаганды кээде жандуу тилдин өзү менен далилдөөгө болот тура. Түрк-шумер тилдеринин өз ара мындай байланышын казактын көрүнүктүү акыны Олжас Сулейменов алтымыш, окумуштуу Токторбай Урмамбетов эки жүздөн ашуун сөздү салыштыруу аркылуу аныкташкан. Сен ошол бир нече миң жыл мурдагы байыркы түптөн, уңгудан сызылып чыгып, бери карай агып келаткан, жылжып көчүп келаткан «Манастын» тилинин, бүгүнкү күндөгү мамлекеттик тил болуп саналган кыргыз тилинин ээсисиң.

Ооба, окуучум, эми ошол түпкүрдөн бери Саманчынын жолундай чубалган билим көчү – эне тил көчү сени карай агылууда. Алар:

– Кулак курчун кандырган чечен кептер,
– Сынчылык сөздөр, насааттар,
– санжыргалуу кеп казынасы,
– сөз берметтери, санат сөз,
– өзү кыска, айтса нуска макалдар,
– илхам кеп, мээр сөз,
– түркүн-түмөн кеп маанилери,
– тил таануу, нуска кеп,
– жазуу эрежелери, ж. б.

Тосуп ал!
Көздөн өткөр!
Жадында сакта!
Калча, иликте!
Изде, ийгер!
Шектен!
Түйшүктөн!
Аңтар-теңтер!
Оюңду онго, санаандды санга бөл!
Такшал!
Колдон жана билгениңдин үзүрүн көр, окуучум!

X КЛАСС

БИРИНЧИ БАП

САБАТ САНЖЫРАСЫ

КАЙТАЛОО

Акыл Карачач: Бул «Сабат санжырасы» боюнча кайталоого V–IX класстарда өтүлгөн 25 жазуу эрежеси камтылды. Ар бир эреже кеште аркылуу туюнтулган. Алар кайталануу менен сага жазуу эрежелерин билүү жана колдонуу боюнча ченемсиз кызмат көрсөтөт.

Көрөгөч Маамыт: Кайталоо демекчи, анын азыноолак төмөнкүдөй чоо-жайы бар. Орто мектепти аяктаганыңдан кийин да, адистигиңдин бар-жогуна, ким болуп иштегениңе карабай унутулбоочу, ар дайым сары майдай сакталып, кереги утуру тийип турчу олуттуу билим көрөңгөсү бар, ал – *сабаттуулук*.

Ал өмүр бою сени менен бирге болуучу сабат маданиятың. Ошондуктан утуру кайталап, эске түшүрүп, жадыңда сактаганың оң.

Чыпалак: Жолду жүргөн арбытат. Кыбыраган кырды ашат. Аракет кылган берекет табат. Ошол себептен баарын коюп, ишке өткөн жакшы. Кайтала, жолуң шыдыр болсун, курбум!

§ 1. Энчилүү аттардын жазылышы «КӨӨКӨР–1» кештеси

Эсиңе тут

Кеште – бир нерсеге сайылган сайма, оюм-чийим. Ал шырдакта, туш кийизде, килемде, кийим-кечеде, ат жабдыкта, боз үйдө жана ар түрлүү буюм-тайымда жыш кездешет. Кештеде маани да бар. Байыркы заманда эле кыргыз эли ушундай оюм-чийимдер менен өз оюн түшүндүрө алышкан. Демек, колдонулуудагы кештелер байыртан бери келаткан сүрөт жазмасынын (пиктограмманын) эстелиги, ой-пикирди баяндап берүүнүн өзүнчө каражаты. Мисалы, «Көөкөр» кештеси аркылуу токчулуктун жышааны чагылдырылган. Бирок «Сабат санжырасында» кештелер айырмалоочу белгинин гана милдетин өтөмөкчү.

1.1.

М.: Ат-Башы, Ак-Сай, Он-Бир-Жылга, Беш-Таш, Чоң-Корумду, Ак-Суу, Талды-Булак, Базар-Коргон, Миң-Теке, Ала-Бука, Кара-Буура, Саймалы-Таш, Кара-Балта, Көк-Жаңгак, Кырк-Казык, Кароол-Чоку, Кур-Таш, Суусамыр, Каркыра, Алай, Аркыт, Кемин, Чаткал, Арал, Шекер, Кочкор (Кочкорка эмес).

1.2.

М.: Касым Тыныстан уулу, Айша Эрдеш кызы, Бакбуркан Найзабек уулу, Анвар паша, Мирзо Турсун заде, Мехти Гусейин оглы, Бүбүтай Шабек келини, Нурсултан Ашым уулу, Перизат Баяз кызы, Нурлан уулу Бейбарс, ж. б.

1.3.

М.: Ынанчу Алп Билге, Алп Сол, Эр Төштүк, Эр Солтоной, Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Бала Курман, Акыл Карачач, Кыз Сайкал, Көрөгөч Маамыт, ж. б.

1.4.

М.: Абдыкадыр, Асылбүбү, Балыгооз, Саргунан, Женижок, Тынчтыкбек, Элебай, Өмүрзак, Жанызак, Турсунбай, Уулкелсин, Буудайбек, Ширинкүл, Алымкул, Райкан, Нурбек, Болдугыз, Карагыз, Темирболот, Алмазбек, Байтору, Чоробай, Жоламан, Эламан, ж. б.

1.5.



– Назгүль, Эмиль, Эльмира, Гульмира, Юнусаалы эмес, Назгүл, Эмил, Элмира, Гүлмира, Жунушаалы.

– Джамиля, Дюшен, Булат, Уразгельди, Жиенбек эмес, Жамийла, Дүйшөн, Болот, Орозгелди, Жээнбек.

– Чынарка, Аселя, Асанчик эмес, Чынартай, Аселтай, Асантай.

1.6. Чоротегин (Чоро тегин эмес)

М.: Кожогелди Култегин, Акбартегин, Орозкантегин, Жаныбайтегин, Молдокултегин, Ырайымкантегин, Казаттегин, ж. б.

1.7. Баба дыйкан, Алтын Казык

М.: Умай эне (аялзаттын, наристенин, молчулуктун пири), Теңир ата (бүткүл жаратылыштын, тиричиликтин колдоочусу), Жер эне (кара жердин пири), Чолпон ата (койдун колдоочусу), Камбар ата (жылкынын пири), Ойсул ата (төөнүн пири), Зеңги баба (уйдун пири), Кыдыр ата (адамды колдоочу, бакыт, таалай, бейпилдик жана жол берүүчү пир), Аяз ата (сууктун пири), Жел кайып (шамалдын пири, Дөөтү ата (устанын колдоочусу), Күлдүр ата (жамгырдын пири), Үркөр ата (жылдыздын пири), Чычаң ата (эчкинин пири). Жылдыздар: Жети Аркар, Жети Каракчы, Алтын Казык, Чоң Жетиген, Саманчы Жолу, ж. б.

1.8. Бөрүбасар (Бөрү басар эмес)

М.: Аккула, Акборчук, Сарала, Чалкуйрук, Тайбуурул, Тайтору, Кергашка, Акжал, Ачбуудан, Көкмончок, Нарбуудан, Койгүрөң, Көгала, Гүлсарат, Карткүрөң, Каранар, Акмая, Акшумкар, Суречки, Акжолтой, Кертайган, Актөш, Көкдобул, Койбагар, Кербилек, ж. б.

1.9. Орусча жазылышы боюнча

М.: Бонч Бруевич, Жан Жак Руссо, Иоган Себастьян Бах, Нью-Йорк, Ким Ир Сен, Хо Ши Мин, Эр-Рияд, Улан-Батор, Куала-Лумпур, Санкт-Петербург, Сан-Франциско, Буэнос-Айрес, Тель-Авив, Эль Кувейт, ж. б.

1.10. Кыргызча айтылышы боюнча

М.: Алматы, Кокон, Букар, Дүйшөмбү, Самарканд, Ташкент, Маргалан, Турпан, Кордой, Жамбыл, Бакы, Семей, Жергетал, Анжыян, Түркия, Кашкар, Үргөнч, Казан, ж. б.

1.11.

М.: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз Республикасынын Гимни, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту, ж. б.

1.12.

М.: Билим берүү жана илим министрлиги, Улуттук банк, Ош мамлекеттик университети, И. Ахунбаев атындагы сыйлыктын лауреаты, Кыргыз улуттук университетинин ректору, Улуттук илимдер академиясынын академиги, Саламаттыкты сактоо министри, Эл аралык коомдук илимдер академиясынын президенти, ж. б.

1.13.

М.: Джонсон, Джеймс, Джордж Сорос, Кембридж, Джолдош, Джаныбек эмес, Жонсон, Жеймс, Жорж Сорос, Кембриж, Жолдош, Жаныбек, ж. б.

1.14.

М.: Россия Федерациясы, Кытай Эл Республикасы, Америка Кошмо Штаттары, Иран Ислам Республикасы, Бордук Азия, Кичи Азия, Түштүк Корея, Батыш Европа, Түндүк Вьетнам, Батыш Сибирь, Чыгыш Казакстан, Түштүк Америка, Түндүк Америка, Жаңы Зеландия, ж. б.

1.15. Талас – Сууса-мыр жолу

М.: Бишкек–Ош жолу, Пекин–Үрүмчү–Алматы–Бишкек–Ташкент темир жол каттамы, Ош–Эркечтам–Кашкар жолу, Бишкек–Москва–Уфа–Бишкек аба каттамындагы самолет, ж. б.

1.16. Жаңы жыл (Жаңы Жыл эмес)

М.: Аялдардын эл аралык күнү, Курман айт, Жеңиш күнү, Билим күнү, Жыл ажыраш майрамы, Балдарды коргоо күнү, Брест тынчтыгы, Көпүрө-Базар кыштагы, Көлмө конушу, Алай тоо кыркасы, Балкаш көлү, Кырк-Казык айылы, ж. б.

Эскертүү: 8-Март майрамы, 9-Май майрамы болуп жазылат.

1.17. Манас медалы («Манас» медалы эмес)

М.: Манас ордени, Баатыр эне ордени, Акшумкар ордени, Эрдик медалы, Данк медалы, Эне данкы медалы, ж. б.

1.18. бугу уруусу (Бугу уруусу эмес)

М.: багыш, саяк, тейит, бостон, жетиген, сарбагыш, солто, саруу, кушчу, кытай, мундуз уруулары, чилжуут, сармоюн, аксак бөрү, култай, куулек уруктары, кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, кыпчак, тажик, орус, араб, индус эли ж. б.

1.19. Ош+лык=оштук, -лык, -чы, -чы, -изм

М.: марксизм, ленинизм, кыргызстандык, россиялык, жалал-абаддык, манасчы, семетейчи, жошуктук, көк-таштык, гегелчил, ленинчил, ж. б.

ТАПШЫРМА

«КӨӨКӨР–1» кештеси боюнча энчилүү аттарды топтоштуруу

1-тапшырма. Бир сөздөн турган энчилүү аттардан жыйырманы жаз.

Үлгү. Аркыт, Санжар, Нарын, Жайнар, Талас, Чүй, ... (Эскертүү: үлгүдөгү сөздөр эсепке кошулбайт).

2-тапшырма. Эки же андан ашык сөздөн турган, бирок баары баш тамга менен башталып жазылган 20 сөздү топто жана жаз.

Үлгү. Кичи Азия, Тоголок Молдо, Кытай Эл Республикасы, Алтын Казык.

3-тапшырма. Эки же андан ашык сөздөн турган, арасына сызыкча коюлган энчилүү аттардан жыйырманы топто жана жаз.

Үлгү. Чоң-Алай, Кичи-Кум-Бел, Ак-Суу, Он-Бир-Жылга.

Катадан арылтып көчүрүүлөр

1-көнүгүү. Төмөнкү сөздөргө -лык мүчөсүн улап көчүр.

Барскоон, Ысык-Көл, Нарын, Ош, Кадамжай, Кемин, Талас, Аблетим, Ноокен, Кетмен-Төбө, Беш-Таш, Кара-Буура, Жумгал, Баткен, Чаек, Алайкуу, Өзгөн, Памир, Ала-Тоо, Жайыл, Токмок, Суусамыр.

2-көнүгүү. Катадан арылтып көчүр.

1. Таң эртең менен Сарыбулактан кой айдап чыккан Аман бек Кара-Ойду, Ийри-Жылганы, Ак-Коргонду, Бакай ташты басып өтүп, кечке маал жаргартка жетти. Ала бел, үч-Чат, чаар төр, аңылдак, Бөйрөк-Конуш, каратөр, балыкты, балаөтмөк, Чоңкорумду, чоңмүзтөр, Кичи-Муз Төр көкорой чалгын бетеге, тулаң өскөн кереметжерлер.

2. Эр эңишке Батыркул уулу Нурлан менен Казак-бай Сөпө Тегин чыкты. Балбан күрөштө Жамал-бек Бакбурканууулу байге алды. Кызкуумайга Нартайкызы кара чач түштү.

3. Жан тору, чообай, Назгюль, Мырзагүль, Гүльнара, Джоламан, Уметаалы, Умуралы, Нурсель, Ач буудан, Жетаркар, Камбарата, Жаңыл мырза, Молдокылыч, Нью йорк, Хо-Ши-Мин,

Кубала лумпур, Иоган себастиянбах, Жанжак Русо, Кыргыз Агрардык академиясы, Ош Техникалык Университети, Кыргыз республикасынын гимни, Виетнам, Түндүкамерика, «Данк» медалы, 8-март майрамы, Балдарды коргоо Күнү, Тоо ашуу туннели, «Асанбай» конушу, «Ала-Бел» жайлоосу.

3-көнүгүү. Катаны оозеки ондо.

1. Кумбел, «Эрдик» медалы, 9-май майрамы, жеңиш Күнү, батыш Европа, Джеймс, И. Арабаев атындагы сыйлыктын Лауреаты, кыргыз республикасынын Жогорку кеңеши.

Улгу. Кумбел – жазылышы ката, ал Кум-Бел болуп жазылат.

2. Иран ислам республикасы, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, Бириккен араб эмираты, Ташкент, Андижан, Ким-Ир-Сен, Кыдырата, Зеңгибаба, Саманчы жолу, «Арал» айылы.

3. Карт Күрөң, Ак төш, Чычаңата, Эл Аман, Туребай, Булат, Кыркказык, Кароол-чоку, Идирис, Онбир жылга, Алабука, Анварпаша, Кичиакжол кыштагы.

§ 2. ТЫРМАКЧАЛУУ ЭНЧИЛҮҮ АТТАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ

«КӨӨКӨР–2» кештеси

2.1.  М.: «Ак илбирстин тукуму» кинофильми, «Ак кеме» кинофильми, «Ак Мөөр» телефильми, «Сандардын чатагы» мультфильми, «Келечек» студиясы, «Бекет» тасмасы, «Түбөлүктүүлүккө таазим» сүрөтү, «Доор аяны» теле-берүүсү, ж. б.	2.2.  М.: «Насыйкат» күүсү, «Мин кыял» күүсү, «Кыргыз көчү» күүсү, «Эсимде» обону, «Кызыл гүл» обону, «Адамзат» ыры, «Атай» симфониясы, «Периште» эстрадалык тобу, «Чак түш» концерттик программасы, «Айчүрөк» эстрада театры, «Бүбүсара Бейшеналиева» эстелиги, ж. б.

2.3. М.: «Күүнүн сыры» аңгемеси, «Ажар» повести, «Кыямат» романы, «Алтын куш» жомогу, «Согуш жана тынчтык» эпопеясы, «Мартин Иден» романы ж. б.

2.4. М.: «Манас» эпосу, «Жаныш-Байыш» эпосу, «Курманбек» дастаны, «Эр Табылды» дастаны, «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы, «Улуу марш» китеби, «Көрүндүк» жыйнагы.

2.5. М.: «Кут билим» гезити, «Обо» жумалыгы, «Кыргыз Туусу» гезити, «Кыргыз руху» гезити, «Кырчын» журналы, «Жайлоодон кат» макаласы, «Элетте» кабары, «Мөмөлүү дарак» очерки, «Кабар» агентствосу, «Ыр канатында» радио журналы, «Би-Би-Си» радиостанциясы, «XXI кылым» радио берүүсү, ж. б.

2.6. М.: «Абийир кечирбейт» драмасы, «Жапалак Жатпасов» комедиясы, «Отелло» трагедиясы, «Ажал ордуна» музыкалуу драмасы, «Айчүрөк» операсы, «Чолпон» балети, «Айчүрөк» операсы, «Саманчы жолу» балет-ораториясы, «Ысык-Көл–99» фестивалы, «Ысык-Көл» шеринеси, «Бир ырдын сынагы» теле- конкурсу, ж. б.

2.7. М.: «Ала-Тоо» аянты, «Эркиндик» гүлбагы, «Байсуу» кафеси, «Ден соолук» борбору, «Сапийда» дүкөнү, «Ак кеме» мейманканасы, «Семетей» кошууну, «Айпери» ишканасы, ж. б.

2.8. М.: «Билим» программасы, «XXI кылымдын кадрлары» программасы, «Дени сак улут, дени сак эне, дени сак бала» программасы, «Аялзат» программасы, «Гималай» минералдык суусу, ж. б.

2.9.



М.: «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер», «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», «Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер», ж. б.

Эскертүү. «Кээде мындай наамдар тырмакчасыз да жазыла берет. М.: К. Аюпова – республиканын эмгек сиңирген мугалими. Чогулушта айыл чарбасына эмгек синирген дыйкан Ж. Байтерек уулу сүйлөдү, ж. б.

Көрөгөч Маамыт. Тырмакчага алынган энчилүү аттарга тиешеси жок болсо да, төмөнкүлөрдү билип коюу артыкбаштык кылбайт.

2.10.



1. Өз маанисинде эмес, какшык, мыскыл иретинде колдонулган сөздөр тырмакчага алынып жазылат: М.: Бүтүмгө келишкен «жакшыларды» Саадат бээ союп коноктоду. Чортонду Баатырбек баш болгон «мыктылар» жек көрүштү. (*Т. Сыдыкбековдон*).

2. Сүйлөм ичинде башка бирөөнүн сөзүнөн бөлүп алып киргизилген айрым сөздөр тырмакчага алынып, кичинекей тамга менен жазылат. Бирок төл сөзгө тиешелүү кош чекит, сызыкча коюлбайт. М.: Мен «жаанга калыптыр» дегенди угуп, чыдай албадым. (*Н. Байтемировдон*). Тойчубектин «аттиң» дегени айласы кеткендиктен айтылган сөз эле. (*К. Баялиновдон*).

3. Өзгөчө бөлүнүп алынган сүйлөм, сөз, муун, тамга тырмакчага алынат. (Ал эми китептерде кара шрифт менен жазылышы мүмкүн). М.: «Биз эгинди сугардык» деген сүйлөмдүн ээси. «Биз», баяндоочу – «сугардык» – «э» – кең, эринсиз, ичке үндүү тыбыш. «Эгин» – уңгусу, – «ди» мүчөсү.

2.11.



САЛЫШТЫР

1. Мен бүгүн «Абийир кечирбейт» драмасын көрдүм.

2. Мен бүгүн «Абийир кечирбейтти» көрдүм.

3. Мен бүгүн «Абийир кечирбейтке» белет алып койдум.

4. Биз «Абийир кечирбейт» тууралуу кызуу талашып-тартыштык.

5. «Абийир кечирбейт» – көрө турган жакшы чыгарма.

Демек, салыштырып көрдүнөр, «Абийир кечирбейт» деген энчилүү атка «драма» деген сөз кошулуп да (1-мисалда), кошулбай да (2–5 мисалдарда) жазылды.

КОРУТУНДУ

Ошентип, «Абийир кечирбейт» деген энчилүү ат «драма» деген сөз кошулуп айтылса да, кошулбай айтылса да, дайыма тырмакчага алынып жазылат.

ЖАЛПЫЛОО

Бул корутунду жеке эле «Абийир кечирбейт» деген энчилүү атка тиешелүү дешке болбойт. Ал тырмакчага алынган энчилүү аттардын баарына таандык. Ошонун ичинде ушул топтомдун «Көөкөр–2» кештесиндеги 2.1., 2.2., 2.3., 2.4., 2.5., 2.6., 2.7., 2.7., 2.8. белгилери коюлган үлгү-мисалдарды бүт теске салат.

Сөздүк түзүү

4-көнүгүү. Күүлөрдүн энчилүү атынан жыйырманы жаз.

Үлгү. «Миң кыял» күүсү, «Камбаркан» күүсү...

5-көнүгүү. Обондордун аттарынан он бешти жаз.

Үлгү. «Эсимде» обону, «Ат-Башы» обону...

6-көнүгүү. Беш эпостун, беш жомоктун, беш поэманын атын жаз.

Үлгү. «Манас» эпосу, «Акылдуу дыйкан» жомогу...

7-көнүгүү. Беш гезиттин, беш журналдын, беш макаланын атын жаз.

Үлгү. «Кут билим» гезити, «Мугалим – мөмөлүү дарак» макаласы...

8-көнүгүү. Беш романдын, беш поэманын, беш драманын атын жаз.

Үлгү. «Сынган кылыч» романы, «Алтын кыз» драмасы...

9-көнүгүү. Үч балеттин, үч операнын, үч симфониянын, үч театрдын атын жаз.

Үлгү. «Анар» балети, «Атай» симфониясы...

10-көнүгүү. Беш дыйкан чарбанын, үч дүкөндүн атын жаз.

Үлгү. «Абылкан» дыйкан чарбасы, «Чыныке» дүкөнү...

11-көнүгүү. Үч мейманкананын, үч программанын, беш кино тасманын, үч телефильмдин, үч мультфильмдин атын жаз.

Үлгү. «Бакайдын жайыты» кино тасмасы, «Олокон» мультфильми...

О о з е к и а й т

12-көнүгүү. Бир сөздөн турган жана тырмакчага алынган энчилүү аттардан онду ата жана токтолбой шыдыр айт.

Үлгү. «Ибарат» күүсү. Мында «Ибарат» баш тамга менен башталып, тырмакчага алынып жазылат. «Салтанат» кино тасмасы...

13-көнүгүү. Эки же андан ашык сөздөн турган жана тырмакчага алынган, бирок биринчи сөзү гана баш тамга менен башталып жазылган он сөздү ата жана шыдыр айт.

Үлгү. «Биздин замандын кишилери» романы (мында «Биздин замандын кишилери» деген сөз бүт тырмакчага алынат жана «биздин» деген сөз гана баш тамга менен башталып жазылат, ж. б. мисалдар да ушул өндүү сүйлөнөт) ...

14-көнүгүү. Эки же андан ашык сөздөн турган жана тырмакчага алынган, бирок тырмакчанын ичиндеги сөздөрдүн баары баш тамга менен башталып жазылган жети сөздү ата.

Үлгү. «Эр Солтоной» эпосу...

15-көнүгүү. Эки же андан ашык сөздөн турган, арасына сызыкча коюлган энчилүү аттардан бешти ата.

Үлгү. «Ысык-Көл» шеринеси...

КАТАДАН АРЫЛТЫП КӨЧҮРҮҮ

(Кемчонтой сунуш кылат)

№ 1 машыгуу

Ыбырай Туманов 1988-жылы Ысык-Көл аймагындагы «Ак-Булуң» айылында туулган. Залкар комузчу. Ал өлбөс-өчпөс кеңеш, жаш тилек, боз салкын, паровоз, жеңиш толкун, деген күүлөрдү жараткан. Ошондой эле Ыбырай элдик күүлөрдү, Абак, кайду, майлы бай, Кара Молдо, Мурат-Аалы өндүү комузчулардын күүлөрүн да эң сонун черткен.

№ 2 машыгуу

Таштан Эрматов – кыргыз композитору. Ал Ысык-Көл аттуу симфониялык поэманын, Ленин жолу деген кантатанын, Түш деген симфониялык сүрөттөмөнүн айылды эскерип деген симфониялык сюитанын автору. Т. Эрматов бакайдын жайыты, ырдын жаралышы, Уркуя мурас, улан, Айсулуунун талаасы деген кино жана теле тасмалардын музыкасын чыгарган.

№ 3 машыгуу

Тургунбай Садыков – Кыргыз республикасынын Эл баатыры, атактуу скульптор. Ал Революциянын каармандарына, Манас монументтеринин, Кичинекей койчу, дем алуу, Айтиевдин портрети, М. Рыскулов Лирдин ролунда деген бедиздердин автору.

№ 4 машыгуу

Кыргыз элинин классик акыны Сүйүнбай Эралиев Ак Мөөр, уяң жылдыздар, көк сулуу, жылдыздарга саякат, Жаңылмырзанын керээзи, жол деген поэмаларды жараткан. Ал А. Твардовскийдин атактуу Василий теркин, кара калпак элинин Кыркыз деген дастанын кыргызчалаткан.

№ 5 машыгуу

Эгемендүү Кыргыз республикасы гезит, журналдарга бай. Мисалы: Эркин Тоо, Аалам, кыргыз Туусу, агым, асыл зат, Кут билим, Кыргызстан Маданияты, Вечерний бишкек, слово Кыргызстана, айданек, Кырчын, Ала-Тоо, ж. б.

№ 6 машыгуу

Мен Атай Огомбаевдин эсимде, Күйдүм чок, жаштарга, гүл, Жумамүдүн Шералиевдин түшүмдө, жибек чач, кыштак четинде, Ашыралы Айталиевдин Нарындан жазган салам кат, Рыспай Абдыкадыровдун түгөйүм, алтынчы күнү кечинде, Алмашым, Калыйбек Тагаевдин Элмира, Ат-Башым, Долон ж. б. чыгармаларды укканда тажабайм.

§ 3. КОШМОК СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«БУГУ» кештеси

3.1. 

М.: быйыл, каер, жыланайлак, жыланач, жыланбаш, унчук, кайната, байке, агайын, бүрсүгүнү, антип, минтип, ушинтип, ошентип, түнүчүндө, таяке, улутун, ж. б. Булар түгөйлөрү өз ара биригип кеткен тарыхый кошмок (бириккен) сөздөр.

3.2. 

М.: карамүртөз, кечкурун, көбүнесе, алагүү, арабөк, акиташ, балжууран, карагат, алмончок (түгөйлөрдүн биринин маанаси күңүрт, М: мүртөз).

3.3.

М.: коңгарга, колгап, ишенимгат, карагер эмес, коң карга, кол кап, ишеним кат, кара кер ж. б.

3.4.

М.: асыресе, тиригарак, жексур, ачкүсөн, ж. б. (Эки түгөй тең өз алдынча лексикалык маанаге ээ эмес).

3.5. 

М.: көз айнек, алп кара куш, таш бака, козу карын, ат кулак, ай балта, ат тиш, айры куйрук, кош ооз, ач көз, арык чырай, тогуз кат, үч эм, аран жан, кол жазма, басма сөз, көз караш, кол башчы, жол башчы, көз карандысыз, ак көңүл, кара кашка, ж. б.

ШКОЛА-ГИМНАЗИЯ ... КИТ... ЛИ ... город Бишкек шаары

3.6. 

М.: беш жылдык, калай кашык, башкы командачы, башкы редактор, бүткүл дүйнөлүк, айылдык кеңеш, ойлоп табуучу, ат сарай (түгөйлөр толук лексикалашпаган).

3.7.

М.: жүгүрүп чык, кете бер, таап кел, алып барып бере кой, сурап чыга кал, жыгылып кете жаздап барып токтоду, келе жатат.

3.8. 

М.: келатат, иштебатат, баратат, алпаратат, апкелатат, сүйлөбатат («жатат» деген жардамчы этиш «атат» деп да айтылып, мурунку түгөй менен бирге жазылат.)

3.9. 

М.: 1) алып бар (алпар), алып кел (апкел), алып бер (алпер), ж. б. (Эки түрү тең колдонулат).

2) эч нерсе (эчтеме, эчтеке), бир нерсе (бирдеңке, бирдеме), ж. б. (Эки түрү тең колдонулат).

3.10. 

М.: жардам кыл, кол сал, баш ийдир, баш тартты, өч ал, кол койду, курман болду, ж. б.

3.11.

М.: тили буудай кууруган, куурай башын сындырбаган, колтугуна суу бүркүү, жумурткадан кыр издөө, төбө чачы тик турду, мурдун балта кеспөө, ж. б. (Туруктуу сөз айкаштарынын ар бир сөзү бөлөк жазылат).

3.12.

М.: 1) жүз элүү эки, бир миң сегиз жүз, он алты миң, ж. б.

2) өтө кооз, эң сонун, киши сымал, ага сөрөй, чогулуштан кийин, тоону көздөй, кимдир бирөө, эч качан, ар качан, ж. б.

§ 4. КОШ СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«БҮРКҮТ» кештеси

4.1.

М.: курт-кумурска, тез-тез, беш-алты, үч-үчтөн, чоң-чоң, жүрө-жүрө, калайык-калк, айыл-апа, чогуу-чаран, бак-таалай, эриш-аркак, кат-кабар, каршы-терши, кирели-чыгалы, көр-жер, очор-бачар, оруу-жыюу, өйдүк-сөйдүк, үрөң-баран, мөртөй-шөртөй, убай-чубай, чала-бучук, чөп-чар, шаан-шөкөт, шайма-шай, бетме-бет, ыгым-чыгым, элес-булас, карама-каршы, эски-уску, саат-сабыр, той-томолок, оош-кыйыш, ж. б.

4.2.

М.: премьер-министр, телефон-автомат, учкуч-космонавт, вице-премьер-министр, пресс-конференция, мүчө-корреспондент, генерал-лейтенант, экс-чемпион, экс-президент, ж. б.

4.3.



М.: пай-пай-пай, тра-та-та, күчү-күчү-күчү, түү-түү-түү-түү, ов-ов-ов (уйду чакыруу), айт-айт-айт (жылкыны айдоо), мый-мый-мый (мышыкты чакыруу), по-по-по (кушту чакыруу).

16-көнүгүү. Төмөнкү кошмок сөздөрдү катадан арылтып көчүр.

Арбир, айылдыккеңеш, өчал, коңкарга, ишенимкат, аки таш, кайынага, мурдун балтакеспөө, аккөңүл, алтымышбир, колкабыш, шыр алга, чачуштук, чаламоңол, чач тараш, туракжай, төр ага, райондуккеңеш, дыйканчарбасы, балабакча, буткийим, суусартебетей, акжолтой, аколпок, акчөлмөк.

17-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү катадан арылт жана кош сөздөрдү өзүнчө бөл.

Жырткыч куштар, үй айбандары, ал-абал, ажыраш аяк, айт уйт, ай балта, ала була, алтыбакан, ата баба, ар намыс, аяккап, бак дарак, бакашака, ачкүсөн, бетибашы, бетмай, бетиколу, бешмармак, үйбүлө, бирдижарым, быкычыкы, бороончапкын, белекбечкек, жанжөкөр, жанжаныбар, бышыкулак, жайдыжайлата, жанкечти, жекжаат, жекемежеке, жөнжай, жыланбаш, ийрибуйру, илкипкалкып, камыртуруш, мадырабаш, куралакан, миңсан, миңбашы, муунжүүн, өйүзбүйүз, олбуйсолбуй, олжобуйла, орунбасар.

§ 5. КИРИНДИ СӨЗДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ – КРС

«УМАЙ ЭНЕ» кештеси

М.: балким, демек, кыязы, сыягы, менимче, сөзсүз, биздин оюбузча, шексиз, биринчиден, арийне, үчүнчүдөн, албетте, асыресе, баса, ооба, эң оболу, мүмкүн, айталы, кыскасы, башкача айтканда, тетирисинче, тилекке каршы, айтмакчы, чамасы, ырас, кудай билет, болду-болбоду, унутпасам, көрсө, адатта, чынында, кокус, айтор.

Киринди сөздөр сүйлөмдүн башына, ортосуна жана аягына келе берет. Ошого жараша төмөнкүдөй тыныш белгилери коюлат.

5.1. Эгер киринди сөз сүйлөмдүн башына келсе, анда үтүр киринди сөздөн кийин коюлат.

КРС , сүйлөм. М.: Баса, төргө өткүлө.

5.2. Эгер КРС сүйлөмдүн ортосуна келсе, анда андан мурда да, кийин да үтүр коюлат.

[сүйлөм] , (КРС) , [сүйлөм.] М.: Ал, албетте, эртең келет.

5.3. Эгер КРС сүйлөмдүн аягына келсе, анда кириндинди сөздөн мурда үтүр коюлат.

[сүйлөм] , (КРС) . М.: Сен бардың, ырас.

§ 6. СЫРДЫК СӨЗДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ – СС

«КЫЯЛ» кештеси

М.: бах, бали, баракелде, кокуй, катыгүн, капырай, ботом, ай, кап, апей, эй, ох, ой, аттиңай, аттиң, чиркин, чиркинай, пай-пай-пай, төх, жолуң болгур, көп жашагыр, кудай ур, айланайын, мурдунду урайын, ураа, кыруу-кыруу, кош, чү, чып, пө-пө, бар болуңуз, ж. б.

Сырдык сөздөр төрт түрлүү жазылат

6.1 (СС) ! [сүйлөм] . М.: Ураа! Биз жеңдик.

6.2. (СС) , [сүйлөм] . М.: Бали, ырдап жибер.

6.3. [сүйлөм] , (СС) , сүйлөм. М.: Сен, катыгүн, ушундай белең?

6.4. [сүйлөм] , (СС) . М.: Ал эмнең, кокуй.

§ 7. КАРАТМА СӨЗДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ – КС

«СУУ» кештеси

Каратма сөздөр төрт түрлүү жазылат

7.1. (КС) ! [сүйлөм.] М.: Кымбаттуу Бакберген! Майрамың кут болсун. Жолдоштор! Ийри отуруп, түз кеңешели.

7.2. (КС) , [сүйлөм.] М.: Кымбаттуу Гүлжайнар, туулган күнүң менен кут-туктайм. Балдар, ашарга тез келе калгыла.

7.3. [сүйлөм] , (КС) , [сүйлөм.] М.: Эртең, апа, таятамдыкына бара аласызбы?

7.4. [сүйлөм] , (КС) . М.: Нандан алыңыз, жээн.

САЛЫШТЫР

1. Төмөнкү эки сүйлөм маани боюнча окшошпу?
2. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдап көр.
3. «Суу» кештеси боюнча талда.

1. Өмүркан, атты сугарып кой.
2. Өмүркан атты сугарып койду.

Кошумча түшүнүк

Ата, койго чөп салайынбы?

Бул каратма сөздүү сүйлөм. Анткени «ата» деген каратма сөз, ага чөп салмакчы болгон бала кайрылып жатат. КС сүйлөмдүн башына келгендиктен, андан кийин үтүр коюлду. Демек, билдирилип жаткан ойго белгилүү бир жактын көңүлүн, назарын буруу үчүн ошол жактын аты аталды. Жогорку сүйлөмдө билдирилип жаткан ой – «койго» чөп салайынбы?» Көңүл бурулуп жаткан тарап – «Ата». Демек, тикеден тике багытталган, макулдук берүүгө кириптер болуучу тарап, ал сүйлөмдүн ээси түгүл, сүйлөм мүчөсү да боло албайт. Сүйлөм тутумунда турганы менен, ал («ата») сүйлөм мүчөсү эмес. Ошол себептен КС интонациялык бөтөнчөлүккө ээ

болуп, көтөрүңкү же басыңкы үн менен айтылат, ал эми жазууда ал үтүр, кээде илеп белги менен ажыратылат.

Эми «ата» деген каратма сөздүн ордуна төмөндөгү сөздөрдү коюуга болот. Алар: Апа, эже, бөлө, чоң ата, курбум, уулум, энеке, аке, байке, иним, жезде, кудагый, кудача, апче, эжеке, агай, курдаштар, Эсентур, Райымкан, Нурсалым, Жаныбек, Саркыт, Тууганбай, Ширин, Үсөнкан, Кундуз, Суусар, Алмазбек, ж. б. (Буга өзүң менен бирге окуган окуучулардын атын мисал кылсаң да болот.)

Эми «ата» деген каратма сөздүн ордуна «апа» деген сөздү коёлу.

1. Апа, койго чөп салайынбы?
2. Койго, апа, чөп салайынбы?
3. Койго чөп салайынбы, апа?
4. Апа! Койго чөп салайынбы?

Эскертүү. «Койго чөп салайынбы?» деген сүйлөмдү да «Суу алып келе коёюнбу», «Таласка барып келейин», «Ош шаарына баралы» ж. б. сыяктуу сүйлөмдөр менен да алмаштырууга болот. М: 1) Апа, Соң-Көл жайлоосуна жөнөгөнү жатам. 2) Сары-Челекке, апа, окуучулар менен барып келсем болобу? 3) Ысык-Көлдөн эң сонун эс алып келдим, апа.

ТАПШЫРМА

(*Оозеки иштөө*)

Буга класстагы окуучулар бүт катышат. Партаны катары боюнча адегенде оң, анан сол жагындагы бала жогорудагы төрт бурчтуктун ичиндеги «апа» дегенден кийинки сөздү катыштырып, сүйлөм түзүп, каратма сөз кайсы, ал кандай тыныш белгиси менен ажыратылып турганын шартылдата айтып, анан олтуруп калат. Ал олтурганда, жанындагы, андан соң аркасындагы окуучу да так ошондой жооп берет.

Үлгү. Эже, зоопарктан тоту куштү көрдүм. Мында «эже» – каратма сөз, сүйлөмдүн башына келгендиктен, андан соң үтүр коюлду.

Эскертүү. 1. Каратма сөздүн сүйлөмдүн башына келиши өзүнчө, ортосуна келиши өзүнчө жана аягына келиши өзүнчө иштелет. Минтүү ырааттуулукту талап кылат. 2. Дароо мисал түзүүгө үлгүрбөгөн окуучу кезеги келгенде ордунан тура калып, кайра шарт отурат. Анын билген, билбегендиги териштирилбейт. Баланын туруп, кайра отурушу гана жетиштүү. Анткени иштин баары тездикке жана тактыкка негизделет. Ар бир секунда кур кетпөөгө тийиш.

КРС, СС, КС – үчөөндөгү окшоштуктар жана айырмачылыктар

Ырас, бул үчөө оозеки сүйлөшүүдө өтө кеңири колдонулат. Маселен, ойгонгондон кайра уктаганга чейин күнү бою бир эле окуучу каратма сөздү бери эле болгондо 30–40 жолу колдонушу мүмкүн. Бир эле күндө «Апа, курсагым ачты», «Байке, топту ала кетиңиз», «Ата, көйнөгүңүздү үтүктөп койдум» деген өндүү канчалаган сөздөр сүйлөнбөйт дейсиз. Ал эми «Кап, кечигип калдым», «Ооба, унуткан жокмун» өндүү сырдык сөз менен кириндинди сөздөр да аз сүйлөнбөйт.

Бирок аларды катасыз жаза билүү үчүн үчөөндөгү окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү ажырата билүү зарыл.

1. Окшоштуктар

1. КРС, СС, КС – үчөө тең сүйлөмдүн тутумунда турат, бирок ошого карабастан алар сүйлөм мүчөлөрү болуп эсептелбейт, анткени ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч катары сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткарбайт.

М.: Биз, эжеке, тоодон байчечекей терип келдик.

Биз – сүйлөмдүн ээси, терип келдик – баяндооч, байчечекей – толуктооч, тоодон – бышыктооч. Ал эми «эжеке» деген сөз сүйлөм мүчөлөрүнүн бирине да тиешеси жок, ал өзүнчө түзүлүш, алар тил илиминде грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр делет. «Баса, чогулуш качан экен», «Төх, Эсен Нурмамбет кызы – ырчынын булбулу» деген сүйлөмдөрдө да «баса» – кириндинди сөз, «төх» – сырдык сөз, булар да «эже» деген каратма сөз сыяктуу сүйлөмгө грамматикалык жактан мүчө боло албайт.

2. Үчөө тең сүйлөм мүчөлөрүнөн обочолонуп, алардан үтүр белгиси менен ажырымдалып турат. Үтүр – аларды сүйлөм мүчөлөрүнөн ажыратып турган чек ара. Ошол эле учурда үтүр аларды сүйлөм мүчөлөрү менен мааанилик жактан да байланыштырып турган каражат.

3. Үтүрдүн коюлушу боюнча үчөөнүн эрежелери окшош. Мисалы: «Эгер каратма сөз сүйлөмдүн башына келсе, андан кийин үтүр коюлат. Эгер каратма сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, өзүнөн мурда да, кийин да үтүр коюлат. Эгер каратма сөз сүйлөмдүн аягына келсе, анда өзүнөн мурда үтүр коюлат». Ушул «каратма

сөз» дегендин ордуна киринди сөздү, же сырдык сөздү коюп, коёндой окшош эрежелерди чыгарып алуу арзан эле иш.

1. Эгер киринди сөз сүйлөмдүн башына келсе, анда ... ... М.: *Балким, сиздин айтканыңыз туура чыгар.*

2. Эгер киринди сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, анда ... ... М.: *Биз, балким, баарын утуп чыгарбыз.*

3. Эгер киринди сөз сүйлөмдүн аягына келсе, анда ... ... М.: *Анын божомолу туура чыгар, балким.*

1. Эгер сырдык сөз сүйлөмдүн башына келсе, анда ... ... М.: *Катыгүн, ишке ушунчалык кеч келесиңерби?*

2..... ортосуна келсе, анда... М.: Ишке, капырай, ушунча кечигесинерби?

3.... ... . аягына келсе, анда ... ... М.: Бул эмне кылганын, катыгүн.

4. Демек, ушундай окшоштуктардын негизинде киринди, сырдык жана каратма сөздөр грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн өзүнчө тобун түзөт.

2. Айырмачылыктар

1. Каратма сөз менен сырдык сөздүн жазуу эрежелери боюнча айырмачылыгы жок. Бирок бул экөөнөн киринди сөз айырмаланат. Мисалы, КС менен СС сүйлөмдүн башына келгенде, айрым учурларда алардан кийин илеп белгиси коюлат. М: Ураа! Биз жендик. Ал эми КРС сүйлөмдүн башына келгенде, андан кийин илеп белгиси коюлбайт.

2. КС менен ССтен КРС сүйлөм мүчөсүнө айланып кетүү мүмкүнчүлүгү менен айырмаланат. М.: 1. Мүмкүн, мен жаңылып жаткандырмын. (Мында «мүмкүн» – КРС). 2. Менин жаңылышым мүмкүн. (Мында «мүмкүн» киринди сөздүк касиетин жоготуп жиберди да, сүйлөм мүчөсүнө – баяндоочко айланып кетти). Бирок «мүмкүн» деген сөз сүйлөмдүн аягына келсе эле баяндоочко айланып кетпейт. Аны төмөнкүдөй салыштыруу аркылуу даана түшүнсө болот.

1. Менин жаңылышым мүмкүн.

2. Мен жаңылдым, мүмкүн.

Эки сүйлөмдө тең эле «мүмкүн» деген сөз катышты, бирок 1-сүйлөмдө ал баяндоочтук милдет аткарды, 2-сүйлөмдө ал киринди сөздүк касиетин жойгон жок: *биринчиден,* ал сүйлөм мүчөсү эмес, *экинчиден,* сүйлөмдөн өзүнөн мурда коюлган үтүр менен ажыратылып турат, *үчүнчүдөн,* сүйлөмдө билдирилип жаткан ойго айтуучу «мүмкүн» деген сөз аркылуу күдүктүк, болжоо маанисин кийирди.

1. Ырас, бүгүн элдик жыйын болду.
2. Бүгүн элдик жыйын болгону ырас.
3. Бүгүн элдик жыйын болду, ырас.
(Бул үч сүйлөмдү өзүң чечмелеп айтып бер).

18-көнүгүү. Төмөндө сырдык сөз менен кириндi сөз аралаш берилген. Сырдык сөздөрдү өзүнчө, кириндi сөздөрдү өзүнчө бөлүп көчүр.

Сыягы, болжолу, кокуй, маселен, апей, амал канча, ботом, өх, адатта, кебетеси, айталы, кудай ур, ой-бой-ой, кала берсе, башкача айтканда, кудай билет, жолуң болгур, мурдунду урайын, тилекке каршы, бир эсептен, чиркин, аттиң ай, кыскасы, болду-болбоду, кап, чынында.

19-көнүгүү. Төмөндөгү грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз.

Арийне, баракелде, бах, ким билет, бөлө, замандаштар, демек, менин оюмча, эй, аттиң, курбулар, эжеке.

Үлгү. Досторум, сиздерди Жаңы жыл майрамы менен куттуктайм.

20-көнүгүү. Төмөндөгү каратма сөздөрдүн түзүлүшүнө көңүл бөл жана аларды катыштырып оозеки сүйлөм түз.

1. Атаке. Жандан артык көргөн атакем. Урматтуу атаке. 2. Урматтуу апакем. Күн нурундай мээримин төгүп турган асыл энеке. 3. Кадырман эже. Кымбаттуу достор. Бир сындырым нанды да тең бөлүшүп жеген досторум.

Үлгү. Урматтуу көпөлөктү бирге кууп чоңойгон курбуларым, силердин ар бириңер мен үчүн кымбатсыңар (Мында «Урматтуу көпөлөктү бирге кууп чоңойгон курбуларым» деген каратма сөз алты сөздөн түзүлдү жана сүйлөмдүн башына келгендиктен алардан кийин үтүр коюлду. Демек, каратма сөз уюмдашкан эки же андан ашык сөздөрдөн да түзүлөт).

§ 8. ТӨЛ ЖАНА БӨТӨН СӨЗДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР–1» кештеси

8.1.

: «

».

Бакай мындай деген: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».

8.2. «Б», – Т.

«Бөлүнгөндү бөрү жейт», – деген Бакай.

8.3. Т: «Б», – Т.

Бакай: «Бөлүнгөндү бөрү жейт», – деген.

8.4. «Б, – Т, – Б».

«Бөлүнгөндү, – деген Бакай, – бөрү жейт».

8.5. △
– гин
– ги жөнүндө
– ги тууралуу.

1. Бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгын Бакай айткан.
2. Бакай бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгы жөнүндө айткан экен.
3. Бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгы тууралуу Бакай айткан.

8.6. «Б» Т

1. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген ошол.
2. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген тура.
3. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген эмеспи.
4. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» болуптур, ж.б.

8.7. Т «Б» (Т).

Элди бөлүп-жарып биримдикти жок кылса, анда «бөлүнгөндү бөрү жейт» (Бакай).

ЖАЛПЫЛОО

Мында «Бөлүнгөндү бөрү жейт» – бөтөн сөз (ал кээде цитата, тике сөз деп да атала берет). Бакай мындай деген – төл сөз. Бул экөөнүн ашташа келиши түрдүүчө жазуу эрежелерин жаратат. Тыныш белгилерине бай. Жогоруда (8.1. – 8.7) кештелерде алардын негизги түрлөрү берилип, ар бири үлгү-мисалдар менен чечмеленди.

1. Жогорудагы төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын 7 түрүн эң сонун билип ал, анткени бул – баарын эске салып туруучу үлгү, ошол эле учурда сабаттуу жазууга көмөк берүүчү алтын ачкыч.

2. Анткени, турмуш мындай накыл кепке, даанышман нускаларга, курч, таамай, учкул ойлорго толтура. Аларды колдонууга туура келип калган учурда, албетте, ушул кештенин (8.1 – 8.7.) мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланасың.

3. Колундагы ушул окуу китебинде «Чечен сөздөр», «Илхам кеп», «Мээр сөз», «Санат сөз», «Санжыргалуу казына» деген темалар бар. Алар сага даяр мисал болуп бере алат. Ошолорду туура жазууда ушул эрежелер сенин колуңду узартат.

4. Дилбаяндарды катасыз жазышыңа да итабар кол кабыш кылат.

Өз алдыңча иште. Эреже түз

8.1. кештеси боюнча: «Эгерде төл сөз бөтөн мурда келсе, анда төл сөздөн кийин кош чекит коюлуп, бөтөн сөз баш тамга менен башталат жана тырмакчага алынып жазылат».

8.2, 8.3, 8.4 кештелеринин ар бирине жогоркуга окшоштуруп өзүнчө эреже түз. «Эгерде....., анда.....».

КОШУМЧА ТҮШҮНҮК

8.5. Кештеси – кыйыр сөз. Бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгын Бакай айткан. Эми бул сүйлөмдүн тутумунда «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дегендин өзүнчө баш мүчөлөрү бар (бөрү – ээси, жейт – баяндоочу, бөлүнгөндү – толуктооч), бөтөн сөз жок, себеби ал өзүнчө сүйлөмдүк касиетин жоюп, бөлүнгөндү бөрү жей тургандыгын көрсөтүп, башкача айтканда, сүйлөмдүн бир мүчөсүнө – толуктоочко айланып кетти. Демек, ал бүтүн сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарып калды. Эми ага тырмакча, үтүрлүү сызыкча өндүү белгилерди коюунун кереги жок. (9.5. кештеси да 8.5. кештесине окшош).

8.6., 8.7. кештелерде бөтөн сөз сырткы турпатын өзгөртпөй сактап калды, ошол себептүү ал тырмакчага алынууда. Бирок бөтөн сөз төл сөз менен камыр-жумур болуп биригип кеткен, ошого жараша алардын чегин ажыраткан үтүрлүү сызыкча өндүү белгилерди коюунун зарылдыгы жок.

§ 9. ДИАЛОГДУУ СҮЙЛӨМДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР–2» кештеси

9.1. :

– .

Асел мындай деди:
– Алманы тез үзүп алалы.

9.2. – , – .

– Алманы тез үзүп алалы, – деди Асел.

9.3. :

– , – .

Асел:
– Алманы тез үзүп алалы, – деди.

9.4. – , – , – .

– Алманы, – деди Асел, – тез үзүп алалы.

9.5.
– рын
– ры жөнүндө
– ры тууралуу

Асел алманы тез үзүп аларыбызды айтты.

9.6. –

–

– Кайда барасынар?
– Алма үзүүгө. Үшүк жүрөт экен.

9.7. – , – . –

– Оюна бирдеме келип турат а, азамат? – деди Шердатка эркелете жылуу жүз багып. – Кайсы уруктансыз?

(*Т. Касымбековдон*)

САЛЫШТЫРУУ

Төл жана бөтөн сөз менен диалогдуу сүйлөмдүн жазылышына назар сал. Кандай айырма жана окшоштук бар?

Төл жана бөтөн сөз	Диалогдор
8.1. Т : « Б ».	9.1 ◇ : – Д .

8.2. « Б », – Т .

9.2. – Д , – ◇ .

8.3. Т : « Б », – Т .

9.3. ◇ : – Д , – ◇ .

8.4. « Б , – Т , – Б ».

9.4. – Д , – ◇ , – Д .

8.5. К – гин
– ги жөнүндө
– ги тууралуу

9.5. △ – рын
– ры жөнүндө
– ры тууралуу

Төл жана бөтөн сөз менен диалогдуу сүйлөмдүн жазылышындагы жалпылыктар

8.1. *Бакай мындай деген: «Бөлүнгөндү бөрү жейт»*

Ушул сүйлөмдү мындайча жазууга да болот.
Бакай мындай деди:
– Бөлүнгөндү бөрү жейт.

9.1. Асел мындай деди:
– Алманы тез үзүп алалы.

Ушул сүйлөмдү мындайча жазууга да болот.
Асел мындай деген: «Алманы тез үзүп алалы».

ТАПШЫРМА

8.2. менен 9.2ни, 8.3 менен 9.3тү, 8.4 менен 9.4тү, 8.5 менен 9.5ти жогорку үлгүгө окшоштуруп иште.

КОРУТУНДУ

Демек, жогорку жалпылыктарга таянып, төл жана бөтөн сөз менен диалог сүйлөмдүн жазылышында тырмакча, тиренин коюлушу, абзацтан баштоо сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө карабастан, экөөнүн табияты окшош. Ошол себептен экөө тең «Кереге көз жана тумар» кештелери менен белгиленди.

КОШУМЧА ТҮШҮНҮК

Төл жана бөтөн сөздөгү (Бакай мындай деген: «Бөлүнгөндү бөрү жейт») алынган мисал – үлгү. Мындагы «Бакай мындай дегенди» ар кандай кылып өзгөртүп жазса болот. Мисалы:

1. Кутман карыя Бакай мындай деп айткан: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».

2. Акылман, көсөм карыя Бакай минтип айткан: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».

3. Бакай атабыз көк жал Чубакка минтип айтыптыр: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».

4. Алдыда жүрсө акжолтой, артта жүрсө сан колдой Бакай Чубакка минтип айткан экен: «Бөлүнгөндү бөрү жейт».

Демек, төл сөз айтуучунун каалоосуна жараша жогорку мисалдардагыдай кыскача да, узартылып да айтылышы мүмкүн. Диалогдогу сүйлөмдүн тутумунда кездешкен төл сөздөр да ушундай касиетке ээ. «Асел мындай деди» деген төл сөз да айтуучунун каалоосуна жараша төмөндөгүдөй өзгөрүшү мүмкүн.

1. Үшүк жүрөрүн укkан Асел курбуларына минтип айтты:
– Алманы тез үзүп алалы.

2. Мектептен шашып келген Асел үйгө кире электе эле бир туугандарына минтип кыйкырды:
– Алманы тез үзүп алалы! (Калганы да ушул сыяктуу.)

Окшоштуруп иште

Токтогул мындай деген: «Баланын көркү – энеде».

Ушул сүйлөмдөгү төл сөздү «Кошумча түшүнүктөгү» мисалга окшоштуруп бир нече түргө өзгөрт (калган үч мисалды да ушундайча иште).

1. Автобустун айдоочусу кыйкырды:
– Мен аялдамадан башка жерге токтобойм.
2. Эжеке мындай деди:
– Шар окуй албасаң, китептеги ойду ала албайсың.
3. Улгайган эне минтип айтты:
– Кайсы мурдун курт жеген көөдөк чылым менен үйдүн ичин быкшытып жиберди.

21-көнүгүү. Төл жана бөтөн сөздүн тыныш белгилерин кой, катасын оңдоп жаз.

1. Карыя бетке айткан сөздүн заары жок деген. 2. Ашың калса калсын, ишиң калбасын деп айткан энекем. 3. Чабал аттан деген акылман чарчабаган эшек жакшы. 4. Атам дайыма мага алыңа жараша иш кыл, айдаганыңа жараша ышкыр деп айтар эле. 5. «Сабырдын түбү сары алтын экендиги жөнүндө» апам күндө кулагыма куят. 6. Ысык сүткө оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет деген улуулар. 7. Алыкул Осмонов акылга китеп акыл салар деп жазган. 8. Асыл акыл издесем деген Аалы Токомбаев китептерден табамын. 9. Алыкул аргымак айгыр кече албас агын суудан кечмек бар деген. 10. Өлбөгөн адам деп айткан таенем алтын аяктан суу ичет.

22-көнүгүү. Төл жана бөтөн сөздү кыйыр сөзгө айландыр.

1. «Өсөр балада жаштык жок», – деп айткан Жакшылык. 2. Чоң атам минтип айткан: «Куш канаты менен учат, куйругу менен конот». 3. Алыкул: «Өмүрдүн жан шериги – жакшы китеп» – деп жазган. 4. Карыя: «Эртеңки күнүн ойлонбогондун бүгүнкү күнү күүгүм», – деген. 5. «Күлүк ой, узун санаа, түпсүз кыял Ажарды курчап алды», – деп жазган Касымалы Баялинов. 6. К. Баялинов: «Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти», – деп баяндаган. 7. «Бул турмушта нечен бекем издер бар, добул уруп, сел жүрсө да кетпеген», – деген акын Алыкул Осмонов. 8. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт», – деп айтышкан илгеркилер.

Үлгү. 1. Бакай бөлүнгөндү бөрү жей турганын айткан.
2. Бөлүнгөндү бөрү жеп кетерин Бакай айткан.

23-көнүгүү. Төмөндөгү диалогдуу сөздөрдү катасыз жаз.

1. Тигил бузуку иттер жооп бербесе, ал жакшы белги деди Чогултур. 2. Я, баатырлар деди түмөнбашы анда биз кыйырга не келдик? Кайталык жай-жайга. 3. Бул кыйырга кан төккөнү, айыл чапканы келбедик деди Күлчур кан төгүп, айыл чапкан-

дарды тизелеткени келдик. 4. Ырас, чама чак деди Сайкал кыз жаныбыз ызалуу. Бизди ар-намыс алып келди. 5. Сенек сактанды Карачур аке бизди каардайт, антсек... 6. Жоого барыш эрдик деди Сайкал. 7. Тилегинер чабышпы? 8. Элчилик, жаш эрен (*Т. Сыдыкбековдон*).

§ 10. БИР ӨНЧӨЙ МҮЧӨЛӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«АК КУУ» кештеси

Бир өңчөй мүчөлөр байламта жана үтүр менен байланышат.

10.1.

(байламта)

Атантай менен Жылдыз Суусамырга кетти.

10.2.

(байламта)

Ата-энени жана улууну урматтоо керек.

10.3.

(үтүр)

Ак бантикчен кыз бийледи, ырдады.

10.4. БМ ↕ да, БМ (байламта + үтүр)

Султан да, Ширин да келди.

10.5. БМ , бирок БМ (үтүр + байламта)

Үй эски, бирок таза.

10.6. ары БМ , ары БМ (байламта + үтүр)

Арал ары кооз, ары малга жайлуу жер экен.

10.7. же БМ • же БМ (байламта + үтүр)

Ордодо же биз, же силер утушуңар керек, ит жыгылыш жок.

10.8. БМ , БМ ↕ жана БМ

(үтүр, байламта)

Муктарканга, Аскарбекке жана Алыбекке жолугуп кел.

Бир өңчөй мүчөлөр, V класста окуганынардай, бирдей суроого жооп берип, бирдей милдет аткарган сөздөрдөн түзүлөт. М.: *Түндө тоодон Жапар менен Абды келди.* Мында бир өңчөй мүчөлөр: Жапар, Абды. Экөө тең «ким?» деген суроого жооп берет, ээлик милдетти аткарат. «Менен» деген бириктиргич байламта байланыштыргандыктан, араларына үтүр коюлган жок. *Түндө тоодон Абыл, Райымберди, Өмүркан, Жапар, Рахман – баары машина менен келди.* Бул сүйлөмдө «ким?» деген суроого жооп берип, жалаң ээлик милдет аткарышкан беш бир өңчөй мүчө бар. Бир өңчөй мүчөлөр кээде байламталар менен байланышса, кээде үтүр менен ажыратылат. Ошого жараша төмөндөгүдөй жазылышка ээ.

1. Бир өңчөй мүчөлөрдү «менен», «жана» деген байламталар байланыштырган учурда, алардын арасына үтүр коюлбайт. Анткени бул байламталар өзүнөн мурунку жана кийинки бир өңчөй мүчөнүн экөөнө тең таандык. («Ак куу» кештесин кара: 10.1., 10.2.).

2. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасы жалаң үтүр менен да ажыратыла берет (10.3тү кара).

3. «Да» байламтасы өзү байланыштырып турган эки бир өңчөй мүчөнүн мурункусуна таандык, ошол себептүү үтүр андан кийин коюлат (10.4тү кара).

4. Эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырган **бирок, ары, же** байламталары өзүнөн кийинки сөзгө таандык, ошондуктан үтүр алардан мурда коюлат. (10.5, 10.6, 10.7ни кара).

5. Ал эми **да, ары, же** байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырууда эки же андан ашык жолу кайталанышы мүмкүн. Ошондой учурда үтүр эки бир өңчөй мүчөнүн ортосунда («да» байламтасынан кийин, «ары», «же» байламталарынан мурда) коюлат. **Да, ары, же** байламталары эгер бир өңчөй мүчөлөрдүн ортосуна келбей калса, анда үтүр коюлбайт. М.: *Султан да, Ширин да келди.* Мында биринчи «да» эки бир өңчөй мүчөнү – Султан менен Ширинди байланыштырды, үтүр туура коюлду. Экинчи «да» байламтасынан кийин бир өңчөй мүчө жок, ошол себептен андан соң үтүр коюлган жок. Ал эми «*Арал ары кооз, ары малга жайлуу жер экен*» деген сүйлөмдө биринчи «ары» эки бир өңчөй мүчөнүн ортосуна келген жок, экинчи «ары» эки бир өңчөй мүчөнүн ортосунда турат, ошондуктан биринчи «ары» үтүрсүз, экинчи «арыга» үтүр коюлду. «Же» байламтасы да ушуга окшош (10.7ни кара).

§ 11. ЖАЛПЫЛАГЫЧ СӨЗ

«КУМАЙЫК» жана «АК КУУ» кештеси

11.1.

Аны баары: атасы, апасы, бир туугандары тосуп алды.

11.2.

Нуркыз, Канышай – экөө эрте келиптир.

Жалпылагыч сөздүн милдетин *баары, бардыгы, алар, үчөө, төртөө, бешөө, төмөнкүлөр* өндүү сөздөр аткарат. Алар бир өңчөй мүчөлөрдү жалпылайт. Бир өңчөй мүчөлөрсүз жалпылагыч сөз болбойт.

М.: *Бардыгы тойго барышты*. Мында бир өңчөй мүчө жок, демек, жалпылагыч сөз да жок. *Бардыгы: Асан да, Үсөн да, Бермет да тойго барды*. Мында үч бир өңчөй мүчө бар, демек алар «бардыгы» деген сөз менен жалпыланды.

Өзүнчө эреже түз

1.... Эгерде жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда келсе, анда ...

2. Эгерде жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келсе, анда ...

24-көнүгүү. Бир өңчөй мүчөлөрдү таап, алардын арасына тиешелүү тыныш белгилерин кой.

Ак кызыл гүлдөр анын колуна урунат теңселет. Ишеничтүү коргоочусу бар кары да жаш да кишилер жүрүштү. Алар же

өжөр же эр көкүрөк адамдар. Карарган тагы жок жер жүзү кандай аппак кандай тунук кандай таза. Жанында Батыш Гүлнар Мария Люба Акиялар бар. Балдарын узатып жаткан ата-эне аял-эркек улуу-кичүүлөр түп көтөрө чурулдап, жээк уу-дуу. (*Т. Сыдыкбековдон*).

25-көнүгүү. Төмөндөгү жалпылагыч сөз бирге келген бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдү катадан арылтып көчүр.

Адамда бардыгы акылы да өңү да кийими да ички дүйнөсү да сулуу болууга тийиш (*А. Чеховдон*). Мен фронттон келсем, апам аялым иним эки балам баары бир эчкинин сүтүнө карап калыптыр (*А. Солтобаевден*).

ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

Татаал сүйлөм эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Ал экиге бөлүнөт: биринчиси – тең байланыштагы татаал сүйлөм (ТБТС), экинчиси – багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм (ББТС).

§ 12. ТБТСынын ЖАЗЫЛЫШЫ

«БОЗ ҮЙ» кештеси

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр (ЖС) өз ара байламтасыз да, байламта менен да байланышат. Ошого жараша алар төмөндөгүдөй жазылат.

12.1.

,

.

Күн бүркөлдү, жамгыр жаады.

12.2.

жана
жана да

.

Күн бүркөлдү жана жамгыр жаады.

12.3.

, | бирок
а
ал эми
ошондо да
анткени менен
ошондой болсо да
бирок да |

.

Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок.

12.4.

, нары
дагы,
ары
да, ,

.

Күн бүркөлдү да, жамгыр жаады.

12.5.

, | себеби
анткени
андыктан |

.

Жамгыр жаайт, себеби күн бүркөлдү.

12.6.

, | же
же болбосо |

.

Жамгыр төгөт, же кар жаайт.

12.7.

–

.

ТБТСнын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси боюнча бири-бирине кескин түрдө каршы же күтүлбөгөн жыйынтык иретинде айтылса, алардын арасына сызыкча коюлат.

1. **Уулду төрөйт – уятын кошо төрөбөйт** (макал). Мында ЖСлар бири-бирине кескин каршы мааниде.

2. **Кабыл алынган милдеттенменин баары аткарылууга тийиш – азыркы талап ушундай.** Мында экинчи ЖС кескин жыйынтыкты билдирди.

12.8.

; .

ЖСнын биринчисинде негизги ой айтылат, ал эми кийинки сүйлөмдөр анын маанисин чечмелейт, тактайт.

М.: Азаттыкты каалабаган адам жок: адилет адам азаттыкты жалпыга каалайт; адилетсиз адам азаттыкты жалгыз өзүнө каалайт (К. Берне).

§ 13. ББТСынын ЖАЗЫЛЫШЫ

«АЙ ЖАНА БОЗ ҮЙ» кештеси

Кештелер төмөндөгүдөй туюнтулат.

1.

– баш сүйлөм. 2. – багыныңкы сүйлөм. БС.

Демек, ББТС баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн өз ара тутумдашуусунан түзүлөт.

13.1.

Мезгил БС  Б

– ганда,
– бай,
– майынча,
– майын,
– гыча,
– арда,
– ганча,

.

1. Күн бүркөлгөндө, жамгыр жаайт.
2. Күн бүркөлбөй, жамгыр жаабайт.
3. Күн бүркөлмөйүнчө, жамгыр жаабайт.
4. Күн бүркөлмөйүн, жамгыр жаабайт.
5. Күн бүркөлгүчө, чөптү чаап бүттүк.
6. Күн бүркөлөрдө, алар келип калышты.
7. Күн бүркөлгөнчө, чөптү чөмөлөп койдук.

13.2.

– гандан бери,
– ган соң,
– гандан кийин,
– ганга дейре,
– гандан мурда,
– ган маалда,
– ар замат,
– ган мезгилде,
– ган учурда,

.

1. Күн бүркөлгөндөн бери, бөлмө карангы тартып калды.
2. Күн бүркөлгөндөн соң, (баш сүйлөмдү өзүң тап) .....
3. Күн бүркөлгөндөн кийин,.....
4. .....гөнгө дейре, ...
5. ..... гөндөн мурда, ...
6. ..... өр менен, ...
7. .. ..өр замат, ...
8.....гөн мезгилде, ...
9.....гөн учурда, ...

13.3.

– гандыктан,
– ган үчүн
– ган себептүү

.

Күн бүркөлгөндүктөн, жамгыр жаады.
Күн бүркөлгөн үчүн, жамгыр жаады.
Күн бүркөлгөн себептүү, жамгыр жаады.

13.4.

– оо
– өө
– уу,
– үү
– ыш
– сын
– бас
– басын

үчүн,

(деп),

.

1. Күн бүркөлүү үчүн, шамал булуттарды алыстан айдап келиш керек.
2. Күн бүркөлсүн үчүн,.....
3. Күн бүркөлүш үчүн,.....
4. Жамгыр жаасын деп, эл түлөө өткөрдү.

13.5.

Шарттуу БС  Б { – сам, – сан, – са, – сак } ,

.

Балан ыймандуу болсо, жанын тынч.

13.6.

Каршы БС Б { – са да, – са деле, – са дагы, – ган менен, – ганы менен, – ган болбосо } ,

.

Күн бүркөлсө да, жамгыр жааган жок
Күн бүркөлсө деле, жамгыр жааган жок.
Күн бүркөлсө дагы,.....
Күн бүркөлгөн менен,.....
Күн бүркөлгөнү менен,.....
Күн бүркөлгөнү болбосо,.....

13.7.

Сыпат БС  Б { – гансып, – багынсып, – ып } ,

.

Күн жаап өткөнсүп, талаа ыраңына чыга түштү. Күн нөшөрлөп жаап, каксоо тарткан кайрак жер кулпурса экен.

13.8.

а) Салыштырма БС  Б { – дай, – ган сыяктуу, – гандан бетер } ,

.

Күн жаап өткөндөй жол да, талаа да белден баткак.

б) Салыштырма БС кандай } – са, { ошондой

.

Жамгыр кандай болсо, түшүм да ошондой.

13.9. Өлчөм БС канчалык, канчалык } – са, { ошончолук, ошончолук

.

Жамгыр канчалык көп жааса, түшүм да ошончолук көп болот.

13.10. Орун БС кайда, кайсы жерде, кайдан } – са, { ошол жерде, ошерде, ошерден

.

Жамгыр кайсы жерде көп жааса, берекенин баары ошол жерде.

ЖАЗУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

1. ТБТС боюнча. Кештелерди карап туруп, ар бирине өзүнчө эреже түзсө болот. Мисалы, 12.4 кештесине байланыштуу төмөнкүдөй эреже чыгарылат: «Эгер жөнөкөй сүйлөмдөрдү *да* байламтасы байланыштырса, анда ал байланышта өзүнөн мурдагы сүйлөмгө таандык болгондуктан, үтүр *да* байламтасынан кийин коюлат». М.: Күн бүркөлдү да, жамгыр жаады. Мугалим келди да, сабак башталды. (Калган 12.1 – 12.6 кештелерине жогоркуга окшоштуруп өзүнчө эрежелерди түз).

2. ББТС боюнча. Бул топтом боюнча да өзүнчө эреже чыгар. 13.1 кештесине төмөнкүдөй эреже түзүлөт: «Эгерде мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна *-ганда* мүчөсү жалганса, анда багыныңкы сүйлөмдөн кийин үтүр коюлат». М.: Күн бүркөлгөндө, жамгыр жаайт. Мугалим келгенде, сабак башталат. (Калган 13.2 – 13.10 кештелерине да ушул сыяктуу эрежелерди чыгаруу мүмкүн экендигин түшүнүп коюу жетишерлик).

26-көнүгүү. Төмөнкү татаал сүйлөмдү тең байланыштагы жана багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн бардык түрлөрү боюнча өзгөртүп жаз.

12.1. Күркүрөгөн күз келди, түшүм жыйнала баштады.
12.2. Күркүрөгөн күз ... ...
12.3. Күркүрөгөн ... ...
12.4. ... ...
12.5. Түшүм эми жыйнала баштайт, себеби ... ...
13.1. Күркүрөгөн күз келгенде, ...
... ... - бей, ...
... ... - мейинче, ...
... ... - гиче, ...
... ... - ерде, ...
... ... - генче, ...

13.2. Күз келгенден бери, ...
... ... - ген соң, ...
... ... - генден кийин, ...
... ... - генге дейре, ...
... ... - генден мурда, ...
... ... - ген маалда, ...
... ... - ар замат, ...
... ... - ген мезгилде, ...
... ... - ген учурда, ...

13.3. Күз келгендиктен, ...
... ... - ген үчүн, ...
... ... - ген себептүү, ...
13.5. Күз келсе, түшүм ... ...
13.6. Күз келсе да, жалкоолор түшүм жыйноого шашылышпады.
... ... - се деле, ...
... ... - се дагы, ...
... ... - ген менен, ...
... ... - гени менен, ...
13.7. Күз келип калгансып, июлда эле чөптөр саргая баштады.
13.8. Күз келип калгандай, июлда эле түшүм жыйнала баштады.
Күз кандай болсо, береке да ошондой.
13.9. Түшүм канчалык көп болсо, элдин ... ...
13.10. Түшүм кайсы жерде көп жыйналса, ошол жерде ... ...

§ 14. АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН АЙТЫЛЫШЫ ЖАНА ЖАЗЫЛЫШЫ

«ЖАГАЛМАЙ ЖАНА ЧАБАЛЕКЕЙ» кештеси

14.1. 

14.1 Чачтуу (чаштуу), көчтү (көштү), качты (кашты), учту (ушту), жыгачты (жыгашты), күчтүү (күштүү), ачты (ашты), кечти (кешти), учтоо (уштоо), чачты (чаштыы), ичти (ишти), тынчтык (тынштык), кылычтай (кылыштай), ж. б.

Эскертүү: кашаанын ичиндеги сөздөр айтылышы боюнча жазылды.

14.2.

М.: музсуз-муссуз, тузсуз-туссуз, кагазсыз-кагассыз, бизсиз-биссиз, көзсүз–көссүз, азсынт-ассынт, жазса-жасса, үзсүн-үссүн, созсо–соссо, сызса-сысса, безсе- бессе, комузсуз-комуссуз, ж. б.

(Экинчи түгөйлөр – айтылышы боюнча жазылган сөздөр, төмөнкү мисалдарда да ушундай).

14.3. 

М.: күчсүз-күшсүз, кылычсыз-кылышсыз, чачсыз-чашсыз, жыгачсыз-жыгашсыз, ж. б.

14.4. 

М.: нанга-наңга, эгинге-эгиңге, жонго-жоңго, ишенгени-ишеңгени, конгон-коңгон, ойгонгондой-ойгоңгондой, көнгөн-көңгөн, мейманга-мейманга, жуунган-жууңган, көрүнгөн-көрүңгөн, ж. б.

14.5. 

М.: сунбайт-сумбайт, жалганбы-жалгамбы, бар ганбы-баргамбы, таарынба-таарымба, ишенбе-ишембе, жүнбү-жүмбү, көрүнбөйт-көрүмбөйт, сүйүнбө-сүйүмбө, Тургунбу-Тургумбу, Ишенбай-Ишембай, Дүйшөнбек-Дүйшөмбек, ж. б.

14.6. 

М.: ишенмек-ишеммек, ойлонмоюнча-ойломмоюнча, жашынмай-жашыммай, тунма-тумма, барганмын-баргаммын, күлгөнмүн-күлгөммүн, отурганмын-отургаммын, көргөнмүн-көргөммүн, менмин-меммин, ж. б.

14.7. 

М.: мурунку-мурункү, түнкү-түнкү, төмөнкү-төмөнкү, бүгүнкү-бүгүнкү, качанкы-качанкы, түнкүсүн-түнкүсүн, жакынкы-жакынкы, ж. б.

Чыпалак. «*Мурунку*» менен «*муруңкунун*» кайсынысы туура? Жазууда «*мурунку*», сүйлөөдө «*муруңку*» туура. Эгер «мурунку» деп жазып, «*мурункү*» деп айтсаң, экөө тең туура эмес. 14.1. – 14.6 кештелерин ушундайча түшүнүү керек.

Апенди. «*Чачтуу шайтан*» деп сүйлөп, «*чаштуу шайтан*» деп жазсам ката болот экен да.

Чыпалак. Так ошондой. Сүйлөгөндө «*чаштуу*», жазганда – «*чачтуу*». Туура сүйлөй билүү да чоң маданият болуп эсептелет.

ТАПШЫРМА

Тапшырманы аткаруунун жол-жосундары:

1. 14.1 – 14.7. кештесине кирген 66 мисал бүт камтылат, арасынан бир сөз да калтырылбайт.

2. Албетте, иштин көлөмү көп, ошол себептен тапшырманы аткарууга класстагы окуучулар толук тартылат жана бир окуучу бир сөздү гана катыштырып сүйлөм түзөт. Мындай сүйлөм түзүү парта боюнча ондон солду карай жүргүзүлөт жана бир окуучуну да аттап кетпейт. Эгер класста 28 окуучу болсо, анда 29-мисалды кайра 1-окуучу мисалга айландырат. Ошентип, удаалаш иштөө токтобойт, максатка жараша 66 мисал эки ирет кайталанышы да мүмкүн.

3. Мында жумуш тез жүрүшү, кыска убакытта көп нерсени аткарып калууну камсыздоо үчүн сүйлөм түзүү оозеки жүргүзүлөт.

ҮЛГҮЛӨР

1-окуучу. *Кыска, кара, тармал чачтуу африкалык улан жакшы бийледи.* Бул сүйлөмдөгү «чачтуу» деген сөз «чаштуу» деп айтылат, «чачтуу» деп жазылат. «Чачтуу» деп сүйлөгөн диктор же окуучу олуттуу ката кетирет. Ошондуктан «чаштуу» деп сүйлөгөн киши маданияттуу болуп эсептелет.

2-окуучу. *Жакынкы күндөрдө биздин айылда өтчү оюн-зоокко Эсен Нурманбетова менен Элвира Асанкулова келет.* Мында «жакынкы» деп жазып, «жакыңкы» деп сүйлөйбүз. «Нурманбетова, Асанкулова» деп жазып, «Нурмамбетова, Асаңкулова» деп сүйлөйбүз. Ушунун баары туура сүйлөө маданиятына кирет.

§ 15. СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ



«КЫРГООЛ» кештеси

М.: аары, араа, чоңураак, ээр, кичирээк, мээ, оор, бакалоор, саякаттоо, өөн, төөлөр, жөө, уулу, муунак, тоолуу, күүлөр, күмүштүү, ж. б.

§ 16. Я, Ю, Ё, Е ТАМГАЛАРЫНЫН ЖАЗЫЛЫШЫ

«ТӨӨ» кештеси

я - йа

16.1.

М.: кыяк (кыйак), сыяктуу (сыйактуу), жаян (жайан), аяк (айак), таяк (тайак), табият (табийат), жарыя (жарыйа), карыя (карыйа), дарыя (дарыйа), ж. б.

16.2.

ю - йу

М.: уюштуруу (уйуштуруу), тоют (тойут), суюк (суйук), жоюлду (жойулду), буюм (буйум) союл (сойул), туюк (туйук), оюн (ойун), ж. б.

16.3.

ё- йо

М.: коён (койон), боёк (бойок), боёмо (бойомо), боён (бойон), соё (сойо), чоёке (чойоке), ж. б.

16.4.

е - йе

М.: ниет (нийет), чием (чийем), тиет (тийет), иет (ийет), тиешелүү (тийешелүү), Бает (Байет), ж. б.

16.5.

яй

М.: аяйлык, таяйлы

16.6.

юу

М.: коюу, аюу, союу, жоюу, тыюу, каюу, жаюу, ж. б.

16.7.

ёо

М.: аёо, боёо, мыёолоду, ж. б.

16.8.

ёю

М.: соёюн, жоёюн, коёюн, боёюн, чоёюн, тоёюн, ж. б.

16.9.

ее

М.: кичиреет (кичирейет), тикиреет (тикирейет), Бекеев (Бекейев), Какеев (Какейев), кекиреет (кекирейет), ж. б.

Апенди. «Кичирээт» деп жазсачы? Айырмасы жок да.

Чыпалак. Айырмасы бар. «Кичирээт» деп жазуу ката, туурасы «кичиреет».

Эмне үчүн? Салыштырып көрөлү. «Кичирээт» деп жазуу ката, туурасы «кичиреет». Анткени ээ – эки тамга менен белгиленген бир эле тыбыш. «Кичиреет» – 8 тамга, 9 тыбыштан турат. Анткени ее үч тыбыштан турат, е + й + е = ее. Демек, айырмасы бар, ошол себептен «кичиреет» деп жазып, «кичирейет» деп айтабыз.

§ 17. ТАШЫМАЛДОО

«ТАШ БАКА» кештеси

Төмөнкү эрежелер кайсы кештелерге туура келет.

1. Эгерде эки үндүүнүн ортосуна эки үнсүз тыбыш келсе, анда бир үнсүз мурунку үндүүгө, экинчи үнсүз кийинки үндүүгө кошулуп ташымалданат.

2. Ташымалдоодо бир тамга жолдун этегине калтырылбай жана бир тамга жолдун башына ташымалданбайт.

3. Эгер эки үндүүнүн ортосуна бир үнсүз тыбыш келсе, анда ал үнсүз тыбыш кийинки үндүүгө кошулуп ташымалданат.

4. Эгерде эки үндүү тыбыштын ортосуна үч үнсүз тыбыш келсе, анда эки үнсүз мурункуга, акыркы үнсүз кийинки үндүүгө кошулуп ташымалданат.

17.1.



М.: ба-ла, ки-теп, те-ре-зе-лер, сү-мө-лөк, бо-роон, бээ-лер, тоо-лор, төө-лө-рүм, күү-лөр, бо-ёк, бо-ёмо, жи-бек, кү-рүч, ше-кер, көө-көр, на-мыс, ж. б.

17.2.



М.: кун-дуз, жыл-дыз-дуу, кыр-гыз - дар-га, жээк-ке, шум-кар-дын, жем-кор, пар-та, най-за, ал-тын, сүз-мө, жар-ма, дос-тук, ж. б.

17.3.

М.: данк-туу, ант-ке-ни, кант-туу, класс-та, алп-ка, ант-кор, талант-тар, ку-мурс-ка, жумурт-ка, курт-тун, жалк-ты, салт-ка, калк-тын, мүлк-кө, жалк-пады, өрт-төндү, жулк-па, жанч-па, кубант-сын, ээлент-ме, уялт-тык, ж. б.

17.4.

М.: ата (а-та эмес), соё (со-ё эмес), экен (э-кен эмес), боё (бо-ё эмес), эне-лер-ге (э-не-лер-ге эмес), А. С. Пуш-кин (А.-С. Пушкин эмес), Сы-дык-бе-ков Т. (Сыдыкбеков - Т. эмес), ж. б.

§ 18. ЖЕҢИЖОК – УЛУУ АКЫН

«КҮН» кештеси

Эгер алкакты курчаган сөздөрдүн бири эле борбордогу сүйлөмдүн баяндоочуна улап айтылса, анда ээ менен баяндоочтун ортосундагы сызыкча жоюлат.

М.: 1. *Жеңижок улуу акын болуп саналат.*
2. *Жеңижок улуу акын эле.*
3. *Жеңижок улуу акын эмеспи.*
4. *Жеңижок улуу акын экен, ж. б.*

18.1.

Үлгүгө окшоштур

1. Билим – келечекке көпүрө.
2. Башталгыч класс – билим башаты.
3. Картөшкө – экинчи нан.
4. Эмгек – бардык ийгиликтин ачкычы.
5. Суусамыр – сонун жайлоо.
6. Каныбек – жакшы токойчу.
7. Бийлеген – Ширин.

Мында да алкакты курчап турган сөздөрдүн бири борбордогу сүйлөмгө улай айтылса, сызыкча жоюлат.

М.: 1. Жер дыйканга берилет. 2. Жер дыйканга сатылбайт. 3. Жер дыйканга сунуш кылынды, ж. б.

Үлгүгө окшоштур

1. Эгин – элге.
2. Бакыт – ар бир үй-бүлөгө.
3. Тынчтык – ар бир үй-бүлөгө.
4. Дан – мамлекетке.
5. Электр жарыгы – ар бир үйгө.

§ 19. ИРЕТТИК САН

«АРКАР МҮЙҮЗ» кештеси

Жазылышы туура

V класс

5-класс

М.: 7-класс (VII класс), 19-кылым (XIX кылым), 22-берене (XXII берене), 10-бап (X бап), 5-том (V том), 4-бөлүм (IV бөлүм), 1-сорт (I сорт), 3-чейрек (III чейрек), 8-ай (VIII ай), 9-параграф (IX параграф), 15–18-кылымдарда (XV–XVIII кылымдарда), ж. б.

Жазылышы туура эмес.

VII-класс, 10 бап, 5нчи том, XXII чи берене, IV-бөлүм, 1-инчи сорт, III-чейрек, IX-параграф, 15–18 инчи кылымдарда.

§ 20. ОБОЧОЛОНГОН ТҮШҮНДҮРМӨ МҮЧӨНҮН ЖАЗЫЛЫШЫ (ОТМ)

«ҮЛҮЛ ЖАНА МОНЧОК» кештеси

20.1.

Биз, **сугатчылар**, быйыл эгинден мол түшүм алабыз.

20.2. 

Биз (**сугатчылар**) быйыл эгинден мол түшүм алабыз.

20.3.

Биз – **сугатчылар** – эгинден мол түшүм алабыз.

20.4. , (ОТМ) .

Эмгек берекеси бизде, **сугатчыларда.**

20.5. – (ОТМ) .

Эмгек берекеси бизде – **сугатчыларда.**

Сугатчылар – бул ОТМ. Ал «мончок» кештеси, ал эми «*Биз эгинден мол түшүм алабыз*» деген сүйлөм «үлүл» кештеси менен белгиленди.

Оозеки түз

1. «Сугатчылар» деген сөздү *дыйкандар, кызылчачылар, 10-класстын окуучулары, эмгекчилер, колу кабаргандар, чеке терин төккөндөр* өндүү сөздөр менен алмаштыр.

2. «Биз» дегендин ордуна *силер, алар, сиздер* деген сөздөрдү коюп көрсөңөр. М.: *Силер, сугатчылар*, ...

§ 21. Ь, Ъ БЕЛГИЛЕРИНИН ЖАЗЫЛЫШЫ

«ЖӨРГӨМҮШ» кештеси

21.1.



М.: пальто, консультация, батальон, варенье, октябрь, июль, факультет, хрусталь, печенье, король, спектакль, статья, фельдшер, бильярд, фольклор, форель, премьер, калькуляция, женьшен, компьютер, асфальт, пьеса, бульдозер, альбом, фильм, календарь, Обь, Сибирь, Польша, Эльбрус, ж. б.

21.2.

Сөзгө мүчө уланганда, ал сөздүн аягындагы ичкертүү белгиси (ь) кыскарып калат.

М.: ноябрь + да = ноябрда, Сибирь + га = Сибирге, декабрь + дан = декабрдан, календарь + лык = календарлык, лагерь + лар + га = лагерлерге, шампунь + нын = шампундун, апрель + и = апрели, ж. б.

21.3.

М.: съезд, адъютант, подъезд.

§ 22. -КК, -ГГ, -ДД, -ТТ, -ММ, -СС, -ПП, ТЫБЫШТАРЫНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

«ШУМКАР» кештеси

гг, - дд, - тт, - мм, - сс, - пп тыбыштарынын пайда болушу – бул кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн ички түзүлүшүндөгү кубулуш. Ал унгуга мүчөнүн жалганышынан улам пайда болот. Бирок бул кубулуш бардыгын эмес, төмөндөгүдөй урунттуу учурларды гана кучагына алат.

22.1.

М.: балыкка, суукка, Жыргалбекке, көккө, жээкке, табышмакка, уккун, аккан, жаккыч, эккиле, таккын, баккан, булккан, жалккан, корккон, чаккыч, укку-ла, соккула, каккыла, тооккана.

Бир сөз ичинде *-кк* тыбышы унгуга мүчөнүн жалганышынын натыйжасында пайда болот. Бирок унгу, сөзсүз, «*к*» тыбышы менен аякташы керек жана ага *-га*, *-ган*, *-гыч*, *-гыла*, *-гын*, *-кана* мүчөлөрүнүн бири уланышы зарыл. М.: *сабак + га= сабакка*, *жалк + ган = жалккан*. Мында *сабак*, *жалк* деген унгулар «*к*» тыбышы менен аяктады жана алардын бирине барыш жөндөмөсүнүн *-га*, экинчисине атоочтуктун *-ган* мүчөсү уланды. Эгер унгунун аягы, айталы, «т» тыбышы менен бүтсө, анда эч качан -кк тыбышы пайда болбойт.

М.: *канат + га = канатка.*

22.2.



М.: биологго, шлангга, педагогго, геологго, хирургга, технологго, диалогго, монологго, социологго, митингге, металлургга, драматургга, носорогго, стоматологго.

Мында да уңгунун «г» тыбышы менен аякташы жана ага барыштын -га мүчөсү уланышы бир сөз ичинде -гг тыбышын пайда кылат.

22.3.

М.: Заводдун, заводду, заводдо, заводдон, велосипеддүү, отряддар, снаряддар, снаряддуу, парад-дык, йоддун, йодду, йоддо, йоддон, йоддуу, пароходдой, электродду, шоколаддын, лимонаддан, ж. б.

Мында да унгу «*д*» тыбышы менен аякташы керек жана ага *-нын, -ны, -да, -дан, -лар, -луу, -дай, -лык, -ла* мүчөлөрүнүн бири уланышы зарыл.

22.4.

М.: канаттын, канатты, канатта, канаттан, канаттар, канаттуу, канаттай, самолеттой, канттуу, отто, оттук, жатта, жаттоо, кетти, утту, коркутту, жайнатты, уялттык, сууттун, ж. б.

Сөзсүз, мында да унгу «*т*» тыбышы менен аякташы жана ага *-нын, -ны, -да, -дан, -лар, -луу, -дай, -ды, -ла, -лык, -лоо (-ла + оо)* мүчөлөрүнүн бири уланышы зарыл, ошондо, бир сөз ичинде -тт тыбышы пайда болот.

22.5.

М.: мугалиммин, кеммин, жеммин, киммин, профкоммун, ж. б.

Мында да унгунун «*м*» тыбышы келет жана ага *-мын* мүчөсү жалганат. Ошентип, бир сөз ичинде -мм тыбышы пайда болот. Бирок кыргыз тилинде мындай сөздөр өтө сейрек.

22.6.



М.: кессе, тоссо, басса, кусса, взноссуз, насоссуз, намыссыз, эссиз, оазиссиз, автобуссуз, барбассын, кетпессиз, коркпоссунар, кечпессин, урушпассыз, келишпессинер.

1. Мында да унгунун аягы «*с*» тыбышы менен аяктайт жана ага *-са, -сыз* мүчөлөрү жалганып, бир сөз ичинде *-сс* пайда болот. М.: *кес + са = кессе.*

2. «Учпас» өндүү унгу, мүчөдөн турган сөз да «с» тыбышы менен аяктап, ага *-сың, -сыз, -сыздар, -сыңар* өндүү экинчи жактын мүчөлөрүнүн бири уланса, *-сс* тыбышы жаралат. М.: *учпас + сың = учпассың, учпас + сыз = учпассыз, учпас + сыздар = учпассыздар, учпас + сыңар = учпассыңар.*

22.7.

М.: жаппа, таппайт, каппайт, жаппагыла, таппадым, сеппе, сеппеди, чаппагын, таппадык.

Мында да унгу «п» тыбышы менен аяктайт жана ага -ба, -багыла (-ба + гыла), -бадым (-ба + дым), падык (-ба + ды + к) ж. б. мүчөлөрдүн бири уланат да, натыйжада бир сөз ичинде -пп тыбышы пайда болот.

22.8.

Төмөнкү мисалдар кыргыз тилине синип кеткен сөздөрдүн негизинде түзүлдү.

мм: программа, килограмм, телеграмма, коммерсант, коммерция, коммуналдык, коммунистик, грамм.

лл: бюллетень, коллегия, коллекция, интеллигент, металл, целлофан, аллея, триллион, кристал, миллион, миллиард, иллюстрация, параллель, бриллиант, балл, троллейбус, ж. б.

нн: тонна, антенна, ванна, колонна, теннис, ж. б.

кк: аккумулятор, хоккей, аккордеон, ж. б.

рр: территория, корректор, коррупция, террорчу, фотокорреспондент, ж. б.

сс: режиссер, касса, кассир, ассоциация, масса, массаж, комиссия, искусство, профессор, бассейн, ж. б.

тт: аттестат, киловатт, либретто, ж. б.

пп: ипподром, аппарат, грипп, ж. б.

27-көнүгүү. «*Устат*» деген сөзгө *-нын, -ны, -да, -дан, -луу, -лар, -лык* мүчөлөрүн ула.

Үлгү. Устат + нын = ...

28-көнүгүү. Төмөндөгү сөздөргө кош т тыбышын пайда кылуучу мүчөлөрдү ула.

1. Саат, автопортрет, бүркүт, транспорт, адабият, адвокат, адъютант, асфальт, медпункт, аттестат, бакубат.

2. Ыргыт, арылт, соорот, туурулт, өт, түгөт.

Үлгү. Салт + нын = салттын, курут + ды = курутту.

29-көнүгүү. 1. Аягы «к» тыбышы менен аяктаган 9 сөзгө *- га* мүчөсүн ула. Оозеки иштөө.

2. Аягы «к» менен аяктаган 5 сөзгө *-ган, -гыч, -гыла, -гын* мүчөлөрүн ула. Оозеки иште.

30-көнүгүү. Оозеки иште.

1. Мүчө уланганда пайда болуучу *-гг* тыбыштуу беш сөздү ата.

2. Мүчө уланганда жаралуучу *-дд* тыбыштуу беш сөздү ата.

3. Мүчө уланган мезгилде пайда болуучу *-сс* тыбыштуу беш сөздү ата.

4. Мүчө уланган мезгилде жаралуучу *-мм* тыбыштуу үч сөздү ата.

5. Мүче уланган мезгилде пайда болуучу *-пп* тыбыштуу беш сөздү ата.

§ 23. ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨКТҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«АРКАР» кештеси

М.: Сүйлөй албай, мен ыйлап тура бердим. Алда эмне эсине түшө калгансып, чоң эне Аскарга жал-жал карады. Мында «Сүйлөй албай», «Алда эмне эсине түшө калгансып» – чакчыл түрмөктөр.

Чакчыл түрмөктү чакчыл этиш уюштурат. Анткени алар өздөрүнөн мурда башкарылган же ыкташкан бир нече сөздү бириктире кармап турат, бирок өзүнчө сүйлөм боло албайт. Сүйлөм мүчөсүнүн гана милдетин аткарат. Жогорудагы «Сүйлөөгө дарманым келбей», «Алда эмне эсине түшө калгансып» деген чакчыл түрмөктөр – өзүнчө сүйлөм эмес, сүйлөмдүн бышыктооч мүчөсү. Чакчыл түрмөктөр жазууда үтүр менен ажыратылат.

31-көнүгүү. Төмөндөгү үлгү иретинде берилген чакчыл түрмөктүү сүйлөмдөргө окшоштуруп, өз алдынча сүйлөм түз.

Жумушта иш менен алаксып, Жамийла анча сыр байкатчу эмес. Академик Сулайманованын келерин угуп, мен кубанып калдым. Аларды узатып коюп, Нурбек кайра келет. Ырдап келе жатып, Жамийла бир убакта алдыда бара жаткан Даниярга кыйкырды. (*Ч. Айтматовдон*).

Үлгү. Оюн менен алаксып, Нурсалым Нурлантегин кеч киргенин байкабай калчу.

§ 24. АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН СҮЙЛӨМ ИЧИНДЕ ҮТҮР МЕНЕН АЖЫРАТЫЛЫП ЖАЗЫЛЫШЫ

«КАРГА ТЫРМАК» кештеси

М.: Кана, өзүң айтчы? Кана, Ымаке, кечиктик.

– Ыя, сен кайсы элчи элең. Ыя, кайсы Ыманбайсың? Жок, бул иш сенин колуңан келбейт. Жок, мен али көңүлүмдөгүнү таба элекмин, иштин баары алдыда.

– Ме, менин калпагымды кийип ал.

– Ме, муну алып кой. Мейли, эмне десе ошо десин. Өз убалы өзүнө, мейли, тим кой. Мына, кимисинен болсо да сураңыз! Ана, Ормуштун үнү чыкты. Тигине, жаман кулпуну сууруп алып кетиптир.

– Кой, деги эл укпасын! – Эмне, биз барсак болбойт бекен? (*А. Турсуновдон*).

Айрым *кана, ыя, жок, ме, мына, ана, тигине, кой,* эмне деген өндүү сөздөр кээде сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбай, обочолонуп айтылат да, киринди сөз сыңары үтүр менен ажыратылып жазылат: Эгер алар сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарса, анда үтүр коюлбайт. М.: – Толгонай, сенин анда эч кандай күнөөң жок. «Жок» – сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин өтөдү.

32-көнүгүү. *Кана, ыя, жок, ме, мына, ана, тигине, кой, эмне* деген сөздөрдү катыштырып, өз алдынча сүйлөм түз. Ар бир сөзгө экиден.

Үлгү. Ана, ушундай болмок! Эч кимге айтпа, кой, өзүнөн калсын.

§ 25. КЫСТЫРЫНДЫ СӨЗ МЕНЕН КЫСТЫРЫНДЫ СҮЙЛӨМДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

«ИЛБИРС» кештеси

25.1.

Жазылып жаткан тексттеги ойду толуктоо, тактоо жана эскерте кетүү зарылдыгына жараша кыстырынды сөздөр киргизилет. Жазуу учурунда мындай кыстырынды сөздөр менен кыстырынды сүйлөм кашаага алынат.

33-көнүгүү. Көчүрүп жаз да, кайсынысы кыстырынды сөз, кайсынысы кыстырынды сүйлөм экенин ажыратып айтып бер.

Эл ичинде кадырман Какан (Карымшак) Саадатты жактап өттү. Элементтердин валенттүүлүгүнүн чен бирдигине водороддун (суутектин) валенттүүлүгү кабыл алынган. Кызы (анын аты Бермет эле) балача бышылдап, жайбаракат уктап жатат. Бакма жаныбардан биз азык-түлүктөрдү (эт, сүт, жумуртка), кийимдерди тигүү үчүн материалдарды (жүн, табигый жибек, мех, булгаары) алабыз. Айрым учурда (өзгөчө жаан чачында) от жакшылыктуу күйбөйт. Илгери бир жолу барганымда (ал кезде эжебиз Даанакан тирүү), Алымбай чуркап жүргөн бала эле. (*А. Турсуновдон*).

25.2.

Драмалык чыгармадагы ремарка (сүйлөөчүнүн жүрүш-турушу, кылык-жоругу ж. б. жөнүндөгү автордун түшүндүрмөсү) кашаага алынып жазылат.

34-көнүгүү. Төмөнкү текстти үлгү катары эсиңде сакта, анткени пьеса-дилбаян жазууда ушул мисалдын сага зор жардамы тиет.

Т о к т о г у л (эшикти жаап, сыртынан кулпу салып жаткан надзирателдин соңунан). Жапайы кара кыргыз адамча төрөлүп, адамча өлөт! (Жеңинин учу менен оозунун канын сүртүп). Мыкаачы.

Д м и т р и й (Токтогулдун башын сүйөп). Кел, суудан жут...

Т о к т о г у л (суудан жутуп). Теңир жалгасын!

Д м и т р и й (жанынан орун көрсөтүп). Бир аз сыйлыгышып койгула, туугандар. (Токтогулга) Бери жылгын (Т. Абдумомуновдон).

§ 26. ЧЕКИТТИН КОЮУЛУШУ

«ЖАЛБЫРАК» кештеси

26.1. Чекит сүйлөмдүн аягына коюлат.

26.2. Чекит айрым кыскартылган сөздөргө коюлат.

М.: б. з. ч., ж. б., б. а., д. у. с., ж. (жыл), к. (кылым). Бирок км, м, см, т, кг, га, л деген кыскартылган сөздөргө чекит коюлбайт. М: Арал менен Караколдун ортосу 10 км келет.

26.3. Адамдын кыскартылган аты-жөнүнөн соң чекит коюлат. М.: Л. Н. Толстой, С. Эралиев, Д. Сарыгулов, Ж. Медетов, Г. Сатылганова, Р. Отунбаева, З. Бейшекеева, Р. Ачылова.

26.4. Чекит драмадагы каармандын атынан кийин коюлат.

Болотбек. Мени сабаты жок деп жемелебегиле. Азыр баарын билем. Жат жазуу жазалыбы? (Сабактан).

26.5. Чекит катар номерлөөдө коюлат. М.: Каралуучу маселелер:

1. Биринчи чейректин жыйынтыгы.
2. Айрым окуучулардын жекече жүрүш-турушун кароо.

§ 27. САБАТ САНЖЫРАСЫ БОЮНЧА ӨЗҮН-ӨЗҮ ТЕКШЕРҮҮ

«Билим алуу ийне менен кудук казгандай»
(Эл макалынан)

(Өзүн-өзү текшерүү усулу)

Төмөндө өзүн-өзү тастыктоонун үч түрү сунушталат.

I. Кештелер аркылуу туюнтулган жазуу эрежелерин ар бир окуучу канчалык биле тургандыгын аныктоо.

II. Үтүр, сызыкча, ж. б. белгилер боюнча бир уяга топтоштуруу усулу.

III. Жат жазуу.

I. Кештелер аркылуу туюнтулган жазуу эрежелери боюнча

Акыл Карачач сунуш кылат. Мында ар бир кештенин тушундагы суроо (?) белгилеринен соң «билем», «чала билем», «эсимде жок» деген сөздөрдүн бири кара калем менен жазылат. «Билем» белгиси коюлгандар кайталанбайт, себеби толук кандуу билген нерсеге убакыт коротуунун зарылчылыгы жок. «Чала билем» белгиси коюлган кештелерди параграфы боюнча таап, кайра көз жүгүртүп окуу зарыл. Ал эми «эсимде жок» белгиси коюлган темаларды кайра кунт коюп окуп чыгуу абзел. Мына ушундай тастыктоодон улам «чала билем», «билемге», «эсимде жок», «чала билемге» айланары бышык. Ошол себептен «билемге» айланган «чала билемди» өчүргүч менен өчүрүп, кайра ондоп коюуга болот. Албетте, бул эмгек аркылуу өзүндү-өзүң тастыктап, билиминдин канчалык экенин баалап билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, ошол себептен өзүндү-өзүң алдай албайсың.

Экинчи бир нерсе – мындай тастыктоо бир эле жолу жүргүзүлбөйт, мугалим тапшырма бербеген күндө да, маалмаалы менен өзүң-өзүндү ыктыярдуу түрдө текшере аласың. Демек, айрым учурда «билем» деген «эсимде жокко» айланып калышы да мүмкүн. Ошол себептен «өзүн-өзү текшерүү усулу» сага кенен-чонон кызмат кылып, сабаттуулугунду ойдогудай бийик деңгээлге көтөрөт.

§ 1. «КӨӨКӨР–1» кештеси. Энчилүү аттардын жазылышы.

1.1. Ысык-Көл	– ? Билем (же «чала билем», же «эсимде жок»)
1.2. Кубат уулу	– ?.....

1.3. Жаңыл Мырза – ?.....
1.4. Сатыбалды – ?.....
1.5. Асел (Асель эмес) – ?.....
1.6. Чоро тегин эмес – ?.....
1.7. Баба дыйкан – ?.. ...
1.8. Бөбү басар эмес – ?.. ...
1.9. Бонч Бруевич – ?.. ...
1.10. Алма-Ата эмес – ?.. ...
1.11. Кыргыз Республикасы – ?.. ...
1.12. Тышкы иштер министрлиги – ?.. ...
1.13. Жек (Джек эмес) – ?.. ....
1.14. Ыраакы Чыгыш – ?.. ....
1.15. Талас – Суусамыр жолу – ?.. ...
1.16. Жаңы Жыл эмес – ?.. ...
1.17. Манас медалы – ?.. ...
1.18. бугу уруусу – ?.. ...
1.19. Оштук эмес – ?.. ...

§ 2. «КӨӨКӨР–2» кештеси
Тырмакчага алынган энчилүү аттардын жазылышы

2.1. «Ак илбирстин тукуму» кинофильми – ?.. ...
2.2. «Насыйкат» күүсү – ?.. ...
2.3. «Күүнүн сыры» аңгемеси – ?. ...
2.4. «Манас» эпосу – ?.. ...
2.5. «Кут билим» гезити – ?.. ...
2.6. «Абийир кечирбейт» драмасы – ?.. ...
2.7. «Ала-Тоо» аянты – ?.. ...
2.8. «Билим» программасы – ?.. ...
2.9. «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер» наамы – ?.. ...

§ 3. «БУГУ» кештеси
Кошмок сөздөрдүн жазылышы

3.1. Бул күн – бүгүн – ?.. ...
3.2. Аки таш эмес – ?.. ...
3.3. Тилгат эмес – ?.. ...
3.4. Асыресе – ?.. ...
3.5. Көк жал – ?.. ...
3.6. Райондуккеңеш эмес – ?.. ...
3.7. Күтө тур – ?.. ...
3.8. Бара атат эмес – ?. ...
3.10. Кошкилте эмес – ?.. ...
3.11. Тили буудай кууруган – ?.. ...
3.12. Эң сонун – ?.. ...

§ 4. «БҮРКҮТ» кештеси
Кош сөздөрдүн жазылышы

4.1. иткуш эмес – ?.. ...
4.2. киловаттсаат эмес – ?.. ...
4.3. тү - тү - тү – ?.. ...

§ 5. «УМАЙ ЭНЕ» кештеси.
Киринди сөздүн жазылышы. (КРС)

5.1. (КРС) , [сүйлөм] . – ?.. ...

5.2. [сүйлөм] , (КРС) , [сүйлөм] . – ?.. ...

5.3. [сүйлөм] , (КРС) . – ?.. ...

§ 6. «КЫЯЛ» кештеси
Сырдык сөздүн жазылышы. (СС)

6.1. (СС) ! [сүйлөм] . – ?.. ...

6.2. (СС) , [сүйлөм] . – ?.. ...

6.3. [сүйлөм] , (СС) , [сүйлөм] . – ?.. ...

6.4. [сүйлөм] , (СС) . – ?.. ...

§ 7. «СУУ» кештеси.
Каратма сөздүн жазылышы (КС)

7.1. (КС) ! [сүйлөм] . – ?.. ...

7.2. (КС) , [сүйлөм] . – ?. ...

7.3. [сүйлөм] , (КС) , [сүйлөм] . – ?.. ...

7.4. [сүйлөм] , (КС) . – ?.. ...

§ 8. «КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР–1» кештеси

Төл жана бөтөн сөздүн жазылышы

8.1. Т : « Б » . – ?.. ...

8.2. « Б », – Т . – ?.. ...

8.3. Т : « Б », – Т . – ?.. ... .

8.4. « Б » , – Т , – Б . – ?.. ...

8.5. △ – гин – ?.. ...
– ги жөнүндө – ?.. ...
– ги тууралуу – ?.. ...

8.6. « Б » Т .

8.7. Т « Б » (Т) . – ?.. ...

§ 9. «КЕРЕГЕ КӨЗ ЖАНА ТУМАР–2» кештеси

Диалогдуу сүйлөмдүн жазылышы

9.1. ◇ : – △ . – ?.. ...

9.2. – △ , – ◇ . – ?.. ...

9.3. ◇ : – △ , – ◇ . – ?.. ...

9.4. – △ , – ◇ , – △ . – ?.. ...

9.5. ◇ – рын – ?.....
– ры жөнүндө
– ры тууралуу

9.6. – △ .
– △ .

9.7. – △ , – ◇ . – △ – ?.. ...

§ 10. «АК КУУ» кештеси

Бир өңчөй мүчөлөрдүн жазылышы

Эскертүү. БМ – бир өңчөй мүчө, ЖС – жалпылагыч сөз.

10.1.

менен

– ?.. ...

10.2.

жана 

– ?.. ...

10.3.

,

– ?.. ...

10.4.

да,
да – ?.. ...

10.5.

, бирок

– ?.. ...

10.6. ары

, ары

– ?.. ...

10.7. же

, же

– ?.. ...

10.8.

,

жана

– ?.. ...

§ 11. «КУМАЙЫК ЖАНА АК КУУ» кештеси

Жалпылагыч сөз

11.1.

:

,

–? ...

11.2. 

, 

—

–?...

§ 12. «БОЗ ҮЙ» кештеси

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн (ТБТС) жазылышы.
Эскертүү. ЖС – жөнөкөй сүйлөм.

12.1.

,

. – ?.. ...

12.2.

жана
жана да

. – ?.. ...

12.3.

, { бирок / а / ал эми / ошондо да / анткени менен / ошондой болсо да / бирок да }

. – ?.. ...

12.4.

{ , нары / дагы, / , ары / да, }

. – ?.. ...

12.5. ЖС , { себеби / анткени / андыктан } ЖС . – ?.. ...

12.6. ЖС , { же / же болбосо } ЖС . – ?.. ...

12.7. ЖС – ЖС . – ?.. ...

12.8. ЖС : ЖС ; ЖС . – ?.. ...

§ 13. «АЙ ЖАНА БОЗ ҮЙ» кештеси

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм (ББТС) боюнча.
Эскертүү. БС – Багыныңкы сүйлөм, БШС – баш сүйлөм

13.1.

Мезгил БС — Б { – ганда / – бай / – майынча / – майын / – гыча / – арда / – ганча } , БШС . – ?.. ...

13.2.

Мезгил БС — Б { – гандан бери / – ган соң / – гандан кийин / – ганга дейре / – гандан мурда / – ган маалда / – ар замат / – ган мезгилде / – ган учурда } , БШС . – ?.. ...

13.3.

Себеп БС (Б { – гандыктын / – ган үчүн / – ган себептүү }, БШС). – ?.. ...

13.4.

Себеп БС (Б { – оо үчүн / – өө үчүн / – уу үчүн / – үү үчүн / – сын үчүн / – сын деп / – бас үчүн / – бас деп / – басын деп }, БШС). – ?.. ...

13.5.

Шарттуу БС (Б { – сам / – сан / – са / – сак }, БШС). – ?.. ...

13.6.

Каршы БС (Б { – са да / – са деле / – са дагы / – ган менен / – ганы менен / – ганы болбосо }, БШС). – ?.. ...

13.7.

Сыпат БС (Б { – гансып / – багынсып / – ып }, БШС). – ?.. ...

13.8.

Салыштырма БС 1. (– дай / – ган сыяктуу / – гандан бетер, БШС). – ?.. ...

2. (Б **кандай** – са, ошондой, БШС). – ?.. ...

13.9.

Өлчөм БС **канча** / канчалык – са, { **ошончо** / ошончолук }

– ?.. ...

13.10.

О р у н БС **кайда** / **кайсы жерде** / кайдан – са, { **ошерде** / ошол / жерде }

– ?.. ...

§ 14. «ЖАГАЛМАЙ ЖАНА ЧАБАЛЕКЕЙ» кештеси

Айрым сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы

14.1.



– ?.. ...

(чачтуу – чаштуу)

14.2.



– ?.. ...

(музсуз – муссуз)

14.3.



– ?.. ...

күчсүз – күшсүз

14.4.



нанга – наңга

14.5.



сунбайт – сумбайт

14.6.



ишенмек – ишеммек

14.7.



тунку – тунқу

§ 15. «КЫРГООЛ» кештеси

Созулма үндүүлөрдүн жазылышы

аа,
уу,
ээ,
оо,
өө,
үү

аары, мээ, тоолуу...

§ 16. «ТӨӨ» кештеси

Я, ю, ё, е тамгаларынын жазылышы

16.1. – 16.9.

кыяк, уюштуруу, коён,
ниет, соёюн, кичиреет,
коюу, аёо, ж. б.

– ?.. ...

§ 17. «ТАШ БАКА» кештеси

Ташымалдоо

17.1. – 17.4.

1. Ба-ла, ки-теп
2. Кун-дуз, жыл-дыз-дуу
3. Кенч-ке, данк-туу
4. А-та, со-ё эмес, ата, соё

– ?.. ...

§ 18. «КҮН» кештеси

18.1. Женижок – улуу акын – ?.. ...
18.2. Жер – дыйканга – ?.. ...

§ 19. «АРКАР МҮЙҮЗ» кештеси

Иреттик сан

V класс 5-класс

XXI кылым, 21-кылым... – ?.. ...

§ 20. «ҮЛҮЛ ЖАНА МОНЧОК» кештеси

Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн (ОТМ) жазылышы

20.1.

– ?.. ...

20.2.

– ?.. ...

20.3.

– ?.. ...

20.4.

– ?.. ...

20.5.

– ?.. ...

§ 21. «ЖӨРГӨМҮШ» кештеси

ъ, ь белгилеринин жазылышы

21.1.

– ?.. ...

21.2.

– ?.. ...

21.3.

– ?.. ...

§ 22. «ШУМКАР» кештеси

- кк, - гг, - дд, - тт, - сс, - пп тыбыштарынын пайда болушу

22.1.

– ?.. ...

22.2.

– ?.. ...

22.3.

– ?.. ...

22.4.

кант+луу=канаттуу

– ?.. ...

22.5.

класском+мын=
класскоммун

– ?.. ...

22.6.

кес+са=кессе
намыс+сыз=намыс-
сыз

– ?.. ...

22.7.

сеп+ба=сеппе

– ?.. ...

22.8.

мм, лл, нн, кк,
рр, сс, тт, пп

– ?.. ...

§ 23. «АРКАР» кештеси

Чакчыл түрмөктүн жазылышы

М.: Сүйлөй албай, мен ыйлап тура бердим. – ?.. ...

§ 24. «КАРГА ТЫРМАК» кештеси

Айрым сөздөрдүн сүйлөм ичинде үтүр менен ажыратылып жазылышы.

М.: Кана, өзүң айтчы? Кой, эл укпасын. Эмне, биз барсак болбойт бекен.

Ме, муну алып кой.

Жок, бул иш сенин колуңдан келбейт. Мына, айтканым келдиби? Ана, ушундай болмок!

– ?.. ...

§ 25. «ИЛБИРС» кештеси

Кыстырынды сөз менен кыстырынды сүйлөмдүн жазылышы

25.1.

М.: Эл ичинде кадырман Какем (Карымшак) Саадатты жактап өттү.

– ?.. ...

25.1.

Токтогул (эшикти жаап, сыртынан кулпу салып жаткан надзирателдин соңунан).

Жапайы кара кыргыз адамча төрөлүп, адамча өлөт!

– ?.. ...

II. БИР УЯГА ТОПТОШТУРУУ УСУЛУ

Чекит белгиси § 26 да берилгендиктен, ага токтолуунун зарылдыгы жок. Ал эми үтүр, сызыкча, баш тамганын жазылышы боюнча уяга топтоштуруу иши сунуш кылынат.

А) *үтүр белгиси боюнча бир уяга топтоштуруу.*

Үтүр – сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн арасындагы тынымды белгилөө үчүн колдонулуучу тыныш белги. Ал кандай учурда коюлат? Канткенде үтүрдөн ката кетирбей жазууга болот? Ал үчүн төмөндөгүдөй иштердин тобу сунуш кылынат.

1. § 1ден § 26 га чейин кештелерди сыдыра карап чык да, алардын ичинен үтүргө тиешелүү жазуу эрежелерин топто.

2. Алдын ала ар кандай түстүү карандаш, шариктүү калем же фломастер даярдап ал, анткени топтоштургандарынды дептериңе чеберчилик менен кооздоп жазасың.

3. Төмөндө эки үлгү, төрт вариант берилди. Ошолордун ичинен бирөө милдеттүү аткарылат. Ал эми кызыккандар 2–3 түрүн тең аткарса болот.

Биринчи үлгү

1-вариант

үтүр белгиси



§ 10. – бул – бир өңчөй мүчөлөрдүн жазылышы.

10.3 – 10.7. – бул үтүргө – тике тиешелүү да, алардын номери бош калган орундарга үлгүгө окшоштурулуп толтурулат.

(мында бош орундарга кештелер жайгаштырылат да, кештелердин номери менен кошо көрсөтүлөт).

Экинчи үлгү

1-вариант

Бир өңчөй мүчөлөрдө коюлат. 10.3–10.7.

2-вариант

а)

б) Сызыкча белгиси боюнча бир уяга топтоштуруу.



3. Сызыкча боюнча тест.

Сызыкча кандай учурда коюлат?

а) 1.15 те, 2.6 да, 3.3 төө, 4.3 төө, 6.4 төө, 9.1 де, 11.2 де, 12.7 де, 14.1 де, 20.5 те, 18.1 де, 25.2 де.

б 22.6 да, 21.3 төө, 20.3 төө, §19 да, 18.2 де, 14.6 да, 13.6 да, 12.8 де, 10.7 де, 8.3 төө, 9.4 төө.

в) 20.3 төө, 20.5 те, § 19 да, §17 де, § 18 де,12.7 де, 11.2 де, 8.2 де, 8.3 төө, 8.4 төө, 9.1 де, 9.2 де, 9.3 төө, 9.4 төө, 9.6 да, 9.7 де § 4 төө, 1.15 те.

г) 3.3 төө, 18.1 де, 14.1 де, 10.7 де, 14.6 да, 9.2 де, 12.7 де, 8.4 төө, § 17 де, 21.3 төө, 20.5 те.

в) Баш тамганын колдонулушу.

Жекече турган ар бир сүйлөм баш тамга менен башталып жазылат.



Көрөгөч Маамыт. Баш тамга дагы төмөнкү учурларда колдонуларын кошумчалап кетейин.

1. Ырдын ар бир сабы баш тамга менен башталып жазылат.

М.: Алыс деп, такыр чочуба!
Акыры жүрүп жетесиң
Агарган бийик чокуга.
(Исса – япон акыны)

Бирок айрым учурда ырлардын сабы кичинекей тамга менен да башталып жазыла берет. М.:

Бирөө бар:
«Чоңдун» тегерегине айланат,
Өзүн
парбана көпөлөккө теңеп.
Өз баласынын оюнчугун –
начальниктин баласына
жулуп берет *(М. Алыбаевден)*.

2. Өтө урматтоонун белгиси катары айрым сөздөр да баш тамга менен башталып жазылат. М.: Кымбаттуу эже, Сизди туулган күнүңүз менен куттуктайм. Анын көз алдына Ата журту тартылды: (Мында Сизди, Ата журту деген сөздөр сый, урматтоонун улам гана баш тамга менен башталып жазылды).

3. Аягына чекит коюлган катар сандардан кийин келген сүйлөм баш тамга менен башталат.

1. Эртең менен эрте туруу.
2. Гимнастикалык көнүгүү жасоо.
3. Бети-колду жууп, тиш чайкоо.

4. Жабылган кашаа менен номерленген катар сандардан кийин да сүйлөм баш тамга менен башталып жазылат. М.: Сен төмөнкүлөрдү унутпа: 1. Башка адамдарга озунуп салам айт.

2. Үйгө келериң менен бут кийимиңди тазалап, анан колуңду самындап жуу.

Эскертүү. Эгер ушул эле сүйлөмдө «салам айт» дегенден кийин үтүрлүү чекит же үтүр коюлса, анда кашааланган катар сандардан кийинки сүйлөм баш тамга менен башталып жазылбайт.

5. Төл сөз менен тутумдашкан бөтөн сөз баш тамга менен башталып жазылат. (Төмөнкү кештелерди кара: 8.1, 8.2, 8.3, 8.4, 9.1, 9.2, 9.3, 9.4, 9.6, 9.7).

Суроолор. 1. Илеп белгиси кандай учурда коюлат?
2. Суроо белгисичи?
3. Көп чекитчи?
4. Тырмакчачы?
5. Кош чекитчи?
6. Кашаачы?

Жооптор. Төмөндөгү жооптор суроолордун кайсынысына тиешелүү?

1. Сүйлөмдө кандайдыр бир себептер менен үзүлүп, же токтолуп айтылган жерлерге коюлат. 2. Жалпылагыч сөздөн чечме сүйлөмдөгү негизги сүйлөмдөн жана бөтөн сөздөн мурда келүүчү төл сөздөн кийин коюлат. 3. Сүйлөмдөгү ойду толуктоо, тактоо, эскерте кетүү мүнөзүндөгү кыстырынды сөздөргө жана сүйлөмдөргө коюлат. 4. Бөтөн сөздө, какшык, мыскыл маанисиндеги сөздөрдө, өзгөчө бөлүнүп алынган сүйлөмдө, сөздө, муунда, тамгада, айрым энчилүү аттарды жазууда колдонулат. 5. Негизги ойду чечмелеген сөз айкаштарынан, сүйлөмдөрдөн кийин коюлат. 6. Күчтүү сезим менен айтылган сүйлөмдөн кийин коюлат. 7. Экинчи бирөөдөн жооп алууну көздөгөн суроо маанисиндеги сүйлөмдүн аягына коюлат.

III. ЖАТ ЖАЗУУ

Максат. Бул баянда 90 ката бар. Ошол каталардан арылтып көчүрүү керек.

ТОГУЗ КОРГООЛ

Тогуз коргол Кыргыз элинин улутук ойундарынын бири. Анын байыртан бери колдонулуп келгендигине күбө болчу таш такта азыркы кесде архиологиялык, архитектуралык ачык асман астындагы бурана комплекстү музейинде сакталу. Бул таштын салмагы 200 кг чамасында. Таш тактадагы үйлөрдүн коргол алынчы тарабы жешилип калыптыр. Таш жешилгенче ойнолгонуна караганда бул такта нечен кылымды карыткан. Эсенгул

карыя мындай деген Бул ташты Кызыл-Су өрөнүнөн Кашка-Су жылгасынан тапканбыз. Жылгада жайыгынан келген Конуш бар. Конуштун жанында кичинекей дөбөчо бар экен таш такта дал ошол дөбөнүн жонунан табылган. Мындан башка дагы тогуз коргоол ойунунун тактасы чегилген чоң таш бар. Ал таш Ой-Табылганын түндүк жагындагы кыранда турат. Ал ташты алып келүүгө мүмкүнчүлүгүбүз жетпеди. Анткени ал абдан эле чоң ал ташка ойунчулар туруп алып ойношсо керек.

Тогуз коргоол ойуну атайын жасалган тактада эки адам тарабынан ойнолот. Такта 18 үйдөн жана эки чарадан турат башкача айтканда ар бир ойунчуга тогусдан үй бирден чара тийешелүү. Ар бир үйдүн илгертен бери келаткан атары бар. Алар 1) куйрук 2) ат өтпөс 3) текилдек 4) далы 5) бел 6) ак колтук 7) эки тишти 8) көк моюн 9) ооз. Экинчи тогуз үйдүн атары куйрук ат өтпөс жаман үй белдин алды бел ак далы эки тишти көк моюн куу моюн. Ар бир үйгө тогусдан коргоол салынат. Ошентип бир жагындагы тогуз үйдө 81 коргоол экинчи жагында да 81 бардыгы болуп ойунга 162 коргол катышат.

Жүрүш саат жебесинин багытына каршы болот. Жүргөн адам өз үйлөрүнүн биринен тогуз коргоол алып анан багыт боюнча ар бир үйгө бирден коргоол таштап кете берет. Эң акыркы коргол атандашынын үйлөрүнүн бирине түшсө андагы корголдордун саны жуп болсо бул жүргөн кишинин утучу болуп эсептелет да, аларды өз чарасына салып коет. Ойун алмак салмак ушундай тартипте улана берет. Атандаштардын кимисинин чарасындагы корголу 81ден ашса ошол утуп чыккан болот.

Тогуз коргоол ойуну илгертеден бери ата бабаларыбыздын эсептөгө болгон жөндөмдүлүгүн артырчу бирден бир куралы. (Т. Орозбаков менен А. Чылымовдун «Тогуз коргоол» деген китебинен).

БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВА

Бүбүсара Бейшеналиева (1926–1973) ысымы ооздон түшпөгөн ар бир кыргыз жараны үчүн сыймык болгон өнөрү менен эл арасында өлбөс из калтырган кыргыз бийин негиздөөчүлөрдүн бири катары эсептелинген атактуу балерина.

Ал П. Гертелдин Курулай сактык балетиндеги Лизанын Б. Астафьевдин Бахчисарай фонтаны чыгармасында Мария жана Зареманын П. Чайковскийдин Аккуу көлү балетинде Одетта-Одиллиянын Р. Глиэрдин Кызгалдагында Тао Хоанын В. Власов менен В. Ференин «Анарында» Анардын М. Раухвергердин Чолпон балетинде Айдайдын П. Чайковскийдин уйкудагы сулуу чыгармасындагы Авроранын К. Молдобасанов менен Т. Окуневдин Куйручук балетинде Зейнептин С. Прокофьевдин Ромео

жана Жульеттасында Жульеттанын В. Власовдун Аселинде Аселдин ж. б. ролдорду аткарган. Бүбүсара улуттук бий өнөрүндө бүтүндөй бир образдардын ар бири адам кыймылынын назиктигинен жана сулулугунан уйуп бүткөн кайталангыс керемет. Аны көрүп отурган адамдын ички дүйнөсүндө коздуктун шатыктын улуу дүйнөсү ачылат. Ар бир жанга сулулуктун, аруулуктун жана назиктиктин майрамын тартуулаган. Ошол себептен акын Сүйүмбай Эралиев Бүбүсара жөнүндө Дагы уйулгуп түрмөктөлгөн куйундай, Кайра калкып желде жеңил буюмдай. Карап карап элес калат бир гана Пери экени эмне экени туйулбай. Балерина мойнун созо койкойуп Көлбүп калды кош «канаты» жатты удаа. Окшоп кудум ак булутка ак бууга. Кайра турса бут учунда жорголоп, Бий тамгансыйт бүт денеден шорголоп деп жазган. Бүбүсара катышкан Чолпон балет - фильми дүйнөнүн алтымыштан ашун өлкөсүндө койулган. Аселдин мунайым, эрктүү, татынакай мүнөзүн түзгөнү үчүн Бүбүсара Бейшеналиева Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына (1970) татыктуу болгон. Ал СССР Жогорку Советинин 6-7, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4-5 чакырылышына депутат болуп шайланган.

Тапшырма. Катадан арылтып көчүр.

МУСА АДЫШЕВ

Муса Мирзапаязович Адышев көрүнүктү советтик илимпоз геология-минералогия илимдеринин доктору профессор Кыргыз улуттук илимдер Академиясынын академиги илимге эмгек синирген ишмер. Адышев литогенез геохимиясынын өкүлү 45 тен ашык илимий эмгектин үчө - монография. Алар негизинен Тяньшандагы байыркы доордо пайда болгон чөкмө тоо тектердин геологиясын геохимиясын жана пайдалуу кен байлыктарын изилдөгө арналган. Тяньшанда кеңири тараган көмүртек-кремнийлүү сланецтер формациясын изилдеп чыккан. Бул формация жер бетинде кеңири таралышы көптөгөн балуу химиялык элементтердин органикалык заттардын көп болушу менен башка чөкмө тоо тектерден өзгөчөлөнүп турат. Анда молибден ванадий фосфор ж. б. элементердин ири кендери топтолгондуктан бул формацияны изилдөнүн эл чарбасы жана илим үчүн чоң маниси бар эле. Ошондуктан М. Адышев формациянын түзүлүшүн составын Тяньшандагы таралыш чегин тактаган; өзү тапкан фауналарды жана тоо тектерди Европа Азия өлөкөлөрүндөгү аналогдоруна салыштыруу менен формациянын геологиялык жашын аныктаган. Формациядагы руданы түзүчү элементтер чөкмө - сингенетиклык жол менен пайда болорун белгилеп, формация-

нын өзгөчөлүктөрүн кээ бир металдардын чөгүп - топтолушу үчүн органикалык заттардын ролу чоң экендигин ачкан. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган (9 - шайланышына). Эмгек Кызыл Туу ордени бир нече медаль менен сыйланган (Кыргыз совет энциклопедиясынын 1 - томунан алынды).

Тапшырма. Катадан арылтып көчүр.

«СУЛУУ КЫЗСЫҢБЫ?»

(Ташымал белгисин коюп көчүр)

Ошентип, бир күнү уй сарайга деген шиферди жүктөп бир колхозго бараткам. Жол тоорсуп калыптыр. Айылга жакын калган. Мына ошерде бир кичинекей эле арыкка тыгылып туруп калдым. Ары-бери жүткүнтө айдап көрдүм, чыгар эмес. Кайра сормо баткак машинени ого бетер соруп барат. Анын үстүнө кыжырланып жатып рулду катуу толгоп алган экем, дөңгөлөк бурулбай калды. Машиненин астына сойлобоско болор эмес... Чекемен аккан тер кулагыма сарыгат, ансайын жолду тилдейм. Бир маалда бирөөнүн келаткан шыбырты угулду. Машиненин астындагы мага резина өтүк гана көрүндү. Эки өтүк келип, туруп калды. «Эмне, бул жер цирк бекен, эмнеге кызыгып туруп калды» деп жиним келди.

– Өпкөдөн баскансып эмне туруп калдың, өтүп кете бербейсиңби! – деп корс эттим машиненин астынан.

– Көз кыйыгым менен өтүктөн өйдө, тизе ылдый кыкка булганган көйнөктүн этегин көрдүм. «Айылга жеткирип кой» дечи кемпирлердин бири го дедим кыязымда.

– Кете бер, чоң эне! – дедим мен. – Менин жумушум көп али, чыдап күтө албассың.

– Мен чоң эне эмесмин, – деди анда тиги.

– Анда кимсиң?

– Кызмын.

– Кызмын? – деп өтүгүн дагы карап алдым да, оюнга чаптырдым. – Сулуу кызсыңбы?

Эки өтүк тыбырап алды да, кетүүгө ынгайлангандай четтей басты. Ошондо мен ашыгып машиненин астынан сойлоп чыктым. Карасам, мандайымда тал чыбыктай буралган кыз турат. Башында кызыл жоолук, кабагы түйүңкү. Үн-сөзсүз телмире тиктейт.

Өзүм бети-башыман бери баткак болуп жерде отурганымды унутуп да коюпмун.

– Ырас, сулуу дегенчелик сулуу экенсиң, – деп мен жылмайып койдум.

Кыз терс бурулду да, кылчайбастан жөнөп берди (*Ч. Айтматовдун «Делбирим» повестинен*).

Үлгү. Ошен-тип, бир кү-нү уй са-рай-га де-ген ши-фер-ди жүк-төп бир кол-хоз-го ба-рат-кам. (Калганын да ушул сынары ташымал белгисин коюп көчүр).

Тапшырма. Жер-суу аттарын тууралап жазгыла. Энчилүү аттарды ташымалдап көчүргүлө.

Сеники жана элиндики

Албетте, атуул көтөргөн жүк чоң-кичине, оор-жеңил, көп-аз болушу мүмкүн. «Баары мекенге зор пайда алып келет» деп эч ким айта албайт.

Кептин баары мында – эмне иш аткарсаң да сенин көөнүндө, жүрөгүңдүн толтосунда ата-бабаң өскөн Алатоо турсун. Чоңалай, Аксай, Атбашы, Сарыжаз, Талас, Чүй, Ысыккөл, Кичиалай, Кетментөбө, Чаткал, Суусамыр – ж. б. өрөөндөр сеники жана элиндики. Ысыккөл, Соңкөл, Чатыркөл, Сарычелек жана жүздөгөн «чөйчөгүндө кымыздай сапырылган» (Алыкул) бото көз көлдөр – сеники жана элиндики. Атактуу жерлер, анын ичинде Арсланбап, Саймалууташ, Кеңкол, Аркыт, Жетиөгүз, Ысыката, Ташрабат, Каракулжа, Кадамжай, Бешташ, Кемин, Карабалта, Каракол – сенин жериң, кыргыз жери. «Мөлмөлүмдөн» «Манаска» чейин – сеники, сенин элиндики. Барсбек баатырдан Чолпонбай Түлөбердиевге чейин, башында Арстанбек, Женижок, Токтогул, Барпы турган төкмөлөр, Шайлообек Дүйшеевден Алыкулга чейинки акындар, Касым Тыныстанов, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов, Төлөгөн Касымбеков, Качкынбай Осмоналиевдер башында турган жазуучулар да сеники, сенин элиндики...

Оболу, кол башындай боз торгой, куурай түбүндөгү кумурсканын уюгу, кочуштап жутсаң суусун кандырган булак, токойдогу бир түп шилби да, талаадагы эрмен да, ал эмес чарбактан отоо катары жулуп салчу ала бата да, ошонун баары – сеники. меники, баарыбыздыкы. Ошонун баары кыргыз эли, Кыргызстан деген түшүнүккө тогошот.

«Жарылганды жоо алат» китебинен.

ЭКИНЧИ БАП

КЕП КУРЖУН

«Ата мурасынын бардыгы сөз аркылуу укум-тукумга жетет».

Сарт акеден

Кыргыз тилинин өтө бай, уккулуктуу жана таасирдүү экендиги анын сөздүк корунун молдугу менен эле өлчөнбөйт. Ошол сөздөрдүн уюмдашуусу менен көптөгөн мукам маанилер жаралат. Көптөгөн маанилер кептин түрлөрүн түзөт. Төмөндө ошондой кептин түрлөрүнүн бир нечеси берилди. Ал эми «Кеп куржун» деген атоо тил байлыгын чагылдырган бир нече түрлөрдүн жөнөкөй эле жондотуп аталышы катары колдонулду. Ырас, «кеп куржун» кеп салынган куржун деген маанини билдирет. Куржун – бул ээрге да, жөө жүрсөң ийинге да арта салып жүрүүгө ыңгайлуу буюм. Бирок ага тил, кеп кантип салынды? Чынында, кепти тил байлыктарын, сөздөрдү куржунга салуу мүмкүн эмес. А бирок китепке баткан тил байлыгы китеп менен кошо куржунга батпай эмне болуптур. Бул – бир жагы. Экинчи жагы – ар бир өспүрүмдүн (же атуулдун) көкүрөгүндө да тил байлыктарын топтоп жүрүүчү «кеп куржуну» – зээни бар. Демек, бул – элдик кеп куржундан жеке кеп куржунуна салып алып пайдалана берсе болот дегендик. Баса, кеп куржун 2000-жылы «Мектеп» басмасы басып чыгарган V–VI класстын «Кыргыз тили» окуу китебинде бар. Ал эми VII–IX класстар үчүн басылып чыккан «Кыргыз тили» окуу китебинде төмөндөгүдөй тартипте берилген. VII–VIII класстарда: 1) «Макал» топтому, 2) «Санат сөз» топтому, 3) «Сөз берметтери» топтому, 4) «Мээр сөз» топтому, 5) «Санжыргалуу казына» топтому, 6) «Тил кутучасы» топтому, 7) «Илхам кеп» топтому. IX класста жогорку жетөөнө «Чечендик жана сынчыл сөз» топтому кошулду. X класс «Насаат сөз», XI класс «Нуска кеп» менен толукталды. Албетте, жогорку түрлөрдүн баары сөз багып, сөздү кастарлаган элдин кашыктап чогултткан байлыгы, аларды милдеттүү түрдө келечек муунга – өз ээсине берүү – зарылдын зарылы.

Окуучум!

Ошентип, кыргыз эли «өнөр алды – кызыл тил» деп бекеринен айтпаган. Ошондон улам маани си терең, курч, кыска, так, ачык-айкын, элестүү, таасирдүү, мукам, уккулуктуу кеп түрлөрү иштелип чыккан. Буга орус эли-

нин атактуу окумуштуусу В. В. Радловдун төмөнкү пикирин эстеп коюу жетиштүү: «Кыргыз ар дайым мүдүрүлбөй, такалбай шар сүйлөйт. Өзүлөрүнүн оюн так жана ачык айтып жатып, ал өзүнүн сөзүнө белгилүү сулуулукту берет. Атүгүл жөн сүйлөшкөндө да, алардын сөзүндө ыргакташкан өлчөм бар экендиги байкалат. Ошентип, айтылган сөз биринин артынан бири ыр жана куплет сыяктуу куюлушуп отурат да, ыр сыяктуу таасир берет». В. В. Радлов XIX кылымдын этегинде кыргыз жеринде болуп, биздин ата-бабалардын жөн салды сүйлөшкөн сөзүн угуп, ошого катуу таң калган. Ал эми сен ошол ата-бабалардын байыркы түпкүрдөн бери өчүрбөй, улам толуктап, улам өөрчүтүп колдонуп келаткан тил көчүн алдыга тарта аласыңбы? Албетте, шашпа, жогорку суроого татыктуу жоопту «Кеп куржунду» өздөштүрүп бүткөндөн кийин бере аларыңа ишенем.

§ 28. «МАКАЛ» ТОПТОМУ

I. *Макал – бул улуттук таалим-тарбиянын алтын казынасы.* Ал миңдеген жылдарды кечип келген. Мисалы, «Эки кочкордун башы бир казанга бышпайт» деген макал бар. Ал мындан 930 жыл мурда жазылган Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» деген эмгегинде «Эки кочңар башы бир ашачта бышмас» деп берилген. Мында, «ашач» аш бышыруучу казанды билдирет. Калганын которбой эле түшүнүүгө болот. Демек, мында байыркы макал миң, балким, эки миң жыл (себеби бул макал Махмуд Кашгари жыйнаганга чейин эле эл арасында жашаганына күмөн санооого болбойт) бою негизги турпатын сактап калганын көрөбүз. Ал эми М. Кашгаринин эмгегинде мындай ондогон макалдар бар. Демек, макалдар алтын казына катары байыртан бери кастарланып сакталып келген.

II. *Макал – бул оту өчпөгөн коломто.* Ширенке чыкканга чейин ар бир үйдө коломтонун чогу өчүрүлбөй сакталган. Ошол сынары макал да «чогу өчүрүлбөй» үзгүлтүксүз колдонулууда болгон.

III. *Макал өз ордунда жана зарылдыгы туулган жерде колдонулганда гана күчтүү.* Маселен, эли-журту үчүн зор эр-азаматтык көрсөткөн киши жөнүндө алкоо сөздөрү жүрүп жаткан учурда «Жалгыз дарак токой болбойт» (же «Жалгыз аттын чаңы чыкпайт», же «Жалгыз таруу бот-ко болбойт)» десең, анда бул макал не какшык, не кордоо, не мыскыл түрүндө кабыл алынат. Мында макалды натуура колдонгон киши сүйлөгөндү билбеген дөөдүр, акмак адам катары эсептелет.

IV. *Макал – бул жүйө, далил, таяныч, жөлөк.* Ушул жүйөгө таянып башка бирөөнү сөзгө жыгасың, же кепке жыгыласың. Анткени ал нечендеген кылымдар бою ырасталган турмуш чындыгы, тиричиликте бекемделген далил, ынгай, жүйө. Ага кынк этпей моюн сунууга тийишсиң.

V. *Макал – бул турмуштан калпынып алынган акыл корутундусу.*

VI. *Макал – бул жол-жосун, салт жана багыт.* Ошого таянып, «ушундай эмеспи» деп, бет алган багыты, жол-жосунду, наркты, салтты белгилеп алууга болот. М.: «Кыздын кырк чачы улуу» – бул салт да, нарк да, ал баары үчүн милдеттүү мыйзам да. Ушул макал айтылган соң, жол кызга берилет. Ушул жолду бузган эркек да, ошол жолду пайдалангандан качкан кыз да нарксыз деп эсептелет.

VII. *Макал – бул ар бир атуулду ыйман-ызаатка тарбиялоочу каражат.*

VIII. *Макал кыскалыгы, колдонууга ыңгайлуулугу, курчтугу, бутага таамай тийгендиги жана таасирдүүлүгү менен айырмаланат.*

IX. *Макал өзүнчө ыргак, кыраат менен айтылат.*
М.: «Кыбыраган кыр ашат» деген макалды басмырт үн менен быдылдатып тез айтсаң, анын таасири өчөт, ал

угуучуга жетпейт. «Кыбыраган» деген сөз баса белгиленип жана үн көтөрүлө айтылып, анан кыска тыным жасалууга тийиш, ошондон соң «кырды ашат» сүйлөнөт. «Кыбыраганда» акыркы «а», «ашат» дегендеги экинчи «а» тыбышы бийик үн менен саал созулуп айтылат. Демек, кандай гана макал болбосун, ал өз ыргагы жана кырааты менен сүйлөнүүгө тийиш.

X. *Макалдарды ар дайым тырмакчага алып жазасың, айрым учурда, айталы, ал кыйыр сөзгө айландырганда гана тырмакча жоюлуп калат.* М: Касапчы энесине сөөк сата тургандыгы жөнүндө Жумабек кеп кылган. «Касапчы энесине сөөк сатат» – бул макал кыйыр сөзгө айландырылган, калган учурларда дээрлик тырмакчага алынып жазылат. Башка макалдардын жазылышы да ушундай тартип менен жөнгө салынат.

Ата Мекен, эл-журт жана эр-азамат жөнүндөгү макалдар

Биринчи шыбага

1. Атың барда минип жүрүп жер тааны, атаң барда ээрчип жүрүп эл тааны. 2. Ата журтуң – алтын бешик («Туулган жер – алтын бешик» деп да айтылат). 3. Туулган жердин топурагы алтын. 4. Ар кимдин туулган жери өзүнө мисир («мисир – өтө жыргал, берекелүү жер» деген мааниде, ал Египет мамлекетинин борбору Каир шаарынын байыркы Мисир деген атынан алынган). 5. Ай күн менен жакшы, эр эл менен жакшы. 6. Адашсаң элиң менен адаш. 7. Айылы бүтүн аман жүрөт. 8. Элиң тынч, жаның тынч. 9. Алтын жерден чыгат, баатыр элден чыгат. 10. Бастырганды билбеген жолду бузат, баштаганды билбеген элди бузат. 11. Жакшы көргөн досунан мал аяган жигитпи, эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи? 12. Жанын баккан жарыбайт да, марыбайт, элин баккан арыбайт да, карыбайт. 13. Жаман жигит жан сактайт, жакшы жигит эл сактайт. 14. Эл кулагы элүү. 15. Эл менен көргөн – той.

Экинчи шыбага

1. Журт мазар, журттан чыккан азар. 2. Жылып-жылып булут кетет, көк калат, жылып-жылып жалгыз кетет, көп ка-

лат. 3. Ит тойгон жеринде, куш конгон жеринде, ат көнгөн жеринде, эр туулган жеринде. 4. Кагылыштан кан өлөт, калаа бузулат, эрегиштен эр өлөт, эриш бузулат, өчөштүктөн өрт чыгат, эр бузулат. 5. Казына казына эмес, эл – казына. 6. Жалгыз аттын чаңы чыкпайт. 7. Жалгыз тарууботко болбойт. 8. Жалгыз дарак токой болбойт. 9. Калк айтса, калп айтпайт. 10. Кандан ажырасаң да, калкындан ажыраба. 11. Киши дүйнөгө түркүк болбойт. 12. Көл таянычы – жер, көсөм таянычы – эл. 13. Көпкө көө жаппа. 14. Көптүн көзү көрөгөч. 15. Көп түкүрсө, көл болот. 16. Кумурска бириксе, арстанды алат. 17. Куш жемине кайрылат, эр элине кайрылат.

Үчүнчү шыбага

1. Бетеге кетет, бел калат, бектер кетет эл калат. 2. Өз элине батпаган душманына кор болот. 3. Өспөс элдин балдары бири-бирине кас болот, өсөр элдин балдары бири-бирине дос болот. 4. Семиз жер – мейиз жер, тор жер – кор жер, кум жер – кубулган жер. 5. Көккө топурак чачпа. 6. Тобунан ажыраган торго түшөт. 7. Туулган жерге туунду тик. 8. Үйрүн сагынбас ат болбойт, элин сагынбас эр болбойт. 9. Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат. 10. Эл башына түшкөн күн, эр башына түшкөн түн. 11. Элге эр кымбат, эрге эл менен жер кымбат. 12. Элиңди жаман көрсөң, элиңе кантип батасың, жериңди жаман көрсөң, көргө кантип батасың. 13. Эр жаңылса да, эл жаңылбайт. 14. Эр кайраты – бир күндүк, эл кайраты – миң күндүк. 15. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок. 16. Эрден безсең да, элден безбе.

Үй-бүлө, ата-эне, аял жана бала жөнүндө

Төртүнчү шыбага

1. Агайындын кадырын жалалуу болсоң билерсиң, ата-эненин кадырын балалуу болсоң билерсиң. 2. Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт. 3. Агайындын азары болсо да, безери болбойт. 4. Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч да ошол жакка барат. 5. Алма сабагынан алыс түшпөйт. 6. Алты күн ачка калсаң да, атаңды сыйла. 7. Аргымакты жаман деп, бууданды кайдан табасың, агайынды жаман деп, тууганды кайдан табасың. 8. Атадан алтоо болсоң да, сыйлашпасаң жат болот. 9. Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башта бар. 10. Ата-энеңди сыйласаң, өз баландан опаа (жакшылык) көрөсүң. 11. Атанын каргышы – ок. 12. Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүн ал. 13. Атаң карыса кул кылба, энең карыса күң

кылба. 14. Увазир жакшы – хан жакшы, аял жакшы – эр жакшы. 15. Буудайдын барар жери тегирмен.

Бешинчи шыбага

1. Атасы жиндинин бири жинди, энеси жиндинин баары жинди. 2. Ач бала ток бала менен ойнобойт. 3. Аялды ашынан тааны, баланы жашынан тааны. 4. Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот, алган эри жарашса, кара катын ак болот. 5. Бала, баланын иши чала. 6. Ата балага сынчы. 7. Балалуу үй – базар. 8. Баланын тарбиясы жашынан, келиндин тарбиясы башынан. 9. Баланын өзүн төрөйт, кыял-жоругун кошо төрөбөйт. 10. Бешиктеги баланын бек болорун ким билди, карындагы баланын хан болорун ким билди. 11. Бир ата-эне отуз уулду багат, отуз уул бир ата-энени бага албайт. 12. Бир уядан бир сасыткы чыгат. 13. Жакшы атанын кашыктап жыйганын жаман уул чөмүчтөп чачат. 14. Болор бала богунан. 15. Ынтымактуу үйгө ырыс түнөйт.

Эмгек жана байлык жөнүндө

Алтынчы шыбага

1. Аз болсо да, саз болсун. 2. Акак көркү берметте, азамат көркү эмгекте. 3. Айыл башы болгончо, суу башы бол. 4. Алма быш, оозума түш. 5. Алтынды чыккан жеринен каз. 6. Ашың калса калсын, ишиң калбасын. 7. Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун. 8. Устанын тогоосу жок. 9. Бүткөн ишке сынчы көп. 10. Шак мөмөлөгөн сайын ийилет. 11. Дөөлөтүңө ишенбе, мээнетиңе ишен. 12. Эр эмгегин жер жебейт. 13. Жаз жарыш, күз күрөш. 14. Жакшы жигит сыртта мырза, үйдө кул, жаман жигит үйдө мырза, сыртта кул. 15. Жети күнкү жаандан, желип өткөн суу жакшы. 16. Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү. 17. Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт. 18. Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү.

Жетинчи шыбага

1. Жыгач кессең, узун кес, кыскартышы оңой иш, темир кессең, кыска кес, узартышы оңой иш. 2. Кандын да бир татым тузу кемиптир. 3. Кетмен чапмак алмак-салмак, кош айдамак бармак-келмек. 4. Көп уктаган көптөн куру калат. 5. Күлүк ат чапкан сайын арбытат. 6. Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет. 7. Кыбыраган кыр ашат. 8. Кырчаңгынын таскагы кызыганда чыгат. 9. Озунган оодарат. 10. Оозу менен орок оргон буту менен машак терет. 11. Оро албаган орок тандайт. 12. Отун

албаганга от жактырба. 13. Өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат. 14. Соода сакал сыйпаганча. 15. Соодагер санаасы менен байыйт, убайым менен карыйт. 16. Касапчы энесине сөөк сатат. 17. Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт.

35-көнүгүү. Жогорудагы жети топтон турган макалдардын так сан менен белгиленгендердин кырааты менен оку.

Үлгү. Атың барда // минип жүрүп // *жер тааны*, атаң барда // ээрчип жүрүп // *эл тааны*. (**Эскертүү**: // белгиси коюлган жерге кыска тыным жасалат, толкун белгиси коюлган сөз тап-тап-таптап баса айтылат).

Биринчи шыбага: 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Үчүнчү шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16.
Бешинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Жетинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17.

36-көнүгүү. Эки-экиден иштегиле. (Мындай ишке бүт класс тартылат. Баары бир эле учурда аракеттенишет. Парта боюнча. Класс үнгө толуп чыгат).

Үлгү. 1-окуучу. «Журт мазар...
2-окуучу ... журттан чыккан азар». (Калган макалдар да ушундай тартипте окулат).

Жуп сан менен белгиленген макалдар боюнча.

Экинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17.
Төртүнчү шыбага: 1,2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11,12, 13, 14, 15.
Алтынчы шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17, 18.

Так сан менен белгиленген макалдар боюнча

Үлгү. 2-окуучу. «Атың барда ...
2-окуучу. « ... минип жүрүп жер тааны, атаң барда ээрчип жүрүп эл тааны».

Биринчи шыбага: 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Үчүнчү шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16.
Бешинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Жетинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17.

I. Оозеки иштөө

37-көнүгүү. Мында мектептин айланасында окуучулар эки-экиден басып жүрүп, макалды бири баштап, экинчиси толуктап аткарууга да мүмкүндүк берилет. Бирок биринчи окуучунун колунда китеп болот, экинчи окуучу макалдын калган бөлүгүн оозеки (китепсиз) толуктайт.

1 - у л г у. 1-окуучу. «Журт мазар»...
2-окуучу. ... журттан чыккан азар»

Экинчи шыбага: 2–15, **төртүнчү шыбага:** 1–15, **алтынчы шыбага:** 1–18.

2 - у л г у. 1-окуучу. «Атың барда...
2-окуучу. ... минип жүрүп жер тааны, атаң барда ээрчип жүрүп эл тааны.

Биринчи шыбага: 1–15, **үчүнчү шыбага:** 1–16, **бешинчи шыбага.** 1–15, **жетинчи шыбага:** 1–17.

II. Макал айтышуу

1–2-шыбага боюнча

Шарты. Класс экиге бөлүнөт. Ар бир доскага өзүнүн эң мыкты макалчысын чыгарат. Анан экөө кезеги менен макал айтышат. Бир макал эки жолу колдонулбайт. Ымдоо-жамдоо, кыймыл жана кырааты менен айтуу талап кылынат. Макалды көбүрөөк таппай калганы жеңилет.

3–4-шыбага боюнча

Шарты. Мында эки топтон орточо окуган эки окуучу чыгып макал айтышат.

5–6-шыбага

Шарты. Мында эки топтон макалды өтө аз билет делип тандалган (тандоону каршысындагы топ жүргүзөт) эки окуучу чыгып айтышат.

(Мындай макал айтышууну класстан тышкаркы учурда ар кандай түр менен шөкөттөп өткөрүү сунуш кылынат. Бардык макалдар пайдаланылат. Айтышуунун көлөмү убакыт менен өлчөнөт).

III. Сүйлөп жана жазып машыгуу

а) Сүйлөп машыгуу

Албетте, макалды көп билген жакшы, ал эми аларды өз сөзүңө кошуп сүйлөсөң, андан да жакшы.

1 - үлгү. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт». Бул макалды өз сөзүңө төмөнкүчө кошуп сүйлөсөң болот. 1. Сен «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт» болуп калыпсың го. 2. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт» деген жаңыраак кийим кийсе да, эч кимди теңине албай, мурду өйдө карап калгандарга карата айтылат. 3. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт» болуп заматта эле ыргыштап, жер баспай калганды ким жактырсын. 4. Бетим ий, бетим, кудайды караса боло, кечээгисин унутуп «Жаман атка жал бүтсө, жанына баштык байлатпайт» болуп калыптыр, ж. б.

2 - үлгү. 1. Санжар минтип айткан: «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт». 2. «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт», – деген Ширин. 3. Айсултан: «Жаман атка жал бүтсө, жанына баштык байлапайт», – деген. 4. «Жаман атка жал бүтсө, – деген Нурсалым, – жанына баштык байлатпайт». 5. Жаман атка жал бүтсө, жанына баштык байлатпайт турганын таенем айтып берген.

Үлгүгө окшоштуруп сүйлө

1-үлгү боюнча удаалаш иштөө. Буга 1-партадан акыркы партада отурган окуучуга чейин камтылат. Арадан бир да бала калтырылбайт. Ар бир окуучу ордунан турбай, шакылдап сүйлөөгө тийиш. Биринчи шыбагадагы катар номер боюнча башталат. Акыркы баланы кайра биринчи окуучу улап кетет. Ошентип, жетинчи шыбаганы бүткөнчө, бир да үзгүлтүк болбойт. (Окуу китебиндеги 1–7-шыбагалар пайдаланылат).

2-үлгү боюнча иштөө. Ар бир шыбагадагы 7- жана 9-макал мисалга алынат.

б) Жазып машыгуу

Макалдар дайыма тырмакчага алынып, бөтөн сөз түрүндө жазылат. Алар «Сабат санжырасы» топтомунда «Кереге көз жана тумар–1» (§ 8де) кештеси боюнча жөнгө салынат.

8.1. : « ». Суусар эне мындай деген: «Туулган жер – алтын бешик».

8.2. « », – . «Туулган жер – алтын бешик», – деген Суусар эне.

8.3. : « », – . Суусар эне: «Туулган жер – алтын бешик», – деген.

8.4. « , – –, ». «Туулган жер, – деген Суусар эне, – алтын бешик».

8.5.
– экендигин
– ги жөнүндө
– ги тууралуу
– гин

1. Суусар эне туулган жердин алтын бешик экендигин айткан.

2. Туулган жердин алтын бешиктиги жөнүндө Суусар эне айтты.

8.6. « » . «Туулган жер – алтын бешик» деген ошол.

8.7. « » (). Эмнеси жаман, билген кишиге «туулган жер – алтын бешик» (эл макалы).

38-көнүгүү. Өзүң каалаган бир макалды ал да, аны 8.1, 8.2, 8.3, 8.4, 8.5, 8.6, 8.7, кештелери боюнча жаз.

39-көнүгүү. Калганы да өзүң каалаган макалдын жазылышына окшош. «Кереге көз жана тумар–1» кештеси боюнча жазып машыгуу зарыл болгондо ушул § 28деги макалдарды каалашыңча пайдалана аласың.

§ 29. «САНАТ СӨЗ» ТОПТОМУ

Санат сөз – бул да жалпы калайык-калк колдонгон, маанига бай, мазмуну саналып, бирок санжыргалап, шөкөттөп айтылган ыргактуу кеп. Санаттар үлгү, терме, насыят ырлары болуп бөлүнөт. Алар көпчүлүктүн алдында ырдалган. Буга Арстанбектин, Женижоктун, Токтогулдун, Барпынын санаттары мисал. Жусуп Баласагындын, Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын са-

наттары да аз эмес. Ошентсе да, санаттардын баарын жалаң көркөм адабиятка таандык кылып коюуга болбойт, ал ойго канат бүтүргөн тилдин олуттуу каражаты. Анткени санаттардын ырдалбай, оозеки сүйлөнүп, маселдеп да айтылган түрү бар. Маселен, Калыгул Бай уулунун санаттары ошондой. Мындай учурлар башка акындарда да кездешет. Нечен карыялар ат үстүндө баратып эле тиешелүү окуяга, же ынгайга карата мамилесин санат сөздөр менен чуурутуп айтып салган. Эл арасында Токтосун Бойкон уулу да санат сөздөрдү отурган жеринде чуурутуп сүйлөгөнүн кеп кылышат. Бирок Токтосун Бойкон уулу сыяктуу адамдар азыркы кезде азайып кетти. Ал эми кеп баккан элдин мындай өнөрү өчүүгө тийиш эмес, анын ичегисин ичкертип, отун тутандыруу керек! Албетте, элдин баары Арстанбек, же Жеңижок, же Барпы эмес. Бирок санат – жалпы элдин энчиси. Карапайым адам да аны билгенинче өз сөзүнө кошуп сүйлөй алат. Анын да турмушта өз орду, зарылдыгы бар.

Баарынан мурда санат сөз жөнөкөй адамга эмне үчүн керек? Ал угуучуну ынтаа менен тыңшатуу, ойдун сулуулугу менен таасир этүү, таң калтыруу жана тез кабыл алдыруу үчүн керек. Санат сөз – укканды ыракат алдырган, улам-улам уккусун келтирген канаттуу кеп. Аны менен акыл айтылып, тарбия берилет, эмне жаман, эмне жакшы экендиги, жашоо, адам, жаратылыш, заман санатталат.

Урматтуу окуучум! Санат сөздөр сенин да энчиң, сүйлөшүүдө байма-бай колдонулуучу тил каражатың. Бир кезде кеңири пайдаланылып, анан изи китептерде калып, колдонулушу сээлдеп, аягы өчүп баратканан санаттын отун кайрадан тутант. Санат сөздөрдү үйрөн, аларды өз сөзүңө кошуп сүйлө.

САНАТ СӨЗДӨРДӨН

Биринчи кайрык

1. Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңдан таяр алтын так. (*Калыгул*).

2. Жакшы болсоң, жердей бол, баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң, суудай бол, баарын жууп кетирген (*Калыгул*).

3. Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет. Аргымакта жал жок деп, жолго таштап кетпеңер. Азаматта мал жок деп, жоого таштап кетпеңер. Өзөндүү сууга тал бүтөт, өлбөгөн кулга мал бүтөт. (*Калыгул*).

4. Кызаргандын баарысы манат болот турбайбы, кылган иштин баарысы адат болот турбайбы, ырдагандын баарысы санат болот турбайбы (*Калыгул*).

5. Кара өзгөй болбой, доо болбойт. Шагылы болбой, зоо болбойт. Шайыры болбой, эл болбойт, пейили жакшы кем болбойт (*Калыгул*).

6. Аскар, аскар, аскар тоо, аягы барып чат болот. Атадан алтоо болсоң да, сыйлашпасаң жат болот (*Калыгул*).

Экинчи кайрык

1. Жамгырсыз калса, жер карып. Аялсыз калса, эр карып, соолуп калса, көл карып. Суу жетпесе, чөл карып, ак мөңгүсүз төр карып (*Чоңду*).

2. Кези-кези келгенде, ичик кийдик булкунтуп, кези-кези келгенде, жорго миндик жулкунтуп. Кези-кези келгенде, бай болбодук мал сактап, кези-кези келгенде, бак тикпедик, тал сактап (*Чоңду*).

3. Кези-кези келгенде, өзүңдү сыйлап жаттан өт, кези-кези келгенде, карынын сөзүн жаттап өт, кези-кези келгенде, туйгунду кармап таптап өт, кези-кези келгенде, досуңду жоодон сактап өт, жан кейиткен бузукту каарыңа алып кактап өт (*Чоңду*).

4. Кези-кези келгенде, аккан суудай шарылда. Кези-кези келгенде, шамал болуп арылда. Иштин шарты жок болсо, болбос ишке таарынба. Кайрат, күчтүн барында, каптаган өрттөй жалында (*Чоңду*).

5. Кези-кези келгенде, калтардын көркү изинде, кези-кези келгенде, устанын көркү ишинде. Кези-кези келгенде, даамдын көркү жүзүмдө, береке көркү күзүндө (*Чоңду*).

6. Кези-кези келгенде, жашоонун көркү күн менен, уйкунун көркү түн менен, тузактын көркү чил менен, булбулдун көркү тил менен, молдонун көркү дин менен, бакшынын көркү жин менен, ушактын арты чуу менен, күлкүнүн көркү дуу менен, казаттын көркү туу менен (*Чоңду*).

Үчүнчү кайрык

1. Элүүнү коюп жүздү айтам, берекелүү күздү айтам. Алтынды каткан ташты айтам, акылды каткан башты айтам (*Чоңду*).

2. Көркөмдүү бүткөн ишти айтам, уйкуга кирген түштү айтам. Чөлүңдү коюп көлдү айтам, сайыңды коюп төрдү айтам, күрөшкө бекем белди айтам, токою калың черди айтам (*Чоңду*).

3. Жалын менен отту айтам, ачка менен токту айтам. Гүлүң менен чөптү айтам, момун менен шокту айтам, барың менен жокту айтам, жалгыз менен топту айтам (*Чоңду*).

4. Айкырып найза сунушкан албан-албан элди айтам. Туу көтөрүп жөнөгөн түмөн-түмөн элди айтам. Көк мелжиген тоону айтам, ичтен чыккан жоону айтам (*Чоңду*).

5. Баарына түткөн жерди айтам, устага бүткөн зерди айтам. Дүйнөгө тийген күндү айтам, жарымын алган түндү айтам, адамга бүткөн үндү айтам, комузга бүткөн күүнү айтам (*Чоңду*).

6. Баатыр менен алпты айтам, бири-бирине ылайык айкалышкан шартты айтам, комузга бүткөн күүнү айтам (*Чоңду*).

Төртүнчү кайрык

1. Улак тартып атыңа жанаштырсаң – жигиттик, жамандардан өзүңдү адаштырсаң – жигиттик, жакшыларга өзүңдү жанаштырсаң – жигиттик (*Барпы*).

2. Шамал болбой, жел болбойт, жамгыр болбой, сел болбойт Кум жыйылып таш болбойт, кул жыйылып баш болбойт (*Барпы*).

3. Жигиттин көркү жар болот, суунун көркү тал болот, сулуунун көркү кал болот, чарбанын көркү мал болот (*Барпы*).

4. Канаттуу кушту бөпөлөп салган жигит жакшы экен, көл айланып кыдырып барган жигит жакшы экен, көпчүлүктүн намысын алган жигит жакшы экен (*Барпы*).

5. Баатыр кийип сындаган соот болот турбайбы. Булактын суусун байласа, ноот болот турбайбы. Бирөөгө кылсаң жакшылык сооп болот турбайбы (*Барпы*).

6. Ат жүгүрөт кыр менен, азамат баатыр сын менен, капилет уйку түн менен, жер жарыгы күн менен (*Барпы*).

1. Эс-тутумга түптөө

40-көнүгүү. Хор менен үн кубултуп окуу. Ага класстагы окуучулар бүт катышат.

Биринчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Экинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Үчүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Төртүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.

41-көнүгүү. Бир окуучу китепти карап, ар бир санатты кырааты менен окуйт, калган окуучулар хор менен укканын кайталап айтышат.

Үлгү. **1-окуучу.** «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так» (*Калыгул*).

Хор. «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так» (*Калыгул*).

Биринчи кайрык: 2, 3, 4, 5, 6.
Экинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.

Үчүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Төртүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.

42-көнүгүү. Мында да жеке үн менен хор айкалышат. Бирок жеке үн санаттын башын гана баштайт, калганын класстагы окуучулар китепти карабай хор менен айтууга тийиш.

У л г у. **1-окуучу.** «Ырыс алды – ...

Хор. ... ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так» (*Калыгул*).

Биринчи кайрык: 2, 3, 4, 5, 6.
Экинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Үчүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Төртүнчү кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.

2. Өз сөзүнө кошуп сүйлө

Биринчи үлгү. Бир кезде залкар ойчул Калыгул Бай уулу: «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так», – деп айткан экен. Анысы кандай, ынтымагы жоктун ырысы кесилет, колундагы бактыны башкага жулдурат.

Экинчи үлгү. «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так» – деп Калыгул олуя айткандай, башы бирикпегендин ашы бирикпейт, туугандардын баары талаалап, башкаларга күнкор болот.

43-көнүгүү. Биринчи кайрыктагы санаттарды экинчи үлгү боюнча өз сөзүңө кошуп сүйлө.

44-көнүгүү. Экинчи кайрыктагы санаттарды биринчи үлгү боюнча өз сөзүңө сүйлө.

45-көнүгүү. Үчүнчү кайрыктагы санаттарды биринчи үлгү боюнча өз сөзүңө кошуп сүйлө.

46-көнүгүү. Төртүнчү кайрыктагы санаттарды экинчи үлгү боюнча өз сөзүңө кош жана аны дептериңе жаз.

47-көнүгүү. Санаттар бөтөн сөз түрүндө жазылат. «Кереге көз жана тумар-1» (§ 8де) боюнча өзүң каалаган санаттарды катыштырып жети сүйлөм түз.

8.1 – ? 8.2. – ? 8.3 – ? 8.4 – ? 8.5 – ?
8.6. –? 8.7. – ?

§ 30. «СӨЗ БЕРМЕТТЕРИ» ТОПТОМУ

Сөз берметтери – бул туруктуу сөз айкаштары. Кыргыз тилинде баштапкы лексикалык маанилеринен ажыраган сөздөрдүн бир маанилик бүтүндүккө бириккен катмары, ойду жеткиликтүү туюндуруунун өзүнчө бир түрү бар. Туруктуу сөз айкаштары эркин сөз айкашынан айырмаланат. Мисалы, «жазгы талаа» деген сөз айкашы «жайкы талаа», «күзгү талаа», «кышкы талаа», болуп өзгөрүп кете берет, ошол себептен ал эркин сөз айкашы. Ал эми туруктуу сөз айкашы эки же андан ашык сөздөрдөн туруп, лексикалык бир бүтүндүктү түзгөн, мааниси жактан өз ара ширелишкен, сүйлөөчүнүн сөзүнө көрк кийирген даяр сөз каражаты, туруктуу сөз тутуму, өзүнчө бирдик экенин унутпа. М.: *өлбөгөн төрт шыйрагы калуу, чекеге чыккан чыйкан, кулак-мурун кескендей, колтугуна суу бүркүү, мурдун балта кеспейт, кудайдан жөө качкан,* ж. б. «Мурдун балта кеспейт» – «кенебейт, тоотпойт, камырабайт» деген маанини билдирет. Демек, «мурдун балта кеспейт» – бул туруктуу сөз айкашы үч сөздөн турат, бирок ал үчөө биригип келип, туруктуу сөз айкашына айланды, эми мында мурунга балта чаап, анын өтпөй калышы жөнүндө кеп-сөз жок, андай ой сүйлөөчүнүн капарына да келбейт, тек, кенебеген, камырабаган адам гана сыпатталып жатат. Ошентип, үч сөз 1) мурдун, 2) балта, 3) кеспейт баштапкы мурунга балта менен чапса да кеспей тургандыгын туюндурган маанисин таптаза жойду да, тоотпогонду, камырабаган жанды билдирип калды. Мына ушундай «мурдун балта кеспейт» деген сыяктуу ширешмелер, бирдиктер, туюнтмалар кыргыз тилинде (башка тилдерде) да көп. Алар жалпы тил илимин-де «фразеология» деген аталышат. Бул термин грек тилинен алынган, ал prasis (бизче аталыш, туюнтма) жана logos (бизче окуу, илим) деген сөздөрдүн биригишинен турат.

Туруктуу сөз айкаштарынын (ТСА) төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү бар.

1. ТСА эки же андан ашык өз ара ажырагыс болуп ширешкен сөздөрдүн тобунан турат. М.: жоон билек – эки сөздөн, жумурткадан кыр чыгаруу – үч, жүрөгүнүн сары суусун алуу төрт сөздөн түзүлгөн.

2. ТСА сүйлөмдө сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. М.: Көз жоосун алган кызгалдактуу колоттор анын көз жаздымында калды. Сүйлөмдүн ээси – колоттор. Колоттор эмне болду? Көз жаздымында калды – бул ТСА, баяндоочтун милдетин аткарды. Кандай колоттор? «Көз жоосун алган», бул да ТСА, «колоттор» деген сөзгө аныктооч болуп түштү.

3. ТСАнын тутумундагы сөздөр туруктуу. М.: беш өрдөгүн учуруу (калп айтуу), чычканга кебек алдырбаган (сараң, өтө сак, ашынган зыкым), көзүнөн чаар чымын учуу (кыйналуу). Айталы, «беш өрдөгүн учуруу» деген ширешмени «төрт өрдөгүн учуруу», «беш казын учуруу», «беш казын союп салуу» десек, ал «калп айтуу» деген маанини эч качан бербейт. Ошол себептен ТСАнын тутумундагы сөздөр туруктуу.

4. ТСАнын тутумундагы сөздөр жак, чак, таандык, мамиле ж. б. мүчөлөр менен өзгөрөт. М.: *камырдан кыл сууруу – камырдан кыл сууругандай, ак төөнүн карды жарылуу – ак төөнүн карды жарылды – ак төөнүн карды жарылганда – ак төөнүн карды жарылган кезде, ж. б.*

5. ТСАнын тутумундагы айрым сөздөр мааниси жакын (же синоним) сөздөр менен алмаштырылып айтыла берет. Бирок мааниси өзгөрбөйт. М.: жыландын куйругун басуу – ажыдаардын куйругун басуу; күлүн көккө сапыруу – күлүн асманга сапыруу; мурдуна суу жетүү – тумшугуна суу жетүү, ж. б.

6. ТСА элестүү жана таасирдүү. М.: кой үстүнө торгой жумурткалоо (телегейин тегиз бейпилчилик болуу, жыргал заман орноо), ичине кара таруу айланбоо (ичи тар, көрө албас, өзүнөн башкага жакшылык каалабоо), ит терисин башына каптоо (аябай ызалоо, кыйноо, тилдөө). Демек, ТСАны канчалык көп колдонсоң, ошончолук тилиң бай, элестүү, таасирдүү жана жеткиликтүү болот.

СӨЗ БЕРМЕТТЕРИ

Биринчи тесте

1) *кара кылды как жарган* (бардык нерсеге бирдей, тең караган, чындыкты бетке айткан, калыс, адил, туура сөздүү).

2) *кара жанды карч уруу* (бардык күчүн, бүт мүмкүнчүлүгүн жумшоо, тынбай аракеттенүү, жаны тынбай тынымсыз катуу иштөө).

3) *каңырыгы түтөө* (өтө кейүү, абдан кайгыруу, бир нерсеге зээни кейүү).

4) *каны суюк* (токтоло элек, такшалбаган, жаш).

5) *кара теке сүзүү* (кырсык басуу, кокустукка учуроо).

6) *каруусу казык, башы токмок болгончо* (өмүр бою чын пейилден кызмат кылуу).

7) *карышкырга кой кайтартуу* (алдым-жуттумдарга, шылуундарга жол берүү, алардын кара ниеттүү иштерин турмушка ашырууга мүмкүнчүлүк түзүү).

8) *кашык да май, чөмүч да май* (кененчилик, телегейин тегиз болуу).

9) *кашыктап жыйып, чөмүчтөп чачуу* (дүнүйөнү кичинеден жыйнап, көп-көптөн жоготуу, эсеп-кысабы жок ысырап кылуу).

10) *кежигемдин чуңкуру көрсүн* (экинчи келбейм, кездешпейм, кайрылып көрбөйм деген мааниде колдонулат).

11) *таман акы, маңдай тер* (адал эмгек, өз күчү менен жараткан ийгилик).

Экинчи тесте

1) *келе бакан, куу союл* (абдан урушчаак, мушташканды сүйгөн, уу десе чуу деген, чуулгандуу).

2) *кеп жебөө* (сөз таасир этпөө, сөзгө түшүнбөө, жүйөгө келбөө).

3) *кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылуу* (сөзгө сындыруу, уятка калтыруу).

4) *кер-мур айтышуу* (жаакташуу).

5) *кесип алса кан чыкпаган* (зыкым, сараң, катуу баш).

6) *киндик кесип, кир жуган жер* (төрөлгөн, туулган өскөн жер, ата мекен).

7) *кирерге жер таппоо* (корккондуктан же уялгандыктан эмне кыларын билбей айласы кетүү, алактоо, коркунучка кабылуу).

8) *кирпигине кир жугузбоо* (бапестеп жакшылап багуу, күтүү, таза кармоо).

9) *кирпик көзүн какпоо* (уйку бетин көрбөө, уктабай чыгуу).

10) *кирпигинен тартса жыгылчудай* (аябай чарчоо, алы-күчү кетип, муун-жүүнү бошоо, абдан арыктоо).

11) *тамырына балта чабуу* (өмүрүнө зыян келтирүү, кырсыкка учуратуу).

Үчүнчү тесте

1) *коёндун жатагына чейин билет* (бүт баарын кыдырган, ой-чуңкурунан бери билет).

2) *кой маарек тартуу* (жоошуп калуу, тынчтануу).

3) *кой оозунан чөп албаган* (кишиге өйдө карабаган, өтө жоош, момун, куулук-шумдугу жок, эч кимге жаманчылык кылбаган).

4) *кой терисин жамынган* (өзүнүн чыныгы жүзүн, ким экендигин жаап-жашырган, тымызын кастык кылган).

5) *кой үстүнө торгой жумурткалоо* (жыргалчылык, телегейи тегиз бейпилчилик, жетиштүү жашоо, жыргалдуу заман).

6) *кол арага жароо* (тестиер тартып, майда-чуйда иштерди кылууга жарап калуу).

7) *колго карга чычар* (жетишип, оңолуп кетер, бир жакшылык болор).

8) *колдон суурулган* (абдан тың, чыйрак, шайдоот, эпчил, шылуун).

9) *кол ийиктей* (өтө илберинки, элпек, тил алчаак).

10) *колтугуна суу бүркүү* (бирөөгө каршы кол шилтеп, түкүрүп коюу, көкүтүү).

11) *биринин тебетейин бирине кийиштирүү* (алдамчылык, шылуундук).

Төртүнчү тесте

1) *колу ачык* (берешен, март, жоомарт).

2) *колу колуна жукпоо* (өтө тез, ылдам кыймылдоо, шамдагайлык менен тез иштөө).

3) *колуна кол, бутуна бут болуу* (өнтөлөп жардамдашуу, үзүлүп түшүп көмөк көрсөтүү).

4) *колунан кокон тыйын келбөө* (колунан эч нерсе келбөө, пайдасы жок, жардамы тийбөө).

5) *колунан көөрү төгүлгөн* (абдан уз, чебер уста).

6) *колу туткак* (майда ууру, жулукчу).

7) *кол үзүү* (катташпай калуу, байланышты үзүү).

8) *котур ташы койнунда* (ичи арам, жаман ойлуу, жамандык кылуу ниети бар, бузуку).

9) *кошоматка кой союу* (бирөөгө жасакерленүү, алды-үстүнө түшүп жагынууга аракеттенүү).

10) *көзгө басар* (жападан-жалгыз, бирден бир, мыкты, көрүнүктүү, айырмаланып турган).

11) *текей оттоо, эшек такалоо* (эч нерсе кылбай бош жүрүү).

Бешинчи тесте

1) *көзгө сайса көрүнгүс* (эч нерсе көрүнбөгөн, капкарангы).

2) *көзгө суук көрүнүү* (кебете-кепшири жагымсыз сезилүү, өөн учуроо, жакпоо).

3) *көздөн учуу* (абдан зарыл болуу, муктаждык, зарын тартуу).

4) *көз жоосун алуу* (өтө кооз, көркөм, сулуу болуп көрүнүү, көргөндөрдүү аябай кызыктуруу жана суктандыруу).

5) *көздүн карегиндей сактоо* (өтө ыйык тутуу, этиеттик менен мамиле кылуу, коруу).

6) *көз жаздымында калуу* (байкалбай, билинбей, көңүлгө алынбай калуу, эскерилбөө).

7) *көз жашын көл кылуу* (аябай ыйлоо, абдан капа болуу).

8) *көз жумдуга салуу* (эптеп-септеп бүтүрө коюу, будамайлоо, жүр-нарыга салуу).

9) *көз ирмемге келбей* (заматта, өтө тез, көз ачып-жумганча).

10) *көз кырын салуу* (каралашуу, жардам берүү).

11) *сыр билги* (оюндагысын айттырбай билген, ага жакшы түшүнгөн).

Алтынчы тесте

1) *көзү алачакмак болуу* (көзү тунаруу, көңүлү каранғылоо, ымыр-чымыр боло түшүү, көзүнөн от чагылуу).

2) *көзү жок баатыр* (эч нерседен кайра тартпаган, тайманбас эр, чыгаан баатыр).

3) *көзү каныгуу* (иштин жөнүн таамай билүү, ишке дасыгуу, маш болуу).

4) *көзүн ала качуу* (бирөөнү тике карай албай жалтактоо, көрүнбөөгө аракет кылуу, жалтануу).

5) *көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй* (катаалдануу, жек көрө каарданууу, жеп ийчүдөй кааруу).

6) *көзүн май басуу* (көбүү, көөп кетүү, тоотпоо, дөгүрсүп тенсинбөө).

7) *көзүнүн агы менен тең айлануу* (бирөөнүн ою менен болуп бөпөлөө, анын каалаганын иштеп берүү, айтканынан чыкпоо, көзүн кароо).

8) *көзүнүн жашы он талаа* (аябай ыйлоо, ботодой боздогон абалда болуу).

9) *көзү умачтай ачылуу* (уйкусу тароо, билбегенди билүү, көп нерсени даана түшүнүү).

10) *ит көйнөктү мурда жыртуу* (мурда төрөлүү, улуурак болуу).

11) *суук тилин агытуу* (оозго алгыс жаман сөздөр менен тилдөө).

1. Оозеки иштөө

48-көнүгүү. 1–6-тестелерге көз жүгүрт. Кашаанын ичиндеги сөздөр ТСАнын маанисин чечмелейт.

49-көнүгүү. Дагы 1-тестеден 6-тестенин акыркысына чейин сыдыра көз жүгүрт. Бирок ар бир туруктуу сөз айкашын катыштырып оозеки сүйлөм түз. М.: Алымкул – кара кылды как жарган калыс адам (калганы да ушундай).

2. Тез айтма

Иштин 1-түрү

Бул ишке «А» тобу жана «Э» тобу катышат. Эки топко катышуучуларды топ башчылар тандап алышат. Айталы, ар бир топто тандалган жети окуучу болот. Мисалы: «А» тобунун окуучусу китептен бир ТСАны окуйт, анын маанисин «Э» тобунун өкүлү китепти карабай туруп чечмелеп бериши керек. Ошентип, «А» тобу белгилеген 10 ТСАны «Э» тобу тез чечмелеп берүүгө тийиш. Чечмеленбей же туура эмес чечмеленген маанилер эсепке алынат (бул жыйынтык чыгаруу үчүн зарыл). Анан бул эки топ милдеттерин алмаштырат: «Э» тобу суракчы, «А» тобу жоопкер болот.

Иштин 2-түрү

Мында деле эки топ катышат. Ар бир топко «жооп бере албайт го» деп күнөм саналгандар тандалып алынат. 1-варианттан айырмасы жоопкерлер суралган ТСАнын маанисин китептен тез таап окуп берүүгө тийиш. Калганы 1-вариант менен окшош.

Иштин 3-түрү

Мында эки топтон бирден окуучу чыгат. Ар бири он ТСАны тез, мүдүрүлбөй айтууга тийиш. Талап: 1) бирин-бири кайталабайт; 2) кекечтенбей, мукактанбай шар жана тез айтылат.

3. Туура сүйлөмдү ким көп түзө алат?

Үлгү. **Окуучу.** Кара кылды как жарган калысы бар айыл бактылуу.

Калыс. Туура!

Окуучу. Бейжай аял суук тилин агытпайт.

Калыс. Туура эмес!

50-көнүгүү. Суралуучу окуучу биринчи тесте (2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11) боюнча үлгүгө окшоштуруп сүйлөм түзөт. Калыс болгон окуучу эки гана сөз айтат: «Туура!» же «Туура эмес!».

51-көнүгүү. Экинчи тесте (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11) үлгүгө окшоштурулуп оозеки иштелет.

52-көнүгүү. Үчүнчү тесте (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11) үлгүгө окшоштурулуп иштелет. Оозеки.

53-көнүгүү. Төртүнчү тесте да (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11) үлгүгө окшош иштелет. Оозеки.

54-көнүгүү. Бешинчи тесте да (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11) үлгүгө окшош иштелет. Оозеки.

55-көнүгүү. Алтынчы тесте да (1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10) үлгүгө окшош иштелет.

4. Жазып машыгуу

1-үлгү. Кара жанды карч уруп тапкан адал малымды уурдатып, каңырыгым түтөп олтуруп калдым. (Мында эки сөз бермети катышты: 1) кара жанды карч уруу; 2) каңырыгы түтөө.

56-көнүгүү. 1-үлгүгө окшоштуруп жаз.

1. Кара теке сүзүү + карышкырга кой кайтартуу.
2. Таман акы, маңдай тер + кашык да май, чөмүч да май.
3. Кашыктап жыйып, чөмүчтөп чачуу + кежигемдин чуңкуру көрсүн.
4. Каны суюк + кара теке сүзүү.

57-көнүгүү. 1-үлгүгө окшоштуруп жаз.

1. Келе бакан, куу союл + кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылуу.
2. Кесип алса кан чыкпаган + кирерге жер таппоо.
3. Кеп жебөө + кер-мур айтышуу.
4. Киндик кесип кир жууган жер + кирпик көзүн какпоо.
5. Каруусу казык, башы токмок болгончо + кирпигине кир жугузбоо.

58-көнүгүү. 1-үлгүгө окшоштуруп жаз.

1. Кой оозунан чөп албаган + коёндун жатагына чейин билет.

2. Кой терисин жамынган + тамырына балта чабуу.
3. Кол ийиктей + кол арага жароо.
4. Колдон суурулган + биринин тебетейин бирине кийиштирүү.
5. Кой үстүнө торгой жумурткалоо + колтугуна суу бүркүү.

59-көнүгүү. Муну да үлгүгө окшоштуруп жаз.

1. Колунан көөрү төгүлгөн + көзгө басар.
2. Колунан кокон тыйын келбөө + котур ташы койнунда.
3. Кошоматка кой союу + колуна кол, бутуна бут болуу.
4. Колу туткак + кол үзүү.
5. Кой терисин жамынган + котур ташы койнунда.

2-үлгү. Кой оозунан чөп албаган жоош, колунан кокон тыйын келбеген жалкоо, колдон суурулган шылуундарга кайдан тенелсин. (Мында үч сөз бермети бар: 1) кой оозунан чөп албаган; 2) колунан кокон тыйын келбеген; 3) колдон суурулган).

60-көнүгүү. 2-үлгүгө окшоштуруп жаз.

1. Көздүн карегиндей сактоо + кирпигине кир жугузбоо + көзүнүн агы менен тең айлануу.
2. Көзүн май басуу + көз жашын көл кылуу + кол үзүү.
3. Котур ташы койнунда + көз жумдуга салуу + тамырына балта чабуу.
4. Колу туткак + көзүн ала качуу + кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болуу.
5. Ак төөнүн карды жарылган + кашык да май, чөмүч да май + киндик кесип, кир жууган жер + көз жоосун алуу.

§ 31. «МЭЭР СӨЗ» ТОПТОМУ

Эл арасында «мээр чөптүү экен», «мээр шыбагалуу тура» деген кептер айтылат. Ал эми «мээр» – бул өзгөчө күйүмдүүлүктү билдирген күчтүү сезим. Ошон үчүн эненин мээрине эч нерсе тең келбейт. «Мээрим», «мээрбан», «мээримдүү» деген сөздөр ушул «мээрден» көрөңгөлөнүп чыккан. Элибизде унутулуп бара жаткан «мээнүү, мээнип» деген сөздөр бар, ал «эзилип жакшы көрүү» дегенди билдирет. Демек, бул сөз да түпкүлүгүндө «мээр» деген сөз менен маанисн боюнча жакындашат. Демек, «мээр» бул элжиреген, эзилген сүйгүнчүктүү сезимди, чыныгы пейилден жакшы көрүүнү туюнтат. Ал эми сүйлөнгөн сөз, жазылган кеп түрүндөгү мээрден жаралган түрмөктөр да бар. Алар кара

сөз түрүндөгү көркөм чыгармаларда арбын кездешет. Булар да жалпыга таандык адабий кенч болуу менен бирге, ойду таасирдүү жана жеткиликтүү кылып берүүнүн мээр шыбагалуу үлгүсү. Аны үйрөнүү менен катар ой-пикирди ошондой кылып чагылдыра билүү ылазым. Ошондуктан мындай мээр сөздөр чачыла (бул майдаланган, үлөштүрүлгөн бирдик) түрүндө берилди.

Биринчи чачыла

1. Калайык дүрбөп, чуулдап, арстан чабыш баштады. Кырк бир арстанды ар бирин ноктонун эки жамажайына тагылган кыл чылбыр менен экиден балбан коштоп келип катар турушту. Алга карай созулган жалгыз жол бар. Арстандар ошол жолду улай карап күркүрөп, кыжырланып, ыкыс берип турушканда, тээ алды жактан шыйрактуу куу тайган дарекке карай зымырап жөнөдү. Балбандар чылбырларды тээктен бошотту... Дал ушул белгини күтүшкөндөй арстандар тигил жебедей безген тайган артынан кетишти. (*Түгөлбай Сыдыкбеков, «Көк асабадан»*).

2. Бабанын бизге айтып калтырган аманаты – ата-эненин учугун улаш! Жети атасын билбеген уул – кул. Жети энесин билбеген кыз – күң. Бу тек берки чек. Киши уулу өз тегин тээ байыртан улап билиш милдети (*Түгөлбай Сыдыкбеков, «Көк асабадан»*).

3. Кыздын мингени күмүш жабдыктуу тору кашка айгыр. Кызыл манат темингинин чачылуу жибек түймөлөрү эки үзөңгүдөн төмөн самсаалап, айгырдын ак шыйрагына кылтылдап сеңселип келет. Кыз жолдо жардап турган кишилерди карап, жашыл жердин сый чапанына түшкөн жамачыдай болуп жаткан чарчы-чарчы эгин тилкелерине сонуркап, уйку толгон көздөрүн сүзүлтүп көч аягында. Кундуз бөрктүн үкүсү үлпүлдөп, күндүн абазгөй көзү күлүп ала тамак шуруга ойноп, жылтылдап кыздын сулууча жүзүнө нур тартты. Кара чачтары беш көкүл. Мажүрүм талдын кырчынындай майда (*Төлөгөн Касымбеков, «Сынган кылыч» романынан*).

4. Бул обон, күндүн мурду кылтыйып жаңы көрүнгөндө, саманда жаткан жеримден тура калып, жыланайлак, жыланбаш шүүдүрүм беде менен, сайдагы тушалган аттарды көздөй чуркаганымда, жүрөгүмдө күү чалып угулгандай. Мөңгүлүү кыр аркадан төгүлгөн күн, аны билгенсип, мени карай күлүмсүрөп жаркырайт (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

5. Күрөккө ченей сузуп, алтын жаандай чачыратып, кызыл сапырган чалдардын кыймылында да, сары-күрөң өзөндүн үстүнөн, асманда жайбаракат керилип айры куйруктун каалгып учушунда да, бул обон угулат. Ошондо мен көрүп, мен угуп, мен сезгенимдин баарында Данийардын обону жүргөнсүйт (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

Экинчи чачыла

1. Ал эми кечинде, капчыгай менен араба айдап бара жатаканыбызда, мен башка бир укмуштуу дүйнөгө көчүп кеткендей болчумун. Бирде үлбүрөгөн ак-боз булуттар көгүлтүр асманда айылдын үстүнөн жазгы көч жүргүзүп, бирде жер дүңгүрөтүп кишенешкен жылкы үйүр-үйүрү менен жайлоого сабалап, азый чыкма айгырлар көкүл астынан албууттаган от ойнотуп, үйүрүн кызгана чарк айланып, элирип азанашат. Бирде бийиктен кулаган көбүктүү шаркыратма күпүлдөп, бирде эргиген кең талаа жайкалып, чийлердин арасына чөгүп бара жаткан күн мелтилдеп, асман менен жердин кошулган жүлүндөй жигинде жалгыз атчан күндүн артынан чапкылап, күн менен куйкум иңирге эрип, көздөн кайым болууда (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

2. Көзүмдү жумуп элестеттим эле, кечээ күнкү көрүнүш тим эле дапдаана, азыр эле сүрөткө тарта койгондой көз алдыма келди. Ордумдан тура жүгүрүп чоң сууга бети-колумду жуудум да, сайда тушалган аттарды көздөй чуркадым. Эртең мененки шүүдүрүм муздак беде туурулган балтырларымды тызылдатып, шыйрактарга чапкылады. Бирок мен үчүн ал кеп эмес. Мынакей арыктын кашатында кодура чыккан сары баш күнкарама. Аны тегеректеп ак баш мыялар курчап алган, бирок жаш кодура аларга моюн бербей, күндүн шооласына алардан мурун озунуп, сары гүлдүү башын койкойтуп, күн нурун шимирет (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

3. Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу сапырыштырып, кырмандын четинде каңырыла түшкөн боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап куюндады. Чагылгандар булуттардын арасына көгүлтүр жалын ойнотуп, карагай сынгандай кургак чатырап күн күркүрөдү (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

4. Жаан күчөп келди. Шамал учурган үйдүн үзүгү кулаалы канат каккандай далбаландап жулунду. Бирде кыйгачынан, бирде тик куюлган нөшөр жерди сагынгандай үстү-үстүнө өпкүлөп, асмандын каптал-капталынан көчкү жүргөнсүп, күн күркүрөдү. Кызгалдактын жазгы өртүндөй жалын алган чагылгандар тоо боорлоп, төш-төшкө жайнады (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

5. Жол менен баскандарды карап, мен алар менен сырдашам.

Тигине, Данияр обон салып шаңшыды, демек, ал Жамийла экөө мени жолго чакырышат. Ооба, мен жолго чыгышым керек! Ооба, жайкалган кең талаанын жолун басып мен өзүмдүн айлыма барам! Туулуп-өскөн жер – күч-кубатым! Мен андан жаңы түркүн боёк табам. Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгынан Даниярдын обону угулсун! Сүрөт тарткан ар бир сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту болсун! (*Чыңгыз Айтматов, «Жамийладан»*).

Үчүнчү чачыла

1. Мандайына күмүш чөгөрүлгөн, очоктогу соймондогон жалындын учу сымал мойну кызгылт, капкагы ак, үч кылды көтөрө көпүрө болуп турган тээги да арчадан жасалган комузду колуна алып бирөө келди тамаша өткөргөн сереге. Башында калпак, жүзү жылдыздуу, жигиттик баралга жаңы кадам шилтеген, үстүнкү эрдине чырымтал түк жаңы чыккан Арстанбек болучу (*Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан*).

2. Адамды артык кылган – анын байкай билиши. Байкагычтык бар жерде акыл өсөт. Укканы менен окуганы жугат. Билгени менен көргөнү калбырланат. Улам жетилет. Боорукер, жакшы адам канчыктын эмчегине жабышкан күчүктөргө да, көзүн жылтыратып уяда чыйпылдаган сары ооз балапандарга да, жыгылып-туруп жөрмөлөгөн балдарга да мээримин төгөт (*Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышынан»*).

3. Өрттөнүп кетмейинче, талкаланып калмайынча бир көргөнүң боюнча өзгөрбөй тура берчү улуу сүрөтчүлөрдүн калтырган иштери окшойт. Андан башка жандуу нерсенин баары жашылданып, кулпурат тура. Чатырап, жарылганга чейин чыңалат тура. Саргарып куурайт тура. Чүрүшүп жоголот тура. Чөп саргаят. Бүрүн күбүйт. Жалбырагын түшүрөт. Сөңгөгү туяк менен, шамал менен кыйшаят. Омурулат. Быркырайт. Кыртышка тапталат (*Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышынан»*).

4. Өмүрүбүз анчалык узун эмес. Кана, Ормон, береги жайнаган кумурскалар толгон тешиктен чууруп кирип-чыгып, бир уюкта күн көрүшөт. Бизде ушул макулуктарчалык ынтымак барбы? Эл чачылбасын? Чачылган эл – ээсиз мал. Ээсизди ууру да алат. Бөрү да жейт. Эл бузулбасын?! Бузулган эл түн толгонуп, эмизген эне сүтүн унутат. Эптеп чоңойткон ата күчүн унутат (*Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышынан»*).

5. Улам өр тартып, тектирленип, күдүрөйгөн сары адырмак жатат. Башына жүзүм чырмалган өрүктөр, алча, бөрү карагат, чие аралаш дүмпүйөт. Карап турсаң, жердиги сары түрү түркүн килем сыңары көзгө тартылып, уңкул-чуңкулу кештеге окшоп кетет. Тээ алсырааkта чий-чый деп бир топ уйгакчы жүргөнсүйт, ар кайсы боз такырдан сопу торгойлордун үндөрү кулакка кирет. А тиги жалгыз сары айгыр сары ала күлгүн атлестей кулпуруп, кош канатын тыр-р, пыр-р серпип, кулунчактан кулунчакка өтөт. Чийт, чири-рийт деп кетет (*Төлөгөн Касымбековдон*, уйгакчы, сары айгыр – чымчыктын түрлөрү).

Төртүнчү чачыла

1. Желп-желп этип мээлүүн керимсел жүргөндө, шимүүрдүн асел жыты шыраалжын менен эрмендин кермек жытына аралашып, аңызга жайылып, буудай арасы шуудурап, кылканына илинген ай жарыгы алтын көлдөй кубулуп жатты. Түн ортосунда тээ жылдыздуу төбөнү карасам, Саманчынын жолу ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан кези экен. Субанкулдун айткандары эсиме түшүп, кыялымда асмандын ошол күмүш жолу менен кандайдыр бир зор дыйкан кере кучак саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөн дан, топон береке төгүлгөн из чубатып кеткен турбайбы (*Чыңгыз Айтматов, «Саманчы жолу» повестинен*).

2. Жер энем, биринчи жолу сага ошондо кайрылдым. Эсиңдеби менин айткандарым?

– Эсимде, Толгонай. Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң:

«Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан жер, сен бизге таалай бербесең, эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» – деп айткансың, Толгонай (*Чыңгыз Айтматовдон*).

3. Эл-журтка нан берген айланайын дыйкан талаам, бозоруп, саргарып жатсаң да, албырган таң эртелерин деңиздей төгүлүп, кучагын жая сенчелик эргип, сенчелик жоомарттанып ким тосо алат. Ошол таң эртелерин сага тең орток болуп торгой тосчу. Көркү жупуну боз чымчык көкөлөгөн бийиктикте тыным албай канат кагып, дырпырап, томуктай болсо да, адамдын асманга учуп чыккан жүрөгү сымалы, не бир назик, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип сайрай турган. «Ана, биздин торгой сайрады!» – деп коёр эле Субанкул. Кызык, торгойду да биздики деп алган экенбиз. Көмөкөйүңдөн айланайын, торгоюм» (*Чыңгыз Айтматов, «Саманчы жолунан»*).

4. «Эй, адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек – жерби? Мына мен жермин, мен бардык адам баласына теңмин, мага талашынардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар, жүз дан кылып берем, чырпык сайсаңар, чынар кылып берем, бак тиксеңер, мөмө төгүп берем, мал жайсаңар чөп болуп берем, там тургузсаңар дубал болуп берем, урук-тукумуңар көбөйсө, баарынарга жай болуп берем! Мен түгөнбөйм, мен тарыбаймын, мен кенчмин, мен баарынарга тегиз жетем» (*Чыңгыз Айтматов, «Саманчы жолунан»*).

5. Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети – алар бөтөнчө үндүү, тил бүткөндөй жандуу

теректер. Бирде жээкке урунган эрке толкундай угулар-угул-бас шапшынып, бирде тымтырс ойлоно калып, сагынычтуу са-наага толгондой, алда эмнеге мунданa үшкүрүп, жулкунган ша-мал булут айдап, жаан айдап, бутактарын кайрып тийгенде, теректер бой тиреше чыңалып, «бизди жыга албайсың» деген-дей, өжөрлөнө күүлөнүшөт (*Чыңгыз Айтматов, «Биринчи муга-лим» повестинен*).

Таасирлен,
таасирлен,
таасирлен!
үйрөн,
үлгү ал,
өздөштүр!

61-көнүгүү. Биринчи чачыланы көрктүү окуу.

1-диктор. «Калайык дүрбөп,..» (Биринчи чачыла – 1, текст толук окулат. Чачыланын калган бөлүктөрүнө да ушул тартип сакталат).

2-диктор. «Бабанын бизге айтып калтырган...» (Биринчи чачыла – 2).

1-диктор. «Кыздын мингени...» (Биринчи чачыла – 3).

2-диктор. «Бул обон...» (Биринчи чачыла – 4).

1-диктор. «Күрөккө ченей сузуп. «(Биринчи чачыла – 5).

62-көнүгүү. Экинчи чачыланы көрктүү окуу.

1-окуучу. «Ал эми кечинде...» (Экинчи чачыла – 1).

2-окуучу. «Көзүмдү жумуп...» (Экинчи чачыла – 2).

3-окуучу. «Акактап күйүккөн шамал...» (Экинчи чачыла – 3).

4-окуучу. «Жаан күчөп келди...» (Экинчи чачыла – 4).

5-окуучу. «Жол менен баскандары...» (Экинчи чачыла – 5).

63-көнүгүү. Үчүнчү чачыланы көрктүү окуу.

Кыздар (хор менен). «Мандайына күмүш чөгөрүлгөн...» (үчүнчү чачыла – 1).

Балдар (хор менен). «Адамды артык кылган...» (үчүнчү чачыла – 2).

Кыздар (хор менен). «Өрттөнүп кетмейинче...» (үчүнчү чачыла – 3).

Балдар (хор менен). «Өмүрүбүз анчалык...» (үчүнчү чачыла – 4).

Кыздар (хор менен). «Улам өр тартып...» (үчүнчү чачыла – 5).

64-көнүгүү. Төртүнчү чачыланы көркүү окуу.

Балдар (хор менен). «Желп-желп этип...» (Төртүнчү чачыла – 1).

Кыздар (хор менен). «Жер энем,..» (Төртүнчү чачыла – 2).

Балдар (хор менен). «Эл-журтка нан берген...» (Төртүнчү чачыла – 3).

Кыздар (хор менен). «Эй адамдар...» (Төртүнчү чачыла – 4).

Балдар (хор менен). «Көчөдө бак деген...» (Төртүнчү чачыла – 5).

Чачылалар дилбаян жазууда үлгү катары колдонулат.

§ 32. «САНЖЫРГАЛУУ КАЗЫНА» ТОПТОМУ

«Санжыргалуу казына» топтомундагы сөздөр, кеп түрмөктөрү бөксөрбөгөн, улам толуп, толукталып турган, муундан-муунга кастарлана берилип отуруп, жышылган, сомдолгон, алтындан артык асыралган элдик тил. Аны калк керемет эпосторунда, дастандарында, ырларында сактаган. Ошол чыгы кургабаган ширелүү кепти кулакка кирип бойду алган мукамы менен утуру келечек ээлерине өткөрүп келген. Ал жазма маалыматтарда гана сакталган сейрек мурас же эстелик эмес, санжыргалуу казына такай урунууда, колдонулууда болгон жана колдонула берүүчү элдик байлык. Төмөндө мындай казынадан алынган түрмөктөр шыралга түрүндө берилди.

Кулагыңа күмүш сырга!

Өз сөзүңдү ата-бабанын санжыргалуу казынада сактап отуруп сага таберик катары жеткирген сапта-ры менен шөкөттөп сүйлөө – атуулдук парзың.

САНЖЫРГАЛУУ КАЗЫНА

«МАНАС» ЭПОСУНАН

Биринчи шыралга

1. Аскер селдей каптады, ат жеткен жерин таптады.
2. Жалдуу байтал мингизбейт, куйруктуу козу жегизбейт.
3. Кызгалдак чөбү кылкылдап, кымыздык менен ышкыны тегиз бышып былкылдап.

4. Астынкы эрдин шалпайткан, эки өркөчүн каркайткан.

5. Карманарга туяк жок, канатынан айрылган калкта мендей чунак жок.

6. Сүйүнчүнү буйруган киши алуучу, шашкан куру калуучу.

7. Карыганда байбичең кабылан тапты, сүйүнчү, жоголордо байбичең жолборс тапты, сүйүнчү!

Экинчи шыралга

1. Кеткенден алар кегимди, өткөндөн алар өчүмдү.

2. Күүгүм туман көздөнүп, майлаган буудай жүздөнүп.

3. Мал багар уул болгончо, эл багар уул болсун!

4. Өйдө бассак Манасты өбөк кылып алалы, ылдый түшсөк Манасты жөлөк кылып алалы.

5. Ат семирип ык болсун, эр семирип бук болсун.

6. Добулбас үнү бапылдап, чыңыроон үнү такылдап.

7. Өчкөн отту күйгүзөт, өлгөн жанды тиргизет.

Үчүнчү шыралга

1. Манас добул келсе, жел тийгис булуң, токой, чер болот, доочу келсе, мал бергис кара көк жал эр болот.

2. Кылдыратпай уук чечип, шылдыратпай суу кечип.

3. Найзалашып топ бузам, ажалым жетсе окко учам. Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин.

4. «Манас, Манас!» дегенде барбая түшөт экенсиң, суу толтурган чаначтай дардая түшөт экенсиң (*Жолойдун сөзү*).

5. Үзөңгүдөн бут тайып, ээрден көчүк кылтайып.

6. Көрүнгөндөн көрүнүп, көрүнбөсө түгөнгүр, көк түтүн болуп бөлүнүп.

7. Көзү кетти тунарып, өңү кетти кубарып.

Төртүнчү шыралга

1. Боконо сөөгү болкулдап, боор, ичеги солкулдап.

2. Бөксөнүн баары мөндүрлөп, жаканын баары жамгырлап.

3. Жолборс жолго жатарбы ай, жолукпаска жолугуп, жолум мындай катарбы ай (*Нескаранын арманы*).

4. Чокморунан чок чыккан, чок жарылып от чыккан.

5. Аркар аяк, жез билек ат жакшысын мингизет, кош бадана, торгой көз тон жакшысын кийгизет.

6. Кулаалы таптап куш кылган, куранды жыйып журт кылган, тели куш таптап куш кылган, тентиген жыйып журт кылган (Манаска тиешелүү).

7. Чалгынга минсең чарчабайт, оорукка минсең оорубайт, атышка минсең арыбайт (*Аккула*).

Бешинчи шыралга

1. Ок жыландай сойлогон, окторулуп ойногон (*тулпар сыпаты*).

2. Азып жүргөн бир жанмын, чылбырын үзгөн тулпармын (*Алмамбеттин сөзү*).

3. Көк темирден тон кийген, Көгала сындуу ат минген, ач айкырык, куу сүрөөн, алышса адамдын алы жетпеген (*Чубак*).

4. Бели мекчейип, көзү чекчейип.

5. Томогосун ала элек, тоодакка шилтеп сала элек сизде бир шумкар куш бар, сары алтындай салмактуу жакшы кыз бар (*Жакыптын сөзү*).

6. Манас – акылмандын тунугу, ак калпактын улугу.

7. Оймок ооз, бото көз, күңгөйдүн гүлдүү сыргагы, кооз-койкоң жылан баш, төгүлгөн кара чачы бар, жүлүндөй түптүз бойлуу, карчыга канат, кыргый кол. Он эки кыздын кенжеси, кара сурдун сулуусу, узун чачтын ыктуусу, ургаачынын мыктуусу (*Канык ей*).

Алтынчы шыралга

1. Жарды сайса эшкендей, ташты сайса тешкендей (*найза*).

2. Алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй, асман менен жериндин тирөөсүнөн бүткөндөй, Айың менен Күнүндүн бир өзүнөн бүткөндөй, алды калың кара жер Манаска жерлигинен түткөндөй.

3. Манас – маңдайы жазы, башы кууш, кочкор тумшук, кош кирпик, көркү калча, көзү тик, жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги узун, эрди калың, көзү үңкүр.

4. Айгай укса шашпаган, ай караңгы түндө да бир изин жаза баспаган, кетмен туяк, кең соору, чара туяк, коён жон (*Сарала*).

5. Бирөөнүн тону тон болбос, бирөөнүн аты ат болбос.

6. Жаадай учуп калдактап, эки этеги далбактап.

7. Айтыша келсе, атаң тең, алакан жайса колуң тең. Тең тууган болгон менен кем туугансың (*Ырчы уулдун Чубакка айтканы*).

Жетинчи шыралга

1. Жоону сайса, мен сайдым, аты калды Манаска (*Чубактын сөзү*).

2. Биз бузулсак, пил да болсок жыгылдык, миң да болсок кырылдык (*Бакайдын Чубакка айтканы*).

3. Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет (*Бакайдын Чубакка айтканы*).

4. Элдүүнүн баары эр экен, элинен азган жигитке эртелеп өлүм эп экен. Кан кылгын дедим киминди, каның экөөң биригчи, калабалуу Чубагым, кагайынбы жининди (*Алмамбеттин сөзү*).

5. Чалгын чалар сенсинби, кенеште жок, кепте жок ооруктакалар менминби! (*Чубактын сөзү*).

6. Мунун аты да Манас турбайбы, заты да Манас турбайбы, өзү да Манас турбайбы, сөзү да Манас турбайбы?! Манас жол башчым, Алмамбет кол башчым болсо, жоодон корксом, мени кудай урбайбы? (*Чубактын сөзү*).

7. Арзан көрбө бурутту, бурут мени курутту. Бирөө десем миң экен, жалгыз десем сан экен. Бирөөн көрүп жетесиң, жакын жетип барганда, аттан учуп кетесиң (*Жолойдун кыргыздар жөнүндө айтканы*).

1. Эс-тутумга токуу

66-көнүгүү. Шыралгалардын ар бирин окуп чык. Эсте тутуп калууга аракеттен. Үйдөн да кайтала.

Биринчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
Экинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
Үчүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
Төртүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
Бешинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
Алтынчы шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.
Жетинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7.

67-көнүгүү. Жети шыралга толук камтылат. Жеке үн (китеп боюнча), жалпы үн (биринчи окулганда китеп менен, экинчи окулганда китепсиз) менен окулат.

Үлгү. Жеке үн. «Аскер селдей ...».
Жалпы үн. «... каптады, ат жеткен жерин таптады».
(Калгандары да ушул сыңары окулат).

68-көнүгүү. Биринди-биринг текшер. Текшерүүчү текстти карап, ошол боюнча көзөмөлдөйт. Суралган окуучу шыралгадан билишинче айтып берет (текстти карабайт). Бир сөз эки кайталанбайт. Канчаны билгени гана эсепке алынат. Андан соң текшерүүчү менен жоопкер өз ордуларын алмашат, башкача айтканда, суракчы жоопкер, ал эми жоопкер суракчы болуп калат. Мындай суроо-жооп парталаштардын арасында бир мезгилде жүргүзүлөт. Баары шыбырап сүйлөйт. Демек, бир эле учурда класстагы окуучулар бүт суроо-жоопко тартылышат. Класстагы

бош аянтка парталарын жылдырып алышка, партада мандайтескей отурушка уруксат этилет. Кээде ишеничтүүлүгүнө жараша эки-экиден кылып он чакты окуучуну сыртка да чыгарып жиберүүгө болот, алар мектептин айланасында басып жүрүп бирин-бири текшере алышат.

2. Сүйлөп машыгуу

Биринчи үлгү. «Маната» *Аскер селдей каптады, ат жеткен жерин таптады»* деп айтылат. Мында аскердин күчүн тушуна келгенин талкалап, бузуп, андап кеткен «сел» деген сөз менен туюндуруп – ат жеткен жердин баарын душман өзүнө багынтып, кырып-жоюп, кулдандырып жибергенин аттын туягы алдында тебеленип, таптalып калган жер менен чагылдырып берет.

Экинчи үлгү. Аргасыз эстеп отурам, «Маната» «*Жалдуу байтал мингизбейт, куйруктуу козу жегизбейт»* деген саптар бар. Анысы кандай, силер башкалар түгүл өзүңөргө да Алоокеден жаман кордук көрсөтүп, козуну мындай эле коёлу, чычкак улак союп жегенди ыраа көрбөй, үч маал ышкыртып чай ичип отурасынар.

69-көнүгүү. Биринчи шыралганы иште. Биринчи үлгү боюнча (кааласаң, 2-үлгү боюнча түз) жетөөн тең өз сөзүңө кошуп сүйлө.

70-көнүгүү. Экинчи шыралга: 2, 3, 4, 7. Өзүң каалаган үлгү боюнча буларды да өз сөзүңө кошуп сүйлө.

71-көнүгүү. Үчүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4. Буларды да өз сөзүңө кошуп сүйлө.

72-көнүгүү. Төртүнчү шыралга: 2, 3, 5, 6. Буларды да жогоркудай кылып сүйлө.

73-көнүгүү. Бешинчи шыралга: 1, 3, 5, 7. Буларды да көөнүндө өз сөзүңө кошуп сүйлөп көр.

74-көнүгүү. Алтынчы шыралга: 2, 3, 4. Үчөөн тең өз сөзүңө кошуп сүйлө.

75-көнүгүү. Жетинчи шыралга: 2, 3, 6. Үчөөн тең өз сөзүңө кошуп сүйлө.

3. Жазып машыгуу

Эсиңе түйүп кой!

Баяндап жазууда санжыргалуу казынадагы шыралга саптар төл жана бөтөн сөздүн жазуу эрежелери боюнча жөнгө салынат. Ал эрежени ушул эле окуу китебинен – «Сабат санжырасы» темасынан (§ 8, «Кереге көз жана тумар–1» кештесин кара) табасың.

76-көнүгүү. Т : «Б» кештесине ылайыкташтырып жазуу. Биринчи шыралгадан үчтү тандап ал.

77-көнүгүү. Экинчи шыралгадан үчтү тандап алып, аны «Б», – Т · кештесине ылайык келтирип жаз.

78-көнүгүү. Үчүнчү шыралгадан үчтү тандап алып, аны Т : «Б», – Т · кештесине ылайыкташтырып жаз.

79-көнүгүү. Төртүнчү шыралгадан үчтү тандап алып, аны «Б, Т – Б» · кештесинин талабына ылайыктап жаз.

80-көнүгүү. Шыралгадан 1, 2, 6-саптарды катыштырып, △ кештеси боюнча сүйлөм жаз.

81-көнүгүү. Алтынчы шыралгадан өзүң каалаган үч сапты «Б» Т кештесине ылайык жаз.

82-көнүгүү. Жетинчи шыралгадан 6-сапты Т : «Б». «Б», – Т . Т : «Б», – Т . «Б, – Т, – Б» . кештелери боюнча өзгөртүп жаз.

4. Тестирлөө

83-көнүгүү. Төмөндөгү кайсы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?

(А) Бакай Чубакка минтип айткан, «Биз бузулсак, пил да болсок жыгылдык, мин да болсок кырылдык».

(Б) «Биз бузулсак, пил да болсок жыгылдык, мин да болсок кырылдык» деген Бакай.

(В) Бакай: «Биз бузулсак, пил да болсок жыгылдык, мин да болсок кырылдык», – деген.

(Г) «Биз бузулсак, деген Бакай, пил да болсок жыгылдык, мин да болсок кырылдык».

84-көнүгүү. Төмөндөгү кайсы сүйлөмдө тыныш белгилери туура эмес коюлган?

(А) Манас мындай деген: «Бирөөнүн тону тон болбос, бирөөнүн аты ат болбос».

(Б) «Бирөөнүн тону тон болбос, бирөөнүн аты ат болбос», – деген Манас.

(В) «Бирөөнүн тону, – деген Манас, – тон болбос, бирөөнүн аты ат болбос».

(Г) «Бирөөнүн тону тон, бирөөнүн аты ат болбостугу» – жөнүндө Манас айткан.

§ 33. «ТИЛ КУТУЧАСЫ» ТОПТОМУ

Тилдин эң кичине бирдиги – сөз. Профессор Константин Кузьмич Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүгүнө» кырк миңге жакын кыргызча сөз топтолгон. Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» (редакторлору Э. Абдулдаев, Д. Исаев) ар бир сөздүн маанилик түшүндүрмөсү берилген. Демек, мындай маалыматтар мектеп окуучусун эң сонун тилдик кенчтен ээн-эркин пайдаланып, тилинин бай болушуна мүмкүнчүлүк түзөт. Кептин баары – сөз маанилерин үйрөнүп билүүдө. Ырас, тилди адам өмүр бою үйрөнөт. Базарга барган киши «оптом» (дүңүнөн), «потолок тээп жатасың» деген сыяктуу сөздөрдү угат. Бир катар

гезиттерде чет өлкөлүк терминдер жыш колдонулуп, айрым макалаларда эмне жөнүндө кеп болуп жатканын түшүнүш да кыйын. Ошентсе да, азыркы кезде улуттук тилдин байлыктарын пайдаланууга өнтөлөп кызыгуу күчөөдө. Маселен, «председатель» деген сыяктуу сөздөр өз ордун «төрага» (же «төрайым»), «обозреватель» – серептөөчүгө ж. б. бошотту. Ал эмес, аз эле жылдар мурун «мыйзам, атуул, инсан, ардагер, жаран» деген сөздөр колдонулууда жок болучу. Өз сөзүң өзүңө жатыркап, андан үрккөн да пенделер болгон.

«Тил кутучасындагы» сөздөр мамлекеттик тилдин бай маанисин дагы тереңирээк өздөштүрүүгө кызмат кылат.

ТИЛ КУТУЧАСЫНАН

Биринчи кутуча

1) каңкуула – четин чыгарып, жандатып айтылган сөз. М.: Кошунанын эмне жөнүндө каңкуулап жатканын ал түшүнгөн жок.

2) кантар – чөп жегизбөө же башын ылдый кылбоо үчүн аттын тизгинин ээрдин кашына иле байлап салуу.

3) карбалас – (карбаласта/карбаластоо) – шашма, катуу шашкандыктан эмне кыларын билбей калуу. М.: Экөө карбаластап жетип келишти.

4) касаба – бир жагы жар болуп калган бийик күрткү кар. М.: Касабалуу аска.

5) каяшачыл – каяша сөзчүл, каяша сүйлөгөндү жакшы көргөн. М: Ал каяша айтпаса, башы ооруйт.

6) кеберси – эрин кургап кесилип кетүү.

7) кебете – келбет, турпат, көрүнүш, түспөл, өң, түр.

8) кекээрде – какшыктоо, кекээр сүйлөө, кээр сөз сүйлөө. М.: Абайланыз, кекээрдеп сүйлөй турган кишиниз мен эмес.

9) шыралга – мергенчинин олжосунан берилген же сурап алынган үлүш.

Экинчи кутуча

1) керимсел – ысык жел.

2) кеште (кештеле, кештелүү) – бир нерсеге сайылган сайма, оймо-чийме. М.: Кештелүү калпак кийгенин.

3) кисе – күмүш чабылып кооздолгон, курга байланычуу булгаары баштыкча.

4) коломто – боз үйдүн от жагылып, казан асыла турган жери.

5) комсоо – жөнөкөй, көрксүз, серт.
6) кооптон – коркуу, чочулоо, шек саноо.
7) коромжу (коромжула, коромжусуз) – ысырап.
8) корстон – ыраазы.
9) ызаат – кичи пейилдик, ызааттаган сый мамиле.

Үчүнчү кутуча

1) көөкөр – калың териден ыштап жасалган оозу кичине идиш, ага кымыз куюлган.
2) көөлгү – мемирлөө.
3) алпейим – ток пейил, салмактуу, көз артпаган жоош, тынч.
4) көөрчөк – эчкинин сүтүнө кымыз же айран кошулуп ачытылган суюк тамак, ал койчунун жонундагы чаначта жүрүп ачыйт.
5) көрөңгө (көрөңгөлөп, көрөңгөлүү) – кымыз, бозо, максым сыяктуу тамактардын ачыткысы, аларды ачытуу үчүн калтырылган бөлүгү; негиз, жук, кудурет.
6) култуй – оюн эч кимге билдирбөө, унчукпоо, ичине сактоо.
7) куржун – арта салып жүрүүгө ылайыкталып жасалган, ортосу бириктирилген эки көздүү баштык.
8) кут – элдик ишеним боюнча үйдүн түндүгүнөн коломтого түшкөн жана аны кишиге бакты-таалай, түбөлүк жыргалчылык берүүчү кочкул кызыл түстөгү зат; бакыт, таалай.
9) ыйбаа – сыйлаган, ызаат кылган кишисинен уялып тартынгандык, кысынгандык, адеп кармангандык.

Төртүнчү кутуча

1) куткун – куюшкандын ээрге байланууучу учу.
2) сүзмө – айран менен жууратын суусун сарыктырып алгандан кийинки азык; куюшкандын сооруга келчи жеринен саал ылдый саландатып, шөкөттөп жасалган, кооз оюму бар канылтыр.
3) сүрөөн – ат чабышта ж. б. учурларда коштоп сүрөгөн, дем берген кыйкырык-чуу.
4) сыбызгы – жыгачтан же камыштан өзөгүнөн ичи көндөйлөтүлүп жасалган үйлөмө музыкалык аспап; сызылып, сызгырылып чыккан үн. М.: Сыбызгы жумшак жели бар.
5) сыдырым – эртели-кеч болуучу кишини ичиркенткен салкын жел.
6) сылануу – жасанып-түзөнүү, сылап-сыйпануу.
7) сыланкороз – сыланып-сыйпанганды, жасанып-түзөнгөндү жакшы көргөн, көйрөң (эркектерге карата айтылат).

8) сыпаа (сыпайы, сыйпайгерчилик) – сылык, сыпайы, адептүү, тартип сактаган.

9) ыйкы-тыйкы – бир пикирде болбой араздашкандык, келишпестик, өйдө-төмөн кетишип, жаман-жакшы айтышып, сенмен деп калышуу.

Бешинчи кутуча

1) табарман – мал-мүлк, дүнүйө таба билген.

2) табышкер – көп иштеп тапкыч, көп киреше кийригич.

3) талдырмач – албырган, тамылжыган, кызылдуу (бетке карата).

4) күрөө тамыр – жүрөктү карай кан жиберип турчу чоң тамыр (вена).

5) тамызгы – тезек, көмүр отундарын тамызуу, тутантуу үчүн жагыла турган майда куу отун, ичеги.

6) тамылжы – бети кызарып нурлануу, көшүлүү, магдыроо.

7) тартынчаак – жалтанчаак, уялчаак, өтүмү жок.

8) татынакай (татына) – көрүнүшү, көркү сымбаттуу, жакшынакай.

9) буяма – оңтой, мүмкүнчүлүк. М.: Жылкы менен тоого чыгып кетүүгө буямам келбеди.

Алтынчы кутуча

1) тасмыя – болгон мүлк, каражат; болгон алы, күчү, кудурети. М: бар болгон тасмыям ушул.

2) тежемел – эмчек сүтүнөн ажыратып, тамак берип багылган бала.

3) текебер – кесирленген, менменсиген.

4) текебердүү – текебери күчтүү, кесирлүү.

5) так теке – туташтырылган жипти тартып, секиртип ойнотуу үчүн (комуз черткенде) жыгачтан жасалган текенин сөлөкөтү.

6) тең тайлаш – бири-бирине бой бербөө, күчү барабар келүү.

7) теребел – айлана-чөйрө, туш тарап.

8) терик (теригүү) – жактырбай таарынуу, нааразы болуу.

9) ыйман (ыймандаш, ыймандуу) – уят, ынсап, абийир.

Жетинчи кутуча

1) **тестиер** – кол арага жараган жаш өспүрүм.

2) **тил азар** – тил албаган, өз билгенин бербеген кежир.

3) **тирикарак** – тың, чыйрак.

4) **тогонок** – көңүл сооротторлук жөлөк, ыраазы болорлук каниет.

5) **тозоку** – кыянатчы, кежир, тил азар, кыйды.

6) **токмаарек** – ток пейил, ач көз эмес.

7) **токулга** – атка токула турган ээр, тердик, желдик ж. б. жалпы аталышы.

8) **тополоң** – баш аламан, тартипсиз, кымгуут абал, дүрбөлөң.

9) **ымырт** – күүгүм, күүгүм тарткан караңгылык.

1. Сөз маанисин чечмеле

85-көнүгүү. Биринчи кутучаны окуу. Буга кырааттуу окуган эки окуучу тандалып алынат. Бирөө сөздү, экинчиси маанисин окуйт (китептен).

Үлгү. 1-окуучу. «каңкуула – ... .
2-окуучу. ...четин чыгарып, жандатып айтылган сөз».

86-көнүгүү. Экинчи-үчүнчү кутучаны окуу. Жогорудагы үлгү боюнча.

87-көнүгүү. Төртүнчү-бешинчи кутучаны окуу. Мында да жогорудагы үлгү пайдаланылат.

88-көнүгүү. Алтынчы-жетинчи кутучаны окуу. Жогорудагы үлгү боюнча.

89-көнүгүү. Биринчи кутучаны чечмелеп айтуу. Бирок бул окуу мурункулардан айырмаланат. Ырас, буга да эки окуучу катышат. Бири сөздү окуйт, экинчиси ал сөздүн маанисин китептен окубай, эсинде калганы боюнча чечмелейт.

Үлгү. 1-окуучу. «Шыралга – ...
2-окуучу. ... мергенчинин олжосунан берилген же сурап алынган үлүш».

90-көнүгүү. Экинчи-үчүнчү кутучаны чечмелеп айтуу. Жогорку үлгү боюнча иште.

91-көнүгүү. Төртүнчү-бешинчи кутучаны чечмелеп айтуу. Жогорку үлгүгө окшоштур.

92-көнүгүү. Алтынчы-жетинчи кутучаны чечмелеп айтуу. Бул да жогорку үлгүнүн негизинде.

2. Өз сөзүңө катыштыр

Үлгү. Эрди кеберсип, чарт кесилип кетиптир. // Кеберсиген эрди жарылып, ага кагаз жабыштырып коюптур.

93-көнүгүү. Биринчи, экинчи, үчүнчү кутучадагы сөздөрдөн үлгүгө окшоштуруп сүйлөм түз. Оозеки.

94-көнүгүү. Төртүнчү-бешинчи кутучадагы сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз. Оозеки.

95-көнүгүү. Алтынчы-жетинчи кутучадагы сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз. Оозеки.

Жазып машык

96-көнүгүү. Төмөндөгү карбалас, корстон, култуй, сыланкороз, талдырмач, тасмыя, тежемел, токмаарек деген сөздөрдүн ар бирин катыштырып бирден сүйлөм жаз.

97-көнүгүү. Кутучадагы эки же андан ашык сөздү бир сүйлөмгө катыштырып жаз.

Үлгү. Элдин көзүнчө өзүн текебердүү алып жүрөт, бирок өзү корккон адамдарга жолукканда, так текеге айланып калат. (Мында текебердүү, так теке деген сөздөр катышты.)

1. Тестиер – тирикарак – тогонок.
2. Сыпаа – сылануу – ыйбаа.
3. Көөкөр – көрөңгө.
4. Алпейим – ызаат.
5. Коломто – тамызгы.
6. Сыдырым – сыбызгы.

§ 34. «ИЛХАМ КЕП» ТОПТОМУ

Акындардын күчтүү илхамдан жаралган эргүү саптары – бул ыр жандуулар, чымыны барлар, адабий иликтөөчүлөр жана сынчылар үчүн эле керек эмес, алар жалпы журттун энчиси. Алар көпчүлүктүн, окурмандын байлыгы. Себеп дегенде көптөгөн ырларды эл кастарлап, көкүрөгүндө сактап, муундан-муунга өткөрүп келгени буга далил. М.: Арстанбек Буйлаш уулунун, Токтогул Сатылгановдун ж. б. акындардын ырлары өз учурунда кагазга

жазылып алынбаган, ошол себептен алар унутулуп калышы мүмкүн болучу. Бирок көпчүлүк мындай улуу таланттардын чыгармаларын эс-тутумунда сактап калган. Мына ушундай сактап калуунун өзү элибиздеги эң сонун касиет. Бул эмнени билдирет? Бул жакшы ырдын өмүрү китепте эле эмес, жүрөктө да орду болот дегендик. Албетте, керексиздери пайдаланылбайт, эстен чыгат. Бирок мазмуну терең ырлар дайыма керектелүүдө болот. Окурман аларды өз сөзүнө кошуп, мисал кылып сүйлөйт, ага таянат, аны менен өз сөзүнө таасындык, көрк, башкалардын көңүлүн тартып алган таасирдүүлүк кийрийт. Демек, эргүү саптары кагаз бетинде эле сакталчу руханий кенч эмес, ал оозеки кепте да жашоочу ыргакташкан тил каражаты. Ошондуктан окурмандын баянын шөкөттөп туруучу мындай илхам кепти үйрөтүү келечек ээлерин да кучагына алат. Төмөндө эргүү саптары түрмөк түрүндө жайгаштырылды.

ИЛХАМ КЕПТЕРДЕН

Биринчи түрмөк

1. Токтогул. Толук. Толгон жай, топудай жерде чөмөлө.

Ак мөңгү тоолор – тоңгон май, аңыздын баары чөбөгө (*Шайлообек Дүйшеев*).

2. Араба, чийне агылган адырда жатат жол түтөп.

Жарк эткен чалгы – чагылган, жаныңа жашыл сол түшөт (*Ш. Дүйшеев*).

3. Козу түш. Күчөйт чөп чабык, чама жок чалап жутканга.

Күн эрип келет өрт тамып талаага, гүлгө, кыздарга (*Ш. Дүйшеев*).

4. Кызгылт кеч. Булут өчүүдө, күн барат улам чоктонуп.

Топ бадал турат кечүүдө, тоолордун учу от болуп (*Ш. Дүйшеев*).

5. Шырп этет аяр шыбактар, келемин аста келемин.

Ак төшү айдын булактап агызат нурун эгемдин. (*Ш. Дүйшеев*).

6. Закымды жиреп унчукпай желесин тартат зым мамы.

Уча албай турат чымчыктар шишкебек окшоп зымдагы (*Ш. Дүйшеев*).

Экинчи түрмөк

1. Ээн талаа. Бир атчан эрбең-сербең бараткан, эмне издеди бей убак, агат, агат, агат жаан (*Ш. Дүйшеев*).

2. Желеленип аңыздар, жер деңиздей. Алыстан агындыдай чайпалат, агыш сарай, агыш там (*Ш. Дүйшеев*).

3. Көк чылгый суу. Кенебей көктү тиктейт теребел. Кылыч окшоп кыяк чөп, кыткылыктайт беделер (*Ш. Дүйшеев*).

4. Кыланғыр нурга жык толуп, булуттар булаят үлбүрөп. Атка окшойт бул таң ныктоюп акырда турган үргүлөп (*Ш. Дүйшеев*).

5. Түйшүгүн тартып өткөндүн түн бою түнөп өчкөн Күн. Жөө туман чөккөн өзөнгө мөлт этет жашы чөптөрдүн (*Ш. Дүйшеев*).

6. Агын суу чуркап ойногон арыктар аңыз бойлогон. Айдоодон көчкөн көгүш буу ак чаңгыл жолдо сойлогон (*Ш. Дүйшеев*).

1. Айрыкча шандуу байкасаң, атканда тоодон кашка таң. Көл болбой эгер кыз болсо, көз тиймек экен капкачан (*Байдылда Сарногоев*).

2. Сакемдин өзүн карасаң, сакадай киши кичине. Залкар тоо бирок тең келбейт, сапаттуу эмгек-ишине. Айкөл Манас бүт баткан алмадай баштын ичине (*Байдылда*).

3. Көк орой-чалгын бетеге, төрүң төр эмес бекен ээ! Ушундай төрдө туулган, ушундай көлгө жуунган ырыстуу кыргыз экем ээ! (*Байдылда*).

4. Мезгилдин өткөн баттыгы ай, жашаармын аз жыл, аз күн ай. Калдың го чөгүп карекке кашка суу аккан жакшы жай. Түбөлүк сенде жүрүүгө өмүр көп болсо, аттиң ай (*Байдылда*).

5. Кыргызым, бүтпөс ырымсың, кыярбас кызыл туумсуң. Сан жагың чакан болсо да, сапатың менен улуусуң (*Байдылда*).

6. Энебиз ушул жердеги, теңесем сага эмнени... «Манастай» эпос жараткан бар бекен сендей эл деги?! (*Байдылда*).

Төртүнчү түрмөк

1. Кош, Соң-Көл! Же келермин, же келбесмин, болжошту айтыш кыйын атаганат... Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да, эскирген сары кагазда ырым калат (*Мидин Алыбаев*).

2. Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай, кылгырбачы, койчу, мени карабай. Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи, куса болдум сагынганым тарабай. Үн жок, сөз жок томсоросуң турасың, ыйлап-ыйлап улутунган баладай (*Мидин*).

3. Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай, жүрө албаймын күндө сени сагынбай. Мээ сергитет менде жүргөн элесиң, мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай (*Мидин*).

4. Көзүң укмуш – ак чыныда карагат, көп караба, жүрөгүмдү жаралап. Көөнүң болсо, бир белгинди түшүндүр, киши жалдап сүйө албаймын паралап (*Мидин*).

5. Жаш кылгырат кирпигимди ирмесем, аза күтөм эгер түшкө кирбесең. Мен шар суумун кулагыңды тундурган, кантмек элең какшаганды билбесең (*Мидин*).

6. Алыстан аппак болуп мөлтүр кашка, дарысың жайлоо суусу даамың башка. Бал татып, май түшкөнчө жанчыласың – удургуп улам тийип таштан-ташка... (*Мидин*).

1. Үн кубултуп айта бил

98-көнүгүү. Биринчи түрмөктү (2, 3, 4, 5, 6) ички ыргагы боюнча оку.

Үлгү. «Токтогул. Толук // Толгон жай, // топудай жерде / / чөмөлө. //

Ак мөңгү тоолор – // тоңгон май, // аңыздын баары // чөбөгө.

Эскертүү. // белгиси коюлган жерлерде тыным болот.

99-көнүгүү. Экинчи, үчүнчү, төртүнчү түрмөктөгү саптарды да үлгүгө окшоштуруп окугула. Хор менен.

100-көнүгүү. Жекече үн менен хор алгоолошот (1–4-түрмөк окулат).

Үлгү.
Жеке үн. «Араба, чийне...
Хор. ... агылган...
Жеке үн. ... адырда жатат...
Хор. ... жол түтөп.
Жеке үн. Жарк эткен чалгы - ...
Хор. ... чагылган,
Жеке үн. ... жаныңа жашыл
Хор ... сол түшөт»

(Калганы да ушуга окшош окулат).

2. Өз сөзүңө кошуп сүйлө

1-үлгү. Чалгыны шаңгырата кайрап алып, шилтеп кирсең, анан акындын «Араба, чийне агылган адырда жатат жол түтөп».

Жарк эткен чалгы-чагылган, жаныңа жашыл сол түшөт» деген саптарын эстесең, дароо жаш чөптүн жыты мурдуңа бур этет, утуру чөптүн түбүн таарыган чалгы чагылган сымал жалт этип, жашыл сол кырбуланат. Ал эми алыста чөп тарткан араба, андан чаң көтөрүлүп, жол түтөп жаткан элести берет.

2-үлгү. Мага Шайлообек Дүйшеевдин «Токтогул. Толук. Толгон жай, топудай жерде чөмөлө. Ак мөңгү тоолор – тоңгон май, аңыздын баары чөбөгө» деген ыры аябай жакты.

101-көнүгүү. Биринчи (3, 4, 5, 6), экинчи (1, 2, 3, 4, 5, 6) түрмөктөгү саптарды өз сөзүңө кошуп сүйлө. Эки үлгүнүн ичинен каалаганыңды тандап алуу өз ыктыярың.

102-көнүгүү. Үчүнчү (1, 2, 3, 4, 5, 6), төртүнчү (1, 2, 3, 4, 5, 6) түрмөктөрдү да жогорку эки үлгүнүн бирине салып, сүйлөп машык.

3. Жазып көн

103-көнүгүү. Жогорудагы (1–4) түрмөктөр төл жана бөтөн сөздүн жазылыш эрежелери боюнча жөнгө салынат. Биринчи түрмөктөн (4, 5, 6) үч сапты Т : «Б », – Т кештеси,

экинчи түрмөктөн (1, 3, 4) « Б », – Т , – Б » үч сапты кештеси боюнча жаз.

104-көнүгүү. Үчүнчү түрмөктөн (1, 3, 4) Т : « Б »

үч сапты кештеси, төртүнчү түрмөктөн (2, 3, 4, 5) « Б », – Т төрт сапты кештеси боюнча жаз.

Эскертүү

Эгер түрмөктөгү саптар текст арасына келип, тестеленип жайгаштырылса, анда ал тырмакчасыз эле жазыла берет.

М.: Алыстан аппак болуп мөлтүр кашка,
Дарысың жайлоо суусу даамың башка.
Бал татып, май түшкөнчө жанчыласың –
Удургуп улам тийип таштан-ташка, – деп
жазган Мидин Алыбаев.

§ 35. «СЫН СӨЗ» ТОПТОМУ

Сынчылык – байыркы өнөр. Мындай өнөрдүн залкар өкүлү – Толубай сынчы. Ошондуктан элде «Толубайдай сынчы бол» деген үлгү катары колдонулган так кесер түшүнүк сакталып калган. Толубай күнгө куурап, какшып калган аттын башын карап отуруп, сөөктөгү белгилер боюнча анын тулпар экендигин таанып билет. «Аттиңай, Толубайлыгым сен билсеңчи, тушунда тулпардыгың мен билсемчи» – деп ыйлап отурат. Кийин ушул карыядан хан өз жылкыларын чубатууга салып, тулпар тандатып алмак болот. Сынчынын бет алдынан жүз-жүздөн нечен миңдеп жылкы чууруйт. Бирок алардын ичинен Толубайдын купулуна толгон тулпар чыкпайт. Акыры чубатуунун соңунан эшек кейпиндеги бир чобур боз ат өтөт. Сынчы кубанганынан ордунан ыргып туруп: «Ханым, аныk тулпар ушул!» – дейт. Муну хан шылдың катары түшүнөт да, Толубайдын эки көзүн ойдуруп салат. Мына – жаза! Бирок сынчы «көздүн куну болсун» деп ошол жаман бозду сурап алат да, аны эч кимге көрсөтпөй таптап, туура кырк бир күн болгондо, кулпунтуп тулпар кылып минип чыгат. Кемпирин алдыга мингизип, өзү учкашып алат. Анан атайы сейилден келаткан хандын алдынан тосо чыгып: «Кош эми, жигитчилик арың болсо, бул тулпар сага ылайык, жетип алгын!» – дейт. Анан куугун... Бир күн, эки күн, үч күн өтөт. Хандын тулпар деп эсептеген күлүктөрү жаман бозго чендебейт, баары: бири таштактан аксап, экинчисинин маңдайынан күн өтүп, үчүнчүсү мактоо көтөрө албай жолдо калат. Ошондо сынчы токтоп, ханга: «Жаман боз мен минген ат, таанып кара! Сын баркына жете албадың, эми ээн талаада маскара болуп кала бергин» – деп, тулпарга камчы басат. Жаңы кызыган тулпар андан соң зымырап учат... Ошондон элде «Толубайдай сынчы бол» деген сынчылыктын чен-өлчөмү болгон түшүнүк жашап калган Демек, Толубай сынчы, биринчиден, куурап калган башты карап отуруп, андагы белгилер боюнча тулпар экенин тааныйт, экинчиден, чобур боз атты таптап, анын тулпарлыгын ханга далилдеп көргөзөт. Бул – эл байкабаган сапатты, сыпатты көрө билүүчү улуу талант. Мындай сырткы белгилер аркылуу ички мазмундагы эн негизги жана олуттуу сапаттарды көрө билүүчүлүк «Манас» эпосунда өтө көп кездешет. Маселен, Кошой Каныкейди тиктеп туруп, анын маңдай сөөгү кайкы, баатырдын көзү өтсө күн көрөрү тайкы, алтын уз жана шерди туучу жан экендигин көрө билет. Ошол эле Кошой сайышка түшөр Манаска ат тандатып, нечен күлүктөрдү сындан өткөрөт. Мындай сынчылык өнөргө Жакып да, Жолой да, Нескара да эгедер. Ал эми Санчы Сынчы да тубаса көрөгөч адам болгон, санжыралык маалыматтарда ал бир үйдү да койбой элди

жайлоого көчүртүп, чубаган көчтөн кыз-келиндерди сынап отуруп, Үчүкөнүн Маматкулунун уулу Болотко эр азаматты төрөөчү колуктуну тандап бергени айтылат. Санчы Сынчы жерди да сындан өткөргөн экен. Заманды да сындаган даанышмандар болгон. Кыскасы, сынчылар көбүнчө эр азаматты, сулууну, күлүктү, кушту, алгыр тайганды ж. б. сынап билген тубаса көрөгөч адамдардан болгон. (Төмөндө сынчылыкка тиешелүү маалыматтар улуулардан калган таберик түрүндө жайгаштырылды).

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНАН

Биринчи таберик

1. Киши акысын жегендик – арамдыктын белгиси.
2. Мээнет менен жан багыш – адалдыктын белгиси.
3. Тузуна кара санаган – айбандыктын белгиси.
4. Эки абысын урушса, эки тууган болушуп, душман болуп жоолашса, топко түшүп доолашса, нарк кеткендин белгиси.
5. Өндөн азып саргайыш – кеселдиктин белгиси.
6. Кызыл өңүн нур чалып, күмүштөн кемер курчанып, сүлөөсүн кийип сүлкүлдөп, манаттан кийип бүлкүлдөп, жаз күнүндөй жаркылдап, күз күнүндөй күтүрөп, жалтанбай топто сүйлөсө, бул – жакшылыктын белгиси.
7. Сөз ыргытса артыңдан, касчылыктын белгиси.
8. Жамандык башка келгенде, жан ачыган адам жок, жабыркап жаның кыйнаса, көзүнүн жашын тыйбаса, жан кейиткен кайгы-зар көкүрөккө сыйбаса, өйдө чыкса өбөк жок, ылдый түшсө жөлөк жок – жалгыздыктын белгиси.

Экинчи таберик

9. Бир-бирине эркелеш – курбулуктун белгиси.
10. Айтса кулак илбесе, акылсыздын белгиси.
11. Адамдын көөнүн оорутпай, аста-секин кеп айтыш – асылдыктын белгиси.
12. Тойдо жорго минбеген, торко тонду минбеген, топ жыйында жүрбөгөн – жакырдыктын белгиси.
13. Топту жарып сөз айтыш – чечендиктин белгиси.
14. Убада сөзүн унутуу – эсерликтин белгиси.
15. Айттырбастан сыр билген – кыраакынын белгиси.
16. Ушак-айың айтпаган, илгерки өткөн бир ишти улам козгоп казбаган – уяттуунун белгиси.
17. Конок келсе сүйбөгөн, күңгүрөнүп сүйлөгөн, безгек болгон эмедей, кабагын бүркөп калчылдап, катын, бала тилдеген – сарандыктын белгиси.

Үчүнчү таберик

18. Ат мингизип, тон жабуу – аш менен тойдун белгиси.
19. Чагым салып, эл бузуу – ыймансыздын белгиси.
20. Сураганын аткаруу – кыйбастыктын белгиси.
21. Кара жерди кантарган – кажыбастын белгиси.
22. Табакта түп калбаган, жарыбаган түбүндө, жалчыбаган күнүндө – жетесиздин белгиси.
23. Чакыртпай үйгө кирбеген, чагым сөздү билбеген – пейили актын белгиси.
24. Артын салып чыкпаган, карыны көрсө ийменип, чыгдан жакка ыктаган – ызааттуу келин белгиси.
25. Жок жерден чырды баштаган – жалаалуунун белгиси.
26. Үйүндө жылуу сөз айтып, сыртка чыга көз артып, ушакайың сөз сүйлөп, беделинди түшүрүү – арамзанын белгиси.

Төртүнчү таберик

27. Кызыл-тазыл кийинген, мажүрүм талдай ийилген – кыз баланын белгиси.
28. Ак өргөө тигип, тай союп, катар-катар бээ союп, кош өркөчтүү төө союп, субай салтанат кой союп, алыстан мейман чакырып, ырчылар келип ырдаса, сынчылары сындаса, канча бир адам келди деп, мынча байге берди деп, баланча күлүк чыкты деп, түкүнчөнүн балбаны так көтөрүп жыкты деп, эл оозунда айтылса, бул – чоң жыйындын белгиси.
29. Айтылган сырды жашыруу – бекемдиктин белгиси.
30. Эп келтирип сөз айтуу – эстүүлүктүн белгиси.
31. Туура сөздөн качпаган – калыстыктын белгиси.
32. Өз орду менен сүйлөсө, кызыл тилин бүлөсө – таасындыктын белгиси.
33. Кадырлуу болсо журтуна, сүйлөгөн сөзү тек кетпей, карыжаш укса умсуна – акылдуунун белгиси.
34. Энкейтип аттан оодарса, алгандыктын белгиси.
35. Кылган ишке карганса, тангандыктын белгиси.

Бешинчи таберик

36. Көргөндүн көөнүн тайгылтып, алтын-күмүш кармаса, арамдыкка барбаса, зергерликтин белгиси.
37. Жардыга камчы чаппаса, жетим менен жесирди жаман айтып какпаса, берендиктин белгиси.
38. Жетим козу жоготсо, желкелеп урса камчылап, кыбыраган жетимдин көзүнөн жашы тамчылап, бул – кайырсыздын белгиси.

39. Эне-атасын барктаган, элин жоодон сактаган, жол күзөтүп күнү-түн эки ай бою жатпаган – эр азамат белгиси.

40. Калкы турса каржалып, калктын камын ойлобой, келечегин болжобой, казына чачса калактап, бул – кара өзгөй аким белгиси.

41. Калдаландап шашпаган, адамдын көөнүн оорутуп, калпыс сөздү айтпаган – калбааттыктын белгиси.

42. Бирине-бирин тукуруп, эл ичине чаң салган – бузукунун белгиси.

43. Бекитип тамак катпаган, айран, сүтү батпаган – берекенин белгиси.

44. Башкага элин сатпаган, бар жакшысын мактаган, журт намысын сактаган – көсөмдүктүн белгиси.

Алтынчы таберик

45. Жамандыкты кечирүү – айкөлдүктүн белгиси.

46. Эртели-кеч сырдашуу – таттуулуктун белгиси.

47. Ичпей-жебей мал күтүү – катуулуктун белгиси.

48. Санжыргасы сан болсо, сарамжалы мол болсо, салтанаты зор болсо, ал – жакшы аялдын белгиси.

49. Ай чырайлуу кундуз чач, азем сөздүү, алма баш, бели ичке ийилген, кашы тасма чийилген – сулуулуктун белгиси.

50. Эки сүйлөп арада эпчилдик менен жан баккан – куйтулуктун белгиси.

51. Агайынды кордосо, кутургандын белгиси.

52. Урматы кетсе улуунун, кадыры кетсе карынын, зайыптын кетсе ыйманы, кыздын кетсе кылыгы, келиндин кетсе келбети, уулдун кетсе уяты, журт бузулуп нарк кетсе, саржан салып бөлүнүп, сарасы кетсе жериндин, сандырактап ар жерде саны кетсе элиндин, кадыры кетсе сынчынын, кадими кетсе ырчынын – бул акыр заман белгиси (*«Арстанбек» жыйнагынан, 1994, 80–97-беттер*).

1. Эсиңе тут

105-көнүгүү. Биринчи-алтынчы таберикти бүт ичтен кунт коюп оку.

106-көнүгүү. Биринчи таберик. Алгоолоштуруп окуу. (Эки окуучу алмак-салмак окуйт).

1 - у л г у. 1-окуучу. «Киши акысын жегендик – ... .
2-окуучу. ...арамдыктын белгиси».

107-көнүгүү. Экинчи-үчүнчү таберик. Алгоолоштуруп окуу. (Жеке үн+хор)

2 - үлгү. 1-окуучу. «Бир-бирине эркелеш – ... .
Хор. ...курбулуктун белгиси».

108-көнүгүү. Төртүнчү-бешинчи таберик. Жекече үндөр алгоолошот.

1-үлгү боюнча окуу.

109-көнүгүү. Алтынчы таберик. Жеке үн менен хор айкалышат.

2-үлгү боюнча окуу.

2. «Толкун» түрмөгү

(*Суроо-жооптор*)

«Т» үлгүсү. Суроо берилет (каалаган табериктен). Жоопту китептен тез таап окуп берет.

1-окуучу. Киши акысын жегендик кандай белги?

2-окуучу. Арамдыктын белгиси (калганы да ушул сыяктуу).

«О» үлгүсү. Сурооого жооп китепсиз берилет.

1-окуучу. Сөз ыргытуу артынан кандай белги?

2-окуучу. Жамандыктын белгиси.

Калыс. Туура эмес. Касчылыктын белгиси.

«Л» үлгүсү. Суроолордун баары бир гана окуучуга берилет. Өзүнүн билгенине ишенген окуучу гана бардык суроолорго жооп берүүгө далалат кылат. Буга да калыс катышат.

«К» үлгүсү. Суроо таберктеги саптын экинчи бөлүгүн камтып берилет. Жооп берүүдө китепти пайдаланат.

1-окуучу. Арамдыктын белгиси эмне?

2-окуучу. Киши акысын жегендик.

«У» үлгүсү. Суроо «К» үлгүсүндөгүдөй берилет. Бирок жооп-берүүдө китеп пайдаланылбайт. Мында жооптун туура же туура эместигин аныктаган калыс катышат.

«Н» үлгүсү. Өзүнүн билгенине ишенген окуучу бардык суроолорго жооп табат. Суроолор «К» үлгүсүндөгүдөй берилет. Мында да калыс катышат.

110-көнүгүү. Биринчи, экинчи, үчүнчү таберик. Адегенде «Т», андан соң «К» үлгүсү боюнча иштегиле.

111-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы таберик. Адегенде «Т», андан соң «К» үлгүсү боюнча иштегиле.

112-көнүгүү. Биринчи, экинчи, үчүнчү таберик. Адегенде «О», андан кийин «У» үлгүсү боюнча иштегиле.

113-көнүгүү. Төртүнчү, бешинчи, алтынчы таберик. Адегенде «О» андан кийин «У» үлгүсү боюнча иштегиле.

114-көнүгүү. Биринчи, экинчи таберик. «Л» үлгүсүнөн кийин «Н» үлгүсүн иштегиле.

115-көнүгүү. Үчүнчү, төртүнчү таберик. «Л» үлгүсүнөн соң «Н» үлгүсүн иштегиле.

116-көнүгүү. Бешинчи, алтынчы таберик. «Л», андан «Н» үлгүсүн иштегиле.

3. Өзүндү-өзүң табериктер боюнча текшер

1 - ?	8 - ?	15 - ?	22 - ?
2 - ?	9 - ?	16 - ?	23 - ?
3 - ?	10 - ?	17 - ?	24 - ?
4 - ?	11 - ?	18 - ?	25 - ?
5 - ?	12 - ?	19 - ?	26 - ?
6 - ?	13 - ?	20 - ?	27 - ?
7 - ?	14 - ?	21 - ?	28 - ?
29 - ?	36 - ?	43 - ?	50 - ?
30 - ?	37 - ?	44 - ?	51 - ?
31 - ?	38 - ?	45 - ?	52 - ?
32 - ?	39 - ?	46 - ?	53 - ?
33 - ?	40 - ?	47 - ?	
34 - ?	41 - ?	48 - ?	
35 - ?	42 - ?	49 - ?	

(Кошумча түшүнүк. 1ден 53кө чейинки сан табериктеги сын сөздөрдү билдирет, ал эми алардын ар биринин тушуна коюлган суроо («?») белгиси «билесиңби?» дегендик. Суроо белгисинен кийин билсең «кошуу» (+), билбесең кемитүү (–) белгисин калем менен кой. Анан «+», «–» белгилери боюнча жалпы эсебин чыгар. Ошондон соң «кемитүү» (–) белгиси коюлган сын сөздөрүн кайра карап, кайталап аласың).

Сын сөздөр дээрлик эсте жашайт. Ошондуктан аны жатка айт. Керек жерде колдон. Кайда жана кимге айтарынды бил. Бирок кезегин кетирбе.

4. Жазууда колдоно бил

Табериктеги сын сөздөр төл жана бөтөн сөздүн жазуу эрежелери менен жөнгө салынат. (§ 8ди кара).

117-көнүгүү. ◇Т : «△Б» кештесине ар бир табериктен бирден сапты ылайык келтирип жаз.

118-көнүгүү. «△Б», – ◇Т кештесине ар бир табериктен бирден мисалды ылайыкташтырып жаз.

119-көнүгүү. ◇Т : «△Б», – ◇Т кештесине өзүң каалаган төрт сапты (1–6-табериктен) ылайык келтирип жаз.

120-көнүгүү. «△Б, – ◇Т, – △Б» кештесине өзүң каалаган төрт сапты (1–6-табериктен ылайыкташтырып жаз).

121-көнүгүү. Катасы болсо оңдоп жаз.

«Эки сүйлөп арада эпчилдик менен жан багуу куйтулуктун белгиси» экендигин улуу акын Арстанбек ырдаган. Арстанбек бекитип тамак катпаган, айран, сүтү батпаган – берекенин белгиси деп ырдаган. Эп келтирип сөз айтуу, деген Арстанбек, эстүүлүктүн белгиси. Арстанбек «жок жерден чыр чыгаруу – жалаалуунун белгиси» экендигин айткан. Мага акындын сөздүн ыгын билбесе, сөөдүрөп топто сүйлөсө, тантыктыктын белгиси дегени жагат.

§ 36. «ЧЕЧЕН СӨЗ» ТОПТОМУ

«Тил түйгөнду тиш чечпейт».
Эл оозунан

Чечен сөз – сүйлөө өнөрүнүн туу чокусу. Ал терең, курч маани менен таамай, так, кыска жана куюлуштура сүйлөөнүн айкалышынан турат. Эгер маниси өксүсө, кеп кургак чечендикке өтүп кетет. Ал эми жөө чечендер келсе, келбесе деле койгулаштырып, өзүн сөзмөр, билгир көрсөтүүгө далбасташат. Чыныгы чечендик – өз учурунда, керектүү жеринде табигый түрдө пайда болгон, чагылгандай жарк этип баарына таасир берген сүйлөө кубулушу. Ал бирин тушап, тап жылдырбай жүйөгө жыгып, тилин байлап, экинчисин жеңишке жеткирген. Мисалы, көпкөлөң жигит үйгө киргенден кийин, колундагы куржунду көргөзүп: «Кайда илсем экен, келинчек?» – дейт. Так ушул жерде жооп берүүнүн өзүнчө бир кырдаалы бышып жетилди. Көпкөлөң жигит учкай соболу менен өзүнө чаап калар капкан даярдап жатканын байкаган жок, балп эттирип айтып салды. Ичинде ал ушул сөзү менен сулуу келинчекке тийишкиси, да келип турат. Эгер ал келинчек эпилдеп, меймандостук менен унчукпай куржунду тиешелүү жерге алып коюшу деле мүмкүн болчу. Бирок «сөздү сөз келгенде айтпаса, кептин атасы өлөт» дейт. Келин дароо: «Эгер сексен баштуу үйдөн куржунуңуз илине турган керегенин башы табылбай калса, анда мойнуңузга илип алыңыз!» – деди. Жигит буга эмне демек, бир бозоруп, бир кызарып, оозунан кеби түштү. Таш тиштегендей болду. Сөзгө сынды. «Ойлобой сүйлөгөн онтобогон ооруга жолугат» деген ушул. Келин ал жигиттин өз сөзү менен өзүн байлап, женилүүгө дуушар кылды. Бул жерде жигит да мыкты экен, сөзгө жыгыла билип, кээ бир дарданкүү кеп жебестер ушундан кийин да жылжырап сүйлөп, өзүнүн бөксөлүгүн көрсөтмөк. Мырза жигит ушундан кийин абайласа болмок, бирок олдоксон аракети менен сыпаалык көрсөтө албай дагы «чалынды». Мүлжүп бүткөн жилигин бычак менен ургулап, чучугун чыгарып алмакчы болуп жатты. Ошондо алиги келин чыгдандан бир табак сары май алып келип: «Издегениңиз май болсо, сөөк сындырып убараланбай, мына бул майды эле жей бериңиз!» – дейт. Жигит уялганынан тердеп чыкты. Бирок бул ага аз экен. Дагы бир «шыбаганы» эртеси келинден дагы алды. Аттанып жөнөй бергенде, конгон үйдүн ити арсылдап үрүп, аттын куйругуна асылат. Жигит энкее түшүп, дөбөттү камчы менен башка тартып жиберет. Дөбөт каңшылап калат. Анда келин: «Кой, Маңгыт, ыйлаба! Агасы инисин уруп эле койчу?!» – дейт. Ошентип, жигит үчүнчү соккуга адепсиз аракети менен татыктуу болду. «Ээсин сыйласаң, итине сөөк сал» дейт. Конок болгон үйдүн итин чаап,

каңкылдатып кетүү жосунсуз жорук. Бирок жигит келинден жеңилген өчүн иттен чыгаргысы келгендир. Чыгарып болуптур! Келиндин «Кой, Маңгыт, ыйлаба! Агасы инисин уруп эле койчу?!» – деп сооротууга окшогон сөзү жигиттин итке теңелип ит болгондугун далилдеп койду. Албетте, бул келин – чечен, ал ошол касиети менен көпкөлөң мырза жигитти кыска убакыттын ичинде бир эмес, үч жолу сөзгө жыкты. Мындай чечендикти мүнөзү боюнча нукура чыгармачыл деп атаса болот. Башка чечен сөздөр сыяктуу бул да өз учурунда, кырдаал талап кылган керектүү жерде айтылды. Эгер так ошол керектүү учурунда айтылбай өксүп калса, кеп курчтугунан жана таасир этүүчү күчүнөн жанып кетмек. Демек, мында келиндин чечендиги эки нерсе менен шартталат, бири – баамынын өтө күчтүүлүгү, экинчиси – пайда болгон кырдаалды жазбай карманып, чагылгандай тездик менен өз оюн шар айта салгандыгы. Ошентип, төп жана маш келтирип айтуу – чечендикти айырмалоочу белгилердин бири. Бирок мазмунуна жараша бардык эле чечен сөздөр бир түрдүү болбойт. Көпчүлүгү байыртан бери келе жаткан акылман нускалар, куюлушкан ыргактар, макал-лакаптар, сөз берметтери, санат сөз ж. б. менен шөкөттөлүп турат. Маселен, «Бетеге кетет, бел калат, бектер кетет эл калат», «Өткөн өмүр – өчкөн от», «калган көнүл – качкан куш», «Алтын булак өлгөнү – аяктай муздун басканы», «Жамандыкты билгенин – жакшылыкты белгилөө» сыяктуу кептер чечен сөз менен кошо айтылып, ойдун укмуштуулугун, салмактуулугун, жеткиликтүүлүгүн, таасирдүүлүгүн жана сулуулугун арттырат.

Элибизде көптөгөн чечендер болгон. Атыла хандын (Атилланын) тушунда төлгөчү кара Төлөк, Манастын тушунда Үрбү, Байжигит, Ажыбай, Жаныбек хандын тушунда Жейренче чечен, андан кийин Көкөтөй, Айтыбар ж. б. чечендер жашап өтүшкөн. Оболу, азыркы кезде да ар бир айылдын өзүндө сөзгө уста, чечен адамдары бар.

ЧЕЧЕН СӨЗДӨРДӨН

1. Айтыбар чечендин Текес баатырга айтканы

Бир жолу Айтыбар чечен Каркырадан кайтып келатса, алдынан Текес баатыр чыгып, салам айтып, ал-жай сурайт. Анда Айтыбар чечен мындай дейт.

– Мен төрт дартка чалдыктым. Биринчиден, ашуу бербеген тоого кез болдум. Экинчиден, өткөөлсүз сууга кез болдум. Үчүнчүдөн, даамдуу дарымды таппай калдым. Төртүнчүдөн, аёосуз жоонун колунда калдым.

Текес баатыр жалт карап алып, бастыра берет. Үйүнө келип атасына: «Айтыбар чечен дейсиңер, алжып калган чал тура, жайын сурасам, дөөдүрөп сүйлөйт», – дейт. Анда атасы: «А, балам, кайран киши кор болуп калган тура, бир ирикти өңөрүп барып, батасын алып кел», – дейт. Текес атасынын сөзүн кыйбай, Айтыбардын алдына барат. Айтыбар чечен айтканга түшүнгөн акылман баатыр тура деп, жайдары тосуп алып:

– Алыстан эмне алыс? Жакындан эмне жакын? Таттуудан эмне таттуу? – дейт. Анда Текес:

– Жер менен көктүн арасы алыс. Адамга аял жакын. Баладан таттуу жок, – дейт. Айтыбар чечен:

– Билимдүү менен билимсиздин ортосунан алыс жок. Адамга ажал жакын, күн менен түндөй, өмүр менен өлүмдөй киндиктеш нерсе. Жандан таттууну дүйнөдөн табуу кыйын. Өлүм башына келгенде, баласын кыйган адам четтен чыгат, – деди. Анан мурдагы сөзүнө кандай түшүнгөнүн сурап көрсө, анын маанисин билген эмес экен. Ошондо анын жандырмагын айтып бериптир.

– Ашуусуз тоого кез болдум дегеним – тиземди сары суу чалып, баса албай калдым дегеним. Өткөөлсүз сууга кез болдум дегеним – көзүмдү жаш басып чылпактады дегеним. Даамдуу дарымды таппай калдым дегеним – наспайымды таппай калдым дегеним. Аёосуз жоонун колунда калдым дегеним – келин баланын колунда калдым дегеним. Укkан улама, көргөн көсөм, ар нерсеге маани берип жүрбөсөң – укканың бекер. Кой чүкөсү дебегин – колуна жакса сакадыр. Жашы кичүү дебегин – акылы жакса агадыр. Алжыган чал дебегин – кайраса алыс барадыр (*С. Закировдун «Кыргыз санжырасы» китебинен*. Эскертүү. барадыр – барат).

2. Атыла хан эл жөнүндө

Аты чуулуу Атыла хан (тарыхтагы аты – Атилла, атактуу кол башчы, б. з. 458-жылы кайтыш болгон) согушчан болгон менен, акылман эле. Анын көп сөзү элге лакап болуп тарады. Өлүм алдында жатып төлгөчү кара Төлөгүнө (ал Атилланын уазири) осуятын айтты:

– Баатыры миң, бийи бир болсо – эл болот, бийи миң, баатыры бир болсо – эл бузулат – муну унутпа. (*Сапарбек Закиров, «Кыргыз санжырасы» китебинен*).

3. Көкөтөй чечендин Байгазыга айтканы

Көкөтөй Байгазы деген манаптын жылкысын багып жүрүп Торайгырын өлтүрүп алат. Байгазы кер ооз неме болгон. Көкө-

төйдү «Сен Торайгырымды минип жүрүп өлтүрдүң, төлө, төлөбөсөң канынды ичем» – деп каарына алат. Ошондо Көкөтөй тартынбай туруп:

– Эй, Байгазы, эмнени сүйлөп отурасың? Сенин атаң Мусакени мен минип жүрүп өлтүрдүм беле? Ажалы жетсе, айбан эмес адам өлөт турбайбы. Айгырың мингендик үчүн эмес, ажалы жеткендиги үчүн өлгөн – дептир. (*С. Закиров, «Кыргыз санжырасынан»*).

4. Ырысбек чечендин бир келинден жеңилиши

Ырысбек чечен жол жүрүп келе жатып, жалгыз үйлүү Жаманактыкына конуп калат. Жаманак жабыркап, карылыкка бастырып, коломтонун башында отуруп калган эле. Бирок келинчеги жаш, асты-үстүнө түшүп, сыйлап турат. Аны Ырысбек чечен жактырган жок, жанындагы жолдошуна кайрылган болуп, келинди шакабага алат:

– Байкадыңбы, Баркалбас, ак куунун жанында жапалак отурса жарашпайт экен.

Анда келин сөздүн маанисин түшүнө коюп:

– Баатыр, сиз бир кезде тай жеген Таалайбек элеңиз, азыр кой жеген Компойбек болдунуз, шашпаңыз, тарп андыган таз жору да болорсуз, – дейт. Ырысбек чечен сөз айта албай отуруп калат. (*С. Закировдон*).

5. Ниязбектин Качыкеге айтканы

Жаштын иши жаш, баштын иши баш деп, бир угар элем. Суу ылдый агып, суу өйдө чыкмайын адам кагылбайт деп, эки угар элем. Эли тозмоюн эл кадыры билинбейт, жери тозмоюн жер кадыры билинбейт деп, үч угар элем. Аксабаса ат кадыры билинбейт, ата өлбөсө аксакал кадыры билинбейт деп, төрт угар элем. Бая белде кубат барында, билекте күч барында, жүрөктө от барында азууга салып таш чайнап, алангазар кыял менен алоолоп, сөз кадырын билбегем. Сөз кадырын билбесең, өз кадырын билбейсиң. Дөбөгө чыгып сүйлөшүп, сөзгө кулак тосуп, сөз кадырын билгенде, адамга көз бүтөт экен (*Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан*).

6. Дааныш карыянын жообу

Эт желип, кымыз кана жутушканча, эч сөз болгон жок. Ормон көк ташка отуруп сурады:

– Кайсы жерден болосуз, карыя?

– Асманында шумкар айланган, тоолору булут челген, жайнаган малы бар, арча жыттуу абасы бар жерден болом.

– Кайсы элден болосуз, карыя?

– Башы бар, мээси жок, байлыгы бар, ээси жок, малын тынч бакпай, ашын аш кыла албай эсирген элден болом.

– Кайсы айылдан аттандыңыз, карыя?

– Каткырыгы таш жарган, төрүндө отуруп тапкан акылы босогодон ашпаган, бири баштап миңдин убалына калган айылдан чыктым.

– Кимди тосуп чыктыңыз, карыя?

– Алы бар, акылы жок, өз деп жакынын гана баккан, өзгө деп коңшусун – чапкан, алыска уча албаган, көтөрүлсө коно албаган, кыска өмүрүн узун деп жүргөн, ырысын көтөрө албай тебелеп күлгөн бир баатыр боло турган эле. Ошону тосуп чыктым. (*Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан*).

7. Жаныбек хандын жеңилгени

Жаныбек хан:

– Ээ, Асан аке, дүйнөдө малга киришпей турган адам болобу? – деп сураптыр.

– Төлөн мырза малга киришпейт, – деп жооп бериптир. Төлөн мырза Асан кайгынын уулу болгондуктан, Жаныбек хан ишене бербей, эки жигитин чакырып алып:

– Асан кайгынын эки туу бээсин жайдак минип, кара терге чөмүлтүп, Төлөндүн алдынан чыккыла, ал эмне десе, мага айтып келгиле, – дейт.

Жигиттери хандын айтканындай кылып, Төлөндүн алдынан чыгыптыр. Төлөн мырза:

– Ээ, азаматтар, астыңарга тердик салып минсеңер болбойбу, жайдак минип көчүгүңөр жоорубайбы, – деп бастырып кетиптир. Аны жигиттери Жаныбек ханга айтып келишиштир, Жаныбек экинчи жолу Асан кайгыны чакыртып алып:

– Алдынан миң кол качырып чыкса, жалгыз беттешип чыккан азамат болобу? – деген экен. Асан кайгы:

– Андай азамат – Төлөн мырза, – дейт. Жаныбек миң кол даярдап, Төлөнгө жиберет. Төлөн алдынан чыккан жоодон качпай атышып кирет. Жаныбек Төлөндү чакыртып алып:

– Малга эмне киришпейсиң? – деп сурайт. Анда Төлөн:

– Бери караса – маңдайы ысык, нары караса – соорусу суук, кыйкырса – жоо алат, ышкырса – жут алат, малдын эмнесине кайгырайын, андан көрө эр азаматтын көңүлү калбасын – дедим.

– Миң колго кантип каршы чыктың?

– Ажалы жеткен адам бир эле кишиден өлөт, ажалы жетпеген адамды миң киши да өлтүрө албайт, ок жолу ичке, өмүр

каш-кабактын ортосунда, качкан адам аман калып, качырган адам өлөрүн ким билиптир.

Тагдырдын жазымышынан ким качып кутулмак.

Айткан сөз орундуу болгондуктан, Жаныбек жооп таба албай калат (*С. Закиров, «Кыргыз санжырасы» китебинен*).

8. Акылман кыздын жообу

– Асман менен жердин ортосу канча? Батыш менен чыгыштын ортосу канча? Калп менен чындыктын ортосу канча? – деп сурайт хан.

– Асман менен жердин ортосу – эки эли, же каш менен кабактын ортосундай нерсе. Анткени каш-кабагынды өйдө көтөрүп карасаң, асман көрүнөт, ылдый түшүрүп карасаң, жер көрүнөт. Батыш менен чыгыштын ортосу бир күндүк жол, анткени эртең менен чыккан күндүн кечинде батышка батканын көрдүм. Орто жолдо калган күндү көргөнүм жок. Калп менен чындыктын ортосу – төрт эли. Анткени көз менен көргөн чын, кулак менен укkан калп. Көз менен кулактын ортосу – төрт эли, – деп жооп берет кыз.

– Ак чопкут деген эмне?

– Ак чопкут деп айтабыз, атканда ок өтпөсө.

– Аргымак деген эмне?

– Аргымак деп айтабыз, желгенде жылкы жетпесе.

– Акылдуу деген эмне?

– Акылдуу деп айтабыз, чачылган элди эптесе.

– Эр жигит деген эмне?

– Эр жигит деп айтабыз, жоого таштап кетпесе.

– Жерден оор эмне?

– Жерден оор – акыл, билим.

– Суудан терең эмне?

– Суудан терең – окуу, илим.

– Оттон ысык эмне?

– Оттон ысык – адам өмүрү.

– Көктөн бийик эмне бар – дейт хан.

– Көктөн бийик текеберчилик. Ханым, сөзүңүзгө кулдук. «Өзүндү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло» деген. Текеберчилик кылып, теңсинбей турганыңызды билдим. Кароолчунун жаманы – алдырганда өкүнөр, балбандардын жаманы – чалдырганда өкүнөр. Токой толгон тал элем, таяк кылсаң, чарам не. Айдың чалкар көл элем, кудук кылсаң, чарам не, – дейт акылман кыз.

Сөзгө жыгылган хан кызга азаттык берген экен. (*С. Закиров, «Кыргыз санжырасы» китебинен*).

122-көнүгүү. «Айтыбар чечендин Текес баатырга айтканы» боюнча төмөнкү суроолорго кыскача жооп жаз. 1. Текес баатыр Айтыбарды эмне себептен дөөдүр жана алжыган чал деп эсептейт? 2. Текестин атасынын чечендин сөзүн түшүнгөнүн эмнеден байкоого болот. 3. Баатырдын сөз маанисин түшүнбөй калгандыгын чечен кайсылардан улам билди? 4. Төрт дартка чалдыгуу кандайча чечмеленет экен? 5. Айтыбар чечен: «Уккан улама, көргөн көсөм, ар нерсеге маани берип жүрбөсөң – уккандын бекер», – дейт. Бул сөз жалгыз эле Текеске тиешелүүбү.

Унутпа! Колдон!

1. Кой чүкөсү дебегин – колуңа жукса сакадыр.
2. Жашы кичүү дебегин – акылы жакса агадыр.

Чечен сөз айтуу – өзүнчө чоң өнөр, ал эми ага түшүнө билүү, сөзгө жыгылуу да чоң эрдик.

«Сөз кадырын билбесең, өз кадырың билбейсиң.
... сөз кадырын билгенде, адамга көз бүтөт экен».
Ниязбектин айтканы

123-көнүгүү. Оозеки жооп бер. Эмне үчүн баатыры мың, бийи бир болсо эл озот (демек, калк өнүгүп, кой үстүнө торгой жумурткалаган заман келет) да, тетирисинче, бийи мың, баатыры бирөө болсо, эл тозот (демек, биримдик кетет, бузулат, чабылып-чачылат)?

124-көнүгүү. Оозеки сүйлө. 1. Байгазынын доосуна Көкөтөй кандай жүйөнү каршы койду? 2. Эмнеликтен Ырысбек чечен сөз айта албай отуруп калды? 3. Келиндин «Баатыр, сиз бир кезде тай жеген Таалайбек элеңиз, азыр кой жеген Компойбек болдунуз, шашпаңыз, тарп андыган таз жору да болорсуз» деген сөзү эмнеси менен күчтүү? 4. Келин ак куу атаганы үчүн Ырысбекке ыраазы болушу керек эле да, тетирисинче, «жапалак үкү» делип кордолгон күйөөсү үчүн өч алып, ал чеченди эмнеге сөз менен жыга чапты?

125-көнүгүү. Ниязбектин сөзүн окуп, андан соң жай, салмак менен кайталап айтып берүүгө аракет кыл.

126-көнүгүү. Дааныш карыя менен Ормондун сүйлөшүүсүн ролдоштуруп окугула. (Дааныш – акылман жана чечен карыя. Ормон – жаш жигит). Андан соң оозеки ой толгоо. 1. Дааныш карыя эл арасындагы боло келген кайсы мүчүлүштөрдү сынга алууда? 2. Сен ошого макулсуңбу?

127-көнүгүү. Төлөн мырзанын чечендиги кайсы сөздөрүнөн байкалат? Окуп бер.

128-көнүгүү. Акылман кыздын ханга берген жообун ролдоштуруп окугула (хан менен кыз катышат).

129-көнүгүү. Кыздын биринчи жана акыркы суроого берген жоопторун жатка айтып бер.

Өзүңдү-өзүң текшер

1. Чечен сөз жөнүндө ☐
2. Айтыбар чечендин Текес баатырга айтканы ☐
3. Атыла хан эл жөнүндө ☐
4. Көкөтөй чечендин Байгазыга айтканы ☐
5. Ырысбек чечендин бир келинден жеңилгени ☐
6. Ниязбектин Качыкеге айтканы ☐
7. Дааныш карыянын жообу ☐
8. Жаныбек хандын жеңилгени ☐
9. Акылман кыздын жообу ☐

Жогорудагы төрт бурчтуктун ичине төмөндөгү тамгалардын тиешелүүсүн кара калем менен белгиле.

«А» – эң жакшы билем.
«С» – билем.
«Е» – чала билем.
«Л» – кайталап окуйм.

§ 37. «НАСААТ СӨЗ» ТОПТОМУ

Бир жолу акылмандан «Сарт аке, насаат-насаат эле дейбиз, бу насааттын насили эмнеде?» деп сурашса, ага Сарт аке: «Насаат – жашоо эрежеси, турмуш багыты. Ким насаатты кабыл албаса, боюна синирбесе, сокур пенде карангыда кан жолго таяксыз жалгыз чыккандай болот» – деп жооп берген экен. Насаат

сөз турмушта кеңири колдонулат, аны көбүнчө улуулар кичүүлөргө акыл иретинде айтышат. Ал эки түрдүү урунулат: бири – кара сөз түрүндө, экинчиси – ыр түрүндө (ал «Насыят» делет, «насаат», «насыят» деген сөздөрдүн сомосу бир). Экөөнүн тең максаты бир – жаш өспүрүмгө тарбия берүү, кийинкилерди туура жолго салуу. Демек, бул да тил каражаты менен баяндалган мазмун, тунук ой, ал кыска да, нуска да болот. Курч, таасын. Кээде чечендик менен куюлушкан ыргактарга шөкөттөлүп айтылат. Насаат ар бир жанга керек, Сарт акенин жогорку оюн тарамдатып чагылтсак, төмөнкүдөй көрүнүшкө ээ болот:

– насаат-жашоо эрежеси;

– аны кабыл алуу жана бойго сиңирүү керек;

– эгер кимде ким андан баш тартса, ал караңгыда кан жолго таяксыз жалгыз чыккан сокур пендени элестетет. Демек, насаат үйрөнбөгөн өспүрүм көздүү болсо да көзсүз, караңгы жолдо жалгыз да, таяксыз да. Мындай абалда ал не деген гана азаптарга туш болбойт... Ошентип, кыргыз акылманы Сарт акенин бул айтканы баарыбызга таандык, насаат сөз – кишидеги адамгерчиликти калыптандыруу жана жетилтүү багытындагы тарбиялык каражаттардын ортон колдой бөлүгү. Орток каражат, ошондой эле тилдин өзүнчө кеп тармагына кирет. Насаат сөз турмушубузда өтө көп, Маселен, Жусуп Баласагындын «Кут билим» китеби бүт насааттан уюп бүткөн. Эл ырчыларында алардын чети оюлгус. Төмөндө айрым насааттар гана берилет.

1. Элдик насааттардан

1. Улууларга озунуп салам айт. 2. Келген адамга «Үйгө кириңиз! Нан ооз тийиңиз» дегенди унутпа. 3. Улуу кишинин (же меймандын) атын ал, кетип баратканда атказ. 4. Келген адамга эшик ач, төргө өткөр. 5. Адеп менен чыны сун. 6. «Даамдан алыңыз!» – деп суран, меймандан мурда дасторконго кол сунба. 7. Үйдө улуулата отур. 8. Колго суу тамактан мурда солдон, аягында ондон куюларын бил (Оң, сол босогого карата эмес, төргө карата аныкталат). 9. Чайды, жарманы, сорпону, кымызды шоркуратып ууртаба. 10. Нанды, этти аптыгып, же чалпылдатып чайнаба. Шашпай, майда чайна. 11. Бирөөнүн алдындагы даамга кол сунба. 12. Тамак жеп жатканда, эстеп-куштабай отур. 13. Тамак жеп жатканда сүйлөбө. 14. Устуканыңды таза мүлжү. Колуңа алып тиштеген нанынды түгөт. Канчалык тоюп турсаң да, башкаларга «Алыңыз!» деп сыяпат көрсөтүп, табактан кол тартып алба, таза болбосо жемиш болуп отур. 17. Чаранын өз тарабындагы жагын дароо оюп жибербе, үстүртөн кайпып жеп, сыпайгерчилик кыл. 18. Суу куйган балага «Көп жаша», «Кем болбо», «Арыба», «Теңир жалгасын», «Ыймандуу

бол» деген өндүү алкоо айтууну (бата берүүнү) унутпа. 19. Кийиминди таза кий. Эски болсо да, таза болсун. 20. Бут кийиминди чечкенден кийин чаңын сүртүп, майлап кой. Байпагыңды өзүң жууганга көн. 21. Ар дайым улууларга, кош бойлууларга, бала көтөргөнгө орун бер. 22. Күлдү тебелебе. 23. Жолдо жаткан ташты алып сал. 24. Сууга акир-чикир таштаба. 25. Колунду аркана алып баспа. 26. Бутту учкаштырып отурба. Сынар тизелеп, малдаш токунуп, тизелеп отурганды бил. 27. Улуунун кешигинен ооз тий. 28. Улуулар сунган устуканды элпектик менен ал. 29. Дасторконду баспа, кол сүлгү менен тизеңди жаппа. 30. Кол сүлгү (же майлык) менен оозду ааарчыба. 31. Тамакты биринчи эң улуу киши ооз тийсин. Эт болсо биринчи эң улуу кишиге кесип бер. 32. Жети атаңды бил. 33. Энеңдин ак сүтүн акта. 34. Көп угуп, аз сүйлө. 35. Кичи пейил, жөнөкөй бол. 36. Эч качан мактанба. 37. Арбакты, мазарды сыйла, аларга сыйын. 38. Баш кийимди теппе. 39. Жатып тамак ичпе. 40. Колуң менен жер таянып отурба. 41. Ооз кесир сүйлөбө. 42. Калп айтпа жана убадаңа бек бол. 43. Жолдошуңду жолго таштаба, ж. б.

2. Мухаммед пайгамбардын осуяттарынан

1. Илимди Кытайга болсо да барып ал. 2. Малдын айыбын жашырып сатпа. 3. Пенделердин эң жакшысы – адамдарга пайда келтире тургандар. 4. Ким эки жүздүү болсо, кыямат күнүндө тилине от жанат. 5. Көлөкөсүн эл пайдалана турган бак-дарактты кескен кишини Алла таала тозокко салат. 6. Бир киши айыбынды ачып салса, анын айыбын айтпа. Сен сөкпө. Сообу сага, күнөөсү ага болот. 7. Дүйнөдө адамдарды какшаткандар кыямат күнүндө катуу кан какшайт.

3. Улукмандын уулуна айткан жүз насаатынан

1. Устатыңды атаңдан артык сана. 2. Жоомарттыкты өзүңө өнөр кыл. 3. Бирөөнүн үйүнө киргенде, көзүң менен тилиңди тый. 4. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба. 5. Бүтүрбөгөндү бүтүрдүм дебе. 6. Сурап келсе, кур кайтарба. 7. Перзентиңе адеп менен илим үйрөт. 8. Эл көзүнчө какырынып, түкүрбө. 9. Тамаша сөзгө көнүп калба. 10. Көзү өткөндү жамандаба. 11. Башкаларды каратып коюп, тамак жебе. 12. Дүнүйө үчүн башыңды машакатка салба. 13. Сүйлөшүп жаткан сөзгө кыпчылба. 14. Коноктун көзүнчө бирөөгө ачууланба (Улукман – байыркы араб акылманы).

4. В. А. Сухомлинскийдин насааттарынан

(*Дүйнөлүк асыл нарк казынасынан*)

1-насаат. Биздин тилибизде жүз миңдеген сөз бар, бирок мен биринчи орунга нан, эмгек, эл деген үч сөздү коёт элем. Бул үч тамыр бири-бирине ушунчалык чырмалышып кеткен, аны жулуп таштоого да, ажыратып жиберүүгө да мүмкүн эмес. Нандын, эмгектин эмне экенин билбеген адам өз элинин перзенти болуудан да калат. Андай неме элдик эң сонун рухий сапаттардан ажырап, урмат-сыйга татыксыз жолбунга, шүмшүккө айланат. Эгер адамдагы ушул кубаттуу үч тамырдын кайсынысына доо кетпесин, ал чыныгы адам болуудан калат, анын ичине курт түшүп, чирий баштаганы ошол.

2-насаат. Эң башкысы – адамды адам кылган анын акыл-эси, ар-намысы, инсандык сыймыктануусу болот.

3-насаат. Адам үчүн эң коркунучтуусу – көзү ачык туруп уктап кеткен кишиге айлануу: карап туруп көрбөй коюу, көрүп туруп ал жөнүндө ойлобой коюу, жамандыкка да, жакшылыкка да кайдыгер мамиле кылуу, жамандыкты, жалганды кыйгап өтүү. Мына ушулардан сактан, уулум.

4-насаат. Ишеними жок адам – чүпүрөк.

5-насаат. Сен өзүнү тарбиялоо менен бирге балдарыңы тарбиялоого да азыртан даярдана барышың керек. Өзүндү кайталай турган неменин жүрөгүнө терең бир ишенимди – нан деген таберик оңой-олтон колго тие койбосун, ал үчүн уйкудан безип, колдорду кабартып, тер агызып, кыйынчылыктарды баштан кечириш зарыл экендиги жөнүндө ишенимди уялат.

6-насаат. Өзүн-өзү тарбиялоо өзүн-өзү таанып билүүдөн башталат. Жаш кишинин өмүрүндөгү эң татаалы, эң кыйын нерсе – өзүн четтен туруп көрө билүү, башкалардан өзгөчөлүгүн көрө билүү.

7-насаат. Биздин турмушта эч нерсе менен теңештирүүгө, салыштырууга болбой турган нерсе бар. Ал – биздин Ата мекен, бир тууган эл, сүйүктүү Ата журтубуз. Кээ бирибиз жок болсок да, Ата мекен жашоосун уланта берет, бирок Ата мекенсиз биздин ар бирибиз киши эмеспиз.

8-насаат. Мына, сенин көз алдыңда бирөө бирөөнү шылдыңдап атат дейли. Ушундай майда көрүнгөн нерсеге көз жуумп койсоң, бара-бара чоң нерселерге да көз жумуп коё турган болосун.

9-насаат. Китептер – адамдын кылымдар бою топтолуп келаткан даанышмандыгы. «Жакшы китепти биринчи жолу окуганда, – деп жазган Вольтер, – жаңы дос тапкандай сезимди баштан кечиребиз». Мурда окулган китепти кайрадан окуп чыгуу – эски досунду жолуктурганга тете. Эски, жакшы досторуң ылайым көбүрөөк болсун.

10-насаат. Китеп окуу – механикалык кубулуш эмес, бул чыгармачылык. Окуп жатып ойлонууга, талдап көрүүгө үйрөн.

11-насаат. Башкысы – ар бир жаш киши оюнун жардылыгын кыйкырык, жөнү жок каарданууу, ачууланууу менен толтурууга болбой турганын унутпашы керек. Кишинин психикасынын терең инде – айбанча коркутуу, катаалдык, таш боордук сыяктуу инстинкт үргүлөп жатат.

12-насаат. Тарбиялоо деген өзүндөгү айбандык инстинкттерди басып таштоо менен бардык кишичилик сезимдерди өстүрүү дегендикке жатат. Жапайылык инстинкт – бардык жандууларга, сулуулукка болгон боорукердиктин жоктугу.

13-насаат. Ата мекен – эркелеткенди да, талап кылганды да билген эне. Эгер баласы жаман чыкса, бекерпоз, таш боор, жүүнү бош, эки жүздүү, абийирсиз болсо, эненин шору. Эгер сен чыныгы адам боло албасаң, Ата мекениң энендей эле капаланат, кайгырат. Ата мекениң сыймыктангандай жашап жана иштегин. Бир тууган элиндин кызыкчылыктарынан тап өз бактаалайынды.

14-насаат. Мени тынчсыздандырган дагы бир нерсе – көп жаштар жеңил баа адепсиздик менен ооруп жүрүшөт деп айтар элем. Күпкүндүз көчө менен бараткан кыз, жигит кучакташкандары аз келгенсип, элди көзгө илишпей өбүшүп да кетишет. Кол тийгис ыйык нерсени башкаларга көрсөтүү келесоолук, нары бетсиздик.

15-насаат. Сүйүү – баарынан мурда сенин сүйүп калган кишиң үчүн жоопкерчилик. Сүйүүдөн убактылуу жыргалды издеген – бузуку жана шүмшүк ошо. Сүйүп калуу – демек, баарынан мурда ошол сүйгөнүңө жан отуңу толук берип, аны бак-таалайлуу кылуу.

16-насаат. Таза сүйүү жашты эр жетилтет. Айныбас сүйүү – бүткүл өмүргө жетерлик сүйүү, аны кимдер гана тилебейт? Сүйүү илими жок экенин унутпа. Сүйүү – адамгерчиликтин эң кыйын сыноосу.

17-насаат. Чыныгы сүйүү – сага дагы бир жолу кайталайын, жыл өткөн сайын бошоңдобостон, бекемделип отурат. Сүйгөн кишиме мен өзүмдүн жан дүйнөмдүн бир бөлүгүн өткөрүп берем, ал өзүнүн жан дүйнөсүндөгү сулуулуктун жана жакшылыктын бир бөлүгүн мага өткөрүп берет, ошентип, ал экөөбүз кайталап жаратууга болбой турган байлыкты жаратабыз. Бул – кишиликтин жеткен жери.

18-насаат. Ынактык – кишидеги сезимдерди тарбиялоочу мектеп. Мындай достук кишидеги жакшылыкты калыптандырып, бекемдеш үчүн керек.

19-насаат. Жан дүйнөнүн көңдөйлүгү, эч нерсеге ишенбөөчүлүк – эң жаман дарт ушу. Көңдөй жан дүйнө жаманды тез кабылдап, жакшы нерсенин таасирине кыйынчылык менен берилет.

20-насаат. Сен өзүң өз тагдырыңдын, өз бак-таалайыңдын түзүүчүсү экениңди унутпа. Адам үчүн баарынан маанилүүсү, баарынан кыйыны – дайыма, ар кандай шарттарда да адам бойдон кала берүү. (*Василий Александрович Сухомлинский* (1918–1970) – даанышман мугалим, атактуу советтик педагог, ал өз өмүрүндө окутуу жана тарбиялоого арналган 37 китеп, 586 илимий макала жазган. Жогорку «насааттар В. А. Сухомлинскийдин «Уулума кат» деген китебинен алынды, которгон – Жунай Мавлянов).

§ 38. НАСААТТАР СЕНИН ТУРМУШУҢДА

1. Насаат кепти үйрөн

Насаат кеп – бул карандай буйрук эмес, сырдаштык маанайда тартууланган сунуш, маданияттуу талап жана кеңеш.

Сен өткөргүчсүң, мурдагылардан (же окуу китебинен) насаатты кандай өткөрүп алсаң, кийинкилерге ошондой өткөрүп бересиң.

130-көнүгүү. Элдик насааттарды сыдыра оку жана алардын ичинен мурдатан билген, колдонуп жүргөндөрүңдү, колдонбогондорду аныкта.

1. Билем жана колдонуп жүрөм: (41 насааттын ичинен билгендериндин катар номерин жаз).
2. Угуп жүрөм, бирок өзүм колдонгон эмесмин: (катар номерин).
3. Уккан эмесмин, колдоно элекмин: (катар номерин көрсөт).

131-көнүгүү. Мухаммед пайгамбардын осуяттарын канчалык билгенинди текшер.

1. Билем жана колдонуп жүрөм: (катар номерин жаз).
2. Угуп жүрөм, бирок колдонгон эмесмин: (катар номерин жаз).
3. Уккан эмесмин, колдоно элекмин: (катар номерин жаз).

132-көнүгүү. Улукмандын насааттарын канчалык билгенинди аныкта.

1. Билем жана колдонуп жүрөм: (катар номерин жаз).

2. Угуп жүрөм, бирок колдонгон эмесмин: (катар номерин жаз).
3. Уккан эмесмин, колдоно элекмин: (катар номерин жаз).

133-көнүгүү. Жогорку үч көнүгүүдөгү «Угуп жүрөм, бирок колдонгон эмесмин», «Уккан эмесмин, колдоно элекмин» деген топко кирген насаат кептерди кайталап оку жана көңүлгө түй.

134-көнүгүү. В. А. Сухомлинскийдин 20 насаатын кезектешип окуу (буга эки же андан көп окуучу катышса да болот, бирок үндөр жоон, ичке, бийик, жапыз, салмактуу жана көркөм окулушу боюнча бир түрдүү болууга тийиш эмес).

Үлгү. 1-окуучу. (1-насаат). 2-окуучу. (2-насаат). 3-окуучу. (3-насаат).

2. Өз сөзүңө кошуп сүйлө жана жаз

1-үлгү. Ата-бабанын «Жолдо жаткан ташты алып сал» деген насааты ар бир жанга – бала бакчадагы баладан өбөктөгөн карыяга чейин тиешелүү. Жол көптүкү. Аны таза кармоо керек. Жолдо жаткан ташты алып салуу – бул адамдардын ортосунда бири-бири үчүн кылган кызматташтык, камкордук.

2-үлгү. Жолдо жаткан ташты алып салуу – менин тике-ден-тике милдетим. Мен муну иштейинби, же иштебейинби деп ойлонууга акым жок. Башка бирөөнүн суранычынын же кийлигишүүсүнүн да кереги жок. Ташты көрдүмбү, болду, аны четке чыгарып салам. Бул насаат – элдик. Мен ташты алып салып жатып жалпы элге кызмат кылам жана элдин бир мүчөсү экенимди сезем.

3-үлгү. Өткөндөгү бир көрүнүш эсимде. Дүкөндүн тушундагы кашка жолдо тебетейдей бир кара таш жатты. Кайсы бир шопур машинесинин дөңгөлөгүн тиреп, анан алып салууну унутуп кеткен баштанат. Эми ошол жолдон окуучулар да, мугалимдер да, аттуу-жөөлүү, машинелүү кишилер да өтүп жатышты. Бирок ошол ташты алып салуу биринин да оюна келген жок. Аны ким алып салышы керек? Эмне үчүн мындай? Бул кайдыгерликпи? Маданиятсыздыкпы? Элдик насааттардан наар албай калгандыкпы?

135-көнүгүү. Элдик насааттардан үчтү жогорку үлгүлөрдүн бириндей кылып, өз сөзүңө кошуп сүйлө.

136-көнүгүү. Мухаммед пайгамбардын эки осуятын өз сөзүңө кошуп сүйлө (үлгүгө окшоштур).

137-көнүгүү. Улукмандын насааттарынан экини өз сөзүнө кошуп сүйлө (үлгүнүн бирине окшоштуруу менен).

138-көнүгүү. В. А. Сухомлинскийдин насааттарынын ичинен үчтү (2, 10, 15-насааттарды)

1. Т : «Б », – Т .
2. «Б , – Т , – Б» .
3. Т : «Б» . кештелери боюнча жаз.

139-көнүгүү. «Ишеними жок адам – чүпүрөк» деген сөздү төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын төрт түрү боюнча өзгөртүп жаз.

1. Т : «Б». В. А. Сухомлинский минтип жазган: «Ишеними жок адам – чүпүрөк».
2. «Б », – Т . –?
3. Т : « Б », – Т . –?
4. «Б , – Т , Б» . –?
5. △ - гин
   - ги жөнүндө –?
   - ги тууралуу

4. Өзүң да насаат айтып көн

Жашоо-тиричиликте сен кимдир бирөөгө каалаасаң да, каалабасаң да насаат кеп айтууга мажбур болосун. Бирок унутпа, насаат капааттабай, ныгырбай салмак менен чын жүрөктөн айтылат. Анын күчү ошондо.

Үнүндү бийик чыгарып, ачууланып, кабагынды бүркөп айтсаң, ал жемеге айланат. Натыйжада насаат кеп күчүнөн тайып, кабыл алуучуга жетпей, сая кетет.

Ал эми насаатты айтуу үчүн, ири алды, аларды өзүң толук билишиң абзел.

140-көнүгүү. Өзүңдү өзүң текшер.

Элдик насааттар боюнча.

1.-?	12. - ?	23. - ?	34. - ?
2.-?	13. - ?	24. - ?	35. - ?
3.-?	14. - ?	25. - ?	36. - ?
4.-?	15. - ?	26. - ?	37. - ?
5.-?	16. - ?	27. - ?	38. - ?
6.-?	17. - ?	28. - ?	39. - ?
7.-?	18. - ?	29. - ?	40. - ?
8.-?	19. - ?	30. - ?	41. - ?
9.-?	20. - ?	31. - ?	
10.-?	21. - ?	32. - ?	
11.-?	22. - ?	33. - ?	

Эскертүү. Суроо (?) белгисинен кийин билгенинде «+», билбегенинде «−» белгисин кой.

Мухаммед пайгамбардын осуяттары боюнча.

1-?	5-?
2-?	6-?
3-?	7-?
4-?	

(Мында да билгенинде «+» , билбегенинде «−» белгисин кой).

Улукмандын насааттары боюнча.

1-?	5-?	9-?	13-?
2-?	6-?	10-?	14-?
3-?	7-?	11-?	(Билгенинде «+», билбегенинде «−»
4-?	8-?	12-?	белгисин кой).

Сунуш

Жогорудагы өзүң белгилеген кемитүү (−) белгилери боюнча насааттан тиешелүү саптарды окуп, өзүңдү өзүң эң сонун толуктай аласың.

141-көнүгүү. В. А. Сухомлинскийдин сөздөрүн өзүңдүн альбомуңа, залкар ойлор жазылган күндөлүгүңө жазып ал.

ҮЧҮНЧҮ БАП

ДИЛБАЯН

«Ой кууган оомат табат».
Эл оозунан

1. Дилбаян – бул дилинде турган ойду өз алдынча толук кандуу жаза билүү. Ал айрым чымындууларга гана тиешелүү эмес, ар бир окуучуга, демек, бардыгынарга таандык чыгармачылык.

2. Дилбаян адамдын ички жан дүйнөсүн козгоого, уктап жаткан табигый дареметти ойготууга жана аларды дилден тилге түшүрүүгө кызмат кылат.

3. Китеп окуп, андагыларды терең түшүнө алуу сыяктуу эле дилбаян жазуу да – нукура инсандык сабаттуулук. Ошондуктан төмөндөгүлөр ойдун чордонунда болууга тийиш:

– ой-пикирди кандай түрдө чагылдыруу;

– максатка жараша ойду байытып же сомолоп жаза билүү;

– агынан жарылып, төгүлүп-ташып, дилдеги, жан-мээрдеги толгоону ачып жаза алуу;

– мамлекеттик тилдин байлыгынан сузуп алып, аларды каалашынча пайдалануу, ж. б.

4. Китептен, гезит-журналдан башка бирөөнүн оюн көчүрүп жазып алып, аны дилбаян деп эсептөө натуура. Ал – уурулук. Ката кетсе да, өз оюңду жазып көн. Анткени ойду жаза билүү да эмгектенүүнүн өзүнчө түрү. Ал сенин башка эч ким ээлик кыла албаган менчик жана жекече ой толгооң, жан сырың, акыл туундуң болуп саналат.

5. Машыктыруу мүнөзүндөгү дилбаянда эмгекти орфографиялык жана пунктуациялык каталар боюнча баалоо экинчи планга сүрүлөт. Ал эми бүт ой-пикириң, эс-дартың дилбаянды кантип, кандайча жакшы жазууга гана бурулушу керек. Качан жазганыңды ойдогудай деп эсептеп, купулуна толгон кезде, анан гана тирмие тиктеп, дилбаянынды орфографиялык жана пунктуациялык каталардан арылтсаң болот (Мындай иште ушул окуу китебиндеги § 1 – § 27ге чейин камтыган «Сабат санжырасы» топтому сага кызмат көрсөтө алат).

§ 39. ДИЛБАЯНДЫН ТҮРЛӨРҮ

1. Баяндоо дилбаяны. Ал төмөндөгүлөрдү ичине алат: 1) дүңүнөн жазуу (ал жондотуп жазуудан жана түгөл баяндоодон ту-

рат), 2) сомолоп жазуу, 3) сүрөттөп жазуу. 2. Ой толгоо дилбаяны. Бул да төмөнкүлөрдү кучагына алат: 1) чечмелеп жазуу, 2) тыянактап жазуу, 3) иликтеп жазуу, 4) сындап жазуу (жекече пикирлер), 5) маселе көтөрүү (талкуу мүнөзүндө).

3. Шөкөттөлгөн дилбаян. Ага төмөнкүлөр кирет: 1) аңгеме, 2) пьеса-дилбаян, 3) диалог-дилбаян, 4) ыр, 5) кыялданып жазуу.

Кулагына күмүш сырга

Эсиңе ал!
Эсиңе ал!

Дилбаяндын кандай гана түрүн жазба, төмөндөгүлөрдү керегиңе жараша пайдалануурга тийишсиң. Алардын көпчүлүгү ушул окуу китебинде бар («Кеп куржунду» кара, 2-бап, XI класста 5-бап).

1. Илхам кеп, санат сөз (§ 34, § 29).
2. Макалдар (§ 28).
3. Сөз берметтери жана тил кутучасы (§ 30, § 33).
4. Чечен жана сын сөздөрү (§ 35, § 36).
5. Насаат жана нуска сөздөр (§ 37).
6. Мээр сөз жана санжыргалуу казына (§ 31, § 32).
7. Ар кандай маалыматтар (өзүң издеп тапкан энциклопедиядан, адабий чыгармадан, окуу китептеринен, гезит-журналдардан ж. б. алынган маалыматтар).
8. Тээк сөздү (эпиграфты) колдонсоң болот, ал тексттин башына – баракты оң жагына, темадан кийин тырмакчага алынып, анан автору жазылып (кашаанын ичине алынып да, алынбай да) берилет. Анын мазмуну дилбаяндагы айтылган ойлорго үндөш болот. Ал автор каалаган улуу, белгилүү адамдардын, жазуучулардын сөздөрүнөн, элдик макалдардан алынат. Мисалы, дилбаяндын айрым үлгүлөрүндө тээк сөз пайдаланылды.
9. Дилбаянды жазып бүткөндөн кийин кайрадан оку. Ашыкча жерлерин сызып сал, кошумчалай тургандарынды кыстыра тургандарын сызып, ошондой эле дилбаяндын этегине ошол номурду коюп, анан ошерге кошумча ойлорунду түшүр. Бул ишиңе ырааттуулукту берип, ашыкча мээнеттен куткарат.
10. Качан кошумчаланып, дилбаяндын мазмуну толук бүткөн кезде, анан бүт дитинди «Сабат санжырасы» боюнча орфографиялык жана пунктуациялык каталарды ондоого бурасын. Мүмкүн болушунча бөлөк сыя же кара калем менен аракет кыл. Антке-ни ондоо даана көрүнсүн.

11. Керектүү учурунда ар бир дилбаян талкуунун өзөгү боло алат. Анда талашып-тартышып, жекече оюнду жүйөлүү далилдер менен бекемдеп коргоого тийишсин. Ошол эле учурда башка окуучулар сенин дилбаянын жөнүндө жекече ой-пикирин да айтат. Мактоого дарданбай, кемчилигинди айтканда чычалабай, өзүндү токтоо карма. Себеби сындаган да, сын укканды да ички дүйнөсүндө калыптануу, иргеп, жакшысын өздөштүрүү, жаманын жерүү кубулушу жүрөт.

§ 40. ДҮҢҮНӨН ЖАЗУУ

Бул – жалпы жонунан жазуу дегендик. Ал эки түрлүү: биринчиси – үстүртөн чөп башылап кыскача баяндоо (ал 4–5 же 7–8 сүйлөмдү кучагына алган чакан кабар түрүндө болот), экинчиси – көргөнүн көргөндөй, билгенин билгендей чүргөп жаза берүү (мунун көлөмү кээде 4–5 баракка да батпай калышы мүмкүн).

1-үлгү. Жондотуп баяндоо.

Жаңыл Мырза

Касым Тыныстанов да Жаңыл Мырза жөнүндө 1924-жылы поэма жазган. Анда Түлкү баатыр Жаңыл Мырзага үйлөнгүсү келет, бирок кудалабай майданда багын басып, жеңип алып гана жубай кылмакчы. Ушул ой менен Түлкү Какшаал тоого барып, нойгуттардын жылкысына тийип, айдап кетет. «Жоо келип, жылкыны айдап кетти» деген кабар ит агытып, куш салып жүргөн баатыр кызга жетет. Жаңыл жоонун артынан сая түшөт да, ай карангы түндө Түлкүлөрдүн от жагып, таш кордо бышырып, өргүп отурган жерине кез келет. Жар башынан эрлерди сынай карап, көнүлүнө Түлкү жагат. Бирок кыздын тайганы коломто жакка шимшилеп барып калса, Түлкү «Канчыктын тайганы» деп суук сөз айтат. Ошерден Жаңыл ачуусу менен төртөөн тең жаа менен атып салат. Кийин өч алуучулар Абылдын жардамы менен Жаңылды колго түшүрөт да, «кордукта кыз өмүрү чирисин» деп бир карыга аял кылып алып беришет.

Бир топ жылдан кийин жайлоодо эсирип кымыз ичкендер Жаңылдын өнөрүн көргүсү келет. Жаңылды чакыртса, ал кыйылып жатып макул болот. Анан Абылдын тебетейин көккө ыргыттырып, аны жерге түшүрбөй 15 жолу атууга үлгүрөт. Ошон-

дон соң өз элин сагынган кыз Какшаал тоону бет алып жөнөп кетет. Барса, киндик кескен тууган жеринде нойгут эли жок, душман чаап, айдап кетип калган экен. Бир адам жок. Анан чабылган элдин күйүтүнө чыдабай Жаңыл өзүн-өзү өлтүрөт.

2-үлгү. Толук баяндоо.

«Жаңыл Мырза» поэмасы

Мен Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» деген поэмасын кызыгуу менен окуп чыктым. Анда окуя лирикалык каармандын баяны менен башталат. Ал мойну узун күздүн түнү уйкусу качып, чубалжыган учсуз кыялга чөмүлөт. Ошондо алыстан комуздун үнү угулат. Анан ал ыргып туруп, күү чыккан тарапты бет алып жөнөйт. Барса, базардын бир четиндеги дөңдө абышка комуз чертип жатат. Башын ылдый салып, ыйлаган, күңгүрөнгөн, чалганы арман. Белиндеги чоң киседе оттук, майлык. Дубана дейин десе, алдында белгиси жок жоолук жайган. Көптөн кийин абышка туруп кетет. Артынан биздин лирикалык каарман да ээрчип алат. Анан бир дөңгө барып, карыя мандаш уруп отурат, каарман менен жай сурап маектешет. Анан абышка Жаңыл жайын долу комуз менен коштоп баян кылат. Күү чалынганда Ысык-Көлдө толкун токтоп, ак балыктар көз салып карашкандай болот. Ак ай да күү тыңшайт. Ала-Тоонун боорундагы алтын булак да чыдабай, ал да үн алышып ырдап жиберет...

(Окуучу андан ары Тагай бий, анын урпактары Үчүкө, Түлкү болгонун, алардын кур жүргөн кулан менен бирге ойногон эр азаматтар экендигин жазат. Анан Түлкүнүн үйү көчүп, анын келинчеги кайненесин – аткарбай өзү аттанып, бешикти өңөрүп кеткени, муну бечкек кылган эне уулу Түлкүгө айтып, колук-тусун кетиргенин баяндайт. Андан ары Түлкүнүн Жаңылга үйлөнмөк болуп барганы, Түлкүнүн баатыр кыздын жаасынан өлгөнү, кийин Жаңылдын колго түшкөнү, жоокердик өнөрүн элге көрсөтүшү, анан барып өз жерине келиши, элин жоо чаап, айдап кетип, ордун сыйпалап калышы терип-тепчип жазылат). Аягында Жаңыл Мырза күйүтүнө чыдабай бир кезде Түлкүнүн жанынан сактап жүрүү үчүн атайы чечип алган кестикти колуна кармайт. Анан Түлкүнүн баш сөөгү жаткан жерде өзүн-өзү өлтүрөт.

Ошентип, Касым Тыныстанов: «Күңгүрөп долу комуз, мункан, мункан!» – деп поэмасын аяктайт.

Дүңүнөн баяндап жазууда чыгармага карата болгон жекече мамиле анчалык байкалбайт. Ойдун чордонунда мазмунду кыскача же толук баяндоо милдети турат.

§ 41. СОМОЛОП ЖАЗУУ

Бул – унгулап, сомосунан жазуу дегендик. Анда майда-чуйдасынан бери терип-терчип жаза берүүгө болбойт. Эң негизги, урунттуу учурлар жөнүндө гана сөз болот.

3-үлгү. Унгулап жазуу.

Жаңыл Мырза – баатыр кыз

Жаңыл Мырза – кыргыз элинин нойгут уруусунан чыккан, атагы эл-журтка толук тараган баатыр кыз. Ал окумуштуулардын болжолу боюнча XVII–XVIII кылымдардын ары-берисинде өмүр сүргөн. Жаңыл Мырза күйөөгө чыккандан көрө өз элин кара башын токмок, каруусун казык кылып душмандан коргоп, бейкут, тынч турмушту камсыз кылууну артык көрөт. Нечен басынтып келген жоонун баатырлары анын колунан мерт болот. Бирок Жаңыл Мырза деле пенде эмеспи.

Бир күнү Түлкү баатыр ага салт боюнча жуучу жиберип, кудалашып баш кошуунун ордуна күч колдонуп, багын басып үйлөнмөк болот. Текебердик кылат. Жаңыл ууда жүргөндө, нойгуттардын күтүрөгөн калың жылкысын алдына салып айдап кетет. Кабардан улам жетип келген Жаңыл из кууп отуруп, түн киргенде, тийип алган жылкыларын жарга тиреп коюп, коломтонун жанында бейкапар шериктери менен отурган Түлкүнү көрөт. Жардын кырынан кыз аларды көз токтотуп тиктеп, арасынан Түлкү баатырды сынына толтурат. Аны жактырып калат. Бирок Түлкү баатыр жылкы тийип кеткени аз келгенсип, экинчи жолу да орду толгус кемчилик кетирди. Коломто жакка шимшилеп барып калган Жаңыл Мырзанын Кертайганын көрүп: «Канчыктын тайганы го» – деди. Баатыр кыз мындай кемсинтүүгө чыдаган жок, эрдик намысы козголуп, Түлкүнү жолдоштору менен атып салды. Ошол ошо болду. Кийин өч алмакчы болгондор топтошуп, Жаңылды амал менен колго түшүрүшүп, жетимиш жаштагы Калматай деген чалга алып беришет. Анан дагы бир той-тамашада жарданган көпчүлүк Жаңыл Мырзанын өнөрүн көрмөк болушат да, аны чакыртып алышат. Жоо-жарагын берип, күлүк атка мингизишет. Ошондо Жаңыл ыргытылган тебетейди жерге түшкүчө жаа менен он беш жолу атып, төбөсүн оюп түпкүч кылып салат. Ат үстүндө эрдик сезими кайрадан дүрт этип ойгонгон баатыр кыз өз элин эстейт. Анан астындагы Боз жорго менен Какшаал тоону бет алып ша-

малдай сызып жөнөйт. Келсе, эли жок, душман чаап, Кытайдын түпкүрүн көздөй айдап кеткен экен. Аңылдаган эски журт, шамал эзген күлдүн додосу гана калган. Ошондо элинин чабылганына, андан ары жер ооду кылып айдалып кеткенине каңырыгы түтөгөн кызга жер тарыйт... Эптеп Түлкү баатырдын сөөгү жаткан жерди издеп табат да, өзүн-өзү курмандыкка чалат...

Унутулбай укум-тукумга жетсин деп, эли-журту ушул баатыр кызын дастанга айландырган. Кыргыз элинин жазма адабиятын түптөшкөндөрдүн бири Касым Тыныстанов да 1924-жылы «Жаңыл Мырза» поэмасын жазып, ал 1925-жылы «Касым ырларынын жыйнагы» деген китепте жарыяланган.

4-үлгү. Сомолоп кыскача жазуу.

Баатыр кыз

Туулган жер – туу казык. Жаңыл Мырза баатыр болуп, атагы бүткүл кыргыз-казакка маалым болуп турган кезде, ал нойгуттарды сырт душмандан да, ички басынткыч туугандан да сактап турган. Колго түшүп кеткенде да, өз элин эбедейи эзилип сагынат, пайда болгон мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай, «Кактшаал тоо кайдасың» деп качып келет. Бирок Жаңылдын колго түшүп кеткендигинен пайдаланган калың жоо келип, нойгуттарды чаап, өлгөндөн калганын Кытайдын түпкүрүн карай айдап кеткен экен. Демек, туу казык талкаланган, Жаңыл нойгуттардын ордун сыйпалап отуруп калат. Заманасы куурулат. Башка каран түн түшөт. «Эр эли менен» деген туура экен. Эми баатырдын кимге кереги бар. Элсиз эрдин күнү жок. Анан ал өзүн-өзү жок кылуудан тайсалдабайт.

§ 42. СҮРӨТТӨП ЖАЗУУ

Бул сүрөттөп жазуу басымдуулук кылган баяндоо. Ал сыпаттап жана мүнөздөп жазуу менен да эриш-аркак боло берет.

5-үлгү. Сүрөттөө.

Жаңыл баатырдын элеси

Чынын айтайын, мен бул баатыр кызды адегенде дааналап көз алдыма элестете алган жокмун. Анан үйдө турган Сагымбайдын «Манасын» колума алып, андан баатыр Сайкалдын

сүрөтүн көпкө тиктеп турдум. Т. Г. Герцен деген художник тартыптыр. Эки сүрөт. Биринчиси – Сайкал тулпарын тизгинден кармап жөө турат. Колунда түпөктүү найза. Шыңга бойлуу. Москоол. Колдорунун шадысы бакыбат. Оймок ооз. Мойнунда эки кабат мончок. Узун көйнөгү менен чубалган чачы аны келбеттүү кылып көргөзөт. Экинчи сүрөттө Сайкал атчан: ээрге отурушу бекем, келишимдүү. Жоо тарапты сүрдүү тиктейт. Колунда найза. Анын алптыгын атына салыштырып байкаса болот, ээрге отурганда төшүнөн өйдө башкалардан кадыресе бийик бөлүнүп көрүнүп турат. Балким, Жаңыл Мырза Т. Г. Герцен тарткан ушул Сайкалга тулку-бою, атка отурушу боюнча окшош болушу мүмкүн. Бирок эр кийимин кийип, чачын түйүп, колуна куш кондуруп, минген аты менен кошо жортуп келаткан тайганы бар Жаңыл Сайкалга эч окшобойт. Анын белинде канжар, канжыгасында жаа менен кошо саадагы да болуш керек эле. Өңү кандай, балким, серттир. Анан мектептин китепканасынан Сүйүнбай Эралиевдин «Жаңыл Мырза» деген поэмасын таап окудум. Анда Жаңыл мындайча сүрөттөлөт.

«Көз жибер өң-түсүнө, келбетине,
Жарашкан бармак басым мең бетине.
Кара сур, шыңга бойлуу, а көздөрүн
Кудурет тик каратпа пендесине –
Жалтылдай кындан алган кылыч мисал...
Көкүрөк, ийин-башы кең-кесире.

Чачтарын толгоп туруп түйүп койгон,
Сыртынан кундуз бөрктү кийип койгон.
Үстүндө жашыл кемсел, а бутунда –
Көк шалы, учун өйдө ийип койгон...

Бир көргөн ойлой турган: «Күлбөс деги!»
Чынында Жаңыл күткөн мүнөздөгү.
Назиктик, жароокерлик, наз сыяктуу,
Өмүрдүн жарык жагы, күнөстөрү.

(*С. Эралиев, 2-том, 1991, 201-бет*).

Мугалимибиздин айтымында Ыбырай Абдырахманов өз вариантында Жаңылды «Маңдайында жаркырап, Алакандай көзү бар. Эрдин кесе тиштенип, Ажыдаар түстөнүп» деп сүрөттөсө, башка варианттарда «Буудай өндүү ак куба» деп берилет.

Ошентип, баатыр кыздын көрүнүшүн аздыр-көптүр элестетип калдым. Негедир ал көзгө жылуу учурайт, ылымсыратып өзүнө тарткан жакындык сезилет. Өз жанын, бардык күч-куба-

тын, акылын тууган калкына арнап койгон асыл зат инсан. Жаңыл – эрдик, эркиндик, көз карандысыздык жана трагедиядан уюп бүткөн улуу сабак.

§ 43. ЧЕЧМЕЛЕП ЖАЗУУ

Адегенде бир олуттуу ой-пикир же тыянак жазылат да, анан ал мисалдар, ар кандай жүйөлүү далилдер менен чечмеленет.

6-үлгү. «Сөз кезеги – сизде!».

Жаңыл Мырза элдик баатырбы?

(1-вариант)

Жаңыл Мырза – нукура элдик баатыр кыз. Мен бул омоктуу оюмду төмөндөгүдөй жүйөлөр менен бекемдей аламын.

Биринчиден, эрдик жасоону жалаң эркектерге энчилеп коюуга болбойт. Турмуш талап кылса, кыздардан да эл коргогон не бир баатырлар чыгат. Мисалы, Каныкей, Сайкал, ж. б. Даркан жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында кыргыздын көзгө атар мерген кырк кызы жөнүндө баяндалган. Демек, Жаңыл Мырза да ошондой кыздардан чыккан сырттандардын катарына кирет. Ал калмак баскынчылыгы күчөп турган кезде эл-журтту коргогон. Ал өзүндөгү эрдик күчтү жүн тытып, аркан эшип, от жагып, күл чыгарып, кир жууп, идиш-аяк чайкагандан эмес, ат ойнотуп, кылыч чаап, найза сайып, жаа тартып, ит агытып, куш салганга жумшаган. Түлкү баатыр кол салганда да, ал ит агытып, куш салып, аң уулоонун кызыгында жүргөн.

Экинчиден, Жаңыл Мырзанын бет алдында эки жол турган, бири – өзүнө ылайык жар тандап, күйөөгө чыгуу, экинчиси – каруусун казык, кара башын токмок кылып эл коргоо. Ал нукура баатыр катары экинчи жолго түшкөн.

Үчүнчүдөн, Жаңыл адамды басынтып кордоого, кемсинтүүгө чыдаган эмес. Түлкү баатыр кыздан чыккан эрди өзүнө тең ата санабаган күндө да, салт жолу менен жуучу жиберип, кадыресе эле сүйлөшүп, анан колукту кылуу жөнүндөгү ниетин билдирсе болмок. Бирок ал антүүгө жараган жок. Душман сыяктуу кол салып, элдин эң башкы байлыгы болгон жылкыларды айдап кетти. Анысы аз келгенсип Жаңылды «канчык» деп атады. На-

тыйжада Жаңыл аны жактырып турганына карабастан жазалады – жаа менен атып салды. Эгер Жаңыл баатыр эмес, жөнөкөй эле бир пенде болсо, мындай кордукту аргасыз көтөрүп, күчүн көз жаштан чыгарып, ыйлап-ыйлап алып, олжо кыз катары кете бермек. Ал эми баатыр кыз кордоп келгендин өзүн кордукка чалындырды. Анткени үйлөнө элек жатып басынткан адам күйөө болуп алгандан кийин жакшылык кылмакпы.

Төртүнчүдөн, Жаңыл колго түшүп кеткенден кийин да, өз элине болгон сүйүүсүн жоготкон эмес, ар кандай боло калган мүмкүнчүлүктү пайдаланып, башканын баарына кайыл болуп, ата журтуна жетип келет. Бөлөк бир жан болсо, «таш түшкөн жеринде оор» деп, «тагдырдын кылганы» деп карыган чал менен кор болуп жашай бермек. Ал эми Жаңыл анте албайт. Эли менен бирге жашагысы келет.

Бешинчиден, Жаңыл үчүн өз элинен ажыроо – трагедия. Туткунда жүрүп, качып келсе, анан эңсеген элин душман чаап, тирүү калганын жер ооду кылып башка белгисиз тарапка айдап кетип калса, мындан өткөн кордук барбы. Жаңылдын эми кимге кереги бар? Кайра шөмтүрөп артка – карыган чалдын үйүнө барабы? Жок! Ал өзүн аскага шаңшып барып урунуп өлгөн бүркүт сыяктуу набыт кылат. Болгондо да башка жерге эмес, бир кезде өзүнүн назары түшкөн Түлкүнүн сөөгү жаткан жерге барып жанын кыят.

Жаңыл – жаңылган кыз

(2-вариант)

Ооба, Жаңыл Мырза – жаңылган баатыр кыз. Мен аны ушул өңүттөн да карап көргүм келет. Оюмду бекемдеш үчүн төмөндөгү жагдайларга көңүл бурат элем.

Биринчиси. «Таш түшкөн жеринде оор» деген макал бар. Демек, бул кыз барган жерине токтоп, ошол жерде очор-бачар болуп, өмүр өткөрөт дегендик. Анткени таш түшкөн жеринде оор болбосо, ал камгак сыяктуу жел кайдан соксо, ошонун эпкини менен туш келди учуп жүрө берет. Бул – кыздын барган жерине орун-очок албай, бир жери жакпай калса, өз турмушун бузуп, күйөөдөн күйөө тандап кете берет деген сөз. Демек, Жаңыл канчалык баатыр болсо да, тагдыр анын өмүрүн карыган чалга кошуп койду, ал ошого моюн сунуп, ошол жерден бакыт тилеп, качпай жашай бериши керек болучу. Албетте, бул менин жекече оюм.

Экинчиси. Жаңылдын тагдыры карыган чалга – Калматайга байланган. Бирок Жаңыл аны чанып кетти. Бул окуя азыркы жаштарга да терс таасир этет. Анткени таарынышкан күнү эле ажырашып кеткен бүлөлөр көбөйдү. Демек, Жаңылдын жолун

ээрчигендер ынтымактуу үй-бүлө түзүүгө жарамсыз болот. Бул да менин жекече пикирим, аны башкаларга таңуулай албайм.

Үчүнчү. «Канчык» деп койсо эмне экен! Дароо эле ушул бир сөз үчүн төрт азаматты жайлап салыш адамгерчилик эмес. Эгер мен анын ордунда болсом, антмек эмесмин. Сабыр кылып, «уу сунганга бал сунуу керек» деген накылды тутунмакмын. Себеби Түлкү, эң башкысы, мага жаккан эле. Ал мага өмүр шерик жар болууга татыктуу эр экенин жар башынан сынап туруп билип алганмын. Ошондуктан анын жогорку жүлүнгө сайылган «канчык» деген сөзүн кечирип коймокмун. Ушундай кечиримдүүлүк болгондо гана үй-бүлө түзүлөт жана бузулбайт.

Төртүнчү. Ушундай кечиримдүүлүк болгондо, Түлкү баатыр өлмөк эмес, өч алуучулар Жаңылды колго түшүрүп, аны Калмайга алып беришпейт эле. Балким, жакын көчүрүп алса, жоодон нойгут эли да чабылмак эмес.

Бешинчи. Албетте, мен Жаңылга каршы эмесмин. Турмушта андай баатыр кыздар болуп, эрдик менен өмүр өткөргөнү аныk. Бирок анын кем-карчтарын ачык айтууга тийишмин. Ал эми менин пикиримди жокко чыгарууга талаптангандар бир кыйла экенин алдын ала сезип турам, алар менен талашып-тартышууга даярмын.

Кемчилик келиндеби же кемпирдеби?

(3-вариант)

Ырас, мен Түлкү баатырды бир беткей жемелебейм. Ал адегенде апасынын тили боюнча аялын кетирип жиберет. «Эмне үчүн?» деп энесинен сурамжылап да койбойт. Бирок кеткен аялын баатырдын жакшы көргөнү байкалат, эки жыл бою үйлөнбөй, ичинен сызып, эстеп жүрөт. Ушул жерден дагы бир нерсени атайы бөлүп көрсөткүм келет, ал – Түлкүнүн аялынын кетирилиш себеби. Ушул маселеге мен өзүмдүн так мамилемди ачык айтууну чечтим, себеби ошол көйгөйдү окуучулардын талкуулап чыгышын каалайм. Болгону ошол маселенин түйүндүү жерлерин гана ортоңорго салмакмын.

1. Келин өзү атка минип, анан баланы бешиги менен эңип алып, көчкө илешет. Ал адегенде кайненесин аткарып, андан кийин өзү аттанса болбойт беле? Ал улууну урматтаган улуттук салтты этибарга алган жок да. Бул келиндин оркойгон кемчилиги эмеспи?

2. Макул, келинден кемчилик кетти. Ал көчтө карбаластап жүрүп, кайненесин адегенде аткарууну унутуп койгондур. Бирок ушул кемчиликти келинди үйдөн кетирип, эмчектеги баланы энесинен ажыратып жазалоо керек беле? Жаза өтө оор болуп жүрбөсүн? Же тууpабы?

3. Кайнене – улуу адам, ага сөзсүз кызмат көрсөтүү керек. Бирок колунда жаш баласы бар келинге салт, бой адамдар биринчи кызмат көрсөтүшү керек да. Жаш баланын толгон токой түйшүгүн тартып жаткан жаш энеге: «Ай, балам, мага караба, бешикти тыкан карма» деп, кайра бешикти келинине өнөртүшүп, кол кабыш кылса, жарашат эле го. Эмне үчүн турмуштук тажрыйбасы мол, улгайган адам жаш келинге кең пейилдик кыла албады? Келин деле бала да, анын анча-мынча кемчилигин ондоп-түзөп, үйрөтүп, тарбиялап алуунун эмнеси жаман?

4. Же кемпир келинининин бир кемчилик жасашын күтүп, аны кетирүүгө шылтоо издеп жүргөнбү? Же колтуктап аткарбай койгонуна шагы сынып, жети өмүрү жерге кирип, жер жерлигинен гана аны аран көтөрүп калдыбы? Же элдик салтты бузгандыгы үчүн ага бул жаза өмүр бою сабак болсун деп, кемпир атайы иштедиби?

Ооба, мен бул дилбаяным менен силерди талкууга чакырам.

Түлкү баатыр эмнеден жаңылган?

«Элдин ар-намысы, адеп-ахлагы аялга
болгон мамилесинен билинет».
В. Гумбольдт

(4-вариант)

Менин оюмча, Түлкү канчалык баатыр болсо да, ал орду толгус чоң ката кетирди. Ал кемчиликтин баасы – керт башын жутту. Аны өңгөдөн көрүп кереги жок, аны өзү жасады.

Ооба, Түлкү баатыр кеткен аялын эстеп, ичтен сызып эки жыл отуруп калат. Тентуштары эчен курдай үйлөн десе да болбойт. Качан Какшаалда хандык кылган кыз Жаңыл эсине түшкөндө, ага үйлөнүү чечимине келет.

Ою жок, ат чаптырып, той жасамак.
Жаңылды алар болсо кудалабай,
Майданда багын басып, жеңип алмак, – дейт акын.

Демек, майданда багын басып, жеңип алып, анан гана Жаңылга үйлөнмөк. Түлкүнүн ою ушундай, ал күч сынашып, эрөөлгө чыгып, согушуп жеңип алып, анан кызга баш кошушу керек. Эгер жеңилсе, «Огунан он саамайдын казаланып» майдандан түбөлүккө жок болорун дагы билет. Анда аны ушундай абалга түшуктурган апасы күнөөлүүбү? Же күнөө Түлкүнүн өзүндөбү? Эмне үчүн ал үйлөнүш үчүн Жаңылды жеңип, мүнкүрөтүп, багын басып салышы керек. Экинчи баш көтөргүс болуп, энемдин көзүнүн агы менен тең айланып, кызмат кылсын дегениби? Ал

эми жуучу жиберип, ниетин билдирип, Жаңыл макул болсо, ат чаптырып, той берип үйлөнгөндүн эмнеси жаман эле. Макул, Түлкү го ушундай ойдо болду жана нойгуттардын жылкысын тийип, арттан кууп келген Жаңылды «канчык» деп атады. Ал эми Жаңыл Түлкүнүн бул аракеттерин кандайча баалашы мүмкүн.

1. Түлкүнү жылкы тийип кеткен душман деп эсептеди. Же жылкы айдап, кол салган баатырды дос деп билиши керекпи?

2. Артынан сая түшүп, кубалай келип, жар башынан этекте эт бышырган очоктун жээгинде отурушкан баатырларды көрдү да, дароо эле атып салган жок, сыдыра тиктеп сындан өткөрдү, арасында өзүнө жар болууга татыктуу эр азамат барына байкоо жүргүздү. Ооба, бар экен, Жаңыл Түлкүнү жактырды. Эгер окуя тынч өнүксө, балким, анын аягы жакшылыктуу бүтмөк. Бирок Түлкү кыздын багын басыш үчүн аны жекеме-жеке эрөөлгө чакырмак.

3. Шимшилеп очок жакка бара калган Жаңылдын Кертайганын Түлкү албай-салбай эле «Канчыктын тайганы» дейт. Канчык дегени Жаңыл. Эпосто «Канчыктын канчыгы» деп айтат. Ургаачы итти канчык деп коёт. Демек, Жаңыл жөнүндөгү Түлкүнүн биринчи сөзү ушул. Үйлөнө турган кишисине арнаган «жылуу сөзү» – канчык. Андан ары окуя кандайча аяктаганы баарыбызга белгилүү. Намысы күчтүү баатыр кыз токтоно албайт, Түлкүнү баш кылып Үчүкөнү, Атакозу, Чабакты да жаа менен атып өлтүрөт. Минтүүнүн ордуна Жаңыл: «Мен Түлкүнү жактырып калдым. Ошондуктан эмне десеңер да мен макулмун, башым тартуу, малым тартуу» деп, алдына барып жүгүнүшү керек беле? Кандай дейсиңер?

4. Ким жаңылды? Жаңылбы, Түлкүбү?

5. Түлкүнүн бейнесин өзүнчө бөлүп кароого болот.

а) Ал кеткен аялы үчүн өз жанынан аша кечип, керек болсо өлүүгө да даяр турган каарманбы?

б) Кол салып, чаап алып, «канчык» деп кордоп үйлөнүү анын мырзалыгыбы? Же бул текебердикпи? Жаңылды кемсинткенибби? Эмне үчүн бир элдин баатырын кемсинтүү керек? Эмне, ургаачы жан эркектен кем жаралганбы?

в) Эгер сен Түлкүнүн ордунда болсоң, эмне кылар элең?

г) Мейли, сен Түлкү болбой эле кой, атың Султан, же Тынчтыкбек, же Эламан. Буйруса, келечекте сен да үйлөнөсүң. Ошондо жолдошторуң менен барып, сыртынан билген, же туш келген кызды кармап алып, жалдап барган жеңил машинага салып, ыйлаганына карабай ала качып келип үйүңө түшүрүп, башына жоолук салып үйлөнүү аракети зордук эмеспи. Муну кемсинтүү, басынтуу, кордоо катары эсептесек болобу? Кайсы бир жигит ала качып бараткан кыз ыйласа, жаакка чаап, «кын» десең, мындан да жаман болосуң, «таш түшкөн жеринде оор» деп тес-

кептир. Ушундайча үйлөнгөндөрдүн Түлкүдөн кандай айырмасы бар?

Ооба, мен ушул дилбаяным менен силерди талкууга, талаш-тартышка чакырамын. Балким, «Алтын баштуу аялдан бака баштуу эр артык» деген түшүнүктүн өзү нукура чындык болуп жүрбөсүн. «Аял эркектин бир кабыргасынан жаралыптыр» деп жүргөндөр бар. Анда эркек кырк кабыргасынан кырк аял жаратып алса болот экен да. Бул кыздарды, аялзатын мактообу же кордообу? Андай болсо, элибизде «кыздын кырк чачы улук» деп аялзатына жол берген нарк бар. Бул нукура элдик салт жогору жактагы окуялар менен кантип сыйышат? Деги эле менменсинүү, башкаларды кордоо адамды кайда алып барат? Кесирленүү керек беле, балким, түпкө ушундай сезимдин оор залакасы тийип жүрбөсүн.

§ 44. ТЫЯНАКТАП ЖАЗУУ

Адегенде ойлор, мисалдар берилип, анан ошолордун жыйынтыгы катары тыянак чыгарылат.

7-үлгү. Мисалдын негизинде.

Жаңыл Мырза – элдик баатыр

Касым Тыныстановдун поэмасындагы Жаңыл Мырзанын бейнеси өзүнчө байкоо жүргүзүп, талдоону талап кылат. Үстүрт болсо да, мен айрым учурларды өзүнчө бөлүп көрсөткүм келет.

1. Жаңыл өзү озунуп барып эч кимге кол салган жок. Ал Түлкүдөн да кабарсыз болчу. Аны акын: «Жаралган жандан өзгө бир мүнөздүү, Беш күндүк өмүр жолун башка ойлогон» – дейт. Үстүндө эр кийими. Ит агытып, куш салат. Жаа тартып, оюн ойноп, той тойлогон, желге сырдаш эркин кыз. Элин жоого чаптырбай, мал өстүрүп, кайгысы жок көчүп-конуп жүрөт. «Нойгуттун жаны – Жаңыл, ханы – Жаңыл» – дейт автор. Жаңылды алабыз деп кол сермегендердин баары максатына жетпей кыз аткан куш тилиндей жебеден ажал табышкан. Мына эми Жаңылга үйлөнөм деп Түлкү келип, жуучу жиберип, жөн-жай сүйлөшүүнүн ордуна, нойгуттардын жер жайнаган жылкысына тийип, душмандан бетер баарын айдап кетти. Бул Жаңылга тийишкениби? Күч сынашмак болсо, Жаңылды чакырып, жекеме-жеке эрөөлгө чыгарын айтса болмок. Анте алган жок. Зордук-зомбулук көрсөтүп, жылкы тийип алды. Ал эми Жаңыл мындай чапкындан бейдарек болучу. Ал адатынча ан-уулаган

кан сөөлөттө эле. Жан жыргатып жаа тартып, тоонун эркин кызы кийик уулап жүргөн. Күн батар мезгилде Жаңылга «Жоо келди, жылкы алынды» деген кабар жетет. Жылдыз толгон түнгө карабай, жоонун артынан сая түшөт. Алыстан бир от көрүнөт. Келсе, издеген жоо ошол жерде. Демек, Жаңыл өзүнүн милдетин жакшы түшүнөт, жылкы айдап кеткен жоодон малды өзү гана куткарып кала алат. Таңдын атышын күтпөйт, жанына нойгуттардын эр азамат жигиттерин да топтоп албайт. Себеби – өзүнүн жеңип чыгарына ишенет жана убакытты бошко кетирбей жоо узап кете электе кууп жетүү керек. Эгер Жаңыл жөн эле бир селки болсо, түн ичинде эмес, күндүз да жолго жалгыз чыгуудан коркмок.

2. Жаңыл душманды көрдү, бирок шашпай аттан түшүп, жар башынан оттун тегерегиндегилерге байкоо салды. Ортодо таш кордо борк-борк кайноодо, оттун теререгинде төрт эр жамбаштап жатат. Нарыта олжолоп алып кайткан көп жылкыны ийрилтип, туюк жарга камап салган. Анан кыз жамбаштап жаткандарды сыдыра тиктеп, сындан өткөрөт, Үчүкөнү, Атагозуну, Чабакты байкап, анан Түлкүгө токтолду. Андан сын тайгылды, кемтиксиз жан экен. Негедир кыз толкунданды, арзуу сезими ойгонду. Бирок ит каргаша болду. Кандын жытынан улам Жаңылдын Кертайганы от жакалай шимшилеп барып калбаспы. Ошондо аны көрө калган Түлкү: «Канчыктын Кертайганы...» – дейт. Мына ойлонбой айтылган кербез сөз! «Канчык!» – бул кордоо, кемсинтүү. Мындай сөздү баатыр түгүл жөн адамды уккулук кылбасын. Жаңы эле ичи жылып, арзуу сезими ойгонгон кыз жаасын колуна кандайча алганын билген жок! Төрт баатырга удаа жебелер тепчилди. Коломто канга толуп кетти. Төртөө тең тындым болду. Ошондо кыз жардан ылдый түшүп келип, Түлкүнүн болот кестигин чечип алат да, шыр кете албай, ошол жерде таң атканча ойго батып отурат. Ал эмнени ойлоду? Эмне үчүн шыр кетип калган жок?

3. Жаңыл колго түшкөндөн кийин «Кордукта Жаңыл өмүрү чирисин» деп бир карыга олжо кылып беришет (поэмада карыган чалдын аты аталбайт). Капастагы кабылан сыяктуу күн өткөрөт. Муң-зар менен өткөн мүнөтү жылдай созулат. Ошентип, бир топ жылдан кийин жайлоодо кымыз ичип күүлдөгөн көпчүлүк Жаңылдын кыз кезиндеги жоокердик өнөрүн көрүп, моокум кандырышмак болот. Бул чакырыкка адегенде Жаңыл барбайм деп кыйыктанат. Бирок Шырдакбектин жоргосун алдына тартып, мурдагы өзүнүн жаа менен жоо кийимин берсе, барарын айтат. Каалаганы берилет. Анан Жаңыл топко келип мындай дейт.

– Саркыты илгеркинин калды бекен?
Кайын иним, тебетейиң асманга атчы!.. –
Ыргыткан тебетейди түшүрбөстөн

Жаа менен Жаңыл удаа он беш атты.
Түшүрбөй тебетейди кагып алып,
Абылга берди «кий» деп алып барып,
Караса тебетейде түк төбө жок,
Тегерек түпкүч болгон, кырбу калып.

Мына, эр деп ушуну айт! Көз ачып жумганча канча жебени атууга үлгүрдү. Көзгө атар мерген. Ошол эле учурда көзгө илешпеген тездик менен кыймылдайт. Демек, Жаңыл өзүнчө машыгып отуруп ушунчалык бийиктикке жеткен.

4. Ооба, Жаңыл: «Кош, кайним! Бизге уруксат болгон чыгар!» – деп, жолго түшөт камчыланып; – Күн-түндөп учкан куштай канат сермеп сызат... Каректе тууган жер, көкүрөктө тууган эл. Кабылан кайра капаска баш салбайт. Анын орду өз элинде.

5. Ооба, кыздан чыккан сырттан кыз өз эл-жерине келди. Бирок Какшаалды кара туман, калың кайгы баскан, жыргалдуу илгерки күндөн айрылган. Жер эл көркүнөн, мал көркүнөн ажырап, жыланач журт орду гана сакталып калган. Баягы сансан миң, түмөн-түмөн мал айдап, санаасыз бээ байлап, кымыз ичкен эл жок. Баарын кытай багынтып, айдап кеткен. Заманасы тарып, арга түгөндү. Баатыр жаш төкпөйт. Баягы Түлкүнүн жанына сактап койгон кестигин колуна алды. Анан... ал элсиз баатырдын жан сактоосун керексиз деп тапты.

Демек, жогоркулардан чыгар жыйынтык: ал бир катардагы пенде эмес, тагдыр ага эрдикти да, эсти да кабаттап берген, Жаңыл Мырза – кыргыз элинин нукура баатыр кызы. Элин ар дайым тышкы чапкындан сактайт, коруйт, качан элинен ажыраганда жашоонун баатыр үчүн мааниси жок болуп калат.

§ 45. ИЛИКТЕП ЖАЗУУ

Мында жалаң эле Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» деген поэмасы менен чектелбей, аны дастандын калган башка элдик варианттары менен жарыш коюп, салыштырып, алардагы жалпы окшоштуктарды жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү иликтеп жазууга көңүл бурулат.

8-үлгү. Иликтөө.

«Жаңыл Мырзанын варианттары»

Мен атайы Жаңыл Мырза жөнүндөгү маалыматтарды топтоп, аларды талдап, иликтеп көрүүгө аракет кылдым. Анын

Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазма фондусунда эпос түрүндө сакталган төрт варианты бар экен. Бири Тоголок Молдонуку, экинчиси Абдыкалык Чоробаевдики, үчүнчүсү Ыбырай Абдырахмановдуку, төртүнчүсү Молдобасан Мусулманкуловдуку. Мен ал варианттар менен адабият окумуштуусу Сапарбек Закировдун «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» деген китебиндеги изилдөөлөр аркылуу тааныштым. Бул төрт варианттын көлөмдөрү ар кандай, бирок өзөк окуялары боюнча салыштырганда негизинен окшош же бирдей десе да болот. Башкача айтканда, Жаңыл Мырза кайсы вариантта болсо да, Лоп дайрасынын жээгинде жашаган кыргыздын нойгут уруусунан чыккан баатыр кыз. Ал эрдиги менен калмактардын чабуулун токтотуп, өз элинде бейкут жашоону камсыз кылып турат. Жаңылдын баатырдык даңкы кыргыз элинде эле эмес, коңшулаш көп элдерге чейин тарайт. Бир топ баатырлар ага үйлөнөбүз деп өмгөктөтө келип, жеңилүү ызасын тартышат. Кол салгандары Жаңыл Мырзанын колунан мерт болушат. Баатыр кыз капыстан колго түшкөндө да, эрдик кайратынан жанбайт. Үмүтү өчпөйт. Ыңгайлуу бир учур келе калганда, өз элине качып келет. Жаңыл элинин жана өзүнүн эркиндигин жогору койгон баатыр экендиги бардык варианттын мазмунун түзөт.

Бирок варианттарда өзгөчөлүк бар экендигин да кошумчалай кетүү керек. Мисалы, Тоголок Молдонун вариантында Жаңыл Мырзанын өз элине качып келиши менен окуя аяктайт. Ы. Абдырахмановдо окуя андан ары улантылат. Ал эми А. Чоробаевде Жаңылдын туткундан качышы менен катар калмактарга каршы күрөшкөн чабуулу жана жеңиши сүрөттөлөт. Ал эмес, туткундан качышында анын энелик ой-толгоосу күчтүү берилген. Жаңылдын Калматайдан төрөгөн эки жашар уулу болгон. Аны кошо ала кетейин десе, бала өтө жаш, жолдо ала жүрүү мүмкүн эмес. Ага убараланып жатып, максаты ишке ашпай калышы мүмкүн. Ага эркиндик – баарынан кымбат. Эми бала үчүн кайра торго түшүп калышы керекпи?! Жок! Бир чечимге келди. Ал, сөзсүз, өз элине кетиши керек. Жаа менен адегенде Калматайды атып салды. Анан чымырканып баласын мээледи, бирок эгерим жаза атпаган көзгө атар мергендин колу ушул жолу калтырады, натыйжада ок балага тийген жок. М. Мусулманкуловдун вариантында ошол эле окуя башкача өңүттө баяндалат. «Женеке, уулуң калды!» – деп артынан чапкан Абылды да, өз баласын да Жаңыл атып салат.

Жаңылды үч вариантта Аккочкор колго түшүрсө, М. Мусулманкуловдун вариантында башкача, Жаңыл мурда: «Ким менин шакегимди тартып алса, ошого баш ием» деп шерт кылган дейт. Ушул шертти билген өч алуучулар Жаңылдын ордосуна

Абыл деген жигитти жиберип, ал шакекти уурдап чыгат. Жаңыл ошондон улам шакекти алган кишилерге барып, өзү колго түшүп берет. Аны «чалдын аялы болуп кор болуп жүрүп өмүр өткөрсүн» деп атайы 70 жаштагы Калматай деген кишиге алып беришет.

Ошентип, айрым өзгөчөлүктөрүнө карабастан дастандын төрт вариантынын тең өзөгү бир. Баары бир окуядан чачыраган. Ал эми Касым Тыныстанов да «Жаңыл Мырзанын» элде айтылган варианттарын пайдаланып, ошолордун негизинде өз поэмасын жараткан. К.Тыныстанов өз чыгармасынан трагедиялык жыйынтык чыгарат: 1) душмандан коргогон баатыр кыздын колго түшүп кетишинин натыйжасында нойгут эли чабылып, жоонун айдоосунда кетет, кыргыздар ээлеген Какшаал тоо аңгырап бош калат; 2) жоокердик өнөрү менен көпчүлүктү ыраазы кылган Жаңыл көздөн учкан, элеси эстен кетпеген тууган жерин, элин бет алып, күлүккө камчы басат, бирок келсе, эли жок, душман чаап, түпкүргө айдап кеткен, баатыр кыз алардын ордун сыйпалап калды, бул аны оор күйүткө салды, качып келгендеги, эңсеп келгендеги көрөрү ушул беле! Башына кыямат-кайым түштү. «Тозок атынан ажыраган жерде» деп айтышат, мен «чыныгы тозок элинен ажыраган жерде» деп айтар элем.

§ 46. СЫН ЖАЗУУ

Мында чыгарманын артыкчылыктары, жалпыга таандык теренде уюп жаткан тунук жана асыл нарктуу маани-маңызы, келечекке керектүү өзгөчө жактары белгиленип, адабий сын түспөлүнө окшоштурулуп жазылат.

9-үлгү. Жыйынтыктуу жалпылоо.

Эл менен эрдин эриш-аркактыгы

(1-вариант)

Мен бул дастанды окуу менен мындайча ойго келдим. Мында жеке баатырдын тагдыры менен эл тагдыры бекем чырмалышкан. Өз ара шайкеш бирин-бири толуктайт. Бул биримдик ажыраганда, эл тозот. Буга дастандын өзү күбө. Менин оюмча, «Жаңыл Мырза» поэмасынын эл оозунда сакталышынын өзү жеке инсан менен көпчүлүктүн шайкештигинин артыкчылы-

гын даңазалоодон жана ал шайкештиктин бузулушу менен калк да, баатыр да жабыр тартарын эскертүүдөн келип чыккан. Мына, нойгут уруусун мисалга алалы.

1. Нойгуттар кырк уруу кыргыздын бири, демек, кыргыз элинин тутумуна кирет. Андан Акбалта сыяктуу даанышман, Чубак сыяктуу баатыр чыккан. Нойгуттар тыштан кол салган жоо күчөп турган кезде, сактык менен күн көргөн. Бала-чакасын эрдикке тарбиялаган. Жаңыл – ошондой тарбиянын натыйжасы. Ага эркекче кийинип, жаа тартып, кылыч чаап, найза сайышуудан ит агытып, куш салууга чейинки өнөрдүн баарын үйрөткөн. Демек, эл андан өзүнө калканч жасаган. Албетте, ар ким мындай тарбияны жөндөмүнө жараша өздөштүрөт. Ошолордун ичинен баатырдыгы менен айырмаланган Жаңыл болгон. Натыйжада Жаңыл элдин үмүтүн актаган. Элин сырткы жоодон сактаган. Багынтып келгендердин катыгын колуна берген. Ошентип, эл бейкут, тынч жашап, сан-сан миң, түмөн-түмөн мал айдаган, санаасыз кымыз ичип, бээ байлаган. Кайгысыз, убайымсыз өмүр кечирген. Демек, эл Жаңыл Мырзанын аркасы менен өз тарбиясынын убайын көргөн. Бирок бул жыргалдын баары Жаңылдын колго түшүп кетиши менен кууралга айланды. Сырттан басып келген жоо нойгуттарды чаап, сан миңдеген малын тартып алды, өздөрүн да кул, күң, малай кылуу үчүн жер ооду кылып айдап кетти. Муну менен эл акылы жана эрдиги менен көпчүлүктүн башын кошуп, уюштурган, каптап келген душмандын белин мертинтип, экинчи келгис кылган эр азаматка муктаж экендигин көрөбүз. Демек, эл эрге таянат, аны ээрчип, өзүнүн эркиндигин жана элдигин сактап калат. Ошентип, Жаңыл элдин тиреги, жарагы болгон, көпчүлүк ал куралынан ажыраган кезинде жеңилип калган. Мындан келип чыгуучу жыйынтык – ар дайым жана ар качан элди жанындай сүйүп коргогон, колунан көп өнөр келген ар-намыстуу атуулдарды, эр азаматтарды тарбиялап өстүрүү эң башкы милдет. Антпесе, Жаңылды жараткан эл ар кандай тиричилик менен алпурушуп жүрүп, өзүн-өзү Жаңылдай коргой албайт. Ар дайым кооп-суз өнүгүп – өсүү үчүн Жаңыл жана ага окшогон эр азамат баатырларды өстүрүп туруу – күндөлүк зарылдык.

2. Жаңыл – жеке инсан, көптүн бири. Эгер ал идиш чайкап, от жагып, тамак бышыргандан, үй-тирлигинен башканы билбеген бир жан болсо, даңктуу «Жаңыл Мырза» дастаны да жаралбаган болор эле. Ал кичинесинен эркекче кийинип, чүкө атып, ат үйрөтүп, күрөшүп, жаа атып чоңойду. Жаңылдын жаа тартканына, балким, бир кыргыз баатыры тең келе албаса керек. Ал ыргытылган тебетей жерге түшкүчө он беш жебе атууга үлгүрүп, төбөсүн оюп, түпкүч кылып салган. Бул – укмуш өнөр, көзгө илешпеген тез кыймыл менен таамай ата билүүнүн айка-

лышы. Жаңылдын сейрек кездешүүчү мындай жөндөмүнө акылы төп келет. Ал турмуштагы жайнаган милдеттердин ичинен элин жанындай сүйүп, аны коргоого алгандыгы – анын акылынын жетиктигин айгинелейт. Жаңылдын келкели жүрүп турганда, жоо нойгут элинин четине жолой албайт. Жологону женилип, шермендеси чыгат. Үйлөнөм деп чочондоп, сес көрсөтүү үчүн кол курап, жылкы тийгендери да өз жазасын алган. Бул баатыр кыздын өз элин сүйгөндүгү да өзгөчө, ал өзүнүн жеке үйбүлө куруу, жубай тандап, күйөөгө чыгуу кызыкчылыгынан да баш тарткан. Эмне болсоң, ошо бол деп, элин тыштап, өзү каалаган бирөөнүн көлөкөсүн паана кылып кете бербеген. Айласыз, колго түшүп туткундалганда гана өз элине камкордук кыла албай калган, бирок эсинен чыгарбаган, эбедейи эзилип сагынган. Бул – кандай улуу сезим! Элдин элдиги, жок болбой сакталып калышы да ушул Жаңылга окшогон эр азаматтардын бир тууган элге тартылуу сезимдеринин күчтүүлүгүнөн болгон. Ал эми Жаңыл элинен ажыраганда, аны издеп келип таппай калганда, ага жашоонун, мындан ары тирүү жүрүүнүн маанисин өчөт да, ыктыярдуу түрдө жоктукка моюн сунат. Анан мындай кызды эл кантип эсинен чыгарат. Дастанга кошуп ырдоо – Жаңылга узак өмүр берүүнүн элдик каражаты. Ал ырдалуу менен мындан ары улам кийинки муунду аралап, эл, эрдик, ар-намыс жөнүндөгү сабактын, ой жүгүртүүнүн уюткусу болуп кете бererine ишенемин.

Биримдикти талкалаган кесепет

(2-вариант)

«Калкым кыргыз, сен үчүн
курман болуп кетейин».
Манастын айтканынан

Мен бул поэмадан өзгөчө бир учурду башкалардан бөлүп көрсөтүп, ошого көнүл бурмакмын. Ал эмне?

1. Нойгуттар кыргыз элинин бир бөлүгү болсо да, аларга кыргыздардын өздөрү кол салып, жылкы тийип кетиши.

2. Жаңылды колго, түшүрүп, аны кордоп, карыган чалга алып бергендер да кыргыздар.

«Жаңыл Мырза» дастаны ушундай маселени көтөргөнү менен да баалуу. Ырас, Жаңылдагы эң башкы сапат – өз элин коргогон баатыр кыз экендиги. Түлкү, Үчүкө, Шырдакбек сыяктуу эл башында турган билермандар Жаңыл сыяктуу баатыр менен сыймыктанып, ага колдоо көрсөтүшү керек эмес беле. Жалпы кыргыз элинин башын бириктирип, ынтымакты тутуш

керек эле да. Анын ордуна Түлкү баш болгон баатырлар келип, жоо чапкансып нойгуттардын жылкысын айдап кетип, Жаңылды туткунга алып, анан ызалап, басынтып үйлөнгүсү келет. Макул, Түлкү го өз жазасын алды. Ал эми Аккочкор баштаган кыргыздарчы. Алар амал менен Жаңылды колго түшүрүп, анан анын өмүрү кор болуп жүрүп өтсүн деп 70 жаштагы Калматайга алып беришет. Эрдигинен калмактар жалтанган баатыр кызды душмандан мурда кыргыздардын өзү колго түшүрүп, жүрөгүн өлтүрүп, кайратын сындырып, эптеп күнүн өткөргөн бечара пенденин катарына түшүрүүгө аракет жасашат. Бул эмне? Эрдикпи? Мыктылыкпы? Жок! Бул – бүлүнүү, өз ара бытырап бөлүнүү. Бир уруунун экинчи урууга душман болушу. Күчтү бириктире албаган алсыздык. Мен муну уруу бийлеген адамдын акылсыздыгы, начарлыгы деп ачык эле айта аламын. Ушундай өз ара душман болуунун кесепетинен кыргыздар өзүн-өзү чапкан. Натыйжада Какшаал тоону сырткы душман басып алып, нойгуттарды жоо каалаган тарапка көчүрүп кеткен. Кыргыздардын өз ара жоо болушунан ким пайда тапты? Сырткы душман. Мына ушундай ынтымаксыздыктын, биримдиктин жоктугунун кесепетинен кыргыздарды Кокон хандыгы басып алган, өзүнөн-өзү коркондуктан Россия падышачылыгынын канатынын алдына кирип, корголоого аргасыз болгон.

Баарынан мурда, «Жаңыл Мырза» дастаны бөлүнүүнүн кесепетин башка эмес, кыргыз элинин өзү тарта тургандыгын, күнкор болуп башкалардын көзүн карап жашап, керек болсо өз тилин жээрип, салтын унутуп, бөтөн элдин ырын ырдап, бийин бийлеп, дитин, дилин өздөштүрүп, акырындык менен улуттугун жоюп жиберерин тастыктайт. Ушундай биримдиктин жоктугунан нечен урууллар бөлөк элдерге: казактарга, уйгурларга, өзбектерге, башкырларга, моңголдорго ж. б. сиңип кеткен. Демек, «Жаңыл Мырза» дастаны ичтен ирүүнү ачык баяндаган дастан, ошол эле учурда бүгүнкү күндөгү улут безерлердин ар бирине айтылган тарыхый сабак. Ушундан келип ар бир мен атуулмун деген жаранга айтарым бул: «Сен байсыңбы, кедейсиңби, кеменгерсиңби, соодагерсиңби, студентсиңби, окуучусуңбу, кызматкерсиңби, карыясыңбы, жашсыңбы, аялсыңбы, эркексиңби – баарың Ата мекенди, кыргыз мамлекеттүүлүгүн көздүн карегиндей сактоого тийишсиң. Өзүн-өзү чабуу, өзүн-өзү кордоо – улуттун келечегине көр казууга барабар иш» демекмин.

Баатырдык үйлөнүүнүн издерине үңүлүп

(3-вариант)

Башканы билбейм, мен Түлкүнүн «Жаңылды майданда багын басып, жеңип чыгып үйлөнөм» дегенин туура деп эсеп-

тейм. Байыркы мезгилде түрк элдеринде баш кошо турган эр жигит менен баатыр кыз күч сынашкан, айталы, балбан күрөшкө түшкөн, же эңишкен, же найза сайышкан. Жигит жеңсе, кызды колукту кылып алган, жеңилсе кызга баш ийип, кул болуп калган (керек болсо кыз аны өлтүрүп коюуга да акылуу болгон). Ушул сыяктуу жигит менен кыздын күч сынашуусунун издери «Манас» эпосунда да сакталып калган. Маселен, Манас менен Сайкалдын сайышы буга мисал болот. Демек, Түлкү баатыр да Жаңылды байыркы жол-жосун боюнча күч сынашып, жеңип алып үйлөнмөй болгон. Жеңилсе өзү эмне болорун да билет, ошондуктан поэмада «Болбосо .... Майданда Жаңыл кызга бак алдырмак. Басынса, бул майданда түбөлүк жок. Огунан он саамайдын казаланмак» делет. Ошентип, эрөөлдө жеңилсе, каза табарын Түлкү ачык билген. Ошон үчүн Түлкү баатыр атайы нойгуттардын жылкысын айдап алып, душманча кол салып тийишет. Бул күч сынашууга, эрөөлгө чакыруу дегендик. Демек, Түлкүнүн нойгуттардын жылкысын тийип кетиши жаңылыштык эмес, ал атайы ушундай жол менен Жаңылга майданда беттешүүнү каалаган. Бирок бул жерде бардык ишти Кертайган бузду, ит иттигин кылып койду. Коломто жакка шимшилеп бара калып Түлкүнүн «Канчыктын тайганы» деген намыска тиер оор кептин жаралышына себепкер болду. Ошондо деле Жаңыл сабыр кылып: «Кимдин канчык, кимдин дөбөт экенин билелик, жекеге чык, аны майдан сынасын» деп айтса болмок. Ошондо чыныгы күч сынашуу болмок. Бирок Жаңыл шашмалык кылды, Түлкүнү баш кылып Үчүкөнү, Атакозу, Чабакты атып салды. Ырас, адегенде коломтонун тегерегинде олтургандарды сыдыра тиктеп, Жаңыл Түлкүнү жактырып калган эле. Демек, ал деле төртөөн тең ай буйга келтирбей атып салууну ойлогон эмес. Албетте, ит иттик кылганы ырас. Бирок Жаңыл ачууга алдырбай, өзү жактырып калган адамын набыт кылбай коё турса болмок. Бул жерде мен Жаңылды чалпоо сезим бийлеп кетти деп эсептейм. Эгерде Жаңыл баатырда мындай чалпоо сезим жок болсо, балким, экөө баш кошуп калмак. Мындай болгондо ким утмак? Албетте, кыргыз эли. Ушул элдин эки чоң уруусу тамыр-сөөк болуп, өз ара жакындашмак, бири-бирине арка-жөлөк болмок. Балким, ошондой болгондо нойгут уруусу да чабылбай калмак. Бирин-бири өлтүрүп, бирин-бири туткундабай, Жаңыл менен Түлкү экөө күчүн бириктирсе, жоо чаап кетмек түгүл, кыргыз элинин чекесине черте алмак эмес. Ушундай сезимди кеч да болсо, Жаңыл түшүнгөн сыяктуу. Ал баарын элинин чабылып кеткенин көргөндөн кийин түшүндү. Ошондуктан Түлкүнүн сөөгү жаткан жерди тапты да, өзүн-өзү өлүмгө чалды. Муну Жаңыл баатырдын кыргыз элинен жана Түлкү баатырдан кечирим суроосу катары түшүнсө болот. Албетте, бул ой меники, аны башкаларга таңуулай албайм.

§ 47. ЖЕКЕЧЕ ПИКИР

Негизинен дилбаяндын баары эле жекече пикирди чагылтат. Ошентсе да, жарыш, атаандаша ой жүгүртүү үчүн, сөзсүз, кемчилик табуу, сындоо, башкаларды талашка чакыруу, өзү туура деп эсептеген чындыкты жарыя кылышы жана андагы пикирди далилдеши керек. Кээде өзүң менен өзүң талашка чыгып, «Ушундайбы? Жок, андай эмес» деген ички толгонууну да чагылдырууга туура келет.

10-үлгү. «Сиздин оюңуз кандай?».

Ызанын ызгаары

Менин оюмча, Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасында Түлкүгө анын апасынын «Колунан баланы ал да, бейбакты уулум болсоң, көч үстүнөн кетир» деп айтканы туптуура. Себеби ал келин кемчилик кетирип, улуттук наркты бузду. Көчүп жатканда ал илбериңкилик менен адегенде кайненесин колтуктап аткарып коюп, андан кийин өзү атка минип, бешикти эңип алып, анан жолго чыкса болмок. Улууну, сыйламак кичүү үчүн парз, кечпес милдет. Ызаат да. Келин атайылаппы, же билбегендиктенби, кайненесин аткарбай койду. Кемпир буга катуу ыза болду. Бирок «Сен эмне үчүн минтпединг» деп айтпады. Каарданып, ичинен келинге берилчү жазаны бекемдеп койду. Анан качан уулуна жолукканда, ичиндегини айтып салды. «Эгерде балам болсоң...». Бул Түлкүнү кынк эттирбей аткарта турган күчтүү сөз эле. Аялына ичи сыйрылып, эңшерилип турса да, күйөөсү эч нерсе кыла алган жок. Апасынын айтканын кынк дебей орундатты. Бул – катуу жаза. Ушундай катуу жаза гана жаштардын карыларды урматташын сактай алат. Анткени ал келинге бул жаза өмүр бою сабак болоруна ишенем. Кайненесин аткарып койбогондуктан, ал күйөөсүнөн да, баласынан да ажырады. Албетте, бул менин оюм. Силердин да өз билгенинер бар. Аны да айтасынар.

Бирок мага Түлкү баатыр анчалык жаккан жок. Канчалык жаман болсо да, келин анын өмүрлүк жолдошу, жубайы эле. Ага бир аз көңүл буруп, сөздүн төркүнү кандай экенин билип койсо, ашыктык кылбайт эле. Ага жолдо түшүп калган арзан бир буюм катары да карабайт. Колуктусунун көнүлүн сурап койгонго да жарабайт. Дароо көч үстүнөн баланы алып калып, келинди жолго салат, кетирип жиберет. Түлкү өзү деги кызык

адам, кетирип жиберет да, кайра ичинен сызып кейийт. Эки жыл бой жүрүп үйлөнбөй да коёт. Мындан кандай жыйынтык чыгарса болот. Демек, Түлкү кеткен колуктусун жакшы көрөт. Бирок чечкинсиз. Энесине өз оюн айта албайт. Бирок чечкинсиз, мокок дейин десең, Жаңылга үйлөнүш үчүн нойгуттарга кол салып, жылкысын тийип алат. Андан соң арттан кууй келген Жаңылды «канчык» деп кордойт. Бул чыныгы баатырдын, кол башчынын иши эмес. Ал эми сиздин оюңуз кандай? Жаңыл менен сүйлөшүү үчүн ошончо жылкыны айдап алып, малын барымтага кармашы керек беле? Же кандай?!

§ 48. МАСЕЛЕ КӨТӨРҮҮ

Мында козголгон маселе же көйгөй дилбаяндын авторунун көкүрөгүнө сыйбайт. Ал муну: «Айтпай коё албайм!» – деп жар салат. Башкалар менен ой бөлүшкүсү келет. Чакырык, ураан таштап, замандаштарын кепке тартат. Алардын көңүлүн ургаалдуу жана оорошон маселеге бурат.

11-үлгү. «Айтпай коё албайм!».

Жаңыл жана аялзат көйгөйлөрү

«Көпкөк асман жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө, жердин үстү тарылып,
Ал кыяндан өтөр элем тайманбай,
Бир көз караш кубатынды жамынып».
(Алыкул Осмоновдун «Аялга» деген ырынан)

Мен «Жаңыл Мырза» поэмасынан улам төмөнкүлөрдү айткым келет. Чын эле, аялзаты эркектерден кем жаралганбы? Эмне үчүн кем? Бала төрөп, аны тарбиялап, үйдү-үй, жайды-жай кылып турганы, адамзаттын тукумун муундан-муунга улап келе жатканы менен кемби? Ошон үчүн аны эркектин кабыргасынан жаралган деп кемсинтүү туурабы? Таптаза туура эмес! Аны тике эле кем акылдык деп эсептейм. Андай экен, эркектер канча кабыргасы болсо, ошончо аял жасап албайбы? Анте албайт, ошондуктан «аялды эркектин кабыргасынан жаралган» деп эсептөө акылга сыйбаган макоолук, дөөдүрөк кеп. Бирок баарынан жаманы – так ушул макоолукка жамынып: «Аял деген эркектин бир мүчөсүнөн жаралган, демек, толук, бүтүн эмес, ошондуктан

ал эч качан эркекке тенеле албайт» деген чындыкка сыйбас түшүнүктүн үрөнүн сээп жатканы. Ошого таянып кээ бир эркектердин менменсиниши, дөгүрсүшү, аялзатына кекирейүү менен мамиле жасашы. Дагы бир «Алтын баштуу аялдан бака баштуу эр артык» деген макалга токтоло кетейин. Ырас, бул макалдын жоо жакадан алып, каптап келгенде бака баштуу болсо да союлун ала жүгүрүп, душмандын жолун торогон эркекке байланыштуу айтылып калышы мүмкүн. Экинчиден, уруунун, уруктун сакталышы эр бүлөгө байланыштуу болгон, демек кыз – башка бирөөнүн бүлөсү, эркек ата-бабанын журтун, орун-очогун сактап калган. Ушул себептерден улам бака баштуу эркек алтын баштуу аялдан артык деп бааланса керек. Бирок жалпысынан алганда, бака баштууларды алтын баштуулардан артык деп эсептөө калыстык эмес. Мындай макал кыздарды пас, төмөн саноо түшүнүгүн жаратып, эркектерге тескери таасир этери бышык. Миса-

лы, Түлкү баатыр – ошондой түшүнүктүн туткуну.

1. Аялын энеси кетир десе, кетирип жиберет, аны турмуштун арзан буюму катары гана көрөт.

2. Жаңылга үйлөнүш үчүн нойгуттардын жылкысына тийип, айдап кетет. Муну кандайча эрдик деп эсептөөгө болот? Бул душманчасынан кол салуу да.

3. Анан «сүйгөнүнө» арнаган биринчи сөзү – канчык. Бул ашынган кордоо, теңсинбөө.

4. Кыздан чыккан сырттан, баатыр адам «канчык» аталып жатса, баатырлыгы жок катардагы жөнөкөй аялзатынын күнү эмне болот.

Эми башкача жагдайга көңүл төшөп көрөлү. Эгер Түлкү баатыр Жаңыл Мырзанын жылкысына тийбей, чү деген жерде аны «канчык» деп айтпай, анын ордуна кызга келип, сүйлөшүп, колун сураса, же жуучу жиберип ниетин билдирсе, же бир тойдо эрдик салт боюнча баатыр кыз менен жекеме-жеке чыгып найза сайышса, же жамбы атышса эң сонун болмок. Балким, окуя таптаза башка нукта өнүкмөк. Мөрөйдөн алдырса да, баатыр кыз Түлкүнү сындан өткөрүп, жактырмак, анан экөө баш кошмок. Натыйжада Түлкү менен Жаңылдын эли куда-сөөк болуп, канатташ жашап, балким нойгут уруусун душман чаап кетмек эмес. Ал эми жылкы тийип, үйлөнө турган кишисин «канчык» деп атагандан Түлкү баатыр эмне тапты? Алтын баштан ажырады, өзүнөн башка дагы кыргыздын үч баатыры ажал тапты. Бул эле эмес, Түлкүнүн осолдугун, оркойгон кемчилигин баяндаган, түптөн учка кеткен учуктуу сөз сакталып калды. Бул мындан ары да укумдан-тукумга айтыла берүүчү кесирдүү жана менменсинткен жорук. Азыр деле үй-бүлөдө эркектин күч жагынан болгон артыкчылыгынан пайдаланып, жубайын кордоп, азапка салгандар аз эмес. Күнү бүгүнкүдөй күчүндө. Жакында «Талас турмушу» деген гезиттен аялга карата колдонул-

ган зордук-зомбулук жөнүндөгү маалымат менен тааныштым. Мисалы, АКШда жыл сайын өз үйүнөн кордук көргөн аялдардын саны 2 миллионго жетет экен. Японияда ар бир ажырашкандардын экинчиси аялдарды уруп-согууга байланышкан, Перуда полицияга түшкөн арыздардын 70 пайызын эринен таяк жеген аялдар жазат экен. Испанияда 640 миң аял өздөрүн үй-бүлөнүн курмандыгы деп эсептешет. Россияда 14 миң аял өз күйөөлөрүнүн колунан каза тапкан жана оор кылмыштардын 80 пайызы үй-бүлөлүк кордуктан келип чыгат. Ал эми Кыргызстанда 100 эркектин 95и аялдарын уруп-согуудан кайра тартпайт. (*«Талас турмушу», 2004-жыл, 9–15-февраль, № 7018.*)

Мындан тышкары жер шарында айдай жүзүн жашырып, бетин паранжы менен чүмкөп жүрүүгө аргасыз болгон аялдар канча дейсиз. Ушунун баары аялдарды басмырлоо, кемсинтүү да. Космосту багындырган, компьютердин заманын жараткан, не бир илимий ачылыштарды ачып даңкталган адамзат өз тегин – колуктусун барктай албай жатканы кандай өкүнүчтүү. Ошондуктан ушул дилбаянымда бардык классташтарыма төмөндөгүдөй көйгөйлүү маселелерди тартуулайм. Ачык сүйлөп, ак оюңарды айткыла.

1. Аял эркектин кабыргасынан жаралганбы?

2. Алтын баштуу аялдан бака баштуу эркек артыкпы?

3. Жаңылдын Түлкүнүн кордогон сөзүн көтөрө албаганына макулсуңбу?

4. Же Жаңыл «канчык» деген сөздү көтөрүп коюшу керек беле?

5. Сен Түлкүнүн ордунда болсоң, эмне кылмаксың?

6. Аялдарга кордук көрсөтүү маселеси бир эле мамлекетти камтыйт бекен?

7. Кыздын макулдугуна карабай ала качып келип үйлөнүүгө мамилең кандай?

8. «Кыргыздын кырк чачы улуу» деген макалды кандайча түшүнөсүң? Анын ага тиешеси барбы?

9. Жаңылдын эрдиги жана трагедиясы эмнеде?

§ 49. АҢГЕМЕ

Бул дилбаян автордун каалашына жараша жазылат. Ага көбүнчө кара сөз жазууга жөндөмдүү окуучулар тартылат. Анда көркөм ой-жүгүртүү менен публицистикалык ой-толгоолор эриш-аркак келе берет. Ошону менен «мындай дилбаянды жазба» деп эч ким чек коё албайт.

12-үлгү. Жылдыздарга жанашкан көксөө.

Эр эли менен

Кулагынын түбүнө чейин нымшып тердеген Бозжорго жебе болуп сызат. Ыркыраган шамал как жарылат. Жер тигиши сөгүлүп артка көчүүдө.,.. Күлүктүн үстүндө Жаңыл, үзөңгүнү тең теминип, бет алдын – Какшаал тоону теше тиктеп, өпкөсү көөп, эбедейи эзилип келет. Сагынычтын күчү ай! Астындагы ок жетпесе ат жетпеген Бозжоргонун арыш ташташы да кашаң тарткансып сезилет.

Мына эми – жер четине келди. Ушул жер анын киндик каны тамган, балалыгы өткөн чөлкөм. Жаңыл аттын башын тартып, жерге түшө калып, көк майсанды колу менен сылады, анан эңкейип кыртышка бетин тийгизди. Жердин деми... Боорток-топ жатып алып, мооку кана жыттагылады. Чөптүн, гүлдүн, топурактын жыты... Анан былдыраган булакка барып, кочуштап жутту, жүз чайыды. Ооба, ал төрөлгөндө, аны ата-энеси жаңылыш келип калган уул дешти да, атын атайы Жаңыл койгон. Бирок, аны кичинесинен эркекче кийиндиришип, бөпөлөп өстүрүштү. Чүкө ойноп, тай үйрөтүп, ат минип, көк бөрү тартып, ит агытып, куш салып чоңойду. Эгерим колунан жаасы түшкөн жок, мээлегенин ыргыта атып көндү. Чаап баратып атканда, жолду катар онду-солду коюлган найзалардын сабына жебе кадалчы. Бири да сая кетчи эмес. Найза сайып, кылыч чапкан жагынан эч кимди алдына салган жок. Ал эми анын өнөрүнүн пайдасын эл көрдү, четтен чаап кетмекчи болуп кол салган жоонун катыгын колуна берди. Бет келгенин аңтара сайып, качканын жаа менен атып сулатты. Бир даары Жаңылга үйлөнөм деп келди, бирок жөн эмес, кордоп малын чаап, кыз деп кемсинткен кебин айтып келди. Баатыр кыз алардын да эсебин тапты, кылычтын мизи, жебенин учу менен сүйлөштү. Ошентип, бул кыздын атагы туш-тарапка тез эле тарап кетет. Жаңылды эми «баатыр», «мырза» деп атап калышты.

Мына ошол баатыр кыз – Жаңыл Мырза өзүн өстүргөн эл-журтуна шашып келатат. Туткунда жүргөн жеринен көпчүлүктүн өтүнүчү боюнча эрдик өнөрүн көрсөтүп, ыргытылган тебетей жерге түшкүчө он беш атып, атканда да төбөсүн аңырайта тешип, түпкүч кыла атып, көргөндүн көзүн талдырып, оозун ачтырып-таңгалдырып салып, анан «бизге уруксат болгондур» деп туулган жерди көздөй жөнөй берген. Эми ошол эли кантти экен? Жаңылды тосуп алып кубанычка бөлөнөр. Аман-эсенчилик болсо, эли-журту менен аралашып, бөксөсүн толтуруп, кемтигин кемелине келтирип, баскынчы жоодон коргоп турар. Кара башын токмок, каруусун казык кылып эл четин күзөтөр. Кан сөөлөткө чыгып, адырдан аркар, тектирден теке, кумайдан кулжа атар. Илбирс

жойлогон, бүркүт шаңшыган улуу тоонун ичин нечен аралар. Эликтин боорун шүүшүң каны менен кактап жеп, арчанын куураган сөңгөгүн жагып, таш кордо кылып эт бышырар. Нечен суу кечип, нечен бел ашып, нечен улардын үнүн угар. Эр өспүрүмдөрдү аскер оюнуна машыктырып, кырк кыз курап, аларды жаа атканга үйрөтөр. Эл-журту тынч жашап, жылгасы жылкыга, колоту койго, өрүшү малга толор.... Бирок мунун баары Жаңылдын тилеги, көкүрөгүндөгү ойлор. Азырынча ал жолдо, али жер четине келгени менен эл четине, эл арасына жете элек.

Бирок баатыр кызды башкача оор жагдай күтүп жаткан эле. Жаңыл эл жайлаган жердин баарын кыдырды. Кыбыраган бир жан кездешпеди. Жер-суу, баары сүрдүү, баары муздак. Ар кайсы жерде боз үйдүн журту. Жанында күл додо. Кээ жерлерде соройгон куу казык. Кой жаткан өрөөндүн ордун чөп баса баштаган. Кээ бир журттарды күл баскан. Демек, ал өрттөлгөндүктүн белгиси. Ой, шумдук ай! Эч болбосо, көзүнө бир адам чалынса гана! Эч болбосо журтта каңгыган бир ит болсочу! Көзгө кандай сонун көрүнмөк! Жаңылдын кыраакы көздөрү баарын чалып, эмне окуя болгонун боолголоп билди. Бул жерде чоң чапкын болгон, душман кол салган да, өлтүргөнүн өлтүрүп, өрттөгөнүн өрттөп, калган мал-жанды бүт айдап кеткен. Кайда айдап кетти? Белгисиз... Бирок бир нерсе белгилүү, душман нойгуттарды коргоп калар Жаңылдын жок экенин, анын колго түшүп кеткенин жакшы билген. Ушундан пайдаланып, тынч жаткан элди каалагандай чаап, анан белгисиз тарапка айдап кеткен. Элинен ажыраган жердин жетимсиреп турганы ошол. Аттиң ай, жоо каптап келгенде, Жаңыл Мырза элинде болсо, айтканын айтып, сайганын сайып, эң акыркы дарманы кеткенге чейин кармашып, анан өлүп кетсе арман жок эле. Карасаң, элинен ажырап жетим калган жер да өзүнүкү эместей, таман алдынан жылып кетчүдөй таман алдынан көчүп кетчүдөй серт көрүнгөнүн...

Эмне, Жаңыл Мырза эми кайра артка кетиши керекпи? Ал оюна да келген жок! Эгер ал артына кетсе Жаңыл Мырза болуудан калат да, бир начар пендеге айланат. Эгерим кабагым-кашым дебеген баатыр майышты. Бетинен салаа-салаа болуп жаш куюлууда. А ичи күйүттөн эзилүүдө, эзилүүдө... Эгерим туткунда жүргөндө өчпөгөн үмүт, эңсеткен жарык эми өчүүдө.... Элин жоготкондон кийин баатырга жашоонун кереги кайсы? Баатыр эле эмес катардагы атуулга элин, Мекенин, тилин жоготкулук кылбасын. Аларды жоготкондон кийин, андан ары уланар урпак жок... Эми Жаңыл өзүнүн күнү бүткөнүн түшүндү. Ооба, эң акыркы күчүн жыйнады. Анын сөөгү көрүнгөн жерде жатууга тийиш эмес. Эч болбосо, бир кезде өзү жактырды эле, кылыгы менен кесири керт башына тийбесе, өмүр шерик жар болуп калат эле. Жаңыл Түлкүнүн сөөгү жаткан жерди издеп тапты, ошерге өз жанын кыйды.

...Жумулуп бараткан көздө чабылып-чачылган элдин элеси калды. Чокко окшоп улам өчүп бараткан мээде аттын кулагы менен тең ойногон шамалдай эркин жана баатыр кыздын элеси жылдыздарга жанаша күлүгүн арылдата чаап, туягынан от чуурутуп, күндү карай сызып, учуп баратты. Жан-жанында артта калып жаткан кылымдар, мезгилдер...

§ 50. ЫР

Бул ыр менен жазылчу дилбаян да окуучунун каалашына жараша. Демек, жазбай, оюн дилбаяндын башка түрлөрүндө чагылтса да болот. Бирок окуучулардын арасында оюн ыргак, уйкаштуу сөздөр менен жазууга далалат кылгандар да жок эмес. Оболу, ниет кылса, мурда эч качан ыр жазып көрбөгөндөр да ыргактуу саптарды чүргөп, оюн чагылдыра алат. Кептин баары – кызыгууда жана тырышчаактыкта.

13-үлгү. (Окуучулардын мурда жазылган дилбаяндарынан кыскартылып алынды).

Жаңыл Мырза

«Баатыр жүз, бий бирөө болсо – эл озот.
Бий жүз, баатыр бирөө болсо – эл тозот».
(Атыла хан, V кылым)

Жылкы тийип, душман келсе таанылгыс,
Жолборс мисал жолун тоскон баатыр кыз.
Беттешкенди бөк түшүрүп ок менен
Кыргызыма сепил болгон Жаңыл кыз.

Тарыхтын качандыр бир бүктөмүндө,
Өмүрүн өкүнбөгөн өткөнүнө.
Кыргыздан Түлкү баатыр болгон экен,
Чак келбеген эч нерсе өктөмүнө.

Сый менен санжыргалуу салтты унутуп,
Душманча басып кирип, жылкы тийип.
«Канчык» деп абайлабай айта коюп,
Мүрт кеткен каргашалуу окко күйүп.

Кыргызды кыргыз чапкан бириктирбей,
Айкөл жок журтту сактаар ириттирбей.

Жаңылып Түлкү баатыр жапаа көргөн.
Аттиң ай, Жаңыл кызды ийиктирбей.

Жаңыл кыз сырттан экен, мыкты экен,
Эл коргоп жаа атышы ыктуу экен.
Сый-сыпаалык кылууга чаркы келбей,
Салт бузган эр жигиттер ок тиштеген.

Бир дегиче он аткан Жаңыл мерген
Кор тутуп кол салгандар өлө берген.
Бирок да заманы анын тетири эле
Бир элди ыдыратып онго бөлгөн.

Бөлүнбөсө уруулар. Эриш-аркак,
Бир жеңден, бир жакадан баш чыгармак.
Нойгуттар да чабылып кетмек эмес,
Жаңыл дагы күн көрмөк күлүп жайнап.

Түлкү дагы жылкыга тиймек эмес,
Ызаат кылып Жаңылды кадырламак.
Баатыр кыздын астына күлүк тартып,
Жоо келсе баары чапмак жапа тырмак.

Кыргызың күчтүү, бирок чакан өлкө,
Кор тутуп өзүндү-өзүң кордой көрбө.
Жогорку кем-карчыдан сабак алып,
Бирине-бириң арка, тая, жөлө.

Манастын кулундары, урпактары,
Эгемендик жолунда өнүгөлү.
Жеңилди жерден алып, оорду колдон
Түндүк, түштүк деп экиге бөлүнбөйлү.

§ 51. ПЬЕСА-ДИЛБАЯН

Бул окуучулардын баарынын колунан келүүчү оңой дилбаян. Эң олуттуу жерлерди каармандын бирине суратып, экинчисине жооп бердирип жазып койсо болот. Мындай ыкма менен керексиз жана ашыкча жерлерден аттап кетүү жеңил.

14-үлгү. Пьеса-дилбаян.

Узун жолду кыскартуу

Катышуучулар: 1. Нурсултан (окуучу). 2. Санжар (окуучу).

Жонунда асма китеп баштыктары бар эки окуучу өрдү карай кеткен бир таман жолдо келатышат.

Н у р с у л т а н. Санжар, узун жолду кантип кыскартуу керек.

С а н ж а р. Жүгүрсөк же женил машинеге түшсөк, оной эле кыскарат.

Н у р с у л т а н. Аның туура дечи, бирок экөөбүз тең жөө бара жатабыз, беш саат сабак окуп чарчадык. Анан кантип жол кыскартабыз.

С а н ж а р. Мен билбейт экем.

Н у р с у л т а н. Сен билбесең, мен билем.

С а н ж а р. Айтсаң?

Н у р с у л т а н. Менин суроомо сен жооп берсең, сенин сурооңо мен жооп берсем, анан көрөсүң. Баштадык. Өткөндө агай тапшырма берди эле, «Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасын китепканадан алып окугула» деп окудунбу?

Са н ж а р. Ооба, мукабасы жука китеп экен. Сыртына «Касым Тыныстан уулу» деп жазылган. Андагы «Жаңыл Мырза» поэмасы мага абдан жакты.

Н у р с у л т а н. Жакса, мага айтып берчи. Автор бул поэмасын кандай максат менен жазган?

С а н ж а р. Албетте, автор кандай максат менен жазганы жөнүндө кабарым жок. Бирок окуган поэма боюнча болжоп жооп берүүгө болот. Менин оюмча, «Жаңыл Мырза» – эркиндикке арналган, адамды басмырлап кемсинтүүнүн зыяндуулугун баса белгилеп көрсөткөн чыгарма. Анда баатыр кыздын эл-жерин сүйүүсү, аны коргоосу жана трагедиясы бар. Колго түшкөндө да өзү «Капаста эрк сагынган мен бир туткун» деп ачык эле айтат. Ошол капастан бошонор менен Жаңыл элине шашат....

Н у р с у л т а н. Мен Жаңылды жаңылган деп эсептейм.

С а н ж а р. Менин оюмча, Түлкү жаңылган.

Н у р с у л т а н. Болуптур сен өз оюңду далилдеп көрчү.

С а н ж а р. Түлкүнүн жаңылганы мында. Ал, биринчиден, Жаңылдын жылкысын айдап кетип, душманча аракет кылды. Экинчиден, Жаңылды «канчык» деп кордоду. Минтүүнүн ордуна Түлкү жуучу жиберип, баатыр кыз менен сүйлөшүп, макулдашып үйлөнсө болмок. Адамга адамча мамиле керек да. А сенин оюңча, Жаңыл эмнеден жазып тайды?

Н у р с у л т а н. Менин оюмча, Жаңыл кечиримдүү болуш керек эле. Биринчиден, акмакка тенелген кишинин өзү акмак.

Экинчиден, жар башынан Жаңыл төрт баатырды көзүнөн өткөрүп, сындап, арасынан Түлкү баатырды жактырып, ичинен купуя сүйүп калган болучу. Анан сүйүп калган адамын атып салууга кантип колу барды? Мен ошого таңкалам да!

С а н ж а р. Макул дейли. Эгер сен өзүң Жаңылдын ордунда болсоң, эмне кылмаксың?

Н у р с у л т а н. Мен Түлкүнүн «канчык» деген сөзүн укмаксан болуп коймокмун. Анткени ал мага аябай жагып калган эле. Ачуум келип турса да, эрдимди кесе тиштеп, сабыр кылмакмын. А сен Түлкүнүн ордунда болсоңчу?

С а н ж а р. Мен эч качан нойгуттардын жылкысын барымтага айдап кетмек эмесмин. Тетирисинче, кокустан душман келсе, ал жылкыларды коргомокмун. Анан Жаңылды «канчык» деп кордоого дилим да, дитим да бармак эмес. Мүмкүнчүлүккө жараша ата наркы – салт менен ага жуучу жибермекмин. Ошону менен катар чоң саясат да жүргүзмөкмүн. Жаңылга баш кошуу менен кыргыздын эки чоң уруусунун мамилеси жакшырмак. Дайыма нойгут элине да көз салып турмакмын. Натыйжада аларды жоо чаап, түпкүргө айдап кете алмак эмес. Андан ары акырындык менен кыргыз урууларынын башын бириктирүүгө аракет кылмакмын. Мындан кыргыз эли гана утмак. Менимче, кыргыз эли өз ара баш кошуп, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаруудан аксаган. Сырткы душман да элибиздин биригишин каалаган эмес, ошол себептен бир урууну экинчи бир урууга көкүтүп, ортосуна от жагып, кайраштырып турган. Ошол себептен кыргыз уруулары бири-бирине кыр көрсөтүп, бирин-бири кордоп, кемсинтип, акыры ал чоң жанжалдарга алып барган. Натыйжада эл-журтум Кокон хандыгынан азап чеккен. Өз ара чабыштын кесепетинен Россия падышачылыгынын көлөкөсүнө өзү кирип барып калкалануунга аргасыз болгон. Ошондуктан кыргыз элинин биримдигин көздүн карегиндей сактоого тийишпиз.

Н у р с у л т а н. Азаматсың, Санжар! Менда сенин оюна кошулам. Баса, экөөбүз тең узун жолду кыскарттык. Мына, үйгө да келип калдык.

Са н ж а р. Жакшы кал!

Н у р с у л т а н. Жакшы бар!

Эскертүү

1. Пьеса-дилбаянда катышуучуларды өз каалоңо жараша тандап алсаң болот. Кааласаң, Жаңыл Мырза же Түлкү баатыр менен кыялында (же түшүндө) жолугуп сүйлөшө аласың.

2. Пьеса-дилбаянда катышкан каармандардын сөзү аркылуу өзүң чечмелейин деген маселеге, урунттуу окуяга тез аралаша аласың. Демек, тема талап кылган олуттуу көйгөйдү чагылдыруу мүмкүнчүлүгүң чоң.

§ 52. ДИАЛОГ-ДИЛБАЯН

1. Бул түрдүү пьеса-дилбаяндын түгөйү дешке болот. Айырмасы: 1) диалог-дилбаянда каармандардын сөзү жол башынан диалог (сызыкча) белгиси менен башталып жазылат. 2) диалог сөзүнөн кийин «деди Түкүнчө» деп кимдин сүйлөгөнү көрсөтүлөт. 3) Ал эми суроо-жооп түрүндөгү дилбаянда диалог белгиси да «деди баланча» да жок.

15-үлгү. Диалог-дилбаян.

Бул дилбаян пьеса дилбаянга окшош. Жогорку 14-үлгүдөгү текстти эки түрдүү диалог-дилбаянга айландырып жазууга болот.

1-вариант

Жолдогу сүйлөшүү

– Санжар, узун жолду кантип кыскартуу керек? – деди классташы Нурсултан.

– Жүгүрсөк же женил машинеге түшсөк оңой эле кыскарат, – деди Санжар.

– Аның туура дечи, бирок экөөбүз тең жөө бара жатабыз, беш саат сабак окуп чарчадык, демек, жүгүргүбүз да келбейт. Анан кантип жол кыскартабыз.

– Мен билбейт экем.

(Калганы да ушундай уланып кете берет).

2-вариант

Суроо-жооп

Суроо. Жакса, мага айтып берчи. Автор бул поэмасын кандай максат менен жазган?

Жооп. Албетте, автор кандай максат менен жазганы жөнүндө кабарым жок. Бирок окуган поэма боюнча болжоп жооп берүүгө

болот. Менин оюмча, «Жаңыл Мырза» – эркиндикке арналган, адамды басмырлап кемсинтүүнүн зыяндуулугун баса белгилеп көрсөткөн чыгарма. Анда баатыр кыздын эл-жерин сүйүүсү, аны коргоосу жана трагедиясы бар. Колго түшкөндө да өзү: «Капаста эрк сагынган мен бир туткун», – деп ачык эле айтат. Ошол капастан бошонор менен Жаңыл элине шашат.

(Калганы да ушундай. ...үлгү боюнча).

§ 53. КЫЯЛДАНЫП ЖАЗУУ

Дилбаяндын түрлөрүнүн арасында кыялданып жазуу – мектеп практикасында эң көп иштелген жана кызыктуулугу артыкчылык кылган сүйгүнчүктүү тема. Авторлор дилбаянында ким гана болуп кетпейт дейсиң. Бир карасаң – карышкыр, бир карасаң – президент, бир карасаң сокусун минип, сок билегин камчыланган жети баштуу жез кемпир, дагы бир карасаң – ок жылан... Кыялдын жана түштүн жардамы менен барды жок, жокту бар кылып сүрөттөөгө болот. Керек болсо, автор кыял менен гана убакытка, мезгилге, Теңирге теңдеш боло алат. Кыял чексиз... Бирок ошонун баары алдыга коюлган максатты – мазмунду теренден ачууга, аны окумдуу жана кызыктуу кылып шөкөттөп жазууга кызмат кылат.

16-үлгү. Кыялды жүгөндөөгө болбойт.

Күн менен Айдын маегинен

(1-вариант)

Мен Аймын. Ошол түнү мен аларды төбөсүнөн тиктеп тургам. Төрт баатыр калың жылкыны ийрип келип, бир чети куушталып төрүн көздөй кирип кеткен жарга таяп, өздөрү ооз жагынан орун алышкан. Жан казанда жаңы союлган тайдын эти. Отту тегеректей үчөө жамбаштай жатып, – бир жашыраагы отту утуру ичкертүүдө.... Ошол маалда жардын башына бир караан келди. Ал аттан түшүп, жардын таманындагы төртөөн көпкө тиктеп турду. Алп кебетелүү, өзү москоол, бирок кырдач мурун, көздөрү мөлтүрөп, кирпиктери төгүлгөн жан сулуу кыз. Ал беркилерди назар салып тиктегенде, өңүнөн нур жаап, жүрөгү балкып турганын байкадым. Негедир жоготкон жылкысынын артынан сая түшүп кууп келген куугунчуга окшобойт. Аңгыча ошол кыздын ээрчий келген тайганы кандын жытынан улам

жардын таманына шимшилеп жетип барды. Аны көрө калган сөөлөттүү мырзасы:

– Канчыктын тайганы, – деп бурк этти. Муну уккан жар башындагы кыз көзгө илешпеген тез кыймыл менен жааны бетине алып, зыпылдатып жебе узатты. Көз ирмемде төртөөнүн көкүрөгүнө тең шак-шак этип жебе тепчилди. Жылкысын тийип алып, анысы аз келгенсип чучукка жетер кемсинтер сөз айтып, эми эле мөрөйү үстөм болуп олтургандар тындым кылынды: «Ойлонбой сүйлөгөн онтобогон ооруга жолугат» дейт, бул андан да оор эле, оорудан оорубай эле шыр оңкосунан сайылды. Менин көргөнүм ушул, күндүзгүсүн биле албадым, – деди Ай муңайым үлбүрөп.

– Менин көргөнүм сеникинен көбүрөөк, – деди Күн, – саратан жай эле, эл жайлоодо. Аңгыча Бозжорго минген, өзү алибеттүү, ак элечек кийген бийкеч көпчүлүктүн кашына келди. Эл жабыла бата берип, андан бир нерсени суранышты. Анан бирөө тебетейин көккө ыргытты эле Бозжоргочон ага жебе чуурутту. Чиркин, не деген тездик, тебетей түшкүчө он беш ок атууга үлгүрүп, дагы ошол баш кийимди жерге түшүрбөй тосуп алып, анан аны элге көрсөттү. Төбөсүн чууруган ок жулуп, тебетейди казан асар түпкүчкө окшотуп салыптыр. Аткыч деп ушуну айт. «Эми эмне болот?» деп көзүм бозжоргочондо. Карегинен от жалтылдайт, мындай көздөрдүн ичинде зор кусалык болот. Балким, ал бир чечимге келген, ошону аткарууга бел байлаган. Ооба, болжолум чын болду: бийкеч көпчүлүккө карата бирдеме деп кыйкырды да, астындагы тулпарга камчы басты. Жаныбар атып жөнөдү. Муну бир де. Бозжоргочонду эртеси да Какшаал жеринен көрдүм. «Буга эмне болгон» дей аябай көз токтотуп, дыкаттык менен карадым. Кабагы бүркөө, башын төмөн салып, азапка баткандай мөгдүрөйт бечара. Анын айланасында бир жан жок, өрттөнгөн боз үйдүн орду, сынган казык, жиптин үзүндүсү. Сайда какжырап калган адам сөөктөрү. Бул жерде чапкын болуп өткөнү байкалат. Ошол маалда алиги бийкеч башын көтөрүп, атка ыргып минди да, чаап жөнөдү. Анан жана сен айтып өткөн жарга, бир кездеги төрт баатырдын сөөгү жаткан жерге барды. Жерде эңгезердей эрлердин куураган төрт башы жатат. Бийкеч аттан түшүп, алиги баштарды тиктеп, бир топко көз токтотту. Анан Бозжоргонун тизгинин мойнуна түрүп, айдап жиберди да, теңселе басып келип өзүн кестик менен тындым кылды. Кызыл кан жерге жая берди.

Бозжорго артын карап, кишенеп-кишенеп алып, жолго түштү. Канжыгасында жаа, жебе салынган саадак баратты.

Жаны биргелер

(2-вариант)

Мен агамдын ак «Волгасында» баратыпмын. Жол тасмасында машина зымырайт. Мен бет алдымды теше тиктейм. Бир маалда машинанын үнү өчүп, жол тасмасы жок болду да, Бозжоргонун үстүндө баратканымды сездим. Аркыраган шамал аттын үстүнөн учуруп түшчүдөй сезилет. Аттын жалы да, саамайым да сапырылууда. Мен өзүмө окшободум. Акырындап мага Жаңыл Мырзанын жаны киргенин, өзүмө бакыбат күч кошулганын туйдум. Бирок денемдин бир жеринде үлдүрөп мурунку жаным да жүргөнсүйт. Байкасам, көкүрөгүмдө эки жан кадимкидей сүйлөшүп жатат. Менин жаным:

– Мен, эжеке, эрдигиңизди поэмадан окуп, ага күчтүү таасирленип, анан бөлөк кылымда, бөлөк заманда, бөлөк шартта жашап жатканымды сиз менен биригип, бир адам болуп Бозжоргодо келатканымда сездим. Коркконумду да, таңыркаганымды да айтпа.

Жаңылдын жаны:

– Коркпо жана чочуркаба, түгөйлөшүм. Мен сени сырттан багып карап турган колдоочуң эмесмин. Мен жалпы элдин жан дүйнөсүндөгү жашоодон тике эле сенин акыл-эсиңе өтүшүп кеттим. Балким, көптүн бири катары унутулуп деле калмакмын. Өз заманымда кыз башым менен эл коргоп турдум. Ошого карабай мени бирөө «канчык» деп кордогон, бирок ошол пендени жактырып калганыма карабастан, жолдоштору менен бирге атып алганымды да жакшы билесиң. «Канчык» эмес, эл коргоп, жоо сайган намысчыл кыз экенимди көрсөтөйүн дедим. Эмне кыз баланын Теңир алдында жазыгы бар бекен? Кыз болгонум үчүн басынып, күң болуп жашашым керекпи? Кыз бала элин сүйбөс, жерин сүйбөс болуптурбу? Эркек эрлер бири-биринен мыктысынып, бирин-бири чаап, кыргыз элин бытыратып бөлүп жатканда, кыздын колуна курал алып эли-журтун коргошу өөнбү? Керт баштын намысы бийик, бирок элдин намысын коргоо андан да ыйык жана улуу. Ал эми намыстан ажыраган күнү байкушсуң. Ошон үчүн кимдин «канчык», кимдин эр экенин көздөрүнө көрсөтүп коёюн дегем. Намысты өмүр бою сактадым. Колго түшкөнүмдө да көкүрөгүмдөгү өчпөдү. Боло калган кырдаалдан пайдаланып, өз элиме кетип калууну, анан аны коргоону самадым. Анан «Өнөр көрсөт, эрдигинди билели» деген көпчүлүктүн каалоосун билесиң. Ошондон пайдаландым да, «сааты келди» деп, сагынган, көзүмөн учкан элимди көздөй кете бердим. Бирок мен байкуштун ойлогону ордунан чыккан жок, бир жактан калың жоо келип, элимди чаап, таш-талканын чыгарып, анан тирүү калгандарды кул-күң кылуу үчүн өздөрү менен

кошо айдап кетишиптир. Эч кимди элден ажырагылык кылбасын. Элимден ажырап, жалгыз калганда, «элсиз көргөн күн курусун» деп өзүмдү-өзүм тындым кылганым да чын. Анын үстүнө «Колго түшпөй, элимдин четинде жүрсөм, жоонун катыгын колуна берип, бул абалга келтирбей сактап калат элем» деген ой ичимди эзип жиберди... Бирок мени сенин ошол мен жөнүндөгү ой толгоолоруң тирилтти. Анан кылымдардын бир бүктөмүнөн куш болуп учуп чыгып, сага келдим. Сенин дилиңе – дил, акылыңа – акыл болуп кошулдум. Сенин көзүң менен айлананы тиктеп, турмушту көргүм келди. Минтип жаныңа жан дүйнөмдү кошуп, биригүүнүн себептери көп. Дагы деле чечилбеген көйгөйлөр адамзат турмушунда аз эмес экен. Сабаттуу экенсиңер, жоргонун ордуна машина минип калыпсынар. Бирок акыл-эсиңер, адамгерчилигиңер өркүндөп деле кетпептир. Дагы деле кыздарды кор туткандар көп: 1) макулдашпай туруп көз жашын көлдөтүп ала качып кетип үйлөнгөндөр арбын; 2) кээ бир кыздарды «акчага тундуруп, байлыкка көөмп коём» деп алдап барып, чет өлкөгө күндүккө сатып жиберген эргулдар бар; 3) дагы деле мокок, айдаган жакка кете берген, пайдалуу жер табылса тилин, дилин, динин, улуттук ар-намысын жана наркнасилин, салтын сатып жибергендер четтен табылат.

Сенин жаныңа жан болуп кошулганым ошондон. Колуңда билим деген куралың бар, эмнени кааласаң ошонун баарын билип, үйрөнүп чыгууга мүмкүнчүлүгүң кенен. Элиң «кыздын кырк чачы улуу» деп жол берип, ызааттап турат. Бирок, жан биргем, турмушту менин көзүм менен да карачы. Акмактар, сени кор туткусу келгендер сенин бир тал чачыңа да тең келбейт. Башыңды көтөр, эркекти сыйла, аны менен эң жакшы мамиледе бол, жеңилин жерден, оорун колунан ал, керек жеринде жөлө, тая, багын башынан тайдырба, бирок эч качан тебелендиде калба.

§ 54. АДАБИЙ ТҮРМӨКТӨР

(Дилбаян жазып машыгуу)

Биринчи дилбаян

Темасы. Бөктөргө (Молдо Кылычтын «Буудайык» дастанынан).

Ойго таек. 1. Саятчы Төлөк айры белес, ач кайкандагы көк тайпаңга тор жайып, ичине көк көгүчкөн тир байлап, Буудайыкты күтүп жатса, торго бөктөргө деген куш түшүп калат. Төлөк анын башын жулуп, торго садага чабайын десе, ал куш:

– Айланайын саятчы, сенин сураганың эмне, самаганың эмне? Мойнуму жулуп нетесиң, – деп жалдырап жиберет.

– Менин сураганым Буудайык, самаганым Буудайык, – дейт Төлөк.

Анда бөктөргө Буудайыкты алдап ээрчитип келип, торго түшүрүп бермекчи болот. Макулдашып, Төлөк аны бошотуп жиберет. Бөктөргө убадасына туруп, өзүнүн төрөсү Буудайыкты бал тилге салып алдап, айры белес, ач кайкаңга ээрчитип келет. Көгүчкөндү көргөндө, Буудайык токтонуп тура албастан күү таштап сайылып түшөт да, жибек торго чалынып, Төлөктүн колуна тиет.

2. *Бөктөргө* – жырткыч куш, кулаалынын ургаачысы, өңү күрөң (же саргыч). Ачык талаада жашайт. Жерге уялап, 3–6 жумуртка тууйт. Жерге жакын учуп, балапан, майда кемирүүчүлөрдү, баканы иликтеп жейт.

Жазуудагы максат.

1. Эмне үчүн бөктөргө өзүнүн төрөсү Буудайыкка чыккынчылык кылып, аны торго түшүрдү? Эгер жоокер өзүнүн кол башчысын алдаса, эмне болот? Жан кымбатпы, намыс кымбатпы?

2. Эгер кимдир-бирөө сени «башыңды жулуп алам» деп күрп (же козу, же тоок, же өрдөк-каз) уурдап келүүгө жумшаса эмне кылар элең? Уурулукка корккonундан барасың да, же барбай коюуга ички кудуретиң жетеби? Анда эмне, өз үйүндөгү күрптөн алып барып бересиңби? Макул дейли, анда ата-энеңе эмне дейсиң? Ырас, сырды бекем сактап, «Башынды жулуп алам» деп коркутуп турган эргулду мектепке да, ата-энеңе да, агаларына да – эч кимге айтпайсың. Бул сөзгө бекемдигиңби, же уурулук дүйнөсүнө аралаша баштаганыңбы? Ошондо сенин ички дүйнөңдү таза, аруу деп ким айтат. Жан дүйнөңдүн кирдегени, булганганы ошол да.

3. Анан сен да алың жеткен бирөөнү «башынды жулуп алам, бир кока-кола суусундугун алып кел» деп айтпай коё аласыңбы. Айтасың.

4. Жемиш дарагынын куураган бутагын кесип салат. Ал эми сенин уурулукка барышың куурай баштаганыңбы, же гүлдөп жатканыңбы?

5. Ырас, сен өзүңдү эч качан ууру деп эсептебейсиң, бирөөлөр мажбурлаган, анан аларды туурап сен да иштеп койгонсуң. «Башкалар деле ошентип жүрүшпөйбү?» – дейсиң. Ушуга соороносуң. Ошентип, сенин тулкуңда эки бет жашайт, бири – тымызын кылган уурулук, экинчиси – бирөөнүн алтыны жерге түшүп калса албай тургандай көрүнгөн мойсопуттук.

6. Демек, «Буудайык» дастанындагы бөктөргөдөн сабак алууга болобу. *Тилге таек. Керегине жараша пайдалан.* 1. *Сөз берметтери. Музоосунда сүздүрдү* – жаш кезинен баш ийип калуу, көз каранды болуу, коркуп жалтактоо. *Мүйүз тилейм деп кулагынан ажыроо* – артык кылам деп тыртык кылуу, көптү алам деп аздан айрылуу, куру калуу. *Мээсине чай кайнатуу* – бирди көрсөтүү, сазайын окутуу, катуу жазалоо. *Этегине намаз*

окуу – бирөөгө сыйынуу, ыгы жок көшөкөрлөнүп кошомат кылуу, кулдук уруу. *Эне сүтү оозунан кете элек* – жаман-жакшыны көрүп кагыла элек, өсүп жетилбеген, өтө жаш. *Иттин артқы шыйрагындай болуу* – абдан уят болуу, маскара болуу, өтө ынгайсыз начар абалда калуу. 2. Макалдар. «*Жаманды төө үстүнөн ит кабат*». «*Коёнду камыш өлтүрөт, эрди намыс өлтүрөт*». «*Адамдын жаланқычы да адам*». «*Адепсиз бала – таманга жабышкан чыла*». «*Айыбын жашырган алыс узабайт*». «*Керкисинде да, кемигинде да бар*». «*Аңгек өзүн жер ойлойт, акмак өзүн эр ойлойт*». «*Алып алтоо болбойсуң, жеп жетөө болбойсуң*». «*Ачуусу чукул айыпка жыгылат*». «*Бакылдаган текени суу кечкенде көрөбүз*». «*Бузулмак оңой, түзөлмөк кыйын*».

Сунуш. Бул дилбаянды жазууда 43-параграфтагы 6-үлгүнү (чечмелеп жазуу), 44-параграфтагы 7-үлгүнү (тыянактап жазуу), 45-параграфтагы 8-үлгүнү (иликтеп жазуу), 48-параграфтагы 11-үлгүнү (маселе көтөрүү), 52-параграфтагы 15-үлгүнү (диалог-дилбаян) пайдалансаң болот. Анан да ушул үлгүлөрдүн ичинен өз мүмкүнчүлүгүңдү кенен ачууга жол берген бирөөн гана тандап аласың.

Экинчи дилбаян

Темасы. *Эрдик* («Бөктөргө» темасынын негизинде).

Ойго таек. (Биринчи дилбаяндагы текст пайдаланылат).

Жазуудагы максат. 1. Рэкеттик кылган бала сени бадага уй кошкон жеринден жолугуп, четке ээрчитип чыкты да: «Мага бир сааттан кийин 10 сом же бир кутуча папирос алып келип бересиң. 1-аялдамадан күтүп турам. Алып келбесең, акыры үйдөн чыгасың да, колго тийбей калам деп ойлобо. Бол, жөнө!» – дейт. Ал жолу акча берип кутулдуң. Андан кийин ал сага: «Дос, эртең Жаңы жыл, бир бөтөлкө арак таап келесиң», – деп тапшырма берет. Аны да аткардың. Нооруз майрамы жакындап калган, ал дагы сага жолугуп: «Дос, мен сени көптөн бери башкаларга урдурбай калкалап жүрөм. Эми бир жерге отуруш уюштурмак элек. Сен суу жээктеги Дүйшөнкулдун казынан бирди уурдап келип бересиң», – дейт да, мойнундан кыса кармап, башыңдан матек алып койду. А сен уурулукка баргың келбейт. Кутулуу чарасы барбы? Төмөндөгү чаралардын кайсынысы сенин купулуңа толот.

1. Болгон ишти байкеңе айттың. Ал жаш рэкетчини кармап алып, эскертти. Ошону менен «салык» токтодубу?

2. Сен мектептеги класс жетекчиңе айттың. Кандай натыйжа чыкты? Кысым жасалбай калдыбы?

3. Ата-энеңе болгон ишти айтып бердиң. Алар рэкетчинин ата-энесине атайы барып жолугуп, «салык» токтолбосо, кысым

тыйылбаса, милицияга кайрыла турганын айтып келишти. Ошондон соң жаның жай алдыбы?

4. Ата-энеңе да, класс жетекчиңе да айткан жоксуң. Бирок уурулук да кылгың келбейт. Тике эле бетине айттың: «Мен сага каз карыздар эмесмин. Уурулукка да барбайм!». Анан ал сени тепти, көзүңдү көгөртө койду. Сен да тирүү жансыңда, жерде жаткан ташты ала коюп урмак болдуң. Жан керек да, качты. «Өлтүрөм» деген, «башыңды жулуп алам» деген. Өлтүрө албайт экен.

5. Сен өз айлың тараптагы балдарга рэкетчинин кылыгын айттың. Алар сага уят болуп, ага урдурбай турган болушту. Киного барганыңда сени сыртыңдан коргоп, тиги рэкетчиге кыр көрсөтүп жүрүштү. Анан алар да топтолушту. Ушундан соң бир айылдын балдары эки тарап болуп мушташуу уюштурбайбы. Демек, күчкө-күчтү карама-каршы коюу натыйжа береби?

6. Ушундай күчтүүсү күчсүзүнө, чоң кичинесине «салык» салып, кысым көрсөтүүнүн өзөгү кайда? Анчейин көнүл бурбай коё турган майда нерсеби? Же рэкетчилик эрдикпи? Күч колдонуп зордук көрсөтүүнүн башталышыбы? Баланын жан-дүйнөсүн бузуп, жабырлантуубу? Уурулукка, кошоматчылыкка, эки жүздүүлүккө, чылымга, ичкиликке машыктыруунун көзгө көрүнбөй өөрчүп жаткан мектебиби? Ушунун баары буюмга, акчага, чылымга муктаждыктын кесепетинен келип чыктыбы? Же эмне кылууну билбей, көчө таптап жүргөндүктөн келип чыктыбы? Же кандай?

7. Эгер сен айыл өкмөтүнүн башчысы же мектеп директору болсоң, окуучулардын арасында пайда болуп жаткан рэкетчиликке каршы кандай чара колдонор элең?

Тилге таек. Макалдар. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат». «Аргасыз кулдук кылгандын кеги ичинде калат». «Жөнү жок багыныш эр жигитке өлүм менен тең». «Ит кабышып өлөт, акылсыз чабышып өлөт». «Эрегиштен эр өлөт, эриш бузулат, өчөштүктөн өрт чыгат, эл бузулат». «Куш жаңылса, торго түшөт, эр жаңылса, колго түшөт». «Өспөс элдин балдары бир-бирине кас болот». «Тизелеп жашаганча, тик туруп өлгөн артык». «Адал эмгек абийир таптырат». «Сурап ичкен тамагың – суу ичкен менен барабар».

Сунуш. 43–51-параграфтагы 6,7, 8, 11, 15-үлгүлөрдүн ичинен каалаганыңа окшоштуруп жаз. Булардан тышкаркы үлгүлөрдүн түрлөрүн да пайдалансаң болот.

Үчүнчү дилбаян

Темасы. *Карчыга менен үкү* (Тоголок Молдонун «Куштардын аңгемеси» деген поэмасы боюнча).

Ойго таек. Үкүнүн уясына карчыга жумуртка тууп кетет. Аны билбеген үкү ошол жумуртканы көкүрөгүнүн ысыгына басып, 30 күндөн кийин балапан чыгарат. Кызыл эт карчыганы үкү канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай багып чоңойтот. Түндү түндөй, күндү күндөй кыдырып, таап келген жемин балапандын оозуна кармайт. Нөшөрлөгөн жамгырда суу болбосун, катуу бороондо үшүбөсүн деп бооруна басып жатат. Ошол балапан жетилип кыраан, жырткыч, учкул карчыга болуп чыга келди. Буту узун жана күчтүү, тырмагы курч. Көзү чакмак атып балбылдайт. Жону бозомук, көгүш, боору агыш, каралжым темгилдери бар. Ошол карчыга куш бир күнү энеси болгон үкүнү тиктеп отурду. Жүнү жыш жана үлпүлдөк, түсү бозомтук, чаар. Көзүнүн тегерегинде төгөрөк алкак бар. Башында эки кулагы учуланып чыгып турат. «Ушунун күчү канчалык болду экен» деп ойлоду да:

– Энеке, сен аябай күчтүүсүңбү? – деди. Оюнда эч нерсе жок эне:

– Кайдан күчтүү болом, балам, сенден жашырат белем, көлөмүм чоң көрүнгөн менен, алсызмын. Үү деген үнүм бар, үксүйгөн жүнүм бар, – деди.

Ошол кезде чар эткен үн угулду, карчыга кол салып, кандуу тырмагын үкүгө батырып, төшүндөгү ак этке тумшугун малды. Жүн бырпырап учуп, аран дем алган эне жерде жатты.

– Энелик ак сүтүмдү кечпейм, – деди үкү.

Карчыганын бул сөз кулагына да кирген жок. Оңой олжо колуна тийгенине сүйүнүп, тытмалап жеп жатты...

Жазуудагы максат. 1. Мында окуяны түрүн өзгөртүп жазуунун зарылдыгы жок. 2. Кунт коюп, кароолго алып иликтээр нерсең: үкүнүн ордуна баласаак энени, карчыганын ордуна эркө өскөн баланы кой. Даярга тап болуп өскөн уулу турмушта өзүнчө оокат таап жашоого жөндөмсүз болуп чыгат. Анан ал колу-буту соо, күчтүү, бекем ден соолуктуу болгонуна карабастан, энесинин пенсиясын аңдыйт. Пенсияга чейин айдан-айга карызданып, арак ичет. Эми энесинин колундагы бар болгон малын бир уй, беш коюн сатып, Россияга соода кылууга кетем дейт. Карылыкка кошулуп энени санаа эзүүдө, санаа оорутууда. 3. Күнөө кимде: энесиндеби, баласындабы? 4. Карчыга го айбан куш. Анда териштирип ойлоочу аң-сезим жок. Үкүгө кол салганын тамак жеш үчүн кылган табигый жырткычтык аракети деп коёлу. Ал эми балачы. Ага баа бер. Сенде андай таш боордук сезим жокпу? 5. Ал бала энесине карчыгача кол салуу менен Мекенине, өз улутуна кол салып жаткан жокпу? 6. Энесине кол салган неме башкаларды аяйбы?

Тилге таек. Макалдар. «Атам, энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун». «Атаң карыса кул кылба, энең карыса күң кыл-

ба». «Атанын каргышы – ок». «Бала – боор эт менен тең». «Бала тарбиясы жашынан, келин тарбиясы башынан». «Баланын өзүн төрөйт, кыял-жоругун кошо төрөбөйт». «Бир ата-эне отуз уулдуу багат, отуз уул бир ата-энени бага албайт». «Бир уядан бир сасыткы чыгат». «Болор бала богунан». «Жакшы атанын кашыктап жыйнаганын жаман уул чөмүчтөп чачат». ***Сөз бермет-тери.*** *Жатып ичер жан бакты* – өз алдынча аракет кылбаган, жанынын тынчын издеген, кыйналбай жан бакканды жакшы көргөн, бирөөнүн эсебинен жашаган.

Жоон өпкө – менменсинген, ала көөдөн, мактанчаак. *Актабай канын соруу* – аябай эзүү, запкы көрсөтүү, жер-жеберине жетүү, ырайымсыз мамиле кылуу.

Кан жуткуруу – көргүлүктү көрсөтүү, катуу кыйноо. Кирпигине кир жугузбоо – бапестеп жакшы багуу. *Колунан кокон тыйын келбөө* – колунан эч нерсе келбөө, жардамы тийбөө. Ак сүтүн актоо – энесин ыраазы кылгыдай кызмат өтөө. *Ак сүтүн кечүү* – баласына энелик ыраазычылык билдирүү, «Энелик акымды кечтим» деп айтуу. Сунуш. Иликтөө мүнөзүндө жаз.

Төртүнчү дилбаян

Темасы. *Кузгун* (Тоголок Молдонун «Куштардын ангемеси» деген поэмасынан алынган сюжет боюнча).

Ойго таек. Суу куштары менен талаада жашаган боз куштар ынтымакташып, бий шайлап алмак болушат. Ошондо куштардын эң улуусу болгондуктан калыстык менен бий тандап берер деген ниетте кузгунга кайрылышат. Бул өтүнүчкө кузгун мындайча жооп берген экен:

– Минге чыккан карынармын, улуунармын баарынардын. Баарынарга эп болсо, мен бийлеген кеп болсо, тээтиги даректын бутагында конуп отурган оңкогой мурун кара кушка көз салгылачы, ошол бий болууга жарайт.

Куштардын баары ошол тарапты караса, оңкогой мурун кара неме дегени кузгундун өз кара чечекей баласы экен. Көз жумуп, калыстыктан тайып, мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай пайдаланып калмак болуптур. Ошол жерден жалпы куштун баары кузгундун өзүмчүлдүгүнө, карыялык наркты сактап калыстык кыла албаганына нааразы болуп, «жоругуң жолдо калсын, бел ашпасын» деп, андан жүз буруп кетишкен экен. Ошондон бери кузгундун бул жоругу муундан-муунга айтылып калыптыр!

Жазуудагы максат. Кузгун – каргадан чоңураак куш. Дайыма тарп жейт. Издегени өлүмтүк. Курк-курк этип көк асман ириминде учуп бараткан кезде да, анын бир көзү бөрүдө. Кашабандын кандуу чабыт жасаарын күтөт. Ал эми жорулар да кузгундан көз жазгырышпайт. Себеби тарптын кайда экенин куз-

гундун учкан багытынан аңдап билишет. Ошол кузгун Тоголок Молдонун поэмасында куштарга калыстык кылат. Муну менен улуу акын эмнени айткысы келет? Өзүмчүлдүккө жеке көз карашың кандай? Жеке менчикте жеке кызыкчылык бар да. Ар ким «өзүм өлбөйүн, өзүм тың жашайын» деп жан үрөп аракет кылат эмеспи. Ким эле байлыкка, акчага жол ачуучу жеке мүдөөнүн кызыкчылыгына кол шилтеп салсын. Кузгун миң жыл жашап, турмуштун сырын терең аңдап билгендиктен, өз уулун бийликке түртүп жаткандыр. Депутат шайлоодо деле ушул кызыкчылык үстөмдүк кылар да. Ар ким өз козусунан кочкор салгысы келет. Анда калыстык, адамгерчилик, чынчылдык, акыйкатчылыктын баркы канчалык. Жалпы кызыкчылык дегениң жел сөзбү. Алар ооз толтуруп айтуу үчүн эле керекпи? Анда турмуштун агымын ушул кузгунга окшогондор аныктап келгенби? Сен каягындасың? Өзүң кузгундун калыстыгын кабыл кылар белең? Жалпы кызыкчылык менен жеке кызыкчылыктын кайсынысы үстөм?

Тилге таек. Макалдар. «Кол ийрисине тартат». «Өзүм дегенде өгүз кара күчүм бар». «Өз, өздөн кийин жат». «Карышкарыш, сөөм-сөөм». «Кузгундуку куу жыгачтын башында, бөрүнүкү тең орток». «Өзгө айылдын аты озгуча, өз айлымдын тайы озсун».

Сунуш. Дилбаяндын түрүн өзүң тандап ал.

Бешинчи дилбаян

Темасы: Байболоттун жолу

Ойго таек. Мукай Элебаевдин «Узак жол» деген романында Байболот деген киши жөнүндө кеп болот. Анын кыскача мазмуну мындай. Байболоттун күйөөдөн чыгып келген бир кызы бар экен. Муну Ыбыке болуш баш болгон билермандар Байболотко бир ооз сөз айтпай, Каркырадагы бир казакка барып, кыздын сыртынан куда түшүшүп, калыңына элүү кой, жыйырма чакты кара мал алып, аны айдатып жиберишет. Кызды колмо-кол бермек болуп – убадалашып, Ыбыкелер Байболоттукуна келсе, кыз жок, ал өз сүйгөнү менен баш кошуп, башка жакка кетип калган экен. Ыбыкелер кыздын ордун сыйпалап калышат да, кудага калыңдын малын кайтарып берип, шерменде болорун ойлошуп, «ызасын» Байболоттон чыгарышат. Ыбыке 4–5 жигит менен келип Байболотту моюн бербегенине карабай, аны көптөп жүрүп кармап, уруп, сабап кетишет. Бул кордукка чыдабаган Байболот түндөп көчүп кетет да, ичиндеги кекти, өчтү алуу үчүн жекече күрөшкө чыгат. Жолдон аңдып, ыстарчындарды кармап алып, алардан солдаттыкка каттаган тизмени тартып алып жок

кылат. Колго түшкөндө да, калп айтып тайсалдабайт, чындыкты бетке айтат. «Падышам адил дейсиң, – дейт Байболот, – адеп келе сала жер-суубузду тартып алды. Анысына көндүк. Ордубузду бошотуп, өзүбүз мындай чыга бердик. Көрө турган күн, иче турган суубуздан ажырадык. Биз бир теше жерге жетпей жүрсөк, бай мужуктар түтүнгө кырк-элүү тешеден жер ээлеп атты». Андан соң Байболот түрмөгө камалат. Ал катында: «Кыргыздын жакшылары болсо бий-болуштукту талашуудан, бирөөнү жакыны кылып жанына алып, бирөөнү кырына алып, кырсыгын тийгизип, пара жеп, кулкунун майлоодон бошобойт. Журтту кан какшатып ыйлатса да, пара жеген киши бизде эң мыкты», – деп жазат. Ошентип, Байболот карапайым эле бир пенде болгон, бирок ал акты-караны ажырата алган, таанып билген чындыгын бетке айткан мыкты атуулга айланат.

Жазуудагы максат. Байболотту кимдер кандайча ойготту? Байболот жаңылдыбы? Ал баарына чыдап, шылуундардын аны кемсинтип, башын аттап сыртынан кызын сатканына да, айбуйга келбей капыстан эле келип күнөөсүз жана кабарсыз атаны сабап кеткенине да тагдырдын башка салганы деп койсо болмокпу? Сен кандай дейсиң? Эгер ушундай тагдыр, айталы сага же досторундун биринин башына түшсө, кандай чечимге келер элең? Ушундай окуяга калыс болуп бер десечи?

Тилге таек. «Суурулбаса кылыч кында эскирет» (*С. Эралиевден*). «Жоо кеткенден кийин кылычынды ташка чап». «Сабырдын түбү – сары алтын». «Оң колундун ачуусун сол колуң менен карма». «Керек жерде тилинди тишиңе кат». «Бетке айткан сөздүн заары жок» (*макалдар*).

Алтынчы дилбаян

Темасы: Мукайдын жолу

Ойго таек. «Коркунучтуу түш көрүп жаткандай кара түндө отуруп, мен бир кезде терең ойго кеттим. Бир заманда алты канат үйдү каптаган 14 бүлө бар элек. Алар бу күндө кайда? Арып, азып кырыла турган болгондо, жан айласы үчүн жалгыз уйга сатылып, Кулжада бир кытайдын колунда Чүкөй эжем калды. Алда кайда бир дунгандын жеринде томпоюп Бекдайырдын жалгыз молосу калды. Элебес, Бейшемби, Токмолдо, Бурмакелер өлдү. Алардан калгандан кийин, жалгыз баласын колтуктап алып, төркүнүн издеп Жанымжан кетти. Кайда кеткени белгисиз болуп Бечел жоголду. Ырайымсыз бирөөнүн колунда туткун болуп, тирүүлөй көзүн жалдыратып Эшбай, Ашымкан калды. Мына ошончо каптаган бүлөдө өлгөнү өлүп, тирүүсү тирүүлөй калып отуруп, бүгүн шодоюп Беккул экөөбүз гана кайтып барабыз. Бечара кыр-

гыз не көрбөдү! Өлүгү көрүнгөн жерде көмүлбөй, ит менен кушка той болду. О шум дүйнө» («*Мукай Элебаев*», *Тандалган чыгармалар*, 1974, 284–285-беттер). Ошентип, 1916-жылдагы Үркүндө жер ооп Кытайга качкан 14 жандуу бир үй-бүлөнүн ичинен эки гана жан – Мукай менен Беккул Кыргызстанга кайтып келгени «Узак жол» романында баяндалган.

Жазуу максаты. Үркүндө бир эле үй-бүлөдөн 12 жан жок болуп, кыргыз жергесине келбей калса, анда миңдеген бүлөдөн канча адам жок болгонун ушундан эле элестетип билсе болот. Бирок «Бечара кыргыз не көрбөдү, өлүгү көрүнгөн жерде көмүлбөй, ит менен кушка той болду» деп Мукай Элебаев каңырыгы түтөп жазган абалга туш болбос үчүн, башка бир элдин кол алдында сугат жерди, токойду, жайытты тарттырып, эгемендиксиз, көз каранды абалында, малай болсо да эптеп күн көрүп, кынк этпей жашап, аман-эсен күн кечирсе болбойт беле? Анын эмнеси жаман? Иттин күнүн көрсө да, баштын амандыгына не жетсин?! Боштондук, эркиндик деп көкүрөк кагып күрөшкөндөгү журттун көрөрү ушул беле? Же кандай? Баса, Кыргызстан 20-кылымдын башталышында эле өзүнчө чек арасы, армиясы, чарбачылыгы бар көз каранды эмес мамлекет болсо, 1916-жылдагы Үркүндөгүдөй абалга кабылат беле? Дагы бир маселе – эгер ынтымагыбыз бузулуп, бөлүнүп жарылып мамлекетибизди алсыратып алсак, башка бир күчтүү мамлекеттин канатына калкаланып, анан акырындап эгемендүүлүгүбүздөн ажырасак, 1916-жылдагы Үркүндөгүдөй ал-абал кайрадан башыбызга келбейби? Бул – Президент, спикер, губернатор эле эмес, ар бирибиз: сен, мен, ал – баарыбыз ойлоно турган көйгөй. Ойлоп эле койбой ар биребиз Ата мекенге жөлөк болуп, оорун колдон, жеңилин жерден алышыбыз керек.

Тилге таек. «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин». (Манастын сөзү) «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет» (*Бакайдын сөзү*). «Бөлүнсөк көкжал бөрү эмес, бөлтүрүк, чөө жеп кетет» (*Байдылда Сарногоевден*). «Бузулуш бизден чыккан соң, пил да болсок жыгылдык, миң да болсок кырылдык» («*Манастан*»). «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так» (*Калыгулдан*).

Жетинчи дилбаян

Темасы: Балык моюн

Ойго таек. Бул окуя Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган «Таң алдында» романынан алынды.... Көздөрү чычаладай кызарган Мурат карыя Ак-Өгүз ашуусунун туу белиндеги кар

жукпаган бийик бетти карап селейип туруп калды. Ишениш кыйын, коркунучтуу түш сыяктуу: каршы-терши тоңгон мал, арасында солдойгон кишинин өлүктөрү, жорулар тойгонунан жемсөөлөрүн көтөрө албай калышкан, анан да курсагы тойгону менен көзү тойбой, адамдан малга, малдан адамга барат... Өлүктүн үстүндө конуп отурган каргалар көздөрүн жалтылдатып акакташат... Карышкырлар комдонуп, тойгонунан жалтак көзүн аран ачат, кез-кез кулгуп, адам этин эринип тарткылап коёт. Шимшилеп чуркашкан куйкул чөөлөр менен түлкүлөр өлүктөрдүн ичин оюп, бөйрөк сууруп жешет. Андан ары жүктүү нарды сүйөнүп жигит менен келин отурат. Көздөрү тосураят. Кылкан кирпиктери ирмелбейт. Өңдөрүндө өкүнүч жок. Келиндин кош колунда күмүш шакек, билерик, сөйкөсүнө акак, бермет төгүлгөн. Олоң чачта жаркылдаган күмүш чолпу. Бул эки адам тең муз болуп тоңуп калган. Аларды ит-куштан ити сактоодо. Үрүп, жору, карга, кузгунду жолотпойт. Ошол кезде каруусунда куржун, колунда айбалта, белинде канжары бар, ачкалыкта чаалыкканы билинбеген, балык моюн, чапчактай толук киши жонго чыкты. Аңгыча ал баягы жигит менен келинди көрүп токтой калды. Анан аларга шып жетип, келиндин чачын кыркып, муунактап колун кесип, чолпу, шакек билериктерди куржунуна салды. Соңунан жигиттин көбөөсү көрпө аппак тонун имерди. Ошондо нарыта карап турган Мураттын тоңгон денеси дир-дир этип, чып-чып тер кетти. Асман жерге, жер асманга айлангандай. А алиги балык моюн өлүктү жерден тартып жаткан. Ошол маалда ага өлүк кошо жармашып туруп келаткандай сезилди. Чочуп, катуу бакырып жиберди. Колу өлүктү кармаган боюнча карышып калды. Анан бошонуп көрсүн. Жыгылса жыгылат, турса турат. Кармаш! Мураттын «О бети жок. Колунду тарт. Кусур сени урбайбы!» деген үнүн да элебеди, балык моюн: «Мени арбак уруп жатат, үн арбактыкы», – деп ойлоду. Колу ого бетер карышты. «О, кудай, куткар!» – деп жалынды. Акылдан ажырап, ок тийген аюудай бакырды. Көзү канталап, анан каректери чоңоюп кетти. Эми алысты да, жакынды да көрбөй калды. Акыры эси оогондо, денеси ысып, чеңгелдери жазылды. Бирок ал колу өлүктөн бошогонун сезген жок. Туйлайт. Өзүн-өзү койгулайт. «Бошоткун» деп озондойт, таштарды өпкүлөп, күлөт ха-ха-халап каткырат. Оозунан ак көбүк куюлат. Бети-башы канталап сыйрылды. Аскалар да ха-халап жаңырат. Өз бетин өзү тытып, чепкенин айрып, качыратып таш, кум чайноодо. Ормпой тээп, «Бошоткун» деп бакырып барып, жалама беттен учуп кетет. Үн өчөт (Бул окуя Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган «Таң алдында» романында. Анда 1916-жылкы Үркүндө качып бараткан элдин ашуунун туу жонунда сууктан кыргын табышы баяндалат).

Максат. Ой жүгүртүп жаз. Мал, байлык боор эт менен тең делет. Көзгө ысык. Бар болсо асырайсың, көбөйтүүгө далбас урасың, жок болсо корсуң, издейсиң. Балык моюндун Үркүндө элдин кыргын тапканы менен иши жок. Ар кимге өз башы кымбат да. Балык моюн өз келечеги үчүн кам көрөт. Жөн эле талаада калып калчу байлыкты сарамжалдуулук менен чогултат. Кандай дейсиң, балким, мындай аракеттин зыяны деле жоктур?! Экинчиден, арданuу, уялуу сезимдери адамды байлык топтоодон да куржалак калтырат. Ошол себептен арсыздык, бетсиздик деле керек болуп жүрбөсүн. Балким, К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Жаңыл» драмасындагы калмак баатыры Манжынын «Алтын ордо болсо орго кир, көрдө болсо көргө кир» деген көз карашы туптуура болуп жүрбөсүн?! Муну да акылга салып калча. Үчүнчүдөн, айрым жарандар Жоомарт Бөкөнбаевдин Эркиндик сейил багындагы эстелигин уурдап кетишкендиги, айрымдар мүрзөнүн үстүнө коюлган эстеликтеги түстүү металлды чыгарып кетип жатышкандыгы эсиңдедир. Кыязы, байлык үчүн дит багып ыпылас мүдөөнү ишке ашыруунун деле зыяны жок сыяктуудай. Сенин оюңча кандай, «абийирдүү, ыймандуу болсоң, байый албайсың» деген түшүнүк туурабы? Балык моюнда канчалык арнамыс бар? Анын жолун жолдор белең. Ошондой кыйын кырдаалга туш келсең, эмне кылмаксың? Балык моюнда өзүн-өзү жөнгө салган ички абийир көзөмөлү барбы, же андай сезим таптаза кыйраганбы? Анын жинди болуп, акырында аскадан учуп кетиши ички абийир күчүнүн ойгонушунанбы? Же аны кудай, арбак жазаладыбы? Же кандайдыр бир кокустук аны ошондой абалга туш келтирдиби? Ички абийир көзөмөлүнөн ажыраган адам менен айбандын айырмасы канчалык.

Тилге таек. «Дүнүйө чиркин, кимдерди алдандырбайт? Дүнүйө өзүнө кимдерди тамшандырбайт? Дүнүйө качып түлкүдөй булаңдаса, кимдер аны ат минбей кубалайт? Дүнүйө деген суктанткыч түрү менен бир дегенче миң түрлүү көздү байлайт» (Шота Руставели, «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынан). «Дүнүйө – колдун кири». «Алып алтоо, жеп жетөө болбойсуң». «Адамдын көзү көр топуракка гана тоёт».

Каалашына жараша тандап жаз
(*Кошумча тапшырма*)

1. «Тагдырга моюн сунса, анда жигиттин кайратынын жоктугу» (Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасындагы Зулайканын сөзүнүн негизинде).

2. Кичинекей Каныбек «Кулун жал болсо мингеним, кумар көз болсо сүйгөнүм» дейт, ушул тилегине кантип жетти? (К. Жантөшевдин «Каныбек» романы боюнча).

3. Эмне үчүн Жапар Чоңмурунду ээрчип кеткен сүйгөн кызы Жамийланы кечирди (К. Баялиновдун «Көл боюнда» повести боюнча).

4. «Кылым бүтүп дүйнөдө жок болсок да, Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар» (*Алыкул*), бул кандай жана эмне деген жол?

5. Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай,
Жүрө албаймын күндө сени сагынбай.
Мээ сергитет менде жүргөн элесиң.
Мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай. (*Мидин Алыбаевден*).

Бул ким? Эмне үчүн жүрөктү куйкалаган жалындай? Күндө сагынганы кандай? Неге мээ сергитет? Мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай болгону эмнеси? Көлдүн таңы кандай, элестетсең?

6. «Бөтөлкөдө жай жатат,
Ичине кирсе чандатат?» (*Райкан*).

Бул эмне? Анын ичке киргенден кийинки чандатканын (бардарын, аялын сабаганын, мушташканын, бирөөлөрдү машина менен урдуруп кеткенин, киши өлтүргөнүн ж. б. касиеттерин эстеп жаз) баянда. Ал ошонусу менен сага үлгү боло алабы?

§ 55. АР КЫЛ ТҮРМӨКТӨР

Жазгы суу

(*Ыр менен*)

Аккан сууга кимдер ыр арнабаган. Бул кубулуш көргөндүн көңүлүн сергитип, кыялына канат бүтүрөт. Эгер аны залкар акын Сүйүнбай Эралиевдин көзү менен карасак:

«Жазгы суу чабалактайт, чабалактайт,
Буурадай башын уруп улам жарга» –

делет. Демек, өз нугуна батпай, өйүз-бүйүзүн кемирип, буурадай улам башын жарга ургулап чабалактаган тири укмуш элес көз алдыбызга тартылат.

«Шаркырап аккан кашка суу,
Сагындым сага барсамчы,
Агымың менен бирге учкан»
Ак чардак болуп калсамчы!» –

дейт улуу акын Мидин Алыбаев. Мында шаркырап аккан кашка, тунук сууну сагынуу менен кошо «Агымың менен кошо учкан ак чардак неге болуп калбадым экен» деген өкүнүү да бар. Чын эле ак чардак болуп сабалап, агым менен кошо учуп баратканда, кээде канаттары менен суунун бетин кайып, ойкуп-кайкып баратса, кандай сонун болор эле? Аттиң...

өлүк болду элибиз. Ушу заман тар заман, азуулууга бар заман, бечарага тар заман» – деген. Заман мында тайган иттей такымдап кууп келген айбан элесин алып, элге өлүк деп эсептөөгө мүмкүн боло тургандай абалды алып келгендигин, тар жана зар экендигин баса көктөп айтат. Буга караганда заман апаат алып келүүчү коомдук түзүлүшкө, жашоо ыңгайына тиешелүүдөй. Ал эми заман кейпин олуя акын Калыгул «Бирин көрүп, биринен-бири шум чыгар. Ошол заман жакын болор. Ыгы жокко жан берип, ыймынанан жат болор» дейт. Буга караганда заман адамдарды бузуп шум, алдамчы, ыймансыз кылат. Демек, адамдар бузулат. Кээ бирөөлөр телевизор, кээлери калпты жазып гезит бузулду дейт.

Жогоркулардан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот.

Заман бузулду, демек,
- доор, убакыт, мезгил бузулду,
- коом, коомдук түзүлүш бузулду,
- адамдар бузулду,
- телеберүүлөр жана күндөлүк, басма сөз бузулду.

Демек, сен жогоркулардын негизинде ой жүгүрт: 1. Убакытты бузулду деп эсептөөгө болобу? 2. Коомдун жана коомдук түзүлүштүн бузулушун кимдерден көрүүгө болот? 3. Адамдардын бузулушуна кандай мисалдарды келтире аласың. 4. Телевизор менен күндөлүк басма сөз кимдерди кандайча бузат?

Каалашыңа жараша тандап жаз
(*Кошумча тапшырма*)

1. Дубал гезитке кабар.
2. Бир беттик куттуктоо.
3. Мен адамдарга күн сайын жакшылык кыла алдымбы?
4. Мен кээде эмнеликтен калп айтам.
5. Мендеги мээрим, күйүмдүүлүк жана таш боордук.
6. Рэкетчилик – бул каракчылыкка машыгуу.
7. Эмне үчүн адал мээнет, мандай тер менен жашоо керек?

ТӨРТҮНЧҮ БАП

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ

Тыбыш, сөз, сүйлөм жана кеп – баары ички өз мыйзамдары аркылуу башкарылып, сүйлөөчүнүн каалаган ой-пикирин башкаларга түшүнүктүү кылып жеткирип турган тилдик кубулуш. Ошол эле учурда «өнөр алды – кызыл тилдин» ички ырааттуу байланышы кадыресе таанылып билинет. Мындай таанып билүүнүн ачкычы – фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик талдоолор. Кезектеги милдет – 5-класстан бери окутулуп келаткан кыргыз тилинин өзөктүү тармактарын кайрадан эске түшүрүп, санжыргалуу көрөңгөдөгүнү аңтарып-теңтерип чыгып, талдоо эмгеги менен алпурушуу.

Талдоо – бул, баарынан мурда, ар бир тилдик кубулушту көрө билүү, өзгөчөлүктөрү боюнча топтоштуруу, айырмалоо жана өз ордуна коё билүү. Мындай машыгуу жана билгендерди бышыктап чыгуу эмгеги төмөндөгүлөрдү ичине алат

I. Фонетикалык талдоо.

II. Морфологиялык талдоо. Ал эки бөлүктөн турат.

1. Уңгу жана мүчө боюнча.
2. Сөз түркүмдөрү боюнча.

III. Синтаксистик талдоо. Ал үч тармакты камтыйт.

1. Сөз айкашы боюнча.
2. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча.
3. Сүйлөмдүн түрлөрү боюнча.

IV. Кеп боюнча стилистикалык талдоо.

§ 56. ФОНЕТИКАЛЫК ТАЛДОО

«Кептеги эң кичине бирдик – тыбыш».
К. Т. Токтоналиев

«Туулган жер» көнүгүүлөр жыйнагынан

Акыл Карачач. Ооба, сен туулган жер, аймак, чөлкөм, өлкө – Кыргыз Республикасы. «Аскада калган аңчынын ыйы» Чың-

гыз Айтматов менен биргелешип жазылган маек-китепте биздин доордун чыгаан акындарынын бири Мухтар Шаханов минтип айтат:

«Ар адамда өз энеден бөлөк да,
Өмүрүнө таяныч да, жөлөк да,
Болуу керек кудуреттүү төрт эне:
Тууган жери – түркүгү, түп казыгы,
Тууган тили – сыймыгы, гүл азыгы
Жан байлыгы, салт-санаасы – тиреги,
Жана тууган тарыхы...
Өзгө эненин улуулугун түшүнбөс,
Өз энесин сүйө албаган пенделер»
(аталган китеп, 10-бет).

Мына ушул төрт эненин ичинен экөө: тууган жер менен тарых (калган эки эне ушул окуу китебинде аздыр-көптүр бар) фонетикалык жана синтаксистик талдоолордун материалына айландырылды. Ал эми морфологиялык талдоо «Аруу дүйнө» түрмөгү менен толукталды.

Чыпалак. «Туулган жер» көнүгүүлөр жыйнагы – сага арналган гүлдесте.

Апенди. Алгандын бермеги бар. Алганың – туулган жердин турпатына суктануу, көрсө көз тойгус кереметин көкүрөккө түйүү. Бергениң – фонетикалык талдоо жүргүзүү. Колуңдан келеби?

142-көнүгүү. Ырды кунт коюп оку.

1–8. Жалт-жулт ойноп, күнгө күмүш сыяктуу,
Түркүн тилдүү, кыл комуздуу, кыяктуу.
Жардай энсеп, көлдөн тосуп чөмүлүп,
Каз каркылдап, канат чапкан буга ак куу.
Мөңгү жактан түн салкынын жеткирип,
Бой чыйралткан кечки илеби бубак – буу.
Колот ылдый агып жаткан ийрилип,
Жылаажын үн, мөлтүр кашка булак суу.

9–16. Чыккан жайы, аккан орду туруктуу –
Тоо коюну, кыз пейлиндей тунук суу.
Шылдыр-шыңгыр тартып жаткан күүлөрү –
Жароокердей миң бир эки кылыктуу.
Жээгин бербей гүл бурагы ыргалат,
Кайдан болсо жыпар бүркүп буруксуу.
Моюн алышып, катар жатып кызга-кыз
Өйүзүндө сыр чечишет – муну ук, суу...

143-көнүгүү. 142-көнүгүүнү кара. Адегенде 1–8-ыр саптарынан ар бир сөздөгү тыбыш менен тамганы ажырат. Андан соң, 9–16-ыр саптарын да ушундайча иште.

Үлгү. *Тоо* – үч тамга, эки тыбыш, анткени *оо* эки тамга менен белгиленет жана бир гана тыбышты билдирет, *казан* – 5 тамга, 5 тыбыш.

144-көнүгүү. 142-көнүгүүнү кара. 1–8, 9–16-ыр саптарындагы ар бир сөздөгү үндүү тыбыштарды аныкта.

Үлгү. тоо – мында «оо» үндүү тыбыш,
казан – мында эки «а» тыбышы бар.

145-көнүгүү. 142-көнүгүүнү кара. Ар бир сөздөгү үнсүз тыбыштарды ажырат.

Үлгү. тоо – мында үнсүз тыбыш – «т»,
казан – мындагы үнсүз тыбыштар: к, з, н.

146-көнүгүү. Ырды хор менен көркүнө окугула.

17–24. Талаа көпкөк... кырда текей, мандалак,
Тоо гүлдөрү андан таза, андан ак.
Мурунду өрдөп шыбак жыты буркурап,
Жылгалардан булак оргуп чамданат.
Жарда жуушап, козу-улактар чубактап,
Куштар учуп, уясына камданат.
А тигинде башын салып өбөктөп,
Аран тартат жаз кошуна салган ат.

147-көнүгүү. 146-көнүгүүнү кара. 1) 17–18-саптардагы жоон жана ичке үндүүлөрдү аныкта. 2) 19–20-саптардагы кууш жана кең тыбыштарды тап. 3) 21–24-саптардагы эринчил жана эринсиз үндүү тыбыштар кайсылар?

148-көнүгүү. 146-көнүгүүнү кара. Андагы сөздөрдөн жумшак үнсүздөрдү тап.

149-көнүгүү. Ырды хор менен көркүнө окугула.

25–32 Куусаң кылып жашыл жапкан белди аркы,
Кууп-сүрүп, мына жайдын келди арты.
Күүгүмдө учкан коңуз үнү дыңылдап,
Түнөгүнө кыргый менен тең барчу.

Коон жүздүү, алма жыттуу жакшы убак,
Төрт мезгилдин эң камбылы, эң марты.
Күз ай, күз ай! Жыргалыңа канбагам,
Кымбат тийип жийде бышкан жер баркы.

33–40. Жел козголсо, эркелигин кырга алып,
Тармалданып, өлөң саз да ыргалып.
Албууттанган жазгы суулар басаңдап,
Акырын жай, агымында бир калып.
Шилби тагып, жийде кырдуу мөмөсүн,
Чоктой кызыл тобулгу да нур жанып.
Ыңкып турган күздүн мындай элесин
Мөөр тиктейт, кайтпас кумар сырга алып.

150-көнүгүү. 149-көнүгүүнү кара. 1) 25–29-саптардан уян үнсүз тыбыштарды бөлүп көрсөт. 2) 30–34-саптардагы жумшак үнсүздөр кайсылар? 3) 35–40-саптардагы каткалаң үнсүз тыбыштарды белгиле.

151-көнүгүү. Ырды көркүү окугула.

41–48. Жылдыз батат, көккө катып айды ыраак,
Түнгө из салып таң артынан кайрылат.
Кечте түшкөн шүүдүрүмдөр мөлт этип,
Жашыл кырлар гүлүн күнгө жайдырат.
Айыл туруп, тышта жаң-жуң көбөйүп,
Мал топурап, бат кармалып айгыр, ат.
Чала уйкулуу балдар ыйлап бышактап,
Соорото албай энелери кайгырат.

152-көнүгүү. 151-көнүгүү боюнча үнсүз тыбыштарды жасалуу ордуна карата талда (41–48-саптар).

1. Кош эринчил үнсүз тыбыштар кайсы сөздөрдө кездешет?
2. Уччул үнсүздөр кайсы сөздөрдө бар, сана?
3. Орточул үнсүздөр кайсы сөздүн тутумунда бар?
4. Түпчүл үнсүздөр кездешеби?

153-көнүгүү. Ырды көркүү окугула.

49–56. Көк ыраң чөп жел эркине ылдырап,
Кең мейкинге көктөн ай нур жылдырат.
Соң-Көл тыптынч... Берки өзөндөн бир гана,
Суу үн катат араң-араң шылдырап...
Тоолор уктап... андан аркы жылдыздар

Сулуулардай, сулуулардай кылгырат.
А кайдадыр жаштар ойноп дарбыгып,
Уу-чуу түшөт... күмүш чолпу шылдырап...

154-көнүгүү. 153-көнүгүүнү үнсүздөрдүн жасалуу ыгы боюнча талда.

1. Жарылма үнсүздөр кайсы сөздөрдүн тутумунда кездешет.
2. Жылчыкчыл үнсүз кездешкен сөздөрдү ата?
3. Мурунчул үнсүз кайсы сөздөрдө бар?
4. Капталчыл жана дирилдеме үнсүздөр кайсы сөздөрдүн тутумунда?

155-көнүгүү. Ырды көркүтүү окугула.

57–64. Тынч жатканда көл түшүрөт көп сүрөт:
Тоолор, тоолор түркүк болуп көк тиреп,
Ылдый калган булуттарды ызалап,
Кыл чокусун айга эле аран өптүрөт.
Кеч киргенде санап туруп асмандан
Түн берметин төшөгүнө төктүрөт.
Же келиндер жээн басты кылгандай,
Төмөн ныктап чөмүлдүрө чөктүрөт.

156-көнүгүү. 155-көнүгүүнү үндүү тыбыштардын тилге, эринге жана жаакка карата бөлүнүшү боюнча жазып талда.

Үлгү. «Тынч» деген сөздө «Ы» үндүүсү бар. Ы – жоон, эринсиз, кууш үндүү тыбыш.

157-көнүгүү. Ырды хор менен көркүтүү окугула.

65–72. Байкап турса, көл бетинин сүрү көп:
Көк толкундар терендерден түрүлөт,
Ийреленде жылып келген жыландай,
Улам бери четти көздөй сүрүлөт.
Кыз кыялда сууга тарткан сүрөтүн
Көргөзбөстөн көөмп өтөт күнүлөп.
Ошол ордун бир кочуштап жутат да,
Кайра ашыгып үмүт менен үнүлөт.

158-көнүгүү. 157-көнүгүүдөгү 65–72-саптарды түгөл үнсүз тыбыштардын жасалуу орду боюнча жазып талда.

Үлгү. Б – кош эринчил үнсүз тыбыш,

й – орточул үнсүз,
к – түпчүл үнсүз,
п – кош эринчил үнсүз тыбыш.

159-көнүгүү. Ырды хор менен көркүү окугула.

73–82. Асман тунук. Сапар тартып сан жылдыз,
Каяккадыр, каяккадыр агылган.
Ортосунда араң калкып ай барат,
Мис табактай түнкү көккө тагылган.
Тыноо кагып, тынч көшүлөт капчыгай,
Өжөрлөнүп жели кырга чапчыбай.
Кабак чытып карагансыйт сары аска
Жазмыш өзү жасап койгон сакчыдай.
Жолборс сүрдүү жондор жатат комдонуп,
Кылым ачпай сырын ичке катчудай.

160-көнүгүү. 159-көнүгүүдөгү 73–82-саптарды үнсүз тыбыштарды жасалуу ыгына карата талдап жаз.

Үлгү. Асман.
с – жылчыкчыл, каткалаң, түгөйлүү үнсүз тыбыш.
м – мурунчул, уяң үнсүз тыбыш.
н – мурунчул, уяң үнсүз тыбыш.

161-көнүгүү. Текши фонетикалык талдоо жүргүз.

83–86. Түн пардасын үзүп-үзүп жулуп таң,
Көк шаңкайды чарт сөгүлгөн булуттан...
Аяк серппейт Соң-Көл анда ныксырап,
Ай кучактап уктап жаткан кыз сымак...

Үлгү. Түн – үч тыбыш, үч тамга.
т – каткалаң, уччул, жарылма, түгөйлүү үнсүз.
үн – ичке, эринчил, кууш, кыска үндүү.
н – мурунчул, уччул, уяң үнсүз тыбыш.

162-көнүгүү. Көчүрүп жаз да, текши фонетикалык талдоо жүргүз.

87–94. Жай аяктап, тегиз бышып түздө эгин,
Кызгылт сары шайы өңдөнтүп түспөлүн.
Жаңы чапкан чөп жыттары буруксуп,
Аптап каарып, алалантып күз көгүн.
Түн узарып, күн да тартып кыскарак,
Тунук асман, түнөрүңкү суз карап.

Таң чыкылдап, жылкы өрүштө кар чапчып,
Бак-даректар күмүш кыроо кыстарат.

Үлгү. Жай – үч тыбыш, үч тамга.
Ж – жумшак, орточул үнсүз тыбыш.

163-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Парта боюнча катары менен ар бир окуучу бир тыбыштан талдайт. Оозеки.

95–102. Нарын! Нарын! Тоолор калып кучактай,
Өз төшөгүн корумдарга бычат да,
Мойнун созуп булуттарга күбүрөп
Таш бөктөрүп бөксөлөргө учат да.
Асманды эмген аскаларга урунуп,
Чын күч келсе, көл сермелип бычакка.
Тоноп алып жолдон чыккан көп сууну
Ыркка көнбөй көшөргөнсүйт бу чакта.

(102 саптан турган ыр акын Сүйүнбай Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасынан алынды).

Үлгү. 1-окуучу. Н – ? 2-окуучу. а – ? 3-окуучу. р – ? 4-окуучу. ы –? 5-окуучу. н – ? (Калган ар бир сөз да ушундайча удаалаш талданат).

§ 57. МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

«Окуучу сөздөрдүн жасалуу жолдорун, мүчөлөрдүн берген маанилерин канчалык так билсе, тил жагынан ой жүгүртүүлөрү, тилдик билими ошончолук бийигирээк көтөрүлөт».

Жээнбай Мукамбаев

«Аруу дүйнө» көнүгүүлөр жыйнагынан

1. Унгу жана мүчө боюнча талдоо

164-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдү унгу-мүчөгө ажырат.

Мен <u>тансам, жаштан</u> танам, ырдан танбайм,
Ыры жок <u>өмүрүмө</u> канааттанбайм.
Кудайга мин мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп <u>айта албайм</u>!

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Күз/дө. Унгусу – күз, мүчөсү -дө.

165-көнүгүү. Экинчи сапты уңгу-мүчө, үчүнчү сапты сөз түркүмдөрү боюнча талда.

Ал кезде мен олтурам үйдө жалгыз,
Ойлордон ойго батып түпсүз-сансыз.
Аттиң ай, бир чоң килем соксом ээ дейм.
Бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс.
(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Үйдө-үй+дө. Үй – уңгусу, - дө – мүчөсү. Үй – зат атооч.

166-көнүгүү. Асты сызылган сөздөргө уңгу-мүчө жана сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүз.

Мен уялам, мына мындан уялам,
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп, жолун болгур, дегенсийт,
Жер шарынан алыс учкан заманам.
(Алыкул Осмонов)

167-көнүгүү. Кара тамга менен басылган сөздөрдү сөз түркүмү боюнча талда.

Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна караба.
Кээде турмуш кант берет
Таттуусуна алданба.
Дал турмуштун өзүндөй
Миң айлакер жүздүү бол.
Дал турмуштун өзүндөй
Акылдуу бол, күчтүү бол.
(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Турмуш – зат атооч.

168-көнүгүү. Асты сызылган саптарды сөз түркүмү боюнча талдап жаз.

Бүкөнтай – бучук мурун үч жашар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз.

Аз ыйлайт, борс-борс күлөт, көп да күлбөйт,
Кемпирден токсондогу таза сүйлөйт.

Кыргыз да... ачырканбай кымыз ичет,
Кучактап уктап калат бир жилик эт.

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Кучактап – этиш.

169-көнүгүү. Уланды мүчөлөрдү тап.

Тулку чоюн бейм,
Оор көрүнөт,
Он бир жигиттин
Тери төгүлөт.
Көтөр, көтөр, оп!
Көтөр, көтөр, оп!
Кана, жабыла
Бирден алабыз,
Агын дайрага
Өткөөл салабыз,
Көтөр, көтөр, оп!
Көтөр, көтөр, оп!

(*Алыкул Осмоновдон*)

Улгу. Тулку/у - у – уланды мүчө.

170-көнүгүү. Адегенде этиш, анан зат атооч сөздөрдү тап.

Түн суук, кыш ышкырат үйлөрдү ачып,
Ой-кырга дубана албас күмүш чачып.
Ыйлатат, урат, ойнойт, ыза кылат,
Жыргалдуу жазды алыска ала качып.

(Алыкул Осмоновдон)

171-көнүгүү. Сын атоочту, анан куранды *-луу* мүчөсү катышкан сөздөрдү тап.

Жумшак, кенен, таттуу, терең, шаттуу, мүңдүү, салкын, жылуу, конур, көркөм, таза, тунук, күчтүү, балбан, сөздөн өткүр, ырдан жеткил бир баатыр бар, сурасаңар, ал музыка.

(*Алыкул Осмоновдон*).

172-көнүгүү. Куранды мүчө катышкан сөздөрдү аныкта, андан соң тууранды сөздөрдү тап.

Ай батат, жылдар өтөт, зуулап бат-бат,
Жебедей кароолуна тийип шак-шак.
Түгөнгүс эртеңкинин эшиктерин.
Китептин барагындай ачып шарт-шарт.
Жортуулдан жолдуу кайткан жигиттердей
Өмүрлөр мунду тепсеп күлөт шат-шат.
Кылымдар кыз эскирткен шайыга окшоп,
Кайдадыр желп-желп этип калып жатат.

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Зуулап – зуу+ла+п. Мында -ла этиш жасоочу куранды мүчө, «п» – чакчылдын – «ып» мүчөсүнүн кыскарган түрү, уланды мүчө.

173-көнүгүү. Жөндөмө мүчөлөрүн тап. Алар уланды мүчөгө же куранды мүчөгө киреби? Аныкта.

Акылга жакшы китеп акыл салар,
Кыялдын жаман жагын тартып алар.
Өзүңдү-өзүңө айтпай кайра жасап,
Сен ачкан колдоруна канааттанар.

Ардактуу ага-инилер, жан курбулар,
Жаңы өскөн, жайдары ачык, жаш муундар.
Силерге айта турган сөзүм ушул,
Ар дайым китеп менен дос болуңар.
(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Атооч: китеп,...
Илик: кыял+дын,...
(Калганын да ушундайча улант).

174-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдөгү туруктуу жана оошмо мүчөлөрдү аныкта.

Жарашпас ичи тарлык азаматка,
Тар болбо, тардык жаман тирүү чакта.
Арамдык, кытмыр кыял, көрө албастык,
Өзүңдү өйдөлөтпөй тартар артка.

Ар куштун алсам деген талабы бар,
Ар аттын чыксам деген кадамы бар.
Курдаштар, өзүңдү-өзүң сыйлай билгин,
Ар жандын мактай турган тарабы бар.
(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Жандын - жан+дын, -дын мүчөсү оошмо.

175-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдө түрү боюнча кандай мүчөлөр бар экендигин аныкта.

Жашоо эркине жаратылып бир ирет,
Карап көрсөң кандай эмгек кылдым деп.
«Кайран күндөр бекер кеткен экен» деп,
Ойлоп-ойлоп өкүнөрүн ким билет?..

Үлгү. Эркине – эрк+и+не - и – таандык мүчө, - не - барыш жөндөмөнүн мүчөсү.

176-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдөгү мүчөлөрдү түрү боюнча аныкта.

Мен <u>тур-гуз-ба-й-м эс-кер-син де-п эс-кер-ме,</u>
Эскерсин деп эстетерге эч нерсе
<u>Кайт-пас күн-гө калкы-п кет-е бер-е-мин</u>
Кайсы күнү тагдырыма кез келсе.

(Алыкул Осмонов)

Үлгү. -гуз – бул этиштин аркылуу мамилесинин мүчөсү, оошмо мүчө.

Тест менен иштөө

№ 1

«Далай таттуу даам жедим колуңдан» (*А. Осмоновдон*). Колуңдан, *жедим* деген сөздөрдөгү мүчөлөрдүн аталышынын кайсынысы туура?

(А) Кол+у+ң+дан: -у – таандык мүчө, -ң – жак мүчө, -дан – тактоочту уюштуруучу мүчө. Же+ди+м: -ди – баяндагыч ынгайдын мүчөсү, -м – 1-жактын мүчөсү.

(В) Кол+у+ң+дан: -у – таандык мүчө, -ң – 2-жактын мүчөсү, -да – чы-гыш жөндөмөнүн мүчөсү. Же+ди+м: -ди – өткөн чактын жана баяндагыч ынгайдын мүчөсү, -м – 1-жактын мүчөсү.

(С) Кол+уң+дан: -уң – жак мүчө, - дан – тактоочту уюштуруучу мүчө. Же+дим: -дим – 1-жактын мүчөсү.

(Д) Кол+уң+дан: -уң – таандык мүчө, -дан – чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү. Же+ди+м: -ди – баяндагыч ынгайдын мүчөсү, -м – 1-жактын мүчөсү.

№ 2

Суусадың деген сөздөгү мүчөлөрдүн тыбыштарынын өзгөрүшү боюнча туура аталышын аныкта.

(А) Суу+са+ды+ң: -са – сыйлыгышма мүчө, -ды – оошмо мүчө, -ң – ээрчиме мүчө.

(В) Суу+са+ды+ң: -са – ээрчиме мүчө, -ды – сыйлыгышма мүчө.

(С) Суу+са+ды+ң: -са – ээрчибес мүчө, -ды – оошмо мүчө, -ң – сыйлыгышма мүчө.

(Д) Суу+са+ды+ң: -са – ээрчибес мүчө, -ды – оошмо мүчө, -ң – ээрчиме мүчө.

№ 3

Кечээ биз токойдогу суудан балык кармадык (Төмөндөгү талдоонун кайсынысы туура?).

тактооч ат атооч зат зат этиш
А) Кечээ биз токойдогу суудан балык кармадык.

тактооч ат атооч сын сын зат этиш
В) Кечээ биз токойдогу суудан балык кармадык.

тактооч ат атооч сын сын зат этиш
(С) Кечээ биз токойдогу суудан балык кармадык.

сын тактооч сын зат этиш
(Д) Кечээ биз токойдогу суудан балык кармадык.

177-көнүгүү. Асты сызылган сөздөргө морфемалык талдоо жүргүз.

КОМУЗ

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт, чебер колсуз.
Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.

Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй,
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Көргөн, бул сөз эки морфемадан турат. Негизги морфема – көр, жардамчы морфема – гөн.

178-көнүгүү. Асты сызылган сөздөргө морфемалык талдоо жүргүз.

Көлдө жүрдүм, көл боюнда бойлодум,
Токсон ирет көргөнүмө тойбодум.
Кызгылт көйнөк кийгендиги эсимде
Уурдап алып күндүн батар боёгун.

Көргүм келет, көргүм келет миң ирет,
Айткым келет сүйөм көлүм, сүйөм деп,
Элесимде көл жатпаса шарпылдап,
Ырларымда анда кандай касиет!

(*Алыкул Осмоновдон*)

Үлгү. Бойлодум – төрт морфема бар: 1) бой – унгу, 2) -ло – зат атоочтон этиш жасоочу мүчө, 3) -ду – өткөн чактын мүчөсү, 4) -м жак мүчө.

179-көнүгүү. Унгудан башка морфемалардын – мүчөлөрдүн атын аныкта.

Кулак+та+н+дыр+уу+лар+га, ассоциация+ла+ш+тыр+ыл-+ган+дар+дан+сыз+дар+бы, жар+ыя+ла+т+тыр+ууда+быз, ую+м+да+ш-тыр+уу+-чу+лар.

Үлгү. Кулак+та+н+дыр+уу+лар+га – мында 7 морфема бар. 1) -та – зат атоочтон этиш жасоочу куранды, 2) -н – өздүк мамиле мүчөсү, ... (калганын өзүн ула).

180-көнүгүү. Алды сызылган сөздөрдү талда.

Кеткен кетти, өткөн өттү бирдеймин,
Кечтим дайра агымынын миндейин.
Кемибеген кенч экен го тирүүлүк,
Кенч дебесем, анан аны не дейин?
Кайдан чыгып, качан келдим бул жерге?
Жел миндимби, суу миндимби, билбеймин.

(Алыкул Осмоновдон)

ТАПШЫРМА:

1) унгу, мүчөгө ажырат (тик сызык менен);
2) алардын кайсы сөз түркүмүнө кирерин аныкта;
3) этиш сөздөрдүн кайсы чакка кирерин белгиле.

Үлгү. Барган: 1) унгусу – бар, мүчөсү – ган, 2) этиш, 3) өткөн чак.

181-көнүгүү. Мүчөлөр боюнча толук талда.

Карма+са+м де+п кыл+так сал+ып үй+ү+мө,
Кара+й+м, кара+й+м кел+е+би де+п күн+ү+гө.
Мага алда+н+ып эс ал+а кет бир мүнөт
Алды+ң кызык, арт+ың өкүн+үч дүнүйө!

(А. Осмоновдон)

Үлгү. **-са** -1) этиштин ынгай мүчөсү, 2) туруктуу мүчө 3) уланды мүчө.

-м. 1) 1-жак мүчө, 2) уланды мүчө, 3) сыйлыгышма мүчө.

182-көнүгүү. Сөз түркүмү боюнча алды сызылган сөздөрдү талда.

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап.
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап.
Шуу-шуу эткен легковойдун бооруна
Балчык тийип жамгыр суусу чачырап.

Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт,
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт.
«Ай, булганды, ай, бузулду көйнөгүм.
Жайдын жааны жаабай койсо эмне?» – дейт.

Тоо алдында колхозчу ата кубанат,
Жай булуту үстү-үстүнө куралат.
«Дан көбөйүп, эрке кызым кулпуруп,
Жибек көйнөк кийсе экен», – деп суранат.

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Жамгыр – зат атооч, жалпы ат, атооч жөндөмөсүндө жаады – этиш, өткөн чакты билдирет.

183-көнүгүү. Төмөндөгү сөздөрдү зат атооч, сын атооч, этиш жана бөлүкчө боюнча өз-өзүнчө топтоштуруп жаз.

Эле, оку, демде, жээрде, күлгүн, гана, токой, оруу-жыюу, буурул, жыйна, да, дагы, сугар, кыйгыл, ич, супсак, тууралжын, кайраттуулук, асман, талаа, жуу, кечир, дегеле, чарчы, деле, жыйнаш, болук, долу, аркар, чабылды, көгүчкөн, катаал, деги, шум, мүйүз, балык, суусар, билдир, тургуз, кибир, кайтар, кыраакы, ээ, аткулак, кымыздык, ыя, кетир, сырдакана, жүзүм, го, сандык, жөпжөнөкөй, көпкөк, агыз, апапак, суут, алтын, жылдыз, таптаза, жогот, гой, келгин, чымкый кызыл, ойдун, атактуу, бүтөгүлө, нак, кетпеңиз, акылсыз, как, түк, Үркөр, комуз, мектептеги, күлкүчүл, булактай, баштап барсын, кечигип калбагыла, эң, өтө, Жетиген, ысыкчан, таштак, билгим келет, эч, абдан, бейтааныш, куду, утуптур, ылгый, өңчөй, илбериңки, чылк, бет аарчы, чылгый, аларман, бейм, беле, чымкый, көгүлжүм, өрөөлөдү, кап, дал, көрмөксөн, ачык-айрым, кумшекер, так, ырдап жүрөт, тим эле, жөн эле, иштеп жатат, жөө-жалаң, ого бетер, ойлонуп отурат, эски-уску, эстүү-баштуу, ач көз, адамзат, кыз-кыркын.

Үлгү. Сөздүк түзүү.
1. Зат атооч: токой, ...
2. Сын атооч: жээрде, ...

3. Этиш: оку,...
4. Бөлүкчө: эле,...

184-көнүгүү. Төмөндөгү сөздөрдү сан атооч, ат атооч, тактооч жана байламта боюнча өз-өзүнчө топтоштуруп жаз.

А, миллиард, мен, азыр, миллион, он миң, анан, ар качан, анткени, андыктан, эртең менен ошондуктан, жүз он жети, биз, ошолор, эртели-кеч, бирок, эми, алтымыш, сиздер, бул, мурдагүнү, да, бүрсүгүнү, дагы, деле, элүү, тигил, бүгүн, жана, же, күндүр-түндүр, он, кандай, жети, кайсы, күздү-күздөй, не, алга, артка, эки, эч качан, жыйырма беш, алда кайдан, бир, эч бир, мында, жогору, ал эми, төмөн, эгер, эки миң төртүнчү, бүтүн, бешөө, илгери, бүткүл, он чакты, анткени менен, андай болсо да, акырын, жай, тез, алты айча, баары, бардык (бардыгы), тымызын, ар ким, антсе да, кытайча, отуздай, ошондой болсо да, ооэмо-ооз, кандайдыр, ондогон, өз, бекер, ошентсе да, жайбаракат, үчөөлөп, кай бир, бирок да, ошондой болгону менен, ээнэркин, үч-төрт, ар бир, төрттөн үчү, он ченде, кимдир бирөө, азмаз, же болбосо, саал, жарыш, миң, жана да, ошон үчүн, уйгутуйгу, беш-бештен, ыйкы-тыйкы, неге десең, көп, бир нерсе, аз, түркчө, ушул, тетигил.

Үлгү. Сөздүк түзүү.
1. Сан атооч: миллиард,...
.....
2. Ат атооч: мен,...
.....
3. Тактооч: азыр,...
.....
4. Байламта: а, ...
.....

185-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү тууранды сөз, сырдык сөз, жандооч жана модалдык сөз боюнча өз-өзүнчө топтоштуруп жаз.

Аркылуу, албетте, пай-пай-пай, маа, мөө, бойдон, өш, кыруу-кыруу, боюнча, тарс, арийне, үчүн, балким, айдак-айдак, бытпылдык-бытпылдык, чой-чой, кокуй, каак-каак, ураа, жөнүндө, өх, эй, мүмкүн, кашайгыр, тууралуу, ыктымал, чамасы, баракелде, болжолу, бырс, күнк, бали, менен, калдыр-шалдыр, сыягы, бах, кыязы, төх, сөрөй, капырай, чагымда, ой тобо, аттиң, сымал, шак-шук, шарп, апей, жарк, чиркин, жарк-журк, жолуң болгур, аттиң ай, шекилдүү, чындыгында, сайын, ырас, баштап, катыгүн, дейре, шаңк-шаңк, ой, тек (тек отур), карч-

курч, алдей-алдей, чейин, чү, бөк-бөк-бөк, сөзсүз, мый-мый, шексиз, мыш, керек, түшөй-түшөй, кырой-кырой, кош, чек, чейин, чиркин ай, ботом, дагдаң-дагдаң, жылт, так-так, чөк-чөк, багжаң-багжаң, кылт, ыракмат, кийин, тийиш, соң, бар болуңуз, шып, көп жашаңыз, шарт, бою, тартып, калакай, көрүнөт, чыгар, окшойт, сорок-сорок, жараша, калак-чолок, өндөнөт, сыяктуу, арыбаңыз, чокчоң-чокчоң, имиш, бөкчөң-бөкчөң, балч, карата, балп, шүк, дейм, жал-жал, ооба, мөл-мөл, көздөй, кана мөлт, демек, ай-и-ий.

Үлгү. Сөздүк түзүү.

1. Тууранды сөз: маа,...

.....

2. Сырдык сөз: пай-пай-пай...

3. Жандооч: аркылуу,...

4. Модалдык сөз: албетте...

186-көнүгүү. Этишти уюштуруучу -сыра, -жы, -сан, -сы, -жыра, -гы мүчөлөрү кайсы үнгу түрүндөгү сөздөргө уланарын аныктап жаз.

Уйку..., был..., кубул..., ыр..., көр+мөк..., чечен..., оол..., эт..., ор..., ыл..., ээн..., жыл..., удур..., бил+мек..., оорук..., тукул..., жалгыз..., ук+мак..., бол..., ысык..., эл..., каал..., кы-был..., байка+мак..., кел..., көөл..., ык..., ал..., тапан..., жы-был..., кан..., тамыл..., тун...

Үлгү. Уйкусура, былжы, былжыра.

ТАПШЫРМА

Морфологиялык талдоодо зарылдыгына жараша өзүндүн билиминди атайы сынап көрүү максатында же толуктап окуу, бышыктап билип алуу иретинде ушул окуу китебинин этегиндеги «Серектин сыр сандыгына» кайрылып калсаң, анда төмөндөгү топтомдорду үзүрлүү пайдалана аласың.

2. «Сөз» топтому.
3. «Куранды мүчө» топтому.
4. «Уланды мүчө» топтому.
5. «Мүчө» топтому.
6. «Сөз түркүмдөрү» топтому.
7. «Жөндөмө» топтому.
8. «Чак» топтому.

9. «Жак мүчө» топтому.
10. «Мамиле» топтому.
11. «Ынгай» топтому.
12. «Этиштин өзгөчө түрлөрү» топтому (атоочтук, чакчыл, кыймыл атоочтор).

Ушул 10 топтом сенин морфология боюнча билиминдин сапаттуу болушуна кызмат кылат.

§ 58 СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

«Сүйлөм – аяктаган ойду билдирүүчү кептин чакан өлчөмдөгү бүтүн бирдиги. Сөз айкашы болсо – түгөйлөрү дайыма багыныңкы байланышта турган, экиден кем эмес толук маанилүү сөздөрдүн сүйлөм тутумундагы синтаксистик тобу, башкача айтканда, бүтүндүн бөлүкчөсү».

Проф. А. Иманов

«Байыркы башат» көнүгүүлөр жыйнагынан

187-көнүгүү. Үлгүгө окшоштуруп сөз айкаштарын таап көчүр, көнүгүүнүн биринчи бөлүгү – үлгү, экинчи бөлүгү – өз алдынча иштөө.

Шумерлер

I

Шумерлер (б. з. ч. VI–V миң жылдыкта жашаган) Тигр жана Евфрат дайраларынын боюна оошуп барган. Алгачкы учурларда эл билгилерине, падышаларына, кудайларга табынуу, сыйынуу иретинде эстеликтерди жасашкан. Айрыкча, кудай Иштор-ду чагылдырган статуяда биз жогору жакта сөз кылган кесенин дал өзү бар. Бул кокусунан болгон окшоштук эмес. Эгерде биз шумер-түрк ортосундагы лингвистикалык жакындыкты, жок дегенде, маданий тектештикке алып келсек, балбал жасоо шумер менен түрктөрдүн б. з. ч. он миңинчи жылдыкта Орто Азия менен Батыш Сибирде чогуу же аралаш жашагандыгынан кабар берет.

Балбал таштын сүрөтү.

II

Эми кудай Иштор менен түрк балбалдарын салыштырыңыз. **Баса, кесе эмнеликтен таш балбал үчүн туруктуу элемент болуп калган? Бул сүрөөго жоопту шумерлердин өздөрүнөн издейли. Байыркы шумерлер Перс булуңуна келишери менен жер ай-дап, дыйканчылыктын маданиятын көтөрө башташат.** Ошондо аябагандай зор аянттын ээси болгон жрецтер дыйкандарга таман акы, мандай тери үчүн кесе менен дан бөлүштүрүп беришкен.

Энчи бөлүштүрүү жалгыз гана кесе менен жүргүзүлгөн. Бул бөлүштүрүүнү алар зе ва (шеба) деп аташкан. Эми ушул сөздү түрк тили менен салыштырып көрөлү:

Сапа (Радловдо), сабр (алтай тилинде), сабы (кумык тилинде), сыбага (казак тилинде), шыбага (кыргыз, казан татарларында). Ошентип, шумер-түрк тилдеринде бул сөз жалпы жонунан бирдей маанини берет. (*Токторбай Урмамбетов*, «*Кыргыздар*» китебинин 5-тому, 2002-*жыл*, 100-*бет*).

Үлгү. Биринчи сүйлөмдөгү сөз айкаштары: 1) шумерлер жасашкан, 2) Тигр (же Евфрат) дайралары, 3) дайраларынын боюна, 4) боюна барган, 5) оошуп барган, 6) барган учурларда, 7) алгачкы учурларда, 8) учурларда жасашкан, 9) эл билгилерине (же падышаларына, же кудайларга) табынуу, 10) табынуу (же сыйынуу) иретинде жасашкан, 11) эстеликтерди жасашкан («Жана» деген байламта сөз айкашын түзүүгө катышпайт).

Экинчи сүйлөмдөгү сөз айкаштары: 1) дал өзү бар, 2) кесенин дал өзү, 3) сөз кылган кесенин, 4) жогору жакта сөз кылган, 5) биз сөз кылган, 6) статуяда бар, 7) чагылдырган статуяда, 8) Иштордү чагылдырган, 9) кудай Иштор («Айрыкча» деген киринди сөз, ошондуктан ал калган сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт).

Үчүнчү сүйлөмдөгү сөз айкаштары: 1) бул окшоштук эмес, 2) болгон окшоштук эмес, 3) кокусунан болгон.

Төртүнчү сүйлөмдөгү сөз айкаштары: 1) биз алып келсек, 2) тектештикке алып келсек, 3) маданий тектештик, 4) жакындыкты алып келсек, 5) лингвистикалык жакындыкты, 6) ортосундагы жакындыкты, 7) шумер-түрк ортосундагы, 8) жашагандыгынан кабар берет, 9) чогуу (же аралаш) жашагандыгынан, 10) Батыш Сибирде (же Орто Азияда) жашагандыгынан, 11) он мингинчи жылдыкта жашагандыгынан, 12) түрктөрдүн (же шумерлердин) жашагандыгынан, 13) балбал жасоо кабар берет. (Мында «эгерде» жана «менен» деген байламталар сөз айкашын түзүүгө катышкан жок).

Кемчонтой. Менин оюмча, «Шумерлер Тигр» деген эки сөз да өз ара сөз айкашын түзөт.

Чыпалак. Жок, «Шумерлер Тигр» деген эки сөз эч качан сөз айкашы болбойт. Себеби экөө бир сүйлөмдүн ичинде турса да, маанилик жактан өз ара байланышкан жок. Өзүң эле байкап, «Шумерлер Тигр» менен «Шумерлер жасашкан» деген сөз айкашын салыштырсаң баары алаканга салгандай даана көрүнөт. «Шумерлер жасашкан» дегенде эки сөз маанилик жактан өз ара бекем байланыш түзүп, сөз айкашы жаралды. Демек, маанилик жактан байланышпаган сөз эч качан сөз айкашы боло албайт. «Шумерлер Тигр» деген эки сөз ошол себептен сөз айкашы болбой калды.

Кемчонтой. Анда сөздөр жалаң гана маанилик жактан байланышса, сөз айкашын түзөт экен да.

Чыпалак. Ооба, бирок маани менен кошо сөз айкашын түзүүгө сөз мүчөлөрү жана жандоочтор да катышат. Мисалы: «жоопту издейли». Бул сөз айкашын түзүүгө тикеден-тике табыш жөндөмөнүн – ту (-ны) мүчөсү катышты. «Тоону көздөй кетти» деген сөз айкашын түзүүгө табыш жөндөмөнүн - ны (ну) жана «көздөй» деген жандооч катышты.

Кемчонтой. Ар бир сүйлөм жалаң сөз айкаштарынан турат экен да.

Чыпалак. Ооба. Бирок байламталар, каратма, кириндди, сырдык сөздөр сөз айкашын түзүүгө катышпайт.

Көрөгөч Маамыт. Баса, бир сөздөн турган атама сүйлөм да сөз айкашын түзө албайт. М: Түн.

Чыпалак. Ар бир сөз айкашы эки түгөйдөн гана турат. Мисалы: Шумерлер жасашкан. Биринчи түгөй – шумерлер, экинчи түгөй жасашкан. Бул сөз айкашы эки сөздөн гана түзүлөт дегендик эмес. Кээде үч жана андан ашык сөздөр да сөз айкашын түзөт. М.: шаарга келип алган окшойт. Биринчи түгөй – шаарга, экинчи түгөй – келип алган окшойт (3 сөздөн курал-ды). Кесе менен беришкен. Биринчи түгөй – кесе менен (эки сөздөн турат), экинчи түгөй – беришкен.

Көрөгөч Маамыт. Туптуура. Бирок ошол эки түгөй да бири-бири менен бекем байланышта, эгер андай байланыш болбосо, сөз айкашы түзүлбөй калмак. Ал эми байланышуу эки жактуу, бир түгөй көз каранды, багынынкы, экинчи түгөй багындыруучу абалда. Мисалы, Шумерлер жасашкан – эки түгөйдөн турган бир сөз айкашы, Шумерлер – багындыруучу түгөй, жасашкан – багынынкы түгөй. Демек, мындай багындыруучулук жана багынуучулук түгөйлөрдүн арасындагы маанилик жана грамматикалык байланышты-айкалышты түзүп турган өзөктүү касиет. Ал эми «жасашкан» деген багынынкы түгөй башка бир учурда ба-

гындыруучу түгөй да боло алат. М.: эстеликтерди жасашкан – мында жасашкан деген сөз эстеликтерди деген сөздү өзүнө багындырып турат.

Акыл Карачач. Ооба, «жасашкан» деген сөздүн мындай өзгөрмөлүүлүгү байланышкан сөзүнө жараша. Мисалы, шумерлер кыймыл-аракеттин ээси, ошондуктан ал багындыруучу түгөй болду, ал эми эстеликтерди деген түгөй андай касиетке ээ эмес, ал жасашкан деген кыймыл-аракет тарабынан башкарылып, ага тикеден-тике багынынкы абалда.

Көрөгөч Маамыт. Багындыруучу түгөйлөргө жараша сөз айкашы экиге бөлүнөт. Эгерде багындыруучу түгөйү зат, сын, сан, атооч жана тактоочтордон болсо, ал атоочтук сөз айкашы, эгерде багындыруучу түгөй этиштен болсо, анда ал этиштик сөз айкашы деп аталат. Шумерлер жасашкан – атоочтук сөз айкашы, себеби мында шумерлер деген башкаруучу түгөй зат атооч. Эстеликти жасашкан – багындыруучу түгөйү этиш, ошондуктан бул этиштик сөз айкашы болуп эстептелет.

Чыпалак. Сөз айкаштары эркин жана туруктуу болуп бөлүнөрүн да эске сала кетүү артыкбаштык кылбайт. Туруктуу сөз айкаштарына «Мурдун балта кеспөө», «Төбө чачы тик туруу», «Кара кылды как жаруу» деген өңдүү сөздөр кирет. Булар ажырагыс тутум, ошондуктан алар биримдикте колдонулат. Туруктуу сөз айкашына мисалдарды ушул окуу китебиндеги «Сөз берметтери» топтомунан (10–11-класстын экөөндө тең бар) таба аласың. Ал эми жогорудагы үлгүдөгү сөз айкаштары бүт эркин сөз айкаштары. Себеби шумерлер жасашкан деген сөз айкашын шумерлер иштешкен, шумерлер айтышкан, ошол шумерлер, байыркы шумерлер, ж. б. деп өзгөртүп түзө берсе болот. Демек, мындай эркин сөз айкаштары туруктуу жана ажырагыс биримдикте болбойт жана өзгөрмөлүү.

Акыл Карачач. Сөз айкашындагы багынынкы түгөйлөр багындыруучу түгөйдүн ынгайына жараша ээрчишет, башкарылат, ыкташат, таандык байланышта болот. Мисалы, шумерлер жасашкан (ээрчишүү), эстеликтерди жасашкан (башкаруу), алгачкы учурлар (ыкташуу), дайраларынын боюна (таандык байланыш). Буларды эске түшүрүү жана кайрадан билип алуу үчүн «Серектин сыр сандыгындагы» «Сөз айкашы» топтомун оку. Бул – биринчи. Экинчиден, сөз айкашын билүү, сүйлөм мүчөлөрүн талдоону женилдетет. Анткени булардын ортосунда табигый байланыш бар. Мисалы, ээрчишүү байланышы ар дайым ээ менен баяндоочтун ортосунда болот. Шумерлер жасашкан – бул ээрчишүү сөз айкашы, ошол эле учурда шумерлер сүйлөмдүн ээси, ал жасашкан деген баяндоочту өзүнө багындырып турат. Эстеликтерди жасашкан – бул башкаруу сөз айкашы, жасашкан деген кыймыл-аракет эстеликтер деген багынган түгөйдү табыш жөндөмөсүндө болушун талап кылып, ошону менен ал сөз толуктоочтук милдетти өтөп турат. Алгачкы учурлар – ал-

гачкы, ыкташа байланышкан аныктоочтун милдетин аткарат (ыкташуу жолу менен бышыктооч да байланышат, М: тез келди). Ал эми дарыяларынын боюна – таандык байланыш, дарыяларынын – багыныңкы түгөй, ошол эле учурда илик жөндөмөсүндөгү мындай сөздөр түгөл сүйлөм ичинде аныктоочтун кызматын өтөйт. Демек, сөз айкашын тез жана так ажырата билүү жөнөкөй жана татаал сүйлөмдү талдоодо да колунду узартат.

II. Кайрадан өз алдынча иште

(Көнүгүүнүн экинчи бөлүгүн түгөл үлгүгө окшоштуруп, сөз айкаштарына ажыратып жаз. Ар бир сөз айкашындагы түгөйлөрдүн санына назар сал).

188-көнүгүү. Сөз айкаштарын талда.

Байыркы Тигр жана Евфрат дайраларынын боюнда жашашкан шумерлер ал жерде б. з. ч. VI–V миң жылдыкта пайда болот. Сөздөрүн салыштыралы. Шумерче аба – түркчө да аба, шумерче **диңгир** – түркчө **теңир, теңгир**, шумер тилинде **уруу** – түркчө **уруу, урук,** шумерче **ерен** – түркчө **эрен, эр,** шумерче **билга** – түркчө *билге*, **билга**, шумерче ту (төрөө) – түркче (туу), шумерче **кур** – түркчө **кыр, кур** (тоо кыркасы), шумерче **алу** – түркчө **аал, айл** (айыл), шумерче **кик** – түркчө **кик, кук, көк,** шумерче **де** – түркчө де («деди» деген сөздүн унгусу), ж. б. Биз бул жерде отуз үч гана сөздү бердик. Шумер – түрк байланышы боюнча көрүнүктүү акын О. Сулейменов алтымыш сөздү салыштырса, чыгаан окумуштуу И. М. Дьяконов эч бир тилге салыштырбай туруп, жүз он – жүз жыйырма сөздүн тегерегинде ой жүгүртөт. Мен эмгегимдин «Шумер» бөлүгүндө эки жүздөн ашуун сөздү түрк тилинин фонетикасы, морфологиясы, лексикасы боюнча талдагам. Ушунун өзү түрктөрдүн алтай тобунан бөлүнүп чыгышын, бери болгондо, он миң жылдыкты чапчырында шек жок (*Токторбай Урмамбетовдон*).

ТАПШЫРМА

1. 1–2-сүйлөмдө канча сөз айкашы бар? Жазып чык.
2. Үчүнчү сүйлөм талданбайт.
3. 4-сүйлөмдөгү сөз айкаштарындагы багындыруучу түгөйлөрүн тап жана алардын атоочтук жана этиштик сөз айкашынын кайсы түрүнө кире тургандыгын айтып бер.
4. 5–7-сүйлөмдөрдөгү сөз айкаштарын окшоштугу боюнча топтоштуруп жаз. 1. Шумерлер жасашкан – ээрчишүү байланышы. Ушуга окшош төрт сөз айкашын топто. 2. Эстеликтерди жасашкан – башкаруу байланышы. Ушуга окшош беш сөз ай-

кашын топто. 3. Алгачкы учурлар – ыкташуу байланышы. Ушуга окшош төрт сөз айкашын тап. 4. Дайраларынын бою – таандык байланыш, ушундай төрт сөз айкашын тап.

Эскертүү: 1) боюнча, ашуун деген жандоочтор өзүнөн мурдагы сөздөр менен кошулуп талданат. 2) бери болгондо – талданбайт, себеби киринди сөз.

189-көнүгүү. Асты сызылган сөз айкаштарын толук талда.

Скифтер кимдер?

Дүйнөлүк илимде узак мезгилдерге дейре талаш-тартышка түшкөн маселелер арбын. Алардын бири – тарыхта «айбанаттар стили» деген ат менен белгилүү болгон скифтердин кайсы элдин тукумуна тиешелүү экендиги жөнүндөгү маселе. Анын башаты бүгүнкү күнгө чейин ачылбай келе жатат. Окумуштуулардын кээ бирөөлөрү аны иран элинин байыркы учурдагы бир уруусу катары карашса, айрымдары славян, герман, монгол элдеринин түпкү теги деп да эсептешет. Ачыгын эле айтуу керек, скифтерди өз тукумуна жакындатуу үчүн болгон аракет атамзамандан бери токтобостон дагы эле күчөп турган чак. Бирок, тилекке каршы, улуу көчмөндөр жөнүндөгү доордон тартып бүгүнкү күндөгү ой-жорууларга чейин түрктөр эске алынбайт. Аларды кечээ эле жакында жаралган жаш эл катары эсептешсе керек. Бул – таптакыр туура эмес түшүнүк.

V–VI кылымдарда түрктөрдүн конфедерация (конфедерация – кайсы бир мамлекеттердин же уюмдардын өз ара биримдиги) катары тарыхый аренага чыккандыгы белгилүү. Мына ушуну айрым окумуштуулар түрктөрдүн эл катары жаралган күнү деп эсептешип, аларды Азия мейкиндигиндеги башка элдердин калыптанышына эч кандай тиешеси жоктой сезишет. Бирок түркий тилде сүйлөшкөн элдердин, анын ичинде кыргыз, чуваш, авар, сувар, хазар, кангюй (кыпчак), булгар, авагат (авар), керкит, кай, аз сыяктуу жана башка толуп жаткан элдердин биздин эрадан мурун эле жашашып, Борбордук Азия гана эмес, калган чөлкөмдөргө чейин аздыр-көптүр өз таасирин тийгизгендиги талашсыз. (*Токторбай Урмамбетов, «Кыргыздар»*, V китеп, 2002-жыл, 58-бет).

Үлгү. Алардын бири – таандык байланыш. Атоочтук сөз айкашы. Анткени багындыруучу түгөй (бири) – сан атооч.

Көпчүлүк учурда багынынкы түгөй багындыруучу түгөйдөн мурда келет да, багындыруучу түгөйдүн ар түрдүү кырдаалын (сынын, санын, сыпатын ж. б.) жана кыймыл-аракетке багыттаганын билдирет.

М: *бийик тоо*, мында *бийик* деген багынынкы түгөй багындыруу «тоо» деген түгөйдүн сыпатын билдирет. Ал эми «тоого жөнөдү» деген сөз айкашында «тоого» деген багынынкы түгөй, ал «жөнүндө» деген багындыруучу түгөйгө баш ийип кыймыл-аракеттин багытын аныктады.

190-көнүгүү. Ээрчише байланышкан сөз айкаштарын тап жана кайсынысы багындыруучу түгөй экенин аныкта.

Улуу Теңирим көчмөндөрдүн ырыскысына боз үйдү жаратты. Байыртан бери кыргыз баласынын оокат-тирлиги жана өмүрү боз үйдө өттү. Боз үй биздин заманга чейинки сактардын, хуннулардын, кыргыздардын, үйсүндөрдүн, дөөлөстөрдүн учурунда эле болгон. Археологдор Алтайдагы Пазырык дөбөсүнөн биздин заманга чейинки V–III кылымдарга тиешелүү боз үйдүн калдыктарын, ар түрдүү боёкко салынган шырдак оюмдарынын калдыктарын табышкан (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Тооктун жөжөлөрү тарс эткен добуштан улам куурайдын далдаасына кире качышты. Мында «жөжөлөрү кире качышты» деген ээрчишүү сөз айкашы, анткени «жөжөлөрү» – сүйлөмдүн ээси, «кире качышты» – баяндоочу. Ээ менен баяндоочтун ортосундагы сөз айкашы ээрчишүүнү түзөт. «Жөжөлөрү» – багындыруучу түгөй, «кире качышты» – багынынкы түгөй, себеби «кире качышты» деген баяндооч ээни сан, жак боюнча ээрчиди.

191-көнүгүү. Ушул сүйлөмдөн ыкташа байланышкан 12 сөз айкашын таап, өзүнчө көчүрүп жаз. Багындыруучу түгөйүнүн астын сызып белгиле.

Боз үй көчмөн элдердин биргелешкен акыл-оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй улуу эстелиги, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Улуу эстелиги, бул эки сөз ыкташа байланышты, багындыруучу түгөй эстелиги, багынынкы түгөй – улуу.

192-көнүгүү. Төмөндөгү башкаруу байланышы менен байланышкан 17 сөз айкашын бөлүп көчүр жана алардын багындыруучу түгөйлөрүн аныкта.

Кыргыздардын табият менен шайкеш жашаганына, жакындыгына боз үйдөн улам ынанасың. Төбөңдү карасаң, түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү айды көрөсүң. Көлдөлөң менен көк шибер алдында жатат. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат. Чагылгандын чартылдаганын, шамалдын улуганын, дайранын шоокумун, куштардын сайраганын даана угуп турасың. Боз үйдөн сырткы космос жана ички дүйнө менен бирге жашап жаткандай сезесиң өзүңдү (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Дүйнө менен жашап жаткандай, жашаганына ынанасың. Бул экөө тең башкаруу байланышы, багындыруучу түгөйлөрү: *жашап жаткандай, ынанасың.*

193-көнүгүү. Таандык байланыштарды таап, көчүрүп жаз.

Кыргыздардын боз үйүнүн керегеси кенен, ууктары узун, түндүгү бийик болот. Боз үйдүн жыгачтары талдан, түндүгү арчадан жасалат. Көлөмү боюнча төрт канат, алты канат кээ бир ажолордун жана байлардын ак өргөөлөрү 30 канатка жеткен. Байыркы Энесай кыргыздарынын боз үй тарткан арабаларынын узундугу тогуз кулач болуп, муну ондон ашуун өгүз сүйрөгөн. Боз үйдүн жыгачтары – кереге, уук, босого таяк, түндүк, каалга. Адегенде кереге жайылып, аштарына уук учтугу менен чалып байланат. Босого таяк орнотот. Бакан менен түндүк көтөрүлөт, уук сайылат. Чий тартылган соң, туурдук, үзүк, эшиктыш, түндүк жабуу жабылат (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Жолдун чети менен атчандар чубоодо. «Жолдун чети» – таандык байланыштагы сөз айкашы. «Чети» – багындыруучу түгөй, ага «и» деген таандык мүчө жалгашкан, «жолдун» – багынынкы түгөй, ал илик жөндөмөсүндө турат. Кээде «жолдун чети» деген сөз айкашы «жол чети» деп, илик жөндөмөнүн -дун (-нын) мүчөсү кыскарып да айтыла берет, бирок таандык байланыш түрүн жоготпойт.

194-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыштын ар бирине үчтөн мисал таап жаз.

Кытай жазмаларында боз үй жөнүндөгү маалымат биздин заманга чейинки доордо эле айтылган. Сыма Цянь: «Көчмөндөр (кыргыздар) эшиги чыгышты карап тигилген тегерек боз үйдө жашайт» – деген. Боз үйдүн керегесине жараша анын көлөмү да

аныкталат. Боз үйдүн эң кичинекейи – уук баштарын кайчылаштырып жасалган алачык. Анын түрлөрү: жапма алачык, сайма алачык, кара алачык, жолум үй, кеп, ак тигер, тегиртмен, ит арка, сойломо ж. б. Андан кийин боз үйдүн жабыгына карай үзүктүү, көтөрмө туурдуктуу үй, уук-керегеге карай ак үй, чоң үй, ак өргөө, ак ордо, ак ала ордо (хан үйү) болуп кете берет.

195-көнүгүү. Ээрчишүү жана башкаруу байланышын да, аларды үлгүдөгүдөй кылып көчүрүп жаз.

Боз үйлөр чоң-кичинесине карата алтымыш баштан жүз баш, эки жүз баш деп, керегенин башына карата бөлүнөт. Тор көз, ара көз, жел көз деп, керегенин көзүнө карай айтылат. Үйдүн ичи төр, улага, эр жак, эпчи жак деп төрткө бөлүнөт. Төргө кадырлуу меймандар, карыя аксакалдар, эпчи жакка казан-аяк кармаган аялдар, эр жакка эркектер, улагага кичүүлөр отурушат (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Боз үйлөр бөлүнөт (ээрчишүү), чоң-кичинесине карата бөлүнөт (башкаруу).... (6 ээрчишүү, 7 башкаруу байланышында турган сөздөр бар).

196-көнүгүү. Үлгүдөгүдөн тышкары 7 таандык, 10 ыкташуу байланышындагы сөздөрдү таап жаз.

Хакасиянын Уйбат деген кең түздүгү бар. Ушул жерде байыркы – кыргыздын ыйык деп аталган шаары болгон. Мында өтмө катар кирген эки кабат кош боз үйдүн орду онурайып казылуу жатат. Уйбат талаасына бизди жергиликтүү окумуштуу баштап барды. Далай жылдан бери казылган байыркы кыргыз ажосунун ордосу. Беш-алты метр терендикте тегерек аң жатат. Ички бети таш, чопо менен кооздолгон. Боз үйдүн сөөгү жыгачтан курулган имиш. Боз үйдүн алдында арстандын таш айкели жаткан экен. Ажонун ордосу айланта чопо чеп менен курчалган.

Үлгү. Хакасиянын түздүгү (таандык), кең түздүгү (ыкташуу).

197-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдө кездешкен 20 башкаруу байланышынын өз ара кандай мүчө, жандооч менен байланышканын аныктап жаз.

Кыргыздын боз үйүндөгү ырым-жырым күчтүү болгон: керегеге бутту артпаган, түндүктүн жибине артылбаган, босогону баспаган, түндүктү жана баканды аттабаган, отко суу куюп өчүрбөгөн, чөмүч менен итке аш куйбаган, тулганы, отту теппеген,

шамалды сөкпөгөн, дасторконду тетири салбаган, күйгөн отко түкүрбөгөн, жылдыз санабаган, эшикти тээп ачпаган, босогого туруп бой кербеген, үйдө ышкырбаган, үйдү айланып чуркабаган...

Үлгү. Үйдү айланып чуркабаган (багыныңкы түгөй табыш жөндөмөсүндө турат)...

198-көнүгүү. Сөз айкаштарын байланышы боюнча аныктап жаз.

Байыртадан берки кыргыз элинин тарыхы жана маданияты эки жерде калыптанды. Бир канаты Орто Азияда, Теңир-Тоодо, экинчи канаты Түштүк Сибирде, Энесай, Алтайда жана Орхондо өнүгүп-өстү. Муну кыргыз аңызы, санжырасы, элдик оозеки чыгармалары далил менен айтып келген.

Бул сүйлөмдөрдөгү сөз айкаштары төмөнкүлөр: 1) маданияты калыптанды, 2) тарыхы калыптанды, 3) кыргыз элинин тарыхы, 4) кыргыз элинин маданияты, 5) байыртадан берки кыргыз эли, 6) эки жерде калыптанды, 7) канаты өнүгүп-өстү, 8) бир канаты, 9) экинчи канаты, 10) Орхондо өнүгүп-өстү, 11) Алтайда өнүгүп-өстү, 12) Энесайда өнүгүп-өстү, 13) Түштүк Сибирде өнүгүп-өстү, 14) Теңир-Тоодо өнүгүп-өстү, 15) Орто Азияда өнүгүп-өстү, 16) элдик оозеки чыгармалары айтып келген, 17) далил менен айтып келген, 18) санжырасы айтып келген, 19) кыргыз аңызы айтып келген, 20) муну айтып келген.

Үлгү. 1) Маданияты калыптанды (ээрчишүү), 2).... (калганы да ушундай, кашаанын ичине байланыш, башкаруу же ээрчишүү экендиги жазылат).

199-көнүгүү. Сүйлөмдүн ээсин тап, аны баяндооч менен байланыштуу аныкта. Ээнин астын түз сызык менен сыз.

Пирлер

Байыркы бабаларыбыз Жаратканга, Теңирге, Умай энеге табынган. Алар жер-сууга тайынган. Ата-бабалардын арбагына сыйынган. Кыргыз аңызында көптөгөн пирлер бар. Теңир – асмандын, көктүн пири. Умай эне – аялзаттын, наристенин, молчулуктун пири. Камбаркан – күүнүн пири. Баба дыйкан – дыйканчылыктын пири. Зеңги баба – уйдун пири. Кумайык – иттин пири. Камбар ата – жылкынын пири. Ойсул ата – төөнүн пири. Алп кара куш – куштардын пири. Кайберен – кийиктин пири (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Кечээ биздин айылга жамгыр жаады. – «Эмне жаады?» «– Жамгыр». Жамгыр – сүйлөмдүн ээси, анын асты бир түз сызык менен сызылат.

200-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн ээ менен баяндоочту гана терип көчүр. Анан аларга өз ара байланыштуу суроо бер. Баяндоочтун астын эки түз сызык менен сызып белгиле.

Бакшылар

Бакшылар элдик поэзияны, дарыгерликти, жылдыздар аркылуу жылды эсептөөнү, астрологиялык божомолду жана теологияны билген. Алар өз доорунун таланттуулары болушкан. Бала төрөлгөндө бакшылар ат коюшкан. Адам баласы жарыкты көрүүгө, ага жылынууга, жакшы ой-тилегин ишке ашырууга, бийикке чыгууга, акылдуу болууга, асыл сулуулукту табууга умтулуп келген. Байыркы бабалар булут баскан улуу тоого сыйынышкан.

Бакшыларды эл ак бакшы, кара бакшы деп бөлүшкөн. Кара жиндүү бакшылар көбүнчө талмалуу же илээшкени бар кишилерди карашкан. Алар жиндерин чакырып, арбак менен сүйлөшүп, камчы, бычак же комуз, дан менен ооруну куушкан. Тиш ооруганды, жылан чакканды ыр менен бадик айтып эмдешкен. Оорулуу адам менен мал оорусун башкага көчүрмөккө куу сөккө байлап, алыска таштаткан. Бакшы адамга келер жакшылыкты, коркунучту, кырсыкты, баланын төрөлүшүн, жаанчачындын болорун, ууруну келерин алдын ала айткан.

Биздин заманга чейинки VI кылымда эле бакшылык байыркы көчмөн сак, хунну, кыргыз, үйсүн, дөөлөстөрдөн кытайларга ооп барышы ыктымал. Ал эми «бакшы» деген сөз кытай тилинде «окутуучу», «устат» маанисинде айтылат (*Кеңеш Жусуповдон*).

кимдер? эмне кылган?

Үлгү. Бакшылар билген (Калганы да ушундай).

201-көнүгүү. Сүйлөмдүн ээси менен баяндоочун тап.

Кыскасы, скиф тарыхы лингвистикалык (лингвистика – тил илими) жактан кенен талдоого алына элек. «Тарых атасы» атанган айтылуу Геродот (байыркы грек тарыхчысы, б. з. ч. 490/480–425-жылдардын аралыгында жатпаган) Евразия континентинде жашашкан элдердин тарыхы тууралуу тогуз китеп жазып калтырган. Анын төртүнчү китеби бүт скифтерге арналат. Геродот анда минтип сүрөттөйт: «Саалып алынган сүттү жыгачтан жасалган идишке куюшуп, тындырбай бышып турушат. Үстүнө калкып чыккан бөлүгүн чөмүч менен бөлүп алышат да, өтө баалуу тамак-аш катары колдонушат». Көчмөндөрдүн арасына Геродоттон кийин айтылуу дарыгер Гиппократ («медицина атасы», грек дарыгери, б. з. ч. 490–377-жылдарда жашап

өткөн) келет. Гиппократтын баяндамасын келтирели: «Сүт жыгач идишке куюлган соң, бышуу башталат. Ошондо сүт экинге бөлүнөт. Биринчи – көбүккө айланып, сүттүн үстүнө калкып чыккан майлуу бөлүгү «бутир» деп аталат да, аны калпып алып, кургатылгандан кийинкисин «иптак» дешет.

(Илимпоз Токторбай Урмамбетов изилдөөсүндө андан ары иппак (нан), бутир (май), түсүн (май), энар (кызтеке), Таргитай (түп ата) деген биздин доорго сакталып жеткен скиф сөздөрүнүн башка элдики эмес, нукура түрк сөздөрү экендигин илимий негизде далилдейт. Демек, скифтер түрк тилинде сүйлөгөн эл болгон).

ТАПШЫРМА

Ээ менен баяндоочту суроо берүү менен тап.

Үлгү. – Эмнеси талдоого алына элек?
– Тарыхы (бул – сүйлөмдүн ээси).
– Тарыхы эмне боло элек?
– Талдоого алына элек (бул – сүйлөмдүн баяндоочу).

202-көнүгүү. Асты сызылган аныктооч сөздөрдүн кандай суроого жооп берерин аныкта жана алардын кайсы сөздү аныктап турганын такта. Аныктоочтун алды толкундуу сызык менен белгиленет.

Умай эне

Умай эне аялзаттын, наристенин, үйдүн колдоочусу. Саян-Алтайдагы көчмөн уруулардын көбү Умай энеге сыйынышкан. Кыргыздар ага биздин доордун VI кылымында эле балбал таштан эстелик койгон. Ал бакжайган, мээрими ашкан, жылдыздуу, алпейим, элечеги керемет байбиче.

Кыргыздар акылдуу, сүрү күчтүү аялдарды Умай энеге теңешкен. Умай эне жөнүндөгү ыр менен бата кылышкан. «Менин колум эмес, Умай эненин колу», «Умай эненин дарысы» деп эмчи-домчулар наристелерди эмдешкен. Нариste ээн үйдө жалгыз калса, энелери: «Умай энеге тапшырдым», – деп баласына кабатыр болгон эмес. (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Аялзаттын – аныктооч, ал «кимдин?» деген суроого жооп берет, «колдоочусу» деген сөздү аныктайт.

(Калганын да ушундайча талда).

203-көнүгүү. Сүйлөмдүн ээ жана баяндоочунун асты сызылган. Аныктоочторду тап.

Скифтерге байланышкан дагы бир термин – сколот. Геродот тарыхынын 6-пунктунда көчмөндөр өзүлөрүн «сколот» дешерин, аны гректер фонетикалык өзгөчөлүгүнө жараша «скиф» деп аташканын эскерткен жери бар. Көчмөндөрдүн ажатын ачууда «сколот» термини чоң роль ойномокчу. Анткени анын туура чечилишине жараша алар кайсы элдин түп башатына кошула тургандыгы аныкталмакчы. Терминди окумуштуулардын көпчүлүгү чечмелөөдөн баш тартышты, анткени индоиран багытынан ылайыктуу эквивалент табылган жок. Анда эмесе, аны түрк тили аркылуу карап көрөлү. (Андан ары Т. Урмамбетов өс, өскө, өскөлө, өскөлөт деген сөздөр казак, кыргыз, чагатай, осмон түрктөрү, караим, чагатай, кара калпак, азербайжан, алтай, шор, ж. б. тилдерде жана Радлов түзгөн «Байыркы түрк сөздүгүндө», Махмуд Кашгаринин «Түркий тилдер сөз жыйнагында» учурап, өз деген сөзгө мүчө улантуу менен **өзгө** (бөтөн, бөлөк, өтөн), өзгөлө (өзгөлөө, бөлөктөө, бөтөндөө), өзгөлөт (бөлөктөт, бөтөндөт) деген сөздөр жаралгандыгын, демек, «сколот» – «өскөлөт/өзгөлөт», – экөөнүн тамыры бир сөз экендигин далилдейт. Геродот жазып калтырган санжырада скифтердин түп атасы Таргитай чоочун (өзгө) жерге көчүп келип тукум улантат эмеспи. Ошондуктан скифтер жергиликтүү элге өзгө, бөтөн, (чужой, чужак) катары көрүнгөн.

Ошентип, ал көчмөндөр өзүн «сколот» деп аташкан, ал сөз башка эч бир тилде түшүнүксүз болуп, жалаң, түркчө гана чечмеленип жатышы скифтердин ким экенин түшүнүүгө тике кызмат кылат. Бул изилдөөгө кызыксаң, 2002-жылы «Учкун» концерни чыгарган «Кыргыздар» деген китептин 115–127-беттерин окуп чык.

ТАПШЫРМА

Кандай? Кайсы? Канча? Кимдин? Эмненин? деген суроолорго жооп берген 13 аныктоочту таап жаз.

кайсы?

Үлгү. Байланышкан термин.

204-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн ичинен эмнеге? *Эмнесине? Эмнени? Эмнелерди? Эмнесинен? Эмне менен?* деген суроого жооп берген сөздөрдү таап, алардын кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарарын аныкта.

Жер-сууга табынуу

Бабаларыбыз тоого чыгып, садага чаап, конуп-түнөп, анын ээсине тайынышкан. Кыргызды, жылдызды, чагылганды, куюн-

ду, жамгырды, булакты, көлдү, арашанды, арчаны, чычырканакты, мажүрүм талды, ит мурунду, кайынды, шаркыратманы, ажайып кооз жайларды жана даректарды касиеттүү деп эсептешкен. Ошол ар бир мазарга табынуунун ырааты, айтар ниеттилек сөздөрү жана жол-жоболору болгон. Жер-сууга, табиятка жана анын кубулуштарына сыйынуу – бул элдин суу жүрөктүгүнөн же баёолугунан чыккан эмес. Муну кыргыздар адамдын денеси менен санаа-дээрин тазартуунун жолу жана айлана-чөйрө менен эриш-аркак, шайкеш жашоо деп билишкен. *(Кеңеш Жусуповдон).*

Үлгү. – «Эмнени?» – «Муну». Бул сөз табыш жөндөмөсүндө турат жана толуктоочтук милдетти аткарат, асты үзүлгөн сызык менен белгиленет (калганы да ушундайча талданат).

205-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз да, анан толуктоочторду таап, алдын үзүлгөн сызык менен сыз.

Арбакка сыйынуу

Байыркы кыргыздар «Адамдын руху, жаны өлбөйт» дешкен. Ошондуктан көзү өткөн бабалардын кудуреттүү арбактары урпактарын оору-кырсыктан, балээ-жалаадан сактайт деп караган. Теңирге табынган ар бир кыргыз баласы ата-бабалардын арбагы улуу, ыйык касиет деп сыйлап, аларды ыраазы кылыш үчүн кабыр үстүнө эстелик орнотуу парзы экенин билген. Ата-энени, бабаларды көзү тирүүсүндө өзүн жана көзү өткөндө арбагын сыйлабаган урпактардын бактысы ачылбайт делген. Бабаларыбыз жашоо үчүн өздөрүнөн бир нече күчтүү душмандары менен согушту, өз эркиндигин, жерин, элин кийинкилердин бактысы үчүн жанын кыйып сактап калышты. Кийинки урпактарга тиричилик берди, жашоосун узартты, рухий дүйнөсүн байытты. Анан кантип кийинки урпактары бабаларын сыйлашпасын?! Анан кантип ата-бабаларынын арбактарына табынууга тийиш эмес?! Энесай кыргыздары бабалардын ибадатканасына, көрүстөндөрүнө, мазарларга барып, бир жерге топтолуп, арбактарга сыйынып, аларга арнап малды курмандыкка чалган. (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. Анан кантип кийинки урпактары бабаларын сыйлашпасын.

206-көнүгүү. Ушул «Теңир осуятында» канча толуктооч бар? Аларды астын үзүлгөн сызык менен белгилеп, байланышкан сөзү менен кошо тизмелеп жаз.

Теңир осуяты

1. Көк асмандагы кудуреттүү Теңирге табын, жараткандын жардыгын бил.

2. Жер-сууну ыйык тут.

3. Теңир бергенин Теңир алат. Тең бөлгөндү Теңирим сүйөт.

4. Ата-бабанын арбагына сыйын.

5. Дайыма кишичилик милдетинди бил! Адал, ак жаша. Оюнду тазарт. Адептүү бол. Бар-жокко каниет, топук кыл. Пейилинди ондо! Ыймандуу, боорукер, жоомарт, ак көңүл бол. Арамдыктан кач. Кулкунду агытпа. Напсинди тый.

6. Намыскөй бол! Намысты өлгөнчө колдон түшүрбө! Жерди корго, туунду сакта. Дос-душманды айыр. Бал сөзгө, жалтырак кийимге алданба! Антты бузба!

7. Салт-наркты сакта. Атаны, улууну урматта. Улууга сый, кичүүгө урмат көрсөт.

8. Акылмандык калканың. Акылга баш ий, жакшыга жанаш!

9. Сөз кунун баркта. Кан сөзүн, эл сөзүн, атанын жана улуунун сөзүн жерге таштаба.

10. Никени бузба! Энени, аялзатты сыйла.

11. Калыс бол. Чындыктан тайба. Ушак, калп айтпа!

12. Башканын дүнүйөсүнө көз артпа.

13. Сабырдуу бол.

14. Ниет, пейлинди таза алып жүр. Жаман ойдон, жаман жолдон кайт.

14. Кыбыр эткен тирүү жанга жакшылык жаса. Тирүүлүктү ая!

16. Устатына ишен.

17. Дүйнөнү өзүң тааны. Өз жолунду тап. Ал сени Теңирге түз алып барат. Теңир сени колдосун!

Ушул осуятты ойдон чыгарганым жок. Байыркыдан берки, кылымдан-кылымга, муундан-муунга, атадан-балага айтылып келаткан накыл сөз (*Кеңеш Жусуповдон*).

Үлгү. 1. Теңирге табын. 2. Жардыгын бил. 3. ... (калган элүү чакты толуктоочту да ушундайча иште).

207-көнүгүү. Ээ жана баяндооч сөздөрдүн асты сызылган. Эми толуктооч менен бышыктоочту таап, алдын сыз. Бышыктоочтун алды сызыктуу чекит менен (– . – . – . – . –) белгиленет.

I

Ар бир муун коом алдында өз рухий ийгилигин жаратат. Муун ортосунда өтмөлүк болот. Эси бар атуул муун алдындагы

жоопкерчиликти сезет. «Биз мурункулардын калтырган мурасын кандай асырадык, кандай урунуп-пайдаландык, керээзин аткардыкпы?» – деген суроолорго Теңир, өткөн бабалардын арбагы, коом, журт алдында жооп берүүгө милдеттүүбүз.

II

Биз ушул доорго бабалардын кудурет-деми, баскан жолу менен жеттик. Бизге калтырган руханий дүйнөсүнөн кубат алып келдик. «Бабалардын кан-жаны бизде. Алардын өмүрүн биз улайбыз. Муну тана албайбыз. Атанын каны тула боюбузда болсо, бабалардын рухий дүйнөсү алакандын отунда болсун. Ар бирибиз ошону бек тутсак, улуттук маданияттын чамгарагы чың болот.

III

Ар бир атуул мекенин душмандан коргоп, жоодон курман болгонду эрдик деп – түшүнгөн. Улуттун намысы баарынан бийик турган. Ошол атуулдардын касиет күчүнөн үлгү, сабак жана таасир алалы. Колдогу комузубуздун кылы үзүлбөсүн. Салтыбыз өчпөсүн. Ооздогу ырыбыз басылбасын! Биз башыбызды көтөрбөсөк, азыркы эрегиш доордо ордодон чертилген чүкөдөй четке чыгып калабыз. (*Кеңеш Жусуповдон*).

208-көнүгүү. Кайда? Качантан бери? Кайдан? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү тап да, алардын сүйлөм ичиндеги бышыктоочтук милдетин аныкта. Бышыктоочтун алды сызыктуу чекит менен белгиленет.

Балбал таштар

Байыркы көчмөн кыргыздар көрүстөндөргө таш эстеликти Алтай, Энесай, Орхонго чейин коюшкан. Ала-Тоодон Монголияга чейин созулган бейиттерди жергиликтүү хакас, алтай, тува элдери атам замандан бери бир ооздон «Кыргыз хур» («Кыргыз көрүстөндөрү») деп аташат. Балбал таштар – кыргыздардын алгачкы скульптурасы. Эстеликтер ар түркүн. Айрым балбал таштарда мурутчан адам сол колуна курал, оң колуна идиш алган, же куш, күзгү, музыкалык аспап алган. Кээсинин чачы артына өрүлгөн, кулагында сөйкө, мойнунда мончок, башында ак калпак, топу, тебетей, туулга, бел куруна канжар, кылыч, баштык, оттук байланган. Энесайдан кээ бир башы жок моло таш бедиздерди жолуктурасың. Божомолго караганда, бул башка диндердин адамдарынын колунан келген. (*Кеңеш Жусуповдон*).

кайда?

Үлгү. ...көрүстөндөргө коюшкан.

209-көнүгүү. Көчүрүп жаз да, толуктооч жана бышыктооч-тордун астын сыз, суроосун аныкта.

Отко табынуу

Кыргыздар арчадан от жагып табынган. Бейтап адамдарды от менен аластап дарылашкан. Жаңы келген келинди «от эне, жалгайгөр» деп, отко май чачып, отко жүгүнтүшүп, отко киргизишкен. Бабалар очоктон аттабаган, суу төкпөгөн жана түкүрүп акарат кылбаган. Нариste жаңы төрөлгөндө, үйдөн от беришкен эмес. Жолоочуну, ооруп калгандарды, жоодон келгендерди от менен аластаган. Байыркы бабалар жылкыны дарт чалса, Камбар атанын тукумун алоолонто жаккан эки оттун ортосунан айдап өткөргөн.

«От жамандыкты өрттөп кетет, кудурети күчтүү, тазартат» дешкен. (*Кеңеш Жусуповдон*).

эмнеден? кантип?

Үлгү. Кыргыздар арчадан от жагып табынган.

210-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдү кайсы сүйлөм мүчөсү экенин аныкта. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын өзүнө тиешелүү сызыктар менен сыз.

Теңир таанымы

Теңирчиликтин тарыхын жана баскан жолун биз салттан, уламыштан, санжырадан жана оозеки чыгармачылыктан, бабалардын руна сымал таш жазууларынан табабыз. Азия менен Сибирдин тоо-түзүндө байыртада туусун желбиретип, кылыч ойноткон не бир арстандай айбаттуу уруулар, кагандыктар жашады. Карт тарых жыйырма-отуз кылымдын ичинде алардын дээрлик көпчүлүгүн мезгилдин шамалына салып, талаадагы камгактай жердин түбү желпинишке айдады. Көбү кумга сиңген суудай болуп тарыхтан тыйпыл өчтү. Ал эми ошол жоголгон элдер менен кошо чыккан кыргыз эли изин жоготпой жашап калышына теңирчиликтин шарапаты тийди. Айрыкча, табиятка ык коюу жана сүкүт салуу теңирчиликте учурайт. Ал Орхон менен Энесайдагы кыргыздардын арасында кенири тараган дүйнө таанымы болгон.

Теңир белгиси

Үлгү. Тарыхын – толуктооч, биз – ээ.

211-көнүгүү. Текстеги багыныңкы жана тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тап.

Жамбыга тогуз мерген жебе учургандан кийин, онунчу болуп Сайкалдын кара жоргосу безди. Эми колтугу жазылып, кара жорго безгенде, Сайкал бөркүн ала коюп, аны ээрдин кашына басты да, коло үзөңгүнү жоргонун кулагын көздөй тээп, боюн ат соорусуна таштай салды. Чалкалай берип тээк кергенде, кыздын төбөгө түйүп койгон өрүм чачы жоргонун титиреген соорусуна чабыла түштү. Жамбы силкинип калды, бирок боосу үзүлбөдү.

Сайкалга экинчи кезек келди. Ал кара жоргонун тизгинин каккан жок, тизгинди ортонго илген калыбында жанагыдай ат соорусуна чалкалай берип жебе учурду. Жамбы жерге түштү (*Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынан*).

212-көнүгүү. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү түрлөрү боюнча өзгөрт.

Үлгү. Жамбыга тогуз мерген жебе учурса да, алардын ичинен бир да жебе жамбынын боосуна тийген жок.

Ушул үлгүгө окшоштуруп иште.

1. Жамбыны карай тогуз мерген жебе учурган менен,
.....
2. Тогуз мерген жамбыны канчалык мээлесе да,
.....
3. Тогуз мерген түз мээлегендиктен,
.....
4. Тогуз мерген атып алуу үчүн, ...
5. Тогуз мерген жабыла мээлесе, ...
6. Тогуз мерген өмүрү жаа кармап көрбөгөнсүп,
.....
7. Тогуз кишинин мергенчилиги кандай болсо,
.....
8. Көзгө атар мергенчи кайда болсо,
.....

213-көнүгүү. Адегенде көп чекиттердин ордун үлгүдөгүдөй кылып толтур, анан алардын ар бирин тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн кайсы түрүнө кирерин айтып бер.

Үлгү. Жамбы силкинди жана боосу шарт үзүлдү.

Өзгөртүп жаз. Жамбы силкинди, ошондой болсо да боосу үзүлгөн жок.

1. Жамбы силкинди да, ...
2. Жамбы силкинди, нары .....
3. Жамбы силкинди, андыктан .....
.....
4. Чабал мерген кайда көп болсо,
5. Жамбынын боосу канчалык көп болсо,..
.....
6. Мерген кандай болсо, ...
7. Жамбы боосунан үзүлүп түшө тургансып,
.....
8. Жебе тийсе да, ...
9. Жебе түз тийсин деп, ...
.....
10. Жебе жамгырдай көп атылган себептүү, ...
11. Мерген боосун үзө атмайынча,.....
.....
12. Жамбы үзүлүп түшөрдө, ...
13. Жамбы үзүлүп түшөр менен, ...
.....

214-көнүгүү. Алды жактан шыйрактуу куу тайган даекке карай зымырап жөнөдү, тээктен бошотулган арстандар жебедей безген тайган артынан кетишти. (*Т. Сыдыкбеков боюнча*).

Үлгү. Алды жактан шыйрактуу куу тайган даекти карай зымырап жөнөгөндө, тээктен бошотулган арстандар артынан кууп кетишти. (Сүйлөмдөгү сөздөргө каалооңо жараша алымча-кошумча кийрий аласың).

Өзгөртүп жаз. 1. Себеп багыныңкы сүйлөмдүү татаал сүйлөмдү түз. 2. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдү түз. 3. Сыпат багыныңкы сүйлөмдү жаз. 4. Өлчөм багыныңкы сүйлөм. 5. Орун багыныңкы сүйлөм. 6. Салыштырма багыныңкы сүйлөм. 7. Каршы багыныңкы сүйлөм. 8. Максат багыныңкы сүйлөм. 9. Мезгил багыныңкы сүйлөмдүү татаал сүйлөм жаз.

Эскертүү: «Сабат санжырасы» топтомундагы «Татаал сүйлөмдүн жазылышы» деген теманы карап чыксаң болот.

§ 59. СТИЛИСТИКАЛЫК ТАЛДОО

Стиль байыркы замандарда жана орто кылымдарда колдонулган учтуу сөөктөн же металлдан жасалган жазуу аспабын түшүндүргөн. Гректер stylos (таякча) дешкен. Ошол жазуу аспабын түшүндүргөн маани кеңип отуруп, кийин адабият менен искусст-

водо жана тил илиминде өзүнчө бир тармакты туюндуруп калган. Ошол себептен адабиятта «романтизм стили», «Алыкул Осмоновдун стили», «Чыңгыз Айтматовдун стили» деп айта беребиз. Демек, стиль айрым, же бир доордогу жазуучулардын жазуу өзгөчөлүктөрүн, алардын жеке өзүнө таандык баяндоо, сүрөттөө ыктарын, көркөм сөз каражаттарын кандайча колдонгондугун изилдейт.

Ал эми тил илиминин стилди изилдөөчү тармагы стилистика деп аталат. Оозеки баяндалган жана жазылган кептин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, тил каражаттарын колдонуусунда өзүнчө жолдору бар. Аны стилистика илими тескейт жана тастыктайт. Стиль экиге бөлүнөт: 1) оозеки сүйлөшүү стили, 2) жазма стиль. Жазма стиль төрткө бөлүнөт: а) көркөм адабий стиль, б) илимий стиль, в) публицистикалык стиль, г) иш кагаздарынын стили. Иш кагаздарынын стили да эки бөлүктөн турат: 1) расмий иш кагаздары, 2) расмий эмес иш кагаздары. (Ар бир стиль жөнүндөгү маалыматты «Серектин сыр сандыгындагы» 17-топтомдон окуп чык.)



Кожожаштын жазыгы барбы?

Акыркы 5–6 муундагылар айлана-чөйрөгө австролопитек (адамсымал, кош аяктап басышкан маймылдар) жаралгандан берки 40–45 мин муундагылардын бардыгынан үч эсе көп зыян келтиришти. Илимий прогресс терендеп, демографиялык (калк-

тын санынын өсүшү) кырдаал курчуган сайын, улам кийинкилердин жаратылыш байлыктарын эксплуатациялап, айлана-чөйрөнү булгоосунун көлөмү да геометриялык прогрессте өсүүдө. Ал орду толгус (нефть, газ, көмүр, рудалар ж. б. пайдалуу кендер), ордуна келтирсе боло турган ресурстардын запастарынын космикалык темпте азаюусун, флоранын (өсүмдүктөрдүн), фаунанын (жаныбардын) көп түрлөрүнүн биротоло жок болуусун, биосферада антропогендүү зыяндуу заттардын көбөйүүсүн шарттоодо. Ири шаарлар эле азыр жыл сайын айлана-чөйрөгө 3 миллиард тонна таштандыларды, акыр-чикирлерди, 500 кубокилометр зыяндуу суюктуктарды, 1 млрд. тонна аэрозолдорду бөлүп чыгарууда. Атмосферадагы көмүр кычкыл газдардын катышы 30 процентке көбөйүп, озондук катмар жылына 2–3 процентке азаюуда. Парниктик эффектиден климат 0,5 градуска жылып, дүйнөдөгү түбөлүк муздуу аянттар 10 процентке азайып, дүйнөлүк океандын деңгээли 20 сантимерге жакын жогорулады. 1970–1995-жылдардын ичинде эле планетадагы жаратылыш ресурстарынын 30 проценти жок болду. Азыр планетадагы 3,5 млрд. жакын адамга таза суу жетишпейт. Кылымдын ортосуна карата атмосферадагы углокистик газдар эки эсе көбөйүп, парниктик эффектиден климат 4 градуска жылып, океандардын деңгээли 1–1,5 метрге көтөрүлөт. Мальдив Республикасы, Египет, Бангладеш сыяктуу бир катар мамлекеттердин аймактарынын сезилерлик бөлүктөрү суу алында калышы күтүлөт...

Рим клубунун негиздөөчүсү, менеджер, философ жана футуролог А. Печчеи XX кылымдагы проблемалар адамдын өзүнөн, адамдын сапатынын жаңы шартка ылайык келбегендигинен улам пайда болууда, андай көрүнүштөрдү өзгөртүү үчүн адамдык сапатты жакшыртуу керек деген жыйынтык чыгарган. Адамдык сапат деген кеңири алкактагы түшүнүк. Анын көп өңүттөрү бар. Алардын баарын бир убакта эч кандай күч жакшыртып жибере албайт. Бирок калкты убагында объективдүү маалыматтар менен камсыз кылып, экологиялык билим берүүнү кеңири жайылтуу менен аларда жаңыча экологиялык аң-сезимди, маданиятты, мамилелерди калыптандыруу аркылуу өзгөрүүлөрдү жасаса болот.

Мында биз да ата-бабаларыбызда калган экологиялык маданиятты, мамилелерди элдик, өзгөчө өсүп келаткан жаш муундардын аң-сезимдерине жеткирүүгө, бекемдөөгө аракеттенүүбүз керек. Бизде бул багытта бай маданият, жетишээрлик материалдар бар. Маселен, ата-бабаларыбыз жаратылыштан тиричиликке керектүү зарыл нерселерди гана алышкан. Жайыт бузулуп кетпесин деп, тез-тез конуш которуп турушкан. Жашы болобу, карысы болобу, «булактын көзүн булгаба, сууга даарат ушатпа, чакпаган жыланды өлтүрбө, себепсиз чырпык сындырба, канат-

туулардын уясын бузба, бардык нерселердин ээлери бар, ашыкча залал келтирсең, алардын каарына каласың» деген принциптерди бекем карманышкан. Жапайы айбанаттар төлдөп жаткан учурда мергенчиликке чыгышкан эмес. Атүгүл аңчылардын арасында «эгерде мергенчи оңко тургузса (жүз, же миң кийик аткандан кийин), ал жаратылыштын алгачкы эскертүүсү, андан ары ал аңчылыкты токтотуусу керек» деген ишеним күчтүү болгон. Андай эскертүүгө көңүл бурбагандын кандай жазага дуушар болору «Кожожаш» эпосунда, «Карагул ботом» легендасында көрсөтүлгөн. Байыркы кыргыздар өз малын соёрдо, «Жаныбарым, сенде жазык жок, менде азык жок, кекиртек мага да кылды, сага да кылды. Ата-бабалардын жолуна» деп кечирим сурап алып, анан мууздашкан. Кыскартып айтканда, элдик оозеки чыгармаларда, жазма адабиятыбызда мындай бай катмар бар. Аларды азыркы мезгилдеги жаш муундарга жеткирүүбүз керек. Бул үчүн бала бакчалардан тартып мектептердин бардыгында экология боюнча атайын предметтерди киргизүү зарыл. (*П. Дүйшөбаев, Т. Досалиев, «Кыргыз Туусу» гезитинен*).

Тапшырма. Бул «Кожожаштын жазыгы барбы?» деген экологиялык билим берүүгө арналган текст жазма стилдин кайсы түрүнө кирет? Эмне үчүн?

ҮЙ ЖӨНҮНДӨ

Шаардык аткаруу комитетинин председателине.

Мал айдап тоодо көчкөн мин,
Баласы менмин көчмөндүн.
Баш маанек берер бекенсин,
Байырлайм шаарга деп келдим.

Калаанын ичин жаңылап,
Катар жыл көп үй салынат.
Катар жыл менин кезегим,
Арылап барат арылап...

«Үй, үй» – деп жүрүп, агайын,
Өткөрдүм күндүн далайын.
Болбосо... шаардан конуш бер,
Боз үйдү тигип алайын.

Байдылда Сарногоев

Тапшырма. Бул ыр менен жазылган арызды кайсы стилге кошууга болот? Эмне үчүн?

Аныкта

1. Төмөндөгү 30 тексттин ар бири стилдин кайсы түрүнө кирерин аныкта.

2. Мындай аныктоону жазып жүргүз. Ал төмөнкүчө.

I. Оозеки сүйлөшүү стили: .....(тиешелүү тексттин катар саны жазылат) .....

II. 1. Көркөм адабий стиль: ..... (мында да тиешелүү сан коюлат) .....

II. 2. Илимий стиль: ..... (тиешелүү тексттин катар саны жазылат) .....

II. 3. Публицистикалык стиль: ..... (бул да илимий стилдегидей) .....

II. 4. Иш кагаз стили: ..... (бул да илимий стилдегидей).

1.
Жеңиш менен

Кызыл-Адырдагы «Арашан» май-быштак заводунун эмгек жамааты элибиздин эгемендүүлүк майрамын эмгектик татыктуу белек менен тосуп алды. Алар үстүбүздөгү жылдын 8 айлык план-тапшырмасын өндүрүштүн бардык түрү боюнча ашыра аткарууга жетишти. Тагыраак айтканда, сүт даярдоо 130 пайызга аткарылды. Пландагы 4000 тоннанын ордуна 5200 тонна сүт сатып алынды. 81,6 тонна май даярдоонун ордуна 84 тонна, 306 тоннанын ордуна 390 тонна быштак даярдалды.

Жылдын аягына дейре «арашандык» азаматтар бул темпти басандатпай, социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу жылы эмгектик эң сонун көрсөткүч менен аяктаарында шек жок. (*«Талас турмушу» гезитинен*).

2.

Саат – убакыт өлчөгүч буюм. Сааттын иштеши Жердин өз огунда айланышына, электр термелүүлөргө, маятниктин, кварц пластинканын, молекуладагы атомдордун термелүүлөрүнө ж. б. негизделген. Биринчи жолу байыркы Кытайда жана байыркы Египетте күн сааты пайда болгон. Анан суу жаа кум сааттары түзүлгөн. Жүктүү механикалык саат 14-кылымда пайдаланыла баштаган. Мунарага орнотулма мындай типтеги саат Россияда биринчи жолу Москва Кремли үчүн 1414-жылы курулган. Саат турмушта колдонулуучу (колго тагылма, столго коюлма, дубалга илинме, мунарага орнотулма) жана атайын максаттагы (радиомаяктуу, сигналдуу, шахматтык, ж. б.) болуп бөлүнөт. (*Кыргыз совет энциклопедиясынан*).

3.

Аскада калкып ал учу
атканы калган таң ушу.
Адырдын нымын желпиген
Айылда жаздын дабышы.

Агын суу чуркап ойногон
арыктар аңыз бойлогон.
Айдоодон көчкөн көгүш буу
ак чаңгыл жолдо сойлогон.

Караят асман сустайган
кабар жок кайтар куштардан.
Кагаздай талаа, зым мамы
карандаш өндүү учталган.
(*Шайлообек Дүйшеевден*).

4.
Мамлекеттик кызмат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы

26-статья. Мамлекеттик кызматчынын анты

Биринчи жолу кызмат ордуна киришип жатып, мамлекеттик кызматчы жазуу жүзүндөгү төмөнкүдөй ант берет:

> «Мен, ... Кыргыз Республикасынын жараны, мамлекеттик кызмат ордуна киришип жатып жана Кыргызстандын элинин алдындагы өзүмдүн жогорку жоопкерчилигимди түшүнүү менен: Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын ыйык сактоого, өз ишимде мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк принциптерин гана жолдоп, өз милдеттеримди ак ниет жана берилгендик менен аткарып жана Кыргызстандын элине мыкты билимиме жана ниетиме ылайык кызмат кылууга, мамлекеттик кызматчынын этикасынын Кодексинин ченемдерин сактоого салтанаттуу ант берем. Бул антты бузгандык үчүн белгиленген жоопкерчилик тартууга даярмын».

Ант берген адам анттын текстине кол коёт жана аны кабыл алган күндү көрсөтөт. Анттын текстин мамлекеттик кызматчынын өздүк ишинде сакталат.

Бишкек шаары, Өкмөт үйү,
2012-жылдын 11-августу, № 114.

5.

Тил кат

Мен, Байтерек уулу Эмил, Тынбастагы көлмөнү ремонттоо үчүн «Таалай» ишканасынын башчысы Бегалиева Ыракаттан 2 тонна цемент, 3 кубометр тактай, 3514 сом акча алдым.

(колу) Э. Байтерек уулу

2012-жыл, 12-июнь.

6.

Арыз

Лейлек районунун
Самаркандек орто мектебинин
10-классынын класс жетекчиси
Рысалы уулу Сыргакка

Арыз

Зарыл жумуш чыгып калганына байланыштуу мага 12–13-октябрда сабактан уруксат берүүнүздү суранамын.

10-класстын окуучусу (колу) Черик уулу Дилнур.

10-октябрь, 2012-жыл.

7.

Тарых – адамзат коомунун өткөн жолун изилдөөчү илим. Коом тарыхы жер, жаратылыш тарыхынын бир бөлүгү жана улан-дысы. Коомдун тарыхы жер жүзүндө адамдын пайда болушунан башталат. Тарых илими адамзат коому пайда болгондон анын азыркы абалына чейинки коом турмушун өткөн жана учурдагы фактыларга таянып изилдейт. Тарых ар кыл окуя, көрүнүш жана кубулуштар жөнүндө факт топтоо, баяндоо менен гана чектелбестен, фактыларды талдоонун негизинде коомдогу кубулуштардын маңызын түшүндүрүп, анын өзгөчө мыйзамдарын ачып, теориялык жактан жалпылайт.

(*Кыргыз совет энциклопедиясынан*).

8.

– Э, Нурсалым, бар, суу жээктеги көчөдөн чоң апаларың Эсенбүнү, Сакишти, Рапанды, Алтынды, чоң аталарың Жолдош-

бекти, Баясты, Ажыбекти, Кемелди чакырып кел. Ортоңку көчөдөн бөлөң Перизатты, таежелериң Кундуз, Бермет, Гүлзат, Акак, Мээрим жана Маралды чакыр. Баланы бешикке салабыз. Дагы антандап, аттап кетпе!

– Ой, жыргал ай! Азыр эле чакырып келем. Кемпирдин бешик минип чапкан ырымын көрөбүз. Кайсы кемпир минет болду экен,– деди Нурсалым.

– Бешик минген кемпир бизге бешиктен чүкө алып бере-би? – деди Санжар.

– Ооба. Киши чакырууга мени ээрчисең, баарын көрсөтөм.

9.

Келатам эгин – деңизден,
ак сарай – сүзгөн кайыктай.
Жолоочу өтпөй зериккен
жол жарк дейт көзгө балыктай.

Трактор. Боз үй. Капталдан
аңызды бойлой түтүн жаайт.
Агын нур жылжып асмандан
арпага Айдын сүтүн саайт.

(*Шайлообек Дүйшеев*)

10.

Албетте, мен кыргыздын атуулу болгон соң, Кыргызстандын эртеңи, өз келечегимди кандай ойлонсом, ошондой эле ойлондурат. Кыргызстандын келечеги каранғы деп коюш болбойт. Ал үчүн бизге окшогон жаштардын биримдиктүү демилгеси болуусу абзел. Учурда көптөгөн жаштар билим жолун аркалап, алыскы чет өлкөлөргө окуганы кетишип, ошол жакта жакшы шарт түзүлүп берилип калса, калып калышууда. Менимче, мына ошолордун баары өз өлкөсү үчүн кызмат кылса жакшы болмок. Үйрөнгөнү өздөрү үчүн болсо, кылганы өлкөсү үчүн болсун. Арийне кендирди кескен жагдай – бул экономикалык жактан мүчүлүштүгүбүз. Бирок эртең болбосо, бүрсүгүнү мындай абалдан кутулуп кетерибизге көзүм жетет. Жаштардагы негизги кемчилик – мына ушул нерсеге ишеничтеринин жоктугу. (*Жылдызбек Турсунбаев, «Кыргыз Туусу» гезитинен*).

11.

– Эй Талант, сен Жек Лондондун «Өмүр кызык» деген аңгемесин окудуң беле?

– Жок, андан көрө картөшкөнүн отоосун отогонум жакшы эмеспи. Ага убакытты коротуп эмне кылам.

– Өзүң бил. Бирок мага ошол аңгеме укмуштай жакты,– деди Марал. – Эгер мен кинорежиссёр болсом, ошону тартат элем. Көзүмө элестеп жатат. Ачка, апарык, анан аябай картаң, тиши да эч нерсеге өтпөй калган алсыз карышкыр бир кишини ээрчип отурат. Кол салар эле, бирок алы жетпесин билет. Киши да алсыз, ал уктаса, үмүтү зор карышкыр барып жалмалайт... Кечээ уктап жатсам ошол карышкыр түшүмө кирип жатыптыр. Жумшак тили менен мойнуму жалмалап: «Сени менен дос болгум келет, багып алсаңар»,– деп жалооруйт. Көзү – жаш...

12.

Маалымдама

Бул маалымдама Камбарбек уулу Азаматка берилет, себеби бул окуучу 2011–2012-окуу жылынын 1-сентябрынан баштап Нарын районундагы Долон орто мектебинин 10-классында окуп жатканы анык. Маалымдама тиешелүү жерге көрсөтүү үчүн берилди.

Мектептин директору (колу) С. Кулешов
Катчысы (колу) М. Сулайманова

Мектептин мөөрү
13-декабрь, 2012-ж.

13.

Кызгылт кеч. Булут өчүүдө,
күн батат улам чоктонуп.
Топ бадал турат кечүүдө,
тоолордун учу от болуп.

Табият эс-мас чарчаган,
талаага күүгүм төгүлүп.
Ным шимийт чөптөр.
Арканан нымтырайт жолдор керилип.
(*Шайлообек Дүйшеевден*).

14.

– Эй, айтсаң, мына бул гүлдүн аты эмне?
– Уу коргошун.
– Келесоо! Уу коргошун деген көк гүлдүү башка чөп. Аны дары катары пайдаланышат. Терек, Кичи-Айрык өзөндөрүндө көп эле өсөт, былтыр карагат тергени барганда көрбөдүк беле.

– Андай эле мыкты экенсиң, өзүң айтчы. Сен деле билбейт болушуң керек.

– Билбегендечи. Мунун аты – чымылдык. Бир желекчесин үзүп алып, катуу үйлөсөң, чымылдаган үн чыгат. Жайында калың бадалдуу шибердин арасына жатып алып чымылдатсаң, эликтин чаарчыгы энем келип калган экен деп, уктап жаткан жеринен тура калып, үн чыккан жакты көздөй келет.

– Өй-ий, укмуш го. Экөөбүз ошентелиби?

– Жакында ышкын тергени барабыз. Ошондо ушул чымылдык деген гүлдүн аркасы менен чаарчыкты көрүп, бир жыргап алалы.

15.

Илимий тил менен айтканда, аз кандуулук (анемия) – бул кандын курамындагы гемоглобин бирдигинин жетишсиздиги. Ал эми гемоглобин – организмге эң керектүү кычкылтекти өпкөдөн ткандарга, ал эми көмүр кычкыл газын ткандардан өпкөгө ташуучу татаал комплекс. Бул комплекстин бирден-бир эң керектүү бөлүгү – темир микроэлементи. Негизинен алганда, жер шарындагы адамдардын 30 пайызы темирдин жетишсиздигинен жабырланат. Ал эми бул көрсөткүч жаш балдардын, кыз-келиндердин арасында кыйла эле жогору.

Темирдин жетишсиздигинен келип чыккан кандуулуктун белгилерин кантип билүүгө болот. Алар төмөнкүлөр:

– табиттин төмөндөөсү;

– теринин жана чел кабыктардын кубаруусу;

– тырмактын бат сынуусу, чачтын түшүүсү;

– даам татуунун жана жыт искөөнүн бузулуусу (балдар бор, акиташ, кээде топурак да жей башташат);

– тамак синирүүнүн бузулушу (ичтин өтүшү) же ичтин катып калышы);

– баш айлануусу, алсыздык, баш оору;

– жүрөктүн бат согуусу жана шуулдоосу;

– нерв системасынын жабырлануусу ж. б.

Аз кандуулуктан арылуунун бирден-бир жолу – бул балдарды толук кандуу, туура тамактандыруу. Өзгөчө уйдун этинде, боордо, жумурткада темир көп болот. Темирдин жетишсиздигин дары-дармектин күчү менен да жоюуга болот. Андай дарылардын синимдүүлүгү тамак-аштан 20 эсеге көп. Болгону дарыгер менен кеңешип, анан дарыны ичүү керек. Кыскасы, балдардын ден соолугу ата-энелердин, улуулардын колунда. Ошондуктан туура тамактануу зарыл. (*Зарема Токтогулова, «Кут билим» гезитинен*).

16.

Абышка кемпири менен кошунасыныкына келе жатат.

– Оо, Улан аке, келин кут болсун! Угуп эле шашып келатабыз,– дейт чалы.

– Ий, ботом, ал эмнең, биз жакындаганда, далынды салып, нары басасың да,– дейт кемпири.

Улан аке, анда:

– Ой, Алийма, айтканынар келсин. Бүркүттөй чалың экөөңдү кантип жактырбай коёюн. Көздөй тентуштарым болсоңор. Үйгө киргиле! Кемпир эле, кемпир, самоорунду алып кел.

17.

Араба. Талаада кеч,
араба талаа кезет.
Кынылдап ырдайт,
ырдайт кыйшайган арабакеч.
«...өзөндүн ташы калды,
өмүрдүн азы калды.
О кудай, чөп деп жүрүп
өмүрдү ташыгамбы?

Кыздарым сыйлашам деп,
күйөөгө тие качкан.
Уулдарым жыргатам деп,
калаага кире качкан.

Арабам ашчу төштө
күндөрдү шынгыратып,
күн батар жакты көздөй
баратам кылдыратып...»

Араба талаа кезет,
араба. Талаада кеч.
Кызарган күн батар жак,
кыйшайган арабакеч...

(*Шайлообек Дүйшеевден*).

18.

Келечек жөнүндө ар бир мектеп бүтүрүүчүсү ойлонот. Көбү жогорку окуу жайына кирип, адистик алууну башкы максаты катары эсептешет. Айрым балдар ГАИде иштеп калууну тилек кылышат. Чет тили боюнча адис болууну самагандар аз эмес.

Ал эми эч бир жогорку окуу жайына барбай эле, элдин малын багып, анан мал курап оожалып кеткендер да бар. Же этте,

же челде жок болуп, окуу турмак чарбалык тирликке мойну жар бербей, ата-энесинин пенсиясын андып колоктоп басып жүргөндөрдөн да куру эмеспиз. Турмушта тың, так, бүйрө балдар менен кошо жанбакты, жоон билек, бирөөгө ичкилик алдырып ичкенди олжо көргөн эргулдар да арбын. Албетте, бардык жаштарга акыл айтып, үйрөтүп жиберем дегенден оолакмын. Бирок байкаган нерсемди да ачык айткым келет. Ал мектептен эле ар кандай өнөрдү тартынбай үйрөнүшүбүз керек. Ошолордун ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтмөкчүмүн.

1. Таштын үстүндө басып жүрөбүз, бирок цемент өндүргөндү билбейбиз. Ар бир облуста бирден цемент өндүрүүчү завод болсо, эң сонун болмок. Ошондуктан жаштарга ушундай өнөрдү окутуу жана үйрөтүү керек. Билим министрлиги ушул багытта чечкиндүү аракет кылса.

2. Ар бир облуста бирден шифер чыгаруучу завод керек. Бизди ушул багытта окутса.

3. Ар бир үч-төрт айыл чөлкөмүндө бирден бышгак заводу курулса. Долбоор коргогонго жана заводду иштетип, товар чыгарганга үйрөнсөк. Дасторкон үстүндө нан менен кошо бышгак дайыма турса.

4. Күн энергиясын баарыбыз үй жылытууга пайдалансак.

5. Ар бир элеттик үй малдын кыгынан биогаз өндүрүп алып пайдаланса.

6. Аксай, Арпа, Алайкуу өндүү чоң өрөөндөрдү топозго толтурсак. Таңсык тамак катары коңшулаш өлкөлөргө топоздун этин, сүтүн, айранын сатсак.

7. Биздин жер шарыбызда жашаган үч жарым миллиардга жакын адамга таза суу жетишпейт экен. Кыргызстандын таза сууларын татынакай идиш-аяктарга куюп, ошол жактарга жеткирсек эмне болот?

Ооба, мен көкүрөгүмдү өйүгөн айрым нерселер жөнүндө гана айттым. Анан мектептин «Билим үчүн» деген дубал гезити аркылуу эмки жылы 11-классты бүтүрө турган классташтарыма арнап, ушул дилбаянды жаздым. Силердин жообунарды күтөм. (*10-класстын окуучусу Асел Ашым кызы*)

19.

Асман сайга түшкөн жерден
агат дайраң көгөрүп,
о тууган жер, турдум көпкө
көпүрөңө жөлөнүп.

Өз төрүмдө өздү билбей,
өскөнүмө өкүнөм,
көпүрөңөн өттүм далай,
боло албадым көпүрөң...
(*Шайлообек Дүйшеевден*).

20.
КУЛАКТАНДЫРУУ

«Мээрим эл аралык кайрымдуулук фондусунун Талас облустук бөлүмүндө окуучуларды улуттук бий өнөрүнө үйрөтүү боюнча 1-сентябрдан тартып ийрим иштейт. Каалоочуларга эшик ачык. Кошумча маалыматты: 26–33–41 телефонунан алсаңар болот.

21.
Ишеним кат

Мен, Аалы уулу Курсаналы (паспорт номерим АО 00427100), Жошук орто мектебинен 2004-жылдын май айы үчүн тийүүчү айлыгымды бир тууган карындашым Аалы кызы Токтокандын алышына ишенемин.

19. 06. 2004-жыл (колу) Аалы уулу Курсаналы

Аалы уулу Курсаналынын колун күбөлөндүрөмүн.

Айыл өкмөтүнүн башчысы (колу) Ж. Абдырашит уулу

(мөөрү) *19. 06. 2004-жыл.*

22.

Кеберсийт талаа. Чөккөн Күн...
чөл сүйрөп келет аптабын.
Өрөөнгө түшкөн өрттөгү
өзөндүн онтойт таштары.

От жаккан мештей ысылап
Үйлөр үп. Үймөк чөп – жошо.
Кызыл ат – кырга кызыл от,
төө өркөч тоого көз – бото.
(*Шайлообек Дүйшеевден*).

23.
Ыраазылык

Москвадагы М. В. Ломоносов атындагы университеттин химия факультетинин деканы, профессор, Эл аралык Менделеев олимпиадасынын төрагасы В. В. Луниндеи Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри Кидибаев Мустафага ыраазычылык кат келди. Май айында Кишинёв шаарында өткөн XXXVIII окуучулардын химия сабагы боюнча Эл аралык Менделеев олимпиадасында кыргызстандык команда жакшы ийгиликтерге жетишкенин айтып республикада өзгөчө таланттуу бал-

дарга чоң көңүл бөлүнүп жаткандыгына ыраазылык билдирген. Бул таймашууда Алтынбек Исабеков «Олимпиаданын катышуучусу» деген дипломго ээ болсо, Кыялбек Капаров менен Артём Скабеевдер коло медалына, ал эми Медер Камалов күмүш медалына татыктуу болушкан.

24.

Кирпи – курт-кумурска жечү жаныбар. Жону, капталдары жыш тикен менен капталган. Тумшугу ичке, учу чочконукундай. Буттары кыска, беш манжалуу, тамандап басат. Корккондо башын, буттарын бооруна катып, тикендүү топко айланат. Кээ бир түрлөрү кышкысын чээнге кирет. (*«Зоология» терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүнөн*).

25.

Торгой – таранчылар түркүмүндөгү сайрагыч чымчык. Узундугу 12–23 см. Канаттары узун. Түсү топурактай боз ала, көкүрөгүндө кара тактары, айрымдарынын башында үрпөгү (топусу) бар. Безеленип сайрашат. Жерде жашайт. Талааларда, чөлдө, тундра аймактарында да учурайт. Курт-кумурска жана чөптүн уругу менен азыктанат. (*«Зоология» терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүнөн*).

26.

– Кайда барасыңар?

– Клубга. Концерт болот экен. Арасында Элмирбек, Женишбек деген төкмө ырчылар бар экен. Экөө айтышат көрүнөт.

– Эң сонун. Дагы кимдер келиптир?

– Саламат Садыкова, Гүлнур Сатылганова, Сыймык Бейшекеев, Гүлнара Тойгонбаева, Асел Турдалиева, Жылдыз Осмоналиева бар дейт.

– Комузчуларданчы?

– Бар. Баарын жетектеп келген Самара Токтакунова эже экен. Сураарын го сурадың. Тез кийинип барып кал.

– Барбай анан...

27.

Эс алууга чакырат

Ысык-Көл «Алтын кум».
Т.: 29–53–67

Кийим тигүү

Кыз-келиндердин кийимин тигебиз.
Сапаттуу. Т.: 24–44–42.

Сатам

Суперфосфат. Селитра.
Т.: 54–34–47.

28.

Көк жору (балта жутар) – таз каргалар тукумундагы ири жырткыч куш. Узундугу бир метрден ашык, бүркүттөн чоңураак. Куйругу узун, шынаадай. Түштүк Европада, Африкада, Азияда, Кавказда, Орто Азиянын бийик тоолорунда кезигет. Тарп менен азыктанат. Коён, суур ж. б. алат. Бир гана жумуртка тууйт. Кыргызстандын Кызыл китебине катталган. (*«Зоология» терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүнөн*).

29.

Элик – бугулар тукумундагы кийик. Эркеги куран, анын 3–4 ача мүйүзү бар. Телкиси (ургаачысы) токол. Түсү жайында кочкул сары, кышында сур. Куйругу кыска. Тулкунун узундугу 150 см, бийиктиги 100 см, салмагы 60 кг. Сейрек токойдо, бадал арасында, бийик чөптүү адырларда жашайт. Чаарчыгы колго оңой үйрөнөт. Саны азаюуда. Коргоого муктаж. (*«Зоология» терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүнөн*).

30.

Сатып алам
Эки бөлмөлүү квартира.
Өтө тез. Т.: 66–31–71.

Алмашам

5-микрорайондогу 3 бөлмөлүү үйүмдү 4 бөлмөлүү үйгө.
Т.: 21–91–87.

2. Өз алдынча иште

1. Ирге

1. Жогорку 30 тексттин ичинен кайсыларын байланыштуу кептин (бул теманы окуу китебиндин этегиндеги «Серектин сыр сандыгынан» табасың, 17-топтомдун этегин кара) баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү деген түрлөрүнүн бирине кошууга болот.

2. Бул ишти да алдын ала иргеп чык да, төмөндөгү тартип боюнча жаз.

1. Баяндоо: ... (тексттин катар санын жаз) ...

2. Сүрөттөө: ... (бул да баяндоодогудай) ...

3. Ой жүгүртүү: ... (бул да баяндоодогудай тартипте жазылат) ...

2. Тап

Бул иш сени окуу китебиндеги айрым бөлүктөр боюнча кайрадан карап, окуп чыгууга кириптер кылат. Иликтеп көр.

1. «Тарых таржымалынан» деген темадагы көнүгүүлөрдү кайсы стилге кошууга болот?
2. Санат сөздөрдүчү?
3. Мээр сөздөрдүчү?
4. Илхам кептичи?
5. Насаат сөздөрдүчү?
6. Сөз берметтеринчи?

§ 60. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ БОЮНЧА КАЙТАЛОО

«Сабат санжырасы» деген биринчи баптан төмөндөгү темаларды кайтала.

§ 1. «Көөкөр–1» кештеси: 1.1.–1.19
§ 2. «Көөкөр–2» кештеси: 2.1.–2.10
§ 3. «Бугу» кештеси: 3.1.–3.12
§ 4. «Бүркүт» кештеси: 4.1, 4.2, 4.3.
§ 5. «Умай эне» кештеси: 5.1, 5.2, 5.3.
§ 6. «Кыял» кештеси: 6.1, 6.2, 6.3, 6.4.
§ 7. «Суу» кештеси: 7.1, 7.2, 7.3, 7.4.
§ 8. «Кереге көз жана тумар–1» кештеси: 8.1–8.7.
§ 9. «Кереге көз жана тумар–2» кештеси: 9.1–9.7.
§ 10. «Ак куу» кештеси: 10.1–10.8.
§ 11. «Кумайык жана ак куу» кештеси: 11.4, 11.2.
§ 12. «Боз үй» кештеси: 12.1–12.8.
§ 13. «Ай жана боз үй» кештеси: 13.1–13.10.
§ 14. «Жагалмай жана чабалекей» кештеси: 14.1–14.7.
§ 15. «Кыргоол» кештеси.
§ 16. «Төө» кештеси: 16.1–16.9.
§ 17. «Таш бака» кештеси: 17.1–17.4.
§ 18. «Күн» кештеси: 18.1, 18.2.
§ 19. «Аркар мүйүз» кештеси.
§ 20. «Үлүл жана мончок» кештеси: 20.1–20.5.
§ 21. «Жөргөмүш» кештеси: 21.1–21.3.
§ 22. «Шумкар» кештеси: 22.1–22.8.
§ 23. «Аркар» кештеси.
§ 24. «Карга тырмак» кештеси.
§ 25. «Илбирс» кештеси: 25.1–25.2.

§ 61. «ЖАТ ЖАЗУУ» ТОПТОМУНАН

Жумамүдүн Шералиев

Жумамүдүн Шералиев (1915–1994) Ат-Башы районундагы Туюк-Богошту айылында туулган. Обончу, композитор. 1973-жылы Кыргыз ССРинин эл артисти деген наамга татыктуу болгон. Ал өмүрүндө беш жүздөн ашуун обон жараткан. Обончу негизинен элдик ырлардын салтын бүгүнкү турмуш ыргактары менен жуурулуштуруп, лирикалык жана патриоттук темадагы мукам эстен кеткис ырларды, хорлорду чыгарган. Түшүмдө деген обонду ким билбейт. Жибек чаччы? Бактылуу жаштык, Кыргызстан, Токтогулдун арманы, каналчынын ыры, узатуу, согуштан кат, эл үчүн, жаш чабан, Нарын вальсы, ойло сен, сулуу кыз, кыз-жигит ж. б. ырлары кезинде радиодон, телекөрсөтүүдөн тынымсыз уктурулуп турган. Азыр да Жумамүдүндүн ырларысыз сахнаны элестетүү кыйын. Бир обонду жаратыштын өзү канчалык түйшүк, ал эми 500 обон жаратып, ондогон жылдар бою нечендеген адамдарга ыракат тартуулаган кишинин эмгеги канчалык залкар.

Тапшырма. Ушул текстте 17 ката бар. Ошолорду тап жана ондоп жаз.

«Эр экенин билейин, эчки союп берейин»...

(Апендинин тапшырмасы)

I.

Үч сөздөн турган, бирок баары баш тамга менен жазылган жер-суунун энчилүү аттарынан онду жаза аласынбы?

М.: Кичи-Муз-Төр .....
.....
.....

II.

Үч же андан көп сөздөн турган, биринчиси гана баш тамга менен, калганы айрым-айрым жазылган энчилүү аттардан онду жазып көрчү.

Билим берүү жана илим министрлиги, ...
.....
.....

Ойлонсоң

Чыңгыз Айтматов менен Мухтар Шахановдун биргелешип жазган «Сократты эскерүү түнү» деген драмасындагы каармандар баарыбызга тиешелүү бүгүнкү күн жөнүндө ой калчашат. Айсулуу акыркы жүз жылдын ичинде кыргыз менен казак руханий жактан чоң өзгөрүүгө туш болду. Маселен, бир кылым башта биздин бабаларыбыз аракты ичмек турсун, анын түсү кандай болорун да билчү эмес дейт. Ал эми Сократ улуу цивилизациянын дагы бир улуу «жеңиши» бул. Казак менен кыргыздын достукка бекемдигин, укмуштай меймандостугун, алардын үйүнө кулпу салынбай тургандыгын далай элдердин саякатчылары, окумуштуулары таң кала, тамшана жазышкан. Ал эми азыр болсо казактын учу-кыйырсыз кең өлкөсүндө, кыргыздын ажайып табигатын ээлөөчүлөрдүн арасында эшигине кулпу салбаган бир үйдү таап берген адамга мобул алтын саатымды берер элем дейт. Калия кээ бир чоң тойлордо жүз, жүз элүү, ал турсун эки жүзгө чейин тосттор көтөрүлүп, ооз көптүрмө сөздөрдөн башың зыңгырап, кулагы чуулдап, алың куруп, шайманың кетет. Сөздү эсепсиз агып жаткан суудай көрүп, экчебей, ойлобой, терең талдабай айта берүү биринчи кезекте өзүнө өзүндүн жасаган кылмышың дейт. Сапырган сайын деп айтат Талап күчүнө кирип, бабына келген кымыз сыяктуу талаш-тартыштан таза ойлор иргелип чыгат. Драманын дагы бир каарманы өз пайдасы, үчүн ата-энесин кошуп сатып жибергенден бети чымырабаган селсаяктардын чоң армиясы пайда болууда деп айтат.

Тапшырма. Ушул текстте беш бөтөн сөз бар, аларды таап, тиешелүү тыныш белгилерин коюп көчүр.

Жашыл-Көл

Жашыл-Көл дегенибиз – тегерегинде кайың тал долоно шилбиси менен аса муса жана жашыл карагайына чейин жыш өскөн түндүк түштүк жагы көк аскалуу зоокалар ал эми айланасындагы кызгылт сары эңгилчек баскан түркүн таштары бордолгон өгүзчө чөгүп жаткан өзүнчө бир ажайып кооз жер. Жашыл балырлуу жээгинде аңырлары балапан басса көлдүн как ортосундагы кара моюн чүрөктөрү калдайган каз өрдөгү кумар жаза куушуп ойногон касиеттүү жай экен ал. Токоюнда булбулу тынбай таңшып бадалдарында бабырганы бакырган ээндей баскан элиги көл кылаасында жуушап коёндору эч кимден коркуп койбой не түркүн андары аралаша өскөн жер соорусу экен го ал.

Жашыл-Көлдүн күн батышындагы этеги чытырман чер токой боло турган дечү атам. Ал токойго эгерим күндүн нуру тий-

бегендиктен Күн-Тийбес аталыптыр. Күн-Тийбестин түндүк жагындагы тоолор өтө бийик тоонун кыл чокусуна жакын көгүш кумайды ээн-эркин мекендеген көптөгөн жапайы эчки текелер эртели кеч жайылганда куушуп ойногондо тоскок ылдый таш кулап Күн-Тийбести кыйгап аккан Туура-Суунун ичи дүңгүрөп жан жаныбар үркүп коркуп төш таяна качыша айлалары кетчү экен. (*Асанбек Стамовдон*).

Тапшырма. Ушул текстте 16 үтүр, он кош сөз (ортосуна сызыкча келүүчү) бар, ошолорду таап, катасыз көчүр.

Кимисиники туура?

Коён жүрөк, жарак жабдык, кой көз, колунан көөрү төгүлгөн, колтугуна суу бүркүү, азык түлүк, бетме бет, коңур үн, эртели кеч, күнү түнү, нарк насил, нооча бойлуу, ар намыс, таламандын тал түшүндө, салаа салаа, улкуп жулкуп, тапдырмач кызылдуу, жайы кышы, кундүр түндүр, сокур сезим, соода сатык, сөзгө конок берүү, сорпо шилең, илең салаң, кебете кепшир, сөзгө сөлтүк болуу, өндүү түстүү, жылдызы ысык, ыйман ызат, ылым саноо, отун суу, сиркеси суу көтөрбөс, тумшугуна суу жетүү, баш сүйлөм, киши кара, келим кетим, аласа бересе, куугун сүргүн, эне сүтүн актоо, эл журт, бөдөнөнүн сүтү, урмат сый, бала бакыра, улуу кичүү, ысык суук, жаман жакшы, битин сыгып канын жалаган, ой пикир, төкпөй чачпай, төбө чачы тик туруу, серең серең, төкмө ырчы, курт кумурска, жан жаныбар, пейили түз, убай чубай.

Үлгү. Кемчонтой. Коён-жүрөк, кой-көз, колунан-көөрү төгүлгөн...

Чыпалак. Жарак-жабдык, азык-түлүк.

Ташымал белгисин коюп көчүр

I

Сизге болгон көңүлдөгү урматтоом
Калар дегем жакшы сырдай жабылуу.
Алаксуу да болбой калат аралжы,
Болот тура кээде минтип жабыгуу.

II

Тегинди теңине албас теңтуш чыкса
Телмирип жер карабай бийик болгун.

Тектүүнүн бир жаманы болгонунча
Акыл-эс, билимиңди бийик койгун.
Байлыгың башың менен ченелерин,
Каралдым, эмитеден билип койгун.
(*Айгүл Узаковадан*)

Үлгү. Өмүр-дүн баа-ры жа-рал-са жал-кы аа-лам-га.

Тапшырма: Тыныш белгилерин тууралап көчүр.

I

– Ай аккан суу аккан суу,
Ай ааламды баккан суу.
Сыр Дайрадан чоң туруп,
Сыр аякка баткан суу.

II

Айтып жана кеткендей,
Чөп жаратат аккан суу.
Төрт түлүктү семиртип,
Эт жаратат аккан суу.
Алма жүзүм алмурут,
Алча кылат аккан суу.
Четин шилби карагай,
Арча кылат аккан суу.
(*Жеңижоктон*)

XI КЛАСС

БЕШИНЧИ БАП

КЕП КУРЖУН

«Сөзү кунарсыздын өзү да кунарсыз».
Эл оозунан

Кеп куржун «Макал», «Санат сөз», «Сөз берметтери», «Мээр сөз», «Санжыргалуу казына», «Тил кутучасы», «Илхам кеп», «Сын сөз», «Чечен сөз», «Насаат сөз» жана «Нуска кеп» топтомдорунан турат. Мындагы «Нуска кептен» башкасы X класста окутулган (Ушул окуу китебиндеги 2-бапка кирген 28–37-параграфтарда). Бирок XI класста жогорку материалдар улантылып, ал «Нуска кеп» менен толукталды. Ошол себептен «Нуска кептен» башкасына өтөрдөн мурда атайы түшүндүрмө берүүнүн зарылдыгы болгон жок (керектөө пайда болгон учурда 28–37-параграфтардагы түшүндүрмөлөр пайдаланылат).

Эми, окуучум, мааниси терең, курч, кыска, так, ачык-айкын, элестүү, таасирдүү, мукам, уккулуктуу жана жеткиликтүү кеп түрлөрүнүн түрмөгү сенин колунда. Аларды үзүрдүү пайдаланып, төкпөй-чачпай укум-тукумуна өткөрүп берүү – **атуулдук милдетиң.** Турмушта тандап пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү көп түрдүүлүктөр арбын, аларга өзүң да утуру жолугуп жүргөндүрсүң. Бирок тандабай туруп кабыл алууга, көкүрөктө аздектеп сактап, үзгүлтүксүз урунууга, убайын көрүүгө кириптер кылган асыл жана ыйык куттар бар. Ал Ата мекен жана эненин сүтү менен тамырлашып жаткан – улуттук тилдин кеп түрмөктөрүндөгү байлыгы. Тетирисинче, жеңил баа тутуп, элебей, балалык кыял менен аны көп сабактардын бириндей көрүп, ага көңүл бөлбөй, назар төшөбөй да коюшуң мүмкүн. Бирок жашоо-тиричиликте сүйлөбөй коё албайсың да. Сүйлөө, баарлашуу бар жерде кепти мазмундуу кылып чагылдыруу муктаждыгы жашай берет. Андан кутулуу мүмкүн эмес.

§ 62. «МАКАЛ» ТОПТОМУ

«Айтылбай калган кеп карып».
Эл оозунан

(1–7-шыбагалар 10-класста өтүлгөн. 2-баптагы 28-параграфты кара. Ал эми 8–13-шыбагалар аларды толуктайт)

Сегизинчи шыбага

1. Жамандыкты амандык женет. 2. Атты арыганда көр, эрди карыганда көр. 3. Аш ичкен оозго жарашат. 4. Башы оорубаган кишинин кудай менен иши жок. 5. Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук, үчүнчү байлык – кырк соолук. 6. Бир күнү уруш болгон үйдөн кырк күнү береке качат. 7. Дат темирди жейт, дарт өмүрдү жейт. 8. Жакшы жүрмөк бар, жакшы өлмөк жок. 9. Жан ооруган жерде. 10. Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү. 11. Кайгысы жок кара сууга семирет. 12. Калп ырыс кесет, кайгы өмүр кесет. 13. Кары келсе ашка, жаш келсе ишке. 14. Карысы бардын ырысы бар.

Тил жана сөз өнөрү жөнүндө

Тогузунчу шыбага

1. Үй мүйүзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат. 2. Өнөр алды – кызыл тил. 3. Туура сөз кылычтан өткүр. 4. Тууган катары кучакташтырган да – тил, душман катары бычакташтырган да – тил. 5. Тилде сөөк жок. 6. Тилден бал да тамат, уу да тамат. 7. Таяк жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт. 8. Сууну көп кечсе чалчык болот, сөздү көп сүйлөсө тантык болот. 9. Сөөксүз тил сөөктү сындырат. 10. Сөздүн айгагы – сөз. 11. Сөз сөөктөн өтөт, жүлүнгө жетет. 12. Сөз келгенде сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт. 13. Сөз билбеген муштуму менен коркутат. 14. Баш кесмек бар, тил кесмек жок. 15. Бетке айткан сөздүн заары жок.

Онунчу шыбага

1. Отуз тиштен чыккан сөз отуз уруу элге тарайт. 2. Оозунда кеби бардын сөзүндө эми бар. 3. Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. 4. Мокок бычак колдун душманы, чоркок сөз тилдин душманы. 5. Мактоо макоого да жагат. 6. Макал атасы – сөз, мата атасы – бөз. 7. Күбөлүү сөз никелүү зайыптай. 8. Куру сөз курсак тойгузбайт. 9. Көп сөз – чөп сөз. 10. Кесирдүү ооздон кесепеттүү сөз чыгат. 11. Катуу сөз – камчы, жылуу сөз – уку-

рук. 12. Ириген ооздон чириген сөз чыгат. 13. Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт. 14. Бутунан мүдүрүлгөн турат, тилинен мүдүрүлгөн турбайт. 15. Аркандын узуну жакшы, сөздүн кыскасы жакшы. 16. Жакшы атка бир камчы, жаман атка мин камчы.

Адеп жана адамгерчилик жөнүндө

Он биринчи шыбага

1. Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши, жамандыкка жамандык – кем кишинин иши, жакшылыкка жамандык – көр кишинин иши, жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши. 2. Жакшы кылсаң өзүңө, жаман кылсаң өзүңө. Өйдө карап түкүрсөң, кайтып түшөр көзүңө. 3. Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз. 4. Бакылдаган текени суу кечкенде көрөбүз, шакылдаган зайыпты кыз бергенде көрөбүз, такылдаган келинди үй чечкенде көрөбүз, менменсинген жигитти жоо келгенде көрөбүз, чеченсиген жигитти доо келгенде көрөбүз. 5. Баатыр бир өлөт, коркок мин өлөт. 6. Ачуулуунун астынан чыкпа. 7. Ат сыноосу бир болот, эр сыноосу мин болот. 8. Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт, азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт. 9. Алып алтоо болбойсуң, жеп жетөө болбойсуң. 10. Адам аласы ичинде, кой аласы тышында. 11. Жакшы менен жолдош болсоң, оозу-башың майлаарсың, жаман менен жолдош болсоң, оозумурдуң кандаарсың. 12. Конок кирсе эшиктен, ырыскы кирет тешиктен. 13. Өзүңө-өзүң сак бол, коңшуңду ууру тутпа. 14. Ырыс алды – ынтымак. 15. Ээсин сыйласаң, итине сөөк сал.

Он экинчи шыбага

1. Ар бир башта мин кыял, ал кыялды ким тыяр. 2. Алы жетпеген акыретчил. 3. Ала койду бөлө кыркkан жүнгө жарыбайт. 4. Акма кулакка айтса болбойт, куйма кулакка куйса толбойт. 5. Азаматтын жакшысы он бешке келсе, кичүүлүк жок, жүзгө келсе, карылык жок. 6. Азамат эр бир сырдуу, мин кырдуу болот. 7. Адепсиз бала – таманга жабышкан чыла. 8. Адам көркү – адеп. 9. Ага-ини таттуу болсо, ат көп, эже-синди таттуу болсо, аш көп. 10. Жакшы жаныңа жолдош, жаман малыңа жолдош. 11. Жамандын жолдошу көп, жаныңа пайдасы жок. 12. Ит менен дос болсоң, сөөк талашасың. 13. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет. 14. Сыйга сый, сыр аякка бал.

Он үчүнчү шыбага

1. Адашкандын айыбы жок, айланып үйүрүн тапкан соң. 2. Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч. 3. Эсептешкен дос болбойт. 4. Атын атаса, куту сүйүнөт. 5. Ач кулактан тынч кулак. 6. Базарда миң киши бар, ар ким сүйгөнүнө салам берет. 7. Баш айрылса, бөрк ичинде, кол сынса, жең ичинде. 8. Берген март эмес, алган март. 9. Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал. 10. Бир чымчымдан көңүл алат, бир чымчымдан көңүл калат. 11. Бирөөнүн өрдөгүн жесең, каз байла. 12. Суу ичкен кудугуңа түкүрбө. 13. Досуңдун бергенинин тишин ачпа. 14. Досуң баягыдай эмес, баягыдай болсо аягыдай эмес. 15. Жоо кеткен соң, кылычыңды ташка чап. 16. Кеңешип кескен бармак оорубайт. 17. Сурап бергенче, уруп бер. 18. Сыйлаганды билбеген сыйпалаган көр сокур. 19. Улууга урмат, кичүүгө ызаат. 20. Эрдик кылып кой сойсоң, иттик кылып төш тартпа.

215-көнүгүү. 8–13-шыбагадагы ар бир макалды окуп чык жана төмөнкүлөрдү так аныкта.

1. Ушул макалдардын ичинен канчасы сага тааныш?
2. Алардын ичинен кайсыларды өз сөзүңө кошуп сүйлөп жүрөсүң?
3. Кайсы макалдар сага тааныш эмес экен?
4. Өзүңө айрыкча жаккан макалдарды белгиле?

Муну дептериңе жазуу менен ишке ашыр.

а) Тааныш – – ай белгиси: VIII: 7,13... IX: 12, 14...
(калганы да ушундай, рим цифрасы шыбаганы, калган сандар макалды билдирет)

б) Кошуп сүйлөгөм – – күн белгиси: VIII: 2, 9... (калганы да ушул сыяктуу).

в) Тааныш эмес – – тоо белгиси: VIII: 3, 6... (калганы да ушундай).

г) Жакканы – – жылдыз белгиси: VIII: 5,7... (калганы да ушундай).

(Жазууда белги гана коюлат: М.: 1 – VIII: 7, 13...)

216-көнүгүү. 10-класстагы 28-параграфдагы 1–7-шыбагаларды көз жүгүртүп кайтала.

Биринчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.

Экинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Үчүнчү шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16.
Төртүнчү шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Бешинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15.
Алтынчышыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17, 18.
Жетинчи шыбага: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17.

Ким макалды көп билет?

(Макал айтышуу)

I. 8–10-шыбагалар боюнча

Шарты. Эки топтон бирден эң мыкты макалчы чыгат. Алар кезектешип макал айтышат. Кекечтенип, сөзүн жутуп, шар айта албаганы, макалды көп унутканы утулат.

II. 11–13-шыбага боюнча

Шарты. Мында да эң мыкты делген эки окуучу айтышат.

III. 8–13-шыбага боюнча

Шарты. Мында эки топтон экиден төрт окуучу чыгат. Бирдени – макалды өтө аз билет делгендер (алар каршы тараптын каалоосу боюнча тандалат). Алардын жанында бирден таекчи. Эки таекчинин ар бири өз тарабынан чыккандардын кыйшык жерин түзөп, кемчилигин оңдоп, өксүгүн толуктап турат. Мугалим өзү калыс болот жана жыйынтык чыгарат.

Тест боюнча иштөө

Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн кайсынысы катасыз жазылган?

1.

(А). «Башы оорубаган кишинин деген жеңем кудай менен иши жок».

(Б) «Башы оорубаган кишинин» – деген жеңем – «кудай менен иши жок».

(В) «Башы оорубаган кишинин, – деген жеңем, – кудай менен иши жок».

(Г) Башы оорубаган кишинин – «деген жеңем» – кудай менен иши жок.

2.

(А) «Райымкан сөөксүз тил сөөктү сындырат деген».
(Б) Райымкан: «Сөөксүз тил сөөктү сындырат», – деген.
(В) Райымкан: «Сөөксүз тил сөөктү сындырат» – деген.
(Г) Райымкан – «Сөөксүз тил сөөктү сындырат» – деген.

3.

(А) «Азамат эр бир сырдуу, миң кырдуу болот» деп айткан эжем.
(Б) Азамат эр бир сырдуу, миң кырдуу болот – деп айткан эжем.
(В) «Азамат эр бир сырдуу, миң кырдуу болот», – деп айткан эжем.
(Г) Азамат: «Эр бир сырдуу, миң кырдуу болот» – деп айткан эжем.

4.

(А) «Карыя мындай деген, адепсиз бала – таманга жабышкан чыла».
(Б) Карыя мындай деген – адепсиз бала – таманга жабышкан чыла.
(В) Карыя мындай деген, «адепсиз бала – таманга жабышкан чыла».
(Г) Карыя мындай деген: «Адепсиз бала – таманга жабышкан чыла».

Жазып машыгуу

217-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн ар биринин жазылышында ката бар. Аларды катадан арылтып көчүр. Бардыгы – 3 топ. Ар бир топто үчтөн сүйлөм бар.

Үлгү. 1. «Сөз билбеген муштуму менен коркута тургандыгы жөнүндө Алымкул айткан». Сөз билбеген муштуму менен коркута тургандыгы жөнүндө Алымкул айткан (Экинчиси туура).

Биринчи топ. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» деген досум. «Досум, суу ичкен кудугуна түкүрбө» деген.

Акма кулакка – деди досум – айтса болбойт, куйма кулакка куйса толбойт.

Экинчи топ. Байыркылар минтип айткан, адам аласы ичинде, кой аласы тышында. «Байыркылар бутунан мүдүрүлгөн ту-

рат», тилинен мүдүрүлгөн турбайт дешкен. «Сөз келгенде сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт дешкен байыркылар».

Үчүнчү топ. «Эл менен көргөн той экендиги жөнүндө» Кулеш айткан. «Кулеш жалгыз дарак токой болбойт» деген. Элге деген Кулеш – эр кымбат, эрге эл менен жер кымбат.

218-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөргө тиешелүү тыныш белгилерин кой.

1. Эр жаңылса да, эл жаңылбайт деген Токтосун. 2. Бир уядан деген Бурул бир сасыткы чыгат. 3. Ынтымактуу үйгө ырыс түнөйт деген эмеспи. 4. Медер эр эмгегин жер жебейт деген. 5. Мелис мындай деген оро албаган орок тандайт. 6.Үсөнкан отун албаганга от жактырба деген. 7. Оозу менен орок оргон деген Болот буту менен машак терет. 8. Алтынбек бир күнү уруш болгон үйдөн кырк күнү береке качат деген. 9. Туура сөз кылычтан өткүр деген Айша.

Үлгү. 1. Бакбуркан минтип айткан карысы бардын ырысы бар. 2. Бакбуркан минтип айткан: «Карысы бардын ырысы бар» (Экинчиси туура).

219-көнүгүү. Макалдарды туура жазуу үчүн «Сабат санжырасы» топтомундагы кайсы кештелерге кайрылууга болот. (Текст менен иште).

(А) «Ак куу» кештесине (10.1–10.8).
(Б) «Кыял» кештесине (6.1–6.4).
(В) «Кереге көз жана тумар–1» кештесине (8.1–8.7).
(Г) «Боз үй» кештесине (12.1–12.8).

Бөксө жер калдыбы?

1. 2-бап, § 28дин баш жагындагы макалга байланыштуу сан менен белгиленген он маалыматты (I, II, III, IV, V, VI, VII, VIII, IX, X) окуп, кайталап айтып бер.

2. Макал окуп билүү үчүн эмес, ал керектөө, урунуу үчүн керек. Ал үчүн аларды жатта жана эсте сакта. Ошон үчүн бош боло калган бардык учурда «Бөксө жер калдыбы?» деп ичинен макалдарды кайтала.

3. Макалдарды чөнтөк дептерге жазып алып, үзбөй окуп жүр.

4. Эс алуу учурунда өнөктөштөрдүн арасында макал айтышуу боюнча таймаш уюштуруп көнүк.

§ 63. «САНАТ СӨЗ» ТОПТОМУ

Бешинчи кайрык

(1–4-кайрык 10-класста, 2-бап, § 29)

1. Көк шибери кулпунган көлдүн чети эмеспи. Көл суусунан көрүнгөн кыздын бети эмеспи. Бул дүйнөдө өтө ынак эне сүтү эмеспи. (*Барпы*).

2. Аргымак күлүк бууданды минсең чериң жазылат. Аралап элди гүлдөтүп жүрсөң чериң жазылат. Тириликтин үзүрүн сүрсөң чериң жазылат. (*Барпы*).

3. Ким эле үмүт кылбасын дүйнөдөн жыргап өтүүгө, эсиң болсо, жигиттер, кайрыла жүр жетимге, көтөрүлүп көп сүйлөп, учураба кесирге. (*Токтогул*).

4. Жайлоонун көркү ачылат, жайылып жаткан мал менен, булбулдун көркү ачылат, буралган кырчын тал менен, жигиттин көркү ачылат, айнектей сулуу жар менен. (*Токтогул*).

5. Эгин айдап, жакшы бак, жазында чыгат жалтылдай, кампадан ашып кап толот, баасы кызыл алтындай. (*Токтогул*).

6. Жалпы жылдыз чогулса, жарыгы шоола айдай жок. Тогуз улак бириксе, баасы жалгыз тайдай жок. Карандай чайды көп ичсең, бир кесим казы майдай жок. (*Токтогул*).

Алтынчы кайрык

1. Ханды кудай урарда калкына жаман кас болот. Байды кудай урарда дөөлөтүнө мас болот. Эрди кудай урарда элүүндө жаш болот. (*Токтогул*).

2. Көңүл калар кеп айтпа оору менен картанга, жанын сатат кээ адам жарым чөйчөк талканга. (*Токтогул*).

3. Темирдин көркү өгөөдө, жыгачтын көркү мөмөдө. Баатырдын көркү мандайда, чечендин көркү тандайда. (*Токтогул*).

4. Келериңде, дүнүйө, айчыгы алтын туудайсың. Кетериңде, дүнүйө, соолгон кудук суудайсың. (*Токтогул*).

5. Келериңде, дүнүйө, ай менен күндөй жарыксың, кетериңде, дүнүйө, таманы түшкөн чарыксың. (*Токтогул*).

6. Байыстабай бир азга өткөнүн көрчү дүйнөнүн. Артынан жоо куугансып көчкөнүн көрчү дүйнөнүн. Бир жалбырттап, бир жерде өчкөнүн көрчү дүйнөнүн. (*Жеңижок*).

Жетинчи кайрык

1. Күндүн нуру сыяктуу күйүп турган дүнүйө. Баласындай алпечтеп сүйүп турган дүнүйө. Кайра баштан кайгыны үйүп турган дүнүйө. (*Жеңижок*).

2. Кыдырсын деп ааламды шамал кылган дүнүйө. Оргон буудай өзөгүн саман кылган дүнүйө. Түрдөн-түргө өткөрүп, амал кылган дүнүйө. (*Жеңижок*).

3. Күн кыдырып көк менен жөнөгөнүн карачы. Жарык нурга балкытып, бөлөгөнүн карачы. Канча жанды бар кылып төрөгөнүн карачы! (*Жеңижок*).

4. Өткөн мезгил артына кайтпаганын карачы. Бүгүн көргөн эртең жок, кубулганын баяндап айтпаганын карачы. Өлүм сырын эч бири таппаганын карачы! (*Жеңижок*).

5. Күлүстөн доор келгенде, күн нуру тийген белдейсиң. Күкүктөп аккан селдейсиң. Күлүстөн доор кеткенде, көрүстөн болгон жердейсиң. (*Жеңижок*).

6. Бирөөгө кең, бирөөгө тар экенсиң, замана. Бирөөгө жок, бирөөгө бар экенсиң, замана. Бирин кордоп, бирөөн мактап келдиң, замана. Бирин атып, бирөөн сактап келдиң, замана. (*Жеңижок*).

Сегизинчи кайрык

1. Улуу сөздү улаган, уккан адам ынаган чеченди алган – бул өлүм. Кары-жашка карабай, неченди алган – бул өлүм. (*Арстанбек*).

2. Ай тегерек, сабы жок, айча жылдыз табы жок, өгөөдөн бүлөө өткөн жок, экөөнө бирөө жеткен жок, өткөн ишке бушман жок, өлүмдөн жаман душман жок. (*Арстанбек*).

3. Устаранын мизиндей оодарылган дүнүйө. (*Арстанбек*).

4. Тоо бузулуп, таш урап, тозулбаган жерде жок. Чайпалбаган көлдө жок, чалыкпаган жанда жок, бөксөрбөгөн сууда жок, бөлүнбөгөн элде жок, түгөнбөгөн кенде жок, түйшөлбөгөн пенде жок. (*Арстанбек*).

5. Жыгачын арбын кыйбаса, кирпичин арбын куйбаса, бышыксынган жигитке салынуу турган там кайда? Арыгын терең казбаса, арпасын тегиз чачпаса, токтотуп сууну сугарбай, дыйкансынган жигитке бышып турган дан кайда? (*Арстанбек*).

6. Ууруларга айгак бол, ушакчыга сайгак бол, бечарага калка бол, беделсизге арка бол. Жесирлерге жөлөк бол, жетимдерге көмөк бол. Желек кармап жетик бол, жардыларга кешик бол. (*Арстанбек*).

1. Эс-тутумга току

220-көнүгүү. Хор менен үн кубултуп окуу. Класстагы окуучулардын баарынын катышуусу менен.

Бешинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Алтынчы кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.

Жетинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.
Сегизинчи кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6.

221-көнүгүү. Алгоолоштуруп окуу. 1-окуучу китептен окуса, хор аны оозеки улап кетет.

Үлгү. **1-окуучу.** «Көк шибери кулпунган...
Хор. ... көлдүн чети эмеспи».
1-окуучу. «Көл суусунан көрүнгөн...
Хор. ... кыздын бети эмеспи».
1-окуучу. «Бул дүйнөдө өтө ынак...
Хор. ... эне сүтү эмеспи».

(Калган кайрыктагы саптар бүт үлгүгө окшоштурулуп айтылат. Эскертүү: зарылдыгына жараша 5–8-кайрыктар бүт эки же андан ашык кайталанышы мүмкүн).

222-көнүгүү. 29-параграфтагы 1–4-кайрыктарды кайтала.

2. Өз сөзүңө кошуп сүйлө

Биринчи үлгү. Улуу акын Барпынын айтканы кадиксиз чындык, ал: «Аргымак күлүк бууданды минсең чериң жазылат. Аралап элди гүлдөтүп жүрсөң чериң жазылат. Тириликтин үзүрүн сүрсөң чериң жазылат», – дейт. Чер жазылуу – бул ыракат алуу, көңүлдүн көтөрүлүп, кушубак болушу.

223-көнүгүү. Үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Бешинчи кайрык: 2, 4, 6.

224-көнүгүү. Үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Алтынчы кайрык: 1, 3, 5.

225-көнүгүү. Үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Жетинчи кайрык: 2, 4, 6.

226-көнүгүү. Үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Сегизинчи кайрык: 1, 5.

Экинчи үлгү. Улуу акын Барпы «Аргымак күлүк бууданды минсең чериң жазылат. Аралап элди гүлдөтүп жүрсөң чериң жазылат. Тириликтин үзүрүн сүрсөң чериң жазылат» дептир. Аныcы кандай, мингениң суу төгүлбөс жорго болсо, сүйлөгөнүң санат, макал, санжыра, чечен сөз болсо, айдаганың жылкы, саадырганың бээ, ичкениң кымыз болсо, чериң жазылбаганда, көңүлүң өспөгөндө эмне болот.

227-көнүгүү. Экинчи үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Бешинчи кайрык: 3, 5.

228-көнүгүү. Экинчи үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Алтынчы кайрык: 2, 4.

229-көнүгүү. Экинчи үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Жетинчи кайрык: 1, 3, 4.

230-көнүгүү. Экинчи үлгүгө окшоштуруп сүйлө. Сегизинчи кайрык: 3, 4.

3. Кайталап оку

1-кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6 (2-бап, § 29)
2-кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6 (2-бап, § 29)
3-кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6 (2-бап, § 29)
4-кайрык: 1, 2, 3, 4, 5, 6 (2-бап, § 29).

Тапшырма

1. Санат сөз эмнеси менен өзгөчөлөнөт? Аны билүүнүн сага кандай зарылчылыгы бар?
2. Канча санатты билесиң? (Эсептеп көрсөң.)
3. Санатты сөзгө кантип кошуп сүйлөө керек? (Мисал.)

§ 64. «СӨЗ БЕРМЕТТЕРИ» ТОПТОМУ

Жетинчи тесте

(1–6-тесте 10-класста, 2-бап, § 30)

1) *көк мелтей* (айтканынан кайтпаган, урушуп жатса да кебелбеген көк бет).
2) *көк муштум болуу* (көгөрүп аябай үшүү, абдан үшүп кетүү).
3) *көкөйгө көк талкандай тийүү* (абдан жадоо, тажоо, көңүлү калуу, кабыргасына батуу).
4) *көктөн тилегени жерден табылуу* (ондой берди болуу, көптөн бери самаган ишинин орундалышы).
5) *көкүрөгүн өргө айдоо* (курулай мактануу, менменсинүү, баатырсынуу, кыйынсынуу, өзүн-өзү көтөрө чалуу).
6) *өз көлөкөсүнөн коркуу* (өтө коркок, суу жүрөк).
7) *көлөкөгө тон бычуу* (курулай кыялдануу, сыртынан божомол кылуу).

8) *көрөйүн деген көзү жок* (жек көрөт, көргүсү келбейт).

9) *кудайдын кулагы сүйүнсүн* (жакшылык болсун, жамандык болбосун).

10) *бышты кулак болуу* (көп уга берип көнүп калуу).

11) *суу кечпеген сөз* (орду жок келжирек сөз).

Сегизинчи тесте

1) *кулагыңа алтын сырга* (эсинде болсун, унутпасын, дайыма эсине тутсун).

2) *кулак кагыш кылуу* (алдын ала каңкуулап эскертүү, айтып коюу).

3) *куурай башын сындырбоо* (эч нерсе кылбоо, жанын кыйнабай жеңил жан багуу).

4) *куу чирен* (курулай жасанган, сылаң короз, мактанчаак, чоңсунган, кекирейген).

5) *күлү додо болбоо* (бир жерге байыр алып турбоо, ар кайсы жерге көчүп жүрө берүү).

6) *күн тийген жердин күкүгү* (кошоматчы, өң карама).

7) *кылгылыкты кылып, кыл жип менен буып коюу* (астыртан, тымызын бирөөгө жамандык кылуу).

8) *беш өрдөгүн учуруу* (калп айтуу).

9) *маселени кабыргасынан коюу* (болор жерин, ток этерин айтуу, чечкиндүү киришип, катуу талап коюу).

10) *миз бакпоо* (айтканынан кайтпоо, көшөрүү, сустайып ченине жолотпоо).

11) *суру качуу* (үрөйү учуу, коркуу, кейпи кетип жүдөө).

Тогузунчу тесте

1) *мойнунан байлаган иттей* (айласыздан, арандан зорго, күч менен кыйыктанып).

2) *моюн толгоо* (тил албоо, баш ийбөө, кежирленүү).

3) *мурдун балта кеспөө* (кенебөө, тоотпоо, капарына албоо).

4) *мурду менен бир тийүү* (корс этүү, оройлонуу, орой кыял).

5) *мурдунан эшек курту түшө элек* (эч жаманчылык, кыйынчылык көрө элек).

6) *оозу менен орок оруу* (курулай опурулуу, баарын бүтүрөм дей берүү).

7) *оозунан ак ит кирип, сары ит чыгуу* (оозуна келгенди оттоп сөгүнүү, оозго алгыс сөздөр менен катуу тилдөө).

8) *орой көзү чарай* (көзмө-көз, бүт баары чогуу турганда, эл алдында, элдин көзүнчө).

10) *оту менен кирип, күлү менен чыгуу* (бирөөнүн кол алдында кынк этпей, баш көтөрбөй иштөө).

11) *суй жыгылуу* (абдан чарчоо, шайманы кетүү).

Онунчу тесте

1) *отурган жерин кетмендеп салуу* (кимдир бирөөнү өтө жек көрүү, көргүсү келбөө, каршыгып калуу).

2) *өз көмөчүнө күл тартуу* (өз камын, кызыкчылыгын гана көздөө, өзүмчүлдүк).

3) *өлбөгөн төрт шыйрагы калуу* (абдан катуу уят болуу, жети өмүрү жерге кирүү, баш көтөрө албай калуу).

4) *өңдү көрсө, жүз таюу* (көзүн көрүп ийменүү, айбыгуу, жоот-котуп тайсалдоо).

5) *сай сөөгү зыркыроо* (күйүттө калуу, абдан күйүнүү).

6) *сакадай бою сары алтын* (колунан бардыгы келген, акыл-эстүү, токтоо).

7) *сөзгө конок берүү* (өзү эле сүйлөй бербей, башкаларга кезек берип, сөзүн угуу, бирөөнүн сөзүн жула качпоо).

8) *сөөгү таза* (мүчөсү, сын-сыпаты келишкен, сымбаттуу).

9) *сөзүн жерге таштабоо* (бирөөнү сыйлап, кадырлап, анын айткан-дегенин орундатып, тапшырганын аткарып туруу).

10) *суу жукпас* (өтө эпчил, куу, алар ар кандай кыйынчылыктан кутулуп кетет).

11) *суугуна тоңуп, ысыгына күйүү* (кыйынчылыкты тең көтөрүшүү, күйүмдүүлүк, тынымсыз кам көрүүчүлүк).

Он биринчи тесте

1) *тил азар* (тил аябаган, айтканга көнбөгөн кежир, кыйык).

2) *тили буудай кууруу* (такылдап кыйын сүйлөө, чеченсинип сүйлөө).

3) *тилинен бал тамган* (уккулуктуу, жагымдуу, куюлуштуруп өтө чебер сүйлөө).

4) *тилиңе тибиртке чыккыр* // тилиңе чок түшкүр // тилиңе жара чыккыр (жан кейиткен суук сөзгө карата тилдөө).

5) *тил эмизүү* (курулай убада берип ишти узартуу, алдоо, үмүткөр кылуу, создуктуруу).

6) *төбө чачы тик туруу* (абдан коркуу, эси чыгып кетүү, үрөйү учуу, катуу таңгалуу).

7) *төө көрдүңбү – жок, бээ көрдүңбү – жок* (тануу, көрсө да көрмөксөн, билсе да билмексен болуу).

8) *төө кыядан өткөн соң, оо дегениң курусун* (иштин учуру, мезгили өтүп кетүү, болору болуу, ага өкүнүүнүн пайдасыздыгы).

9) *түк бүткөн сайын калтыроо* (байыган сайын сарандануу, байлыкка кароо болуу, зыкымдануу).

10) *учан теңиз* (учу-кыйыры жок, чексиз).

11) *эбедейи эзилүү* (чын дити менен, ыкыласы менен жакшы көрүү, кубануу).

Он экинчи тесте

1) *үч уктаса түшкө кирбеген* (эч бир ойго келбеген, күтүлбөгөн).

2) *үшкүргүү таш жаруу* (катуу кайгыруу, капа болуу, күйүт тартуу).

3) *чарк көпөлөк айлануу* (жан-алы калбай кызмат кылуу).

4) *чекеге чертип туруп* (жакшылап байкап туруп, тандап туруп).

5) *чекеге чыккан чыйкан болуу* (жүрөктү өйүгөн каргаша, кедерги, тоскоол).

6) *чийки май жегендей болуу* (тынчы кетүү, жүрөгү түпөйүл болуу).

7) *чөп башылоо* (үстүртөн, тийди-качты кылып иш бүтүрүү).

8) *чырагына май тамуу* (ондой берди болуу, кыябы келе калуу).

9) *чычканга кебек алдырбаган* (абдан зыкым, сараң, өтө сак).

10) *ыргыткан ташы өргө кулоо* (иши оңолуу, арааны жүрүү, ийгиликтин үстүндө болуу).

11) *ырыска шерик* (ак жолтой, кең пейил).

1. Эс-тутумга токуу

231-көнүгүү. 7–12-тестедеги ар бир сөз берметине көз жүгүрт. Кашаанын ичиндеги маанилерине назар сал.

232-көнүгүү. 7–12-тестедеги ар бир сөз берметин катыштырып бирден сүйлөм түз. Ичинен түзөсүң. Мисалы: Мунун көк мелтейи кармап калды // Ой, бир жеткен көк мелтейсиң да. // Сен кайдан чыккан көк мелтейсиң, ж. б.

Жетинчи тесте: 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
Сегизинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 8, 10.
Тогузунчу тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10.
Онунчу тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 10, 11.
Он биринчи тесте: 2, 3, 6, 7, 8, 9, 10, 11.
Он экинчи тесте: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11.

2. Кайталоо
(2-бап, § 30да)

Биринчи тесте: 1–11
Экинчи тесте: 1–11
Үчүнчү тесте: 1–11
Төртүнчү тесте: 1–11

Бешинчи тесте: 1–11
Алтынчы тесте: 1–11

3. Тестирленген тестелер

1. Күн тийген жердин күкүгү болбосоң, күнүң өтпөй калабы?

Мындагы «күн тийген жердин күкүгү» деген ТСАнын маанисине төмөндөгү сөздөрдүн кайсынысы туура келет?

(А) эркин куш
Б) көпөлөк
(В) өң карама
(Г) куунак көңүл

2. Төмөндөгү ТСА катышкан сүйлөмдөрдүн кайсынысы туура?

(А) Көкүрөгүн өргө айдоо – жакшы сапаттардын бири.
(Б) Кимге болсо деле мурдуң менен бир тийген адатынды деги качан коёсуң?
(В) Самолёт сай-сөөгү зыркырап учуп баратат.
(Г) Көптөн бери какшып, күйбөй калган чырагына май тамды.

3. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен кайсынысы кубануунуну билдирет?

(А) Бүгүн сокмо сокконуна сиркеси суу көтөрбөй калыптыр.
(Б) Кудайга шүгүр эле байыды, ага карабай түк бүткөн сайын калтырайт.
(В) Кол арага жарап калды, кудайдын кулагы сүйүнсүн.
(Г) Кээде агыл-төгүл эле болгон жакшы да, оозун куу чөп менен аарчыгандан эмне тапты.

4. Үч чекиттин ордуна кайсы сөз берметин койсо, туура болот.

Ичсе эле эс-учун билбей көчөдө калат, ал бир ата-эненин...

(А) көрөйүн деген көзү жок.
(Б) чекесине чыккан чыйкан болду.
(В) үшкүрүгү таш жарат.
(Г) чийки май жегендей болду.

4. Жазып машык

233-көнүгүү. Ар бир тестеден өз купулуна толорлук кылып, бирден сүйлөм жаз.

234-көнүгүү. Өзүң каалаган эки сөз берметин бир сүйлөмгө катыштыр. Ушундай сүйлөмдөн үчтү жаз.

235-көнүгүү. Өзүң каалаган үч сөз берметинен бир сүйлөм түз. Ошондой сүйлөмдөн экини жаз.

236-көнүгүү. Бир же эки сөз бермети катышкан бир сүйлөм түз, бирок тутуму 15 сөздөн кем болбосун.

5. Чыгармачылык менен жаз

237-көнүгүү. Алдамчы жана зыкым адамды сүрөттөп жаз. Пайдалануучу сөз берметтери: 1. 10-класс, § 30, 1–6-тестелер. 2. 11-класс, § 64, 7–12-тестелер.

СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

238-көнүгүү. Сөз берметин сүйлөм мүчөсү боюнча талда.

1. Өң көлөкөгө тон бычкан эргулдар топтошуп алышыптыр. 2. Алардын артынан куурай башын сындырбагандар келатышат. 3. Арасында беш өрдөгүн учургандар да жок эмес. 4. Уялганынан өлбөгөн төрт шыйрагы эле калды. 5. Оозу менен орок оргондорго эмне жок. 6. Баласына колуктуну чекеге чертип туруп алып берди. 7. Көзгө басар жигит болду деп жүрсөк, мурдунан эшек курту түшө элек, ит кубар, көкүрөгүн өргө айдаган балдарга кошулуп алып, эшек такалоо да колунан келбей калды.

Кайтала

1. Туруктуу сөз айкашы деген эмне?
2. Ал эркин сөз айкашынан эмнеси менен айырмаланат?
3. ТСА сүйлөмдүн тутумунда кандайча талданат?
4. Ушул окуу китебиндеги туруктуу сөз айкашынын мисалы катары берилген 1–6-тестелерди (10-класста), 7–12-тестелерди (11-класста) толук билесиңби, алардын берген маанисин эсиңде сактап кала алдыңбы?

Эсиңе сактай жүр!

Туруктуу сөз айкаштары – бул баа алуу үчүн сабакта гана билип коё турган маалымат эмес, ал өмүр бою өз сөзүңө кошуп сүйлөп, убайын көрө турган тилдик каражат, сүйлөшүү жарагы.

§ 65. «МЭЭР СӨЗ» ТОПТОМУ

Бешинчи чачыла

1. Алда кандай зор эрдик көрсөткөндөй жүрөгүм алып учуп, адегенде бет алды эле чуркап кете бердим. Адыр үстүндөгү кыл-кылдаган күн ирени өчкөн күзгү чийлердин сыйда көкүлүнө жалын ойнотуп, боз топурак жерди кызыл-сур түскө боёп, бирөөгө бир кичинекей жакшылык кылганымдан дикилдеген жүрөгүмдө канчалык кубаныч бар экенин билгендей, менин тытык бешмантымдын күмүш топчуларына чагылыша, жүзүмдөн, мандайымдан эркелетип балкыган нур төгүп жатты. (*Чыңгыз Айтматов, «Биринчи мугалимден»*).

2. Бир маалда кыл аркан тумшугун сылай өтүп, мойнуна илинди. Гүлсары андан да шек албай тура берди. Анан Гүлсары кетенчиктеп жөнөй бермекчи болду эле, моюндагы кыл аркан сыйыртмактап тартылып келип, тык токтотту. Гүлсары кежеңэте бир жулкунуп алды, болбоду. Ошондо эси чыгып, турган жеринде так секирди, көзү чарасынан чыга, кошкуруп, кишенеп жиберди. Жанталашып көккө дагы атылды, анан үстү-үстүнө аба чапчыды. Күн элтендеп топтой секирип, шакек-тегерек ничке алкактарга сынып кеткендей асманга толуп чыкты, тушташтарапка дөңгөлөндү. Анан тоо да, күн да өчүп, Гүлсары бүткөн бою калчылдап, караңгы түндү чапчылап калды. (*Чыңгыз Айтматов, «Гүлсарат» повестинен*).

3. Жайдар комузду эриндерине тийгизип, калдыркан ничке тилин сөөмөйү менен кагып өттү. Анан көчмөндөрдүн байыркы мундуу күүсү жүрөктү эзип, күүгүмдөгү конур салкын абаны толкутуп ала жөнөлдү. Ак ботосунан айрылган боз ингендин арманы. Ээн талаа, эрме чөлдө жоголгон ботосун издеп, жер кезген инген. Ботосун издеп боздогон инген. «Таңга маал ээрчитип, талдын башын сыдыртып, кечке маал ээрчитип, жардын башын кыдыртып жүрө албадым, ботоюм», деп баратты боз инген. «Тайтандатып ойнотуп, талаадагы кокону жегизбедим, ботоюм, аягыма куюлуп, эмчегиме сүт толду, эмизбедим, ботоюм», деп баратты боз инген. «Ийип барат желиним, сүт куюлуп зыркырайт, кайдасың сен, ботоюм, көп какшатпай үн катчы», деп баратты боз инген. Ийиген эмчегинен сүт агып, аяк ылдый куюлат. (*Чыңгыз Айтматов, «Гүлсараттан»*).

4. Балык болгондо бала бүт денеси куду балыктын өзү болсо дейт, куйругу да, канаты да, кабырчыгы да балыктыкындай болуп, калдаң кулагы, ничке мойнундагы башы гана азыркы

бойдон калса деп кыялданат. Көзү да азыркы эле өзүнүн көзү болсо. Бирок, албетте, балыкча карап, балыкча кубулуп кетсе. Анан балык бала тосмо таштардан булт секирип, агымга түшмөк да, зыпылдап жөнөмөк. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кеме» повестинен*).

5. Майрык-Чаар-Жезкемпир кылчая калды, кылчайып алып айран таң: жанында Бугу-Эне турат эки көзү балбылдап. Балбылдаган көздөрү мунайым тиктейт, өтүнүчтүү тиктейт. Маралдын умай энеси, асыл бугу маңкаят, омуроо-төшү наристенин мандайындай, жону ууз ак, боору тайлак жүндөнүп көк буурул. Он сегиз айры мүйүзү аркайып, жонуп-жышып койгондой жымсал сулуу, көркөм. Желини таза, кан тамырлары көрүнүп ийип турат эки балага мээримин салып. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кемеден»*).

Алтынчы чачыла

1. Балдарым, мына эми мен силердин энеңермин. Мен силерди ак кардуу алкак Ала-Тоосу бар, күмүштөй Теңир-Тоосу бар, боордо токой-чери бар, ортосунда Көк Теңирдин жерге тамган көз жашындай мөлтүр Ысык-Көлү бар жерге алпарам. Кыргыз тукуму курут болуп кетээрде экөөң элдин атын өчүрбөй кайра тукум уласын, укум-тукумуңа мекен болсун деп мен ал жерди теңирден сурап алдым. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кемеден»*).

2. Мына ушул жер силерге мекен болот. Жер тилип, эгин эккиле, мал багып, балык уулагыла, ошентип, бейпил кенчилик, бейпил тынчтыкта миң-миң жыл өмүр сүргүлө. Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн, алдыңарды бала басып, аркаңарга мал толсун. Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам, алыстан ала келген эне тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн. Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула. Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай энемин, силер менен түбөлүккө бирге жүрөм. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кемеден»*).

3. Бирөө бугу экен, чамгарактай зор мүйүзү айры бутактанып заңгырайт. Ал кайра сууга жүткүнө берип токтой калды да, күзгүгө карангандай жээктеги мелтиреген суудан мүйүзүн маашырлана карап тургансыды. Жону буудай түстөнүп, ууз түс кең омуроо, чымыр денеси алибеттүү. Суудан башын көтөргөндө, кара кыйма агыш жээк кылкандуу калбык эрдинен суу тамчылап турду. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кемеден»*).

4. Алагар көздөрү түндүктөн түшкөн куттай балбылдайт. Жылына кулун берген сүттүү бээдей болуп, сымбаты да келишкен. Көздөрү нымдашып, тереңинен жылтылдайт. Таноолорунан жеңил буу көтөрүлөт. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кемеден»*).

5. Маралдар сууга куюлган шагылда турат. Шагылдан өйдө кызыл алоо каптаган калың бадал. Бадал арты жар, жардын үстүндөгү калың кайың, жыш терек батып бараткан күндүн кызылын сүртүнгөнсүп кырмызыланат. (*Чыңгыз Айтматов, «Ак кемеден»*).

Жетинчи чачыла

1. Кыштын кыска күнүндө тоонун күңгөй беттери аз убакка жылымта тартып, наристенин тыноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капылеттен өзгөрдү – мөңгүдөн ызгаар уруп; аюудай жойлоп келатты, өзү менен кошо алтүндө түшөр көзгө көрүнбөгөн боз мунарык аязын ала келатты. (*Чыңгыз Айтматов, «Кыямат» романынан*).

2. Акбара кыш түшөр кезди элестетип отурду: күндөрдүн бир күнүндө таңга маал кар жаап салар да, учу-кыйырсыз улуу талаанын бетин ак кар басып, сүткө жууганда мелтиреп жатып калар. Бирок али тоң тиштей элек жер бетинен бат эле эрип кетер. Ошондон баштап бөкөн куумай бөрүлөрдүн тирлигинин негизи болот. Анан күтүнгөн күн келет! Төмөнтөн жөө туман бери жылжып, калың чий бубак оронуп, жылгыны карга ийилип, талаа үстүндө жылуусу качкан күн мунарыктап турар – ушуларды даана элестетип алып, чын эле ошол күн келип калгандай Акбара бир силкинип койду. (*Чыңгыз Айтматов, «Кыяматтан»*).

3. Тигил он ырчы болсо ырдап жатыры. Бизди жан-дил айлампабызга чөгөрмөккө, өткөн муундардын арбагы менен арманын өз дилибизде кайра жаңыртмакка, андан соң өзүбүздөн-өзүбүздү көкөлөтүп өйдө учурмакка, ошону менен бу жалганга жаралгандагы максатыбыз жана маңызыбыздын кунарын жана сулуулугун түшүндүрмөккө, ал кунар менен сулуулук жаралган дүйнөнүн ыйыктыгы анын укмуш кереметинде экенин туюнтмакка кудай өзү кошоктоп койгон тигил он ырчы ырдап жатыры. (*Чыңгыз Айтматов, «Кыяматтан»*).

4. Таң каларлыктай көпкөк көздөрү бар бул чоң иттен Кенжеш чочуп да койбоду. Ит аны эркелеткендей куйругун булгалап, муңайым тиктеп турду. Бул Акбара эле! Ал жакын келип

баланын бетинен жалады. Бала буга кубанып, кыткылыктап күлүп, карышкырды мойнунан кучактады. Ошондо Акбара ого бетер эрип кеткендей болду, баланын бут алдына жатты да, кошо ойноп кирди – «ушул кичинекей жандык эмчегимди сорсо» деген эңсөө пайда болду, бирок бала эмчекти карабады, карышкырдын үстүнө минди. Эне-бөрү баланын наристе жытынан көкүрөгүн кере жыттады. «Ушул кичинекей адамзаада үнкүрүмдө жашаса сонун болор эле» деген сезим келди. Баланын күрмөсүнүн жакасынан абайлап тиштеди, анан акырын өйдө силкип жалына олтургузду, карышкырлар так ушундай ыкма менен, оордон козуну ала качып кетет. Бала кыска, бирок катуу чыңырып жиберди... Бостон карышкырды өзү да көрдү – желе-жортуп бараткан экен, жалына арта салынган бала өкүрүп-бакырып ыйлап баратат. (*Чыңгыз Айтматов, «Кыяматтан»*).

5. Дал ушерден ага кишинин жүрөгүн түшүргөн бир акыйкат ачылып чыга келди, ушу кезге чейин бүт дүйнө анын өзүндө жашап келген турбайбы. Мына азыр ошол өзүндө жашаган дүйнөнүн күнү бүтүп, ошол дүйнө кыямат-кайымга туш келип турбайбы. Көрсө, бу дүйнө деген кишинин өзү турбайбы. Ойлоп бакса асман да өзү экен, жер да өзү экен, бүтүндөй жан-жаныбардын улуу энеси, эне – бөрү Акбара да өзү болуптур. Бул өмүрдө эмне көрсө, эмнени баштан кечирсе, ошонун баары анын өзүнүн ааламы болгон экен, ошонун баары анын ичинде жашап, күрөшүп, бөксөрүп, толуп, бири жоголуп, бири пайда болуп жүрүп отурган экен, мындан ары да ошол аалам эзелтен жашап келаткандай эле жашап тура берер, бирок эми ансыз, Бостонсуз жашап калмакчы, ал – башка аалам, а анын ааламы, анын дүйнөсү – кайталангыс, кайра орду келгис дүйнөсү – ушу менен бүттү, эч кимде, эч жерде кайра жаралбайт... (*Чыңгыз Айтматов, «Кыяматтан»*).

Сегизинчи чачыла

1. «Бардын акыры – ада. Алп акыры – кор. Бу теңир иши. Мен бузалбасмын... О, момун журт, сенден эрдик ада болсо кантээр экенсиң? Сенден биримдик ыдыраса кантээр экенсиң? Бу дүнүйө ушул: ол күн барда жарык, күн жокто караңгы. Ол жаз келсе жылуу, кыш түшсө суук... Көк Теңири өзү ушинтип оошкыйыш кылып, баарын салмактап, теңдештирип туру... Бүгүн аш койгон жагына эртең таш коёр. Бүгүн суук берген жагына эртең нур берир. Көрүң! Айкөлсүң. Момунсуң, ишенчээксиң. Ошон үчүн канча жолу кылычы курч, сөзү кара мүртөз жооң жеринди канга боёду. Момун болсоң болуң, жооңдун арам амалын билгендей болуң. Эрдигиңден кайтпаң! Жазыксыздын башына кылыч чаппаң, өзүңдүн амандыгыңды сактаң».

(*Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асаба» романындагы Адылтай ажонун сөзүнөн*).

Эскертүү: ада-түгөнүү, ада болсо-түгөнсө, туру-турат, берир-берет, көрүң-көр, болуң-бол, кайтпаң-кайтпа, чаппаң-чаппа, сактаң-сакта).

2. Ыйык от пастоого тийиш эмес, от – күч, кубат. От – өмүр. Ыйык от өчпөөгө тийиш! Отту өчүргөн киши эң башкы душман. Кыйырга четтен кол салып келген каардуу жоо да сенин отуңду өчүрөм деп келет. Ал ырас. Жоо чабышта сени жеңсе, отуң өчөт. Башыңа ааламат түшөт. Тукумуң менен кулдукка байланып кетесиң, кулдукка кетпесең, тыптыйпыл кырыласың. Мал-мүлкүң олжолонот. Чачылат.

– Уа, тукум! Коломтодо отуң-өчпөсүн! – деди Адылтай. (*Түгөлбай Сыдыкбеков, «Көк асабадан»*).

3. Тополоң түштү.

– Бул эмне?

– Буудай...

– Эмне? Кайта айтчы?

– Буудай...

– Бул эмне?

– Бугдай...

– Бул эмне? Тез!

– Би...би...

Оор болот шарт деп тийди. Дене топуракка оонап жатып калды.

– Бул эмне?

– Ооматтын кетиши... – деди Календер мундуу көзүн кылайтып.

Желдет түктөйдү:

– Сен эмне деп турасың! Түз айт!

– Өлүм...

– Бул эмне деп жатам мен! Айтасыңбы же...

Каландер эч чочубай желдеттин кылычындагы сабына сарыгып жаткан канды сөөмөйү менен сайып көрсөттү:

– Бул эмне?

Желдет сөз таппай калды. Каландер бетин кайгылуу тыржыйтып:

– Күнөө... Күнөө... – деп күбүрөдү. (*Төлөгөн Касымбеков, «Сынган кылыч» романынан*).

4. – Болсун... болсун, айланайын... – деп карбаластап, үйүнө жүгүрүп кирип, кесеге суу алып кайра чыкты да, баатырдын башына үч тегеретип, ырым кылып, ичинен бирдеме күбүрөп, өрттөнүп батып бараткан күндүн артынан алыс чачты. Ошол за-

мат тапыраган эл сары башыл ак улакты бакыртып мууздашып, колтугун жарып, ысыгы менен өпкөсүн сууруп алышты да, кемпирге кармата беришти. Кемпир үңкүйүп отуруп берген Бекназарга тегерене басып, колундагы кандуу ысык өпкө менен чокуга, ийинге, колго, тизеге домдоду.

– Назары ачтан сакта... Назары ачтан сакта... Көз салгандын көзүнө көр топурак тыгылсын... Тилдүүнүн тили кыркылсын... Ата арбагы колдосун, жигит пири жылоодон кетпесин... Элине аттай арка, тоодой медер боло жүр, айланайын. (*Төлөгөн Касымбеков, «Сынган кылычтан»*).

5. **Кул Берен.** Жүрөк өйүгөн ой айдап, айла куруганда кылчактап, түн жамынып келдим алдыңа, билги ата...

Даркан Билги. Жүрөк өйүгөн ой? Ал эмне экен?

Кул Берен. Бирөө жүйөгө сыйбас жаман иш кылып жатса, көрүп көрмөксөн, билип билмексен болуп отуруу, ыя билги ата, бул кандай, муну эмне десек болот?

Даркан Билги. Жанында болуп жатса жамандык иш, тымпыйып билмексен болуу, терс бурулуп көрмөксөн болуу – арамдык, күчтүүдөн күчсүздү арачалоо, карадан акты тазалоо – эстин иши, бereним! (Кул Берен жалаң кылычын таянып, өзүнчө ой толгоо тартып, нары басат, бери басат). Эмне болду мынчалык, даңктуу бereним?

Кул Берен. Эртең кара күн чыкса, өлгөнүм, кызыл күн чыкса, толгонум. (*Төлөгөн Касымбеков, «Келкел» романынан*).

Көздөгөн максатың – таасирлен жана үлгү ал!

Тапшырма

Бешинчи, алтынчы, жетинчи, сегизинчи чачылаларды көркүү окугула.

Үлгү. **1-окуучу** (шыбыш менен) «Алда кандай зор эрдик көрсөткөндөй...» (Бешинчи чачыла – 1. Текст толук окулат. Чачыланын калган бөлүктөрүндө да ушул тартип сакталат).

2-окуучу (кырааты менен) «Бир маалда кыл аркан...» (Бешинчи чачыла – 2).

3-окуучу (кырааты менен) «Жайдар комузду эриндерине...» (Бешинчи чачыла – 3).

4-окуучу (жай, токтолуп-токтолуп) «Балык болгондо...» (Бешинчи чачыла –4).

5-окуучу (таңкалып) «Майрык-Чаар-Жезкемпир кылчая калды...» (Бешинчи чачыла – 5).

§ 66. «САНЖЫРГАЛУУ КАЗЫНА» ТОПТОМУ

Сегизинчи шыралга
(1–7-шыралга 10-класста, 2-бап, § 32)

1. Мөндүрдөй кылып ок атып, жамгырдай кылып жаа тартып.

2. Түн ичинде сууруса, өрттөй жанып кызарган, уруштуу күндө узарган, тоону чапса, таш кескен, шиберге тийсе өрт кеткен, шилтегени мүрт кеткен. (*Манастын кылычы*).

3. Манастын алды жагы – кырк карышкыр кабышкандай, арт жагы – кырк миң киши сайышкандай.

4. Баштары челек кан болду, бүткөн бою дал болду.

5. Өлгөн сайын өөрчүгөн, түгөнгөн сайын түтөгөн.

6. Азууларын аркайтып, ат өлүгү тоо болду, муруттарын сербейтип, эр өлүгү зоо болду.

7. Куунун канаты, куландын туягы күйгөн чөл менен.

Тогузунчу шыралга

1. Көкүлүн көккө ыргытат, туягын жерге мылгытат, таманы жерге тарсылдайт, кара болот ооздук көмөкөйдө карсылдайт, баскан ташы быркырайт, учкан куштай зыркырайт *(күлүктүн чуркашы)*.

2. Ат мүдүрүлүп кайра оңолгончо, алтымыш түрдүү акыл, амал-айла ойлоого үлгүргөн Серек.

3. Ал аңгыча кол келди, кол келгенде мол келди. Кашаттан кара кыр көрүнөт, кыр десе, сел экен, сел десе, эл экен.

4. Ичкенде Манас бүк түшөт, төбөсү менен тик түшөт, алагар көзү алаят, кыл муруту шыйпаят *(Манас уулганда)*.

5. Көк сүлөөсүн бөрк кийген, капылетте сөз тапкан, карангы түндө көз тапкан, алты айчылык азапты алдын ала байкаган, адамзаттын туйгуну Бакай карап турсачы *(Манастын арманынан)*.

6. Атка жеңил, тайга чак, уйкусу жок, жолго сак, чыканактап калбаган, чырм этип уйку албаган, кылычын кырга жөлөгөн, кысталышта жоо келсе, кызыл канга бөлөгөн, бүткөн бою чулу таш Сыргак карап турсачы, айкырып найза сунсачы *(Манастын арманынан)*.

7. Алтын кемер курчанган, айдай бетин нур чалган, алты түмөн кол келсе, желбегей кирип кол салган *(Алмамбет)*.

Онунчу шыралга

1. Кара тилин кайраган, калың топто сайраган, жетимиш түрлүү эл көргөн, жетимиш түрлүү тил билген *(Ажыбай)*.

2. Көзү жанып от болот, ичи өрттөнүп чок болот.

3. Урунарга тоо таппайт, урушарга жоо таппайт.

4. Жаккан отун өчүрүп, жан-жабылта көчүрүп.

5. Желгенине жел жетпес, басканына мал жетпес, учкан куш менен жарышкан, кара байыр казанат, калбыр өпкө, жез канат, кырк күнчүлүк жолдо да кылт этип суу ичпеген, булут болуп калкыган, чуу чыкканда бөлүнгөн *(Мааникер)*.

6. Көкөтөйдүн ашы – көп балээнин башы.

7. Бороондуу күнү суук өтпөс, жаандуу күнү суу өтпөс, машанын мурду батпаган, чиркейдин мурду өтпөгөн, чыйырчык алтын, чымчык көз, жакасы алтын саймалуу, топчусу каухар сооттун, торгой көзү жыбырайт, тоок көзү быжырайт *(Манастын сообу)*.

Он биринчи шыралга

1. Сыргак эңкейиште эр саят, жетөөнү катар тең саят. Конурбай мурутун булкуп, сакалын жулкуп ыргытат.

2. Кайың ыйлап, тал ыйлап, калайык ыйлап, кан ыйлап, калың журттун баары ыйлап.

3. Өзөн бойлоп конбогун, өрт өчкөндөй болбогун. Кенебей жатып кесилбе. Алардын чалгырты бар көзүндө. Алтынын болбойт көмүрчө, күмүшүң болбойт темирче. *(Манастын Каныкейге айткан керээзинен)*.

4. Эми кара жаак айбалтаны кайкалатпай ким аштайт, алакандай журтумду акылын таап ким баштайт? Ысык-сууктан тосуучу орнотулуу чынарым *(Кошойдун коштошуу сөзүнөн)*.

5. Жандын баары күңгүрөйт, жердин баары дүңгүрөйт. Буурул ат байлап салса токтобойт, коё берсе оттобойт. Жалпак өркөч кара нар Манастын тушуна чөгөт.

6. Бүлдүргө болор жип калбайт, үрүп чыгар ит калбайт.

7. Арбын элек аз болдук, Ала-Көл элек саз болдук, Ала-Тоо элек пас болдук *(Чыйырдынын айтканы)*.

Он экинчи шыралга

1. Сынбасты уста жасабайт, өлбөстү кудай жаратпайт. Өлгөнгө өкүнгөн менен пайда жок. Түгөнбөгөн дүйнөдөн түркүн-түркүн эр өткөн, түрлүү-түрлүү шер өткөн *(Чыйырдынын сөзү)*.

2. Кайрылып жерди карасам, кара боорум эзилет, карай берсем көз тойбой, кара көзүм тешилет. Айланайын, кең Талас, будурдан бугу куюлган будурдун чөбү суюлган, адырдан аркар куюлган адырдын чөбү суюлган, тектирден теке куюлган, тектирдин чөбү суюлган. Жетиминди жетилтип, ээрчитип жүрүп эр кылам, эр уулу менен тең кылам *(Каныкейдин Талас менен коштошуусунан)*.

3. Казгалдак деген кайран куш кайрылбай учат бала деп, тентип жүрүп өлдүк го, карындан чыккан бала деп *(Каныкейдин сөзү)*.

4. Аркама бүткөң олоң чач өрүп алмай болдум ээ, ат чабам деп уулумдан өлүп алмай болдум ээ. Жоболоңдуу төлгөнү тартпай койбой не болдум, тоодой болгон Торуну чаппай койбой не болдум. Жолуман кармап алат ээ, жалынганга карабай жол боюна жарат ээ *(Каныкейдин кейишинен)*.

5. Оюлгур болсо он экиде – баш, союлгур болсо жыйырма экиде – жаш.

6. Тулпарга минген турчу эмес, тууганга жетпей тынчу эмес. Таластын суусу ташыптыр, тал башынан ашыптыр. Түбүндө ташы калдырап, үстүндө көбүк жалбырап, аңтарылып сөгүлүп, төө өркөчтөп төгүлүп.

7. Семетейди Бакай бир караса – бозум, бир караса – шер, дагы имерип караса – Манас келип калгансыйт. Атасындай зоңкоюп, күлүмсүрөп болпоюп. Кучакташып көрүшөт, коргошундай эришет.

Он үчүнчү шыралга

1. Көбүк кардай эти бар, кызыл кандай бети бар, калемдей кара кашы бар, кундуздай кара чачы бар, берметтей таза тиши бар, журттан башка иши бар. Перизаттай мелтирейт, ак берметтей мөлтүрөйт *(Айчүрөк)*.

2. Кара жерге кар жааса, карды көр да, этин көр, кар үстүнө кан тамса, канды көр да бетин көр. Ургаачыда шок деген, укмушта мындай жок деген.

3. Айчүрөк ак куу болуп учат, канатын күнгө каккылап, куйругун кумга чапкылап. Ак куурай башын сыдырат, ай-аламды кыдырат.

4. Чүрөк ак сымаптай чайпалып, адамдан башка байкалып, коргошундай көлкүлдөп, тунук суудай мөлтүлдөп.

5. Атасы барктуудан, энеси нарктуудан, алгыр тынар баштуудан, кытатта кара чачтуудан, каламдай кара каштуудан, айткан сөзү наздуудан, мурду порум мистедей, аппак эти чүштөдөй, колу асыл күмүштөй, тиши аппак күрүчтөй сулуудан тартуу беремин. Атасы журттун улугу, энеси суунун тунугу, мөлтүрөгөн кара көз, келбети сонун, ширин сөз кыз кайнимдин зайыбы болот *(Чачыкейди Күлчорого айтканынан)*.

6. Мандайы жарык, бото көз, моймолжуган ширин көз, күмүш үндүү, колоң чач, кош каркыра керме каш; акак тиштүү, ай нурдуу, алма моюн, түймө баш. Айчүрөк ак маралдай маңкайып, жылаажындай дабышы жез комуздай шаңк этет.

7. Акырын басып шоодурап, эки көзү жоодурап, чоюла басып шаркылдап, чолпондой көзү жалтылдап, ак тамагы балкылдап, айдай бети жаркылдап *(Айчүрөк)*.

Он төртүнчү шыралга

1. Таң агарып атканда, тараза жылдыз батканда, адырдын жели зыркырап, алыста кулун чуркурап, камыштын башы шуудурап, кара кыяк, калың чөп ойку-кайкы шуудурап, торгой чымчык чырылдап, теректин башы дырылдап, бешикте бала тыбырап жаткан кезде Айчүрөк түш көрөт.

2. Жалында шам күйгөн буудан мамыга байланды, чапчышы жерди термелтти, чайпалгансып көл кетти, бул эмине болуучу, бул түшүмдү жоручу? Ажыдаарды мен көрдүм, кайраттанса кара тоого тенелди, каарданса кандуу суулар бөгөлдү, жанаша турган эки тоо бири-бирине жөлөндү. Бул эмине болуучу? *(Айчүрөктүн түшү)*.

3. Тайбуурул кызарып учкан от болуп, кагылышкан майда таш көктө жүрөт ок болуп. Куюндай ойноп атылат. Кулаалы, күйкө, аксары көтөрүлө бергиче, жанынан өтөт зуу этип.

4. Үргөнч төө өркөчтөнөт. Жекендин башы желпилдейт, камыштын башы калкылдайт. Үстү үйөр кар, ортосу билектей кара кан. Атыла түшүп бөлүнөт, жайнай түшүп төгүлөт. Күкүк болуп күүлөнөт, күңгүрөнүп сүйлөнөт.

5. Түндө жатып түш көрдүм, канжыгадан баш көрдүм, кол көөкөрдөн жаш көрдүм, Талас ылдый өрт көрдүм, алчагай мүйүз ак эркеч айды карап маарады, тултук мүйүз көк бука туу түбүндө көрүндү, кырк эмчектүү кер канчык кыдырата шимшиди. Манастан калган сыр чыны, куйсам ичи толбоду *(Каныкейдин Семетейге айтканынан)*.

6. Күлчоро карып болуп калтандайт, аркалап отун тамтандайт. Капчыгай эле жол болду, артык жаман кор болду. Бир карасаң – камчы сап, бир карасаң – ийнелик.

7. Билекте кубат барында балакет кайда дээр элек, биз да тайлак басып жээр элек. Кара болот Зулпукор көөлөгөн эрдин өзү элек, тоодой-тоодой алптарды жөөлөгөн эрдин өзү элек. Кыргызга кызыл туу элек, душманга ызы-чуу элек *(Күлчоронун айтканынан)*.

8. «Манас» – уламадан укkан сөз, улам бирге жуккан сөз, угуту өнүп чыккан сөз. Ат көтөргүс болгон сөз, арсыздарга токтобой, азамат-эрге конгон сөз. Чечендерди черткен сөз, белес-белде бороондоп, беш удургуп өткөн сөз. Кызыл бороон кыр менен, кыйкырык-чуу сүр менен, сүрдүкпөгөн тил менен, кардыкпаган үн менен кошо жашап келген сөз, баласына атасы энчи кылып берген сөз.

1. Эс-тутумга токуу

239-көнүгүү. Шыралгалардын ар бирин көңүл коюп окуп чык. Эсте тутуп калууга аракеттен. Үйдөн да кайтала.

Сегизинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7. Тогузунчу шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7. Онунчу шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7. Он биринчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7. Он экинчи шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7. Он үчүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7. Он төртүнчү шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8 (бул шыралганы эки жолу көздөн өткөр).

Тапшырма

8–13-шыралгаларды толугу менен төмөнкү тартипте жүргүз. Жеке үн хор менен айкалышат. Бирок биринчи окууда экөөндө тең китеп пайдаланылат. Экинчи окууда жеке үндө китеп пайдаланылса, хордо китеп колдонулбайт, эсте калганы боюнча улап кетүүгө тийиш. (Зарылдыгына жараша мындай окууну үчүнчү жолу кайталаса да болот).

Үлгү. **Жеке үн.** «Мөндүрдөй кылып.

Хор ... ок атып, жамгырдай кылып жаа тартып» (шыралганын калган бөлүктөрү да ушундайча окулат).

240-көнүгүү. 14-шыралганы жогорку үлгүнүн негизинде үч жолу кайталап окугула.

241-көнүгүү. Өзүндү-өзүң текшер. Болжолдуу түрдө канчасын толук, канчасын чала билип, канчасын билбей турганынды аныкта.

242-көнүгүү. Бирин-бири текшерүү төмөнкү тартипте жүргүзүлөт. 1. Өз ара текшеришүү парталаш эки окуучунун ортосунда болот, адегенде бири, анан экинчиси шыралганын катары боюнча текшеришет. 2. Класста текшеришкендер шыбырап сүйлөшөт. 3. Парталарды класстагы бош жерлерге жылдырып алууга уруксат берилет. 4. Айрым окуучуларга (кээде бүт класс боюнча да) мектептин айланасында эки-экиден басып жүрүп, бирин-бири текшеришине да мүмкүнчүлүк түзүлөт.

2. Сүйлөп машыгуу

Үлгү. Эпосто чабуулдун башталышы «Мөндүрдөй кылып ок атып, жамгырдай кылып жаа тартып» деп сүрөттөлөт. Мында

октун жыштыгы «мөндүрдөй», «жамгырдай» деген сөздөрдүн жардамы менен элестүү берилет. Муну байыркы кыргыздардын курал жасоо чеберчилиги өркүндөп, согушта ышкырып учкан жебелерден тартып жебенин 20–30 түрүн колдонушкандыгын тастыктаган тарыхый маалыматтар да ырастайт. (Санжыргалуу казынадагы саптарды ушул өңдүү кылып өз сөзүң менен айкалыштырып сүйлөсөң болот. Ал кыска да, көлөмдүү да болушу мүмкүн).

243-көнүгүү. Сүйлөп машыгуу боюнча таймашуу. Шарты: 1) класстагы окуучулар төрт топко бөлүнөт; 2) төртүнчү топко бир – 14-шыралга ыйгарылат, биринчи топко 8–9, экинчи топко 10–11, үчүнчү топко 12–13-шыралга тапшырылат; 3) ар бир топ өзүнчө айтөгөрөк болуп отурушат да, тиешелүү шыралгадагы саптарды өз сөздөрүнө кантип, кандайча кошуп сүйлөө боюнча кеңешишет; 4) тапшырманы баарынан мурда аткарган топ таймашты баштайт; 5) ар бир топтогу окуучу 2–3төн мисал келтирет, демек, сүйлөбөй калган бир да окуучу болбойт; 6) шыралганын бир сабы боюнча эки-үч түрлүү мисал келтирип сүйлөөгө жол берилет; 7) мугалимдин өзү калыс болот, ар бир топто түзүлгөн туура сүйлөмдөрдү эсепке алат жана ошого карата жыйынтык чыгарат.

3. Жазып машыгуу

Эскертүү: Санжыргалуу казынадагы саптарды жазууда сага төл жана бөтөн сөздүн жазуу эрежелери кызмат кылат.

244-көнүгүү. Сегизинчи шыралгадан 6-сапты төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын беш түрү боюнча өзгөртүп жаз.

(1.

: «

». 2. «

», –

.

3.

: «

», –

.

4. «

, –

,

».

5.

- ги жөнүндө
- ги тууралуу
- гин.

245-көнүгүү. Тогузунчу шыргалгадан өзүң каалаган беш сапты тандап ал жана аларды төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын беш түрүнө (жогорку көнүгүүнү кара) ылайыкташтырып жаз.

246-көнүгүү. Онунчу шыралгадагы 3-сапты төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын беш түрү боюнча (жогорку көнүгүүнү кара) өзгөрт, бирок оозеки иштеп, кайсы жерине кандай тыныш белгиси коюларынан бери аныктайсың.

247-көнүгүү. Он биринчи шыралгадагы 7-сапты төл жана бөтөн сөздүн жазылышынын беш түрү боюнча оозеки өзгөрт жана кандай тыныш белгилери келерин кошо белгиле.

4. Сулуулукка суктан

Сулуулукту көрө билүү, аны көздүн карегиндей сактоо, коргоо, ага ыракаттануу, агынан жарылган пейил менен мамиле кылуу жана үзгүлтүксүз ызаат көрсөтүү керек. Ал эми ушундай сулуулуктун мазмунунда чөгөрүлгөн улуу сөз кудуретине баш уруп таазим этүүдөн башка жол жок.

1. Он төртүнчү шыралгадагы 1-сапты кара, таңдын атышына байкоо жүргүз: 1) кандай добуштарды, шоокумдарды угууга болот; 2) эмнени сезүүгө болот; 3) эмнелер даана элестелет; 4) сүрөттөлгөндүн баары өз ара байланыштуубу; 5) айтуучунун көрө, биле жана туя билүүсүнө кандайча баа бересиң?

2. Он төртүнчү шыралга, 4-сап. Дайранын агышына жана сүрөттөлүшүнө көңүл бөл, элестет.

3. Он төртүнчү шыралга, 3-сап. Тайбуурулдун чуркашына байкоо жүргүз; 1) эмне үчүн ал кызарып учкан от; 2) куюндай ойногону кандай; 3) ылдамдык кандайча чагылдырылган?

4. Он үчүнчү шыралга, 1, 2, 6, 7-саптар. Айчүрөк жөнүндөгү сүрөттөөлөрдүн ар бирине өзүнчө көңүл бур, элестет.

5. Ой толго

1. Он экинчи шыралга, 4-сап. Каныкей энебиздин башына түшкөн оор мүшкүлдүн арман түрүндө чагылдырылышына байкоо жүргүз. Ошол оор мүшкүл кандай саптар менен берилген.

2. Он экинчи шыралга, 2-сап. Каныкейдин Ата журт менен коштошуусу. Эмне үчүн боор эзилип, көз тешилткен азап туулган жердин кооздугу, жетимди жетилтип, эр азамат кылып тарбиялоо жөнүндөгү аруу тилек менен түйүндөштүрүлүп берилген?

3. Он төртүнчү шыралга, 5-сап. Ушул түштө көрүнгөндөргө өзүнчө ой жүгүртүп чечмелеп көр; 1) эмне үчүн баш канжыгага

байланган; 2) кол көөкөрдөн жаш, Талас ылдый өрт болгону эмнеси; 3) эмнеликтен ак эркеч айды карап маарайт; 4) тултук мүйүз көк бука эмнеликтен туу түбүнө келип калды; 5) канчык эмне үчүн кыдырата шимшийт; 6) сыр чыны неликтен толбойт?

4. Он төртүнчү шыралга, 8-сап. Эмне үчүн бул Улуу сөз ат көтөргүс болду, эр азаматтардын акыл-эсине токтоду; 2) чечендерди чертип тандап; 3) белес-белден беш удургуп өттү; 4) эмнеликтен кызыл бороон кыр менен, кыйкырык-чуу сүр менен кошо жашап келген; 5) эмнеликтен атасы баласына бул улуу сөздү энчи кылып берген? Демек, сага, сенден кийинки укум-тукумга да энчиленип калганы кандай?

Класстан тышкары иш үчүн тапшырма

Класстан тышкары иш катары санжыргалуу казына, тагыраак айтканда, 1–14-шыралга боюнча эки команда түзүп, алардын ортосунда таймаш уюштургула. Ал эки бөлүктөн турат. **1-бөлүк** – санжыргалуу казынаны оозеки пайдалануу, **2-бөлүк** – аларды катасыз жазып машыгуу боюнча.

Эскертүү: 2) Мындай иш «Кеп куржунга» тиешелүү башка салаалар менен алгоолоштурулуп жүргүзүлүшү жана жарыш класстардын ортосунда болушу да мүмкүн:

Бөксө жер калдыбы?

XI класс боюнча

8-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
9-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
10-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
11-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
12-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
13-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7_____?
14-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8 _____?

X класс боюнча

1-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7_____? (2-бап, § 32)
2-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
3-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
4-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7_____?
5-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7 _____?
6-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7_____?
7-шыралга: 1, 2, 3, 4, 5, 6 ,7 _____?

§ 67. «ТИЛ КУТУЧАСЫ» ТОПТОМУ

Сегизинчи кутуча

(1–7-кутуча 10-класста, 2-бап, § 33)

1) *төн* – көрүнбөй чөгүп, батып кетүү, көрүнбөй бир нерсенин арасына кирип жок болуп кетүү. М.: Алыска-алыска төнүп кетти. Көк асманга төнгөн торгойлор сайрайт.

2) *төп* – так, туура, бардык жагынан толук ылайык. М.: Айткан сөзү төп келди.

3) *төрага* – (төрайымы) – жыйынды башкаруучу.

4) *төпөштө* – уруу, сабоо, таяктап коюу, токмоктоп коюу.

5) *туйтуң* – кең-кечири карк болуу, толук жетиштүү болуу. М.: Отунга туйтундук.

6) *тук этүү* – чырм этип алуу, бир аз уктоо, куш уйку салуу, көз илиндирип алуу.

7) *тукулжура* – жедеп ал-күчү кетүү, айласы түгөнүү, жоктуктан каржалуу, такыр жок абалга келүү. М.: Балам банкрот болуп, ошондон кутула албай тукулжурап отурган кезим.

8) *тунжура* – көшүлүңкү, мемиреп магдырагандай тынч абалда болуу. М.: Адырлар тунжурап тыптынч.

9) *ындыны өчүү* – көңүлү чөгүү, көңүлсүз болуу, үмүтсүздөнүү.

Тогузунчу кутуча

1) *тунма* – тундурма кымыз, кымыздын гүлү.

2) *туткакта* – жибербөө, асылуу, ээрчип алуу. М.: Туткактап жабышкан бала энесин жумуштан калтырды.

3) *түрткүнчүк* – туш-туштан түрткүгө калган абал, жек көрүндү.

4) *тымпыгый* – ичинен тынган, ачылып сүйлөбөгөн, тымпыйган.

5) *тымпый* – сүйлөбөй, сыр билгизбей, унчукпай коюу.

6) *тымтырс* – жымжырт, кулак-мурду кескендей жымжырт.

7) *тымызын* – ачык эмес, алдыртан, жашырын, билинбестен.

8) *тээжик* – кежир, тил албас, сөз жебеген.

9) *ылым саноо* – жакын саноо, жан тартуу, жакшы көрүү.

Онунчу кутуча

1) *ултан* – өтүктүн таманы. М.: «Бөтөн элге султан болгуча, өз элиңе ултан бол».

2) *улутун* – ички кейиштин, оор сезимдин кысымы менен оор дем алуу, күрсүнүү.

3) *устукан* – азыраак эти калтырылган жилик, сөөк.
4) *учан теңиз* – уч-кыйры жок, чексиз.
5) *уялаш* – бир уядан, уясы бир, жатындаш.
6) *үбөлүк* – камыр жаюу үчүн колдонуучу жумуру таякча.
7) *үзөңгүлөш* – бирге жүргөн, бирге өскөн.
8) *үнөмчүл* – үнөмдөөгө эпчил, тыкан, так, ыксыз сарп кылбоочу, ысырап кылбоочу.
9) *ыңкып чыгуу* – аябай жыш чыгуу, калың болуу.

Он биринчи кутуча

1) *үлүрөй* – кабагы ачылбаган кебетеде көзүн жүлжүйтүп суз кароо.
2) *үлүрөңдө* – орой сөздөр менен ачууланып, туруп бузуп урушуу.
3) *үтүрөй* – жаман көз менен карап, кабак бүркөө, кабак чытуу, түнөрүү.
4) *фермер* – менчик жердин ээси, ижарага алынган жердин арендатору.
5) *филология* – элдин тилин, адабий чыгармачылыгын жана маданиятын изилдөөчү илимдердин жыйындысы.
6) *фирма* – товар сатуучу же буюм жасап чыгаруучу соода жана өнөр жай ишканасы.
7) *цивилизация* – коомдук өнүгүштүн жана материалдык маданияттын белгилүү бир коомдук-саясий формацияга мүнөздүү болгон өсүш деңгээли.
8) *чаарчык* – эликтин баласы.
9) *ыргылжың* – чечкиндүү эмес, олку-солку, бир жаңсыл эмес, эки ойлуу.

Он экинчи кутуча

1) *чабандес* – мыкты улакчы, көк бөрүчү, атка жүрүүгө абдан машыккан киши.
2) *чагарак* – боо өткөрүү же кулпу салуу үчүн металлдан жасалган тегерек алкак, төңөлүк.
3) *чагым* (чагымчы) – кайраштырган ушак, жалаа, бирөөнү жамандагандык, кайраштыргандык.
4) *тамашага чалуу* – тамашага жоотуу, тамашага буруу.
5) *кулагы чалуу* – угуп калуу.
6) *чалагайым* – ишти аягына чейин аткара албаган, үстүртөн мамиле кылган.
7) *чачпак* – келиндер чачка тагуу үчүн чачылуу кара жибектен жасалган же күмүштөн ар түрдүү формада кооздотулуп жасалган жасалга.

8) *чеберде* – этият болуу, сак болуу, абайлоо, байкап аракет кылуу.

9) *ырыскы* – ичип-жээр, оокат кылар тиричилик насиби, энчи, дөөлөт.

Он үчүнчү кутуча

1) *чекмеле* – сыр билдирбей чегип сураштыруу.

2) *чечен* (чечендик) – сөзгө чебер, мыкты, куюлуштуруп жана таасын сүйлөө.

3) *чолпу* – келиндер чачка тагуучу, бири-бирине тизилген тегерек тыйын сыяктуу күмүштөн сомдолуп, кооздолуп жасалган жасалга.

4) *чөлкөм* – айлана-чөйрө, аймактан кичирээк.

5) *беттин чүкөсү* – беттин томпоюп чыгып турган сөөгү.

6) *чүштө* (чүштөдөй) – аппак.

7) *чык* – этти малып жеш үчүн арналган же тууралган этке куюу үчүн мурч, пияз, согон салып атайын даярдалган сорпо.

8) *чыкыроон* – бети-башты тызылдаткан, денени ичиркенткен, карандай катуу суук.

9) *ышкы* (ышкылуу, ышкыбоз) – бир нерсеге кызыккандык, кызыгып берилгендик, аны самагандык. М.: Комузду көргөндө, чертүүгө болгон ышкысы козголуп кетти.

Он төртүнчү кутуча

1) *чыпчыргасын коротпой* – эч нерсени калтырбай, коротпой, бүт баарын.

2) *чыргоолон* – жөнү жок эле шылтоо менен чатак чыгаруу, чыргоолук кылуу.

3) *шалпы* – уят сөздөрдү тартынбай, ылгабай сүйлөй берүү, тантып кетүү.

4) *шардана* – (шардана болуу) – элге билинүү, элге угулуу, белгилүү болуу.

5) *шатман* (шатыра-шатман) – көңүлдүү, кубанычтуу, шайыр, куунак, дуулдаган, шат.

6) *шерне* (шерине) – улам кезектешип тамак берүү үчүн уюшулган топ, он чакты кишиден турган өз ара жыйын, ушундай жыйындын тамагы.

7) *ширенкана* – көбүнчө базарда сатуучу менен алуучунун ортосуна түшкөн далдалчыга берилүүчү энчи (акча).

8) *шүмүрөй* (шүмүрөң, шүмүрөндө) – кейпи кетүү, үтүрөйүп жүдөмүш тартуу, кебете-кепшири кетүү.

9) *эжигей* – койдун ынак сүтүнөн бир нече күн ачытылган жумур менен уютулуп, бышырылган азык, тамак.

Он бешинчи кутуча

1) *шыбага* (шыбагалуу, шыбагалаш) – бирөөгө тиешелүү үлүш. М.: Өзүнө тиешелүү шыбагасын ала келиптир.

2) *шүдүңгүт* – уйдун чарчабаган, алдына эч нерсе салбаган күлүгү.

3) *шылуун* – жулундаган куу, митам, айлакер, алдым-жуттум, шамдагай, эпчил, тың.

4) *шынаарла* – жандоо, ээрчүү, жакындоо.

5) *шыпшын* – өкүнгөндө, капа болгондо, таң калганда эриндерин бири-бирине жабыштыра чолп эткен дабыш чыгаруу.

6) *шыкакта* (шыкак) – шыкак берүү, түрткү берүү, ээликтирүү, күүлөндүрүү.

7) *шылкый* (шылкыюу) – башын кыйшайтуу, башын төмөн салуу, маанайы басандоо, чөгүү, жүдөңкү көрүнүү, дарманы кетүү, алсыроо.

8) *шыбыргак* (шыбыргактоо) – майдалап, бүртүк-бүртүк болуп жыш жаап турган кургак кар жана суукта борошолоп жааган жаан.

9) *сары эсеп* – пайда чыгаруу, пайда көрүү аракетин жасап, аябай так, зыкымдык менен эсеп жүргүзгөн киши.

1. Сөз маанилерин үйрөн

248-көнүгүү. Сегизинчи-тогузунчу кутучадагы сөздөрдүн маанисин чечмелеп окуу (китеп боюнча)

Үлгү. **1-окуучу.** «төн-... .

2-окуучу. ...көрүнбөй чөгүп, батып кетүү, көрүнбөй бир нерсенин арасына кирип жок болуп кетүү».

249-көнүгүү. Онунчу, он биринчи, он экинчи кутучадагы сөздөрдү да жогорку үлгү боюнча окуу.

250-көнүгүү. Он үчүнчү, он төртүнчү, он бешинчи кутучадагы сөздөрдү да жогорку үлгү боюнча окуу.

251-көнүгүү. Онунчу, он биринчи, он экинчи кутучадагы сөздөрдү жогорку үлгү боюнча чечмелөө жана мисал менен бекемдөө.

252-көнүгүү. Он үчүнчү, он төртүнчү, он бешинчи кутучадагы сөздөрдү жогорку үлгү боюнча чечмелөө жана мисал келтирүү.

2. Жазып машык

253-көнүгүү. Сегизинчи (3, 4, 6), тогузунчу. (9) кутучадагы катары көрсөтүлгөн сөздөрдү өз сөзүнө катыштырып жаз.

Үлгү. 1. Кароолдо турганда, кайдан тук этип аласын! 2. Төрага таңды-кеч чапкылап жумушта, чарчаганда тук этип алууга буямасы келбейт (мында *төрага, тук этүү, буяма* деген сөздөр бар).

254-көнүгүү. Онунчу (2, 4, 3), он биринчи (1, 7, 9), он экинчи (2, 6, 7,) кутучадагы катары көрсөтүлгөн сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз. Үлгүдөгү 1- же 2-мисалга окшош туруп жазуу өзүңдүн каалооңо жараша.

255-көнүгүү. Он үчүнчү (4, 6, 8), он төртүнчү (2, 7), он бешинчи (4, 5, 9,) кутучадагы сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз.

4. Тест

1. *Ал айткан сөзгө тил албаган... неме*
Көп чекиттин ордуна кайсы сөздү коюу керек?
(А) тымпыгый
(Б) тээжик
(В) чечен
(Г) үнүрөндөгөн

2. *Жаман классташ... кылып, ынак достордун арасын ажыраткысы келет.*
Көп чекиттин ордуна кайсы сөз мааниси боюнча келет?
(А) түрткүнчүк
(Б) шардана
(В) чагым
(Г) ыргылжын

5. Бөксө жер калдыбы?

8-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
9-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
10-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
11-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
12-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
13-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
14-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
15-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?

Бир сыйра көз жүгүрт **(10-класс, 2-бап, § 33)**

1-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
2-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
3-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
4-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
5-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
6-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?
7-кутуча: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-?

§ 68. «ИЛХАМ КЕП» ТОПТОМУ

Бешинчи түрмөк

(комуз жөнүндө)

1. Бирде урунуп жердин жылуу төшүнө, бирде минип күндүн бийик жалына кайра кетип ыракаттуу көшүүгө, сезем күүнүн жүгүргөнүн канымда. *(Сүйүнбай Эралиев).*

2. Койгон өңдүү сыйкырдантып үч кылга, жердин шары колго түшүп алмадай, капкачаңкы уктап калган жүз жылдар селт деп жерден баш көтөрүп алгандай *(Сүйүнбай).*

3. Күү эмчегин мени менен жер эмет, жараткан ай, бул не деген керемет! Мен кейисем, эгер болсоң сооротмок «Миң кыялдын» бир кайрымын бере кет! *(Сүйүнбай).*

4. Жок, тура тур, буйрук эмес, жай табам, макул десең, угуз түгөл кайтадан. Минтип комуз күүсү ойнолуп турганда, мен өлүмгө каяша да айта алам (Сүйүнбай).

5. Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз, чертилбейт күүгө келбейт чебер колсуз. Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй, бирок да өнөрү бар айтып болгус *(Алыкул Осмонов).*

6. Кылымдан-кылым санап көксөй-көксөй, жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй, бул комуз көп сууларды кечип келген, эли да комузундай жөпжөнөкөй *(Алыкул).*

Алтынчы түрмөк

1. Жазгы суу чабалактайт, чабалактайт, буурадай жаралануп жаткан жарда. Кырында кызгалдактар жабалактайт, калгандай кан чачырап туландарга *(Сүйүнбай).*

2. Таңында араң токтоду, түн бою жамгыр чыпкалап. Үргүлөп турат ноктолуу бедеге түнөп чыккан ат *(Сүйүнбай).*

3. Күн батат көл бетинен тайып нары, эл тарап, ээн калып кайыктары. Сезилет жалаң сууда дир-дир этип, жыланач жылдыздардын кайыкканы *(Сүйүнбай).*

4. Көл кечте күтүлбөгөн каары менен, жулкутуп жээктердин баары менен, таңында – көл эмес, тек дөө жаткансыйт, үшкүрүп араң-араң жаны менен *(Сүйүнбай)*.

5. Жараган күлүккө окшоп көп жол басып, бүркүттөй нечен бийик зоолор ашып, кымыздай чөйчөгүнөн сапырылып, жаштыктай күр-шар этет көбүк чачып. Ак шуру, күмүш алкак тоо кызындай шаректайт жорго минип мени карай. Шарп этип чала-була тийип кетип, тартылат кайра артына уялгандай *(Алыкул)*.

6. Урматтап жарга урунуп, көл шарпылдайт, ак чабак айга – атылып, түн жаркылдайт. Кайдадыр көз жетпеген терендикте канатын көлгө ургулап, каз каркылдайт. Табият көк менен көл ортосунда өзүнчө селкинчек тээп, күлөт... ырдайт *(Алыкул)*.

Жетинчи түрмөк

1. Ысык-Көл – кыргыз көлү кылкылдаган, кыз-келин кылаасында шыңкылдаган. Кылымдар колдон түшкүс маржан болуп, көрүнбөй тереңинде жылтылдаган *(Алыкул)*.

2. Ысык-Көл – кыргыз көлү, шарпылдаган, көркүнө көктөн башка тартылбаган. Замандар кербенчидей чубап өтүп, чарчаса саясында салкындаган *(Алыкул)*.

3. Аял деген: чаалыккан көсөм – сайдырган берен – бактыдан тайган жигитке кемибеген, кебелбеген бир мекен! Көпкөк асман жерге түшсө жарылып, кыян жүрсө жердин үстү тарылып. Ал кыяндан өтөр элем кыйналбай, бир көз караш кубатынды жамынып *(Алыкул)*.

4. Мен жашадым өз күнүмө таарынбай, кара тилек, жаман ойго багынбай, түк билинбей өтүп кетет окшоймун, бир кечинин жаап өткөн карындай *(Алыкул)*.

5. Тыңшап, тыңшап боюм балкыды, мен укпаган өмүр күүлөрүн. Жан жыргатар жыргал салкыны, эх, заман, сенин күндөрүң! (*Алыкул*).

6. Эрке желдей беттен сылап желп эткен, ал кез калып, токтоо, толук жаш жеткен. Эстүү болуп бүгүнкүдөн эртеңи, кечээкиге уялышкан кез кеткен *(Алыкул)*.

Сегизинчи түрмөк

1. Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң, кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп... Суугунду өз мойнума алайын, жол карайын, токтой турчу, Ата журт! *(Алыкул)*.

2. Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин, наалат келип ат тизгинин шарт буруп... Азабынды өз мойнума алайын, из карайын, токтой турчу, Ата журт! *(Алыкул)*.

3. Жазда башка... Жел тийбесин абайла, көпкө турбас мобул турган сур булут. Бүт дартынды өз мойнума алайын, сен ооруба, мен ооруюн, Ата журт! *(Алыкул).*

4. Кыргызстан – жашыл жери, жашыл бакча жергеси, жайыт төрү, дан талаасы, сан байлыктын энеси. Кен казынасы, көл сулуусу, тунук суунун атасы, ак пейилдин, мартчылыктын, ырыскынын кемеси *(Алыкул).*

5. Чандатып сан-миң жылдын эки арасын, турмуштун данканга уруп майда ташын өмүрдү салмоор кылып зырылдатып, тагдырдын сазга айлантып зоо-аскасын Адамдын эс-акылын камчыланып, замана, кайда зуулап баратасың?! *(Алыкул).*

6. Мен уялам, мына мындан уялам, көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам. Колун кезеп «жолуң болгур» дегенсийт, жер шарынан күлүк учкан заманам *(Алыкул).*

1. Эсиңе сакта

256-көнүгүү. Бешинчи түрмөктөгү саптарды (2, 3, 4, 5, 6) ыргагы боюнча ичинен оку.

Үлгү. «Бирде урунуп// жердин жылуу // төшүнө, // бирде минип // күндүн бийик// жалына, // кайра кетип// ыракаттуу// көшүүгө, // сезем күүнүн// жүгүргөнүн// канымда».

Эскертүү. // – бул белги коюлган жерде тыным жасалат.

257-көнүгүү. Алтынчы жетинчи жана сегизинчи түрмөктөрдү жогорку үлгүгө окшоштуруп окугула. Хор менен.

258-көнүгүү. Алгоолоштуруп окуу. Буга 5–8-түрмөктөр бүт камтылат.

Үлгү. Жеке үн. «Бирде урунуп...
Хор... жердин жылуу төшүнө,
Жеке үн... бирде минип...,
Хор. ...күндүн бийик жалына,...
Жеке үн. ... кайра кетип...
Хор. ...ыракаттуу көшүүгө...
Жеке үн. ...сезем күүнүн...
Хор. ...жүгүргөнүн канымда».

2. Өз сөзүңө катыштыр

Үлгү. Сүйүнбай Эралиевдин «Бирде урунуп жердин жылуу төшүнө, бирде минип күндүн бийик жалына, кайра кетип ыракаттуу көшүүгө, сезем күүнүн жүгүргөнүн канымда» деген комуз күүсүнө арналган ыры мени толкундатты. (Эгер ушул үлгүгө

«Кайсы Сүйүнбай?» «Качан?» «Кайсы жерде?» «Кандайча толкундатты?» деген сыяктуу суроолорго берилген жоопторду кошсок, анда байытылган баян пайда болот. Демек, үлгүнү ушундайча байытып да колдонуу керек).

259-көнүгүү. 5–6-түрмөктөгү саптарды өз сөзүнө кошуп сүйлө. Үлгүгө окшоштур.

3. Жазып машык

Илхам кеп түрмөктөрү эки түрдүү жазылат.

1. Бөтөн сөз катары тырмакча менен жазылат (§ 8ди кара)

1) Т : «Б». 2) «Б, » – Т.

3) Т : «Б», – Т.

4) «Б, – Т, – Б».

5)

– гин,
– ги жөнүндө
– ги тууралуу

6) «Б» Т.

2. Тесте түрүндө жазылганда, тырмакчанын зарылдыгы болбой калат. М:

Бирде урунуп жердин жылуу төшүнө,
Бирде минип күндүн бийик жалына,
Кайра кетип ыракаттуу көшүүгө,
Сезем күүнүн жүгүргөнүн канымда, – деп жазган Сүйүнбай Эралиев.

260-көнүгүү. Бешинчи түрмөктөн 4-сапты, алтынчы түрмөктүн 6-сапты, жетинчи түрмөктөн 3-сапты, сегизинчи түрмөктөн 1-сапты Т : «Б», – Т кештеси боюнча жаз.

261-көнүгүү. Бешинчи түрмөктөн 2-сапты, алтынчы түрмөктөн 3-сапты, жетинчи түрмөктөн 1-сапты, сегизинчи түрмөктөн 5-сапты «Б», – Т, – Б» кештеси боюнча жаз.

262-көнүгүү. Бешинчи түрмөктөн 5-сапты, алтынчы түрмөктөн 5-сапты, жетинчи түрмөктөн 4-сапты сегизинчи түрмөктөн 4-сапты «Б» , – Т кештеси боюнча жаз.

263-көнүгүү. Бешинчи түрмөктөн 6-сапты, алтынчы түрмөктөн 1-сапты, жетинчи түрмөктөн 2-сапты, сегизинчи түрмөктөн 3-сапты Т: «Б» кештеси боюнча жаз.

4. Бөксө жер калдыбы?

5-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
6-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
7-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
8-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?

Көз жүгүртүп кой
(10-класс, 2-бап, § 34)

1-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
2-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
3-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
4-түрмөк: 1, 2, 3, 4, 5, 6-?
5. Илхам кеп деген эмне?

§ 69. «СЫН СӨЗ» ТОПТОМУ

Аялзат сыны

1. Алтын согончок, жез шыргый

Аялзатынын эң мыктысы. Көрк-келбетин, шыңга боюн жез шыргыйга теңеп кадырлап-барктап ызааттаганга татыктуу. Ак уул, кызыл кыздын энеси болгондугу – алтын согончок деп бааланган. Илгери ордо үйгө ача баштуу, аземдүү жез бакан тиреп коюша турган. Аны менен ак ордонун түндүгүн көтөргөн. Мунусунда да купуя сырдуу маани жатат. Жез шыргый үйгө көрк берип турган. Демек, мыкты аял жез шыргыйдай үй көркү, куттуу үйдүн тиреги дешкени.

2. Аркар эмчек, акылгөй тараз

Бала-бакыралуу болсо дагы келишимдүү тараз бою, келин сыны кетпейт. Керилген сымбатынан жазбайт. Ошондон улам

мындай ургаачыны кайберендин ыйыгы аркарга тенешкен. Кудайдын зайып затына бөлгөн акыл-эсине да ашыгыраак эгедер болгондугунан, акылгөй атанган. Адеби адам баласынын көңүлүн жылытып, элге, ага-тууганга мамилеси дайыма жагымдуу, адамгерчиликтүү.

3. Ак көрпө жайыл

Жүрүм-турумунда айыбы жок, ала жипти аттоодон алыс. Баш кошкон эрин абдан кадырлайт. Күйөөсүн күкүктүн баласындай багат. Табийгатынан оор басырыктуу, келбеттүү келип, ата салтын, каада, үрп-адатты жакшы билет. Үйүнө кадыр-барктуу коноктор көп келет. Эри да ар дайым зайыбы менен акылдашып иш кылгандыктан, эринин иши ар дайым алга жылат.

4. Ак жоолук делбир

Ашкере чырайлуу, сулуу жан. Жарык мандайы, жаңырган айдай каштары, узун кирпиктүү ботодой жайнаган көздөрү, кырдач муруну, ак жуумал жүзү, кызыл гүлдөй эриндери, койкойгон мойну бирине-бири төп келгенин айт. Төгүлгөн узун чачы, кыргый куш мүчөсү сымбатын арттырып турат. Келбетинен кемтик таппайсың. Үй оокаттын майын чыгарган тың бүйрө.

5. Жайыл дасторкон

Колу ачык, пейили кенен десең кенен, терең десең терең, бардар. Ушунусу менен элге жагат. Казаны оттон түшпөй, дасторконунда дүйүм тамагы жайнап турганы турган.

Келим-кетимге бай. Саймачылык, оймочулук дегенди катырып, ушак-айынга көңүлү түшпөйт. Абысындар арасында урмат-сыйдын эгеси.

6. Жабылуу кара инген

Көп сүйлөбөйт, кишиге катуу үн катпайт дагы. Арбын убактысын үй-тиричилиги менен алпурушуп өткөрөт. Бала-бакырадан бак айткан, карапайым келет, Текебер, кесирдик дегенди билбейт.

Эринин табылгасына көтөрүлбөй, элге да, эрине да бирдей мамиледе болот. Бар болсо мактанбайт, жок болсо чүнчүбөйт. Кенен оокатка да, тартыш оокатка да бүйрө.

7. Баш койкон

Койкондоп эл бийлөөгө катышат. Өндүү, түстүү келет. Тил табышып сүйлөшө билгенге кыйын. Кыял-жоругу, жүрүм-турумму эркек мүнөздүү. Эрин да, үй-бүлөсүн да теске салып башкарат.

8. Дүнүйөкөй тоту

Табылганын зайыбы. Илгеркилер «чүпүрөк зайып» деп да коюшкан: Эски-уску, керексиз чүпүрөк-чапыракты дүнүйө көрөт. Аларды көзү кыйбайт. Ал эми табылганын зайыбы дегени, эрдин колунан бак-дөөлөт тайыса, жүдөп калат. «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт» дегендей, ошол төө мингендин зайыбы. Жөө жүргөнгө – жүк!

9. Дүр кабак чабдар

Дайыма кабагы бүркөө, урушка жакын. Дитине бирдеме жакпаса, итатайы тутулуп, кайырын чайыр кылат. Эрдин да, бала-бакыранын да сазайын берет. «Кыялына өз атаң, тууган энең гана чыдабаса»... – деп айтайын десең ак уул, кызыл кызды төрөп койгон. Уул-кызы чоңоюп, энесин кой дегиче кайран эр карып калаар...

10. Ай чырайлуу, ача тил

Алла Таала ага чырайды аябай берген, бирок кемиткесин тилинен чыгарып, акылын пас кылган. Колунан түзүк иш да, аш да келбейт. Тилинин заары кара чаар жыландын тилин калпый кесип, желимдеп алганындай эле бар. Тууган-туушканга да, коңшу-колоңго да тили тиет. Бир эрди өмүрү өткөнчө карып кылат.

11. Эчки сан тыйтак

Түтүндү түрө кыдырган айылчы, узун ушакчы. Эчки сымал эрбең-сербең этип, жаны жай албайт. Сырт келбети дагы жагымдуу болбойт, көзүң тойбойт. Эки айылды эриктирбейт, бир айылды бириктирбейт. Этегин үзө басып, түтүн чыккан үйлөрдү түрө андыйт.

12. Суу мурун сөпөк

Аты эле айтып тургандай, болгону ургаачы эле... Ушакчылыгы, айылчылыгы жок. Бирок дайыма жүдөмүш. Үй-жайын, казан-аягынын ирээтин жөндүү билбейт. Өз боюна дагы жакшы карай албайт.

(*«Байзак баатыр» китебинен*)

Күлүктөр сыны

1. Тулпар

Көөдөнү жоон, чаткаягы кең, кетмен туяк, кең соору, тиштери бүтүн, куйругу саян, капкан бел, өркөчү бийик. Айрымдары кийик баш, маңдайы жазы, далысы өркөчүнө жармашып турат.

2. Буудан

Кең көкүрөк, арымы кең, тиши курч, куйрук-жалы чоң, көйкөлгөн көкүлдүү, камыш кулак, жез билек, чулу туяк. Соорусу даңкайып турат. Асыйга чейин тулпар, тулпардан буудан болгон.

3. Дулдул

Бука булчуң, буура сан, букта бакай, кебежи курсак, соорусу менен көөдөнү чоң, туягы көнөктөй болот. Алыс жол жүргөндө, тоютту анчалык көп талап кылбаган мунбас жылкы.

4. Аргымак

Ичи кындыйып тобурчак, каз моюн, шыйрагы жонгондой, аркар аяк, элик баш, жүнү кундуздай жалтырак, бастырганда төрт аягы жерге тик түшөт. Аткан октой атырылат. Өтө курч келет.

5. Карабайыр

Тулкусу жоон, күлүк, күчтүү, чыдамдуу жылкы тукуму.

6. Күлүктүн үч сыны

Кулак түргүлө? Чабышка салчу жылкынын күлүгү үчкө бөлүнөт. Үч башка сын алат. Алар үч чоку күлүк, үкү аяк күлүк жана мээ кечти күлүк делинет. Үч чокунун күлүктүгү төбөсүнөн, өркөчүнөн жана соорусунан байкалат. Үкү аяктыкы төрт бутун да болот. Мээ кечтиники жалгыз гана башында.

(*Жакыпбек Төлөгөнов, «Талас турмушу» гезитинен*).

Үч жакшы

1. Журт жакшысы

Адам жакшысы деле үч түргө бөлүнөт. Үч башка баа берилет. Жаманчылыкта да, жакшылыкта да өзүнүн туруктуулугун

көрсөткөн, жатка дагы, тууганга дагы калыс мамиле жасап, көпчүлүктүн кадырлоосуна татыктуу болгон жакшы адамдар чыгат. Муну – «эл жакшысы» дейт. «Журт жакшысы» дейт. Мындайлар алгыр куштарча жоон топ болбой, буудайыкча аздап, жалгыздап чыгат.

2. Эр жакшысы

Катаал учурда каршылашкан топко жалгыз аттанган, душмандын мизин кайтарып, жүрөгүнүн үшүн алган көсөлдөр чыгат. Муну – «эр жакшысы» дейт. Андай шерлер сунулган мылтыктан, көтөрүлгөн кылычтан кайра тартпайт.

3. Ата жакшысы

Ак никелеп алган аялы барктаганды, уул-кызы сүйгөндү, өзүнүн таман акысы, мандай тери менен ак жашап, күн өткөргөн адам үчүнчү жакшыга кошулат. Муну «ата жакшысы» дейт. Мындайлар ар он үйдөн бешөө же жетөө учурайт.

(*К. Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан*).

1. Кулакка үйүр алдыруу

264-көнүгүү. «Аялзат сынындагы» ар бир сөздү чечмелеп окуу.

Үлгү. **1-окуучу.** «Алтын согончок, жез шыргый».

2-окуучу. Аял затынын эң мыктысы. Көрк-келбетин (калганы да китептегидей окулат).

265-көнүгүү. «Күлүктөр сынындагы» ар бир сөздү чечмелеп окуу. Жогорку үлгүгө окшоштуруп.

266-көнүгүү. «Үч жакшы» темасындагы ар бир сынды чечмелеп окуу. Жогорку үлгүгө окшоштуруп.

2. «Ким айтат?»

(Оозеки)

Класстагы окуучулар экиге бөлүнөт. Бир тарабы «Жайыл дасторкон деген кандай адам?» деп сурайт. Экинчи тараптын өкүлдөрү ага жооп берет. Калыс окуучу жооптун тууралыгын же туура эместигин дароо билдирип турат.

267-көнүгүү. «Аялзат сыны» боюнча суроо-жооп уюштургула.

268-көнүгүү. «Күлүктөр сыны» боюнча суроо-жооп уюштургула.

269-көнүгүү. «Үч жакшы» деген тема боюнча суроо-жооп уюштургула.

3. Өз сөзүңө кошуп сүйлө

Үлгү. Байзак баатыр чукугандай сөз тапкан чечен эле болбостон, чоң сынчы болгон. Ал аялдарды да сынап билген. Мисалы, алтын согончок, жез шыргый – бул аялзатынын эң мыктысы. Көрк-келбети, шыңга бою жез шыргыйга теңеп айтылган. Ак уул, кызыл кыздын энеси болгондугу үчүн «алтын согончок» делген, ж. б.

270-көнүгүү. «Аялзат сынына» кирген сыпаттарды өз сөзүңө үлгүгө окшоштуруп кош.

271-көнүгүү. «Күлүктөр сынын» да өз сөзүңө үлгүгө окшоштуруп кош.

272-көнүгүү. «Үч жакшыны» да өз сөзүңө үлгүгө окшоштуруп кош.

4. Өзүңдү-өзүң текшер:

Аялзат сыны		Күлүк сыны	Үч жакшы
1-?	7-?	1-?	1-?
2-?	8-?	2-?	2-?
3-?	9-?	3-?	3-?
4-?	10-?	4-?	
5-?	11-?	5-?	
6-?	12-?		

(Кошумча түшүнүк. Сан менен белгиленгендер сын сөздүн катарын билдирет, суроо (?) белгиси «билесиңби?» дегени. Ар бир суроонун тушуна билсең, «кошуу» (+), билбесең «кемитүү» (–) белгисин калем менен кой. Анан «кошуу» менен «кемитүүнүн» жалпы эсебин ал. Ошондон соң «кемитүү» белгиси коюлган жерлерди кайра окуп, кайталап чыксаң, бардыгын билген болосуң.

5. Кайтала
(10-класс, 2-бап, § 35)

1. Сынчылык өнөрдүн артыкчылыгы. Толубай, Кошой, Санчы сынчы.

2. Арстанбек Буйлаш уулунун сын таберiктерине көз жүгүрт.
1-таберик: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9.
2-таберик: 10, 11, 12, 13, 14, 15, 16, 17, 18.
3-таберик: 19, 20, 21, 22, 23, 24, 25, 26, 27.
4-таберик: 28, 29, 30, 31, 32, 33, 34, 35, 36.
5-таберик: 37, 38, 39. 40, 41, 42, 43, 44, 45.
6-таберик: 46, 47, 48, 49, 50, 51, 52, 53.

§ 70. «ЧЕЧЕН СӨЗ» ТОПТОМУ

1. Жейрен чеченге аялынын өлгөнүн угузуу

Аттан түшүп, жай сурап отурганда, бир карыя чеченге кайрылат:

– Ээ, чеченим, бул дүйнөдө үчөө: агып жаткан суу, асман тиреген тоо, ааламды жаркын нурга бөлөгөн күн өлбөйт дейт, чынбы?

– Жок, алар да өлөт? Кычырап кыш келип, борошолоп кар жааса, тоонун башын ак басат – өлбөгөндө не болду. Арылдап аккан дайра жок, булактын көзүн муз басса, суу өлбөгөндө не болду. Асманда булут ойноктоп, нурду жерге жеткирбейт – күн өлбөгөндө не болду.

– Ээ, чеченим, анда адамзатка келелик – атасы өлгөн не болот?

– Атасы өлгөн аскар-зоосу ураган менен тең болот. Куудай сакалын агартып, төрдө отурса атакең – аскар-зоо болбогондо не.

– Энеси өлгөн не болот?

– Энеси өлгөн – элин жоо чапкан менен тең болот.

– Баласы өлгөн не болот?

– Өзөгүн өрт алган менен тең болот. Өрттөнсө өзөк-тукум жок, өчкөнү болот отундун.

– Ээ, чеченим, эң акыркы бир собол: катыны өлгөн не болот?

Ошондо Жейрен чечен ыргып кеткен экен:

– Атандын көрү, катыным өлгөн турбайбы? Карыганда кууратып, төрт баш бир жаздыкта жатып калган экенбиз.

Ошондо баягы карыя чеченге кайрылат:

– Ашык кетсем, кечирип кой, чеченим, «Карыганда кууратып төрт баш бир жаздыкка жатып калыппыз» дегенге түшүнгөн жокпуз.

– Анын эмнесине түшүнбөгөндөй. Менин жашым бул болсо, эри өлгөн жесирге баш кошормун. Мен өлгөн аялымды эстеп, ал өлгөн эрин эстеп – бир жаздыкта төрт баш жатпаганда не болдук. (*С. Закировдун «Кыргыз санжырасы» деген китебинен*).

2. Эр-Киши, Агуш жана эрди желки сары бала

Анан ал (Агуш) Эр-Кишиге табышмак айтты:

– Көз ыйласа, жаш тамар. Күн ыйласа, не тамар? Муну айтып коюң? Атан өлсө, чом калар. Атым өлсө, не болор? Муну айтып коюң? Жалгыз ак куу үч турнаны ээрчитип көккө учуп чыгыптыр. Ол нени көздөйдү? Ону айтып коюң!

Эр-Киши ээгинче башын көтөрдү да, шашпай айтты:

– Көз ыйласа, жаш тамарын өзүң айттың. Күн ыйласа, кан агарын мен айтайын. Түбү бир журт жоолашса, баягыдай кан өлсө, эл кыйрарын мен айтайын. Баягыда жөө качканында уйсун журтуң кыйрабай койду беле, анан. Жалгыз ак куу үч турнаны жетелеп көккө жүргөнүн сен көрүпсүң. Анын эмне көздөгөнүн мен айтайын, куу куркулдап чалкар көл самайды. Турналар ыйык канат кагат. Куу сүзчү көл, турналар кезип учкан боору жайык Жер чандабаса дейди. Турнанын асыл канаты жеткен жердеги эл-журт мунайбаса дейди. Ошону самап ак куу турналарды баштап келет!

– Аа, билгим. Бул жандырмагың көңүлүмө уюду. Өзүң эмне дээр элең?

– Мен эмне дейин? Күн ыйлабасын деп ак куу учту. Куу төлдөр көлдү төгөмүн деп, Жер артынан дөө чыкты. Аны кантебиз? Дөөгө бет багалык десек, коломтодо өрт жанат. Ачуу түтүн көзүмдү ачыштырды. Ал тайыды. Муну кантебиз? Ал тайбасын десем, атчанды төөчөн жоолайт. Ол экөө жоолашса эки ортодо карга, кузгун тойлор. Аны кантебиз?

– Уай, кымызга канып, этке тойгондор?! Бу «ууруну» кебин кимиң туюндуң? Кана, туюнганың айтың. Туюнбасаң, таруу сугунгандай дымың чыкпасын?!

Эрди желки сары бала алдыга өтө берип сынар тизеледи:

– Агуш аке, жол бериң? Мен айтайын бул кишиге жандырмагын. «Ыйык Жер тепселбесин, эл-журт мунайбасын» деп тилейт экен бу киши. Бу жакка кастык самаган жоо бар экен. «Ону кандай тособуз» дейди. Жооо бет багалык десек, акылы аз кагандар, эсирген бектер ыркты, ынтымакты кетирип – күч кетет. «Муну кантебиз» дейди бу киши. «Ынтымак куралык десек – бирибизди-бирибиз билбейбиз. Билгибиз келсе минтип жоолашабыз. Бирибизди-бирибиз карга, кузгунга жем кылабыз» дейди бу киши! Агуш аке, жаңылсам жазалаң. Жаңылбасам, биз жоо дегендер өз экен? Эр салтын жөрөлгөлөп коюң.

Эки эл мындан ары тааныш болсун – жоолашпасын *(Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынан.* Сөздүк: ол-ал, коюң-коюңуз, дейди – дейт, жазалаң-жазалаңыз, бериң-бериңиз, айтың-айт, самайды-самайт, коюң-коюңуз, көздөйдү-көздөйт).

3. Айтыбар чечендин Калыйчага айтканы

Калыйчанын күйөөсү өлгөндө, кадырлап-сыйлап жүргөн Айтыбар чечен келбей калат. Кийин Айтыбар чечен көңүл айтканы келсе, Калыйча карабай отуруп алат. Ошондо Айтыбар чечен мындай дейт:

– Эр картайды, мал тайды – экөөлөдү ой, Калыйчам. Катын чалпоо, уул тентек – төртөөлөрдү ой, Калыйчам. Келин катаал, кер болду, агайын жат эл болду – алтоолоду ой, Калыйчам. Карылык менен кедейлик – эгиз келди, Калыйчам, мунун баарын санасам, сегиз болду, Калыйчам. Келдим, эми кетемин, ызааты жок короого кире албадым нетемин.

Калыйча:

– Ай тийген тескей тең жарык, арстанынан айрылган, атаны кокуй, мен карып. Күн тийген тескей тең жарык, күйөөсүнөн айрылган күйүттүү бейбак мен карып.

Анда чечен:

– Кайрат деген кыраан бар, кайгыга тизгин бербеген. Кайгы деген – жалын бар, өзөктү чагып өрттөгөн. Үмүт деген тилек бар, кубантып кубат алдырган. Кайгы деген азап бар, кубартып отко жандырган.

– Сиз келгенде бир кайгырып, бир кубандым, бул эмнеси? – деди, Калыйча. Чечен:

– Келгенде, билбегенинди бетине айттым – ал ыйлатканым эмеспи. Кайгырып жаткан жеринден тургуздум – бул кубантканым эмеспи. Өмүр турганда, өлүмдү сүйлөгөндөн без. Тирүчүлүк турганда, көргө сүйрөгөндөн без.

Калыйча:

– Чечен, акыл алтоо, ой жетөө деген, акылынды айтып кет.

Чечен:

– Кайсы баатыр элден сурап баатыр болуптур. Элге-журтка тең болгон, айткан сөзү эм болгон адам баатыр болот. Баатырдан айрылган эл сыңар эмчекти карап калганга тең. Сурап калдың айтайын, бул дүйнөдө не жаман? Битирлер жыйган мал жаман. Эрегишкен эр жаман. Үлгүсүз бычкан тон жаман. Башчысы жок эл жаман. Алты канат ак өргөө ээсиз калса, ал жаман. Жаңы келген жаш келин жесир калса, ал жаман. Себепсиз болгон жок жаман. Энкейип машак тербеген, өз күнүн өзү көрбөгөн токсонго келген чал жаман. Казылуу турган көр жаман. Менден акыл сурайсың, токсон жаш көрөйүн деген жашымбы, унуттум айтайын деген атымды. Аягым сага не жаздым, жүрүүгө кандай чектеттиң. Колум сага не жаздым, кармай албай жектеттиң. Башым сага не жаздым, моюн кетти шылкылдап, башым калды кылтылдап. Кайгырба эми, Калыйчам, карылык жаман баарынан. Жамандыкты билгениң – жакшылыкты билгенин *(С. Закиров «Кыргыз санжырасы» китебинен)*.

4. Таймаш

Осмонбек:

– И?! Жакасы болсо, тон дейбиз жалы болсо ат дейбиз, буту айры, жумуру башты киши дейбиз. Ыя, бу сенин кычаш сүйлөп турганынды карачы, ыя, сенин буту айры, жумуру баш экенинди көрбөй турамбы?!

Токтогул:

– Жо, кол тондурган суукта колтугунду жылытпаса, жакасы кундуз болсо да, тон дебейбиз, кара жанга күн түшкөн чакта ара жолдо майышып турса, жалы кучак болсо да, ат дебейбиз, буту айры, жумуру баш болгону менен саламга алик албаса, сөзгө кулак салбаса, андайдын малдан айырмасы канча, киши дебейбиз.

– Э-эй, бала, та-арт тилинди. Сенин саламына эле курсагы ачып отурган киши барбы?!

– Илгертен «сөздү сөз келгенде айтпаса, атасы өлөт» деген! Анан калса, кесилсе баш кесилген, а тил кесмеги жок экен.

– Эй, сетерчи, бу өзүндөн бетер кер сүйлөгөн неме го?!

Ниязаалы:

– Сиздин жайдак атка жол бербеген, жаактууга жай бербеген чечен адам экениниз дайын эмеспи, укkан болсо, өзү да оозунда сөзү бар неме экен, жаакташып көргөнү жатпайбы, болуш...

(*Төлөгөн Касымбеков, «Келкел» романынан*).

5. Кайсы башталыш күчтүү?

Даркан билги:

– Киши баласынын ниетинде эки башталыш касиет бар. Бири – эси, бири – жырткыч маглук мүнөзү. О, садагасы кетейин Көк тенир, башка маглук катары киши баласын да өз кудурети менен өз нурунан, өз көз жашынан өз деминен жууруп жараткан го. Киши баласы жер бетине кызыл эт бойдон пайда болуп, ошондо: «Э, Көк тенир жаратканым! Учайын десем канатым болбосо, кармайын десем тырмагым болбосо, тиштейин десем азуум болбосо, сүзөйүн десем мүйүзүм болбосо, не корунарга конулум, жылынарга түгүм болбосо! Не деп жараттың? Бу ою, чункуру, дөнү көп жеринин бетине корго келтирдиңби, о, кудурети күчтүү Көк тенир?!» деп наалыш айткан го. Көк тенир жооп кылган: «Э, азизим, өз башынды сыйпалап көр, жумуру жараттым, ичине бир татык эс салдым. Ошол бир татык эс ой толгоого дил берет, ой жорууга тил берет, качсаң кутултат, куусаң жеткирет, куш кылып көккө чыгарат, балык кылып, сууга түшүрөт. Сени, азизим, бул байманалуу дүйнөгө эге кылып жараттым» деген экен го.

Кара каган:

– Аттиңай, ошен этип киши баласы жерге түшкөндө, же жылкынын сүтүн эмсечи – сыпаа болот эле, же койдун сүтүн эмсечи – момун болот эле, же уйдун сүтүн эмсечи – боорукер болот эле, кырк эмчектүү көк карышкырдын сүтүн эмип – суктугу, ач көздүгү ошондон калды. Кайсы башталыш касиетин түбөлүктүү десек ылайык?

Даркан билги:

– Эси – киши баласынын Теңири берген мээри. Киши баласы эс менен өсөт, эс менен жайылат. Эси улам алысын жакын кылат, улам оор жүгүн мойнунан алат, жан багуусу жеңилдеп, акыры кырк эмчектүү көк карышкырдын сүтүнүн кээри тазаланат, ошондо пейили кеңип, ниети агарат. *(Төлөгөн Касымбеков, «Келкел» романынан.* **Эскертүү:** маглук-макулук, эге-ээ, ошен этип-ошентип).

274-көнүгүү. «Жейренче чеченге аялынын өлгөнүн угузуу» деген темада чечендин чечендиги, тапкырлыгы сындан өтөт. 1. Дүйнөдө үчөөнүн өлбөстүгүн чечен кандайча чечмеледи? 2. Бир жаздыкта төрт баштын жатып калышы кандайча түшүндүрүлдү? (Чечен сөздөрдү катыштыруу менен оозеки жооп бер).

275-көнүгүү. Табышмактуу сүйлөшүүнү жана анын чечмелениишин ролдоштуруп окугула (Диктор, Эр-Киши, Агуш жана сары бала катышат).

276-көнүгүү. Төмөндөгү табышмакты өз сөзүң менен чеч.

1. Күн ыйласа не болот?
2. Атым өлсө, не болор?
3. Жалгыз ак куу үч турнаны ээрчитип учкандагы көздөгөнү не?
4. Чалкар көлдү төгүп салмакчы болгон дөө ким?
5. Коломтодон өрт жанганы эмнеси?
6. Атчанды төөчөн жооласа, эки ортодо карга, кузгунга той болору кандай?

(Төмөнкү сөздөр мааниси боюнча алты суроонун кайсынысына туура келет: жоо, кан төгүлөт, душман үзүрүн көрөт, биримдик бузулганы, эл жеңилет, элди жоо чаппасын деп).

277-көнүгүү. «Айтыбар чечендин Калыйчага айтканы» деген теманы талда.

1. «Эр картайды, мал тайды – экөөлөдү ой, Калыйчам. Катын чалпоо, уул тентек – төртөөлөдү ой, Калыйчам. Келин катаал, кер болду, агайын жат эл болду – алтоолоду ой Калыйчам. Ка-

рылык менен кедейлик – эгиз келди, Калыйчам. Мунун баарын санасам, сегиз болду, Калыйчам»,– дейт Айтыбар чечен. Бул куюлушкан чечен сөздөр менен ал эмнени айтмакчы болгон?

2. Айтыбар: «Кайрат деген кыраан бар, кайгыга тизгин бербеген. Кайгы деген жылан бар, өзөктү чагып өрттөгөн. Үмүт деген тилек бар, кубантып кубат алдырган. Кайгы деген азап бар, кубартып отко жандырган» – дейт, бул кимге карата жана кандай максат менен айтылып жатат?

3. Дагы Айтыбар чечен: «Сурап калдың айтайын, бул дүйнөдө не жаман?

Битирлер жыйган мал жаман.
Эрегишкен эр жаман.
Үлгүсүз бычкан тон жаман.
Башчысы жок эл жаман.
Бешиктеги жаш бала жетим калса, ал жаман.
Алты канат ак өргөө ээсиз калса, ал жаман.
Жаңы келген жаш келин жесир калса, ал жаман.
Себепсиз болгон жок жаман.
Энкейип машак тербеген, өз күнүн өзү көрбөгөн токсонго келген чал жаман» – дейт. Бул кепте Калыйча менен Айтыбарга тиешелүүсү барбы?

4. «Менден акыл сурайсың, токсон жаш көрөйүн деген жашымбы, унуттум айтайын деген атымды. Аягым сага не жаздым, жүрүүгө кандай чектеттиң. Колум сага не жаздым, кармай албай жектеттиң. Башым сага не жаздым, моюн кетти шылкылдап, башым калды кылтылдап» – деген Айтыбардын сөзүнөн узак жашоо арман экенин сезүүгө болобу? Анда опол тоодой жүктү жаш чакта көтөрүп, өмүр кызыгын да жаш чакта көрүү керекпи?

5. Аягында Айтыбар өз сөзүнөн «Жамандыкты билгениң – жакшылыкты билгениң» деген корутунду чыгарат. Бул корутунду ким үчүн? Сага жана башкаларга тиешеси барбы?

> «Айтыбар чечендин Калыйчага айтканы» – бул чечен сөз өнөрүнүн туу чокуларынын бири. Анын талдоого сунуш кылынган беш бөлүгүн (жогорку көнүгүүнү кара) жатта. Бул чечен сүйлөөнүн айырмаланган үлгүсү. Ал сага өмүр бою керек.

278-көнүгүү. «Таймаш» темасын ролдоштуруп окугула. Катышуучулар: диктор (1-окуучу), Осмонбек – чеченсип да, кекээрлеп да, өктөм да сүйлөгөн адам (2-окуучу), Токтогул (3-окуучу), Ниязалы (4-окуучу).

279-көнүгүү. «Кайсы башталыш күчтүү?» (Оозеки ой жүгүрт).

1. Даркан билги киши ниетиндеги кайсы башталыштарды белгилейт.
2. Кара каган эки башталыштын кайсынысын түбөлүктүү деп эсептейт?
3. Жер бетине кызыл эт келген киши баласынын Көк теңирге наалышы туурабы?
4. Көк теңир жумуру башка салган бир татык эстин күчү канчалык?
5. Сенин оюңча, киши ниетиндеги эки башталыштын кайсынысы күчтүү?

1. Өзүңдү-өзүң текшер

1. Жейренче чеченге аялынын өлгөнүн угузуу ☐
2. Эр-киши, Агуш жана эрди желки сары бала ☐
3. Айтыбар чечендин Калыйчага айтканы ☐
4. Таймаш ☐
5. Кайсы башталыш күчтүү? ☐

(Төрт бурчтуктардын ичине билсең «+» (кошуу), чала билсең «?» (суроо), билбесең «–» (кемитүү) белгисин кой жана «?», «–» белгилери коюлган теманы кайра оку.

2. Кайтала

(10-класстагы «Чечен сөз» топтому. 2-бап, § 36)

1. Чечен сөз деген эмне?
2. Чечен келинден көпкөлөң жигит, үч жолу сөзгө сынат. Жигит буга кандай жоруктары менен «татыктуу» болду?
3. Айтыбар чечендин Текес баатырга айтканы.
4. Атыла хан эл жөнүндө.
5. Көкөтөй чечендин Байгазыга айтканы.
6. Ырысбек чечендин бир келинден жеңилгени.
7. Ниязбектин Качыкеге айтканы.
8. Дааныш карыянын жообу.
9. Жаныбек хандын жеңилгени.
10. Акылман кыздын жообу.

§ 71. «НАСААТ СӨЗ» ТОПТОМУ

Сен насаат угуучу гана эмес, насаат айтуучу экенинди да эсинен чыгарба. Бул турмушта баары болот. Ошондуктан насаат айтууга ар дайым даяр болууга тийишсиң. Насаат жугумдуу болушу үчүн үндү бийик көтөрбөй, сырдаштык маанай менен айтыш керек. Тынсынуунун, акылдуусунуунун да зарылдыгы жок. Насаат айта билүү – чоң маданият. Ал эми ар бир инсан – ошол маданияттын алып жүрүүчүсү.

Жусуп Баласагындын насааттарынан

1-насаат. Жаштык өтөт, өмүр өтөт элирген, бу дүйнө – түш, сен да өтөсүң өмүрдөн.

2-насаат. Төрдөн орун тийген болсо нааданга, улагада калганына арданба.

3-насаат. Кут бир келет – бакпасаң кетип калат, бак бир конот – үйлөсөң өчүп калат.

4-насаат. Жаман сөз билими жок тилден чыгат.

5-насаат. Билимдүүнүн болот эки белгиси. Бири – напси, бири – тили, тыйса аны, бакыт ага дайра болуп куйганы. Билимдүү жан тыят дайым кулкунун.

6-насаат. Сөз маанисин билбейбиз, онун ойлоп, бирин гана сүйлөйбүз. Бирин айтып, тогузун тый – керексиз, калетсиз сөз капта калсын демекпиз.

7-насаат. Берген суроонун жообу так болсо, ал ошончолук барктуу.

8-насаат. Бул жашоо – айдоо талаа, түшүмүн жыйнап алат сепкен гана.

9-насаат. Байлык деген туздуу суу тазарбаган, тил катып суусаганда кандырбаган.

10-насаат. Адамды айбандардан айрыйт акыл, билими артык болсо – ошол асыл.

11-насаат. Жаман иштен сактаса – абийир сактайт, жакшы ишке баштаса – абийир баштайт.

12-насаат. Адамзатты эки нерсе багыттайт – адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.

13-насаат. Сен элге жөлөк болгун көңүл бөлүп, эл кызматын кылбаган – тирүү өлүк! Адам эмес – жалаң өзүм дегендер, чыныгы адам – элдин камын жегендер.

14-насаат. Билим деңиз түбү да, чеги да жок, канча сузсаң азайбайт, толо берет.

15-насаат. Ушунда бар сен үчүн улуу сабак, өлгөн өлөт, өрнөгү сага калат *(Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» китебинен)*.

Сарт акенин насааттары

Биринчи насаат

Жакшы атка конуу – асылдык. Ага жетүү кыйын, аны колдон чыгарып коюу арзан. Колдон чыккан – жоголгон нерсе. Жоктун орду толбойт, толсо да мурдагыдай болбойт.

Экинчи насаат

Урмат – улуу сый-сыпат. Адамга жасаган бардык мамилең таза, ыйык мээримден болсо, акырындап отуруп сен ошонун үзүрүн көрөсүң. «Жакшылык айланып кайра келет» деген – ошол. Урмат эки тараптуу: сенден да, андан да болууга тийиш. Урмат-сыйда эмне тартуу кылынса, мейли түркүн тамак-аш, арзан-кымбат буюм, чоң-кичине мал – эч качан бирин барктуусунтуп бойго жакын кабыл алып, биринен четиркеп, четке какпа, анткени колдон келген урмат-сый учурунда баарынын баркы бирдей болот. Эгерде урмат-сыйда тартууланган нерсеге ылгоо жүргүзүлсө, анда тегиндин чоо-жайына, керт баштын баркына шек кетет жана нысаптын дарегине доо кетет, зил кетет, көлөкө каптайт да, алкына алдырган болосуз.

Үчүнчү насаат

Ыксыз жерден бейкүнөө аял адамдын шагын сындыруу – адепсиздиктин өтө ыпыласы. Эркекти да төрөгөн, аялды да төрөгөн – ошол аялзаты. Тарткан түйшүгү өлчөөсүз. Аял адамды эне деп эсептейбиз. Адам жаратууда эненин мээриминдей мээрим болобу? Ушундан улам аялзатынын шагын сындыруу, бейкүнөө капа кылуу эң жаман адепсиздик гана эмес, Кудай алдында кетирген күнөөнүн өтө оору, кечиримсиз болуп эсептелет.

Төртүнчү насаат

Суюк нерсе эле төгүлүп-чачылбастан, күтө албасаң бак-дөөлөт да төгүлүп-чачылат. Бак-дөөлөт көтөрө албастан, акыл менен токтото албастыктан бир төгүлсө, жаратылышынан бир агылат. Түбөлүк орноп калган дөөлөт жок. Дөөлөт оошмо. Анын артынан күтүлбөгөн кыйын – кыстоолор келет. Дөөлөткө чалкысаң да, кыйынчылыкка көнбөссүң, кыйынчылыкка чалкый албайсың.

Мына ошондо акыл керек, сабырдуулук, кайрат, көтөрүмдүүлүк керек. Кыйынчылыкты көтөрүү гана керек – андан башка жол жок.

Бешинчи насаат

Жокту тап, изде, аракет кыл. Аракетсиз жок нерсе асмандан түшпөйт. Ал эми жоктон ойлонуп отуруп жалаа чыгаруу – карөзгөйлүк, кыянаттык. Бул – адам баласынын өлүмдөн кийинки душманы.

Алтынчы насаат

Түптүү элде нарк-нуска, салт, үрп-адат, адеп-ыйбаа туруктуу. Муну тутунбаган адам нарксыз, нускасыз. Мындай адам эл-журттан ажырайт. Эл-журтка ажырабас үчүн ар бир адам мурастарынын: салттын, нарк-нусканын, үрп-адаттын алдында милдеткер.

Жетинчи насаат

Эстүү адам бир жолу кетирген кемчилигин, күнөөсүн экинчи кайталабайт. Өткөндөн өрнөк алат. Мына ушунун өзү – билимдүүлүк. Ал эми түйшүк болсо башка. Түйшүк – жашоо аракети. Жакшынын жан жолдошу – түйшүк. Падышанын падышадай, бектин бектей түйшүгү болот. Түйшүк тартпаган адам ырыскыдан кем.

Сегизинчи насаат

Жакшылык да, жамандык да катмар-катмар, кабат-кабат. Жамандык менен жакшылык бири-бирине коошпогон менен, аларда деле танапташтык бар. Жаман деген нерсе да кезегинде керек болот, жакшы деле кезегинде керектен чыгат, бул – бир жагы. Экинчиден, жаман «деген нерседе катылган жакшы жагы, тескерисинче, жакшы дегендин көкүрөк сезбеген жумурунда жаман жагы болот.

Тогузунчу насаат

Өзүндөн мыктыларга, жашоо-тиричилиги жогоркуларга, зоболосу бийиктерге суктанба, өзүндөн пастарга, ал мусапыр болсо да, карып болсо да, кем акыл болсо да сынтакпа. «Суктануу кызганчаактыктан, ичи-тардыктан, көрө албастыктан келип чыккан илдет болсо, сын тагуу текеберчиликтен, кем акылдыктан, өзүн көтөрө чалуудан, кемсинтүүдөн келип чыгат.

Онунчу насаат

Кесир деген – ырысын тебүү. Кесир да канат-бутактуу: баш кесир, мал кесир, аш кесир. Мунун баарынан жаманы – баш кесир. Баш кесир кылган адам акыры башка зар болот. Башка зар адам – кор адам, жалгыз адам. Жалгыздык – кара баштын мүшкүлү, тозоктон оор мүшкүл.

Он биринчи насаат

Ниет оңолгондо, эси-дартың да, сүйлөгөн сөзүң да оңолот. Жакшы айтылган сөздүн өмүрү узун, бүт ааламды баккан кара жер, калың эл гана казына эмес, тунук акылдан чыккан асыл сөз да кенч. Ата мурасынын бардыгы сөз аркылуу укум-тукум-га жетет.

Он экинчи насаат

Эл оозунда «Мээнет жалпак, бак тоголок» деген макал бар. Бактыны асыроо керек. Алы акыл менен, токтоолук, көтө-рүмдүүлөк, жөнөкөйлүк, сабырдуулук менен асырабаса колдон чыгып кетет.

Он үчүнчү насаат

Жаңы жараны айыктырганга караганда, айыгып бараткан жараны тырмап отуруп дүүлүктүрүп, ырбатып койгон соң, аны айыктыруу ого эле кымбатка турат.

Он төртүнчү насаат

Бузукудай айлакер, амалкей болобу? Ал түшкө кирбеген нер-сени чындык катары ынандырганга жарайт. Ошондон улам чык-кан ар кандай жанжалды алоолонуп тутанганга чейин өчүрүү керек.

Он бешинчи насаат

Адамдын оң жолдо болуусунун өбөлгөсү этияттык. Этият-тык акыл менен баамдоодон, сезимталдыктан келип чыгат. Этият-тык бардык жагдайда, бардык учурда керек: отуруп-турганда, атка минерде, босогону аттаганда, үйдөн орун алганда, дастор-кон үстүндө, даам сызганда, амандашып учурашканда, артыкча сүйлөгөн сөздө, жасаган иште, кыскасы, этияттык ар дайым болуш керек.

Он алтынчы насаат

Ар нерсенин нагыз баркын башындан өткөргөндө билесин: токчулуктун баркын ачка болгондо, жылуулуктун баркын үшүгөндө, жакшынын баркын жок болгондо, туугандын баркын жат ичинде, дүнүйөнүн баркын андан кол жууганда, ден соолуктун баркын андан ажыраганда, күч-кубаттын баркын картайганда, унаанын баркын жөө калганда билесиң.

(Сарт аке – 18–19-кылымдардын аралыгында жашаган кыргыз акылманы).

Насааттарды үйрөн

280-көнүгүү. Жусуп Баласагындын насааттарын окуу (Эки окуучу кезектешип окуйт).

281-көнүгүү. Жусуп Баласагындын насааттары алгоолоштурулуп окулат. Бир окуучу баштайт, хор калганын улап окуйт.

Үлгү. 1-окуучу. «Жаштык өтөт...»

Хор. ....өмүр өтөт элирген, бу дүйнө түш, сен да өтөсүң.
Өмүрдүн (калганы да ушундай).

282-көнүгүү. Даанышман акындын бул насааттары дагы алгоолоштура окулат. Бир окуучу баштаган сапты хор жатка айтуу менен улап кетиши зарыл. Жогорку үлгүгө окшош.

283-көнүгүү. Кыргыз элинин акылманы Сарт акенин насааттарын парта боюнча кезектешип окугула. Бир насааттан.

Үлгү. 1-окуучу (l-насаатты окуйт)

... ...

16-окуучу. (l6-насаатты окуйт). (Эгер окуучулардын саны 16дан көп болсо, калганы 1-насааттан тартып окуй берет. Эгер окугандардын саны 16дан кем болсо, токтолгон жерден l-окуучу улантып кетет).

284-көнүгүү. Төмөнкү темаларды Сарт акенин кайсы насааттарына ыйгарууга болот?

1. Асылдык. 2. Барк жөнүндө. 3. Аялзаты тууралуу. 4. Этияттык. 5. Урмат-сый. 6. Бузуку. 7. Бак-дөөлөт. 8. Жараны тырмоо. 9. Өлүмдөн кийинки душман. 10. Мээнетти асыроо. 11. Түптүү элдин туруктуу милдеттери. 12. Асыл сөз кенчи. 13. Билим жана түйшүк. 14. Кесир.15. Жакшылык менен жамандыктын танапташтыгы. 16. Суктануу жана сын тагуу.

Үлгү. 1-насааттын темасы – «Асылдык».

285-көнүгүү. Сарт акенин «Ата мурасынын бардыгы сөз аркылуу укум-тукумга жетет» деген сөзүн талда.

286-көнүгүү. Сарт акенин «Түптүү элде нарк-нуска, салт, үрп-адат, адеп-ыйбаа туруктуу» деген сөзүн жогорку беш кеште боюнча өзгөртүп айтып бер.

2. Насаат айтып көн

Эсиңде болсун

Сен насаат сөздү кабыл алуучу угарман гана эмес, башкаларга жеткире айта алуучу инсансың да.

286-көнүгүү. Жусуп Баласагын менен Сарт акенин насаат-тарынын ичинен өзүнө айрыкча жаккан жана үзбөй колдоно тургандарынды аныкта.

287-көнүгүү. Ушул эки насааттын ичинен колдоно тургандарынды аныкта.

288-көнүгүү. Ушул эки насааттын ичинен унутулуп кала тургандарын аныкта.

289-көнүгүү. Насааттарды канчалык билерлигинди аныктоо үчүн өзүндү-өзүң текшер.

Жусуп Баласагын боюнча

1-насаат. - ?
2-насаат. - ?
3-насаат. - ?
4-насаат. - ?
5-насаат. - ?
6-насаат. - ?
7-насаат. - ?
8-насаат. - ?
9-насаат. - ?
10-насаат. - ?
11-насаат. - ?
12-насаат. - ?
13-насаат. - ?
14-насаат. - ?
15-насаат. - ?

(Ар бир суроодон (?) кийин билгенинде « + » билбегенинде «–» белгисин кой.)

Сарт аке боюнча

1-насаат. - ?
2-насаат. - ?
3-насаат. - ?
4-насаат. - ?
5-насаат. - ?
6-насаат. - ?
7-насаат. - ?
8-насаат. - ?
9-насаат. - ?
10-насаат. - ?
11-насаат. - ?
12-насаат. - ?
13-насаат. - ?
14-насаат. - ?
15-насаат. - ?
16-насаат. - ?

(Мында суроолордун тушуна билгенинде «+», билбегенинде «−» белгисин кой. Анан эки топтогу насааттарды «−» белгиси коюлган жерлери боюнча кайталап оку).

Үлгү. Айталы, 11-насаатка «−» белгиси коюлган. Демек, Сарт акенин 11-насааты жазылган текст окулат.

3. Бөксө жер калдыбы?
(10-класс, 2-бап, § 37ни кара)

1. Насаат сөз деген эмне? Аны Сарт аке кандайча чечмелеген?
2. Элдик насааттар, алардын канчасын билгенинди, аткарып жүргөнүндү аныкта (1–41).
3. Мухаммед пайгамбардын осуяттарын кайталап оку (1–7-осуят).
4. Улукмандын насааттарын кайтала (1–14).
5. В. А. Сухомлинскийдин насааттары (1–20-насаат).

§ 72. «НУСКА КЕП» ТОПТОМУ

Нуска кеп кыргыз элинин нечен кылымды карыткан улуттук таалим-тарбиясындагы мезгилдин улуу сынагынан өтүп, улам иргелип, тандалып, жышылып, тазарып отуруп бизге жеткен көрөсөн туундулардан. Ал өзүнүн жаралыш маанайы боюнча буйрукчул эмес, гумандуу жана демократиялуу. Себеби нуска сөз эч кимди «тигини тигинт, муну минт» деп мажбурлабайт, тес-

кебейт, бирок «керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук» деген жол-жосунду эш тутат: Аны укkан киши: «Бул ким үчүн айтылды? Мага тиешеси барбы?» – деп ой жүгүртүүгө тийиш. Андап түшүнүшү зарыл. Антпесе кыйыр түрдө айтылып жаткан нускоону түшүнбөй да калат. Бирок нусканын мазмуну, кандай болгон күндө да, эсте сакталат. Анткени нуска өзүнчө баяндалуу өзгөчөлүктөрүнө ээ:

1) нускада эсте бекем сакталып кала турган сюжет бар;

2) ой образдуу чүргөлөт;

3) бирок анда «тигиндей бол, мындай бол» деген ачык насаат жок;

4) жыйынтыкты, чечимди укkан өспүрүм өз алдынча чыгарууга тийиш;

5) өзү үчүн жыйынтык чыгарбай, жөн эле угуп, билип коюу менен чектелгендер да болот.

Сюжет менен образ нусканы тез эсте кармап калууга мүмкүндүк берет. Бир укkан адам аны эгерим эсинен чыгарбайт. Бул анын башкалардан айырмаланган артыкчылыгы. Бирок нуска – бул элдик таалим-тарбиянын өзгөчө түрү. Ал педагогикалык нуска, бир чечимге келип, андан кандай иш-аракет жаратуу керектигин өзүнө калтырат. Демек, үлгү түрүндө айтылса да, таалим жабык боюнча калат. Насаат мазмунда катылуу болот.

Эл арасында сөзмөрлүк өнөрдүн ичинде нуска кеп айрыкча бааланган. Ошол себептен нуска айткан адамдарды «нускалуу карыя», «оозунда нуска кеби бар, мээр шыбагалуу карыя экен» деп урматташкан. Ошондуктан атадан – балага, энеден – кызга өтүп келген нуска кеп да сөзмөрлүк өнөр, маданияттуу сүйлөө каражаты, ойду баяндап берүүдөгү өзүнчө түр катары мындан ары да улантылары бештен белгилүү. «Нуска» деп өзү кашкайта туюндуруп тургандыктан, ал да өзүнчө «нуска кеп» деп таанылышы турган иш.

1. Ысман мүнүшкөр

Илгери өмүрүн куш салуу үлпөтү менен дөөлөттө өткөргөн Ысман деген мүнүшкөр жашаган экен. Ал ушул сөөлөттүү турмушунда нечендеген куш салган, бирок ошолордун ичинен бири унутулгус болуп эл оозунда сакталып калган. Карачолок деген бүркүтүн нечен жыл салып, анан коштошордо уста чакыртып, куштун билегине алтын билерик салдырып, андан соң шилекей алышып, акыреттик дос болуп: «Бар эми, Карачологум, сени армансыз салдым, сага мен ыраазымын, эми улгайганында сени колго кармап мусапыр кылгым келбейт», – деп учуруп жиберген экен. Ошол ошо болот. Арадан эки жыл өтөт. Күндөрдүн биринде Алай тараптагы жек-жааттары мейманчылап келип

калат. Сөз арасында коноктордун оозунан «Алай тараптан бирөө бүркүт кармаса, билегинде алтын билериги бар экен» деген кепти угуп калат. «Аа, ал менин Карачологум экен. Укпасам болот эле. Уккандан кийин досту капаста калтырууга болбойт» – дейт да, Ысман Таластан аттанып чыгат. Күн-түндөп жүрүп отуруп Алайга жетет, сураштырып отуруп бүркүт кармаган кишини табат. Караса – Карачологу! Кармаган мүнүшкөргө бир ат, бир кой берип, Карачолокту сатып алат да, ээн жолго чыккандан кийин: «Бар, Карачологум, асманда ээн-эркин шаңшып учуп, өмүрүндү өткөр эркем. Мен достук парзымдан кутулдум», – деп бүркүттү кайра учуруп жиберген экен (*Эл оозунан*).

2. Бүркүт менен кур бака

Илгери бир ороонун түбүндө жаткан кур бака менен бүркүт ашына болуп калган экен. Бүркүт көктө аба жарып чабыттап жүрүп, бир күнү кур бака ашынасына кайрылып, ороонун жээгине конуптур. Ороонун караңгы сыз, түбүн эңкейип карайт. Кур бака: Э бүркүт ашына, кайсы жактарда убара болуп жүрдүң?» – деп сурайт. «О, булуттардан нары чыктым, кең ааламды кыдырдым, күнгө жакын бардым, айды бир айланып келдим!» – деп шаңшыйт бүркүт. «Э, мен муну сынайынчы!» – деп ойлонот кур-бака, суроо берет: «А түзүк, күнгө жакын барсаң, айды бир айланып келсең, күн канчоо экен?» «Күн бирөө», – дейт бүркүт. Кур бака: «Ай канчоо экен?» – деп сурайт. «Ай бирөө», – дейт бүркүт. «И, так айтты, көргөнү чын экен» – деп ойлонот да, кур бака: «А жылдыз канчоо экен?» деп сурайт. Бүркүт ашынасына чынын айтат: «Эсептей албадым. Өтө көп экен!» – дейт. Ошондо кур бака – шылдындап: «Уа-а! Жалганчы! Алдамчы! Уа-а... Жылдыз бирөө эле!.Уа-а» – деп күлүптүр. Кыраан бүркүт бир шаңшып: «Жаткан жериң ороонун түбү болсо, сага эки жылдыз көрүнмөк беле!» – деп, кайра көккө атылып чыгып кеткен экен...

(*Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан*).

3. Балта менен сап

О, илгери токойго балта деген жоо чыккан экен. «Кокуй, балта деген жоо чыкты, карыбызга карабай, жашыбызга карабай кыйып келе жатат, энди айла не болот?» – деп кабар келгенде, миң жыл турган арча: «И, ошол кыйып келаткан жоо жалаң эле балта бекен?» – деп сураса, «Сабы жыгач экен» деген жооп болуптур. «А, ошондой өзүбүздөн чыккан жоо ичинде болбосо, сырыбызды билбеген балта эмне кылып ала алат эле?!» деген экен көптү көргөн арча (*Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан.* Эскертүү: энди – эми).

3. «Төшүң түктүүгө жолугуп каласың»

Тириликке көнүксүн деп, көпкөн уулду отун-сууга жумшай баштаптыр атасы. Отунга барса эле бат эле отун алып келип калат имиш. Бир күн атасы сураптыр дейт: «Йе, уулум, токойдо отун көп бекен? Бат келдиң го бүгүн да!» Анда уулу: «Алынуу турган отун меники да! Барам да жүктөп алып баса берем!» – деп жооп бериптир. «Ой, уулум, отунду алып койгон ээлери эмне дейт?» «Йе, ата... ээлери деп коёсуз а! Мага өзүлөрү жүктөп беришпейт бекен! Жүктөп беришпей көрүшпөйбү!» Уулунун бул сөзүн угуп: «Гм... – дептир атасы, – зордуктап алат турбайсыңбы». Мунусу бул болот. Кийин көпкөн уул тегирменге барса, тез келип калат имиш. Бир күнү отуруп атасы: «Уулум, тегирмен бош бекен? Эл кыштын камын камдап жаткан учур. Бул учурда тегирмен бош болчу эмес эле. Бат эле тартып кирип келди? го!» – деп кабатыр болуп дагы сурайт. «Ие, ата сурайсыз а! Бир кулжуйган неме талкан тартып отурган экен, атасынын көрү, бардым да жүгөрүсүн чанактан чыгартып таштап, буудайды салып, мына тартып алып баса бердим!» Ошондо көптү көргөн ата бул акылды айтыптыр уулуна: «Уулум, көзүңө карап жүр. «Төшүң түктүүгө жолугуп каласың». Уулу атасын шылдыңдап күлүп: «Көрөр элем ошол төшү түктүүңүздү!» – деп көөдөнүн көтөрүп коюптур. Мунусу бул болот. Көп күн өтөт. Бир күнү дагы тегирменге кеткен уул кечке жуук бети-башы жарылып, сууга түшкөн иттей шөмтүрөп, кайра келиптир дейт. «И, эмне болду, кокуй?». Уул калтырап унчуга албайт. Эмне десин атасы буга? «Айтпадым беле, төшү түктүүгө жолугуп каласың деп. Эми көзүңө карап жүрө турган болгондурсуң», – деп тим болгон экен. (*Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан*).

4. Түлөберди манасчы

Илгери кыргыз кыйырына көп кошуун менен жоо келген экен. Алар чапкын баштар астында туу кандоо жөрөлгөсү болсун деп Төш-Машат деген жерде жалгыз үй отурган бир адамды колго түшүрүп кетишет.

Алар түндөп жол жүрүп, эртең менен күндүн көзү көрүнгөн кезде, кызгалдак чөбү кылкылдап өскөн талааны тебелей конгон кошуунга жете келишти. Туткундун колун чечип, кол башчынын чатырын көздөй алып келе жатышкан. Ошол маалда баарын таң калтырган бир окуя болду. Бүркүттөн шаңшыганындай үн чыкты, ал бийик жана сүрдүү эле, анан барып кубулжуп, теребелге канат жайды. Баары, анын ичинде кол башчы да тыңшай калды. Жан мээринди көшөлткөн, уккунду келтирген кремет ыр! «Тобо, туткунубуз ырчы экен, ырын угуп, андан кийин деле туу кандаганга үлгүрөбүз», – деди кол башчы.

Бул жөн ыр эмес, «Манас» болучу. Колго түшүрүлүп келген киши Түлөберди деген манасчы эле. Көпчүлүктүн кулак төшөп уга калганын, от жакканы от ичкерткенин токтотуп, атчаны атчан, жөөсү жөө бойдон дымып, кулак түрүп турганын сезген манасчы күчөдү... Адегенде бирде шыбыргактап, кайра куюндап, бороондоп турган сөз бермети нөшөргө айланды... Түлөберди өз сөөлөтүн бузбайт, душмандын чок ортосунда отурганын унутуп койгонсуйт. Ооба, эрендерден калган сөз, энчи кылып алган сөз, как жүрөккө конгон сөз, кайнап ичке толгон сөз, жоого аттанган жоокердин жан-жөкөрү болгон сөз бороону үрөй учурууда. Угуучуларды түгөлү менен бийлеп алган манасчы жан соога жөнүндө ойлонбойт, өмүрү бүтөр алдына өзү сүйгөн, канжанынан кошуп жараткан «Манасын» көкүрөк кере айтып алгысы келет. Манас менен кошо Түлөберди эрдиктер дүйнөсүнүн чалкыган асманында оболоп учуп, көк мелжиген аскар тоолорду аралайт. Өз элинин баатыр экенини, кез келген эле душманга тизе бүгүп, баш ийбестигин, катылгандын катыгын бере тургандыгын, нечен жер майышкан кол келип кайра кыргын тапканын, эзелтен эл элдигин коргоп келгендигин, Манастын арбагы тирүү экендигин, дайыма колдоп, өйдө басса өбөк, ылдый түшсө жөлөк болгонунан бери айтат манасчы.

Кызыктуу ыр ширесине, Түлөбердинин алп талантына арбалган жоокерлер былк этпейт. Күн күнгө алмашат. Кези менен манасчыны тамактандырып алып, кайра эле айттыра беришет. Түлөберди чарчап-чаалыгуунун ордуна кайра күчөп, бет отунун тарамынан кызылы кетпейт... Күндөр жумага айланат. Үзүлөт деген жан үзүлбөй, кандалат деген туу кандалбай, чабышат деген эл чабылбай, түгөнөт деген ыр түгөнбөй, сөз берметтери куюн болуп, нөшөр болуп төгүлө берет, төгүлө берет... Ошондо ноодой узун кол башчы тура калып, минтип айткан экен:

– Кой, баатырлар, сапар карып кетти! Бул касиеттүү ыйык киши тура, бир нече жумалап айтса дагы оозунан шекер сөзү түгөнбөгөн, эрдикти, баатырдыкты даңктаган көсөм экен. Туунду мындай ыр менен оозанган, ыр менен жашаган, ыр менен нуска көрсөткөн кишинин канына кандоого болбойт. Жигиттер, бул ырчынын астына ат тартып, үстүнө тон жаап, ашуудан ашырып койгула. Жол болбой калды. Аттын башын артка бургула, баатырлар! Ошентип, кыргыз айылдары чапкындан аман калган экен... (*«Манас сабагы» китебинен*).

1. Ой жүгүрт

1-тапшырма. 1. «Ысман мүнүшкөр» деген нускада бүркүтчү кушту эмне үчүн коё берди? 2. Бүркүттүн билегине алтын билерикти салбай эле койбойбу? 3. Бир колго түшкөн бүркүттү бошотуп келем деп Таластан Алайга барган, анан да бир ат, бир

койго сатып алып, Карачолокту кайра учуруп жиберген кишиге кандайча баа берүүгө болот? Айбанбы, апендиби? Дүнүйөнүн көзүнө карабай сапырып-суутуп чачкан бир Телибайбы? 4. Бул нуска кимдерге тиешелүү?

2-тапшырма. «Сен бир куш үчүн Алайга (же алыска) убара болуп барар белең? (Эмне үчүн барасың? Эмне үчүн бармак эмессиң?) Төрт-беш сүйлөмдөн турган жооп жаз.

3-тапшырма. 1. Эмне үчүн Түлөбердинин канына туу кандалбай калды? 2. Түлөбердинин «жарагы» эмне, аны ким биринчи түшүндү? 3. Түлөбердинин «жарагына» баа бер? (4–5 сүйлөм менен жазуу жүзүндө). 4. Сүйлөп көн.

291-көнүгүү. «Бүркүт менен кур баканы» сүйлөп бер: (ымдоо, жаңсоо, жамдоо жана кырааты менен).

292-көнүгүү. «Балта менен сап» нускасын сүйлөп бер (муну да ымдоо, жаңсоо, жамдоо жана кырааты менен).

293-көнүгүү. «Төшү түктүүгө жолугуп каласың» нускасын сүйлөп бер (муну да ымдоо, жаңсоо, жамдоо жана кырааты менен).

2. Өзүңдү-өзүң текшер

1. Нуска кеп жөнүндө.
2. Ысман мүнүшкөр.
3. Бүркүт менен кур бака.
4. Балта менен сап.
5. «Төшү түктүүгө жолугуп каласың?»
6. Түлөберди манасчы. (Төрт бурчтуктун ичине калем менен билгенинде жараша «5», «4», «3», «2» деген баалардын бирин кой).

3. Өз ара дил маек уюштургула

– Нускалуу сүйлөө үчүн эмне кылуу керек?
– Нуска кеп менен насаат сөз окшошпу?
– Нуска кепти билүү баа алуу үчүн эле керекпи?
– Жогоруда мисал кылынган беш нуска («Ысман мүнүшкөр», «Бүркүт менен кур бака», «Балта менен сап», «Төшү түктүүгө жолугуп каласың», «Түлөберди манасчы») бири-биринен эмнеси менен айырмаланат.

Багыттар

1. Дил маектеги көп чекит – бул сурооого берилчү жооптун орду. (Жооп оозеки айтышат).
2. Жооптор бири-бирине кайчы болуп калган учурда талаш-тартыш уюштурулат.
3. Суроолорду өзү каалагандай өзгөртүп берсе да болот.

«САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ

§ 73. ӨЗҮҢДҮ-ӨЗҮҢ ТЕКШЕР

Өзүн-өзү текшерүү беш баскычтан куралган.

Биринчи баскычка жазуу эрежелеринин жеңили жайгаштырылып, анан бешинчи баскычка чейин улам оордошуп отурат. (Албетте, бул жалпы жонуна караганда, анткени бирөөгө женил көрүнгөнү экинчи бир окуучуга оор сезилиши бештен белгилүү). Бирок мындай беш баскычты белгилөөнүн өзүнчө себеби бар. Беш баскыч беш балл менен өлчөнөт. Демек, беш баскычты түгөл, ийне-жибине чейин билсен, анда өзүңө-өзүң «беш» деген бааны тайсалдабай эле коё аласын. Төрт баскычка «төрт», эки баскычка «эки» деген баа коюлат. Баса, бул баскычтарды үйдөн дептериңе сулуулап (басма тамга менен болсо да) көчүрүп алышың керек.

Биринчи баскыч

Кештенин аты	Катары	Мазмуну	Билем «+»	Чала билем «?»	Кайталап окуйм «–»
Кыргоол	**§15**	**аары, ...**			
«Төө» § 16 **я** **ю** **ё** **е** **яй** **юу** **ёо** **ёю** **ее**	 16.1. 16.2. 16.3. 16.4. 16.5. 16.6. 16.7. 16.8. 16.9.	 кыяк (кыйак)... уюштурат (уйуштурат) коён (койон), ... ниет (нийет), ... аяйлык, ... коюу, ... аёо, ... соёюн, ... кичиреет (кичирейет),...			
«Ташбака», § 17	17.1. 17.2. 17.3. 17.4.	ба-ла, ... кун-дуз, ... данк-туу, ... а-та эмес, ...			
«Аркар мүйүз», § 19		7-класс (VIII класс)			

Эскертүү: 1) «+», «?», «–» белгилери кештенин катар тушуна – тиешелүүсүнө коюлат (кара калем менен);

2) канча «+», «?», «–» белгилери бар экенин өз-өзүнчө топто;

3) «?», «–» белгилери коюлган кештелерди ушул окуу китебинен таап оку, 1-бап, § 15, § 16, § 17, § 19.

Экинчи баскыч

Кештенин аты	Катары	Мазмуну	Билем «+»	Чала билем «?»	Кайталап окуйм «–»
«Бүркүт кештеси. § 4	4.1. 4.2. 4.3.	курт-кумурска,... киловатт-саат,... пай-пай-пай,...			
«Жөргөмүш кештеси. § 21	21.1. 21.2. 21.3.	пальто,... Сибирь + га=Сибирге,... съезд			
«Умай эне» кештеси. § 5	5.1. 5.2. 5.3.	КРС, сүйлөм сүйлөм, КРС, сүйлөм сүйлөм, КРС .			
«Кыял» кештеси. § 6	6.1. 6.2. 6.3. 6.4.	СС! сүйлөм . СС , сүйлөм . сүйлөм, СС , сүйлөм . сүйлөм, СС .			
«Суу» кештеси. § 7	7.1. 7.2. 7.3. 7.4.	КС ! сүйлөм КС , сүйлөм сүйлөм, КС , сүйлөм сүйлөм , КС .			
«Үлүл жана мончок» кештеси § 20	20.1. 20.2. 20.3. 20.4. 20.5.	Биз, сугатчылар, Биз (сугатчылар), ... Биз – сугатчыларда. ... бизде, сугатчыларда. ... бизде – сугатчыларда.			

Кештенин аты	Катары	Мазмуну	Билем «+»	Чала билем «?»	Кайталап окуйм «–»
«Ак куу» кештеси. § 10.	10.1. 10.2. 10.3. 10.4. 10.5. 10.6. 10.7. 10.8.	(БМ) менен (БМ) (БМ) жана (БМ) (БМ) да, (БМ) да... (БМ) , бирок (БМ) ... ары (БМ) , ары (БМ) ...же (БМ) жана (БМ) (БМ) , (БМ) жана (БМ)			
«Кумайык жана ак куу» кештеси § 11	11.1. 11.2.	(ЖС) : (БМ) , (БМ) (БМ) , (БМ) – (ЖМ)			

Эскертүү. 1) белгилерди кара калем менен кой, себеби ал өчүргөнгө оңой;

2) канча «+», «?», «–» белгилери бар экенин өз-өзүнчө топто;

3) ал эми «?», «–» белгилери коюлган кештелерди ушул окуу китебинен таап, кайталап окуй аласың, маселен: 1-бап, § 4, § 21, § 5, § 6, § 7, § 20, § 10, § 11.

Үчүнчү баскыч

Кештенин аты	Катары	Мазмуну	Билем «+»	Чала билем «?»	Кайталап окуйм «–»
1	2	3	4	5	6
«Көөкөр–1» кештеси § 1	1.1. 1.2. 1.3. 1.4. 1.5. 1.6. 1.7. 1.8.	Ысыккөл эмес, ... Кубатуулу эмес, ... Жаңыл Мырза, ... Сатып алды эмес, ... Асель эмес, ... Чоро тегин эмес, ... Баба дыйкан, ... Бөрү басар эмес, ...			

1	2	3	4	5	6
	1.9.	Бонч Бруевич, ...			
	1.10.	Алма-Ата эмес, ...			
	1.11.	Кыргыз Республикасы, ...			
	1.12.	Тышкы Иштер Министр-лиги эмес, ...			
	1.13.	Джек эмес, ...			
	1.14.	Ыраакы чыгыш эмес, ...			
	1.15.	Талас – Суусамыр жолу,			
	1.16.	Жаңы Жыл эмес, ...			
	1.17.	Манас ордени, ...			
	1.18.	багыш уруусу, ...			
	1.19.	марксизм, ...			
«Көөкөр–2» кештеси § 2	2.1.	«Ак кеме» кино тасмасы, ...			
	2.2.	«Насыйкат» күүсү, ...			
	2.3.	«Күүнүн сыры» аңгемеси, ...			
	2.4.	«Манас» эпосу, ...			
	2.5.	«Кут билим» гезити, ...			
	2.6.	«Чолпон» балети, ...			
	2.7.	«Ала-Тоо» аянты			
	2.8.	«Билим» программасы, ...			
	2.9.	«Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» наамы, ...			
Жагалмай жана чабалекей» кештеси § 14	14.1.	чачтуу (чаштуу), ...			
	14.2.	музсуз (муссуз), ...			
	14.3.	күчсүз (күшсүз), ...			
	14.4.	нанга (наңга), ...			
	14.5.	сунбайт (сумбайт), ...			
	14.6.	ишенмек (ишеммек), ...			
	14.7.	мурунку (мурунку), ...			
«Шумкар» кештеси § 22	22.1.	балыкка, уккун, ...			
	22.2.	биологго, ...			
	22.3.	заводдун, ...			
	22.4.	канаттын, жатта, ...			
	22.5.	мугалиммин, ...			
	22.6.	кессе, ...			
	22.7.	жаппа, ...			
	22.8.	мм: программа, ... лл: бюллетень, ... нн: тонна, ... кк: аккумулятор, ... рр: территория, сс: режиссер, ... тт: аттестат, ... пп: ипподром, ...			

1	2	3	4	5	6
«Кереге көз жана тумар–1» кештеси § 8	8.1.	Т : «Б».			
	8.2.	«Б», – Т.			
	8.3.	Т: «Б», – Т.			
	8.4.	«Б, – Т, – △».			
	8.5.	◇△ - гин - ги жөнүндө - ги тууралуу			
	8.6.	«Б» Т.			
	8.7.	Т «Б» (Т).			
«Кереге көз жана тумар–2» кештеси § 9	9.1.	◇ : – △.			
	9.2.	– △, – ◇.			
	9.3.	◇: – △, – ◇.			
	9.4.	– △, – ◇, – △.			
	9.5.	◇△ - рын - ры жөнүндө - ры тууралуу			
	9.6.	– △ ? – △.			
	9.7.	– △, – ◇, – △.			

Эскертүү. Мында да 1,2 – баскычтагы эскертүүлөрдү көңүлгө тут.

Төртүнчү баскыч

Кештенин аты	Катары	Мазмуну	Билем «+»	Чала билем «?»	Кайталап окуйм «—»
«Бугу» кештеси § 3.	3.1. 3.2. 3.3. 3.4. 3.5. 3.6. 3.7. 3.8. 3.9. 3.10. 3.11. 3.12.	бул күн эмес, ... аки таш эмес, ... тилгат эмес, ... жек сур эмес, ... көкжал эмес, ... райондук кеңеш эмес, ... күтө тур эмес, ... келатат, ... алып бар – алпар, ... колшилте эмес, ... тили буудай кууруган, ... жүз элүү эки, өтө кооз, ...			
«Илбирс» кештеси § 25.	25.1. 25.2.	Кашаага алынган кыстырынды сөз жана сүйлөм. Драмалык чыгармадагы ремарка.			
«Күн» кештеси § 18.	18.1. 18.2.	Женижок – улуу акын. Жер – дыйканга.			
«Жалбырак» кештеси § 26.	26.1. 26.2. 26.3. 26.4. 26.5.	Сүйлөмдүн аягына коюлат. б.з.ч. (биздин заманга чейин), ... Л. Н. Толстой, ... Драмада Катар номерлөөдө коюлат.			
«Карга тырмак» кештеси § 24.		Кана, өзүң айтчы?			

Эскертүү. Мында да 1, 2-баскычтагы эскертүүлөрдү көңүлгө тут.

Бешинчи баскыч

Кештенин аты	Катары	Мазмуну	Билем «+»	Чала билем «?»	Кайталап окуйм «–»
«Боз үй» кештеси. § 12.	12.1.	Күн бүркөлдү, жамгыр жаады.			
	12.2.	Күн бүркөлдү жана жамгыр жаады.			
	12.3.	Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок.			
	12.4.	Күн бүркөлдү да, жамгыр жаады.			
	12.5.	Жамгыр жаайт, себеби күн бүркөлдү.			
	12.6.	Жамгыр төгөт, же кар жаайт.			
	12.7.	Уулду төрөйт – уятын кошо төрөбөйт.			
	12.8.	ЖС: ЖС, ЖС.			
«Ай жана боз үй» кештеси. §13	13.1.	БС - ганда, БШС.			
	13.2.	БС - гандан бери, БШС.			
	13.3.	БС - гандыктан, БШС.			
	13.4.	БС - оо үчүн, БШС.			
	13.5.	БС - сам, БШС.			
	13.6.	БС - са да, БШС.			
	13.7.	БС - гансып, БШС.			
	13.8.	БС - дай, БШС.			
	13.9.	БС (канча) - са, (ошончо) БШС.			
	13.10.	БС (кайда) - са, (ошондо) БШС.			
«Аркар» кештеси. § 23.		Сүйлөй албай, мен ыйлап тура бердим.			

Эскертүү: 1) белгилерди кара калем менен кой, себеби ал өчүргөнгө оңой;

2) канча «+», канча «?», канча «-» белгилери бар экенин топто;

3) ал эми «?»,«-» белгиси коюлган кештелерди ушул эле окуу китебинен окуп алсаң болот, маселен: 1-бап, § 12, § 13, § 23.

294-көнүгүү. Эң оор деп эсептелинген беш параграфты аныктап жаз.

295-көнүгүү. Эң жеңил делген беш параграфты аныктап жаз.

296-көнүгүү. Биринчи сөзү гана баш тамга менен башталып жазылган татаал энчилүү аттардан (тырмакчага алынганын да, алынбаганын да кошуп) жаз.

297-көнүгүү. Бардык сөзү баш тамга менен башталып жазылган татаал энчилүү аттардан жаз.

§ 74. «ЖАТ ЖАЗУУ» ТОПТОМУ

«Оңдой билсең, озосуң»
(Элдик насааттан).

Акыл Карачач. Аң-сезимдүү түрдө катасыз жаза билүү мадания-ты «Сабат санжырасы» топтомун (§ 1–§ 26) толук өздөштүрүп билүүдөн келип пайда болот. Кемчиликти көрө билүү жана оңдой алуу – ар бир окуучунун колу жетерлик бийиктик. Билген кештелерди аттап өтүп, билбегенинди жана унутуп койгонунду дит коюп, зээн төшөп окусаң, шексиз, алдыга койгон максаттын өтөсүнө чыгасың.

Көрөгөч Мамыт. Канткен менен катасыз жазуу – колдон келерлик нерсе. Бирок аны толук билүү үчүн текшерүү мүнөзүндөгү жат жазуулар алынат. Аны мугалим даярдап жаздырат. Ал эми машыгуу мүнөзүндөгү жат жазуулардын текстин даярдоого сен да катыша аласың. Айталы, өзүң окуп жаткан китептен, гезит-журналдан 50–60 сөздүү текстти тандап алып, аны каталарды атайы жайната кетирип, баракка көчүрүп койсоң болот. (Мисалы, төмөндөгү «Дөнөнбай куш» деген темага окшоштуруп). Ошондо класстагы 25 окуучу 25 түрлүү текст түзөт. Анын баары силерди катасыз жазууга машыктыруучу эң сонун курал эмеспи. Мындай тексттер кара калем менен текшерилет. Мында бир эле окуучу бир нече текстти текшере алат, себеби калем менен жазылганды улам-улам өчүрүп, кайрадан пайдалана берсе да болот!

Апенди. «Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө» деген эсиңерде да, тапшырманы аткара бererсиңер. Ага чейин мен айтып, Кемчонтой жазып чыккан даяр жат жазуулардын түрмөгүн сунуш кылабыз.

Кызыктан кызыктар көп

Бирөө коёндон коркуп кетип айланайын бакыраң көз, сен мага тийбе, мен сага тийбейин дептир. Дагы бирөө аяктагы сууга агып өлөйүн, чөйчөктөгү сууга чөгүп өлөйүн деп катуу карганыптыр. Арабаны көрдүм арманым жок дептир дагы бир адам кудайга ыраазы болуп. Ак Эдилдин өзү болбосок да булагыбыз

дептир бир киши акылдуу баштын өзү болбосок да кулагыбыз. Дагы бир аял үйгө киши киргизбөө үчүн ала каптын кагынчык, андыгандын жаны чык деп айтат дейт. Биздин айылдык эле бир жигит Кермекашты алам деп чалма этектен айрылдым деп арман кылыптыр. Айдан го түнүлдүм, эми күн аман болгой эле деп айтат дейт бир «дааныш ман» түнкү бүркөлгөн асманды ойлуу тиктеп туруп. Тиги дүйнөдө бир байкушту суракка алмай болушса, ал аңкир-мүңкүрүңдү коюп, келе бир атым насыбай деп кепинден колун чыгарыптыр. Анысы кандай, тиги дүйнөдөгү суракчыга ошол адам ушул кезде көз жумса балтай-шалтайыңды коё тур, келе, жүз грамм деп айтмак. Үй ээси муну жүзүм дейт, бирден-бирден үзүп жейт десе, мейманы ооба, муну бизде да жүзүм дейт, бир жегенде жүзүн жейт деп айтыптыр.

Тапшырма. Каталарын оңдоп көчүр.

Катасы барбы?

Кыр-гыз кыр-гыз болуп жар-ал-ган-да эле тең-ир-им ан-ын кол-уна ком-уз-ду ко-шо берген, уул-ум. Бил-сең, мен са-га ком-узд-ун сыр-ын, са-нжы-рас-ын ай-т-ып бер-ей-ин деп чак-ыр-дым. Көк-үрөг-үңө түй-үп кой: кыр-гыз-га жа-шташ ка-ры ком-уз жаш-оону, тир-үүл-үктү күү-гө сал-ат. Ком-уз ө-мүр-дү дың-аз-алайт. Ө-лүм ме-нен ө-мүр бар же-рде кай-гы жа-на куб-ан-ыч, ө-күн-үч тең орт-ок. Ком-уз-да айт-ыл-баг-ан, ком-узда күү-гө сал-ын-баг-ан эч нерсе жок. Ба-лам, ком-уз - тир-үү-лүкт-үн асп-абы. Кыр-гыз кыр-гыз бол-уп тур-га-нда, а-нын ү-нү ша-ңкыл-дап эч кач-ан-өчп-өйт. Э-либ-из ка-нча жаш-аса, ал ошо-нчо ө-мүр сү-рө турган ка-сиет-ке ээ. *(А. Стамовдон).*

Тапшырма. Ташымалдоодон кеткен каталарды оңдоп көчүр.

«– Сени эмне кылышкан, шордуу?»

Маңкурт уулу эчтеме көрбөгөн-билбегендей кайдыгер карап, тебетейин көзүнө түшүрө кийген калыбында тондоосун тиктеп турду. Отурчу сүйлөшөлү деди Найман-Эне оор үшкүрүнүп. Экөө бет маңдай отурушту. Мени тааныйсыңбы деди эне. Маңкурт башын чайкады. Сенин атың ким? Маңкурт деди ал. Сени азыр ошентип аташат. Мурдагы атың эсиңдеби? Чын атыңды эстечи?

Маңкурт тунжурайт. Бирок ал бирдемени эстөөгө тырышып жаткансыды, эки кашынын ортосуна тер исиркектеп, көзү коюла түшкөнүн энеси көрүп турду. Бирок маңкурттун алдынан бийик бөгөт туш келип, ошондон өтө албады окшойт.

Атаңдын атын билесиңби? Өзүң кимсиң, эли журтуң ким? Деги каерде туулганыңды билесиңби?

Жок, маңкурт эчтеме түшүнбөдү, эчтеме эсинде жок экен.

Сени эмне кылышкан, шордуу деп эне күбүрөдү да, кайгыга чыдабай кайрадан сыздап ыйлады. Эненин күйүп жатканы тиги маңкуртка чымын чакканчалык болбоду.

Мына ошондо эне кошогун кошкон экен:

– Мен ботосу өлгөн боз инген,

Тулубун келип искеген...

Сенин атың Жоламан. Уктуңбу. Сен Жоламансың. Атандын аты Дөнөнбай. Атаң дагы эсинде жокпу? Сени бала күнүндөн жаа аттырып үйрөткөн атаң эмес беле. Мен сенин энеңмин. Сен менин уулумсуң. Ата-тек урууң найман болот, билдиңби?

Эненин айткандарын тиги мурдагысындай жалдырама тийген калыбында укту. Кыязы, чөп арасынан сайраган саратандын үнүн деле ушинтип угат окшойт. *(«Кылым карытар бир күн» романынан.)*

Үлгү. 1. Кемчонтойдун ондогону.

«Маңкурт уулу эч теме...»

2. *Апенди:*

– Токто, Кемчонтой досум, сен чү дегенде эле ээрге кыйшык миндиң. Минтип отурсаң, чылпагын алам деп көзүң оюп алган кокуйдун нак өзү болосуң. Мен ондогонду кара.

Маңкурт уулу эчтеме көрбөгөн-билбегендей... (калган каталарын Апендиге жардамдашып сен ондоп көчүр).

Дөнөнбай куш

(Катасын оңдоп көчүр)

Эдигей айтчы деген Абуталип кези келгенде сураармын деп оюнун коңулуна катып койгон суроосуна азыр эстеп. Көптөн бери сурайын деп жүргөм. Дөнөнбай куш. Табиятта ушундай куш болуш керек го, аты да Дөнөнбай болуу керек, кандай дейсиң? Мындай кушту көргөн жок белең?

А деген улама сөз да. Билем. Бирок көп учурда уламада айтылган турмуштан кезигип калат... Балким чөлдө бир куш бардыр. Дөнөнбай деген сөзгө үндөш кылып сайрар, ошол үчүн уламага кирип калгандыр?

Жок, билбейм. Андай деп ойлобопмун деп Эдигей ойлонуп калды. Ушул аймакты нечен жолу аркы-терки өттүм, бирок андай кушту көрбөдүм. Мүмкүн деди Абуталип ойлуу *(Ч. Айтматов, «Кылым карытар бир күн» романынан).*

Үлгү. 1. *Кемчонтойдун оңдогону:*

... Эдигей айтчы «деди Абуталип кези келгенде...».

2. *Апендинин оңдогону:*

– Эдигей, айтчы,– деди Абуталип кези келгенде сурармын деген оюнун коңулуна катып койгон суроосун азыр эстеп. – Көптөн бери сурайын деп жүргөм (калганы да ушундайча улантылат).

Кармаш

Бүркүт! Күчтү канаттарынын күсү желдин шокумун каптап, найзанын учундай ышкырып тик сайылып өзүнө келаты. Сарыбай нестейээ түштү... Ойлонтпой, камынтпай бүркүт аркан боюу кирипгелди, ошондо Сарыбай жерден балдакты ала койуп, бетине кармай берди. Кардуу бүркүт көз ирмемде селдей шаргыраган күч менен келип бир тээп өттү, жыгач балдак шарт тең бөлүнүп сынып түштү.

– А-ай! Кантесиң, кыраным!..

Бүркүт кайра көкө атылып чыкты. Сарыбай эсин жыйышка үлгүрө албады, бүркүт темир чеңгээлдерин арбайтып, курч тумшугун ачып, чекирейген кызыл тегерек көздөрүнөн зар чачып, ошол замат кайра, шулдап кирип келди. Өлүм! Алдастады... А-а!.. Жер тыткылап, таш аткылай баштады. Колуна эмне тийсе ошону менен, топурак тийсе топурак чөп тийсе чөп менен шилтеп, ошону менен өлүмдөн коргонду, өлүмгө айбат кылды. Сарыбай коркунучту унутуп салды. Ач бакыргы да тып токтоп, ээрдин кесе тиштенип, кадим жырткыч болуп, бүркүтүн арбайган тырмагына кол салып кирди. Кату чеңгелдешип, бири кышылдап, бири күшүлдөп, улам бири алдына басып, жумгалакташып тоголонушту, бирин бири ырайымсыз тытты. Сарыбай бүркүтүн башын кармого, мойнунан бурап басуга аракет кылып, бүркүт башын ала качып карматпай, көскө асылып, желке жүнүн түктөйтүп жалданып куйругу жулунуп, жүндөрү сапырылды, Сарыбайдын эки колу бүркүттүн темир чеңгэлдерин бошотпой туткактап калган. Тизеге басунун аракетинде. Бүркүт мойнун жылаандай буралтып көздү куйт. Сарыбай курч тумшука башынтосо берип, көзүн калкалайт. Жан аргасы! Ал дагы бүркүтүн кез келген жерин тиштеп, бурдап тиштеп жаты.

Сарыбайдын көзүнөн от чагылды. Ал акыры бүркүтүн бир чеңгелин тизеге басып, бир колун бошотуга жети да, ошол колу менен бүркүтүн мойнуна сыйпалап тап, бар күчү менен сыга кармады. Бурады. Бир убакта Сарыбай бүркүтүн калдайып жатып калган денесинин үстүнөн акырын өйдө болду.

Көзүн ачкысы келди. Көзү ачылбады. Сыйпалады. Колуна былжыраган бирдеме урунду. Ал кан болучу. Капкараңгы. Көрдөй капкараңгы. Эмелеки жаркыраган кең дүйнө кана? О, Теңир, көздөн ажыратыңбы! Ал сендиректеп, чалыштап, бүркүтүн жанына сулап жыгылды.

(Т. Касымбеков, «Сынган кылыч» романынан)

Тапшырма. Ушул текстте 45 ката бар. Ошону таап, ондоп көчүр.

Ак калпак

А мен сени садагасы Гүлбагым деп атап жүрөйүн. Кудум жетилип ачылып бүрдөп гүлдөгөнү жаткан махабатын ажайып гүлбагындай экенсиз. А мен сизге бир суро берсем болобу? Болбой анан садагасы. Алдагы сиз кийип жүргөн кырлары анан башында чачысы бар топунун аты эмне? Жалпак топу кийгендердин арасынан төбөсү шоңшойуп сиздики тээ алыстан көрүнөт экен.

Анда Калтегин калпагын колуна алып бул кырлары бар топу эмес бул Алатоонун ак Карлуу тоосун элестеткен кыргыздын ак калпагы. Көкө тенир адегенде Алатоону жараткан анан тоолор томсоруп калбасын деп кыргыз деген эл жараткан. Бул чачысы болсо түбөлүктүлүктүн белгиси катары тоодо өскөн арчаны билгизег. Кыргыз элим арнамысты бийик балайт, ошон үчүн калпагы да бийик болуп көкөлөп турат. Ал эми бул калпактын ичиндеги баш болсо сиздин көзгө арбалып акыл эсинен адашып бараткан Калтегиндин башы деп тамашага чалды *(Каныбек Иманалиевден)*.

Тапшырма: Ушул текстте 23 ката бар, ошолорду таап, ондоп көчүр.

Сыр айтуу

Окуучунун дилбаяны

Менин төмөндөгү ойлорумду ачык айтышыма «Кыргыз күүлөрүнүн антологиясы»деген беш кассетадан турган күүлөрдү дайыма угушум себеп болду. Ырас кичинемден чоң энемдин жанына отуруп алып, аны менен кошо күү уга берчимин. Көрсө чоң энемдин күүнү айрыкча аздектегенин билген балдары магнитофонго көп күүлөрдү апасы үчүн жаздырып келип беришчү турбайбы. Менин Күү жандуу болуп калганым ошондон. Бирок өзүм эгерим күү черте албайм. Комузду көрсөм, ага сыйкырдуу бир аспап сыңары мамиле кылам, абайлап кармап, сылагылай берем. Кулагымда болсо дилдиреген күү кайрыктары жаңырат. Балким, мен 40–50 күүнү билермин. Укканда эле, саадак кактыкыргыз көчү, сынган бугу, сарыбарпы, кер толгоо, марш камбаркан, тогуз кайрык, терме камбаркан, шыңгырама, маш ботой, ак тамак менен көк тамак, Анжыян калкы, Саринжи-Бөкөй, чоң кербез, Бекарстан, жаш тилек, эрмек күү, көйрөң күү, Шүдүңкүт, миң кыял, ибарат, насыйкат деген күүлөр экенин жазбай тааныйм жана бири-биринен ажырата билем. Кээде угуп отуруп, аябай толкунданып, күүлөрдү кайрыктары боюнча каталог түзүп, ар бир кайрыкка мүнөздөмө берип алардын өзгөчөлүгүн аныктагым келет. Албетте курбуларым мен сыяктуу эмес, алар эстрада ырларына кызыгышат эч ким укпаса да үйлөрүнө чет

өлкөлүк музыкаларды данкылдатып коюп коюшат. Ал эми мен андай жерден качам, ыракат тартуулабай эле кулагымды жарып жибере жаздайт, башым көпкө чейин зыңылдап калат. «Алардын чоң энелери күү укса, курбуларым да комуздун үнүн аспиеттеп калар эле» деп ойлойм. Ар дайым чарчаганымда, же бир нерсеге кыжалат болгонумда мен күү угам. Ал менин кыялымды толкутуп, ойлорума канат бүтүрөт, ар дайым күүнү укканда кийин сергектенип, жашоо ыракат болуп туюлат, ар кимге аяр мамиле кылып, көңүлүн оорутпоого аракет кылам. Анан «ушул да күү укканда го, күү айттырып жатат го» дейм, тереңден толкуп-толкуп, кайрыкка окшоп калкып ойлор келет. Алардын үчөөн мисал катары айта кетейин.

Биринчиси: Жакында эл депутаты болуп шайлануу үчүн айлыбызга талапкерлер келет. Алар жыйындарда түркүн убадаларды ооз толтура айтышат. Андан кийин талапкердин ишенимдүү адамдары, тууган-туушкандары элге көмүскө түрдө белек арак-шарап акча бере башташат. Анан мен ойлойм, алар ошол акчаларына эмне үчүн айылдагы шайлоочуларынын ар бирине жете тургандай жана арзан баада күүлөрдүн кассетасын чыгарбайт. Бул айылга болот эле да. Гениалдуу табылга катары эсептелген күүлөр ар бир үйдөн түнөк табат эле го. Аны уккандардын делбе тап эмес, ой жүгүрткөн олуттуулугу, сабырдуулугу артат эле да. Эмне үчүн көпчүлүккө жан дүйнө байлыгы – күү эмес арак – жиниктирген жамандык тартууланат.

Экинчиси. Кыргыз өлкөсүндө миллионер байлар аз эмес. Гезиттердин эсептөөсү боюнча болжол менен саны 50–60тын тегерегинде болбосо, ар бир мектепке он чактыдан арзан баадагы күүлөрдүн кассетасын таратса, кандай сонун болор эле. Же буга патриотизм жетишпейби? Чет өлкөлүк байлардын өрнөгүн ээрчисе да жаман болбос эле.

Үчүнчү. Алтынчы жана базар күндөрү кечке маал теле көрсөтүүдөн ар дайым арноо концерти көрүүчүлөргө тартууланат. Карасаң, чылк эле эстрада жылдыздары ж. б. ырчылар ырдашат. Анан ойлойм, кыргыз маданиятын жайылткан теле алып баруучулар эмне үчүн берүүнүн тең жарымын же үчтөн бирин күү угузуп тартуулоо эстерине келбейт. Же алар күү эскирген, байыркынын калдыгы деп эсептешеби, же эч ким укпайт деп ойлошобу? Таңгалычтуу!

Албетте көп эле маселеде мен жаңылышым мүмкүн, бирок күү маселесинде көзүм жетип тургандарды ачык эле айттым *(11-класстын окуучусу Элнурдун дилбаянынан)*.

Тапшырма: Дилбаян текшерилбеген, бирок үтүрдөн 10, тырмакчадан 22, созулма үндүүдөн 5, кош сөздөн 3 ката кеткен. Аларды ондоп, дилбаяндын маанисине өзүнчө баа кой. Демек, эки баа коёсун.

САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ

§ 75. ФОНЕТИКАЛЫК ТАЛДОО

«Фонетикалык бирдикти математикадагы I санына жана атом бирдиктерине салыштырууга болот. Тыбыш – бөлүнбөс бирдик».
И. А. Бодуэн де Куртенэ.

«Асылкеч» көнүгүүлөр жыйнагынан

298-көнүгүү. Ар бир сөздө канча тыбыш жана тамга бар экендигин аныкта. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды белгиле.

Бүбүсара

Ойно оркестр,
Күү сайра,
Отуз дайра
Аккан өндүү бир сайда!
Бийлеп жатат Бүбүсара,
Пери экени,
Киши экени туюлбай,
Барып-барып уюп калат куюндай.
Кайра жерге тийип-тийбей аягы,
Калкый берет,
Желде жеңил буюмдай...
Анан калат дир-дир этип термелип,
Анда колу –
Каккан канат сермелип.
(Сүйүнбай Эралиевден)

Үлгү. Ойно – төрт тамга, төрт тыбыш.
Үндүү тыбыштар: о, о. Үнсүз тыбыштар: й, н.

299-көнүгүү. Үндүү тыбыштарды жоон, ичке, кең, кууш, эринсиз жана эринчилдиги боюнча талда.

Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай,
Кылгырбачы, койчу мени карабай.
Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи
Куса болдум сагынганым тарабай.

Үн жок, сөз жок томсоросун турасын,
Ыйлап-ыйлап улутунган баладай.

(Мидин Алыбаевден)

Үлгү. ы – жоон, кууш, эринсиз үндүү тыбыш.

300-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды каткалаң, жумшак, уяң жана түгөйлүүлүгү боюнча талда.

Көпкөк асман жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө жердин үстү тарылып,
Ал кыяндан өтөр элем кыйналбай,
Бир көз караш кубатынды жамынып.

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. к – каткалаң жана түгөйлүү үнсүз тыбыш.

301-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалуу орду боюнча талда.

Жайкы түн, жымжырт айлана,
Асманда калкыйт ай гана.
Айга окшоп мен да токойдо
Кыдырып жүрдүм жай гана.

Жан жактан жумшак жел келет,
Жалбырак, бутак термелет.
Жанаша өскөн кайың, тал.
Жаш селки, бозой өңдөнөт.

(Байдылда Сарногоевден)

Үлгү. ж – орточул үнсүз тыбыш.

302-көнүгүү. Үнсүз тыбыштарды жасалуу ыгы боюнча талда.

Ак куу жок кезде – көл көрксүз,
Аял жок кезде – эр көрксүз,
Аялдын иши теңдешсиз.
Ансыз бир шаңдуу жүрө албай,
Көйнөктү жөндөп бүрө албай,
Көргүлүктү көрмөкпүз.

(Байдылда Сарногоевден)

Үлгү. к – жарылма үнсүз тыбыш.

303-көнүгүү. Бардык тыбышты камтыган фонетикалык талдоо жүргүз.

Аргымак минип туйлаттың, бозой,
Ай жарык тоодо түн каттың, бозой.
Анда бир санда көрүнүп коюп,
Ашыктык отун ырбаттың, бозой.

(Байдылда Саргоноевден)

Үлгү. Аргымак – 7 тамга, жети тыбыш. А – жоон, кең, эринсиз жана кыска үндүү.

р –
г –
ы –
м –
а –
к –

304-көнүгүү. Текши талда.

Кээде неге кабак чытып каласың,
Кара булут каптап алган ай сындуу.
Жаштык сезим жапжаш бойдон жашасын,
Асыл курак, аярлай бил баркынды.

(Каныбек Иманалиевден)

Үлгү. Кээде – 4 тыбыш, беш тамга.
К – каткалаң, жарылма, түпчүл жана түгөйлүү үнсүз.
ээ-?
д-?
е-?

305-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Парта боюнча сөздөгү тыбыштар катары менен талданат. Бир окуучу бир гана тыбышты оозеки талдайт.

Каткырганың – жаздын келиши,
Жылмайганың – муздун эриши.
Кайгырганың – калың сур булут,
Кийинишиң – уздун периси.

Энкейгениң – назик тал чыбык,
Эркелешиң – эрке тай күлүк.
Эриндериң – гүлдүн жебеси,
Эреркешиң – деги кай кылык.

Сөйкөлөрүң – жылдыз бир үзүм,
Көйкөлгөнүң – көрктүү келишим.
Шуруларың кайда каткансың,
Шурусуз да, бирок перисиң.

(Каныбек Иманалиевден)

Үлгү. 1-окуучу. К – каткалаң, жарылма, түпчүл жана түгөйлүү үнсүз.

2-окуучу. а - ?

3-окуучу. т - ? (Ыр аягына чыкканга чейин ушундайча талданып кете берет. Партадагы окуучулар аягына чыкканда, токтогон жерден кайра башталат).

306-көнүгүү. Ыр сабындагы «тал» деген сөздү фонемалык жактан өзгөртүп жаз. Үч чекиттин ордун үлгүгө окшоштуруп толтур.

«Энкейгениң – назик тал чыбык».

Үлгү. 1) Биринчи тыбышын өзгөртүү менен жаңы маанидеги сөздөрдү жаратуу. Тал, мал, жал... ... ...

2) Сөздүн экинчи тыбышын өзгөртүү менен жаңы сөздөрдү түзүү.

Тал, тол, төл... ... ...

3) Сөздүн үчүнчү тыбышын өзгөртүү менен жаңы маанилерди жаратуу. Тал, так, таш.

> Демек, фонема – мааниге ээ болгон жана айырмалай турган касиети бар эң кичинекей тыбыштык бирдик. Мисалы, *тал – мал,* бул эки сөздө *а, л* тыбыштары окшош, ал эми малды талга же талды малга айландырган касиет *т* жана *м* тыбыштарында. Демек, *т* жана *м* фонема болуп эсептелет.

307-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Бир окуучу бир сөздү толук талдайт. (Партанын катары боюнча, жазуу жүзүндө).

Сени таптым, ажайып көп гүл көрдүм,
Сен болбосоң кереги эмне гүлдөрдүн.
Аалам толо арзуу бердиң сен мага,
А мен сага кучак толо гүл бердим.

Таңда көрсөм, күн батканча сагынам,
Ай жаңырса, амандыгың жалынам.
Сени менен жер айлантып жаткансып,
Сүйдүм сени баш айланып баарынан.

(Каныбек Иманалиевден)

Үлгү. 1-окуучу. Сени – төрт, тыбыш, төрт тамга.
с – каткалаң, уччул, жылчыкчыл жана түгөйлүү
е – ... ...

н – ... ...
и – ... ...
2-окуучу. таптым – алты тамга, алты тыбыш.
т – ... ...
а – ... ...
п – ... ...
т – ... ...
ы – ... ...
м – ? (калганы да ушундайча)

308-көнүгүү. Удаалаш талдоо. Бир окуучу партадагы катары боюнча бир сөздү толук талдайт. Оозеки.

Жакынсынып досторум тилдесе да,
Шагым сынып, көңүлүм кирдесе да,
Сага деген сезим бар, мен тана албас,
Аны чындап жүрөгүң билбесе да.

Гүлдүү жерден узатып чыксам дагы,
Жолуңузга гүлдесте үзө албаймын.
Мага жакын сезилген кубанычтан
Көп айбыгып, негедир ушундаймын.

(Айгүл Узаковадан)

Үлгү. 1-окуучу. Жакынсынып...
ж – ... ...
а – ... ...
к – ... ...
ы – ... ...
н – ... ...
с – ... ...
ы – ... ...
п – ... ...

309-көнүгүү. Текши талдоо. Катары менен. Бир окуучу бир сөздү толук талдайт. Оозеки.

Көл түстүү көйнөк кийип бүгүн түнү,
Бүгүн түнү түшүңө кирсем экен.
Анда сен эстей албай тааныш үндү
Шарпылдак толкундарды сапырарсың.
Көздөрүң толуп кетип кусалыкка
Обонун улуу жаздын чакырарсың.

(Айгүл Узаковадан)

Үлгү. 1-окуучу.
к – ... ...
ө – ... ...
л – ... ...

310-көнүгүү. *Кор, жаш* деген сөздөрдү фонемалык жактан өзгөртүп жаз.

Үлгү. 1. кор – зор, жаш – маш, ...
2. кор – көр, жаш – жеш, – ... ...
3. кор – кол, жаш – жал, ...

Акыл Карачач. Зарылдыгына жараша фонетикалык талдоодо ушул окуу китебинин этегиндеги «Серектин сыр сандыгындагы» «Тыбыш» топтомуна көз жүгүртсөң болот. Бирок эки шартты бекем карман: *биринчиси* – эмне талдаарынды билбей, кур жалак отуруп калганында, ага кайрыл, *экинчиси* – аздыр-көптүр билишинче талдап бүткөндөн кийин, өзүңдү текшерип, билген – билбеген жактарыңды аныктап алуу үчүн топтомду карап чык. Бул экөө тең пайдалуу.

Чыпалак. Даяр оокат экен деп, бир тыбышты карап, кайра топтомду карап отуруп талдасаң, анда кудайдын ургану. Бул өзүңдү өзүң алдагандыгың, өзүңө өзүң чыккынчылык кылганың. Мындайды Кемчонтой да кылбайт.

§ 76. МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

«Карегимде – Ата мекен» көнүгүүлөр жыйнагынан

311-көнүгүү. Унгу менен мүчөнүн арасын тик сызык менен ажыратып көчүр.

Кыргызстан – жашыл жери, жашыл бакча жергеси,
Жайыт төрү, дан талаасы, сан байлыктын энеси.
Кен казынасы, көл сулуусу, тунук суунун атасы,
Ак пейилдин, мартчылыктын, ырыскынын кемеси.

(Алыкул Осмоновдон)

312-көнүгүү. Унгу менен мүчөнүн арасын тик сызык менен ажыратып көчүр.

Жылуу кийин, жолуң кыйын, үшүрсүң,
Кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп ...
Суугунду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата журт!

(Алыкул Осмоновдон)

Үлгү. Жыл/уу (жылы+уу) ... ...

313-көнүгүү. Морфемаларга ажырат.

Түндөр жаман ... кырсык салып кетпесин,
Наалат келип ат тизгинин шарт буруп...
Азабынды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата журт!

Үлгү. Түн + дөр = 2 морфема, сал+ып = 2 морфема, ...

314-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдү үлгүгө окшоштуруп жаз.

Жазда башка ... жел тийбесин, абайла,
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартынды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата журт!

Үлгү. Мүчөлөрдүн атын аныктап жаз. – *да* – жатыш жөндөмөнүн мүчөсү, уланды жана оошмо мүчө.

315-көнүгүү. Төмөндөгү алды сызылган сөздөрдүн маанисин иликтеп жаз. Алар кандай сөз, антоними, синоними, омоними барбы.

Жазда башка ... жел тийбесин, абайла
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартынды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата журт!

Үлгү. Жаз – жөнөкөй сөз, ал мезгилди эле эмес, дептерге жазууну, шырдакты жерге жазып салууну жана айыпты (эмнеден жаздым экен) да билдирет. Жаздын синоними: баар, көктөм.

316-көнүгүү. Ырда 34 зат атооч, 21 этиш, 11 ат атооч, 3 сырдык сөз, бирден сын атооч, тактооч, сан атооч, байламта бар. Ар бир сөз түркүмүн бөлүп, өзүнө тиешелүү сөздөрүн таап жаз.

Барсбектин арманы
(711-жылы курман болгон)

Кош бол, шамал, Ысык-Көлгө жете бар,
Ала-Тоодон күткөн чыгар аталар.
«Элге мени айта көрбө өлдү» деп
Эрдигимди эртең бирөө кайталаар.

Кош, Энесай, Эр Манасты көргөн жер,
Кош, эсен бол, эркин өскөн эрмендер.
Кыргыз демин жер астынан сезсек дейм,
Кыргыз жерин коргоп жатып өлгөндөр.

Көздөн учуп, көктөн учуп көктөмдөр,
Мен жокто да сен аман бол, өскөн жер.
Калпак баштан, намыс колдон түшпөсүн,
Кыргыз барын сезип турсун асман, жер.

Өз элим менин – көзөлүм менин,
Өзөгүң сенин – өзөгүм менин.
Өзүмдүн жерим – өзүмдүн элим,
Өзүнө арнап өмүрдү бердим.

(Каныбек Иманалиевден)

Эскертүү. Жок (жокто), бар (барын) деген сөздөрдү талдаба, себеби аларды айрым окумуштуулар «жоопчулдар» деп атаса, айрымдары модалдык сөздөрдүн тобуна кошот. Демек тактала элек.

Үлгү. 1. **Зат атоочтор:** шамал, Ысык-Көлгө ... ...
2. **Этиштер:** жете бар, ...
3. **Ат тоочтор:** мени, ...
4. Сырдык сөздөр: ... ...
5. Сын атооч: ... ...
6. Тактооч: ... ...
7. Сан атооч: ... ...
8. Байламта: ... ...

317-көнүгүү: Оозеки талда: 1) дароо унгу – мүчөгө ажырат, 2) ар бир сөздү түркүмү боюнча айтып бер.

О, Мекеним, – энем, багым, кубатым!
Керек десең – мен садага кетемин.

(Аалы Токомбаевден)

318-көнүгүү. Текстеги уланды, куранды, туруктуу, оошмо, сыйлыгышма жана сыйлыгыштырма мүчөлөрдү тап.

Алтын казык жылдызым бар өмүрдө,
Ойлосом, о, Мекеним, сен көңүлдө.
Жүрөктөн жылып агат ысык сүйүү,
Жүрөктөн ыр атылат сен жөнүндө.

Үлгү. Каз/ык – ык – куранды мүчө,

319-көнүгүү. Кара шрифт менен берилеген мүчөлөрдүн ар биринин канча түрлүү болуп өзгөрө турганын жаз.

Ала-Тоо ак калпагын кий**ген** кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде,
Мен дагы жолго чыгам тан**ды** тосо,

Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.
Улуусуң, кыргыз жери, нурдан бүткөн,
Сулуусуң, кыргыз жери, ырдан бүткөн.

(Түмөнбай Байзаковдон)

Үлгү. – ген: барган, гүлдөгөн, ачкан, ...

320-көнүгүү. 1. Таандык мүчөлөрдү тап, алардын ээрчиме мүчөлөрдүн кайсы түрүнө кире турганын айтып бер. 2. -луу – куранды мүчөнүн кайсы түрүнө таандык жана бул мүчөнү канча түрлүү кылып өзгөртүүгө болот (М.: тоолуу, түздүү) тизмелеп жаз.

Ысык-Көл – жердин көзү, кырлар – кашы,
Адырлар – көкүрөгү, токой – чачы.
Дайралар – кан тамыры, чоку – таажы,
Седеби, топчулары – ар бир ташы,
Кең түздүү, гүл денелүү кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү кыргыз жери.

(Түмөнбай Байзаковдон)

321-көнүгүү. Төмөндөгү ырдан зат атоочторду өзүнчө, этиштерди өзүнчө болуп көчүр.

Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,
Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде,
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,
Дил жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде –
Көркүңө көрк кошулат, кыргыз жери!
Сезилет ата мээри, эне мээри.

(Түмөнбай Байзаковдон)

322-көнүгүү. Сөздүк түз: сын атоочко 10, тактоочко 20, ат атоочко 10, сырдык сөзгө 10, тууранды сөзгө 20, жандоочко 10, бөлүкчөгө 15, модалдык сөзгө 10 сөз.

323-көнүгүү: Сөздүк түз: кош мамилеге 5, туюк мамилеге 5, аркылуу мамилеге 10, өздүк мамилеге 5, буйрук ыңгайга 5, шарттуу ыңгайга 5, тилек ыңгайга 5, ниет ыңгайга 5, атоочтукка 5, чакчылга 5, кыймыл атоочко 5 сөз.

324-көнүгүү. Текстке текши морфологиялык талдоо жүргүз.

Ата мекен эки нерседен – туулган жерден жана ал чөлкөмдү мекендеген элден куралат. Ата журтсуз эл жетим, элсиз Ата журт жок. Демек, экөө эриш-аркак. Туулган жер койнунда өмүр

кечирген элди дан азыгы, мөмө-жемиш, суусу, таза абасы менен бапестеп бакса, эл эмгек менен туулган жерди гүлдөтөт.

Үлгү. Ата мекен – зат атооч, эки сөздөн куралган татаал сөз, атооч жөндөмөсүндө. Эки – жөнөкөй сан атооч, нерсе – зат атооч, – ден – чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү, оошмо жана уланды мүчө.

§ 77. СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

«... сөздөр тилдин грамматикалык мыйзамына ылайык сүйлөмгө биригкенде гана, сүйлөмгө айланганда гана, пикир алышуу ишин тейлеп, коммуникативдик каражатка айланат. Ошол себептүү сүйлөм тилдин эң башкы бөлүгү, элементи болуп, сөздөр ар кыл сапаттагы курулуш материалдары болуп саналат».

Абдыкул Жапаров

«Тарых таржымалы» көнүгүүлөр жыйнагынан

325-көнүгүү. Сөз айкашы боюнча талда.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы

2002-жылдын 1-августундагы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен «2003-жыл – Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы» деп жарыяланган. Анткени кытай тарыхчысы Сыма Цяндын «Тарыхый жазмалар» деген эмгегинде б. з. ч. 201-жылы гунн башкаруучусу Модэ-Шаньүйдүн «Кыргыз ээлигин» багынтып алгандыгы жазылып калган. Бул тарыхый жазма Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200-жылдыгын белгилөөгө негиз болуп берген. 2002-жылдын 20-декабрында Бириккен Улуттар Уюму Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын колдоп, ал датаны дүйнөлүк аренада кеңири белгилөө жөнүндө чечим кабыл алган *(«Эркин Тоо» гезитинен).*

Үлгү: 1. 2002-жыл. Ыкташуу. Багындыруучу түгөйү – жыл. 2. **1-август.** Ыкташуу. Багындыруучу түгөйү – август. 3. **Жыл-**

дын августу. Таандык байланыш. Багындыруучу түгөй – августу. 4. **Августундагы Жарлыгы** – ыкташуу. Багындыруучу, түгөйү – Жарлыгы. 5. Кыргыз Республикасынын Президенти – таандык байланыш, багындыруучу түгөйү – Президенти. 6. **Президентинин Жарлыгы** – таандык байланыш, багындыруучу түгөйү – Жарлыгы. 7. **Жарлыгы менен жарыяланган** – башкаруу, багындыруучу түгөйү – жарыяланган, ж. б. (Экинчи сүйлөмдөн баштап калган сөз айкаштарын тап).

326-көнүгүү. Ээрчишүү башкаруу, ыкташуу жана таандык байланыштагы сөз айкаштарын тап.

Сыма Цянь

Сыма Цянь – биздин заманга чейинки 145/135–86-жылдарда жашаган кытай тарыхчысы, «Тарыхый жазмалар» («Ши цзи») деген эмгектин автору. Сыма Цянь жогорку эмгегинде 130 баптан турган Кытайдын байыркы мезгилдеринен б. з. ч. 2-кылымдын аягына чейинки тарыхын камтыган окуяларды чагылдырат. Эмгектин хунндардын тарыхын баяндаган бөлүмүндө биздин заманга чейинки 201-жылга тиешелүү «кыргыз» этнонимине арналган алгачкы маалыматты берет *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан)*.

Үлгү: 1) маалыматты берет (башкаруу), ...

327-көнүгүү. Сөз айкашы боюнча текши талда.

Сыма Цяндын китебинде б. з. ч. 201-жылдагы кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалымат мындайча жазылган:

«... Баатыр теңиркут... кийин түндүктөгү ангиз, чушур, төлөс, кыргыз, сыр элдерин бой сундурду».

Үлгү. 1) *маалымат жазылган:* ээрчишүү, багындыруучу түгөйү – *маалымат*, атоочтук жана эркин сөз айкашы. 2) *мындайча жазылган* – ыкташуу, багындыруучу түгөйү – *жазылган*, этиштик жана эркин сөз айкашы, калган 14, сөз айкашын ушундайча талда.

328-көнүгүү. Төмөнкү тексттен үч ээрчишүү, үч ыкташуу, үч башкаруу, үч таандык байланышка тиешелүү сөздөрдү багындыруучу түгөйлөрү менен таап көчүр.

Улуу сабак

Түпкүрдөн ата-бабалардын укум-тукумуна «Манас» аркылуу айткан акыл-насаатын көкүрөккө тутушубуз зарыл. Маселен, «Калкым кыргыз, сен үчүн курман болуп кетейин» деген Манастын көз карашы космостун, компьютердин, информациянын заманында деле «Улутчулдук тар алкак» болуп эсептелбейт, дүйнө калктарынын арасында кыргыз улутунун бай, бардар, дөөлөттүү, кубаттуу эл болуп жашашы үчүн, керек болсо, ар бир жаран кара башты сайып коюп эмгектениши, издениши жана талбаган жаратмандык табылгалар менен өз өмүрүн сулуулашы абзел. Бул – ар бир инсан үчүн түбөлүк чакырык жана атуулдук талап. Демек, «Манас» – улуттун бар болуп жашашы жөнүндөгү илим, улуу сабак. Бул илим эскирбейт жана улуттун башка элдерге жутулуп, жок болуп кетүүнө жол бербейт *(«Манас наама» китебинен)*.

329-көнүгүү. Төмөндөгү тексттеги толук жана кемтик сүйлөмдү, жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү тап.

– Өтө бериңиз, кете бериңиз, чоң эне! – дедим туфлиге.
– Мен чоң эне эмесмин! – деп Асел тамашаны улады.
– Анда кимсиң?
– Кызмын.
– Сулуусуңбу?
– Өзүң көрүп баала.

(Ч. Айтматовдон)

330-көнүгүү. Толук жана кемтик, жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү тап.

– Байке, сен кинодон түшүп келдиңби? – деп жакын келип, чындап эле сурады менден.
– Ийи, кинодон түшүп келдим! – дедим көңүлүн калтырбай.
Самат кабагын туйду.
– Калп!
– Эмне үчүн калп?
– Чабышкан кылычың кана?
– Үйгө таштап келдим
– Мага көрсөтөсүңбү?
– Көрсөтөм. Кана, бери келчи. Атың ким?
– Самат.

(Ч. Айтматовдон)

331-көнүгүү. Атама сүйлөмдөрдү тап.

Эки ортодо ташка жанчылып, ак көбүк чачкан көк кашка суу. Маралдар сууга куюлган шагылда турат. Шагылдан өйдө

кызыл алоо каптаган калың бадал. Бадал арты жар, жардын үстүндөгү калың кайың, жыш терек батып бараткан күндүн кызылын сүртүнгөнсүп кырмызыланат. Андан жогору чоң токой, чоң токойдун төбөсү кар жамынган аска-зоо. *(Ч. Айтматовдон)*

332-көнүгүү. Сүйлөмдүн ээсин тап. Бул кандай сүйлөм?

Сага бүгүн жолдон калууга болбойт. Ага көкбеттенип, айткканынан кайтпай коюуга болор. Жигиттерге алдын ала эскертпей коюуга мүмкүн эмес.

333-көнүгүү. Сүйлөм мүчөлөрүн үлгүгө окшоштуруп талда.

Кыргыздар Модэ шанүйгө баш иерде өзүнчө мамлекеттүүлүккө ээ болгон. Демек, б. з. ч. 3-кылымдын соңунан тартып кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси Хунндар дөөлөтүнө баш ийип, анын таасири астында өнүккөн. Б. з. ч. 1-кылымдын ортосунда хунндардын башчысы Чжичжи өзүнүн армиясын кыргыз жоокерлери менен чындап, Енисейдин Минусин өрөөнүндө жайгашкан урууларды басып алат. Ушундан кийин кыргыздардын негизги бөлүгү өздөрүнүн жаңы мекенине – Енисейге келишкен деген пикир да бар *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан)*.

кимдер? кимге? качан? кандай?

Үлгү: Кыргыздар Модэ шанүйгө баш иерде өзүнчө мамлекеттүүлүккө ээ болгон.

– Кимдер ээ болгон?
– Кыргыздар (ээ).
– Кыргыздар эмне болгон?
– Ээ болгон (баяндооч).
– Эмнеге ээ болгон?
– Мамлекеттүүлүккө (толуктооч).
– Кандай мамлекеттүүлүк?
– Өзүнчө (аныктооч).
– Кимге баш иерде?
– Модэ шанүйгө (толуктооч).
– Качан ээ болгон?
– Баш иерде (бышыктооч).

334-көнүгүү. Сүйлөм мүчөлөрүнө текши талдоо жүргүз. Көчүрүп жаз, анан алдын сызып белгиле.

Кыргыздардын байыркы Ата журту

Тарыхый жазуу булактарында б. з. ч. 3-кылымда эскерилген кыргыздардын Ата журту тууралуу да ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Сыма Цяндын эмгегинде кыргыздар эскерил-

гени менен, алардын турган жери жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Айрымдары алгачкы кыргыз журту Енисейде болгон» дешсе, башкалары «азыркы Түндүк Батыш Монголиядагы Хыргыз-Нур (Кыргыз-көл) аттуу көлдүн аймагында болгон» деп жоромолдошкон.

Кытайлык байыркы тарыхчы Бан Гу (б. з. 1-к) өзүнүн «Хан шу» («Хан сулалесинин тарыхы») эмгегинде: «Кыргыздардан чыгышта 7 мин ли (1ли –500 м) узактыкта хуннулардын шанүйлөрүнүн ордосу жайгашкан»,– деп жазат. Археолог, профессор Ю. Худяков, синолог Л. А. Боровкова жана азыркы кыргыз тарыхчылары бул маалыматка таянышып, кыргыздардын б. з. ч. 1-кылымдагы журту Чыгыш Теңир-тоо аймагында болгондугун далилдешүүдө. Бул журт азыркы Чыгыш Түркстандагы Манас, Карашаар сыяктуу шаарлардын түндүк тарабында, Борохоро тоо кыркасынын түндүгүндө орун алган. *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан)*

Үлгү. *Тарыхый жазуу* булактарында б. з. ч. 3-кылымда *эскерилген кыргыздардын Ата журту тууралуу* да *ар түрдүү* пикирлер айтылып келген.

335-көнүгүү. Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сыз.

Кыргыздардын алгачкы көз карандысыз мамлекети

Саясий бытырандылыкка кириптер болгон хунндар дөөлөтүнүн Борбордук башкаруусу начарлаган кырдаалда – б. з. ч. 56-жылы кыргыздар саясий көз карандысыздыкка, эгемендүүлүккө жетишишкен. Ушул жылдан тартып жазуу булактарында алгачкы ирет Кыргыз падышалыгы тууралуу эскерилет (Кытайлык байыркы тарыхчы Бан Гу чакан кыргыз мамлекетин «го» – «падышалык» термини менен белгилеген *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан)*.

336-көнүгүү. Бышыктоочторду тап.

Уурулук

Кыргыз коомунда уурулук өтө жексур көрүнүш катары каралган. Эгерде баласы уурулук кылса, анын башын кесип, атасынын мойнуна илип коюшкан. Ал ууру баласынын башын бул дүйнөдөн көзү өткөнчө мойнуна илип жүрүүгө милдеттүү болгон. Натыйжада, Улуу Кыргыз кагандыгында уурулук өтө сейрек учураган. 10-кылымдын биринчи чейрегинде 80 жылдай жашаган Улуу Кыргыз кагандыгы таркаган *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан)*.

337-көнүгүү. Аныктооч, толуктооч жана бышыктоочторду тап.

«Манас» – сууга салса чөкпөс, отко салса күйбөс, кылыч чапса кеспес, найза сайса тешпес курал. «Манастагы» өлбөс-өчпөс идеяларды аркалаган улуу сөз сууга салса чөкпөй, отко салса күйбөй, найза сайса тешпей, кылыч чапса өтпөй келүүдө. Чын эле, мезгил өзү күбө, аны эч нерсе жогото албады, улуу сөз мээден мээге көчүп келген тагдырында аны жок кылмакчы болгон нечен курч кылычтар, найзалар сынып, акырында чирип жок болду, нечен чөктүрмөкчү болгон дайралар соолуп, суулар нук көтөрүп кетти, оттор өчүп, табы жок күл гана калды. Ал эми «Манас» жашап да, гүлдөп да, жашарып да жатат *(«Манас наама» китебинен)*.

Үлгү. – Кандай курал? – Найза сайса тешпес курал. Найза сайса тешпес – аныктооч. (Калганы да ушундай талдануу га тийиш).

338-көнүгүү. Сүйлөм мүчөлөрүнүн ичинен толуктоочту жана бышыктоочту тап.

Барсбек – Кыргыз каганы

Барсбек – 7-кылымдын аягы менен 8-кылымдын башында Енисейдеги Кыргыз кагандыгынын башкаруучусу. Барсбек каган кытайлыктар, түргөштөр, чик, аз сыяктуу түрк-уруулары менен Орхондогу түрктөргө каршы согуштук ынтымак түзүүгө жетишкен. Бирок Тоң Йокук жана Кул тегин жетектеген кошуун озунуп, 710-жылдан 711-жылга караган кышта алар Көгмен (Саян) тоосун ашып, капысынан кыргыздарга кол салган. Суңга деген чер-токойлуу жерде Барсбек баатырларча согушуп, курман болгон.

Үлгү. 1) ынтымак түзүүгө жетишкен, 2) баатырларча согушуп курман болгон.

339-көнүгүү. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча текши жана удаалаш талдоо. Катары менен бирден сүйлөмдү толук талдоо керек. Оозеки.

Барсбек – Ынанчу Алп Билге

Кыргыздардын Енисейдеги мамлекети коңшуларын олуттуу эсептешүүгө мажбурлаган. Барсбек ажо кыргыздардын башкаруучу төбөлдөрүнөн чыккан. Ал атасынан жашында жетим калган. Төрт бир тууганы болгон. Анын уруусун Умай эне колдойт дешкен, ал эми Барсбектин тууганлары Умайбет деген наамды алып жүрүшкөн. Барсбек Борбор Азиядагы саясий кырдаал татаал кезде кыргыздарга башчылык кылган. Ошол кезде Орхон түрктөрү кытай аскерлерин талкалап, экинчи Түрк кагандыгын түзүшөт. Кыргыздар кытай бийлигинин ордуна аларга үстөмдүк кыла турган күчтүү мамлекеттин болушун каалаган эмес. Ошондуктан алар тогуз огуз, курыкан, кытай жана татарлар менен биргелешип, Тан империясына союздаш болушкан. Барсбек ажо Түрк кагандыгынын түндүк чек араларындагы түрктөргө каршы күчтөргө башчылык кылып, ошондон көп өтпөй Барсбек Ынанчу Алп Билге деген наамын кагандык титулу менен кошо кабыл алган.

Үлгү. 1-окуучу. Кыргыздардын Енисейдеги мамлекети коңшуларын олуттуу эсептешүүгө мажбурлаган.

2-окуучу. ... ...

(Текст аягына чыга талданып бүткөндө, кайра башынан талданат).

340-көнүгүү. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча жазып талда, алардын алдын сызып белгиле.

Барсбек – дипломат

Түрктөрдүн кыргыздарга жасаган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктайт. Ошондуктан тынчтык келишими түзүлгөн. Келишимге ылайык, Капаган (ал 693–716-жылдарда каган болгон) Барсбекти каган деп таанып, ага өз жээнин аялдыкка берген. Барсбек 707–709-жылдарда Кытайга эки элчилик жиберген. Барсбектин дипломатиялык демилгеси Түргөш кагандыгына да тараган. 709-жылы Барсбек түрктөргө каршы кубаттуу коалицияны түзгөн. Ага Тан империясы жана Түргөш кагандыгы кирген. Түрк кагандыгынын көрүнүктүү аскер ишмери Тон Йокуктун эстелигинде төмөндөгүдөй маалымат бар: «Табгач (кытай) каганы биздин душманыбыз эле. Он ок (түргөш) каганы биздин душманыбыз. Бирок биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздын күчтүү каганы». *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан пайдаланылды).*

Үлгү. Түрктөрдүн кыргыздарга жасаган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктайт.

341-көнүгүү. Үлгүнүн негизинде иште.

Уйкуда жатканда...

Түрктөр союздаштарга биринчи болуп кол салып, аларды жалгыздап талкалоону чечишти. 709-жылы түрктөрдүн кошуунну Енисейдин баш жагынан кечип өтүп, кыргыздарга союздаш чик, аз урууларын талкалап Туваны ээлешти. Кыргыздар Енисейге капчыгай аркылуу кеткен башкы жолду бийик кыр менен тосуп коюшкан (анын калдыктары ушул убакка чейин сакталып калган). Түрктөр Саян кырка тоолорундагы кыргыздар коргоп турган жолдорду айланып өтүп, кышкы ызгаарга карабай тоо арасындагы кыйын, кар баскан татаал жолдорду жиреп отуруп кыргыздарга капыстан, күтүлбөгөн жерден каптап киришкен.

«Биз кыргыздарга уйкуда жатканда кол салдык, жолду найзалар менен салдык», – деп жазылган байыркы түрктөрдүн эстелигинде. Бул 710–711-жылдын кышында болгон эле. Кыргыздардын негизги күчү талкаланып, Барсбек аман калган колун Сунга токоюна (азыркы Тувада) топтоп, өжөрлүк менен каршылык көрсөткөн. Айыгышкан катуу салгылашуу бир жумага созулуп, кыргыздар толук кыйратылган. Барсбек бетме-бет салгылашууда курман болгон. *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан).*

Үлгү. Биринчи сүйлөм. 1. Түрктөр чечишти. 2. Талкалоону чечишти. 3. Жалгыздап талкалоону. 4. Аларды талкалоону. 5. Кол салып талкалоону. 6. Биринчи болуп кол салып. 7. Союздаштарга кол салып. (Калган 8 сүйлөмдүн ар бири ушундайча талданат).

342-көнүгүү. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөсү боюнча оозеки талда. Ал эми татаал сүйлөмдү сүйлөм мүчөлөрү боюнча жазып талда.

Уйгур кагандыгынын кол алдында

Уйгурлар эзелтен Борбор Азиянын талааларында жашаган байыркы түрк тилиндеги элдерден. Экинчи Түрк кагандыгы начарлай баштаганда, аны уйгур, карлук, басмылдардын биргелешкен күчтөрү талкалап, ошондон кийин Уйгур кагандыгы бийликке келген. Анын күчтүү мезгилинде Кытай да жыл сайын салык төлөп турган. 758-жылы уйгурлар Ортоңку Енисейдеги кыргыз өлкөсүн басып алышат. 795-жылы кыргыздар уйгурларга каршы көтөрүлүшкө чыгып, бирок жеңилип калышат. *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан).*

343-көнүгүү. Тексттеги айрым жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмгө айландырып жаз да, сүйлөмдүн ээ жана баяндоочу боюнча гана талда.

Улуу Кыргыз дөөлөтү

820-жылы карлуктардын колдоосуна ээ болушкан кыргыздар өздөрүн Уйгур кагандыгына көз карандысыз деп жарыялашкан. Аларга каршы уйгурлар аскерин жиберет. Кыргыз-уйгур согушу жыйырма жылга жакын созулуп, кыргыздар согушта ийгиликке жетишкен. Кыргыз ажосу уйгурлардын каганына төмөнкүдөй билдирүү жиберген: «Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду аламын, анын алдына атымды байлап, өзүмдүн туумду илемин. Эгерде мени менен алышкың келсе, анда дароо келгин. Эгерде алыша албасаң, тезинен жогол». 840-жылы кыргыздар Ордо-Балыкка (Ордо-Балык Уйгур кагандыгынын борбору болгон. «Балык» шаар дегенди түшүндүрөт) 100 миң кишиден турган аскери менен чабуул коюп, уйгур аскерлерин талкалайт, борборун жер менен жексен кылат.

Ошентип, 9-кылымдын орто ченинде Уйгур кагандыгынын ордуна Улуу Кыргыз дөөлөтү пайда болот. Кыргыз мамлекетинин бийлиги Чыгыш Монголиядан Ысык-Көл менен Жети-Суугa чейин, Сибирден Улуу Кытай дубалына чейинки зор аймакка тараган. Бул мезгилди академик В. В. Бартольд «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп атаган *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан).*

Үлгү. 820-жылы карлуктардын колдоосуна ээ болушкан кыргыздар өздөрүн Уйгур кагандыгына көз карандысыз деп жарыялашкандыктан, аларга каршы уйгурлар аскерин жиберишет.

Бул багынынкы байланыштагы татаал сүйлөм, себеби багынынкы сүйлөмдүн ээси – кыргыздар, баяндоочу – жарыялашкандыктан. Мында баяндоочко улангандыктан мүчөсү сүйлөмгө себептүүлүк маанисин киргизди. Баш сүйлөмдүн ээси – уйгурлар, баяндоочу – жиберишет. Демек, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз алдынча ээлери (кээде алар көмүскөдө калышы мүмкүн) жана баяндоочтору болот. Бул – татаал сүйлөмдүн курулушундагы башкы белги.

Төмөнкү татаал сүйлөмдөрдү өз *алдынча талда.*

1. Сенин тагдырың бүттү, мен жакында сенин алтын ордоңду аламын.

2. Эгерде мени менен алышкың келсе, анда дароо келгин.

3. 840-жылы кыргыздар Ордо-Балыкка 100 миң кишиден турган аскер менен катуу чабуул койгондуктан, уйгур аскери талкаланат.

4. 840-жылы кыргыздар Ордо-Балыкка 100 миң кишиден турган аскер менен катуу чабуул койгон кезде, уйгурлар талкаланат.

5. Ошентип, 9-кылымдын орто ченинде Уйгур кагандыгынын ордуна Улуу Кыргыз дөөлөтү пайда болду жана ал мамлекеттин бийлиги Чыгыш Монголиядан Ысык-Көл менен Жети-Сууга, Сибирден Улуу Кытай дубалына чейинки зор аймакка тараган.

6. Ошентип, 9-кылымдын орто ченинде Уйгур кагандыгынын ордуна Улуу Кыргыз мамлекети пайда болгон, бул мезгилди академик В. В. Бартольд «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп атаган.

344-көнүгүү. 1. Эки жөнөкөй сүйлөмдү сүйлөм мүчөлөрү боюнча талда. 2. Татаал сүйлөмдү 2-үлгүдөгүдөй кылып талда.

Алп Сол

Алп Сол (Табу Хэцзу, Тапу) – 9-кылымдагы кыргыз кол башчысы жана элчиси. Ал Кыргыз каганынын 840-жылы Уйгур мамлекетине жасаган чоң казатында сол канатты жетектеген жана Енисейдеги Улуу Кыргыз империясын негиздөөгө чоң салым кошкон. 843-жылы март айында Кытайдын Тан династиясынын императоруна элчи катары барган. Кытай жыл баянында: «841-жылы такка олтурган император Вуцзун алыскы кыргыз каганынан келген элчиге абдан ыраазы болуп, Во-Хайдан келген элчиден жогору, төргө отургузду»,– деп баяндалат. Кыргыз каганынын аскер башчысы жеңилген уйгурлардын тагдыры жөнүндөгү саясий иштерден тышкары Кытай менен соода, экономикалык карым-катышты кайра жандандыруу үчүн барган. Буга жооп катары кытай императору өз элчилерин бир нече ирет кыргыздарга жөнөткөн. *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан)*

Үлгү. 1. Алп Сол – 9-кылымдагы кыргыз кол башчысы жана элчиси.

2. Алп Сол 843-жылы март айында Кытайдын Тан династиясынын императоруна элчи болуп барган кезде, ал Кытай менен соода, экономикалык карым-катышты кайра жандандыруу жөнүндө сүйлөшкөн.

Багыныңкы сүйлөмдүн ээси – Алп Сол, баяндоочу – барган кезде, баш сүйлөмдүн ээси – ал, баяндоочу – сүйлөшкөн. Багыныңкы сүйлөм мезгилди билдирип, качан? деген суроого жооп

берет. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөн тургандыктан, бул – багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.

Бул сүйлөмдү төмөндөгүдөй кылып өзгөрт.

1.

жана
да,
нары,

2.
Б – ганда,
– гандан кийин,
– ар менен, .

3.
Б – гандыктан,
– ганүчүн, .

345-көнүгүү. Сөз айкашын, сүйлөм мүчөсүн татаал сүйлөм менен бирдикте талда.

Эр Солтоной
(1640–1733)

Кыргыздын жетиген уруусунан чыккан Эр Солтоной улан кезинде атасы Байсейиттин суроосуна жооп берип жатып: «Ата, элдин-жердин керегине жарасам деген ой менде да бар. Кээ бирөөлөр уруулардын намысын ала чуркашат, ал эми мен жалпы кыргыздын намысын коргойм. Кыргыздар бир эле атанын баласы экен го түбүндө. «Кыргыздын баары бир чоң дарактай болгон менен, күчкө салганда, ар бир бутактын өзүнчө ажырап-айрылып кете турган жиги бар, ошол бир бутакты коргогонго таяныч керек» дейсиз. Ата, бирөөн эле коргосом, башкалары таянычы жок калат, а мен бардыгын коргогум келет» деп айтканы эл оозунда сакталып калган экен. Эр Солтоной – өмүрү өткүчө ошол сөзүндө бекем турган, калмактар менен болгон согуштун көпчүлүгүнө катышып, эрдик көргөзгөн баатыр. Кол баштап, өзүнө окшогон нечен баатырларды тарбиялап өстүргөн. 1733-жылы Сокулуктун боюнда болгон бир чабышта калмактар Эр Солтонойго «Балаң Итаяктын жанынан үмтөтсөң, Момоконго жар-

дамга келбе» – деп атайы айттырышкан. Себеби душман Итаякты ак үйлүү кылып барымта катары кармап турган да, кара чечекей баласынын өмүрү үчүн алар Эр Солтонойду майдандан четтетип салгысы келген. Бирок баатыр өзүнүн 93 жашка чыгып, Шайбек сыяктуу чоролорунун атка жүрө албай карып калганына да, алтын саптуу кылычынын уурдалып кеткенине да, эң башкысы – уулу Итаяктын кырчындай өмүрү кыйылып кетерине да карабады. Журт башына күн түшкөндө, баатырдын үйдө жатууга акысы жок. Атка минди! Жоо менен бетме-бет салгылашты: Чапканын чаап, сайганын сайып сулатып, Солтонойдун астындагы Чабдарат ок тийип очорулду. Душман уурдатып алып кеткен Эр Солтонойдун алтын саптуу кылычы эми баатырдын өзүнө шилтенди... Ооба, бир кылымга жакын өмүрүнүн 70 жылын баскынчыларга каршы согушка арнаган көк жал эр курман болду. Ал эми кемпири кошогун кошуп, анан Сокулук суусунун жээгине барып, Эр Солтонойдун элесин издеп, суунун иримине бой таштаган экен. Бирок баатыр тилегине жетти, уруу намысы эмес, эл намысы үчүн курман болду. Мындай эрдик ооздон-оозго көчүп, аңызга, дастанга айланган.

Үлгү. Кээ бирөөлөр уруулардын намысын ала чуркашат, ал эми мен жалпы кыргыздын намысын коргойм.

Бул – тең байланыштагы татаал сүйлөм. Эки жөнөкөй сүйлөмдү *ал эми* деген байламта байланыштырды. Мында төмөндөгүдөй сөз айкаштары бар: 1) *кээ бирөөлөр ала чуркашат* – ээрчишүү, багындыруучу түгөйү – *кээ бирөөлөр,* атоочтук жана эркин сөз айкашы, 2) *намысын ала чуркашат* – башкаруу, багындыруучу түгөйү – *ала чуркашат,* этиштик жана эркин сөз айкашы, 3) *уруулардын намысы* – таандык байланыш, багындыруучу түгөйү – намысы атоочтук жана эркин сөз айкашы, 4) *мен коргойм* – ээрчишүү, атоочтук эркин айкалыш, багындыруучу түгөйү – мен, 5) *намысын коргойм* – башкаруу, этиштик жана эркин сөз айкашы, 6) *кыргыздын намысын* – таандык байланыш, атоочтук жана эркин сөз айкашы, 7) *жалпы кыргыздын* – ыкташуу, багындыруучу түгөйү – кыргыздын, атоочтук жана эркин сөз айкашы.

Үлгүгө окшоштуруп иште

1. Ата, бирөөн эле коргосом, башкалары таянычы жок калат. 2. Себеби душман Итаякты ак үйлүү кылып барымта катары кармап турган да, кара чечекей баласынын өмүрү үчүн алар Эр Солтонойду майдандан четтетип салгысы келген. 3. Журт башына күн түшкөндө, баатырдын үйдө жатууга акысы жок.

346-көнүгүү. Тексттеги жөнөкөй сүйлөмдөрдү сөз айкашы жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талда.

Атаке баатыр

Атаке баатыр Тынай уулу – 18-кылымдын экинчи жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарбагыш уруусунан чыккан бий. Бул инсандын баатырлыгына акылмандыгы, көрөгөчтүгү төп келген. Ал туулган жерди душмандан бошотуу согушунда жунгар кол башчысы Доргулду найза менен сайып өлтүргөн. Атаке баатыр жоокерлери менен Чүй өрөөнүн душмандардан толук бошоткон, андан соң Ысык-Көл өрөөнүнө түшүп, көлдүн түндүк тарабын душмандардан тазалаган. Ошону менен катар Атаке баатыр Санкт-Петербургга 1785-жылы алгачкы элчилик жиберип, Россия менен карым-катышты баштаган. 1788-жылы жазында Атаке баатыр Омск шаарына Абдырахман уулу Саткынбайды элчиликке аттандырган. Ал Россия падышачылыгы менен мамиле түзүп, кыргыз элинин коопсуздугун камсыз кылуу аракетин көргөн. Атаке баатыр оозу-мурдун калкалап жүргөндүгү жөнүндө эки түрдүү маалымат сакталып калган, бири – ал тубаса коён ээк болуп төрөлгөн, экинчиси – салгылашта үстүнкү эрдине найза тийип, эрини экиге бөлүнүп калган.

Үлгү. Атаке баатыр Тынай уулу – 18-кылымдын экинчи жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарбагыш уруусунан чыккан бий.

Сөз айкаштары: 1) Атаке баатыр Тынай уулу – бий – ээрчишүү, багындыруучу түгөйү – *Атаке баатыр Тынай уулу,* атоочтук жана эркин сөз айкашы, 2) *чыккан бий* – ыкташуу, атоочтук жана эркин сөз айкашы, 3) *уруусунан чыккан* – башкаруу, этиштик жана эркин сөз айкашы, 4) *сарбагыш* (тын) *уруусунан* – таандык байланыш, атоочтук эркин сөз айкашы, 5) *Чүй өрөөнүндөгү сарбагыш* – ыкташуу, атоочтук жана эркин сөз айкашы, 6) *экинчи жарымында* – ыкташуу, атоочтук жана эркин сөз айкашы, 7) *18-кылымдын жарымында* – таандык байланыш, 8) *жарымында чыккан* – башкаруу, этиштик эркин сөз айкашы.

Үлгүгө окшоштуруп иште

1. Бул инсандын баатырдыгына акылмандыгы, көрөгөчтүгү төп келген.

2. Ал туулган жерди душмандан бошотуу согушунда жунгар кол башчысы Доргулду найза менен сайып өлтүргөн.

3. Атаке баатыр жоокерлери менен Чүй өрөөнүн душмандардан толук бошоткон.

347-көнүгүү. Илик, барыш, табыш жана чыгыш жөндөмөсү уланган сөздөргө көңүл бур, алар сөз айкашында кайсы байланыштын (ээрчишүү, ыкташуу, таандык, башкаруу) милдетин аткарарын, сүйлөмдө кайсы мүчөнүн (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) милдетин өтөөрүн талда.

Абдырахман Кучак уулу

Абдырахман – элчи, сарбагыш уруусунун бийи Атаке баатыр орус императору Екатерина IIге жиберген элчилердин башчысы. Элчилер 1785-жылы сапарга аттанып, алар Омск-Петропавловск-Челябинск-Екатеринбург-Москва-Петербург маршруту боюнча жол кезишкен. Элчилер Екатерина IIге Атаке бийдин атынан үч илбирс, беш сүлөөсүн тарсин тартуулашкан. Екатерина II аларды жакшы сыйлап, Атаке бийге 800 сом күмүш акча бердирип жиберген. Элчилер 1789-жылы 2-январда Омскиге жетишкен. Абдырахман Кучак уулу 1789-жылы 20-июнда дүйнөдөн кайткан *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынан).*

Үлгү. *уруусунун – бийи* деген сөз менен байланышат, таандык байланышты түзөт, аныктоочтук милдетти аткарат.

348-көнүгүү. Сүйлөмдүн баяндоочуна баш ийген сөздөрдүн мүчөлүк милдетин жана сөз айкашындагы байланышын аныкта.

Алымбек датка

Алымбек датка Асан бий уулу (1799–1862) – кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер. 31 жашында ага датка наамы ыйгарылган. 1842-жылы Шераалыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. Балдар үчүн медресе курдурган. 1845-жылы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий жана мамлекеттик 30 жылдык ишмердигинде журт кызыкчылыгын жана эл мүдөөсүн биринчи орунга койгон. Алымбек датка бүткүл кыргыздарды баш коштуруп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган. 1862-жылы хан сара-

йындагы кезектеги кутумда курман болгон *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынын)*.

Үлгү. Баяндооч – *ишмер*. Мамлекеттик – аныктооч, ал *ишмер* деген сөз менен ыкташа байланышат. *Көрүнүктүү* – аныктооч, бул да ишмер деген сөз менен ыкташа байланышат. *Кыргыз элинен чыккан* – аныктооч, ал *ишмер* деген сөздү аныктайт, ал эми сөз айкашында *чыккан ишмер* (ыкташат), *кыргыз элинен чыккан* (башкаруу) болуп байланышат.

Өз алдынча иште. Ага ыйгарылган – ? 31 жашында ыйгарылган – ? Жигердүү катышкан – ? Хан көтөрүүгө катышкан – ? 1842-жылы катышкан – ? Медресе курдурган – ? Балдар үчүн курдурган – ? Ош көтөрүлүшүн жетектеген – ? 1845-жылы жетектеген – ? Биринчи орунга койгон – ? Мүдөөсүн койгон – ? Ишмердигинде койгон – ? Түзүүгө далалаттанган – ? Баш коштуруп далалаттанган – ? Кутумда курман болгон – ? 1862-жылы курман болгон – ?

349-көнүгүү. Ар бир сүйлөмгө *айтмакчы, негизинен, албетте, ооба, тилекке каршы, ошентип, демек* деген киринди сөздөрдүн бирин катыштырып жаз да, анан сүйлөм мүчөлөрү боюнча талда.

Бердике баатыр

Бердике – атактуу баатыр. Ал Жунгар хандыгына каршы согуштагы бөтөнчө эрдиги менен элдин эсинде сакталып калган. Саруу уруусунун алакчын уругунан чыккан. 18-кылымда жашаган. Ал Эр Солтоной, Итим, Жайыл, Кошой, Эр Садыр, Атаке баатырлар менен бирдикте кыргыз жергесинен жунгарларды куулп чыгууда айрыкча даңкка бөлөнгөн. Бердике баатыр башка кыргыз баатырлары менен биргелешип, баскынчыларды Чүйдөн, Таластан, Кеминден жана Ысык-Көлдөн сүрүп чыгарууга катышкан. Аны жортуул учурунда Эрдене бийдин тыңчылары ууланган жебе менен капысынан атып өлтүрүшкөн. Бердике баатырдын айкели Талас шаарына орнотулган.

Үлгү. Албетте, Бердике – атактуу баатыр. Албетте – киринди сөз, ал сүйлөмгө жалпы жонунан таандык, сүйлөм мүчөлөрү менен байланыш жасабайт, ошол себептен ал катышкан сүйлөм «киринди сөздүү сүйлөм» деп талданып кете берет. Каратма жана сырдык сөздөр да киринди сөз сыяктуу талданат.

350-көнүгүү. Алды сызылган сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөлөрү боюнча талда.

Жусуп Абдырахманов

Жусуп Абдырахманов – саясий жана мамлекеттик ишмер, эл тарыхын изилдөөчү. Ал 1901-жылы Күнгөй Ак-Суу болушунда Чиркей кыштоосунда төрөлгөн. Жалган жалаа менен 1937-жылы камалып, 1938-жылы 5-ноябрда атылган. 1958-жылы актталып, табылган сөөгү 1991-жылы Ата Бейитке коюлган. Жусуп 1916-жылы Үркүндө эл менен кошо Кытайга качкан жана 1917-жылы Ала-Тоого кайтып келген. 1918-жылы кызыл гвардиячылардын катарына кирген жана Жети-Сууда Совет бийлигин чыңдоого катышкан. 1919-жылы Алматы шаарында командирлик курста окуган, ошол эле жылы РКСМ Түркстан бюросунун президиумунун жана РКСМ Жети-Суу облустук уюштуруу бюросунун-мүчөлүгүнө шайланган. 1920-жылы Москвада өткөн РКСМдин 3-съездинин делегаты болуп, анда В. И. Ленин менен сүйлөшүп, пикир алышкан, 1924-жылы мартта Түркстан АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин президиумунун мүчөсү жана жооптуу катчысы болгон, ошол эле жылы Кара Кыргыз автономиялуу облусунун облустук партбюросунун жооптуу катчысы болуп бекитилген. Андан соң Коммунисттик партиянын Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросунда, Москвада Борбордук Комитеттин аппаратында иштеген. 1928-жылы октябрда Кыргызстанга келип, облусттук аткаруу комитетинин төрагасынын 1-орунбасары, 1927-жылдан РСФСР БАКтын мүчөсүнүн андан кийин Бүткүл союздук БАКтын жана РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун мүчөлүгүнө кандидат болгон. 1933-жылы коммунисттик партияга каршы аракеттенген деген жалаа менен ишинен бошотулган. Жусуп Абдырахмановдун республиканын тарыхы боюнча алгачкы эмгеги 1928-жылы «Кыргызстан» деген ат менен жарык көргөн, ал эми 1916-жылкы көтөрүлүш жөнүндөгү чындык жана акыйкат өңүтүнөн баяндалган «Күндөлүк» деген эмгеги жазылган *(«Кыргыз тарыхы» энциклопедиясынын негизинде).*

Үлгү. Ал 1901-жылы Күнгөй Ак-Суу болушунда Чиркей кыштоосунда төрөлгөн.

ДИЛБАЯН

«Издегенден из калат»
Эл оозунан

1-талап

3-баптагы X класска тиешелүү «Дилбаян», «Дилбаяндын түрлөрү», «Кулагыңа күмүш сырга» деген темалардагы баяндалган жол-жосундар, сунуштар жана талаптар XI класска да таандык. Анткени дилбаян өзүнчө машыгуудан келип чыккан айрым суроолорго ошондон жооп таба аласың. Ошол себептен аларды кунт коюп оку жана керегиңе жараша пайдалан.

2-талап

Ошондой эле X класска тиешелүү (ал да 3-бапта) «Жаңыл Мырза» поэмасына таандык дилбаяндын 16 үлгүсү (айрымдары варианттары менен) берилген, аларды да XI класста кең-кесири пайдаланууга тийишсиң. Анткени XI класста дилбаяндын өзүнчө үлгүлөрү берилбейт. Ошентип, XI класста машыгуу мүнөзүндөгү дилбаян жазууга кыскача багыт берилет да, андан ары класстан жана үйдөн аткарылуучу иштердин темасы сунушталат. Ал эми аларды кантип жана кандайча жазуу боюнча дагы эле ошол жогоруда сөз болгон 16 үлгү жардамга келет. Мында эки нерсени көңүлгө тут.

1. Үлгүлөрдүн бирин мүмкүнчүлүгүндүн жетишинче жана чамаңа жараша тандап, ошого ыңгайлашып жаз.

2. Атайы чагылдырып берүүдөгү өз жөндөмүндү жана күчүндү сыноо үчүн өтө кыйын делген үлгүнү жана мурда жазып көрбөгөн түрдү тандап ал.

Эсиңден чыгарба!

Дилбаяндын «жаны» ой жүгүртүү, ой жүгүртүү жана ой жүгүртүү, көйгөйдү ар тараптан талдоо, анын ичинен өтө олуттуусун жана керектүүсүн бөлүп алып, ошого таянып маселе көтөрүү, өзүнчө тыянактуу ой, сунуш айта билүү. Ансыз кайталап айтып берүүчүнүн эле деңгээлинде кала бересиң.

Муну да эстеп кой

Кандай гана түрдөгү дилбаян болбосун, ал окумдуу, сөз ширеси менен каныктырылып, эне тилдин түркүн-түстүү байлыгы менен куралдануга тийиш. Ошондо гана ал ажарына чыгат.

§ 78. АДАБИЙ ДИЛБАЯНДАР

Баланын балык болуп кетиши

(Дилбаян)

Ойго жөлөк. «Абышка онтоп капталына оодарылды. Мас кебетеси ылай-чаңга булганып, сакалы жулмалангандай, жүдөгөн көрүнүшү суук. Таятасынын суук кебетеси балага көз ирмемче алиги Орозкул балталап, топурак-канга жуурулуп жаткан маралдын башына окшоп кетти. Бала аза-бою үрктү, кетенчиктеп боюн ала качты.

– Мен балык болуп кетем. Уктуңбу, ата, мен сүзүп кетем...

Ушуну айтып, эси чыккан бала кетенчиктей берди. Бала андан ары кетти. Суу жээгине түштү. Ошо бойдон сууга кирди... Бала балык болуп, суу менен сүзүп кеткенин эч ким туйбады. Эч качан балык болуп ... кубула албасыңды билдиң бекен? Ысык-Көлгө сүзүп жете албасыңды билдиң бекен? Көл бетинен ак кемени көрүп: «Арыба, ак кеме, мен келдим!» – деп эч качан кыйкыра албасыңды билдиң бекен?» *(Чыңгыз Айтматов, «Ак кеме» повестинен).*

Ойлон. Бала – келечек, анын өмүрүн сактап калыш үчүн улуулар, керек болсо, түшүнгөндүк менен аң-сезимдүү түрдө өзүн өзү жок кылууга чейин барышат. Мисалы, Ч. Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Аладөбөт» повестинде Кириск деген баланын өмүрүн сактоо жана бир кашык суу болсо да аны балага арттырып калтыруу үчүн адегенде чоң атасы Орган, анан Мылгун, андан соң Эмрайин кайыктын кырынан атайы сууга бой таштап, чөгүп кетишет. Ал эми «Ак кеме» повестинде, тетирисинче, чоңдор айкырып арак ичип дуулап жатышканда, бала сыртка чыгат да, балык болуп өзөндөгү сууга сүзүп кетет. Бул кандай?

Эмне, бала ушундай сүзүп кетүү менен адегенде өзү ыйык эне деп эсептегенине карабай ага ок аткан, анан арак ичип, мас

болуп, эч нерсени сезбей оонап жаткан таятасына каршылык көрсөттүбү?

2. Эмне, бала ар дайым жакшылык алып келүүчү, мүйүзүнө коңгуроолуу бешик илип жеткирүүчү Бугу-Эненин тукумдарынын жок кылынышына чыдабай бул дүйнөнү таштап кеттиби?

3. Эмне, баланын сууга агып кетишине анын өзү кыял менен түзүп алган жомогу – суу менен балык болуп сүзүп отуруп ак кемеде кызмат кылган атасына жетсем деген тилеги себеп болдубу?

4. Баланын аруу дүйнөсү жеңдиби, жеңилдиби?

5. Повестте жомоктогу ыйык жан дүйнө, көз карандылык жана арак – үчөө беттешет. Орозкул уттубу? Момун чалчы? Бугу-Эне утулдубу? Балачы?

6. Баланын балык болуп сүзүп кетишине сенин ичиң ачышабы? Турмушта ошондой балык болуп, демек, сууга түшүп жок болуп кетүүгө кириптер кылган жагдайлар, сенин оюңча, кайсылар?

7. «Бала жүрөгүң адамдык менен кыянатчылыкты кабыл кылбады, балык болом деп сүзүп кеткенден мен ушуну түшүндүм. Эми менин көңүл жубатарым да ушул» – дейт улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов. Бул көңүл жубатканынан сен эмнени түшүнөсүң? Эгер бала балык болуп сүзүп кеткендин да эртеси болду дейли. Масы тараган таятасы Момун, зөөкүр жана орой, кызыл камчы Орозкул, тилинен заары төгүлгөн кемпир, ойсуз, кайда шилтесе ошол жакка кете берген Сейдакмат, акырында таежеси Бекей кандай абалда болорун да болжолдоп жазсаң.

Шералынын чокою

(Дилбаян)

(Өзүңдүн кылык-жоругуңду иликте.)

Ойго өбөк. Окуянын кыскача мазмуну мындай. «Нүзүп бий Шералы отурган хан тактысынын бет маңдайындагы дубалдын бийик бооруна шамшарды кактырды да, ага чаң, аттын тери каткан, сасыган чулгоолуу эки чокойду белбак менен кошок-тоштура байлатып илдирди». *(Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан).*

Ойлон. 1. Нүзүп бий эмне үчүн Шералынын тактысынын маңдайына анын бут кийимин илдирип койду? Чокой бул герб эмес да. Шылдың катары түшүнүүгө болобу? Мындай аракет аркылуу Нүзүп бий Шералыны кордоюн дегенби, же жардам кылайын дегенби? Шералынын илинген чокою кимге керек? Шералыгабы, хан тактысын тегеректегендергеби, Нүзүпкөбү, же калайыккабы?

2. Шералынын чокоюна сенин мамилең кандай? Айталы, «Шералынын чокою» көрсөтмөлүү насаат дейли. Ал эми сенин өзүңдө ошондой көрсөтмөлүү насаат катары сактап коёр нерсе барбы. Маселен, сен биринчи жолу дилбаян жаздың, анда жүзгө жакын орфографиялык, пунктуациялык ката кетиптир. Баракты бетинде кызыл сыя менен ондолгон каталар быжырайт. Уялдың. Анан баракгарды шарт айрып, жинің келе мыжып-мыжып жок кылдың. Анын ордуна Шералынын чокоюндай кылып, чычалабай, арданбай сактап коюуга болот беле? «Кимге кереги бар» дейсиңби. Анын деле бир эсептен жөн. Бирок кереги да болуп калышы мүмкүн да. Эч болбосо, бир кездеги сабатсыз жазганына күлүп, ал абалдан канчалык алыстап кеткенинди көрүү үчүн да кереги тийип калып жүрбөсүн. Бул өзүңдү өзүң көрө билүүгө жардам берер.

3. Шералынын чокою – бул ар-ар ким да өз кемчилигин көрө билүүгө түртмөктөөчү жана эсиртпөөчү символ. Анда кеп «Шералынын чокою» жөнүндө болсун. Шашпай ырааты менен баяндап жаз.

Нурдиндин абийири
(Дилбаян)

Ойго таек. 2000-жылы «Педагогика» басмасы XI класс үчүн чыгарган «Кыргыз адабияты» окуу китебинин 216–217-беттерин оку. Анда Т. Абдымомуновдун «Абийир кечирбейт» драмасындагы Нурдиндин образы берилген.

Сени түйшөлткөн көйгөйлөр.

1. Нурдин: «Муштумдай жүрөктө бир доско эмес, мин доско жетерлик сүйүү бар экенин билбейсиңби?» – дейт. Ошол мин доско жетерлик сүйүүсү бар жигит ошол досторунун биринин атайы коюлган кесепетинен дагы бир досун машина менен урдуруп, түрмөгө кесилип, сүйгөнү Шайыргүлдөн ажыроого кириптер болот. Сен Нурдинди күнөөлөр белең? Эмне үчүн?

2. Нурдиндин тагдыры сени ойго салабы? Эгер сүйлөшүп жана сүйүп жүргөн кызыңдан ажырап калуу коркунучу пайда болсо, сен эмне кылар элең?

3. Оозеки айтыла берген ар кандай кепке ишене бересиңби? Же ишенбей коюу керекпи? Кайсынысы сен үчүн ынгайлуу?

4. Ашык болгон адам аланҗазар, ишенчээк болот дейт. Ушул көз караштан алганда, Нурдинди күнөөлөөнүн зарылдыгы барбы?

5. Же Нурдиндин жаңылыштыгы анын чапчандыгынан, курчтугунан болдубу?

6. «Эгер Нурдин айкөл сүйүүнүн ээси болсо, Шайыргүл ири кемчилик кетирсе да, баары бир аны жакшы көргөндүгү үчүн кечирмек жана алар бактылуу үй-бүлө болмок» деген пикирге

кошуласыңбы? Чынында кыз болобу, улан болобу жакшы кылык-жоругун, мүнөзүн сүйүп, жаман адаттарын жек көрүп турса, сүйүү болобу? Кемчиликсиз ким бар?

7. Бири-бирине арзып жакшы көрүшкөндөргө атайы жамандык издегендерди жактырасыңбы? Же эмнеликтен жактырбайсың? Ниязга мамилең кандай? (219-бетти кара) Балким, бузукулукту чебер жана кынтыксыз иштеген эпчилдиги үчүн аны мыкты деп эсептөөгө болор. Аны да колунан келген кылат да. Айлакер, куу, колдон суурулган мындай эпчил жигиттер азбы. Алардын барды жок, жокту бар кылган кылдат ишмерлигинин кереги жок деп кантип айтасың.

8. Ооба, Нурдин бактысын жоготуп, Шайыргүлү менен турмуш курган жок. Түрмөдөн келгенден кийин болсо да, өз кемчилигин аныктады. Досторун күнөөлөп, касына ишенип кырсык жасаганын билип, ичинен сынды, бүлүндү. Бирок, ушунун баарын билүү сага эмне берет?

Оор кырдаалды жеңүү

(Дилбаян)

Ойго таек. Мар Байжиевдин «Төрт адам» деген драмасынын башкы каарманы – Азиз. Ал көл жээгинде эс алып жүрүп, жанындагы маектешине сөздөн сөз чыгып, өз башынан өткөндөрүн айтып берүүгө кириптер болот. Азиз бир кезде аскердик милдетин өтөп Ыраакы Чыгышта сакчы катердин капитаны болуп жүргөнүнөн кеп кылат. Бир күнү коркунучтуу оор кырдаал ага капилет туш келет. Сакчылыкта жүргөн катердин экипажы капыстан деңиздеги радиацияланган зонаны билип калат да, жээкке кабар берели дешсе, радиоаппараттары иштебейт. Анғыча дал ушул учурда жүргүнчүлөрдү ташыган теплоход эчтеменден капарсыз радиацияланган зонаны көздөй түптүз келе жатат. Эмне кылуу керек? Теплоходдо жүздөгөн жүргүнчүлөр. Зонаны «кечип» өтүп, теплоходдун алдынан тосуп токтотуу өлүм менен барабар эле. Бирок катердин экипажы көп ойлонуп отурган жок. Ойлонууга убакыт да аз. Алар радиация зонасын түз эле аралап өтүшүп, жарык менен белги берип теплоходду токтотушту. Мына ошентип, келаткан жүздөгөн адамдардын өмүрү аман сакталып калды. Бирок, натыйжада, катердин экипажынын экөө мүрт кетип, үчүнчүсүнүн эптеп-септеп жаны калды. Ал Азиз эле (*11-класстын «Кыргыз адабиятынан»*).

Көйгөйлөр. 1. Мына – Азиздин чечими. Ал радиацияланган зонаны аралап өтүү өлүм менен барабар экенин беш колундай билип турса да, ошол өлүм зонасын теплоходдогу жүздөгөн жүргүнчүлөрдү сактап калуу үчүн кечип өтөт. Эгер сен Азиздин ордунда болсоң, ошондой чечимге тобокел кылып бара алат белең?

Сен ошондой кадам жасоого даярсыңбы? Же колундан келбейби? Ойлонсоң, бир нече мүнөттөн кийин мындай тайманбаган кадам аркылуу башка бир тааныбаган кишилердин өмүрүн сактап калуу максатында өлүп калуу акылдуулукпу? Адамга өмүр бир эле жолу берилет. Анан ошол өмүрдү капыстан туш келген башка бирөөлөр үчүн садага чаап жиберүү айбанчылык болуп жүрбөсүн?!

2. Азиз теплоходдогу жүргүнчүлөрдү сактап калуу аракетин эрдик деп эсептебейт, жөн гана аскердик милдетим деп билет. Дагы жакшы, өлөр-өлбөс жаны менен тирүү калып, ошол окуяны кийин Назиге айтып берди. Ошондон улам ал окуя менен баарыбыз кабардар болдук. Болбосо, бул эрдигин жөнөкөй бир милдетим деп сезген Азиз эч кимге чечилип айтып бербеши деле мүмкүн болучу. Деги Азиз, сенин оюңча, кандай жан? Аны айкөл акыл-эстин ээси деп эсептөөгө болобу? Анын ордунда башка бирөө болгондо, «Мага жол ачкыла, мага өзгөчө урмат-сый көрсөткүлө. Билгиңер келсе, мен деген Ыраакы Чыгышта эрдик көрсөтүп, жүздөгөн адамдарды аман сактап калгам!» – деп төш кагып турмак, ыраспы?

3. Азиздин өз экипажы менен радиацияланаган зонага кийирбей жүздөгөн кишилерди аман сактап калышын кокустук көрүнүш деп эсептөөгө болобу? Ал Ыраакы Чыгышта аскердик кызмат өтөгөнгө чейин эле «Киши жарыкчылыкка эмне үчүн жаралат, анын жер үстүндөгү милдети эмне?» деген ой менен нечен түйшөлүп, уйкусуз түндөрдү өткөргөн экен. Ошонун аркасы – жарым жан майып болуп жашында отставкага чыгып калганыбы? Чамынып жогоркудай башкаларды өлүмдөн куткарып калуу аракетине кабылбай эле, керт башынын амандыгын ойлогон болсо, кимден кем болмок, үй-жайлуу, колуктулуу, машиналуу болуп чардап жашай берет эле да. Анын жолун ким тосту эле? Баарын кылган өзү эмеспи?

4. Азиздин башкаларга жасаган жакшылыгын, мээримин, күйүмдүүлүгүн окугандар жана драманы көргөндөр, көрүп-билип турушат деңизчи. Эгер Азиз сындуу адамды тааныш-билип калсаң, ага камкордук кылуу оюңа келет беле? Же «ээ, байкуш» деп аяп тиктеп коёсуңбу? Же колуңда бар бай болсоң, айталы, эмнелерди берип жардам кылат элең?

5. Драмадагы төрт адамдын бири Нази: «Өз өмүрүн башкалар үчүн өлүмгө байлаган адамды кандай баалар элең?» – деп Искендерге суроо берет. Эгер ошол суроону сага узатса, эмне демексиң?

6. Искендер кызга Азиздин эрдигин «Келесоо дейт элем» деп жооп берет. Ал эмне үчүн келесоо дейт, чечмелеп көрсөң. Балким, анын айтканынын да туура жагы бардыр.

7. Сен өзүңдү Азизге салыштыр да, «Мен киммин?» деген суроого жооп берип көрсөң?

8. Дагы байкап көрсөң, турмушта Азиздин эрдиги менен катар жашап жаткан ар-ар кимде кездеше берүүчү өзүмчүлдүк деген бар экенин билесиң. Ушул эрдик менен өзүмчүлдүктүн кайсынысы бийик? Коом, мамлекет жана эл ошол экөөнүн кайсынысынан көп утушка ээ болот? Ал эми сенин утугуң кайсы? Же экөөнүн ортосунда арабөк каласыңбы?

9. Азиз бактылуубу? (Буга берилген жоопту дилбаянды талкуулоо кезинде кенен сөз кылсаңар болот).

§ 79. МАҢКУРТ ЖӨНҮНДӨГҮ ДИЛБАЯНДАР ТОПТОМУ

Темалар:

1. Кайдыгерлик.
2. Ойсуз ээрчимелик.
3. Араксыз жашоо супсакпы?
4. Телеманкуртчулук.
5. Музыка делбетаптыгы.
6. Өз эне тилин, салтын жана атын жерүү.

Эскертүү. Бул дилбаяндарды жазууда 10-класстагы 16 үлгүнүн бирине окшоштур.

Багыттар

Чыңгыз Айтматов – жарыялаган китептеринин саны боюнча бүткүл дүйнөдө алдыңкы орунда турган залкар жазуучу! Анын «Кылым карытар бир күн» деген романында душмандар колго түшүрүп алган Жоламан деген жигитти маңкуртка айландырып, төө кайтартып коюшат. Жоламан өзүнүн атын да, атасын да, эли-жерин да унуткан жумуру баштуу сөлөкөт. Ал аны эсине келтирүү үчүн ырдалган бешик ырын түгүл тогуз ай толготуп, он эки омурткасы сыздап көтөргөн, бул дүйнөгө алып келген энесин да тааныбайт, анын ордуна колу калтырабай, мууну титиребей жана опоңой эле өз апасын жаа менен атып өлтүрөт. Баарынан аянычтуусу – өлтүрдүм деп кейип да койбойт. Албетте, романдагы маңкуртчулукка байланыштуу окуялар сага бештен белгилүү, ошол себептен аларды кайталап жазып сөз кылуунун кереги жок. Маңкуртчулук дайым эле төөнүн моюн терисинен жасалган башка кийгизилчү шириге эле байланышпайт, акыл-эсти маң кылып, ата-бабаңдан бери келаткан тилди, салтты, ыйман-ызаатты, улуттук наркты унуттуруп, эки эс, делбетап, маңбаш кылып коюучу башка каражаттар – кубаттуу күчтөр дүйнөдө аз эмес. Алардын колунда зор байлык да, акча да, күнү-түнү

менен кан какшап сайрап, кулакка тынымсыз куюп туруучу массалык маалымат каражаттары да бар. Маңкурттук шири менен моюнга салынуучу кооктун ордуна азыр өзүндү эркин коюмуш болуп, бирок бүт айлана-чөйрөдөгү улуттук дөөлөттөрдү талкалап салуучу ритм, кырылдаган кыйкырык, металлдын жаңырыгындай кулак-мээни жеген музыка жана ага шайкеш жаркжурк эткен түстөрдүн баскынчылыгы бардык тараптан каптоодо. Бул бир гана театрда эмес. Ар бир үйдүн төрлөрүндө – телевизордун кулагын бурай койсоң, баарың көрөсүң. Демек, мандайында болуп жатат. Алардын айрымдарына учкай токтололук.

1. Кайдыгерлик

Ойлонсоң, кайдыгерлик жакшылык, жамандыкты – экөөн тең бирдей караган, баалай билүү, адамгерчилик сезимдеринен ажыраган жанбы? Кандай дейсиң, бул көздүү болуп туруп көрбөй коюу да, кулактуу болуп туруп керең болуп коюу, жүрөгү бар болуп туруп сезбей, мээр төгүп толкундана албоо да. Карап көрсөң, бир таман жолдогу арыктан 2 жашар наристе аттап өтө албай сени үмүт менен жал-жал карайт. А сенин ага тиешең кайсы, көңүл да бурбайсың, ойсуз, томсоруп да, зымпыйып да шыпылдай басып өтө бересиң. Жумушуң жок. Анын ордуна токтой калып: «Ой, азамат, сен кимдин баласысың, кел мен арыктан өткөрүп коёюн, анан экөөбүз дос болобуз» – деп күлүп-жайнап, эки колтугунан алып, арыктан өткөрүп койсоң, кандай болор эле? Турмушта мындай мисалдар көп, чоң жолдо жаткан топудай ташты алып четке ыргытып жибергенден тартып, чатакташкан досторунду тыйып, калыстык сөзүндү айта билгенге чейинки не деген адамгерчилик сапаттар сени күтүп турат. Бирок ошонун баарын көрбөй тоңуп турган, жакшыны жакшы деп агынан жарылып сүйүнбөгөн, жаманды жаман деп кейип күйгүлтүктөнбөгөн, мерес болуп каткан кандай пенде? Аралашпайт, жаман көрүнгүсү келбейт. Эл электр жарыгын «адрестүү өчүрсүн, акысын төлөбөгөндөрдүкүн гана өчүрсүн, башкасына тийбесин!» деп талап кылып жатса, кайдыгер киши аларды тиешесиз маңыроо көз менен тиктеп өтө берет... Бул, эмне, коомдук турмуштан бөлүнүп калган жанбы? Сенин кайдыгерликке жекече мамилең кандай?

Балким, аныкы туурадыр, «унчукпаган тоодой балээден кутулуптур» деген ырас да. Сенин ошондой кайдыгерлик кылган учурларың барбы? Баса, маңкуртчулук менен кайдыгерликтин өз ара байланышы бар деп эсептөөгө болобу? (Бул дилбаянды жазууда таланттуу акын Шайлообек Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» деген ырын да пайдалансаң болот).

2. Ойсуз ээрчимелик

Мында өзүңдү башкарган ички абийир көзөмөлү, акыл, жолжосундар болбойт. Алардан кур жалак каласың да, башкалардын акылы, ойлогон ою менен башкарыласың. Аларга ишенип, ойсуз ээрчий бересиң. Топторго, командаларга, тигил же бул партияларга оңой эле кирип кетесиң. Анан макта дегенин даңктап, саба дегенин токмоктоп, жок кыл дегенин өлтүрөсүң. Мисалы, «Манас» эпосунда Абыке ошондой. Өзү туура ойлонгон жакшы эле киши. Бирок Көбөштү ээрчип кетет да, Манасты жоктоп күйүткө батып отурган Каныкейдин ордосуна кол салууга, такалуудан тай, үрүп чыгар ит калбаганга чейин болгон талоонго катышат. Демек, анда ойсуз ээрчимелик күчтүү. «Мындай сапаттар менде жана жолдошторумда жок» деп айта аласыңбы? Көчө-көчө же айыл-айыл болуп топтолушуп мушташкан балдардын катарында болгон жоксуңбу? Мындай мушташуу ар-намыстын ишиби? Же анын тиешеси жокпу? Кыр көрсөтүүбү, күч сынашуубу, коргонуубу, же коркутуп алып, кың дедирбей жумшоо үчүн керекпи? Же күчтү кайда коёрду билбегендиктен, улуу эпосто айтылгандай «Урунууга тоо, урушарга жоо таппай» эңгирегендиктенби? Бирөөнү таяктап көзүн томуйткандан, мурдун кан жалаткандан, таяк менен желкеге чапкандан кадыресе ыракат аласыңбы? Демек, башкаларга кордук көрсөтүүдөн жыргал табасыңбы? Ал эми таяк жеп, тишиңди күүдүрүп, колуңду сындырып алсаңчы, бул жигиттикпи? Андай болсо ата-энең таяктагандарды сотко суратып, неге адилеттик издейт. Же алар түшүнүшпөгөндүктөн ошентишеби. Же милицияга суратып, алдыга аке-жаке деп түшүрүп коёлу дешкениби? Ооба, ойсуз ээрчимеликтин залакасы көп, алар жөнүндө эми сен жазып көрсөң болот. Баса, ойсуз ээрчимеликтин залакасынан кутулуунун аргасы милицияга тергелүү, сотко суралуу эмес экенин эсиңе түйүп кой. Баары өзүңдө, өз кемчилигиңди – ичиңде жаткан мокочону ири алды өзүң көрө билишиңде. Мындай көрө билүү – чоң жетишкендик, анткени өзүңдү өзүң таанып, жакшы жактарыңдан жаманынды ажырата аласың. Өзүң теңдүү балдардын бир өксүгү – кемчиликтерин андай албай, аны бүт дити менен ар дайым коргоого алгандыгы. Ал эми мындай коргоого алынган нерсе жоголбойт, тетирисинче, өсүп-өнөт. Ойсуз ээрчимелик да ошондой. Сенде ошондой сапат барбы? Алды менен чын ыкластан өзүңдү-өзүң карап көр.

3. Араксыз жашоо супсакпы?

Арак жан жыргаткан кумардуу азгырыкпы? Болбосо сопсоо, жап-жашынакай, акыл десең акылдуу, сыпаа десең сыпаа кишилер бир нече стакан аракты ичкенден кийин, көз алдында

жиндиге айланып калганы кандай? Кээ бирөөлөрү маймыл кейиптенип, өзүнө жарашпаган кылык-жоругун айт! Айрымдарынын оозунан шилекейи куюлат. Ага карабай, астындагы тамакка шилекейин чачыратып, кеп бербегеничи. Чын сөздү тике эле айтуу керек, кээлери аябай көп ичкендиктен, көчөдө жатып калып, шымы нымдалып калат (?!) Ооба, жийиркеничтүү көрүнүш. Бирок, жашырбай айтканда, аракты ичкенге сен да кызыгасың. Стаканда мелт-калт этип жылтылдаган тунук суу өзүнө кимдерди тартпайт. Карасаң, баары ага имерчиктешет. Ичкенден кийин чечбереке болуп, оозунан каалоо, алкоо сөздөрү төгүлөт. Мейман күтүү, той, бирөөнү сыйлоо, оболу, кайгыны бөлүшүү да ансыз өтпөйт. Араксыз баары тузу кемиген тамак кебетелүү сезилгени кандай?

Текши арак ичүүчүлүк коомду да, үй-бүлөнү да ичтен иритип бузуп турган зор күчкө айланды. Ал атаны балага, баланы атага жек көрдүрүп, Теңир таанымынан бери миң жылдап келаткан улуу менен күчүүнүн ортосундагы эриш-аркак алаканы үзүп, бири-бирине жек көрдүрүп салууда. Үй-бүлөдөгү жаркын, жылуу жана жылдыздуу маанайды өчүрүүдө. Күйөөсүнүн же баласынын мас болуп келатканын көргөндө, үйдөгүлөр зааркanып ичкени ирим, жегени желимге айланууга. Ушунун баарын көрүп-билип туруп, анан айрым үйдүн балдарынан бери «минтпесе жан сактоо жок» деп арак сатышат, ушунун баарын баштан кечирип жатып ичпеген мейманын кыйнап, «сага келген оору мага келсин!» деп ичирүүгө кылбаган аракетти кылып, чарк көпөлөк айланышат. Ичкен мейманын эч нерсени сезбей жыгылып жатып калганча ичиргенин айтып мактанышкандар да бар. Кыйноочулар элдин баары ушинтип сыйлоого тийиш» деп корстон. Сен да ушундай иримде чабак уруп келесиң. Атуул катары, түптүү элдин тукуму катары ушунун баарына бой бербей агымга каршы жаалданган эрк менен сүзүп кетүүгө болбу? Болот. Сенин курбуларыңдын жана замандаштарыңдын баары эле айдагандын кулу болуп кеткен жери жок. Арактын айдоосуна кетпеген, ноюбаган эр азаматтар толуп жатат.

1. Арак эресеге жеткендин баары текши ичүүчү тамакпы? Арак ичүүгө азгырылган учуруң барбы? Эч кимге көрүнбөй, ууртанып болсо да, адегенде ууртап, анан ичип көрдүң дейли. Бир саам тамагыңдан ары өрттөгөн от жутуп алгандай болгондурсуң. Окшудуң. Дагы кандай эле? Каерден, ким менен татып көрдүң? «Жалгыз эле болчумун» дейсиңби? Макул, ал биринчиси. Экинчисичи? Майрамда... Дагы бир классташыңдын туулган күнүндө... Дагы? Көчөдөн ичкениңчи? Эс-учунду билбей калыптырсыңбы? 2. Кыйнап ичирүү сыйлоонун туу чокусубу? 3. Аракты башкаларга көп алып берүү кенендикти, берешендикти билдиреби? Ал эми ичкилик алып бербей тайсалдап качкандар саран,

кишичилиги жок катуу башпы? 4. Аракты ичип жеңген жакшыбы, же ичпей жеңген мыктыбы? Сен кайсынысын тандап алар элең? Эмне үчүн? 5. Аракты жалгыз соккон ылайыктуубу, же көпчүлүк менен адегенде «ичпейм», «көптөн бери ичпей жүрдүм эле» демиш болуп, анан бөтөгөң – ашказанын ысыгандан кийин чечбереке болуп күлүп-жайнап, ырдап, андан соң какшыкташып, кер-мур айтышып, кези келсе кээ бир маселени муштум менен чечип, үйгө жетелетип кеткен жакшы болуп жүрбөсүн. 6. Арак оор басырыктууну жеңилге, жеңил мүнөздүүнү асманга учуруп жибергени кандай? Асмандан нары эмне бар? Арак кимди аяйт? 7. Аракеч байый алабы? Ал чоң бизнеске аралаша алабы? 8. Ичпеген киши көпчүлүктөн бөлүнүп, куу тумшук кебетеленип калабы. Анда кызыл тумшук болбоо үчүн тайсалдап качпай, шимирип ичүү керекпи? 9. Аракеч эмне үчүн иштен куулат? Үйүндө неге күндө чатак? Балдары неге боз ала. Үй-бүлөнүн бузулушуна, жол кырсыгына арактын тиешеси барбы? 10. Аракечтин стакандагы аракты көргөндө, колу калтырап, мууну титиреп калганы кандай? 11. Аракты кээ бирөөлөр эмне үчүн коё албайт, ал ата-энесинен да, аялынан да, балабакырасынан да, ынтымактуу жашоодон да кымбатпы? (Райкан Шүкүрбековдун «Жинди суу» деген атактуу термеси таап окуп, ушул дилбаяныңа пайдалан).

4. Телеманкуртчулук

Дилбаяндагы сөз сен сүйгөн, анын мандайында кээде түн ортосуна чейин тирмийип тиктеп карап отурган, айрым жазуучулар «балдардын механикалык ата-энеси» деп атаган телекөрсөтүү жөнүндө болсун. Ырас, теле көрсөтүү – адамзаттын кабар, жаңылык, маалымат жана окуяларды үйүндүн төрүнө алып келип көрсөтүүчү жана уктуруучу техникалык акыл-ойдун ири жетишкендиги. Албетте, анын мындай зор мүмкүнчүлүгүнө кылапат айтууга болбойт, тек, аны өнүктүрүү керек. Бирок аны туура пайдаланууга карата кетирилип жаткан кем-карчтарды тике эле коркпой-үркпөй айтууга неге болбосун. Адамзат турмушундагы болуп жаткан асыл-нактарды, эрнөктүү жана үлгүлүү окуяларды, ургаалдуу ой толгоолорду (мисалы, ОРТ каналындагы Светлана Сорокинанын «Основной инстинкт» деген берүүсү сыяктууларды) дүйнөнүн бир учунан экинчи учуна турпаты, түртүспөлү, үнү, сөзү, мазмуну, аракет-кыймылы, оболу, ичинде эмне ойлоп турганына чейин сездире алуучу жандуу сүрөттөрдү көз ирмемден да тез жеткире алуучу кубулушту мактоого сөз табылбас. Ошону менен катар теле көрсөтүүдө тынымсыз, күнтүнү менен киши өлтүрүүнүн устаттарынын даңазаланышы, урупсогуунун түркүн ыкмаларын жана чеберчиликтерин таңкалар-

лык деңгээлде чагылдыруу, адеп жана ыйман-ызаттан бездирген жин ургандай тескери кылык-жоруктар, инсандык жан дүйнөңө кол салып, үй-бүлөнү, чөйрөнү, улуттук дөөлөттөрдү, элдик ынтымактуулукту бузган терс таалим-тарбияны жашоонун, өмүр сүрүүнүн нукура өрнөгү катары тартууланышы, ж. б. сени да ойго салышы мүмкүн. Баарынан жаманы – аны там-тун баскан бөбөктөн баштап, эр жеткен атуулга чейин көрөт (башкасын эске коёлу). Бул – ошол көргөндүн баарына таасири жугат дегендик. Балада «жан сактоо теле көрсөтүүдөгүдөй болуп келген жана боло берет» деген бекем ишеним, көз караш калыптанат. Ошондогуну туурайт жана болгусу келет. «Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген кыргыз макалы кадиксиз чындык. Уяда, демек, болгондо да өз үйүндө күн сайын, саат сайын жогоркудай укмуштар менен чүмбөттөлгөн тескери таалим-тарбияны көрүүгө аргасыз. Анан бала ата-энесинин да, мугалимдердин да тилин укпайт. Өзүнчө жоон моюн тип пайда болот. Демек, теле көрсөтүү – бул маң баштуу ажыдаарга окшогон күч, ал боевик кино, телесериал, рекламалары менен күн сайын бардык каналдар кубаттуулукта иштөөдө. Балким, ушундай каражаттардын аркасы менен рекламаларды тартуулаган телеканал 100 миң сом киреше табар, мекеменин каржылык кызыкчылыгын камсыз кылар, бирок улуттун 100 миллион, 100 миллиард сом менен да өлчөөгө болбой турган асыл-нарктарын, үмүт-тилектерин, элдиктүүлүгүн жоюп жиберүү коркунучу босогодо эшикти каккылап турганын таназарга албай, көңүлгө илбей коюуга болобу? Мекемелик тар кызыкчылыктар, мамлекеттик, улуттук кызыкчылыктан жогорубу? Тар кызыкчылыктардын чеңгелинде мыкчылып туруу, акча табууга болгон мындай көз карандылык, анын жолуна өз элинин тил, салт, өнөр, маданий мүдөөлөрүн садага чаап жиберүүчүлүк Чыңгыз Айтматов чагылткан Жоломандан – маңкуртчулуктан өйдө турабы? Же бул «Башка эмне болсо, ошо болсун, өзүм өлбөйүн», «Көзүм көрбөсө, куйругумду бөрү жулуп жесе да макулмун» дегендикпи? Кандай дейсиң, дүйнөлүк, глобалдык болгондугу үчүн эле андай «үлгүлөргө» көз жуумп коюу керекпи? Же ошол глобалдык агым, сел менен бешик ырын, күүлөрдү, салт-санааны, ата-энеден өткөн кулкмүнөздү, куюлушкан мукам, учкул жана мааниге карк тилинди, түр-түспөлүндү жерип, агып кете беришиң туурадыр. Же каршылык көрсөтүүгө жеке инсандык кудуретиң жетеби? Макул, дүйнөлүк агым менен агып кете бер дейли, анда кайда барып токтойсуң, каерден чыгасың? Улутбезер, тилбезер болгондо табарың не? Бирок сенин элиңде ошол теле каналдарда демократия менен сөз эркиндигинин канатында далдаланган жогоркуда сөз кылынган «үлгүлөрдүн» алда канча жогору жана кымбат, өзүң анча да барк ала бербеген жүрүш-туруш маданияты бар экендигин (ушул окуу китебиндеги) § 29да, § 63төө мисал кылынган санат сөздөрдү мындай эле коелу, бир эле § 71деги

Сарт акенин насааттарына эле көз токтотсоң, бул эмне деген адамзаттык маанидеги залкар мурас экенин баамдайсың жана анын ээси өзүң, улантуучу да өзүң экендигин сезесиң? Ал эми адеп, салт-санаа, куш жана күлүк таптоо өнөрүчү? Тамыры 4–5 миң жылга кеткен. Теңир таанымычы, ж. б., ж. б. Ушунун баары капарында барбы? Сен теле «үлгүлөрдүн» ириминен сактанып кала аларына эркиң жетеби? Кантип? Ырас, ал «азгырыктарды» көрбөй коё албашың мүмкүн. Көргөндө, алар сенин көрүү жана угуу сезимиң аркылуу сага өтүп кетип жатканы жалганбы? Ал эми өткөрбөй коюу үчүн өзүң алардан бийик болуп, кунарсыз, жалган өбүшүүлөрдү, жүздөгөн октордон жумаланып-тоголонуп отуруп кутулуп кеткен жасалма «баатырларды», жаны темирден бүткөн, машина эмес, поезд тебелеп кетсе да өлбөгөн, өзү жалгыз ондогон мушташкычтарды кармашып жатып баарын жайлап, өзү аман калган «эрлерди», таңгаларлык жоруксосундарды, жана дагы ушул сыяктууларды талдай карап, алардын кино үчүн жана көрүүчүнү таңкалтырып, көп акча табуу үчүн атайы иштелген жалган, жасалма көрүнүш экенин ашкерелей алышың керек. Эмесе, ишке өтөлү, калеминди колуңа ал да, ойлонуп жооп жаз.

1. Кайсы кино тасма кызыктуу? Эмне үчүн ал кызыктуу? Баш каарманы эмнеси менен сени таңкалтырды? Балким, 9 кабат үйдүн төбөсүнөн жерге секирип түшкөндүр. Мындан секирүү турмушта кадимкидей эле боло берүүчү көрүнүшпү. Кадимки болсо, сен секирип көрөр белең, кокус секирсең эмне болот? (Ушул сыяктуу кино каармандардын бир нечесин талда. Мейли, ал Жеки Чан болсун!)

2. Рекламалардын кандайы сага жакпайт? Эмне үчүн?

3. Болор-болбоско эле өбүшө берген жана киндигинен бери көрсөткөн каармандар жана артисттер кайсы телеканалда, кайсы кино тасмада көп?

4. Ченемсиз көп кишини заматта өлтүрүп салууга жетишкен кино каарман көрүүгө арзыйбы? Арзыбайт дейсиңби, анда аны неге көрдүң?

5. Эмне үчүн кылмыш окуялары көп тасмаларды үзбөй көрөсүң? Анда сени ага тартып турган күч кайсы? Кылмышкердин айла-амалыбы? Ага тилектештикпи? Же анын колго түшүрүлүшү кызыктырар.

6. Эмне үчүн чет өлкөлүк боевик кино тасмалар киноканалдарда, айрыкча, ишемби, жекшемби күндөрү тынымсыз көрсөтүлөт? Эс алдыруу максатындабы, же арасына рекламаларды кыпчып коюу үчүнбү, же адамзаттын турмушундагы асыл, керемет сулуулукту, өрнөктүү жашоону, мээримдүү карым-катышты жыйылтуу же жарга кептөө үчүнбү?

7. Кас-кас туруп, кадамын жаңы шилтеген наристенин «кия» деп тебүүгө аракет жасаганын кандайча түшүнүүгө болот?

5. Музыкалык делбетаптык

Адамзаттын гениалдуулугунун бири кубулжуган үндөрдүн шайкештиги, мукамдыгы менен инсанга кишинин ички жан-дүйнөсүнүн миң түркүн кубулушун жана анын үлбүрөгөн ашкере сулуулугун бере алгандыгына. Үндөрдүн ыргагында, кайрыктарда жан терметип, эрип, эргип, кыялдардын мухитинде канат кагып, каалгып учуп, жаныбыз асылданат, арууланат. Атайдын «Эсимде» деген обонун эстечи. Мырзабек Жанчаров деген ардагер, мурдагы жоокер Улуу Ата мекендик согушта үч жыл жүргөндөн кийин, кокустан радиодон берилип жаткан «Эсимдени» угуп калган. «Ошондо, – дейт Мырзакең, – көз алдыма Ала-Тоо, ата-энем, урук-туугандарым тартылды, Таластын атыр жыттуу абасын кере дем алып, шаркыраган суунун добушун эшитип, айылымды аралап жүргөндөй болдум. Кыргыз тилин көптөн бери укпай сагынгандыктан, кулак менен эле эмес, бүткүл тулку-боюм кан каткансып соруп алып жаткансыды. Канча убакыт турганымды билбейм, чекем, бетим суу, көзүмөн жаш куюлуп, үнсүз ыйлай бериптирмин. Радиодогу ыр небак эле токтоптур, бирок «Эсимде» менин жан-дүйнөмдө уланып жатыптыр. Ийнимде салмактуу бир кол турганын да сезбептирмин. Ал майдандаш жоокердин колу экен, менин обонду угуп, катуу таасирге бөлөнгөнүмдү сезип, муңайып тиктеп турган экен. Ошентип, мен кыргыз обондорунун күчтүү касиетин капыстан майданда жүрүп ачкам. Ал мага Европанын түнт токойлорунда, талааларында согушуп жүргөндө Ата журтум, элим, эне тилим мага ченемсиз күч-кубат, кайрат, калканч болуп жетип барган. Кыргыз күүлөрүн азыр да жан төшөп угам. Уулум Дайырбектин бир кызы, демек, неберем, күү чертсе, жерге-сууга батпай сүйүнөм. Майданда уккан «Эсимде» эсиме келет. Албетте, эл арасында мындай аңыз-аңгемелер аз эмес, сураштырсаң таап калышың мүмкүн. Ал эми дүйнөлүк музыкада Моцарт, Штраустун «Вена токоюнда», Чайковскийдин «Ак куулар бийи», Наркиза Тилендиевдин «Гүлдөр» ансамбли, Карамолдонун, Ыбырайдын, Атайдын, Курмангазынын күүлөрү, Ж. Шералиевдин «Түшүмдөсү», К. Тагаевдин «Назгүлүмү» ж. б. миндеген чыгармалар не деген кенч, не деген жан дүйнө байлыгы. Сен ошол асыл дүйнөнүн арасында жашайсың. Бирок сени чек араны жана котормону билбеген, там-тум, там-там деген ритм, жалт-жулт этип өчүп-жанган күчтүү жарык, электрондук-лазердик түстөр, кырылдаган тили түшүнүксүз кыйкырык, жыланачтанган кыз-келиндердин бийи, кулак тундурган, эсиңди эки кылган, металлдын доошундай төбөңдөн таманына чейин жеткен жаңырык менен куралданган үндөрдүн агрессиясы туткундап аларын да жашырбай айтуу керек, булар – кинодо, түнкү клубда, дискотекада,

казинодо, тойлордо, көчөдө, акырында сен тиктеп отурган телевизордун экранында. «Кайда барсаң Мамайдын көрү» дегендей, кайда барсаң да ошого тушугасың. Анан жаш өспүрүмдөрдү эле эмес бардык жаштарды электромузыканын таңкылдагында эси оой делбетап болуп бийлеп, кулактын тарсылдагын жулуп алчудай болгон катуу үн баарын маң баш кылып мурдунан жетелеп алууда. Анан эр болсо, «Ибарат» илхамды келтирип, «Марш камбаркан» «Кыргыз көчү» сөөлөттүү жолду, «Миң кыял» өмүрдү, «Сынган бугу» арманды, «Ак бакай» арзууну сыпаттап көрсүн! Миң жеринен мыкты болсо да, ага ким кулак төшөп, анын ыргагы менен ким бийлеп, ким аны менен той тоссун. Анын ордуна там-тум, там-там ритмдеги музыкалар жазылган кассеталар дүкөн толо. Ал да, жерди жара тепкилеп, делбетап, көзүң байлана нес да, мас да болуп чардай бер! Балким, жолуңду туш-тараптан жылчыксыз тороп алган массалык маданият деген үндөрдүн баскынчылыгы кайда айдаса, ошол жакты карай «лаппай» деп көнүп, баш ийип турган туурадыр. Же ага да моюн толгоп коюуга болобу? Дилбаянды ушул өңүттө ой жүгүртүп жаз. Анан төмөнкүлөргө да учкай жооп жазсаң болот.

1. Ыргагы жай, сени терметип, кыялыңа кыял кошкон, акыл-эсиндеги назик ойлорду, жүрөктөгү түркүн сезимдерди козгоп, аң-сезиминди аруулантканкан, ыйман-ызаатынды тазалап, өмүрдү, жашоону сулуулантканкан музыкалык чыгармаларды топтоп, аларды жан азыгы катары утуру угуп туруу сага эмне берет? Акча, мал чогултканкандай музыкадагы классикалык чыгармаларды топтосоң эмне болот. Колуңду бирөө кармап турабы? Эгер ушундай ишке киришип калсаң, анда ага кайсы музыкалык туундулар кирет? Тизмелеп көрсөң?

2. Эл арасында ар бир үйдөн кут катары «Манас» эпосу менен катар комуздун болушу, анын төрдө кастарланып илинип турушу жөнүндө кеп кылынат. Сенин буга жекече мамилең кандай? Эмне үчүн комуз илинип турушу керек? Эгер жогорку түшүнүктү макул тапсаң, анда комуз сенин үйүндөн орун табабы? Оболу, «Манас» менен бирге комузду кыздын себине берүүгө, муну салт катары тутунууга кандай карайсың? Оюнду ишке ашыруу үчүн эмне кылышың керек?

3. Күүлөрдүн аттарын билген жакшыбы, же аны укканы дуруспу? Буга чейин канча күү уктуң, эгер шарт түзүп алган болсоң, күнүнө канча күү угар элең?

4. Күү менен бийлөөнү уюштурууга болобу?

5. Эгер миллиондогон акчасы бар табышкер бай болсоң, күүлөрдүн кассетасын көпчүлүккө жете тургандай кылып чыгарууга ниеттенер белең? Эмне үчүн ниеттенесиң да, эмне үчүн көңүлүң чаппайт?

6. Кыргыз обондорунун мыктысы деп кайсы чыгармаларды эсептейсиң. Бассаң, турсаң кулагында жаңырыктап тургандары барбы?

7. Өз элинин күү, обондорун жериген адамды маңкурт дешке болобу?

6. Эне тилин, салтын жана атын жерүү

Республикабызда орус тилдүү кыргыздар да бир кыйла. Алардын бир тобунун кулк-мүнөзү, баскан-турганы, кийингени да кыргызча эмес. Мейли, алар ал түгүл зарылдыгына жараша бир нече чет тилди эң сонун билишсин. Бул эч кимди өкүнтпөйт жана кабаатыр кылбайт. Тескерисинче, кубандырат. Кептин баары мында – өз эне тилиңдин, элиңдин миң жылдап жоого чабылып, куугун-сүргүндө жүргөндө да, атайы чилче таратылып жибергенде да, жай турмуш күндөрүндө да көздүн карегиндей сактап, өз тукумуна жеткирген тилинин эми четке сүрүлүп, жерилип отургандыгында. Айрым тукумдарынын кыргызча сүйлөгөнгө түшүнбөй, ийнин кууштуруп койгон абалга келгенинде. Албетте, Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» чыгармасын, А. С. Пушкиндин «Евгений Онегинин» орус тилинен кыргызчага которгон улуу Алыкул Осмонов «Башка тилди жандай жакшы көрсөм да, Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм» деп өзүнүн да, мезгилдештеринин да жана бүгүнкү эгемендүүлүктө жашап жаткан жаштардын да так мамилесин ошондо эле аныктап койгон. Жашырар нерсе эмес, тилин унуткан салтын да, дилин да унутат. Ал жан-дүйнө ааламы болгон миллион саптуу «Манасты», «Эр Төштүктү», «Кожожошты» окуп түшүнө албайт. Бешик ыры, ак бата, Женижоктун, Арстанбектин, Токтогулдун ырлары жан-дүйнөсүн козгобойт. Барпынын «Мөлмөлүм» деген кыргыз классикасынын мөлтүр берметин андап түшүнүүгө кудуретсиз. Алар ушундай абалга келтелгендиги үчүн ошол кездеги заманды, ата-энесин күнөөлөшөт. Бул – бир. Экинчиден, айылда да Талантты Толик, Сагынбекти Сашка, Алымбайды Алеша атыктырып алган адат четтен эле учурайт. Кыздарда Дилдеканды Диля, Аселди Аселя дешип, Чынар, Анар, Мунар сыяктуу угумдуу жана жарашыктуу аттарга «а» тыбышын кошуп Чынара, Анара, Мунара кылып ала койгонубузчу. Оболу, бала төрөлгөндө эле Виктория, Замир, Элеонора, Клара, Стелла, Света, Мира, Люба ж. б. аттарды кое салгандар аз эмес. Албетте, тигиндей, мындай ат кой деп эч ким буйрук бере албайт. Ыктыяр ата-энеде, үй-бүлөдө, топтошуп ат ыйгарышкан курбу-курдаштарда. Бирок эске алар нерсе – кыргыз өз атын жылкы теппей, жылан чакпай эле өзү жерип жаткандыгы. Бул ойсуз ээрчимелик менен тууроочулуктун күчтүүлүгү. Болбосо Арууке, Каныкей, Күлайым, Айсулуу, Асел, Ширин, Гүлбурак, Сайкал, Акылай, Гүлзат, Нургыз, Тоту, Мээрим, Жылдыз, Суусар, Айгерим, Жайнар, Назгүл, Бүажар, Нуржамал, Алыйман, Нургүл, Асылкан, Үркөр, Кундуз, Калыйча, Айпери, Тумар, Гүлжамал, Гүлгаакы, Чолпон, Женишбү ж. б. миндеген айтса оозго, укса кулакка жарашкан мындай ысымдардын Виктория менен Элеонорадан эмнеси кем экен?

Дилбаянында төмөндөгү суроолордун тегерегинде ой жору.

1. Тарыхый маалыматтарда жана эпикалык баяндарда башка бир элди басып алган душман кызыл кыргындан аман калганын жер ооду кылып, башка тили буруу бөтөн журттун арасына атайы бириндетип бөлүп жиберген. Ошондо жалгыздан калган жан нан таап жеп, эптеп күн көрүү үчүн башка журттун жашоо жагдайына көнүп, кааласа да, каалабаса да, жана да өз тилинде сүйлөшөр адам болбогондуктан, эне тилин, салтын, үрп-адатын акырындап жоготкон. Бул – жок болуу, башкаларга сиңип кетүү дегендик. Ал эми чамгарагың бүтүн, мамлекеттик туун көз жоосун ала желбиреп, кашында эгемен элиң аман-эсен туруп, жогорудагыдай басып алган душманы жок эле, башка бирөө эмес, так өзүндүн эне тилинди жерип, аны барк албай кетишиң кандай? (Айталы, сен болбосоң, дагы бир замандашың). Бул тилинди, тилиң аркылуу элинди жок кылууга жасалган маңкурттук кадам экендигин билесиңби? Ой толгоп, акыл калчап көрчү. Сен, же сага окшогон дагы бир курдашың ушундай кадамга кантип барды?

2. Өзүндөгү табигый керемет жана жаның менен кошо уюп бүткөн эне тилинди унуткандан кийин, же аны башка тил менен тебелетип, бузуп сүйлөгөндөн кийин, сенден кайсы билимди, кайсы патриоттук сезимди, маданиятты, атуулдук касиетти күтүшкө болот? Деги ар-намыстын өзү эмес, тырмактай бүдүрү бар дешке болобу?

3. «Кылым карыткан бир күн» романында Жоламан өз намысын, атасынын атын унутуп (жарыктык, эстөөгө аракет кылганда, чекесинен чыбырчыктап тер чыгып кетет), эс-акылынан ажыраса да, эне тилин жоготпогон, Найман эне менен өз тилинде тантир-мунтур болсо да чолок кайруулар менен сүйлөшө алат. Ал эми эне тилин унуткан, кыргызчага, түшүнбөй ийнин күүшөп койгон, айталы, сен ошол маңкурттан жогору турасыңбы? Өзүң салыштыр.

4. Алыс барбай, азыркы эле эл арасынан, теле көрсөтүүдөн баарыбыз көрүп жүргөн мисалга эле токтололу. Эмне үчүн чет өлкөдөн келген айрым, мисалы, япон, англичан, түрк жаранда-ры наяты жарым жылдын ары-беркисинде, эле кыргызча сүйлөп, оюн эркин билдирүүгө жетишип калат, а сен (же замандашың) али күнчө өз тилинде эркин сүйлөп, жаза албаганың кандай? Өз эне тилин кор кылган, Манастын, Жеңижоктун, Арстанбектин, Токтогулдун, Барпынын, Алыкулдун, Касымалы Жантөшевдин, Чыңгыз Айтматовдун, Байдылда Сарногоевдин, Төлөгөн Касымбековдун тилин жериген сен кимсиң? Тамырынан ажырап калган жоксуңбу?

5. Эне тилди көздүн карегиндей сактоо жөнүндө эмнелерди сунуш кылар элең? Сана.

6. А балким, эне тилди кастарлоонун анчалык зарылдыгы деле жоктур, себеби эртедир-кечтир майда тилдер жок болуп,

алар англичан, орус, араб, кытай өндүү, көп калк сүйлөгөн тилдерге жутулуп, синип кетер. Анда келечеги жок тилдерди эмитен эле жерип, унута берүү керектир. Муну кандай дейсиң?

7. Тилди чоң, кичине, жакшы-жаман деп бөлүштүрүүгө болобу? Же ар бир тил адамзаттын кайталангыс сулуу табылгасыбы?

8. Жүз жылдан кийин сенин тукумундун өз эне тилинде бир сөз билбей, жалаң англис тилинде же башка бир тилде сайрап сүйлөп турушуна эмитен сыймыктанар белең?

Изсиз тунгуюкка кептелүү коркунучу

Бул тема маңкуртчулукка байланышкан жогорудагы алты теманы (1. Кайдыгерлик. 2. Ойсуз ээрчимелик. 3. Араксыз жашоо супсакпы? 4. Телемаңкуртчулук. 5. Музыкалык делбетаптык. 6. Өз эне тилин, салтын жана атын жерүү) кучагына алат. Демек, ушундай аталыштагы ыр түрүндөгү ой толгоо же публицистикалык макала жазуу сунуш кылынат.

Ойго таек. (Жогорудагы маңкуртчулукка байланышкан алты тема боюнча).

1. «...– Жерди алса болбойбу, мал-мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен, башты алса болбойбу, – деп сүйлөнүп отурду Эне. – Бирок адамдын адам ниетине ушуну кантип киргиздин?» *(«Кылым карытар бир күн» романынан).*

2. **Шаханов.** Кылымдар бою кашыктап жыйнаган адамзаттын руханий байлыгы не себептен жакырдануурга тийиш деген соболго Сиз экөөбүз гана баш катырбасак керек. Адамдын пейил-ниетинде зордук-зомбулук көнүмүш адатка айланып, мээримдүүлүк менен кайрымдуулук өз ченинен алыстай баштаганы кандай? Күрмөктү отобосок, күрүчкө күн жок... Советтер Союзу таркаары менен чексиз эркиндиктин чеги ушундай дегенсип, коммерциялык теледидарлашуулар менен сан миңдеген кинотеатрлар эртели-кеч адамды өлтүрүүнүн, зордук-зомбулуктун жана төшөк маданиятындагы эчендеген жалгашууларын ачык көрсөтө башталды. Китеп дүкөндөрү да көркөмдүк табиттен алыс, атуу, асууга, кыргын-сүргүнгө карк кылган сексуалдуу маньяктар менен адамгерчиликтик улуу сезимди булгаган жиниккен каармандары тууралуу курч сюжеттүү детектив китептерге толуп кетти.

3. **Айтматов.** Ооба, ошол көйгөйлүү жагдайыбыздын азабын бир күнү тартабызбы деп корком. Бармак тиштетип, түмөн түйшүккө кириптер кылар бул чексиз эркиндигибиз биздин улуттук үрп-адатыбыздын, салтыбыздын азап-тозогуна алып келеби, же орошон тарыхыбыздан айрылабызбы, айтор, изсиз тунгуюкка кептелер бекенбиз.

4. **Шаханов.** Япон ойчулу Д. Икеде менен болгон маегиниздe: «Ар бир үй-бүлө өз перзентин көрүнгөн идеологиялык агрес-

сиядан калкалай билиши зарыл», – деп азыркы татаалдашкан мезгилдин күрөө тамырын кармай билип, терең ой айткансыз. Биз болсок, эсибиз барда этегибизди жапкандын ордуна, ушул күнгө дейре артына кылчайбас мерген сыңары көзгө көрүнбөс чекти максат кылып, абийирибиз кеткиче алга жутунуу менен келдик *(Ч. Айтматов, М. Шаханов, «Аскада калган аңчынын ыйы» китебинен)*.

3. «Коммерция менен шартталган массалык маданият интеллектуалдык деңгээлди төмөндөтүүдө термоядролук согуштун коркунучу менен бир катарда турарын академик А Сахаров айткан» (*М. Шаханов, «Цивилизациянын адашуусу» китебинен*).

4. «Батыштын өнүккөн өлкөлөрүндө,
А азыр бизде да
Рампа каролдору,
Видео зубрлары,
Дүйнөлүк шоунун ажыдаарлары:
Бардык майкл жексондор,
Жана да филипп киркоровдор –
Бардык учурда жана бардык элде
Жашаган жан дүйнө, ой гиганттары:
Конфуций, Шекспир, Фирдоуси,
Гете, Достоевский,
Бетховен, Моцарт –
Баарын бириктирип алганда,
Алардан жүз эсе атактуу болуп алышты»

(Мухтар Шахановдун «Цивилизациянын адашуусу китебинен»).

5. Чыңгыз Айтматов менен Мухтар Шаханов өз ара маектешип жазган китебин «Аскада калган аңчынын ыйы» деп аташкан. Албетте, авторлордун мында асканын боорунда калган Кожожашты көңүлгө туткандыгы байкалып турат. Бирок асканын боорунда камалып жашоодон үмүт үзгөн Кожожаш, же аскада калган аңчынын ыйы менен алар эмнени айтышкысы келген? Буга сенин, коомундун элиндин тиешеси барбы? Бул ый ар бир жаранга айтылган эскертүүбү? Кожожаштын абалында калбаш жана изсиз тунгуюкка кептелбеш үчүн эмне кылышың керек? Кечигип кала электе ойлон жана аракеттен.

§ 80. ҮЙДӨН ЖАЗЫЛЧУ ДИЛБАЯНДАР

1. Кимиси күчтүү? (Пьесалаштыр)

(Акыл, акча, арак, амал-айла, бийлик, билим, өнөр, ыйман, соода, мээнет жана наркозаттын талаш-тартышы).

2. Санжыра топтоо

Өзүң жашаган чөлкөмдөгү уруктун, же бир атанын балдарынын, же айрым бүлөнүн санжырасын топтоп жана иликтеп жаз. Алардын жамандык-жакшылыктагы өз ара күйүмдүүлүгүн, бири-бирине каралашкан ынтымактуулугун баянда. Бирок жазганың эл оозундагы улама, аңыз, ыр, чечен сөз жана макал менен коштолсун.

3. Мезгил ыры

1. Жазгы кайрыктар. 2. Бүчүр. 3. Көктөм. 4. Аптап. 5. Суу сугаруу. 6. Нөшөр. 7. Чабык. 8. Шамал ыры. 9. Алтын күз. 10. Шыбак жыты. 11. Бороон ыргактары. 12. Шыргалаң. 13. Чаначан кыз. (Ар бир темага 4–5 сүйлөмдөн турган сүрөттөмө арна. Айрым сүйлөмдөр ыргакташып, куюлушуп турсун. Же болбосо, ар бир теманы 4 саптан турган ырга айландыр).

4. Альбом ырлары

1. Сага. 2. Классташыма. 3. Бакыт, бакыт... 4. Шам чырактар. 5. Келечек күтөт. 6. Кечир мени. 7. Шооламсың. 8. Күтөмүн. 9. Өнөрүң өргө! 10. Назгүлүм. 11. Эстей жүр. (Ар бир темага 4 сап, кааласаң андан да көп ыр сабын арна. Тек, башкалардан көчүрүп алба. Уйкашпаса да, өзүндүн чыгарган ырың башкалардын баарынан жанга жакын, көзгө ысык болорун унутпа).

§ 81. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ БОЮНЧА КАЙТАЛОО

Бул кайталоо ушул окуу китебиндеги беш баскычтын негизинде жүргүзүлөт (Алтынчы баптагы § 73 тү кара). Ар бир баскыч сабаттуу жаза билүүгө ачкыч экенин унутпа.

§ 82. «ЖАТ ЖАЗУУ» ТОПТОМУНАН

Кош сөздөрдү өзүнчө бөлүп жаз

Өлбөгөн жерде калуу, дары дармек, бөлөк бөтөн, төбөсү көккө жетүү, көркөм адабият, баш көз, бала бото, белек бечкек, дене тарбия, дыйкан чарбасы, жолуң болгур, буюм тайым, бырын чырын, булуң бурч, кыргыз тили, вице премьер, дембе дем,

сары кар, кара нөшөр, сур булут, кат кабар, канат куйрук, какмар шакмар, катуу түлүк, какап чакап, камыр жумур, калайык калк, кажы кужу, тилсиз жоо, көз жоосун алуу, кадыр көңүл, илең салаң, эртең менен, кечке маал, жоолук таштамай, жөлөп таяп, жан жаныбар, жай жапсар, жоон билек, жөө жомок, ит куш, жеңил желпи, жип шуу, эр жүрөк, жылдызы жерге түшүү, жолдош жоро, чаң тополоң, чай чамек, чала чарпыт, илептүү сүйлөм, ич күйдү, ыпыр сыпыр, үй бүлө, уят сыйыт, чыр катак, жалгыз аяк жол, көк асман, кырка тоо, өйдө төмөн, мөмө чөмө, тал терек, жол жосун, жайкы саратан.

Улгу. Бөлөк-бөтөн, баш-көз...

Сүймөнкул Чокморов

Сүймөнкүл Чокморов (1939–1992) – сүрөтчү, атактуу жана таланттуу киноактер. Эл артисти, Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын жана Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Эркектин мыкты ролун жараткандыгы үчүн С. Чокморов Алматыдагы Казакстан Орто Азия, Тбилисидеги, Бакудагы, Еревандагы Бүткүл союздук кинофестивалдарда төрт жолу 1-сыйлыкты жеңип алган. Анын кыл каламинен тоо кечи, узатуу, эне, актриса, Саякбай Каралаев, А. Жанкорозова, С. Жумадылов деген сүрөттөр жаралган. Сүймөнкулдун кинодогу жолу да байсалдуу болду. Ал Караш-караш окуясы кино тасмасында Бактыгулдун (1986), Жамийлада Даниярдын (1969), атайын комиссарда Хожоевдин (1970), касиеттүү Ысык-Көлдө Кара-Балтанын (1971), жетинчи окто Максуловдун (1972), Уркуяда Үтүрдүн (1972), көксеректе Ахангулдун (1973), мен – Тяншанда Байтемирдин (1973), Кызыл алмада Темирдин (1975); Дерсу Узалада Чжан Баонун (1975), мекен баянында атанын (1976), уланда Азаттын (1977), Каныбекте Жолойдун (1978), эрте келген турналарда Бекбайдын (1979) ж. б. ролдорун аткарган. Ал адам табигатынын жан дүйнөсүнө терең сүңгүп кирип, каармандын кебете-кешпирин, кулк-мүнөзүн кемелине келтире табийгый түр-түспөлдө кенен, таасын ачып көрсөткөн кайталангыс устат актер.

Тапшырма. Текстте 21 ката бар, ошолорду таап, оңдоп көчүр.

Бүбүсара Бейшеналиева

Бүбүсара Бейшеналиева (1926–1973) – белгилүү советтик балерина, кыргыз бий өнөрүн негиздөөчүлөрдүн бири. Республиканын жана СССРдин эл артисти Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Кыргыз элинин улуу адамы катары анын ысымын Бишкек шаарындагы искусство институтуна ыйгарылып, элеси сомдун бетине түшүрүлгөн. Сахнада тунгуч ирет

В. Власов менен В. Ференин селкинчек балетинде (1943) Зайнуранын ролун аткарган. Б. Бейшеналиеванын жаркын таланты М. Раухвергердин Чолпон, А. Глазуновдун Раймонда балетинде ачык-айкын көрүнгөн. Чолпон балет-фильми дүйнөнүн 60 тан ашуун өлкөсүндө коюлган. Бүбүсара өз өмүрүндө балет спектаклеринде төмөндөгүдөй ролдорду ойногон. Алар: курулай сактыкта Лизанын (1948), Бахчисарай фонтанында Мария менен Зареманын (1949), аккуу көлүндө Одетта-Одиллиянын (1950), кызгалдакта Тао Хаонун (1953), Анарда Анардын (1950, 1957), Вальпургий түнүндө Вакханканын (1952), жаз келататта Каарман кыздын (1953), Чолпондо Чолпон менен Айдайдын (1953, 1958), Эсмеральдада Эсмеральданын (1955), уйкудагы сулууда Авроранын (1956), Куйручукта Зейнептин (1960), чоң вальста Фаннинин (1961), Корсарда Медордун, Ромео жана Жульеттада Жульеттанын (1962), Шопенианада Сильфиданын (1966), Дон-Кихотто Китринин (1967), Аселде Аселдин (1967), Болеродо солисттин. Ал улуттук жана классикалык балеттерде ар кыл мүнөздөгү бейнелердин бүтүндөй бир галереясын жараткан жана аларды өзүнүн көп түрдүү артисттик таланттынын бардык көркү менен ар тараптан ачууга жетишкен. Бүбүсара Бейшеналиева – тубаса бийчи, кыргыз сахнасындагы классикалык бий техникасын ойдогудай өздөштүргөн кайталангыс жылдыз, ченде жок жароокер, бой-мүчөсү келишкен тубаса сулуу, көрүүчүлөргө нур чачкан үлбүрөгөн назиктиктин ээси.

Тапшырма. Текстте 22 ката бар, аларды таап, ондоп көчүр.

Ыбырай Туманов

Ыбырай Туманов (1888–1967) – залкар комузчу жана композитор. Комуз чертүүнү чоң атасы Жолбундан үйрөнгөн. Ыбырай элдик күүлөр менен катар Арстанбектин, Абактын, Кайдунун, Майлыбайдын, Муратаалынын, Карамолдонун, Токтогулдун күүлөрүн эң сонун черткен.

Өзү да уулдун урпагына, урпактын учуна чейин жете турган өлбөс-өчпөс күүлөрдү чыгарган. Кеңеш, Октябрь, өзгөрүш, колхоз куралы, паровоз, толкун, жыргал күн, улуу той, тынчтык, Ала-Тоо, жаш тилек, боз салкын, жеңиш ж. б. ондогон күүлөрү кыргыз радиосунун алтын фондунда сакталуу. Ыбырай Тумановдун күүлөрүнүн бир тобун 1936-жылы А. Затаевич нотага түшүргөн. Ал Москвада өткөн кыргыз искусствосунун (1938), кыргыз адабияты менен искусствосунун он күндүктөрүнө катышкан. Залкар комузчу Кыргыз ССРинин эл артисти деген наамга ээ болуп, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери жана медалдар менен сыйланган.

Тапшырма. Текстте 16 ката бар, таап, ондоп көчүрүп жаз.

Боз үй

Улуу Теңирим көчмөндөрдүн ырыскысына боз үйдү жаратты. Байыртан бери кыргыз баласынын оокат-тирлиги жана өмүрү боз үйдө өттү. Боз үй б. з. ч. сактардын хуннулардын кыргыздардын үйсүндөрдүн дөөлөстөрдүн учурунда эле болгон. Археологдор Алтайдагы Пазырык дөбөсүнөн б. з. ч. V–III кылымдарга тиешелүү боз үйдүн калдыктарын табышкан. Боз үй көчмөн элдердин акыл-оюнан жаралган жеңил десең жеңил чечкенге тиккенге оңой жайында салкын кышында жылуу жөнөкөй улуу эстелиги ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу. Боз үйдүн ичинен төбөңдү карасаң түндүгүнөн көк асманды күндүз күндү түнү айды көрөсүң көлдөлөң менен көк шибер алдында жатат. Сыртка чыксаң кең дүйнө шарт ачылат. Боз үйдөн сырткы космос жана ички дүйнө менен бирге жашап жаткандай сезесиң өзүндү. Боз үйдүн керегесине жараша анын көлөмү да аныкталат. Боз үйдүн эң кичинекейи жана жөнөкөйү – кереге уук баштарын кайчылаштырып жасалган алачыгы болот. Анын түрлөрү бар: жапма алачык сайма алачык кара алачык жолум үй сойломо ж. б. Андан кийин боз үйдүн жабыгына карай үзүктүү көтөрмө туурдуктуу уук-керегеге карай ак үй чоң уй ак өргөө ак ордо ак ала ордо (хан үйү) болуп кете берет.

Боз үйлөр чоң-кичинесине карата алтымыш баштан жүз баш эки жүз баш деп, керегенин башына карата бөлүнөт. Сапатына карай тор көз, ара көз, жел көз деп, керегенин көзүнө карай айтылат. Үйдүн ичи төр улага эр жак эпчи жак деп төрткө бөлүнөт. Төргө кадырлуу меймандар карыя аксакалдар эпчи жакка казан-аяк кармаган аялдар эр жакка эркектер улагага кичүүлөр отурушат.

Кыргыз боз үйлөрүнүн жыгачтары негизинен талдан түндүгү арчадан жасалат. Көлөмү боюнча төрт канат алты канат кээ бир ажолордун ак өргөөлөрү 30 канатка жеткен. Байыркы Энесай кыргыздарынын боз үй тарткан арабаларынын узундугу, тогуз кулачка жеткен, муну ондон ашуун өгүз сүйрөгөн. Адегенде кереге жайылып аштарына уук учтугу менен чалып байланат. Босого таяк орнотот. Бакан менен түндүк көтөрүлөт уук сайылат. Чий тартылган соң туурдук үзүк эшик тыш түндүк жабуу жабылат.

(Кеңеш Жусупов)

Тапшырма. Ушул текстке тиешелүү 47 үтүр бар, аларды өз ордуна коюп жаз.

Жер менен деңиз

Жер деңиздин жүрүшүн тороп көшөрөт деңиз болбой жерди омуроолоп сүрдүгөт. Деңиз күркүрөп келип аска ташка соктугат да алсырап кайра тартат. Ага чыдап араң турган таштай бекем кара жер өпкө кагып онтоп алат, бирок солк этип козголбойт. Ошентип, дагы бир түн уюп турду. Бу түнү бала уктай албады. Нерпа талпакта жатып ал тыякта деңиз улам соккон сайын жер калч этип булунда жалдуу толкундар күркүрөп-шаркырап жатканын сезип-туюп жатты... Таң атар маал таяп келди. Дагы бир түн карып дагы бир күн жаралып келатты. Шоолалаган ала-күүгүмдө таноосунан буу бурулдаган бугунун шалпык эрдине окшоп, көбүк бүркүп күрпүлдөгөн жээк көрүнө баштады. Деңиз менен жер тийишкен узак жээк туташ оргуштап кайнап жер менен деңиз тийишкен узак жээк үстүндө муздаган буу туман болуп уюп туман асты күркүрөп-шаркырап жатты. Деңиз көшөргөнүн койбой, толкун артынан толкун кубалап, тоголок кумдуу жээкти жаба берет кара күрөң былжыр таштарга шабыраган көбүк жабышат... Түн тарап таң агарды. Жарык шоола жайылып теребел айкындала берди. Жер сүрөтү таанылып деңиздин кыяпаты ачылды. Түнкү шамалдан тынчы кеткен толкундар буурул жалданып, дале болсо жээкке жулкунганы менен көз учундагы деңиз ийрими жоош тартып, эриген коргошундай сур жылтылдап, жылбырскаланып уюп баратты.

(Ч. Айтматов)

Тапшырма. Ушул текстте татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу 14 үтүр бар. Ошолорду таап, ордуна коюп көчүр.

Катасын оңдоп көчүр

I

Грип, либрето, басейин, комисия, асосиация, атестат, киловат, апарат, корупция, терор, агресия, кореспондент, антена, тенис, тона, брилиант, бал, илюстрация, комерсант, програма, бюлетень, интелигент, метал, маса, хокей, целофан, кристал.

II

Консултация, хрустал, статя, фелдшер, калкуляция, компютер, асфалт, булдезер, календар, адютант, премьер, варене, факултет.

III

Кайсынысы туура?

1. абутуриент-абитуриент, 2. аксиз-акциз, 3. алегория-аллегория, 4. аллергия-алергия, 5. альтернатива-альтернатива, 6. анекдод-анекдот, 7. аппеляция-апелляция, 8. оранжировка-аранжировка, 9. асамбилея-ассамблея, 10. галлерея-галерея, 11. интервю-интервью.

Үлгү. I. Грипп...
II. Консультация...
III. Абитуриент...

Кайсынысын жазуу керек?

Көрүнбөйт-көрүмбөйт, Асамбай-Асанбай, күлгөммүнкүлгөнмүн, түнкүсүн-түнкүсүн, Үсөмбек-Үсөнбек, жууңган-жууган, эгинге-эгиңге, жыгашсыз-жыгачсыз, сысса-сызса, азсынтассынт, кагассыз-кагазсыз, көштү-көчтү, тынчтык-тыныштык, күчтүү-күштүү, уштоо-учтоо, ушту-учту, качты-кашты, көрүңгөнкөрүнгөн.

Үлгү. Көрүнбөйт, Асанбай...

Жеңилген жеңилбес тууралуу

Отырар дастаны

Казак элинин, ошондой эле кыргыз элинин да акыны Муктар Шахановдун «Жеңилген жеңилбес тууралуу Отырар дастаны» деген поэмасы бар. Анда Чыңгыз хандын эки жүз миң жоокери алты ай бою Отырар калаасын ала албай коет. Ошондо Отырардын эшигин Карачоку деген жигит чыккынчылык менен ачып берет. Алты ай бою багынбаган Отырар багынат, жүз элүү миң калкы бар калаа күлгө айланат. Үч күндөн соң Чыңгыз ханга эки адамды алып келди. Бири – Отырарды алты ай бою коргоону уюштурган Кайыр хан, экинчиси – калаанын дарбазасын душманга ачып берген чыккынчы Карачоку эле. Узак, үнсүз ойго чумуган Чыңгыз Кайыр ханга мындай дейт: «Ээ, Кайыр хан, баатырдыгың, көк жалдыгың билинди, алар сени жанчкан менен денеңди, айла канча, жеңе албаптыр дилиңди. Чиркин, сендей беш кол башчым болсо го, бүткүл аалам бийлээр эле таманымдын астында. А мына бул чыккынчыны, Кайыр хан, кудай сага кайдан гана туш кылды. Кайгылуу да, күлкүлүү, байкабапсың канатына жашырынган түлкүнү. Эрдигиңе ушул болсун сыйлыгым, эрк өзүндө терисин сен сыйрыгын. Сага койдум

чыккынчынын жазасын». Ошондо мыйыгынан мулундап турган Карачокунун күлкүсү тыйылат. Дароо Чыңгыз ханга: «Улуу ханым, адилдикпи мунунуз? Өлгүчөктү болоюн дейм кулунуз, Отырардын эшигин бербегенде мен ачып, басып аны алар беле уулунуз», – дейт Карачоку. «Анда шек жок», – дейт Чыңгыз түнөрүп – барбы бирок сенден өткөн тирүү өлүк. Менин аскерлерим канча иттик кылса да, тууган жерин сатпасына ишенем. Ата журтсуз шордуу ай, кулак түрмөк ким сенин муң-зарына. О дүнүйө жолуна ишенип кет адилдиктин барына». Анан Чыңгыз хан нөкөрүнө буйрук берет:

– Кана, кылыч карматкыла
Кайран баатыр Кайыр хандын колуна!
– Токто, Чыңгыз, – деп Кайыр хан барк этти.
Бул баланын атасы бар нар тектүү
Адам болчу элге сыйлуу ыйбаалуу.
Атасы үчүн баласына ишенгем,
Саткын болуп чыкты мунун туягы.
Аны ойлосом эт-жүрөгүм кан болор,
Макул көрсөң чыккынчынын атасын
Ушул жерге алдырганың оң болор.
Чыңгыз башын ийкеди ага үн-түссүз.
Бир аздан соң күмүш сакал карт киши
Ал экөөнө тике карап турду үнсүз.
Кайыр айтты:
– Жылан туулса жыландан,
Тулпар туулса тулпардан,
Эч ким ага таң калбайт.
Бирок жылан кандай туулду шумкардан?
Карыя айтты:
– Өчтү жашоо чыракдандай эң эски,
Улуу Кайыр, мындан ары мен нар тектүү эмесмин.
Кечирилгис күнөө мына өзүмдө,
Менде жатат каталыктын бир учу.
Афрасабдын ар жагында туруучу,
Алыс урук тууганыбыз бар эле,
Бала үнүнө ушунчалык зар эле.
Ошол баккан бул баланы жашынан,
Ага берип ашкан күнөөм башыман.
Киндик кескен туулган жердин шоруна,
Эр жеткен соң кайтып келген колума.
Жоон устунду жарып чыккан шынаадай
Бабалардан бизге жеткен,
Осуят бар момундай:
«Ар наристе качан эси киргенче,
Жер кадырын,

Эр кадырын билгенче,
Алгачкы осол жоругуна
Өзү уялып күлгөнчө,
Жетилгиче,
Атуулу болом десе эгер ал,
Өзу туулган касиеттүү мекендин
Суусун ичип,
Абасынан
Дем алуусу керек ал».
Ушул ыйык парызыма аталык,
Маани бербей карадым да,
Кетирипмин орду толгус каталык.
Ошол үчүн кошуп саткын уулума,
Өлтүрүүгө милдеттүүсүң мени да,
Башка бирөө адашпасын жолунан,
Өлгүм келет, улуу Кайыр,
Сенин адил, акыйкаттуу колуңан.
Калды убакыт кыпкыска.
Чабуу үчүн сенин баатыр башынды
Шашылып тур таш боор, жырткыч Чыңгыз да.
Кайыр айтты:
– Коштошор да келди күн,
Отырардын жан аябас эрдигин
Ырдай турган
Аттиң, акын калбады – оо!
Чыңгыз айтты:
– Өкүнсөң да пайда жок.
Өлүм күтүп турат мына хан дагы,
Жок, эч кимге берилбеди жан соога,
Буйрук эттим түгөл кырып таштоого.
Отырарда эркек аттуу калбады.
Карыя айтты:
– Жаңыласың абалы!
Жума мурун
Отко бетин күйгүзгөн
Мен качырып жибердим бир баланы.
– Баракелде,
Бирок андан урпак тарап,
Андан акын туулганча,
Ошол акын ата жолун кууганча,
Көөдөнүнө батыргыча талааны,
Айыргыча актан бөлүп караны,
Далай жылдар сызып өтөөр,
Деп – Кайыр хан жашка толуп жанары
Отырарды кыйбай узак карады.

Баатыр Кайыр, бабам менин, касиеттүүм,
кымбаттуум!
Жети жарым кылымдан соң
Өзүңдү издеп үн каттым.
Аман калган асыл арман,
Отко оронгон Отырардын
Качып чыккан ошол баягы баладан,
Бул күндөрү сансыз урпак тараган.
Куттуу таңда домбурасы таңшыган
Кылымдардын айбатына тең болом,
Заманынын канатында шаңшыган,
Ал урпактан чыккан акын – мен болом!
Өз тамырын сенден алып жаткан эл,
Сага окшогон баатырларды төрөмөк.

(«Жаштык жарчысы» гезитинен)

Тапшырма. I. *Төмөндөгүлөрдү аныкта.*

I. Ушул текстте канча созулма үндүү бар? 2. Канча бөтөн сөз бар? 3. Канча энчилүү ат бар? 4. Канча татаал сүйлөм бар? 5. Канча бир өңчөй мүчө бар? Алар өз ара кандайча байланышкан? 6. Киринди сөздүү сүйлөмдү эсептеп чык. 7. Каратма сөздүү сүйлөмдү эсепте. 8. Сырдык сөздүү сүйлөм барбы? 9. Канча кош сөз бар? 10. Бир сөз ичиндеги кездешкен канча кош – тт тыбыштары бар? 11. Канча кош – кк тыбышы бар?

II. *Текстти удаалаш жана текши ташымалдоо белгиси боюнча окуу.* Буга окуучулар партадагы катары боюнча биринен сала, экинчиси тартылат. Аягына чыкканда, текст кайра башынан ташымалданат.

Бир окуучу бир сөздү гана ташымалдайт. Фамилиясы аталбайт, ордунан турбайт, бирок сөздү так жана ташымал келчү жерди ажырата айтат.

1. Кыргыз тилиндеги тыбыштар – 39.
2. Кыргыз тилиндеги тамгалар – 36.
3. я, ю, е;, ё тамгалары.
4. аа, оо, уу, үү, ээ, өө тыбыштары.
5. ъ, ь белгилери.
6. э тыбышы.

СЕРЕКТИН СЫР САНДЫГЫ

(X–XI класстар үчүн)

Окуучу. Бул сыр сандыктын кереги кайсы?

Акыл Карачач. Баарынан мурда, бул сыр сандык – X–XI класстарга тиешелүү кыргыз тили сабагынын бардык урунттуу учурларын камтыган чакан маалыматкана. Себеби учурунда билген, эң сонун үйрөнгөн нерсенин баары эле эч качан эсте толук сакталбайт, класстан класска көчкөндө, көбү унутулуп калат. Ал эми бул сыр сандык ошол боштукту толтуруп, колунду узартып, ошол унутулгандын баарын эстетип, сага ченемсиз кызмат кылат.

Башка окуу китептерин издеп убара болбойсуң. Убактың да текке кетпейт. Баарын колундагы ушул китептен тез таап, өз билгенинди өзүң текшерип, билбегендериңди кайталап окуп, каалаганыңча толуктана аласың. Серектин сыр сандыгында 19 топтом бар. Алар тыбышты, сөздү, куранды жана уланды мүчөнү, мүчөлөр түркүмүн, сөз түркүмүн, жөндөмөлөрдү, этиштин чактарын, жак мүчөлөрдү, мамиле, ыңгай, топтомдорун, атоочтукту, чакчылды, кыймыл атоочту, сүйлөмдү, сөз айкашын, сүйлөм мүчөлөрүн, татаал сүйлөмдү, байланыштуу кепти, кыргыз эли колдонгон жазууларды, айрым түшүнүктөрдү кучагына алат. Ал эми сабат санжырасын биринчи баптан (§ 1–§ 27), кеп куржунду 2 жана 5-баптан (§ 28–§ 38, § 62–§ 72), дилбаянды 3 жана 8-баптан (§ 39–§ 55, § 78–§ 80) табасың.

Демек, бул темаларда өзүнчө кенен орун берилгендиктен, аларды «Серектин сыр сандыгына» кошуунун зарылдыгы болбогонун өзүң деле байкап жаткандырсың. Тек, алар 19 топтомду толуктап турат.

Көрөгөч Маамыт. Азыр тестирлөөдөн кыя өтүп кете албайсың. Бул топтомдорду окуп-үйрөнүүнүн үзүрүн ошол тестирлөөдөн көрөсүң. Мамлекеттик сыноолорго да даяр болуп каласың.

Чыпалак. Ал эле эмес, бул топтомдорду окуучулардын олимпиадаларына катышуу мезгилинде да пайдалана аласың. Андан тышкары жогорку окуу жайына өтүүдө ушуну менен даярданса да болот.

Апенди. Баары көктүгүнө, тырышчаак мээнетиңе байланыштуу. Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт. Билим дегениң бул даректын башына илинген чайнек болсо, анан аны аркан бою төмөнтөн үлпүлдөтө жагылган от менен кайнатам деш мага ылайык. Сагачы?..

Серек. Биз жомоктун эле туткуну эмеспиз. Силер менен кошо жаңырып, силер менен кошо өмүр сүрүп, түптөн учка улам кайталанып турабыз – бизге эл-журт ушундайча тагдыр берген. Ошондуктан окуу китебине аралашып, жеңилди жерден, оорду колдон алган кызматыбызга таң калуунун деле кереги жок. Ар бир топтом – бул кыргыздын илим көчү тартып келген сыр сандык.

Чыпалак. Шашпа. Сыр сандыктын капкагын баракта кой-гондорго эмес, кайталап, бышыктап тургандарга гана ачылаарын бөркүндөй көр, курбум.

1. «ТЫБЫШ» ТОПТОМУ

Темасы	Кыскача түшүнүктөр
1	2
Тилдин тыбыштык түзүлүшүн үйрөтүүчү илим **фонетика** деп аталат. Өпкөдөн чыгып келе жаткан аба кекиртек аркылуу үн жылчыгын аралап өтүп, үн түйүндөрүн дирилдетет. Ошол термелүүдөн тыбыш жаралат. Тыбышты айтабыз жана угабыз. Ал тамга менен белгиленет. Тамганы жазабыз, көрөбүз, окуйбуз.	
1. Кыргыз тилиндеги тыбыштар – 39	а, аа, ы, о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү, э, ээ, и, л, р, м, й, н, ң, б, д, в, г, з, ж, п, ф, к, ш, т, с, ч, х, ки, ги, ж, ц, щ.
2. Кыргыз тилиндеги тамгалар – 36	Аа, Бб, Вв, Гг, Дд, Ее, Ёё, Жж, Зз, Ии, Йй, Кк, Лл, Мм, Нн, Ңң, Оо, Ёё, Пп, Рр, Сс, Тт, Уу, Үү, Фф, Хх, Цц,Чч, Шш, Щщ, ь, Ыы, ъ, Ээ, Юю, Яя
3. я, ю, ё, е тамгалары	Ар бири эки тыбыштан турат: я=й+а, ю=й+у, е=й+э,ё=й+о. М: боёк – 4 тамга, 5 тыбыш. **Эскертүү:** Айрым сөздөр раён, маёр эмес, район, майор түрүндө жазылат.
4. аа, оо, уу, үү, ээ, өө тыбыштары	Ар бири эки тамга менен белгиленсе да, бир эле тыбышты билдирет. М.: мээлей – 6 тамга,5 тыбыш.
5. ъ, щ белгилери	Булар тыбышты туюндурбайт, бирок тамга катары эсептелет. М.: пальто – 6 тамга, 5 тыбыш
6. Э тыбышы	Эки түрдүү тамга менен жазылат. Сөз башында «э», сөз ортосунда жана аягында «е». Муну «е» (й+э) менен чаташтырбоо керек. М.: эмгек – 5 тамга, 5 тыбыш, ниет – 4 тамга, 5 тыбыш.
7. Калган учурларда тыбыш менен тамга дал келет.	Эмгекчилер – 10 тамга, 10 тыбыш; от – 2 тамга, 2 тыбыш; акылман –7 тамга, 7 тыбыш.

1	2
Тыбыштар эки топко бөлүнөт: 1.Үндүү тыбыштар. 2. Үнсүз тыбыштар.	
1. Үндүү тыбыштар — 14. 2. Үнсүз тыбыштар — 25	а, аа, ы, о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү, э, ээ, и, л, р, м, н, ң, й, б, д, в, г, ж, п, з, ф, к, ш, т, с, ч, х, г(ги), к (ки), ж, ц, щ.

1	2
Үндүү тыбыштарды айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба эч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыгат. Созулуп, созулбай айтылышына, эрин, тил жана жаактын катышуусуна карата айырмачылыктары бар.	
1. Кыска үндүүлөр – 8	а, о, ө, э, ы, у, ү, и
2. Созулма үндүүлөр – 6	аа, оо, өө, ээ, уу, үү
Жаакка карата: 1. Кең үндүүлөр 2. Кууш үндүүлөр.	а, аа, о, оо, э, ээ, ө, өө (жаак кең ачылат). ы, у, уу, ү, үү, и (жаак кууш ачылат).
Тилге карата: 1. Жоон үндүүлөр 2. Ичке үндүүлөр	а, аа, о, оо, ы, ү, үү (тил артка тартылат) э, ээ, ө, өө, и, ү, үү (тил алга жүткүнөт).
Эринге карата: 1. Эринчил үндүүлөр 2. Ачык үндүүлөр	о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү (эрин чормоёт) а, аа, э, ээ, ы, и (эрин чормойбойт)
Үнсүз тыбыштарды айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба сүйлөө органдарынын биринде толук же жарым жартылай тоскоолдукка учурайт. Үн менен шыбышка карата үнсүз тыбыштар үчкө бөлүнөт. 1. Каткалаң үнсүздөр жалаң шыбыштан жаралат. 2. Уяң үнсүздөрдө үн шыбыштан басымдуулук кылат. 3. Жумшак үнсүздөр үн менен шыбыштан турат. Үнсүз тыбыштар түгөйлүү (б-п, г-к, в-ф, д-т, з-с, ж-ч) жана түгөйсүз (х, ш, ң, н, р, л, й, м) болуп экиге бөлүнөт.	
Каткалаң үнсүздөр –11 Уяң үнсүздөр – 6 Жумшак үнсүздөр – 8	к, п, с, т, ф, х, ч, ш, к, ц, щ, м, н, ң, р, л, й, б, в, г, д, ж, з, г, ж.

1	2
Жасалуу ордуна карата үнсүз тыбыштар алтыга бөлүнөт.	
1. Кош эринчил 2. Эрин-тишчил 3. Тишчил 4. Уччул 5. Орточул 6. Түпчүл	м, б, п (кош эринге карата). в, ф (астынкы эрин менен үстүнкү тиш катышат) н, л, д, т (тилдин учу үстүнкү тиштин ички бетине тиет) р, з, с, ш (тилге карата) г (ги), к (ки), й, ж, ч (тилге карата). л, г, к, х (тилге карата)
Жасалыш ыгына жараша үнсүздөр төмөнкүдөй бөлүнөт.	
1. Жарылмалар. 2. Жылчыкчылдар 3. Мурунчулдар 4. Сызылмалар 5. Шуулдамалар 6. Дирилдеме. 7. Капталчыл	б, п, м, д, т, к, ж, ч, н. в, ф, г, х, й, ш, з, с м, н, н (н, м – жарылмага да кирет) з, с (бул экөө жылчыкчыл үнсүзгө да тиешелүү). ч, ш (ч – жарылмага, ш – жылчыкчылга таандык). р. л.

2. «СӨЗ» ТОПТОМУ

Сөздөр	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Сөз.	Кандайдыр бир түшүнүктү билдирген тыбыш же тыбыштык айкалыш сөз деп аталат. Сөз – тилдин эн негизги, башкы, борбордук бирдиги. Анын дагы бир айырмалуу өзгөчөлүгү – мааниге ээ болуп тургандыгы.	Тап, таш, асман, төх, мелт-калт, ай, эле, сон, баса, бөрүбасар, кеп, а, эй
Сөздөр тутумуна жараша эки чоң топко бөлүнөт: 1. Жөнөкөй сөз. 2. Татаал сөз.		
1. Жөнөкөй сөздөр. а) Унгу сөз. б) Туунду сөз	Булар бир сөз турпатынан турат. Унгу сөздү жана туунду сөздү кучагына камтыйт. Бул сөздүн андан ары ажыратууга мүмкүн болбогон түпкү бөлүгү. Унгу сөзгө куранды мүчөлөрдүн жалганышы менен туунду сөз пайда болот.	Көк, он, үй, талаа, малчы, кызылыраак, аалам, жай, бар, бол, кетменде, киши, коен, суу, тоо, бет, кол, жүз, баш, от, эт, бас, эй, тоок, сиз. ырчы, элчилик, күздүк, мээле, жолсуз, таштуу, энекебай, түйүнчөк

1	2	3
2. Татаал сөздөр.	Бул бир түшүнүктү билдирген эки же андан ашык сөз турпатынан турат. Ага кош сөз, кошмок сөз жана кыскартылган сөздөр кирет.	Профсоюз, районо, ата-эне, ар ким, кимдир бирөө, уйгу-туйгу, КТР.
а) Кош сөз.	Жуп-жубу менен айтылат, арасына сызыкча коюлат.	Ит-куш, соода-сатык, эл-журт, айыл-апа,өйдө-төмөн, колмо-кол.
б)Кошмок сөз	Эки же андан ашык унгудан турат. Арасына сызыкча коюлбайт.	Айылдык кеңеш,ойлоп табуучу, барып кел.
в) Кыскартылган сөздөр.	Кээ бир татаал сөздөр баш тамгалары же муундары боюнча кыскартылып колдонулат.	БУУ (Бириккен Улуттар Уюму), профком (профсоюздук комитет).
3. Бириккен сөздөр	Булардын теги – татаал сөз. Бирок биригип кеткен жөнөкөй сөз турпатын алган.	Баратат (бара жатат), бүгүн (бу күн), айдөш (аюу төш), быйыл (бу жыл), бүрсүгүнү (бири соң күнү).

Темасы	Мисалдар
Сөздөр берген мааниси боюнча да ар түркүн. Ошого жараша ал бир нечеге бөлүнөт.	
1. Сөздүн тике мааниси	Сен түлкү аттың.
2. Сөздүн өтмө мааниси	Ал – ашкан түлкү (куу).
3. Сөздүн жалпы мааниси	Жылкы.
4. Сөздүн жалкы мааниси.	Кулун, жабагы, тай, бышты, ж. б. (жалпы маанисинде «жылкы» деп да айтылат)
5. Сөздүн жеке мааниси.	Кетмен, чанач, китеп.
6. Сөздүн кош мааниси.	Алма – мөмөсү, алма – жыгачы, демек, мөмөсүн да, жыгачын да түшүнөбүз.
7. Сөздүн көп мааниси (полисемия).	Баш: малдын башы (голова), тоонун башы (вершина), иштин башы (начало),
8. Омоним – турпаты окшош, маанилери ар башка сөздөр.	Ат (жылкы), ат (атуу), ат (ысым).
9. Синоним – турпаты бөлөк, бирок маанилеш сөздөр	Айла-амал, арга-ылаажы, иле-эп
10. Антоним – кайчы маанидеги сөздөр.	Жакшы-жаман, ачуу-таттуу, сүйүн- күйүн, алыс-жакын, ыраазы-нааразы, бейиш-тозок.
11. Көөнө сөздөр (архаизмдер).	Батман (чен өлчөмү), бөрсө (кенгуру),
12. Жаңы сөздөр (неологизмдер).	ардагер, атуул, бартер, банкрот, маркетинг, көрнөк, жарнак.

3. «КУРАНДЫ МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Куранды мүчөлөр	Мүчөнүн түрү	Мисалдар
1	2	3
Сөз мүчөлөрүнүн милдети бар. Алардын бир тобу жалганары менен уңгунун маанисин таптаза өзгөртүп жиберишет, ал эми айрымдары сөздүн түрүн гана өзгөртүшөт. Ошого жараша алар сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр деп экиге бөлүнөт. Сөз жасоочу мүчө уңгуга улануу менен жаңы сөз жасайт. М.: кой+чу= койчу. Көп жылдар бою мектептерде сөз жасоочу мүчө куранды мүчө деп окутулуп келе жатат. Бул окуу китебинде ошол салттык аталышы сакталды.		
- чы	Зат атооч жасоочу мүчө	ырчы, күлкүчү, бийчи, жылкычы,
- лык		өсүмдүк, сулуулук, жакшылык
- чылык	-//-	көпчүлүк, азчылык, айбанчылык
- кеч	-//-	аракеч, арабакеч,
- кер	-//-	жоокер, ардагер, пахтакер, соодагер
- поз	-//-	ашпоз, кумарпоз, илимпоз, өнөрпоз
- ынды	-//-	чабынды, уранды, жугунду, илээнди
- ма	-//-	бастырма, басма, сүзмө
- мак	-//-	оймок, табышмак, үймөк, илмек
- гыч	-//-	ачкыч, кууругуч, жырткыч, түпкүч
- дооч	-//-	жандооч, баяндооч, аныктооч
- ооч	-//-	кармооч, желбирөөч,
- бай	-//-	энекебай, эжекебай
- гы	-//-	сузгу, шыпыргы, чалгы, ашаткы
- мат	-//-	солдоймат, дардаймат
- мач	-//-	тилмеч, жаңылмач
- тай	-//-	байкетай, апатай
- уу	-//-	ашуу, кечүү, алуу, кошуу
- ча	-//-	кудача, бакча, көрпөчө
- чык	-//-	капчык, көлчүк
- ылга	-//-	токулга, жасалга, табылга, камылга
- дырык	-//-	тамандырык, сагалдырык
- ымча	-//-	алымча, кошумча
- ыч	-//-	сагыныч, коркунуч
- ыш	-//-	уруш, жеңиш
- дак	-//-	куурдак, бышtак
- нак	-//-	көрнөк, көзөнөк
- даш	-//-	боордош, классташ, жердеш
- ган	-//-	чагылган, көбүргөн, кылкан
- чак	-//-	түйүнчөк, келинчек, бөктөрүнчөк
- калаң	-//-	шашкалаң, шайкелең
- оол	-//-	кароол, жасоол, жортуул
- гак	сын атооч жасоочу мүчө	айгак, кыргак (элечектин кыргагы)
- аак	-//-	ыйлаак, сүйлөөк
- аанак	-//-	кабаанак, тебээнек
- алак	-//-	сугалак, эселек, жаталак
- гак	-//-	соргок, тайгак

1	2	3
- галак	-//-	шашкалак, тоңголок, тайгалак
- гылт	-//-	саргылт, кызгылт,
- гыр	-//-	алгыр, өткүр
- гыч	-//-	саргыч
- мыр	-//-	кытмыр, сөзмөр
- накай	-//-	жакшынакай
- омтук	-//-	бозомтук
- омук	-//-	бозомук
- саак	-//-	баласаак, малсаак
- сыз	-//-	жолсуз, үйсүз, бактысыз
- луу	-//-	балалуу, таштуу, чүкөлүү
- чаак	-//-	урушчаак, эринчээк, болушчаак
- чал	-//-	оорукчал, үшүкчөл
- ылжым	-//-	көгүлжүм
- чыл	-//-	көпчүл, эмгекчил
- ылтыр	-//-	көгүлтүр
- ыңкы	-//-	жүдөңкү, көбүңкү, кызарыңкы
- ыш	этиш жас. мүчө	агыш, көгүш
- ыраак	-//-	тереңирээк, чоңураак, көбүрөөк
- а	-//-	күчө, ойно
- ай	-//-	чоңой, азай
- ар	-//-	кызар, көгөр, бозор
- гар	-//-	аткар, откор, жуткур
- гыз	-//-	атказ, откоз, тамгыз
- жы	-//-	кубулжу, жылжы, чубалжы
- кыра	-//-	аркыра, чыркыра, күркүрө
- ла	-//-	колдо, тиште, иште, алгала
- са	такт. жас. мүчө	сууса, мойсо
- сы	-//-	адалсы, кыйынсы, борсу, самсы
- сыра	-//-	алсыра, кансыра, ээнсире
- ык	-//-	көнүк, каныk
- ылда	-//-	дүкүлдө, борсулда
- ырка	-//-	санаарка, сонурка, ташырка
- гары	-//-	ичкери, тышкары, сырткары
- дай	-//-	бүтүндөй, тигиндей
- дан	-//-	эзелтен, мурдатан, илгертен
- дыр	-//-	жайдыр, кыштыр, аздыр, көптөр
- датан	-//-	баятадан, илгертеден
- лай	-//-	жайлай, күздөй, акчалай
- лата	туур. сөз жас.мүчө	акчалата, жайлата, күздөтө
- ын	-//-	жайын, кышын
- ында	-//-	кечинде, таңында
- ындасы	сан ат. жас. мүчө	түндөсү, кышындасы
- ынча	-//-	адатынча, билгенинче
- ча	-//-	англисче, бизче
- к	-//-	даңк, дүңк, каңк, чыңк
- п	-//-	шарп, жалп
- т	-//-	күлдүрт, калдырт, дүбүрт
- ың	-//-	кылтың, аксаң-акса
- ыр	-//-	делбир, желбир
- оо	-//-	бирөө, төртөө, алтоо
- ынчы	-//-	биринчи, онунчу, миниңчи

4. «УЛАНДЫ МҮЧӨ « ТОПТОМУ

Уланды мүчөлөр	Мүчөнүн түрү	Мисалдар
1	2	3
Уланды мүчөлөр жаңы сөз жасабайт, алар унгунун түрүн өзгөртүп, сүйлөмдө байланыштыргыч каражаттын кызматын өтөйт.		
- лар	Көптүк санды билдирүүчү мүчө	тоолор, балдар, китептер
- ым,-ын, -ыңыз,-ы, - сы	Жекелик санда турган таандык мүчөлөр Көптүк санда турган таандык мүчөлөр	атым, китебим, энем, атың, китебиң, энең, атыңыз, китебиңиз, энеңиз, аты, китеби, энеси
-ы(быз) -ы(нар)	Жалпы таандык мүчө	атыбыз, энебиз, атыңар, энеңер, атыңыздар, энеңиздер, аттары, энелери (энеси)
-ныкы	Жөндөмө мүчөлөрү	менинки, сеники, аныкы, биздики, силердики, сиздердики, алардыкы, тоонуку, заводдуку
- нын, -га, - ны, - да,-дан - м (ын), - сың, - сыз, - т	Жекелик сандагы жак мүчөлөр Көптүк сандагы жак мүчөлөр	суунун, баланын, элимдин, мага, жээкке, апама, айылды, тууну, китебин, шаарда, жайлоодо, жамгырдан, мектептен, аттан кетем, окуймун, мурапмын, кетесиң, окуйсуң, мурапсың, кетесиз, окуйсуз, мурапсыз, кетет, окуйт
-быз, -сыңар, -сыздар	Келер чакты уюштурат	кетебиз, окуйбуз, сугатчыбыз, кетесиңер, окуйсуңар, кетесиздер, кетишет, окушат
-ууда, -оодо		чыгууда, келүүдө, кароодо
-ар+жак мүчөлөрү	өткөн чактын мүчөсү	барармын, окурсуң, көрөрбүз
-ды	өткөн чакты уюштурат	күлдү, басты, кетти, ырдады, сугарышты
-ды+жак мүчөлөрү	өткөн чак	бардым, бардың, бардыңыз, бардык, бардынар, бардыңыздар
-ган+жак мүчөлөрү	өткөн чак	жазган, жазгансың, жазгансыз, барганбыз, баргансынар, баргансыздар
-гандыр	өткөн чак	алгандыр, бергендирмин,
-ыптыр	өткөн чак атоочтук мүчөлөр	келишкендир келиптир, казыптыр

1	2	3
- чу	чакчыл мүчөлөр	иштечү, турчу, келчүсүн
- ган, -ар, - бас, - оочу, - уучу - а,-й,-ып, - ганы, - ганча, - гыча майынча	кыймыл атоочтун мүчөлөрү	окуган, кеткен, барар, келер, окубас, кетпес, барбас, чуркоочу, ойноочу, айтуучу, келүүчү чыгат, карайын, келем, күлүп, окуганы, учурашканы, барганча, жеткиче, келмейинче
- оо, -уу, - ыш, - мак, - май - сын, - гын, - гыла, - даш, - с а , - с а экен, - са де, - гай эле, - айын, - алы,-гым келет - ыш,-ын, - ыл, -дыр, - гар,-гиз, - т,- ыз, - ыр, -ар	этиштин ыңгай мүчөлөрү Этиштин мамиле мүчөлөрү (буларда сөз жасоочу менен сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн экөөнүн тең белгиси бар)	барбоо, жазылуу, жүрүш, келиш, жетмек, отурмак, ырдамай, кете бермей, билмексен, көрмөксөн, чертсин, черткин, жардамдаш, жардамдашса, жардамдашса дейт, жардамдашкай эле, жардамдашайын, жардамдашкым келет келиш, жазыш, кийин, таран, оңол, ачыл, бердир, окуттур, бүткөр, жеткир, жуткуз, ичкиз, сонуркат, ылымсырат, угуз, көчүр, ичир, учур.

5. «МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Темасы	Эрежеси	Мүчөлөр	Мисалы
1	2	3	4
Уңгуга уланган бөлүк мүчө деп аталат. Тыбыштарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мүчөлөр эки топко бөлүнөт. Мындай бөлүнүш куранды жана уланды мүчөлөрдүн экөөн тең ичине камтыйт.			
1. Ээрчибес мүчөлөр	Уңгуга уланганда үндүү, үнсүз тыбыштары өзгөрбөйт.	-кор,-кеч, -ке, -кана, -стан,-поз, -тай	сүткор арабакеч, атаке, уйкана, өзбекстан, илимпоз, агатай

1	2	3	4
1. Ээрчиме мүчөлөр. Алар төрткө бөлүнөт.	Унгуга карата аздыр-көптүр өзгөрөт.	- чы, - чыл, - чык, - чак, - с ыз, - сак, - мак,	өтүкчү, эпчил, көлчүк, иничек, алсыз, алымсак, чакмак,
а) Туруктуу мүчөлөр	Унгуга карата мүчөнүн үндүү тыбышы өзгөрсө да, мүчө башындагы үнсүз тыбышы ээрчибейт.	- мыр, - сыра, - сын, - са	кытмыр, этсире, келсин, женсе.
б) Оошмо мүчөлөр			
в) Сыйлыгышма мүчөлөр	Унгуну мүчөнүн үндүү, үнсүз тыбыштары түгөл ээрчийт.	- лык, - лак, - нын, - га, - ны, - дан, - дай, - луу, - кул, - гыч, - ган, - ба, - бы	тоолук, таштак, койдун, отко, сүттү, оттон, канттай, мээримдүү, учкул, кескич, баккан, кетпе, этпи
г) Сыйлыгыштырма мүчөлөр	Үндүү менен аяктаган сөзгө жалганса, мүчөнүн башындагы үндүү тыбышы сыйлыгышат. Уланган мүчө унгунун аягындагы үндүү тыбышты сыйлыгыштырат.	- ым, - ынчы, - ын, - ым, - ып, - ылга, - ыптыр, - ыраак, - ырка -оо,-уу	энем, жетинчи, балан, санаш, ченеп, жасалга, иштептир, жашыраак, санаарка кышта+оо= кыштоо, жети+оо=жетөө, чири+үү=чирүү, оку+уу= окуу.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн айрымдары өтө көп, кээ бири орточо жана сейрек колдонулат. Ошого жараша алар үчкө бөлүнөт.

1. Өнүмдүү мүчөлөр.	Булар тилдин лексикасынын өсүшүнө зор салым кошушат.	- чы, - лык, - лук, - дай, - ла, - дай, - ла, - ыт, - ынчы, - ыш,	Башчы, ортолук, таалайлуу, кашыктай, тиште, онунчу, жайыт, уруш, басма
2. Аз өнүмдүү мүчөлөр	Өнүмдүү мүчөлөргө караганда, азыраак сандагы сөздөрдү уюштурат.	- ма. - чан, - чак, - ак, - ан	күрмөчөн, кемирчек, конок, жыйын, түйүн
3. Сенек мүчөлөр.	Бирин-серин гана сөздөрдүн жасалышына катышат.	- ша, - ы, - ра, - ырка	тынша, жашы, маара, ташырка

6. «СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ» ТОПТОМУ

Сөз түркүмдөрү	Эрежеси	Мисалдар
1	2	3
Сөздөр маанилерине жана грамматикалык белгилерине карата сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт. Кыргыз тилинде он эки сөз түркүмү бар. Алар үч топтон турат. 1. Маани берүүчү сөздөр, буга төмөнкү сөз түркүмдөрү кирет: зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч. 2. Кызматчы сөздөр: жандооч, байлатма, бөлүкчө, модалдык сөздөр. 3. Өзгөчө түзүлүштөгү сөз түркүмдөрү: сырдык сөз, тууранды сөз.		
1. Зат атооч. Ага жалпы аттар (тоо, таш, талаа), энчилүү аттар (Сейтек) кирет. Зат жекелик (алма), көптүк (алмалар) сандан турат. Жөндөмө, жак, таандык мүчөлөр менен өзгөрөт. **2. Сын атооч.** Анын эки түрү бар. **1. Сапаттык сын:** ак, аппак, жапжашыл. **2. Катыштык сын:** элдик, илимий, бүгүнкү, кечки. Эки даражасы бар: 1. Салыштырма сын: чоңураак, бозомук, көгүлжүм. 2. Күчөтмө сын: өтө чоң, чымкый көк. **3. Сан атооч.** Алты түрү бар. **1. Эсептик сан:** он, жүз, миң. **2. Иреттик сан:** экинчи, онунчу. **3. Жамдама сан:** үчөө, бешөө. **4. Чамалама сан:** он чакты, кырктай, жүздөгөн, элүүлөр чамасында. **5. Бөлчөк сан:** бир жарым миң, үчтөн бир. **6. Топ сан:** эки-үчтөн, эки-экиден, төрттөн, үч тоннадан. **4. Ат атооч.** Ат атооч алтыга бөлүнөт.	Зат атооч заттын атын билдирет. Суроолору: ким? эмне? Заттын сын-сыпатын, өң-түсүн, даамын, формасын, көлөмүн көрсөтөт. Суроолору: кандай? кайсы? Заттын санын, иретин билдирет. Суроолору: канча? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө? Зат, сын, сан атоочтордун жана тактоочтор	Чагылган, жамгыр, шамал, рынок, бирикме, карышкыр, кирпи, окуу, күрөш, Кыргыз Республикасы, оруужыюу, козголоң, жакшылык, ийгилик Шамдагай, жапалдаш, тоголок, супсак, ачуу, күрөң, жашыл, чоң-кичине, көпкөк, даамдууraак, токойлуу, уйкучу, мүйүздөй, илбериңки, унутчаак, кызгылтым, улуу-кичүү, майда-чүйдө, жоон-жолпу, Бир, алтымыш, миллион, миллиард, тогузунчу, жетөө, жүздөй, миндеген, беш-алты, он беш, алты, он беш чамалуу, жыйырма чакты, ондон бир, жарым миң, 35 центнерден, бирден-экиден, эки бүтүн ондон үч. Мен, ал, ушул, тээтиги, эч, качан, эч нерсе,

1	2	3
1. Жактама: мен, биз, сен, сиз, силер, алар. **2. Шилтеме:** бул, ушул, ошол. **3. Сурама:** ким, эмне, кандай, кайсы, канча? **4. Тангыч:** эч бир, эч качан, эчтеме, эч ким, эч нерсе. **5. Аныктама:** бүтүү, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз. **6. Белгисиз:** кимдир бирөө, кандайдыр, кээ бир, кай бир, алда кандай, кайсы бир.	Зат, сын, сан атоочтордун ордуна колдонулуучу сөз түркүмү ат атооч деп аталат. Суроолору: ким? кайсы?	ар бир, баары, кээ бир, алда кандай, мүлдө, бардыгы.
5. Тактооч. Тактооч маанисине карай төрткө бөлүнөт. **1. Орун тактооч:** алыс, жакын, өйдө, төмөн. **2. Мезгил тактооч:** быйыл, эрте, кеч. **3. Сын-сыпат тактооч:** ылдам, тез, бат, акырын, ара, зорго. **4. Сан-өлчөм тактооч:** аз-аздан, көп-көптөн, саал-паал.	Кыймыл-аракеттин түрдүүчө кырдаалын билдирет. Суроолору: кандай? качан? кандайча? кайда? кайдан?	Бүгүн, кечээ, алда качан, капкачан, азыр, ар дайым, ар убак, ар качан, анда-санда, эртели-кеч, кыштыр-жайдыр, алга, артка, күздү-күздөй, алда кайдан, ары-бери, илгери, аста-секин, айбанча, өтө тез, алмак-салмак, ташка тамга баскандай, акчалай, мурдатан, ал түндө, жандата, атайы, эртерээк.
6. Этиш. Этиштин мүнөздүү белгиси мамиле, ынгай, жак жана чактарда турушу. Ал эми чакчылдар, атоочтуктар, кыймыл-атоочтор анын өзгөчө түрүнө кирет. Сүйлөмдө баяндоочтук милдет өтөйт. **Тубаса этиштер:** кел, кет, бар. Туунду этиштер: аттан, тиштен. **Татаал этиштер:** иштеп отурат, жазып жатат, бара бер. **Жөнөкөй этиштер:** жазды, иштейм.	Этиш – бул кыймыл-аракетти, алабалды билдирүүчү сөздөр. Суроолору: **эмне болду? кантти? эмне болуп жатат? эмне кылууда?**	Бас, кел, кет, ташта, чапкыла, кетменде, күрөктө, араала, намыстанды, кыялдан, чене, сана, мөлтүрөдү, көөнөр, сууса, жүрөксүндү, эрдемсийт, толукшуйт, талыкшыйт, шапшы, уяткар, ыйламсыра, улгайды, күлүмсүрө, капа болду, коюп кой, жаза сал, алып чык, чыкпайт, коюп жүрбөсүн, иштеп келе жатабыз.

1	2	3
7. Тууранды сөздөр. Ал экиге бөлүнөт. **1. Табыш тууранды сөздөр:** мөө, тарс, шуу, бырс. **2. Элестүү сөздөр:** жылт, бөкчөң-бөкчөң, балпай.	Заттардын дабышын, кыймылын, элесин туурап көрсөтөт.	Маа, бытпылдык-бытпылдык, чырк-чырк, ыз, калдыр-шалдыр, шаңк, дүңк, каңгыр-күңгүр, далдаң-далдаң, сорок-сорок, чокчоң-чокчоң, делдей, саксай, мелт-калт, бал-бал, жалп-жалп, мөлт, жарк-журк, бырс, шалп.
8. Сырдык сөз. Экиге бөлүнөт: **1. Сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр:** кап, бали, төх, капырай, аттиң. **2. Айдоо, чакырык сырдык сөздөр:** өш, күчү-күчү.	Адамдын ички сезимин, айбандарга карата айдоо-чакырыкты билдирген сөздөр.	Пай-пай, кашайгыр, баракелде, ассалом алейкум, бали, бах, ой тобо, аттигинай, апей, алдей-алдей, чң, чөк, ий, эй, ай, оо, кап, кокуй
9. Жаандоочтор. Эки топко бөлүнөт. **1. Нака жандоочтор:** менен, сөрөй, аркылуу, боюнча, жөнүндө, дейре, чейин. **2. Функционалдык жандоочтор:** карай, көздөй, ката, жараша, мурда, кийин.	Толук маанилүү сөздөрдү жандап, ага кошумча маани берген кызматчы сөздөр жандооч деп аталат.	Аркылуу, бойдон, тууралуу, жөнүндө, менен, сөрөй, сайын, сыяктуу, сымак, соң, карай, көздөй, кийин, бери, андан бери, мурун (андан мурун), башка.
10. Байламталар. Төрткө бөлүнөт: **1. Байланыштыргыч байламталар:** жана, жана да, да, дагы, менен, ары. **2. Каршылагыч байламталар:** а, ал эми, бирок, антсе, да, анткени менен, ошондо да, ошондой болгону менен. **3. Болжолдогуч байламталар:** же, же болбосо. **4. Себеп байламталар:** себеби, ошол себептүү, анткени, ошон үчүн.	Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруучу грамматикалык каражат **байламта** деп аталат.	А, ал эми, да, дале, бирок, жана, менен, же, ошондой, болсо да, анткени, себеби, андыктан, ошон үчүн, анткени менен.

1	2	3
11. Бөлүкчөлөр. Алар маанисине карай экиге бөлүнөт. 1.Чыныгы бөлүкчөлөр, алар сөздүн айрым бир бөлүгү өндүү көрүнөт: гана, эле, да, дегеле, деле, ээ, ыя, гой, түк, эң, өтө, абдан. **2. Функционалдуу бөлүкчөлөр, алар бүтүн сөз сыяктанып көрүнөт:** дал, так, жөн эле. Бөлүкчөлөр сөз алдында (эң, өтө, чылк, абдан, куду, дал, нак) жана сөз сонунда (да, дагы, гана, эле, ээ, ыя, белем, бейм, го, гой) келет. Кээ бир бөлүкчөлөр (деле, деги, тим эле, жөн эле) эркин, сөздөн мурда да, кийин да келе берет. Бөлүкчөлөр сегизге бөлүнөт: 1. Чектегич 2. Аныктагыч 3. Сурама 4. Болжолдомо 5. Күмөндүү 6. Жалынгыч 7. Күчөткүч 8. Тангыч	Бөлүкчөлөр да сөзгө, сүйлөмгө кошумча маани берет. Өз алдынча турганда маани бербейт. Бирок ал сөз да эмес, мүчө да эмес, сөз менен мүчөнүн ортосундагы аралык көрүнүш – бул анын өзгөчөлүгү.	Чылк, го, гана, эле, ээ, ыя, да, дале, деги, нак, как, куду, так, эч, абдан, өтө, эң. гана, эле да, деле, дагы, куду, нак, так, дал, как, ээ, ыя бейм, белем го, миш гой, эң, өтө, абдан, эбегейсиз, түк, чымкый, дегеле, ого бетер, ылгый, өңчөй, чылк, тим эле, жөн эле, эч.
12. Модалдык сөздөр. 1) албетте, арийне, чындыгында, ырас, сөзсүз, шексиз, ооба. 2) балким, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өндөнөт сыяктуу, шекилдүү, булар.	Модаль – латындын «модус» деген сөзү, ал «ык, жол» деген маанини билдирет. Модалдык сөздөр сүйлөмдөгү ойдун чындыкка карата болгон катышын, ар түрдүү кырдаалын туюндурат.	албетте, арийне, балким, мүмкүн, ыктымал, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, чындыгында, ырас, сөзсүз, шексиз, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өндөнөт, сыяктуу, шекилдүү, имиш, ооба.

7. «ЖӨНДӨМӨ» ТОПТОМУ

Жөндөмөлөр	1-жөндөлүш (таандык мүчөсүз сөздөр)	2-жөндөлүш (таандык мүчөлүү сөздөр)	3-жөндөлүш (ат атооч)
1	2	3	4

Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар. Алар атооч сөздөрдү башка сөздөр менен байланыштырат. Жөндөмөлөр зат атооч менен ат атоочко таандык. Бирок заттык мааниде колдонулган сын, сан атоочтор, атоочтуктар, кыймыл атоочтор да жөндөлө берет.

1. Атооч жөндөмө. Өзүнчө тиешелүү мүчөсү жок. Суроолору: ким? эмне? каер? канча?	бала, кар, от, күн, кызыл, барган, он	китебим, мектебиң, алмасы, элдики	мен, бул, сен, ал, ошол
2. Илик жөндөмө. Таандыкты билдирет. Суроолору: кимдин? эмненин? каердин? канчанын? Мүчөсү -нын (варианттары менен).	баланын, кардын, оттун, күүнүн, кызылдын, баргандын, ондун	китебимдин, мектебиндин, алмасынын, элдикинин	Менин, мунун, сенин, анын, ошонун
3. Барыш жөндөмө. Багытты билдирет. Суроолору: кимге? эмнеге? кайда? канчага? Мүчөсү -га.	балага, карга, отко, күүгө, кызылга, барганга, онго	китебиме, мектебине, алмасына, элдикине	мага, буга, сага, ага, ошого
4. Табыш жөндөмө. Багытталган затты атайт. Суроолору: кимди? эмнени? каерди? канчаны? Мүчөсү -ны (варианттары менен)	баланы, кардды, отту, күүнү, кызылды, барганды, онду	китебимди, мектебинди, алмасын, элдикин	мени, муну, сени, аны, ошону

1	2	3	4
5. Жатыш жөндөмө. Орунду билдирет. Суроолору: кимде? эмнеде, кайда? канчада? Мүчөсү -да (варианттары менен)	балада, карда, отто, күүдө, кызылда, баргында, ондо	китебимде, мектебинде, алмамда, элдикинде	менде, мында, сенде, анда, ошондо
6. Чыгыш жөндөмө. Кыймыл-аракеттин кайдан, эмнеден болгондугун билдирет. Суроолору: кимден? эмнеден? кайдан? канчадан? Мүчөсү -дан (варианттары менен)	баладан, кардан, оттон, күүдөн, кызылдан, баргандан, ондон	китебимден, мектебимден, алмасынан, элдикинен	менден, мындан, сенден, андан, ошондон

8. «ЧАК» ТОПТОМУ

Этиштин чактары	Мүчөлөрү	Мисалдар
1	2	3
Этиштин чактары кыймыл-аракеттин болуп өткөн, болуп жаткан жана боло турган мезгилин билдирет. Алар баяндагыч ынгайга таандык, калган ынгайлар чактык маанини ачык туюндура алышпайт. Этиштин чактары үчкө бөлүнөт: 1) учур чак; 2) келер чак; 3) өткөн чак.		
1. Учур чак. а) Жөнөкөй учур чак.	- ууда - а (-й)+жак мүчө	Жер айдалууда, мала тартылууда. Мен шаарда иштеймин. Сен чарбада иштейсиң. Ал талаада.
б) Татаал учур чак.	- а (-а+жак мүчө)	Султан тоого бар-а жат-ат. Сиз жайлоодон кел-е жат-асыз.
2. Келер чак. а) Айкын келер чак	- а (-й)+жак мүчө - а (-й)+эле+жак мүчө	Мен театрга бар-а-м. Ал базарга бар-а-т. Чөп чабууга бүрсүгүнү бар-а-т элем (барат элең, барат элек, барат элеңиздер).

1	2	3
б) Арсар келер чак	-ар+эле+жак мүчө	Мен да керегине жарармын. Окууну бүтсөк, колуман көп иш келер.
	-бас+жак мүчө	Тоого барсаң, ышкын терер элең. Мен жазбасмын. Сиз жазбассыз.
3. Өткөн чак.	-ды+жак мүчө	Мен жаздым.
а) айкын өткөн чак	-ды+ эле	Сен окудун. Сиз көчүрдүңүз. Ал ырдады. Биз жаздык. Силер окудунар. Алар ырдашты. Мен айдадым эле.
б) жалпы өткөн чак	-ган+жак мүчө	Мен жазганмын. Сен окугансың. Сиз көчүргөнсүз. Ал ырдаган. Биз жазганбыз. Силер окугансынар. Сиздер окугансыздар.
	-ган экен	Алар ырдашкан. Илгери бир кемпирчал болгон экен.
в) капыскы өткөн чак	-ып+жак мүчө	Мен казыпмын. Сен казыпсың.
	-ыптыр+жак мүчө	Сиз казыпсыз. Мен окуптурмун. Сен окуптурсун. Сиз окуптурсуз. Ал окуптур.
г) адат өткөн чак	-чу	Мен эрте турчумун.
	-оочу,-уучу	Сен иштечүсүң. Атам малга чөп салуучу.
	-чу+эле	Күндө чокуга чыкчу элем.

9. «ЖАК МҮЧӨ» ТОПТОМУ

Жак	Жак мүчөнүн толук түрү	Мисалдар	Жак мүчөнүн толук түрү	Мисалдар
1	2	3	4	5

Жак мүчөлөр – тилге ырааттуу жана маанилүү мүнөз берүүчү грамматикалык каражат. Алар ээ менен баяндоочту байланыштырат. Сүйлөмдө жак мүчө уланган сөз дайыма баяндоочтук милдет аткарат. Кыргыз тилинде үч жак бар.

Жекелик сан.				
1-жак	- мын	окуучумун	- м	бардым
2-жак	- сын	окуучусуң	- ң	бардың
	- сыз	окуучусуз	- ңыз	бардыңыз
				барды
3-жак	-	окуучу	-	
	- (т)	келет		
Көптүк сан.				
1-жак	- быз	окуучубуз	- к	бардык
2-жак	- сыңар	окуучусуңар	- ңар	бардыңар
		окуучусуздар		бардыңыздар
3-жак	- сыздар	окуучу	- ңыздар	барышты

Жак мүчөлөрү атооч жана этиш сөздөргө уланат. Ошого жараша атоочтук жана этиштик жакталыш болуп экиге бөлүнөт.

1. Атоочтук жакталыш. Жекелик сан.				
1-жак	- мын	дыйканмын	- м	жумушчу элем
2-жак	- сың	дыйкансың	- ң	жумушчу элең
3-жак	- сыз	дыйкансыз дыйкан	- ңыз мүчөсү жок	жумушчу элеңиз жумушчу эле

1	2	3	4	5
2. Этиш жакталыш. Жекелик сан				
1-жак	- мын	барганмын	- м	окугай элем
2-жак	- сын	баргансың	- ң	окугай элең
3-жак	- сыз мүчөсү жок	баргансыз барган	- ңыз мүчөсү жок	окугай эле-ңиз окугай эле
Көптүк сан				
1-жак	- быз	барганбыз	- к	окугай элек
2-жак	- сыңар	баргансыңар	- ңар	окугай эле-нер
3-жак	- сыздар мүчөсү жок	баргансыз-дар барган (ба-рышкан)	- ңыздар мүчөсү жок	окугай эле-ңиздер окугай эле

10. «МАМИЛЕ» ТОПТОМУ

Этиштин мамилелери	Мүчөсү	Мисалдар
1	2	3
1. Негизги мамиле. Кыймыл-аракет ээ тарабынан аткарылат.	Мүчөсү жок	барды, оку, кел, жаз, ырда, бара жатат, ойно, сонурка, тынчы, ылымсыра

Ээ менен кыймыл-аракеттин ортосундагы ар түрдүү байланыштан, катыштан этиштин мамилелери пайда болот. М.: Апам кир жууду. Апам кир жуушту. Апам жуунду. Кир жуулду. Апам келинине кир жуудурду. Жууду – кыймыл-аракет ээ тарабынан аткарылды, жуушту – кыймыл-аракет биргелешкендикти билдирди, жуунду – кыймыл-аракет өздүк маани бар, жуулду – кирди апасы, келини же башка бирөө жуудубу, белгисиз, туюк, жуудурду – кыймыл-аракет башка бирөө тарабынан аткарылды. Ушундай жагдайга байланыштуу этиштин мамилелери бешке бөлүнөт.

1	2	3
2. Кош мамиле. Этиш сөз биргелешкен аракетти билдирет.	- ыш(-ш)	барыш, окуш,-келиш, жазыш, ырдаш, бара жатышат, ойношту, сонуркашты, тынчышты, ылымсырашууда
3. Өздүк мамиле. Кыймыл-аракетте өздүк маани туюндурулат.	- ын (-н)	жуун, кийин, таран, жасан, токун, аттан, сүйлөн, тиштен, ойлон, тамактан, бөлүн
4. Туюк мамиле. Кыймыл-аракеттин ким тарабынан иштелгендиги туюк болот.	- ыл	окул, жазыл, ырдалды, ойнолду, кошул, тосул, ачыл, тегүл, жайыл, терил, онол, алдыр, желдир, каздыр, бердир
5. Аркылуу мамиле. Кыймыл-аракет башка бирөө тарабынан иштелгендигин билдирет.	- дыр, - гар, - гыз, - т, - ыт, - ыз (из), - ар (ер) - ыр (ир)	окуттур, бүткөр, келтир, келтирт, ойнот, сонуркат, тынчыт, ылымсырат, качыр, өткөз, жуткуз, чыгар, учур, агыз, көрсөт, санат, бошот, угуз, тилдирт, ичир, көчүр, көгөрт, бозорт.

11. «ЫҢГАЙ» ТОПТОМУ

Этиштин ыңгайлары	Мүчөсү	Мисалдар
1	2	3

Сүйлөөчү менен тындоочуну байланыштырган кыймыл-аракет ыңгайына жараша тилекти, ниетти, шартты, буйрукту, жайынча баянды билдирет. Ушул өзгөчөлүктөрүнө карата этиштин ыңгайлары бешке бөлүнөт.

1	2	3
1. Буйрук ынгай Кыймыл-аракет буйрук иретинде болот.	- сын, - гын, - гыла, - ыңыз, - ыш, - даш,	келсин, ырдасын, бийлегин, черткин, кеткиле, камчыш-гын, оолжубагын, ойноңуз, жазыш, жардамдаш, табыш-кыла, учурашкыла, санааркабасын, күлүмсүрөгүн
2. Шарттуу ынгай Кыймыл-аракет шартты билдирет.	- са	көгөрсө, жашарса, этсиресе, тарых оку-са, суусаса, ажылда-са, кубулжуса, чу-балжыса, сүрдүксө, балкыса, ачууланса, кыйынсынса, берсе, жазса, окусам, оку-сак, окусаң, келсе
3. Тилек ынгай Кыймыл-аракет каалоо-ну, тилекти туюндурат.	- са экен, - са де, - гай эле, - айын, - алы, - гым келет	женсе экен, чакыр-сам дейт, сыйласа дейм, баргай эле, уч-кай элек, жеткей элек, келгей эле, уч-кай элем, бүтөйүн, жөнөйүн, кетели, ба-ралы, иштегим келет
4. Ниет ынгай Сүйлөөчүнүн ниетин ча-гылдырат.	- мак, - макчы - мак (эле экен, тура, беле, эмес)	окумак, келмек эмес, бармак эле, үйрөт-мөкчү экен, кетмек беле, урушмакчы тура, сүйүнчүлөмөкчү экен, жыйнамак эле, тазаламакчы экен, эс алмак, даярдан-мак
5. Баяндагыч ынгай Кыймыл-аракет белги-лүү бир учурга туш-таш келет. Демек, этиш-тин чактары ушул ын-гайга таандык.	- ды, - ган, - ыптыр, -чу, - ып + жардамчы этиш?	окуду, келди, бар-ган, үйрөтүптүр, ке-түүчү, ойноодо, ал-ганмын, жазып оту-рам, издеп жүрөт, орулуп жатат, кете-мин, кетесин, кете-сиз, кетет, кеттик.

12. «ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ТҮРЛӨРҮ» ТОПТОМУ

Этиштин өзгөчө түрлөрү	Эрежеси	Мүчөсү	Мисалдар
1	2	3	4
Этиштин өзгөчө түрлөрүнө атоочтуктар, чакчылдар жана кыймыл атоочтор кирет. Анткени атоочтуктарда сын атоочтук, чакчылдарда тактоочтук, кыймыл атоочтордо заттык белгилер бар. Ушул себептен улам алар атоочтор менен этиштин ортосундагы өзгөчө бир туунду болуп саналат. Бирок буларда атоочторго караганда этишке мүнөздүү белгилер басымдуулук кылат.			
1. Атоочтуктар.	Булар кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөткөн этиш сөздөр. Бирок ал атоочтук да, этиштик да касиетке ээ. Сын атооч сыяктуу аныктоочтук милдетти да аткарат. Заттык мааниде колдонулган кезде, ага жөндөмө, көптүк жана таандык мүчөлөр жалганат.	-ган, -ар, -бас, -оочу, -уучу, -чу, -а (-е,-й) + эле	Эл сыйлаган эшикке жатпайт, ат сыйлаган жөө баспайт (макал). Бербеске эртең менен саамал, берерге бешимде кымыз (макал). Ойго салуучу, көнүлгө алчу иш. Чабыла элек беде тукабадай кулпурат.
2. Чакчылдар.	Чакчылдар – чакты, жакты көрсөтпөй туруп, негизги этишке кошумча кыймыл-аракет кийрүүчү этиш сөздөр. Суроолору: кантип? кандай? кайсы убакка чейин? Эмнеликтен? Мааниси жагынан тактоочторго жакындашат жана сүйлөмдө негизинен бышыктоочтук милдет аткарат.	- а (-й), ып, - ганы - гыча, - майынча	Жарыша жөнөдүк. Бажырая күлдү. Ал коркуп келбей калды. Уулум келгени жатат. Атама учурашканы келдим. Жатып өлгүчө, атып өл (макал). Айтмайынча ким билет, ачмайынча ким көрөт (макал).

1	2	3	4
3. Кыймыл атоочтор.	Кыймыл атоочтор кыймыл-аракеттин атын билдирет. Кыймыл-аракеттик мааниси сакталуу менен, заттык мааниде да колдонула берет. Ага чак жана ынгай боюнча өзгөрүү мүнөздүү эмес. Кыймыл атоочко жөндөмө таандык жана көптүк мүчөлөр жалганат.	- оо, - уу, - ыш - мак, - май - гу (-сы) + жок, (бар, келди)	Таштоого болбойт. Билүүгө болот. Эгин чабуунун маалы келди. Анда улуудан ийменим жок. Дароо мектепке барыш керек. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок (макал). Кел демек бар, кет демек жок. Класста секирмей, кыйкырмай жок. Укусу жок, баарын көргүсү келет.

13. «СҮЙЛӨМ» ТОПТОМУ

Сүйлөмдүн түрү	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
1. Грамматикалык жактан уюшулган, айрым бир ойду, мазмунду чагылдырган кептин жыйнактуу бүтүн бирдиги сүйлөм деп аталат. Сүйлөм айтылыш максатына жараша төрткө бөлүнөт.		
1. Жай сүйлөм.	Жайынча баяндалат.	Кечээ балдар шаардан келишти. Эң сонун эс алыштыр. Ата-энелери сүйүндү.
2. Суроолуу сүйлөм.	Суроо иретинде айтылат.	Атамдар Ысык-Көлгө кетиштиби? Көпкө чейин эс алышат бекен?
3. Буйрук сүйлөм.	Буйрук иретинде айтылат.	Белет алып бер. Театрга киришсин. Андан кийин шаарды кыдырт. Үйгө такси менен келгиле.
4. Илептүү сүйлөм.	Күчтүү сезим менен айтылат.	Бах, мындай жайлоо болорбу! Төх, айлана көз жоосун алган гүлдөр. Чиркин, абасынын тазасын айт, көк кашка суунун тунуктугун айт!

1	2	3
II. Баш мүчөлөрдүн толук катышышына же алардын биринин кемип калышына карата сүйлөм экиге бөлүнөт.		
1. Бир тутумдуу сүйлөм.	Мында баш мүчөлөрдүн бирөө эле катышат.	Түн. Асман толо жылдыздар (атама сүйлөм). Эгинди богок байлаган маалында сугарууга болбойт (жаксыз сүйлөм).
2. Эки тутумдуу сүйлөм.	Баш мүчөлөр толук катышат. Кээде сүйлөмдүн ээси көмүскөдө калат.	Мен китептин кызыгына аябай берилипмин. Кечке чейин баш көтөрбөй окуптурмуй (ээси – мен, көмүскөдө.)
III. Айкындооч мүчөнүн катышышына жараша сүйлөм экиге бөлүнөт.		
1. Жалаң сүйлөм.	Жалаң ээ менен баяндоочтон түзүлөт. Айкындооч катышпайт.	Күн көтөрүлдү. Кар эриди.
2. Жайылма сүйлөм.	Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн турат.	Күңгөйгө жайылган мал тез эттенет. Мен ат суутканды үйрөндүм.
IV. Сүйлөм мүчөлөрүнүн толук же кемип айтылышына байланыштуу сүйлөм экиге бөлүнөт		
1. Толук сүйлөм	Тиешелүү мүчөлөрү толук катышат.	– Сиз англисче эркин сүйлөй аласызбы? (толук сүйлөм) – Ооба (кемтик сүйлөм)
2. Кемтик сүйлөм	Бир же бир нече, кээде сүйлөм мүчөлөрүнүн баары кемип айтылат.	– Кайдан окудунуз? (толук сүйлөм) – Бишкектен (кемтик сүйлөм)
V. Сүйлөм түзүлүшүнө карата экиге бөлүнөт.		

1	2	3
1. Жөнөкөй сүйлөм	Бул бир гана сүйлөмдөн түзүлөт. Ал жалаң, жайылма, атама, кемтик, жай, суроолуу, буйрук, илептүү, жаксыз сүйлөм түрүндө кездешет.	Жаратылыш – бул Мекен. Токойлорду көздүн карегиндей сактоо керек.
2. Татаал сүйлөм	Эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара тутумдашуусунан түзүлөт да, бир бүтүн ойду билдирет.	Жаз келди, көк чыкты. Айдоо талааларын суу андап кетпесин үчүн, дыйкандар жайпак арыктардын түбүн терендетип казышты.

Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн экөөнө тең таандык. Ошол себептен сүйлөмдүн кандай түрү менен бирге келсе, ошону менен чогуу-чаран: 1) киринди сөздүү сүйлөм, 2) каратма сөздүү сүйлөм, 3) сырдык сөздүү сүйлөм деп талданып кете берет.

14. «СӨЗ АЙКАШЫ» ТОПТОМУ

Сөз айкашы	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Сөз айкашы	Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр маанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышса, сөз айкашы деп аталат.	Медер тоодон келди. Бул сүйлөмдө эки сөз айкашы бар. 1. Медер келди 2. Тоодон келди

I. Сөз айкашы эки түгөйдөн турат. Алардын бири багынынкы түгөй, экинчиси – багындыруучу түгөй.

1. Багындыруучу түгөй	Багынычтуу түгөйдү өзүнө баш ийдирет.	Ачык асман. Бул сөз айкашында багындыруучу түгөй – асман.
2. Багынычтуу түгөй	Ал багындыруучу түгөйгө баш иет.	Илимдин жаңылыгы. Бул сөз айкашында багынычтуу түгөй – илимдин.

II. Багындыруучу түгөйгө жараша сөз айкашы эки чоң топко бөлүнөт

1	2	3
1. Атоочтук сөз айкашы	Багындыруучу түгөй зат, сын, сан, ат атоочтордон жана тактооч сөздөрдөн болсо, атоочтук сөз айкашы деп аталат.	Алтын ээр, суудай таза, аталаштан алтоо, күлгөндүн баары, үндөн ылдам.
2. Этиштик сөз айкашы	Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү этиш сөздөрдөн болот.	Жети өлчө, бырс күлдү, музейге барды, ат менен келүү.
III. Сөз айкаштары туруктуу жана эркин колдонулушуна жараша экиге бөлүнөт		
1. Туруктуу сөз айкашы	Мындай сөз айкашынын түгөйлөрү туруктуу, аларды ойго келгендей өзгөртүүгө болбойт.	Тил эмизүү, узун колду кыскартуу, тишинин кирин соруу, мурдун балта кеспейт.
2. Эркин сөз айкашы	Толук маанилүү сөздөрдөн курулат.Түгөйлөр эркин айкашат.	Чоң үй, ак алма, жарык үй, китеп оку, комуз черт, бийлеген кыз.
IV. Сөз айкашынын тутумундагы түгөйлөр бири-бири менен төрт түрлүү байланыш жасайт.		
1. Ээрчишүү	Ээни баяндооч сан, жак, түр боюнча ээрчийт. Кээде түгөйлөр сан же жак боюнча ээрчишпейт. Ээ – багындыруучу, баяндооч – багынычтуу түгөй.	Биз атаандаштарыбызды жендик. Ээрчишүү – биз жендик. Балдар экскурсиядан келди (сан боюнча ээрчишкен жок).
2. Башкаруу	Багындыруучу түгөй багынычтуу сөздү барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде турушун шарттайт. Кээде жандооч сөздөр да башкаруу байланышын уюштурууга катышат.	Чокуга чыгышты, коёнду көрдү, Таласта болот, Бишкектен келдик, Ошко чейин кыдырдык, Суусамырга карай жөнөдүк, автобус менен бардык.
3. Ыкташуу	Түгөйлөр бири-бири менен мааниси боюнча байланышат. Багынычтуу түгөй багындыруучу сөздөн мурда келет.	Алтын шакек, тигилүү кийим, ойногон бала, тез иштеди, шашып сүйлөйт, жетинчи класс, бир кылым.
4. Таандык байланыш	Илик жөндөмөсүндө турган багынычтуу түгөй таандык мүчөлүү сөз менен байланышат.	Тоонун жели, ата-эненин сөзү, мектептин алмасы, 11-класс, айыл чөлкөмү.

15. «СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ» ТОПТОМУ

Сөз айкашы	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Сүйлөм мүчөлөрү	Сүйлөмдүн тутумунда турган сөздөр кандайдыр бир суроого жооп берсе, алар сүйлөм мүчөлөрү деп аталат.	Жамгыр себелеп жаады. – Эмне? – Жамгыр. – Кантип? – Себелеп. – Эмне кылды? – Жаады.

Сүйлөм мүчөлөрү экиге бөлүнөт. 1. Баш мүчөлөр (ээ, баяндооч) – сүйлөмдүн грамматикалык негизи. 2. Айкындооч, мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) сүйлөмгө аныктык, тактык киргизет.

1. Ээ.	Сүйлөмдө туюндурулган мааниге ээлик кылат. **С.: ким, эмне, кимдер, эмнелер, кимиси, эмнеси, канча, нече? Ээге баяндооч да, башка сүйлөм мүчөлөрү да багыныңкы абалда болот. Атооч жөндөмөсүндө турат.**	Алиаскар үйгө келди. Ай сүттөй жарык. Жылдыздар жымындашат. Акыл – тозбогон тон, илим – түгөнбөгөн кен. Жүз экиге бөлүнөт. Кыбыраган кыр ашат (*макал*).
2. Баяндооч.	Ал сүйлөмдө ээнин кыймыл-аракетин, ал-абалын, кимдигин, эмнелигин, кандайлыгын, канчалыгын билдирет. **С: эмне болду, кантти, эмне болуп жатат, эмне кылды, ким, эмне, канча, кандай?**	Мектепти карай кетти. Ондун жартысы – беш. Токтогул – кыргыз элинин улуу акыны. Класстын ичи таза.
3. Аныктооч.	Заттын сын-сыпатын, ар кандай белгисин, бир жакка таандык экендигин билдирет. **С.: кандай, кайсы, канча, нече, канчанчы, кимдиң, эмненин?**	Узун бойлуу, кара тору сулууча аял кичи пейилдик менен сыңар тизелеп, Сабыржандын бет мандайына отурду.
4. Толуктооч.	Кыймыл-аракет багытталган затты билдирет. **С.: кимге, эмнеге, кимди, эмнени, кимде, эмнеде, кимден, эмнеден, ким менен, эмне менен, ким жөнүндө, эмне жөнүндө, ким тууралуу, эмне тууралуу?**	Отун албаганга от жактырба (макал). Мен силер менен иш тууралуу ангемелештим. Айбанды өнүнөн тааны, адамды сөзүнөн тааны (макал).

1	2	3
5. Бышыктооч.	Бышыктооч сүйлөмдүн тутумундагы кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, ордун, мезгилин, себебин, максатын жана өлчөмүн билдирет. **С: кандай, кантап, кайда, кайдан, качан, качантан бери, эмне үчүн, эмнеликтен, эмне максат менен, канча?**	Эртең менен үйдөн чыгып, мектепке кечикпей жеттик.
Берген маанисине карай бышыктооч алтыга бөлүнөт		
а) Сыпат бышыктооч	Кыймыл-аракеттин сыпатын билдирет. **С.: кандай, кантип, кандайча?**	Бермет орусча мыкты сүйлөдү.
б) Орун бышыктооч	Кыймыл-аракеттин ордун, багытын билдирет. **С.: кайда, кайдан, каякка, кайсы жерде?**	Чат-Базар айлында жаңы базар ачылды.
в) Мезгил бышыктооч	Кыймыл-аракеттин мезгилин, болгон убактысын көрсөтөт. **С.: качан, кайсы убакта, качантан бери?**	Бүгүн түштө чогулуш болот.
г) Себеп бышыктооч	Кыймыл-аракеттин себебин билдирет. **С.: эмне эмнеликтен?**	Бала коркконунан унчуккан жок. Ал шашпагандыктан кечикти.
д) Максат бышыктооч	Кыймыл-аракеттин максатын билдирет. **С.: эмне үчүн, эмнеге, эмне максат менен?**	Айпери билим алуу максаты менен шаарга кетти.
е) Өлчөм бышыктооч	Кыймыл-аракеттин сан-өлчөмүн билдирет. **С.: канча, неченчи, канча ирет, нече жолу?**	Үйүнө үч ирет бардым. Картөшкөнү эки жолу чаптык.

16. «ТАТААЛ СҮЙЛӨМ» ТОПТОМУ

Сүйлөмдүн эрежеси	Эрежеси	Мисалы
1	2	3
Татаал сүйлөм өзгөчөлүктөрүнө карай эки чоң топко бөлүнөт. 1. ТБТС. 2. ББТС.		
1. Тең байланыштагы татаал сүйлөм – ТБТС.	ТБТСнын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бирине багылбайт, өз ара тең укукта болот.	Бүгүн адабий ийрим болду, ага баарыбыз катыштык.
1. Байламтасыз ТБТС.	ТБТСнын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонация аркылуу байланышат. Байламта керектелбейт.	Катуу сөз – камчы, жылуу сөз – укурук (макал). Жамгыр көз ачырбай төктү, биз шөмтүрөп суу болдук.
2. Байламталуу ТБТС.	Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр байламтанын жардамы менен байланышат.	Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок.
а) Бириктиргич байламталар.	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү **жана, ары, жана да** байламталары жалгаштырат.	Асман ачык жана жылдыздар күндөгүдөн коюу.
б) Каршылагыч байламталар.	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырууга бирок, **бирок да, а, ал эми, ошондо да, анткени менен** деген өндүү байламталар катышат.	Уйлар жайыттан кеч келди, бирок ачка экен, капчыттары чыкпаптыр, кыязы, уйчуман байкуштарды сарайга камап койсо керек.
в) Себеп байламталар.	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү **себеби, анткени, ошол себептүү, ошондуктан, неге десең** деген өндүү байламталар байланыштырат.	Быйыл түшүм мол болот, себеби эгин эки жолу кандыра сугарылды.
г) Божомолдогуч байламталар	Жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырууга же, же болбосо деген байламталар катышат.	Эл үчүн башынды бай тигип эмгектенерсиң, же көптүн арасында, көчтүн карасында эптеп жан багарсың.

1	2	3
II. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм – ББТС.	Баш жана багыныңкы сүйлөмдөн турса, ББТС деп аталат.	Механик келгенде, комбайн жүрдү. 1. Комбайн жүрдү – баш сүйлөм. 2. Механик келгенде – багыныңкы сүйлөм.
а) Баш сүйлөм	Татаал сүйлөмдөгү ойдун негизин билдирет, ой-пикирди жыйынтыктайт.	Көз ачырбаган күчтүү бороон болгондуктан, илгери жылуу баарыбызга кыйын болду.
б) Багыныңкы сүйлөм – БС.	Баш сүйлөмгө багынычтуу болгон жана анын түрдүү кырдаалын билдирген сүйлөм багыныңкы сүйлөм болот.	«Качан жүрөк кагышынан танганда, бир тартылып өтүп кетер элесиң». (*Мидин*).
Багыныңкы сүйлөм маанисине карай сегизге бөлүнөт.		
1. Мезгил БС БСнын баяндоочуна **-ганда, -бай, -майын, -ганы, -гыча, арда** деген мүчөлөр, **же бери, кийин, соң, чейин, дейре, мурун, мурда, замат, менен** деген жандоочтор, же учурда, убакта, кезде, мезгилде, маалда деген сөздөр кошулуп айтылат.	Ал баш сүйлөмдүн мезгилин билдирет. **С.: качан, качанга чейин, кайсы убака, качантан бери, качанга дейре?**	Карышкыр чокуга чыга бергенде, капталдан оттоп келе жаткан койлор көрүндү. Эт казанга түшкөнчө, карыя жалгыз күүсүн алда канча чертип жиберди? (*Аалы*).
2. Себеп БС БСнын баяндоочуна **-гандыктан, -ган үчүн, -ган -дан соң** (кийин) деген мүчөлөр жана жандоочтор уланат.	Ал баш сүйлөмдүн себебин билдирет. **С.: эмне-ликтен, эмне үчүн, эмне себептүү?**	Бороон катуу болгондуктан, алмалар күбүлүп түштү. Көпчүлүк батышпай турган болгон соң, чогулуш сыртта өттү. (*Т. Сыдыкбеков*).

1	2	3
3. Максат БС БСнын баяндоочуна **-оо, -өө, -уу, -үү, -ыш, -сын, -бас, -басын** мүчөлөрү уланып, аларга катар үчүн, деп деген сөздөр кошулуп айтылат.	Баш сүйлөмдүн максатын билдирет. **С.: эмне максат менен, эмне үчүн, эмнеге?**	Көчөттөр тез күч алсын үчүн, аларды үзгүлтүксүз сугарып турабыз. Алар туюп калбасын деп, эч кимге айтпадык.
4. Шарттуу БС БСнын баяндоочуна **-са (-сам, -саң, -са), -бай** мүчөлөрү уланып, «эгер, эгерде» деген байламталар кошулуп да, кошулбай да айтыла берет.	Баш сүйлөмдөгү ойдун шартын билдирет. **С.: эмне болсо эмне болбой?**	Жаман атты жакшы бакса, тулпар болот, жаман кушту жакшы бакса, шумкар болот (*макал*). Жамгыр болбой дан болбойт, тегирмен болбой нан болбойт (*макал*). Жаман айтпай, жакшы жок (*макал*).
5. Каршы БС БСнын баяндоочу **-са да, -са деле, -са дагы, -ган менен, -ганы менен, -ганы болбосо** өндүү формалар менен аяктайт.	Ал баш сүйлөмгө каршы мааниде айтылат. **С.: эмне болсо да, эмне болгону менен, кантсе да?**	Күн чайыттай ачылса да, чыйрыктырган сыдырым жел согуп турду. Ашым калса да, ишим калбасын (*макал*). Кеч кирип келатканы менен, күндүн аптабы али кайта элек (Ч. А.).
6. Сыпат БС БСнын баяндоочуна **-гансып, -багансып** жана чакчыл **-ып** мүчөлөрү жалганат.	Ал баш сүйлөмдөгү ойдун сыпатын билдирет. **С.: кантип, эмне болгонсуп?**	Зоолору күмүш кымкап кийгенсип, Алай тоолору асман мелжийт (К. Ж.). Өнү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү Ч. А.).
7. Салыштырма БС БСнын баяндоочу **-дай** мүчөсү, **-ган сыяктуу, -гандан бетер**	Ал баш сүйлөмдөгү ойго салыштырылып айтылат. **С.: кандай эмне болгон сыяктуу, эмне болгондон бетер?**	Кар жаап тургандай, оттун учкуну жерге жалбырттап түшүп жатты (Я. Ш.) Алда кандай бир укмуш болуп жат-кандай, айыл арасы ызы-чуу (К. Ж.).

1	2	3
деген формалар менен аяктайт. «кандай», баш сүйлөмгө «ошондой» деген сөздөр да кошулуп айтылат		Устат кандай болсо, устаттык да ошондой (*макал*).
8. Өлчөм БС БСга «канча, канчалык», баш сүйлөмгө «ошончо, ошончолук» деген сөздөр кошулуп айтылат.	Ал баш сүйлөмдөгү ойдун сан-өлчөмүн билдирет.	Төө канча болсо, жүк ошончо (*макал*). Канчалык мээнет кылсаң, ошончолук үзүрүн көрөсүң (*макал*).
9. Орун БС БСга «кайда, каерде, кайсы жерде, кайдан», баш сүйлөмгө «ошол жерде, ошерде, ошерден» деген сөздөр уланат.	Баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун ордун билдирет.	Тартип кайда болсо, жеңиш да ошол жерде (*макал*). Тентек каерде болсо, чаң-тополоң ошол жерде. Токтогул ырчы кайсы жерде болсо, ыр менен күлкү ошол жерде болот (К. К.).
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм. (Бул татаал сүйлөм да экиге бөлүнөт).	Татаал сүйлөмдүн тутумунда эки же андан ашык багыныңкы сүйлөмдөр болот. Алар баш сүйлөмдүн бир түрдүү же ар түрдүү кырдаалын билдирет.	Зуура атты, байлаганча, Чүкөбай эшик ачып, Тойчубек үйгө кирди (К. Б.) Мында эки багыныңкы, бир баш сүйлөм бар.
1) Бир өңчөй багыныңкылуу ТС	Баш сүйлөм менен бир нече багыныңкы сүйлөм бир түрдүү маанилик катышта байланышат.	Анын өңү минут сайын кумсарып, эрди көгөрүп, бүткөн бою калтырап, суусуз чөлдөгү гүл сыяктуу сулуу беттин нуру өчүүдө (К.Ж.) Мында үч сыпат багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен байланышта).
2) Бир өңчөй эмес багыныңкылуу ТС	Бир нече багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен ар кандай маанилик катышта байланышат.	Кычан жакындап барганда, өрт чет жагынан тутанып, куураган беделер чатырап, кыпкызыл

1	2	3
		жалын асманга көтөрүлүп жаткан экен (Ш.Б.). (Мында баш сүйлөм менен бир мезгил, эки сыпат багыныңкы сүйлөм байланыш жасады).
Аралаш татаал сүйлөм	Мында тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм аралаша келет.	Поезд өтүп кеткенден кийин, бир топко чейин станцияда эч жан жоктой байкалды, ээн тынчтык өкүм сүрдү (Ч. А.).
Төл жана бөтөн сөз	Өз сөзүбүздү төл сөз, башка бирөөнүн сөзүн бөтөн сөз дейбиз. Бөтөн сөз тике сөз, цитата деп да атала берет. Төл жана бөтөн сөз – татаал сүйлөмдүн ичинде өзүнчө түр. Ал диалог менен да туюндурулат.	«Кыбыраган кыр ашат», – деген Медербек. (Мында «Кыбыраган кыр ашат» – бөтөн сөз, «деген Медербек» – төл сөз. Төл жана бөтөн сөздүн ар бири өзүнчө сүйлөм болуп эсептелет). Кыбыраган кыр ашат, – деди Медербек (диалог белгиси менен жазылат.
Кыйыр сөз	Бул өзгөчө түзүлүш. Төл сөз менен бөтөн сөз бириигип кетет. Татаал сүйлөм жөнөкөй сүйлөмгө айланат.	Кыбыраган кырды аша тургандыгын Медербек айтты (жөнөкөй сүйлөм).
Чечме сүйлөм	Негизги сүйлөмдүн мааниси чечмелеп айтылат.	Быйыл киреше мол болот: жаз убагында келди, эгин-тегин өз учурунда айдалды, жаан-чачын көп болду, сугат өз маалында жүргүзүлдү. (1-сүйлөм – негизги, калганы – аны чечмелегендер).
Кыстырынды сүйлөм	Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн ортосуна кыстарылып келет.	Күн жаанчыл болгондуктан, түшүм мол болду – бул ББТС. Муну эки түрдүү жол менен кыстырынды сүйлөмгө айландырууга болот. 1. Түшүм, күн жаанчыл болгондуктан, мол болду. 2. Түшүм (күн жаанчыл болгондуктан) мол болду.

17. «БАЙЛАНЫШТУУ КЕП» ТОПТОМУ

Темасы	Мазмуну
1	2
1. Текст	Маанилик жана мазмундук жактан ырааттуу байланышкан, бир же бир нече, оболу, жүздөгөн сүйлөмдөрдөн түзүлгөн, кагаз бетине түшүрүлгөн маалыматтар. Ал адабий чыгарма, илимий эмгек, макала, документ, доклад жана башка түрүндө болот. Текст абзацтардан, параграфтардан жана главалардан турат.
2. Тексттин көлөмү.	Текст бир сүйлөмдөн да түзүлөт. М.: «Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт» – бул макал, бир сүйлөм, ошол эле учурда бир текст. Ал эми 2–3 сүйлөмдөн турган ишеним кат да, он чакты сүйлөмдү кучагына алган токтом да, 668 беттен турган «Келкел» романы да текст болуп эсептелет.
3. Тексттин мүнөздүү белгиси	Текст камтыган маалыматтардагы байланыштуулук жана бүтүндүк.
4. Тексттин темасы.	Баяндоого, сүрөттөөгө жана изилдөөгө негиз болгон мазмун. Негизги ой. Ал текстте эмне жөнүндө сөз болуп жатканын билдирет. Текст кээде бир нече майда темалардан (микротема) да турат.
5. Абзац.	Чакан, сулп маалыматтын текст ичинде өзүнчө айырмалуу чагылдырылышы. Ал жол башына калтырылган кемтик менен белгиленет.
6. Тезис.	Илимий чыгармалардын, лекция, докладдардын негизги мазмунун чагылдыруучу түпкү пикир. Ал кыскача маалымат берүү максатын көздөйт жана жыйынтыктуу ойго ээ.
7. Конспект.	Жарыкка чыккан чыгарманын негизги оюн, көздөгөн максатын кыскача жазып алуу. Ал көркөм чыгарманын, лекциянын, докладдын жана илимий эмгектердин негизинде түзүлөт.
8. Реферат (латын сөзү, билдирүү, баяндоо деген мааниде).	Окуп чыккан илимий эмгектин, адабияттын негизинде жалпылоо менен жасалган кыскача баяндама.

Тексттин баары бир түрдүү окшош эмес. Өз ара айырмасы, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Ошого жараша аны тескеп, тастыктай турган тил илиминин бир тармагы – стилистика. Ал адабий тилдин стилин, тилдик каражаттарын, анын максатка жараша колдонулуш ыкмаларын изилдейт. Ал эми тилдин стили сөздөрдүн оозеки жана адабий тилдеги колдонулуу өзгөчөлүктөрүн иликтейт. Стиль экиге бөлүнөт: 1) оозеки сүйлөшүү стили, 2) жазма стиль.

1	2
1. Оозеки сүйлөшүү стили.	Бул – адамдардын өз ара пикир алышуулары. Ал кыскалыгы, суроо-жооп иретинде айтылгандыгы, сүйлөө интонация, мимика (ымдоо-жандоо), кыймыл менен коштолгондугу, айрым сөздөрдү көп кайталоого жол бергендиги, диалект сөздөрдү (М.: бытыра, мака, подвод сыяктуу сөздөрдү) колдонгондугу менен айрымаланат.
2. Жазма стиль.	Бул – иш кагаздарынын, көркөм чыгармалардын, коомдук-саясий адабияттардын, илимий-техникалык эмгектердин, окуу куралдарынын, басма сөздүн тили. Ал адамдын ой-пикирин кагаз бетине түшүрүү жолу менен ишке ашырылат. Жазма стиль төрткө бөлүнөт.
а) Көркөм стиль.	Турмуш чындыгын адамдын акыл-эсине көркөм сөз аркылуу чагылдырат. Окурмандын ички сезимине таасир этүүчү жана толкундатуучу көркөм сөз каражаттары (салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия, ирония, гипербола, литота), макал-лакаптар, сөз берметтери, учкул сөздөр өтө кеңири колдонулат. Ал адабий чыгарманын бардык түрүн, лирикалык ырдан эпопеяга чейин кучагына камтыйт.
б) Илимий стиль.	Бул стиль илимий эмгектерди жазууда колдонулат. Ал ойду так, ырааттуу жыйынтыктуу берет. Ой жүгүртүү далилге таянат. Анда так эрежелер, формулалар берилет. Илимий терминдер, байламталар жана киринди сөздөр арбын пайдаланылат. Бул стилге илимий эмгектер менен окуу китептеринин тили кирет.
в) Публицистикалык стиль.	Буга коомдук, саясий, маданий темадагы гезиттик-журналдык макалалардын, ар кандай мүнөздөгү кабарлардын, репортаж, очерк жана фельетондордун тили кирет. Бул стилде илимий жана көркөм адабий стилдин белгилери тогошо келет. Кээде ал официалдуу иш кагаздарынын стилине да жакындашып кетет. Ал жалпы элге арналат. Анда үндөө, үгүттөө, жайылтуу, кабарландыруу багыты басымдуу.
г) Официалдуу иштиктүү стиль.	Бул стиль да тейлөө чөйрөсүнө карай экиге бөлүнөт. 1. Официалдуу иш кагаздары, буга мамлекет тарабынан кабыл алынган ар кандай указ, программа, устав, мыйзам, токтом, келишим, жобо, билдирүүлөр ж. б. кирет. 2. Официалдуу эмес иш кагаздары, буга коомдук мекеме-уюмга, ишканага, ар кандай бирикмелерге жана жеке

1	2
	адамдарга тиешелүү иш кагаздары кирет, алар: акт, отчет, кулактандыруу, токтом, арыз, ишеним кат, мүнөздөмө, өмүр баян, күбөлүк, маалымдама, рапорт, буйрук ж. б.

Байланыштуу кеп – бул айтылган, жазылган сөз. Ал байланыштуу сүйлөө менен байланыштуу жазууну кучагына алат. Кеп мазмунду чагылдыруу, ой-пикирди байланыштыруу өзгөчөлүктөрүнө карата үчкө бөлүнөт: 1) баяндоо, 2) сүрөттөө, 3) ой жүгүртүү.

1. Баяндоо.	Мында кандайдыр бир болгон, боло турган жана болуп жаткан нерсе жөнүндө ырааттуу кабар берилет.
2. Сүрөттөө.	Кабарландырылган текст сүрөттөө менен шөкөттөлөт, б.а., заттын сыпаты, ар кандай белгилери көрсөтүлөт.
3. Ой жүгүртүү.	Мында тексттин мазмуну удаалаш байланышкан ой топторунан турат. Адегенде орчундуу маселе же максат белгиленет. Анан анын зарылдыгы жана мааниси мисалдар менен далилденет. Андан соң корутунду чыгарылат.

18. «Кыргыз эли колдонгон жазуулар» топтому
а) Орхон-Энесай жазма эстелиги

Кыргыздар VII–IX кылымдарда Орхон-Энесай жазмасын пайдаланышкан. Кытайдагы кыргыз окумуштуусу Анвар Байтур кыргыздардын V кылымдан баштап эле 40 тамгалуу жазууну колдонушканын жазып калтырган. Энесай менен Тывадан 120дан ашуун байыркы кыргыз жазмасынын эстеликтери табылган. Ал эми Таластан, Ысык-Көлдөн, Баткенден, Алайдан ташка жазылган эстеликтердин саны жыйырмадан ашуун. Бул жазма ондон солду карай окулган, бирок кээде солдон онду карай окула тургандары да кездешет. Орхон эстеликтериндеги жазма 38, Энесайдагы жазма 39 тамгалуу.

Орхон-Энесай жазмасын биринчи окуган адам даниялык окумуштуу В. Л. Томсен. Ал адегенде «Түрк», «теңири» деген сөздөрдү окуйт да, 1893-жылы 25-ноябрда эстеликтеги бардык тамгаларды аныктайт. Ага удаа орус түркологу В. В. Радлов 15ке жакын арипти тастыктап, андан соң бардык эстеликтерди окуп, которуп чыгат.

ТҮРК ТАМГА БЕЛГИЛЕРИ

Талас I	Талас II	Энесай тамгалары	Орхон тамгалары	Маанисы
				а, э(е)
				ы, и(е)
				о, у
				ө, ү
				б,
				б′
				г
				г′
				д
				д′
				й
				й′
				қ
				қ при о, у
				қ при ы, и
				к′
				к′ при ө, ү
				л
				л′

ТҮРК ТАМГА БЕЛГИЛЕРИ

Талас I	Талас II	Энесай тамгалары	Орхон тамгалары	Мааниси
				м, м'
				н
				н'
				н(ний)
				нт, нд
				лт
				нч
				р
				р'
				с
				с', ш
				т
				т'
				з, з'
				ч, ч'
				ш
				ш'
				п, п'
				баш

Маселен, Энесай тамгаларынын негизинде өз атынды ж. б. сөздөрдү жазсаң болот.

Алым

Кийик

АРАБ ЖАНА ЛАТЫН АРИПТЕРИ

1. Араб ариби

	Басма түрү	Аталышы	Маалыматтар
1.	ا	А	1. Октябрь революциясына чейин, 19-кылымда кыргыздар араб арибин пайдаланышкан. Буга Молдо Ниязды «Санат дигарастар» деген колжазма китебин мисал кылууга болот. 2. 1924-жылы 7-ноябрда кыргыздын биринчи гезити «Эркин Тоо» араб арибинде чыккан. Бул арип-тер менен алгачкы окуу китептери, гезит-журналдар, официалдуу иш кагаздары жарык көргөн. 3. Касым Тыныстановдун «Касымдын ырлары» деген биринчи китеби 1925-жылы Москвадан араб арибинде жарыяланган.
2.	ب	Б(бэ)	
3.	پ	П(пэ)	
4.	ت	Т(тэ)	
5.	چ	Ч(чэ)	
6.	ج	Ж(жэ)	
7.	د	Д(дэ)	
8.	ر	Р(эР)	
9.	ز	З(зэ)	
10.	س	Ш(ша)	
11.	ش	С(эс)	
12.	غ	Гъ(га)	
13.	ق	Къ(ка)	
14.	ك	К(ки)	
15.	گ	Г(ги)	
16.	ڭ	Ң(ың)	
17.	ل	Л(эл)	
18.	م	М(эм)	
19.	ن	Н(эн)	
20.	و	О,Ө	
21.	ۇ	У,Ү	
22.	ۋ	В(вэ)	
23.	لا	Э	
24.	ى	Ы,И	
25.	ي	Й(ий)	
26.	ء	кыбачы	

2. Латын ариби

Басма түрү	Аталышы
Aa	а
Bb	бэ
Cc	си
Dd	дэ
Ee	э
Ff	эф
Gg	гэ
Hh	аш
Ii	и
Jj	й
Kk	ка
Ll	эл
Mm	эм
Nn	эн
Oo	о
Pp	пэ
Qq	ку
Rr	эр
Ss	эс
Tt	тэ
Uu	у
Vv	вэ
Ww	даблю
Xx	икс
Yy	игрек
Zz	зет

1. 1927-жылдан баштап кыргыздар латын алфавитин колдоно башташкан. Бул ариптер Кыргызстанда сабатсыздыкты жоюуда жана маданиятты көтөрүүдө ченемсиз зор милдет өтөгөн.
2. 1941-жылы 12-сентябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен орус алфавитинин базасындагы жаңы кыргыз алфавитинин долбоору бекип, колдонууга киргизилген.

Ага орус тилинде жок ө, ү, ң тыбышын туюнткан үч тамга (ө, ү, ң) кошумчаланган.

18. «АЙРЫМ ТҮШҮНҮКТӨР» ТОПТОМУ

Темалар	Түшүндүрмөсү
1	2
1. Фонетика (грекче phone-тыбыш.)	Тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдеп, аны үйрөтө турган тил илиминин бөлүгү.
2. Фонетиканын үч негизи.	1. Акустикалык негиз. 2. Анатомиялык-физиологиялык негиз. 3. Лингвистикалык негиз.
3. Фонетиканын акустикалык негизи	Тыбыштын жаралышы үн жөнүндөгү илимге (акустикага) байланыштуу. Кептеги тыбыштар өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымынын сүйлөө органдарыбызга сүрүлүшүнөн пайда болот. Демек, үн – дирилдөөнүн толкуну.
4. Фонетиканын анатомиялык-физиологиялык негизи.	Кептеги тыбыштарды жасоого кекиртек, алкым, көмөкөй, ооз көңдөйү, тил, тиш, жумшак жана катуу таңдай, кичине тил, эрин, мурун көңдөйү жана өпкө катышат. Булардын аракетин мээ, бор-бордук нерв системасы жөнгө салат.
5. Фонетиканын лингвистикалык негизи.	Тыбыш-маани менен байланышкан эң кичинекей бирдик экендиги. Тилдин мааниге ээ болгон бөлүгүн түзүүчү жана алардын маани жагынан башка бөлүктөрдөн айрымалай турган эң кичинекей тыбыштык бирдик. М.: бал-тал-кал-сал-жал-мал-чал деген сөздөрдүн башында келген тыбыштар фонемалык касиетке ээ, алар ар бир сөздү мааниси боюнча айырмалап турат.
6. Морфология.	Грек сөзүнөн алынган. Грамматиканын тилдеги сөздөрдүн турпатын, түрлөрүн жана түзүлүшүн изилдөөчү грамматиканын бөлүмү. Ал сөздөрдү, сөз түркүмүн жана сөз мүчөлөрүн изилдейт.
7. Морфема	Сөздүн маани берүүчү эң кичине бөлүгү. М.: малчылардын деген сөздө төрт морфема бар: 1) мал, 2) -чы, 3) -лар, 4) -дын.
8. Синтаксис (грекче suhtaxus–түзүлүү, тартип деген мааниде).	Сүйлөмдүн түрүн, түзүлүшүн жана анын тутумундагы сөздөрдүн байланышын изилдөөчү грамматиканын бир бөлүгү.
9. Грамматика (грекче grammatike–	Сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш жана өзгөрүш эрежелерин изилдөөчү тил илиминин бир

1	2
тамга жазуу деген мааниде).	бөлүгү. Ал өз ичине морфология менен синтаксисти камтыйт.
10. Лингвистика.	Тил жөнүндөгү илим.
11. Пунктуация (латынча punctum – чекит деген мааниде).	Тыныш белгилерди колдонуу жөнүндөгү эрежелердин жыйындысы.
12. Орфография (грекче orthos grapha – туура жазуу деген мааниде).	Тилдеги жазуу эрежелеринин жыйындысы. Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн жана сөз мүчөлөрүнүн жазылышы морфологиялык принципке (бирөө, өкөө эмес, бирөө, экөө), экинчиси фонетикалык принципке (М.: коёнлар, тоога, элнын эмес, коёндор, тоого, элдин) негизденет.
13. Орфоэпия (грекче orthos epos – туура сүйлөө деген мааниде).	Сөздөрдү адабий үлгүдө так жана туура сүйлөө эрежелеринин жыйындысы.
14. Интонация (латынча intoho – катуу айтат деген мааниде).	Сүйлөгөндө үндүн көтөрүңкү же басыңкы чыгып кубулушу.
15. Фразеология (грекче prasis – айтылган ой деген мааниде).	Бир тилдеги туруктуу сөз айкаштарынын катмарын изилдеген бөлүм.
16. Муун.	Сөздөгү ыргак менен айтылган бир же бир нече тыбыш. Муунду үндүү тыбыштар түзөт. Ал үчкө бөлүнөт: 1) ачык муун (а-та, уу-луу, э-ле) 2) жабык муун (ал, эр, оор), 3) туюк муун (бор-кок, кой-лор-дун, мүм-күн). Муундун бул үч түрү сөздө аралаша келе берет. М.: ар-гы-мак, «ар» – жабык муун, «гы» – ачык муун», «мак», – туюк, муун.
17. Пиктография.	Жазуунун тарыхы байыркы замандарда эле башталган, анын эң алгачкы үлгүсү – пиктография. Ал кыргызча «сүрөттүү жазуу» дегенди туюндурат. Анда ой-пикир же кандайдыр бир түшүнүк

1	2
	пиктограммалардын (ар кандай сүрөттөрдүн) жардамы менен ишке ашырылган. Пиктограммалар жеке сөздөрдү белгилебейт, ал кабардын же бир окуянын жөнүн жалпы жонунан сүрөттөр аркылуу баяндайт. Бирок сүрөттөгү ойлордун баарын чечмелеп окуп чыгуу кыйынчылыкты туудурган. Ошондой эле сүрөт менен жазуу да ар бир кишинин колунан келе берген эмес.
18. Идеография.	Жазуунун андан кийинки өөрчүтүлгөн түрү – идеография (же логография). Бул кыргызча «идеяны, ойду, түшүнүктү жазуу», «сөз жазуу» дегенди билдирет. Идеография пиктографиядан өсүп чыгат. М.: көздүн сүрөтү пиктограммада көздү эле билдирсе, идеограммада «кыраакылык», «сергектик», «көрүү» деген түшүнүктөрдү да билдирип калган. Анан сүрөттөрдүн ордуна ар бир сөздүн маанисине ылайык шарттуу белгилер (идеограммалар) колдонула баштаган.
19. Иероглифтер.	Идеограммалардын бир түрү – иероглифтер. Аларды грек тилинен которгондо, «касиеттүү оюу», «касиеттүү жазуу» дегенди түшүндүрөт. Мындай жазууну Тигр менен Евфратта, Месопотамияда жашаган байыркы шумерлер, египеттиктер, кытайлар (алар б. з. ч. IV миңинчи жылдан бери колдонушкан) пайдаланышкан.
20. Фонография	Бул – сөздүн айтылыш жагы негизге алынган жазуу. Мында сөздүн муундук жана тыбыштык турпатын чагылдыруу көңүлгө алынат. Муундап жазуу – фонографиянын алгачкысы. Аны шумерлер менен египеттиктер колдонушкан. Тыбыштык жазуунун үлгүсү – финикийлердики. Аларда үнсүз тыбыштар жана жазылып, үндүү тыбыштар жазылбаган. Финикий жазуусунан арамей алфавити, андан араб жазуусу жаралган. Армян, грузин, уйгур, согди ж.б. жазуулар да финикийлердин жазуусунан башталат. Байыркы гректер да өз алфавитин финикийлерден алышкан. Грек жазуусунда үнсүз гана эмес үндүү тыбыштар да өзүнчө тамга менен белгиленет. Латын алфавити да байыркы грек жазмасынын негизинде жаралган. Ал эми славян кириллицасы да грек жазмасынан келип чыккан. Орус алфавитинин жаралышы кириллицага негизделген. Азыркы колдонулуудагы кыргыз алфавитинин негизи да кириллица болуп саналат.

1	2
21. Лексикология.	Бул – тили илиминин лексиканы изилдөөчү бөлүгү.
22. Лексика.	Тилдеги бардык сөздөрдүн жыйындысы лексика (грекче lexil – сөз») деп аталат.
23. Лексикография (грекче lexikos – сөзгө таандык деген мааниде).	Тил илиминин сөздүк түзүү практикасы жана теориясы жөнүндөгү бөлүгү.
24. Семасиология.	Лексикологиянын бир бөлүгү – семасиология. Мында тилдин сөздүк курамындагы сөздөр маани жактан изилденет. Анда сөздүн көп маанилүү болушу, омоним, синоним, антонимдер иликтенет.
25. Этимология.	Лексикологиянын бул бөлүмү сөздөрдүн чыгыш тегин, кайсы тилдерден кабыл алынгандыгын тарыхый планда текшерет.
26. Ономастика.	Адам аттары менен жер-суу аттарын изилдөө тармагы ономастика деп аталат.

«ТИЛ КУТУЧАСЫ» ТОПТОМУНА

Бул топтомго айрым сөздөр жана туруктуу сөз айкаштарынан азыноолак киргизилди.

Тил ээси, сен аларды үйрөн, сөзүңө кошуп сүйлө, турмушта колдоно бил!

Аалам – дүйнө, дүйнө жүзү, жер жүзү. Он сегиз миң аалам – өсүмдүктөрү, жан-жаныбарлары менен бирге бүт дүйнө. М.: Он сегиз миң ааламды багып чыккан аккан суу (*Жеңижок*).

Аалым – окумуштуу, улама. М.: Жыйнак кыргыздын белдүү аалымдары тарабынан түзүлгөн.

Абай – этияттык, сактык, байкагычтык. М.: Жигит комуз күүсүн өзгөчө абай салып тыңшады.

Абзел – эң сонун, эң жакшы. М.: Тапшырманы өз убагында аткарганың абзел.

Агайын – тууган-туушкан, туугандыгы жагынан жакын адам. М.: Агайындар менен учурашканы келдик.

Адамзат – адам баласы, бүткүл адам. М.: Тоону, ташты сел бузат, адамзатты сөз бузат (*макал*).

Адеми – кооз, көркөм, сулуу, жакшынакай, татынакай. М.: Көк адеми тон кийген (*фольк*).

Адым – 1. кадам, арыш. 2. алга жөнөө, илгерилөө. М.: 1. ... үйүнө жакындаган сайын, адымын тездетип, акырында жүгүрдү (Ч. Айтматов). 2. Келечекти карай адымдай бергиле.

Адырмак – бөксө тоолор. М.: Сары адырмак белди ашып, жерди табар бекенбиз (*«Манастан»*).

Ажайып – сонун, укмуштуу, таң каларлык. М.: Түндө жатып, түш көрдүм, бир ажайып иш көрдүм (*«Эр Табылды»*).

Ажар – жакшынакай, жагымдуу өң, түс, көрк, сулуулук. М: Бетинин сырткы ажары арчалуу от жалындай (*А.Үсөнбаев*).

Ажат – муктаждык, зарылдык. М.: Ажатың ачтың мындагы ата менен эненин (*Калык*).

Азандан – эртең менен эрте, таң заарынан. М.: Апам азанда туруп уй сайт.

Азиз – 1. Ардактуу, кымбаттуу, кадырлуу. М.: Азиз меймандар. 2. Эки көзү тең көрбөгөн. 3. Азиз жыланга карата да айтылат.

Азил – тамаша. М.: Азил сөзгө акылдуу баш иет, акмактын жаны ачышат (*макал*).

Азилкеч – тамашакөй, тамашалап сүйлөгөндү жакшы көргөн адам. М.: Алар азилкеч курбулар эле.

Азыноолак – бир аз, анча-мынча, анча көп эмес. М.: Чогулушта биздин мектеп тууралуу азыноолак кеп болду.

Ай-аалам – бүт дүнүйө, аалам. М.: Ай-ааламды асмандан тең карайсың, Ала-Тоо (*ырдан*).

Айдан ачык – анык, даана, так.

Ай далы – далынын үстү. М.: Алтын кемер чети деп, ай далынын бети деп (*«Манастан»*).

Ай жамалдуу, ай чырайлуу, ай жүздүү, айдай сулуу – абдан сулуу.

Ай талаа – ээн талаа, эл жашабаган жер.

Ай туяк – жылкы, ача туяктуу эмес. М.: Кол башына бир байтал ай туяктан союшуп (*«Манастан»*).

Айы оңунан тууган – жолу болгон, иши оңунан чыккан.

Айы-күнү жетүү – төрөөгө жакын калуу.

Айгак – сөз ташуучу, чагымчы. М.: Айгакка – алты таяк (макал).

Айгине – ачык, дана. М.: Айгине сүйлө.

Айдар – төбөгө коюлган чач. М.: Беш балбанды карасаң, төбөдө айдар чачы бар (*«Манастан»*).

Айдарым – желаргы (көбүнчө эртең менен, кечинде жүрүүчү жел). М.: Аба салкын тартып, айдарым жел жүрүп турду.

Айдөш – барган сайын көтөрүңкү, барган сайын жазыраак тарткан. М.: Айылдын үстү айдөш келген талаа.

Айдың – айдын жарыгы, айдын жарыгы түшүп турган жер. М: Айдыңга салып кырман сапырды.

Айдың көл – айдын жарыгындай аппак, таза көл. М.: Айдың-айдың көлдөрүң аяктай суусу калбады (*ырдан*).

Айдың талаа – кең, жайык, ай жарыгы тегиз тийген талаа.

Айкара – кийимдин, мисалы, чапандын бир этегин башына, экинчи этегин бутуна келтирип жамынуу. М.: Тонун айкара жамынды.

Айлампа – 1. Суунун имерилип аккан терең жери. 2. Тегеретип ат чабылуучу жай, ипподром. М.: Алты жолу мен көрдүм, айлампага чапканын (*Осмонкул*).

Айлан көчөк – балдардын бир орунга туруп тегеренип ойноочу оюну.

Айлана – курчап турган мейкиндик, туш-туш жак. М.: Айлана аппак карга чүмкөнгөн.

Аймак – жер, территория.

Айтканынан кайтпоо – сөзүндө туруу, убадасынан тайбоо.

Айтылуу – атактуу, көпкө маалым.

Айтып түгөткүс – өтө көп, түгөнгүс.

Айтып оозду жыйгыча – өтө тез, дароо.

Ачык айтып, ак сүйлөө – чынын, туурасын айтуу, болгонун болгондой сүйлөө.

Ак жаан – узакка созулуп, майдалап жааган жамгыр.

Ак жай – жайдын толук кези.

Акма кулак – унутчаак, айтылган сөздү унутуп калуучу (адам жөнүндө).

Аксым – албуут, ажаан, кыялы чатак. М.: Армандуу эрдин бактына Аксым катын жолугам (*Т. Молдо*).

Акшам – күн батып, кеч кирген мезгил.

Акыбет – иштин натыйжасы, сиңирген эмгек. М.: Акыбети кайтарылуу.

Акыл токтотуу – ойлонуу, сабырдуулук менен иш кылуу.

Ала-чокул – текши эмес, ала-була.

Ала шалбырт – жаз алдында кар эрип, баткак болгон мезгил.

Алабуга – тузсуз сууларда жашоочу канаттары кызгылт түстөгү балык (*форель*).

Алагар – көзү бакыракай чоң. М.: Алагар көзү чолпондой, ай кулагы калкандай, бендеден ашык шер ушул (*«Манастан»*).

Алаканга салып багуу – алпечтеп, эркелетип багуу.

Алгоолошуу – өз ара жардамдашуу.

Алтүндө – түн ичинде, бүгүнкү күнү.

Анделек – коондун эрте бышуучу түрү.

Аңыр – 1. Өрдөккө окшош жапайы канаттуу. М.: Ак чардакка кошулуп, аңырлар учат аңкылдап (*Т. Молдо*). 2. Ач-тан калып, оозун ачып калуу. М.: Оозун аңырдай ачып калды.

Аңыз – 1. Эгинди жыйнап алгандан кийинки жер. 2. Эл оозуна алынып кеткен сөз.

Аргымак – таза кандуу, асыл тукум жылкы.

Аскар – аскар тоо – эң бийик аскалуу тоо.

Баам – байкоо, түшүнүк, аңдоо.

Баар – көктөм, жаз алды.

Баар табуу – ыракат, бакыт табуу.

Багелек – шымдын тизеден ылдыйкы уч жагы. М.: Багелеги тар шым.

Баглан – союуга жарап калган күрпөң козу. М.: Баглан козу, ширин баш, келиштирип кайнатып (*«Манастан»*).

Байкерчилик – жыргап-куунагандык, эркин турмуш. М.: Байкерчиликте жашоо.

Байсалдуу – сабырдуу, чыдамдуу, салмактуу. М.: Көч байсалдуу болсун!

Байтерек – жалбырагы калың, көлөкөлүү терек.

Баканооз – тыңчы, сөз ташыгыч.

Балтыр эти толуу – күч-кубаты толуу.

Барал – бой жеткендик, эр жеткендик. М.: Баралына келген жигит.

Барскан – устанын чоң темир балкасы. М.: Барскан чапкан усталар.

Башат – таштуу, кургак жердеги булак.

Беделдүү – кадырлуу, сыйлуу, авторитеттүү.

Бейпил – бейкам, тынч, жыргалдуу.

Береке – молчулук. М.: Береке табуу – бай болуу, турмушу жакшы болуу.

Бермет – кымбат баалуу асыл таш.

Бетме-бет – бет алыша, көзмө-көз.

Бетеге – майда жалбырактуу жапайы чөп, тулаң. М.: Бетегелүү бел жакшы, пейили жакшы эл жакшы (*макал*).

Борошо – бороондоп жааган, бороон учуруп келген кар.

Босого – эшиктин каалга бекитилген жыгачы, эшик алды.

Бото – төөнүн тайлакка чейинки төлү.

Бото көз – жоодураган, бадырайган чоң көз. М.: Турна моюн, бото көз турчу эле кетпей жанымдан (*Токтогул*).

Бурганак – кар аралаш борон.

Булуң-бурч – бардык жер, бардык жай.

Гүлбак – гүл өстүрүлгөн кооз бак.

Гүлбурак – кыздарга карата айтылат. Гүлдөй буралып, гүлдөп турган мезгил.

Гүлжигит – жигиттик куракка карата айтылат.

Гүлдесте – тестелеп байланган гүл.

Гүлзар – гүл айдалган аянт.

Гүлкайыр – талаада өскөн гүлдүн түрү. Куурай сыяктуу бийик болот.

Даба – дары, ооруга эбеп-себеп.

Дайра – дарыя. М.: Сыр-Дайрадан кең туруп, сыр аякка баткан суу (*Жеңижок*).

Дарек – кабар, дайын.

Дил – жүрөк, көңүл.

Дилгир – ынтызар.

Долоно – майда-майда ашы бар, тикенектүү токой жыгачы. М.: Укуругум долоно, ууру-бөрү жолобо (*«Бекбекей»*).

Добул – катуу жааган мөндүр.

Дээр – акыл-эс, зээн. Дээринде бар бала.

Жаак – 1. Адамдын, же айбандын тиштери орногон астыңкы жана үстүңкү бет сөөктөрү. М.: Астыңкы жаак. 2. Айрым куралдардын эки жак бөлүгү. М.: Кайчынын жаагы.

Жаагын айыруу – бир нерсени абдан жакшы билүү. М.: Ал ырдын жаагын айрыйт.

Кара жаак – тилдүү, көп сүйлөгөн. М.: Кара жаак кемпир.

Жаагы жап болуу – унчугa албай калуу. М.: Жаагым жап болду.

Жаактан башты айыргандай кылуу – ырк бузу, жакын адамдардын арасын ачуу.

Жаактууга жай бербөө – эч кимге сөз бербөө, сөзгө алдырбоо.

Жаактууда жок – мыкты ырчы, жеткен чечен, сөзмөр.

Жаал – ачуу, каар. М.: Жаалы келип толгонуп, жалгыздыгын ойлонуп (*«Эр Табылды»*).

Жаат – өз ара бөлүнгөн тарап, жак.

Жек-жаат – кыз берип, кыз алышкан куда сөөктүн жакындары. М.: Алардын жек-жаатчылыгы бар.

Жагдай – ыңгай, шарт. М.: Иштин жагдайын карайлы.

Жаздым – жаңылыштык, кокустук. М: Жаздым басып алды.

Жайдары – шайыр, көңүлдүү, ачык-айрым.

Жал-жал – 1. Жалжылдаган, жоодураган, жадыраган. М.: Жал-жал көз сулуу. 2. Жалжал – сүйгөн жар, сулуу. М.: Кызыл жоолук жалжалым.

Жал-жал карoo – 1. Сүйкүмдүү кароо. М.: Болжолдойм, көрө элекмин, бир бото көз, элестейт карагансып мени жал-жал. (А. Осмонов). 2. Жардам күткөнсүп жалооруп кароо. М.: Жалжал карайт, жетимсирейт, үн жок, сөз жок балапан (*Аалы*).

Жалбыз – жыттуу өсүмдүк. М.: Жалбыздын жыты буруксуйт (*Т. Касымбеков*).

Жалган – калп, чын эмес; жасалма.

Жалган түш – түшкө жакын убакыт. М.: Күн обого толгондо, жалган түш жаңы болгондо (*«Манастан»*).

Жалгыз – бирөө гана, бирөө эле. М.: Жол боюнда жалгыз тал, жолдошу жок байкуш тал (*Жеңижок*).

Жалгыз бой – 1. Үйлөнбөгөн, бойдок. 2. Үй тиричилигине каралашар эч кими жок.

Жалгыз аяк жок – жөө жүргөнгө ылайыкталган ичке жол. Бир таман жол.

Жамаат – эл журт, көпчүлүк.

Жан бакты – кара башынын гана камын көргөн, өзүн кыйнабаган адам.

Жан сактоо – оокат-тиричилик кылуу, күн көрүү.

Жан дили менен – берилип, ынтаасын коюу.

Жаны жай албоо – тынымсыз аракетте болуу, тынбай иштөө.

Жаны-алы калбоо – шашкалактап, алынын бардыгынча аракет кылуу.

Жаны көзүнө көрүнүү – бир жери катуу ооруп, кыйналуу.

Жанындай көрүү – абдан жакшы көрүү.

Жарашык – келишимдүүлүк, көрктүүлүк. М.: Жарашык берип асманга, жайнады жылдыз жыбырап (*Ж. Бөкөнбаев*)

Жаркын – нур, шоола. М.: Асмандагы ай, күндүн жаркынынан бүткөндөй (*«Манастан»*).

Жароокер – мүнөзү жагымдуу, илберинки, жайдары. М.: Аселдин жарпы жазыла түштү.

Жашаялмет – жаш балдары көп үй-бүлө.

Жел сөз – куру сөз.

Жел таман – көп баскан, кыдырып эле басып жүргөндү жакшы көргөн.

Жел кайык – шамал менен жүрүүчү кайык.

Желбегей – эки жеңин кийбестен үстүнө жамынып алуу.

Желе – 1. Эки башы эки казыкка керилип, саала турган бээлердин кулундары байланган аркан. 2. Жөргөмүштүн желеси.

Желке – моюндун аркасы, кежиге.

Желкемдин чуңкуру көрсүн – экинчи көрбөйүн, кайрылып көргүлүк кылбасын деген мааниде.

Женил-желпи – оңой, убарасы жок.

Жемин жедирбөө – башка бирөөгө акысын жедирбөө, алдатпоо.

Жентек – бала төрөлгөндө элге той катары берилүүчү сары май, кошкон май, тамак-аш. М.: Бермек болду Чыйырды сегиз бээ союп жентекти (*«Манастан»*).

Женкетай – кызды алганы келгенде күйөө, күйөө жолдоштор тарабынан берилүүчү акча, ар кандай белектер.

Жер соарусу – мыкты, сонун, бай, семиз жер. М.: Бу жарыктык Ысык-Көл, жер соарусу турбайбы, муну жердеген адам тунбайбы (*«Семетей»*)

Жерге – эл-журт, ага-тууган, ата мекен.

Жете – түбү, теги, ата-бабасы, негизи. М.: Жетесинде жок болсо, жетилет деп ойлобо (*Токтогул*).

Жетим көпөлөк – түн ичинде шамдын жарыгына келип, ошонун айланасында үчуп жүрүүчү боз көпөлөктөр.

Жибектей – мүнөздү салыштыруу. М.: Жибектей созулган кыз.

Жигердүү – кайраттуу, кубаттуу, демдүү. М.: Жигердүү күч. Жаштык жигер.

Жон – 1. Кыр арка, аркар жак. 2. Тоонун, дөбөнүн кыры, үстү жагы.

Балык жон – орто жери көтөрүңкү, кыр, эки жагы эңиш, ылдый. М.: Үстү балык жон жабылган там.

Жалпы жонунан – жалпысынан, чамалап айтканда.

Жонунан – үстүнөн, тымызын, байкатпай.

Жоо – душман. М.: Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе (макал).

Тилсиз жоо – стихиялык кырсыктар.

Көз жоосун алуу – суктандыруу, өзүнө тартуу.

Жоогазын – кызгалдак сыяктуу гүлү бар, түбү пияз баштуу эрте жаздагы гүл, мандалак. М.: Айдындагы жоогазындар көз жоосун алат.

Жоомарт – март, берешен.

Жоон өпкө – менменсинген, ала көөдөн.

Жупка – камырдан жука жайып бышырган нан.

Жылаажын – сала турган кушка тагылуучу кичинекей коңгуроо.

Жылан боор камчы – жыландын бооруна окшотуп өрүлгөн камчы.

Жыландын башын кылтыйтуу – коркутуу, сес көрсөтүү.

Жылгаяк – сыйгалак, тайгалак. М.: Көк жылгаяк муз.

Жылдызы ысык, жылдыздуу – мээримдүү, жагымдуу, сүйкүмдүү.

Жыпар – аңкыган жакшы жыт. М.: Жыттасам моокум кандырат, жыпардуу бүрүн ачканда (*Т. Молдо*).

Жээн аяк – тойдо жээн үчүн өзүнчө бериле турган тамак, сый.

Закым – лепилдеп соккон аба толкуну, жел. М.: Закым жел жүрүп турду.

Закымдоо – элес-булас байкала, тез жүрүү. М.: Тизгинин жыя тартпаса, учкан куштай закымдап (*«Манастан»*).

Залкар – өтө зор, чоң, көлөмдүү. М.: Залкар талант.

Заманасы куурулуу – айласы кетүү.

Зоболо – кадыр, барк, атак, даража. М.: Зоболосу көтөрүлүү.

Зыкым – колунан эч нерсе чыкпаган, сараң.

Зээн – акыл-эс жөндөмдүүлүгү, сезимталдык. М.: Зээн кирип калды. Зээндүү кыз.

Зээни кейүү – кайгыруу, капалануу.

Ибарат – үлгү, өрнөк.

Идирек – жөндөм, зээн. М.: Баланын идиреги бар экен.

Ийги – жакшы, түзүк. М.: Түсү ийгиден түңүлбө (*макал*).

Ийкем – шык, жөндөм, эп.

Ийменчээк – тартынчаак, уялчаак, ызаттуу, ызаат көрсөткөн.

Ийрим – 1. Ийрилген жиптин бир түрүлүшү. 2. Кружок. М.: Адабий ийрим.

Илберинки – элпек, кыймыл-аракети женил, шыр.

Илбээсин – эти желүүчү жапайы канаттуулар. М.: Илбээсинди көргөндө, куштун чери жазылат (*Токтогул*).

Кайыл – макул, ыраазы. М.: Оюнга кызыккан балдар курсактарынын ачканына да кайыл.

Калайык – эл-журт, көпчүлүк. М.: Кош, аман тур, калайык, козголдум эми жөнөймүн (*«Эр Табылды»*).

Каруу – күч-кубат, дарман. М.: Карылуу жигит.

Касиет – жакшы сапат, керемет, сыйкыр.

Каш караюу – күүгүм кирип, көз байланган маал.

Кенч – байлык, кен, казына.

Кербез – көйрөндүк, көтөрүлгөндүк.

Керик – носорог. М.: Кериги бар, пили бар, качыры бар, төөсү бар (*«Манастан»*).

Керимсел – ысык жел.

Коңур үн – ичке эмес, жоон эмес орто үн.

Коңур күз – өтө ысык эмес, өтө муздак эмес, салкын мезгил, күздүн башы.

Көбүк кар – жаңы жааган көпшөк кар.

Көбүргөн – жапайы пияз.

Көк – асман. М.: Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт (*макал*).

Көкөйдөн кеткис – эстен чыккыс, унутулгус (жаман окуя жөнүндө).

Көкүрөк күчүк – эң кичүү, эң кенже бала.

Көмүркөй – балка, мык, ж. б. аспаптар салына турган сандыкча. М.: Көмүркөйдүн ичинен керкимди да таба кел!.. (*Ж. Турусбеков*).

Көлүк – жүк жүктөлүүчү унаа, мал.

Кутман – бакты, ырыс, таалай. М.: Кутман таң.

Кудайдын куттуу күнү – күнүгө, күн сайын.

Күл азык – көпкө бузулбай турган кылып даярдалган азык.

Күн карама – 1. Даны бетинде болгон, чоң сары гүлдүү өсүмдүк; 2. Өң карама, кошоматчы адам.

Кызгалдак – кызыл гүлдүү, тез ачылып, тез күбүлүп калуучу эрте жаздагы өсүмдүк. М.: Кызгалдактуу көктөм.

Кымыздык – кымыздай ачкыл даамдуу тоодо өскөн өсүмдүк. М: Жайлоодо ышкын, кымыздык көп.

Кылаа – жээк, көлдүн жака-бели. М.: Ысык-Көл – кыргыз көлү кылкылдаган, кыз-келин кылаасында шыңкылдаган (*А. Осмонов*).

Кыламык – жука, анча калың эмес. М.: Кыламык жааган кар.

Маанай – кабак-каш, көңүл, пейил. М.: Маанайы жарык.

Мажүрүм тал – бутактары ичке, төмөн карай ийилип өскөн тал.

Марал – бугунун ургаачысы. М.: Үркүп чыкса маралы сайгактаган инектей (*«Манастан»*).

Маржан – шуру.

Медер – таяныч, бел, үмүт.

Мейкин – кеңири, мелтиреген, жайык. М.: Мейкин талаа.

Мокок – өтпөгөн; курч эмес, өтүмсүз, жалтак.

Мөлтүр – таза, тунук. М.: Мөлтүр булак.

Мунарык – боз, айлана ачык болбой, бозоруп турган абал. М: Мунарык баскан талаа.

Мурат – тилек, максат. М.: Сабырдуу адам муратына жетет.

Мырза терек – төмөн жагында бутактары жок, түз, узун өсө турган терек.

Мээр чөбү бар – бирөөнү өзүнө тез тарта турган адам.

Наар – тамак. М.: Наар татуу.

Назар – көңүл бөлүү, зээн коюу.

Назары сынуу – көңүлү калуу, шагы сынуу.

Нукура – нагыз, таза, анык. М.: Нукура чындык.

Обо – асман, көк. М.: Обо толгон жылдыздар.

Оболу – адегенде, эң мурда, элден мурун. М.: Оболу эл-журтка акыл салалы.

Олобо – койдун өпкөсүнө сүт толтуруп бышырган тамак.

Орошон – артыкча, өзгөчө. М.: Ок өтпөс темир тону бар, орошон күлүк аты бар. (*«Эр Табылды»*)

Олоң чач – жоон, узун чач.

Оолак – алысыраак, окчун.

Оомат – ыңгайлуу, ыңтайлуу мезгил, убак. М.: Быйыл буудайдын ооматы келди.

Оомалуу – өзгөрүп кетме, өйдө-ылдый. М.: Оомалуу-төкмөлүү дүнүйө.

Өбөк – жөлөк, тирек. М.: Өйдөдө өбөк бол, ылдыйда жөлөк бол.

Өбөлгө – таяныч, негиз.

Өргүү – тыныгуу, жолдо эс алуу; күчкө кирүү, кубатына кирүү.

Саамай – кулак менен чекенин капталына өскөн чач. М.: Саамай чач.

Саамалык – жаңылык; демилге.

Салкын – 1. Мелүүн, серүүн, ысык да эмес, суук да эмес. М.: Коңур салкын жел. 2. Суз, көңүл кош. М.: Салкын мамиле.

Сары барпы – өңү сары ала келген чымчык.

Саяпкер – күлүк таптаган адам.

Седеп – үлүл кабыктарынан жасалган ар кандай кооздук буюмдар. М: Седеп топчу.

Сыбызгы – жыгачтан же камыштын өзөгүнөн жасалган үйлөмө музыкалык аспап.

Сыдырым – эртели-кеч болуучу кишини ичиркенткен салкын жел.

Таазим – сый, урмат көрсөтүү. М.: Алмамбетти көргөндө Таазим кылды чуркурап. (*«Манастан»*)

Табы жок – эч нерсеге көңүлү келбейт, дени соо эмес. М.: Бүгүн эмнегедир табым жок.

Тамагы жаман – тамаксоо, тамакты көргөндө үзүлүп түшкөн. М.: Тамагы жаманга чоң аягынды көрсөтпө. (*макал*)

Тараз – чакан, орто бойлуу, сымбаттуу. М.: Ак көйнөгү тараз боюнча жарашып, келишимдүү.

Таңдайынан чаң чыгуу – чечен, кыйын сүйлөө.

Териси тар – ачуусу чукул, сөз көтөрүмү жок.

Тилинин учунда туруу – айтайын дегенин унутуп, эстей албоо. М.: Анын аты тилимдин учунда эле турат.

Томуктай – кичинекей. М.: Томуктай нерсени тоодой кылба (*макал*).

Төрт көзү түгөл – бардыгы чогуу, эч кимиси калбай. М.: Мына, төрт көзүнөр түгөл чогулдунар.

Туу чоку – чокунун эң бийик жери.

Тула бой – адамдын бүт денеси, тулку.

Тулаң – жыш, калың чыккан бетеге чөп. М.: Тукабадай кулпунган туланы бар Ала-Тоо (*Ж. Бөкөнбаев*).

Тууй элек уйдун уузуна күтүү – дайыны жок, жакында болор-болбосу белгисиз нерсени күтүү.

Түтүн булатуу – өзүнчө үй-жай күтүү, өз алдынча оокат кылуу.

Түйшүк – убара, убаракерчилик; мээнет. М.: Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк (*макал*).

Түмөн – 1. Абдан көп. М.: Бирдики – миңге, миндики – түмөнгө (макал). 2. Он миң.

Тында – жакшылап ук, тыңша. М: Уулум, менин айткаанымды жакшылап тында.

Тынар – куштун кыраан түрлөрүнүн бири.

Убай – 1. Убайым, кайгы, капа. М.: Убайын тартуу. 2. Жакшы натыйжа, жыргал, иштин үзүрү. М.: Бала-бакыранды убайын көр.

Уй түгүндөй – эң эле көп. М.: Уй түгүндөй көп элге, Уруна кирип барбайлы (*«Эр Табылды»*).

Узун сары – жазгы үзүмчүлүк убак. «Узун сары келет» деп айрым азыктарды сакташкан.

Узак – көпкө созулган, узун; алыс, ыраак. М.: Узак жолду жүрүштүү ат менен кызыктуу кеп кыскартат.

Уйгу-туйгу – баш аламан, өйдө-ылдый, бир калыпта эмес. М: Уйгу-туйгу удургуган ойлор Асемди курчап алды.

Улагалаш – эшиктеш, бири-бирине жакын.

Ууздай – таза, кирсиз, тунук. М.: Баланын көңүлү ууздай таза эле.

Ултар – өтүк тигүү, бут кийим тигүү.

Умачтай: көзү умачтай ачылуу – уйкусу чайыттай ачылуу.

Ургаалдуу – өзгөчө катуу дем менен. М.: Ургаалдуу иш.

Учан теңиз – учу-кыйыры жок, чексиз. М.: Учан теңиз көп журтум. Учуп көөнү жаркыган (*Т. Молдо*).

Уядан учуруу – тарбиялап өстүрүү.

Уяң – тартынчаак, уялчаак.

Үп – эч кандай жел жүрбөгөн ысык.

Үрөй – түр-кебете. Үрөйү суук киши.

Үрө: жанын үрөө – бардык күч-кубатын сарп кылуу, аракеттенүү.

Үрөн – себүүгө арналган урук, дан.

Чаарчык – эликтин баласы.

Чала-була, чала-чарпыт, чала-моңол, чала-бучук – толук эмес, анча-мынча.

Чалпоо – 1. Үркүнчөөк, азоо. М.: Чалпоо жылкы. 2. Кежир, эч кимдин тилин албаган. М.: Иш тапшырба жалкоого, акыл айтпа чалпоого (*макал*).

Чаң жукпас – өзүнө сөз тийгизбеген киши.
Чекесине черте албоо – ура албоо, тие албоо.
Чекеси жылыбоо – ыраазы болбоо, жарыбай калуу.
Чеки – туура эмес, орой, ката.
Чөлкөм – айлана, тегерек, кыйыр.
Чыгырык мүйүз – ийилген тегерек мүйүз.
Чый-пыйы чыгуу – чыдамсызданuу, тынчы кетип коркуу.
Чыйыр – из түшкөн жол, жол болуп түшүп калган из.
Чыйрак – чыдамдуу, бышык, бекем.
Чыканактай – кичинекей, тыпыйган. М.: Чыканактай Эр Агыш бүткөн бою тарамыш. (*«Манастан»*)
Чыкыроон – карандай катуу суук.
Чымчым: бир чымчым – бир чымчым кармоого келген өлчөм, кичинекей, эң эле аз. М.: чымчым туз.
Чынар – жазы жалбырактуу, бийик өсө турган терек.
Чүрпө – 1. Балапан. 2. Кичинекей балага карата айтылышы.
Шалгам – эрте бышуучу өсүмдүк.
Шалы жоолук – чачысы бар, чоң гүлдүү жоолук.
Шарапат – бирөөнүн тийгизген жардамы, аркасы, жакшылыгы. М: Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет (*макал*)
Шерт – ант, убада.
Ширин – таттуу, даамдуу.
Шире – жемиштин, өсүмдүктүн таттуу маңызы.
Шоокум – үн, дабыш. М.: Дарыянын шоокуму алыстан угулат.
Шоола – нур, жарык. М.: Таң шооласы төгүлдү.
Чор кайноо – урчуюп тоңуп калуу. М.: Суунун жээгинде чор кайнаган муздар көп экен.
Чорго – чайнектин, кумгандын ж. б. идиштердин куйганга ылайыкталып түтүк сыяктуу жасалган бөлүгү; кран.
Чоркок – эби жок, олдоксон, иш жасай албаган; ыксыз, орунсуз. М: Чоркок ийнени мокок дептир (*лакап*).
Чөп башылоо – үстүртөн, тийди-качты болуп иштөө. М.: Сабакты чөп башылап араң окудум.
Чүчү кулак калуу – же ары эмес, же бери жакта эмес ортодо калуу, белгисиз абалда калуу.
Чүйгүн – семиз, майлуу, ширелүү, даамдуу. М.: Согум чүйгүн болсун.
Чүрөк – 1. Өрдөктүн түрү. М.: Боз куштан суу куш аз келди, өрдөк, чүрөк, каз келди. (*Тоголок Молдо*). 2. Сымбаттуу, сулуу деген мааниде. Аялдарга карата колдонулат.
Чай кайнам – чай кайнаганча убакыт, анчалык көп эмес убакыт.
Чайкоочу – алып сатар, бирөөдөн алып бирөөгө сатып пайда тапкан адам.

Чачпагын көтөрүү – бирөөнүн шылтоосу менен, бирөөнү бетке кармап, аны кошо эрчий келүү. М.: Конокко абысынымдын чачпагын көтөрүп келдим.

Чаңдуу аяк – 1. Тентек, тынчы жок, шок. (Жаш балдарга карата айтылат). 2. Аягы сай таппаган, бир жерге тынч алып тура албаган, чуулгандуу.

Чачыра: көзү чачыроо – кандайдыр бир нерсени өтө зарыга күтүү, эңсөө. М.: Бала атасын көзү чачырап күтүп жүрдү.

Чечекейи чеч – кубанычтуу, жарпы жазылган, көңүлү ачык. М.: Көл жээгинде ойногон бөбөктөрдүн чечекейи чеч болуп турду.

Чордон – 1. Булактын көзүндөгү суунун оргуштап кайнап чыгып жаткан, бир нерсенин уюлгушуп топтолгон жери. 2. Эң негизгиси, башкысы, борбору. М.: Иштин чордону ушул жерде.

Шыбыргак – бүртүк-бүртүк болуп жаап турган катуу кар. М.: Асмандан мөндүр шыбыргак борошосу бургулап, каршы-терши ургулап (*«Манастан»*).

Ыйбаалуу – ызаттуу, адептүү, кичи пейил.

Ышкыбоз – бир өнөргө ишке кызыккан, берилген, шыктуу. М: Комузга ышкыбоз жаштар чогулду.

Ышкын – тоодо өсүүчү сөңгөктүү, кычкыл даамдуу, солкулдак кезинде желе турган өсүмдүк. М.: Ышкындай солкулдаган жаш жигиттер эле.

Ышкын түп – ышкындын тамырынан жасалган боёк. Ага тери боёп, тон жасоого болот.

Ышынчаак – жалкоо, чечкинсиз.

Эрешен: эрешен тартуу – эр жетүү, бой тартуу.

Эриш-аркак болуу – ынтымактуу болуу, бири-бирине таянын болуу.

Эки ооз – анча-мынча, көп эмес. М.: Эки ооз сөзгө келели.

Эл аягы суюлуу – келген кеткендер баскан-тургандар азайып калуу. М.: Эл аягы суюлган маалда.

Эне сүтүн актоо – энеси, эли-журту ыраазы болгудай, ошого татырлык кызмат көрсөтүү.

Эне сүтү оозунан кете элек – эч нерсе көрө элек, жаман-жакшыны көрө элек, өтө жаш. М.: Анда биз жашпыз эселек, эне сүт ооздон кете элек (*Б. Сарногоев*).

«САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУНА

Кош сөздөр

Ага-ини
Агайын-тууган
Адат-салт
Адеп-ахлак
Аз-көп
Аз-аздап
Азы-көбү
Аздыр-көптүр
Азып-арып
Азып-тозуп
Азан-казан
Азап-кайгы
Азар-безер
Азык-түлүк
Ай-асман
Ай-аалам
Ай-буй
Ай-күнүнө жетүү
Айкын-ачык
Айкырып-кыйкырып
Айла-амал
Айлана-чөйрө
Айлана-тегерек
Айлап-жылдап
Аймап-жалмап
Айран-таң
Айрым-айрым
Айт-уйт
Айтса-айтпаса
Айыл-апа
Айыл-кыштак
Ак-кара
Ак-көк
Аке-жаке
Аки-чүкү
Аксайып-саксайып
Аксак-тексек
Акча-тыйын
Акыл-эс
Акыл-насаат
Акыр-чикир
Акырын-акырын
Ак терек-көк терек (оюн)
Ал-абал
Ал-акыбал
Ал-күч
Ал-кубат
Аны-муну
Алар-албас
Алды-берди
Алдым-жуттум
Ала-була
Ала-кула (ала-кула көрүү)
Алас-алас
Алба-далба
Албан-албан
Албырак-салбырак
Алдап-соолап
Алдей-алдей
Алдуу-күчтүү
Алды-алды (алды-алдынан кетүү)
Алды-арты
Алеем-салем
Алка-шалка
Алмак-салмак
Алты-жети
Алчы-таа
Алык-салык
Алым-сабак
Алыс-жакын
Алыш-бериш
Алыш-күрөш
Аман-эсен
Ан-дөң
Ан-сезим
Ан-таң
Ар-намыс
Арзан-кымбат
Арпа-буудай
Аркы-берки
Арман-арыз
Арс-арс
Арыз-мун
Арып-ачып
Аса-муса (таяк)
Асан-үсөн (күндүн желеси)

Асман-ай
Асман-жер
Астын-үстүн
Ат-көлүк
Аты-жөнү
Ата-баба
Ата-эне
Аттап-буттап
Аттап-тондоп
Ач-арык
Ач-ток
Ачакей-жумакей (оюн)
Аяк-бучкак
Аяк-табак
Аяк-башы
Багар-көрөр
Бай-кедей
Бай-манап
Бай-бай
Байма-бай
Бак-дарак
Бак-дөөлөт
Бак-шак
Бака-шака
Бал-бал
Бала-бакыра
Бала-бото
Бала-чака
Балакет-мээнет
Балан-бастан
Балан-түкүн
Балдыр-булдур
Балпаң-балпаң
Балт-балт
Балтан-балтаң
Балчак-балчак
Баң-баң
Бара-бара
Барча-барча (бөлүк)
Бат-бат
Бачыр-бачыр
Баш-аяк
Баш-көз
Баш-оту менен
Баш-этек
Башка-башка
Безип-качып
Бей-бечара
Бет-ажар
Бети-башы
Бетме-бет
Беш-бештен
Бир-бирден
Бир-бири
Бир-эки
Бирден-бир
Бирди-жарым
Бирин-серин
Бирин-эки
Бойтоң-бойтоң
Болор-болбос
Болду-болбоду
Болтоң-болтоң
Бороон-чапкын
Бөйөн-чаян
Бөйпөң-бөйпөң
Бөлүп-жаруу
Бөлөк-бөтөн
Бөөт-чөөт
Бугу-марал
Будуң-чаң
Бузуп-жарып
Булуң-бурч
Булуң-бучкак
Булуң-буйтка
Буран-буран
Буюм-тайым
Буюм-терим
Бүлк-бүлк
Быжы-быжы
Быр-быр
Дабыр-дубур
Далба-далба
Дал-дал
Даң-дүң
Данғыр-дүңгүр
Дары-дармек
Дегдең-дегдең
Дембе-дем
Дени-карды
Домпоң-домпоң
Доңк-доңк
Дүк-дүк
Дүкү-дүк
Дүлөй-дудук
Дүпө-дүп

Дыбыр-дыбыр
Дынгыр-дынгыр
Жаан-чачын
Жадырап-жайноо
Жазы-кышы
Жазып-тайып
Жазуу-сызуу
Жай-жайына
Жайдыр-кыштыр
Жайы-кышы
Жай-жапсар
Жайма-жай
Жакын-алыс
Жакын-жукун
Жал-куйрук
Жал-жал
Жалап-жалмоо
Жалап-жуктоо
Жаланып-жуктанып
Жалбырт-жулбурт
Жалган-чын
Жалгыз-жарым
Жалтыр-жултур
Жалынып-жалбарып
Жамап-жаскап
Жаман-жакшы
Жамандыр-жакшыдыр
Жаны-алы калбоо
Жан-жаныбар
Жан-жак
Жан-жөкөр
Жаң-жун
Жаап-жашыр
Жар-жар
Жарак-жабдык
Жарды-жакыр
Жарды-жалчы
Жарк-журк
Жарым-жарты
Жатса-турса
Жаш-кары
Жашылча-жемиш
Жашырып-жаап
Жеген-ичкен
Жеп-ичүү
Жер-жебер
Жекеме-жеке
Желип-жортуп
Желп-желп
Жем-чөп
Жең-жака
Женил-желпи
Жерге-сууга
Жер-суу
Жетим-жесир
Жик-жик
Жин-пери
Жин-шайтан
Жол-жобо
Жол-жол
Жол-жосун
Жолдош-жоро
Жоо-жарак
Жоон-жолпу
Жоон-ичке
Жорук-жосун
Жөлөп-таяп
Жөн-жөнү
Жук-жубур
Жулуп-тартып
Жумуп-ачып
Жуп-жубу менен
Жыйым-терим
Жык-жыйма
Жылга-жыбыт
Жылуу-жумшак
Жылт-жылт
Жылт-жулт
Жыртаң-жыртаң
Жууп-тазалоо
Жыт-жыбыр
Жээн-таяке
Жээк-жерге
Замана-заң
Заң-закон
Заңк-заңк
Зар-муң
Зарлап-ыйлап
Зып-зып
Идиш-аяк
Ийне-жип
Ийри-буйру
Илгери-илгери
Илең-салаң
Илик-жарма
Илик-жилик

Илим-билим
Илим-изилдөө
Илкип-калкып
Ирең-бараң
Ирик-чирик
Ит-куш
Ичи-койну
Ичти-тышты
Ичеги-карын
Ичке-жоон
Ичип-жеп
Иш-аракет
Каада-салт
Каак-каак
Кабак-кашы
Кагаз-калем
Кадыр-барк
Кадыр-колко
Кадыр-көңүл
Кажаң-кажаң
Каз-каз
Казан-аштуу
Казан-аяк
Казан-очок
Казы-карта
Кайгы-капа
Калган-каткан
Калдыр-шалдыр
Калт-калт
Калч-калч
Каны-жаны
Кан-жин
Кан-сөл
Канат-бутак
Канат-куйрук
Карама-каршы
Карк-карк
Карс-карс
Каруу-жарак
Каруу-күч
Кары-жаш
Кары-картаң
Кат-кабар
Кат-сабат
Кат-кат
Катын-бала
Катын-калач
Каш-кабак
Каш-кирпик
Кез-кез
Кейип-кепшири
Кекеп-мокоп
Кекетип-мокотуп
Кел-кел
Келди-кетти
Келим-кетим
Келин-кесек
Кем-кетик
Кем-карч
Кемпир-кесек
Кемпир-чал
Кенен-кесир
Кенен-чонон
Кең-кесири
Кеп-келеч
Кеп-кеңеш
Кеп-сөз
Кер-мур
Кийиз-кече
Кийим-кечек
Килең-килең
Кимде-ким
Кир-кок
Кирди-чыкты
Киши-кара
Кириш-чыгыш
Кобур-собур
Козу-улак
Кой-козу
Кой-эчки
Кой-ай
Кол-аяк
Кол-бут
Колмо-кол
Колу-жолу бош
Коңшу-колоң
Коон-дарбыз
Коркуп-үркүп
Короо-короо
Короо-жай
Короо-сарай
Кошул-ташыл
Көгүш-кызгылт
Көзмө-көз
Көзү-башы
Көл-дайра

Көл-шал
Көчүп-конуу
Куйрук-боор
Куйрук-жал
Курал-жарак
Курбу-курдаш
Куу-шум
Кым-куут
Күлүп-жайнап
Күнү-түнү
Күр-шар
Күрс-тарс
Кыжы-кужу
Кыжы-кыйма
Кыбыр-сыбыр
Кыз-жигит
Кыз-келин
Кызарып-бозоруу
Кыйгыл-кычкыл
Кыйкырык-өкүрүк
Кыйкырык-сүрөөн
Кыйма-чийме
Кыймыл-аракет
Кыйтың-мыйтың
Кыйшак-куйшак
Кыл-кыбыр
Кылк-кылк
Кылт-култ
Кылчаң-кылчаң
Кыр-кыр
Кырк-элүү
Кырка-кырка
Кыз-кыркын
Кырып-жоюу
Кыт-кыт (күлүү)
Кыты-кыты
Кычыр-кычыр
Кыш-күрөө
Кышы-жазы
Кыял-жорук
Кыял-мүнөз
Мал-жан
Мал-мүлк
Маңдай-тескей
Мелт-калт
Мөлт-мөлт
Мөмө-чөмө
Мулжуң-мулжуң
Муң-зар
Муун-жүүн
Муунак-муунак
Муунчак-түйүнчөк
Мыйзам-ченем
Нары-бери
Ой-пикир
Ой-максат
Ой-сезим
Ойго-тоого
Ой-кыр
Ойдон-онго
Ойду-тоону
Ой-чуңкур
Ойку-кайкып
Оймо-чийме
Оймо-сайма
Ойноп-күл
Ойжо-буйла
Олку-солку
Олоң-олоң этип
Он-он беш
Он-ондон
Оң-сол
Оңду-солду
Оң-тетири
Оору-сыркоо
Оор-женил
Ороң-ороң
Орун-очок
Орду-түбү
Отко-жамга түшүү
Отоп-бутап
Оюм-чийим
Оюн-зоок
Оюн-күлкү
Оюу-чийүү
Өбүрөп-чөбүрөп
Өгөй-татай
Өзүн-өзү
Өйдө-төмөн
Өйдө-ылдый
Өйдүк-сөйдүк
Өлө-тала
Өлө-тириле
Өлбөс-өчпөс
Өлүк-тирик
Өнөк-шерик

Өң-алет
Өң-түс
Өңү-түс
Өңү-башы
Өңгөк-дөнгөк
Өп-чап (жетер-жетпес)
Өсүп-өнгөн
Сабап-уруп
Сай-сөөк
Сак-саламат
Сак-сакта (кайтар)
Сакал-мурут
Салып-уруп
Салам-дуба
Салт-санаа
Серең-серең
Сербең-сербең
Соода-сатык
Сорок-сорок
Сөөк-сөөк
Сөөк-тамыр
Сунуш-талап
Сый-сыпат
Сый-урмат
Сылап-сыйпап
Таалим-тарбия
Тай-тай
Тайраң-тайраң
Тайтаң-буйтаң
Тал-тал
Талкан-тулкан
Талп-талп
Там-тун
Тамак-аш
Тамаша-чын
Торпок-тана
Таң-тамаша
Тапыр-тупур
Тарп-тарп
Тарс-тарс
Төш-талкан
Темир-терсек
Теңме-тең
Теңге-чака
Тигил-бул
Той-тамаша
Той-тойлоп
Той-томук
Той-топур
Той-томолок
Томпоң-томпоң
Тоноп-бутап
Тоо-таш
Төгүп-чачып
Төкпөй-чачпай
Төрт-беш
Төшөнчү-орун
Туз-даам
Туз-насип
Тук-тук
Тукум-укум
Тумалак-жумалак
Туурук-туурук
Туш-туштан
Тушма-туш
Түздөн-түз
Түк-түк
Түн-күн
Түндүк-түштүк
Түндүк-чыгыш
Түндүк-батыш
Түп-тамырынан
Тым-тым
Тырс-тырс (үзүлүү)
Убуруп-чубуруп
Удаама-удаа
Узун-кыска
Узун-туурасынан
Узунду-кыска
Уйчу-койчу
Уйкулуу-соо
Угуп-көрүү
Угуп-билүү
Укумдан-тукумга
Ун-талкан
Ункул-чункул
Ур-токмок
Уруп-согуп
Уруп-сабап
Урук-тукум
Урук-тууган
Уруш-жанжал
Уруш-кериш
Уруш-чатак
Уруш-талаш
Уул-кыз

Ууру-бөрү
Ууру-кески
Учуп-күйүп
Учсуз-түпсүз
Үнкүр-маңкүр
Үрөп-күрөп
Үрүл-бүрүл
Үстү-башы
Үстү-үстүнө
Үч-төрт
Чай-пай
Чай-чамек
Чака-чак
Чал-кемпир
Чала-бучук
Чала-чарпыт
Чалп-чулп
Чама-чарк
Чаап-талап
Чала-чарпыт
Чарт-чурт
Чоң-чоң
Чөп-чар
Чукчуң-чукчуң
Чулп-чулп
Чунаң-чунаң
Чүчү-чүчү
Чык-чык
Чыз-пыз
Чый-пый
Чый-чый
Чый-чуй
Чып-чып
Чымын-куюн
Чыр-чатак
Чыт-чыбыр
Шак-шак
Шалдыр-шулдур
Шарак-шурак
Шор-шор
Шаан-шөкөт
Шүмүрөң-шүмүрөң
Шыйпаң-шыйпаң
Шык-шык
Шылдың-шыкак
Шылдыр-шулдур
Шылк-шылк
Шыңк-шыңк
Шып-шып
Шырп-шырп
Шырт-шырт
Шытыр-шытыр
Ыбыр-жыбыр
Ыгым-чыгым
Ызы-чуу
Ый-зар
Ыйкы-тыйкы
Ыйлап-сыктап
Ыйлар-ыйламаксан
Ыпыр-сыпыр
Ырым-жырым
Ырыс-бак
Ырыс-дөөлөт
Ырыс-кешик
Ысык-суук
Эбеп-себеп
Эбир-жебир
Эже-синди
Эжелүү-синдилүү
Эки-үч
Эл-жер
Эл-журт
Элбий-селбий
Эмчи-домчу
Эне-ата
Эне-бала
Эрди-катын
Эрбең-сербең
Эрөөн-төрөөн
Эс-акыл
Эс-уч
Эртели-кеч
Эсен-аман
Эсен-соо
Эсеп-кысап
Эски-уску
Эт-аш
Эт-бетинен
Эт-сүт
Этек-жең
Эшик-төр
Ээ-жаа
Ээн-жайкын
Ээн-эркин
Ээр-токум
Ээр-турман

МАЗМУНУ

Бет ачар.....3

X класс

1-бап. САБАТ САНЖЫРАСЫ.....5
§ 1. Энчилүү аттардын жазылышы.....5
§ 2. Тырмакчалуу энчилүү аттардын жазылышы.....11
§ 3. Кошмок сөздөрдүн жазылышы.....17
§ 4. Кош сөздөрдүн жазылышы.....19
§ 5. Кириндi сөздүн жазылышы.....20
§ 6. Сырдык сөздүн жазышышы.....21
§ 7. Каратма сөздүн жазылышы.....22
§ 8. Төл жана бөтөн сөздүн жазылышы.....26
§ 9. Диалогдуу сүйлөмдүн жазылышы.....29
§ 10. Бир өнчөй мүчөлөрдүн жазылышы.....33
§ 11. Жалпылагыч сөз.....36
§ 12. ТБТСынынжазылышы.....37
§ 13. ББТСынын жазылышы.....39
§ 14. Айрым сөздөрдүн айтылышы жана жазылышы.....44
§ 15. Созулма үндүүлөрдүн жазылышы.....46
§ 16. Я,Ю,Ё,Е тамгаларынын жазылышы.....47
§ 17. Ташымалдоо.....49
§ 18. «Женижок – улуу акын».....50
§ 19. Иреттик сан.....51
§ 20. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн жазылышы.....51
§ 21. Ь,Ъ белгилеринин жазылышы.....52
§ 22. -КК, -ГГ, -ДД, -ТГ, -ММ, -СС, -ПП тыбыштарынын пайда болушу.....53
§ 23. Чакчыл түрмөктөрдүн жазылышы.....56
§ 24. Айрым сөздөрдүн сүйлөм ичинде үтүр менен ажыратылып жазылышы.....57
§ 25. Кыстырынды сөз менен кыстырынды сүйлөмдүн жазылышы.....58
§ 26. Чекиттин колдонулушу.....59
§ 27.Сабат санжырасы боюнча өзүн өзү текшерүү.....60

2-бап. КЕП КУРЖУН.....83
§ 28. «Макал» топтому.....84
§ 29. «Санат сөз» топтому.....92
§ 30. «Сөз берметтери» топтому.....97
§ 31. «Мээр сөз» топтому.....104
§ 32. «Санжыргалуу казына» топтому.....110
§ 33. «Тил кутучасы» топтому.....116
§ 34. «Илхам кеп» топтому.....121
§ 35. «Сын сөз» топтому.....126
§ 36. «Чечен сөз» топтому.....133
§ 37. «Насаат сөз» топтому.....140
§ 38. Насааттар – сенин турмушунда.....145

3-бап. ДИЛБАЯН.....149
§ 39. Дилбаяндын түрлөрү.....149
§ 40. Дүңүнөн жазуу.....151
§ 41. Сомолоп жазуу.....153

§ 42. Сүрөттөп жазуу....154
§ 43. Чечмелеп жазуу....156
§ 44. Тыянактап жазуу....161
§ 45. Иликтеп жазуу....163
§ 46. Сын жазуу....165
§ 47. Жекече пикир....170
§ 48. Маселе көтөрүү....171
§ 49. Аңгеме....173
§ 50. Ыр....176
§ 51. Пьеса-дилбаян....177
§ 52. Диалог-дилбаян....180
§ 53. Кыялданып жазуу....181
§ 54. Адабий түрмөктөр....184
§ 55. Ар кыл түрмөктер....195

4-бап. САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨНГӨ....199
§ 56. Фонетикалык талдоо....199
§ 57. Морфологиялык талдоо....205
§ 58. Синтаксистик талдоо....215
§ 59. Стилистикалык талдоо....233
§ 60. «Сабат санжырасы» топтому боюнча кайталоо....248
§ 61. «Жат жазуу» топтомунан....249

XI класс

5-бап. КЕП КУРЖУН....253
§ 62. «Макал» топтому....254
§ 63. «Санат сөз» топтому....260
§ 64. «Сөз берметтери» топтому....263
§ 65. «Мээр сөз» топтому....269
§ 66. «Санжыргалуу казына» топтому....275
§ 67. «Сөз кутучасы» топтому....283
§ 68. «Илхам кеп» топтому....288
§ 69. «Сын сөз» топтому....292
§ 70. «Чечен сөз» топтому....298
§ 71. «Насаат соз» топтому....305
§ 72. «Нуска кеп» топтому....311

6-бап. «САБАТ САНЖЫРАСЫ» ТОПТОМУ....317
§ 73. Өзүңдү өзүң текшер....317
§ 74. «Жат жазуу» топтому....324

7-бап. САНЖЫРГАЛУУ КӨРӨҢГӨ....330
§ 75. Фонетикалык талдоо....330
§ 76. Морфологиялык талдоо....335
§ 77. Синтаксистик талдоо....339

8-бап. ДИЛБАЯН....355
§ 78. Адабий дилбаяндар....356
§ 79. Маңкурт жөнүндө дилбаяндар....361
§ 80. Үйдөн жазылчу дилбаяндар....373
§ 81. «Сабат санжырасы» топтому боюнча кайталоо....374
§ 82. «Жат жазуу» топтомунан....374

9-бап. СЕРЕКТИН СЫР САНДЫГЫ....383

Окуу басылмасы

Исаков Бектур

КЫРГЫЗ ТИЛИ

X–XI класстары үчүн окуу китеби

Биринчи басылышы

Редактору *С. Дуулатова*
Дизайнери *Д. Тимур*
Компьютердик калып *У. Дуулатова*
Корректору *Ч. Исакова*
Техникалык редактору *М. Курбанбаева*

Басууга 29.05.2012-ж. кол коюлду.
Форматы 60x90 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы №1. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 28,0 накта басма табак. Нускасы 27000. Заказдын № 5/09-8

«Билим-компьютер» басмасы
720065, Бишкек шаары, Чыгыш-5 кичи району, 14

«Принт Экспресс» басма-полиграфиялык комплексинде басылды.
Бишкек шаары, Куренкеев көчөсү, 89.
Тел.: +996 550 242040, +996 556 910-720